# МАЗМУНУ

## Педагогикалык багыт

*Каратай Сартбаев – өз мезгилинин биринчи мугалими*......................................................................5
*Абдибалиев Э.А.* Теоретический аспект истории изучения литературных сказок ...............................6
*Абдибалиев Э.А.* Основные направления преподавания литературных сказок в школах с узбекским языком обучения ........................................................................................................................ 10
*Абдулахамидова Б.Н.* Педагогические основы формирования здорового образа жизни у детей ........................................................................................................................................15
*Абдураимова З.С.* Речь учителя и ее роль в педагогическом процессе ............................................. 20
*Абдухамидова Б.А.* Теоритеческие концепции понятий “Чтение”, “Читательская деятельность” и этапы читательской деятельности ..............................................................................24
*Абдывасиева З., Эргешова А.М.* Воспитательные значения кыргызских народных пословиц...........29
*Аванова Ж.А., Бечелова Ж.Ж.* Научно-методические условия развития математической культуры учащихся.................................................................................................................................33
*Аданова Д.А., Абдубекова Ж.А.* Развитие логического мышления у младших школьников, на уроках математики, путем решения текстовых задач............................................................................39
*Акматова Ч.А.* Индивидуальная работа студентов как фактор повышения эффективности обучения ....................................................................................................................................45
*Акунова А.Р.* История, современная жизнь и перспективные планы развития научно-исследовательской лаборатории имени профессора Каратая Сартбаева, посвященный к изучению и распространению педагогических наследий И.Арабаева................................................50
*Алыбаев К.С., Акылбекова Ж.* Научно-методические основы систематизации знаний на уроках математики ..............................................................................................................................54
*Байбосова Д.К.* Научно-этнопедагогические труды профессора Каратая Сартбаева для вузов ........61
*Бакирова Г.С.* Жанровая характеристика песен Абзия Кыдырова для детей ....................................65
*Бакманова А.И., Ниязбеков Т.К.* Педагогические условия организации профессионально-направленного обучения математике .........................................................................................71
*Батырова Ы.М.* Совершенствование инструментальной компетентности будущего учителя начальных классов в преподавании предмета математики ...............................................................78
*Бейсекова Р.Т., Султанова У.С.* Проблемы разития межэтнических отношений в республике Казахстан в контексте политического развития ............................................................................ 82
*Доминова И., Женишбек кызы Айтбу.* Актуальность идеи великих мыслителей о нравственном воспитании ................................................................................................................86
*Джоошбекова З.Р.* Педагогические условия воспитания студентов поликультурной толерантности в профессиональном становлении студентов в образовательном процессе ............. 91
*Джумагулова Г.Ш., Мунашова Ж.Б.* Активизация воспитательно-образовательных технологий в школе новейшими средствами психолого-педагогических методик ................................................ 98
*Жалилова С.Б.* Современные требования к педагогам и задачи педагогического образования ..............................................................................................................................102
*Жолдошбаева Ы.К., Аттокурова М.М., Исраилова М.Р.* Методика организации педагогического эксперимента ..............................................................................................107
*Жусупбек кызы Жыргал.* Использование искусственного интеллекта в образовани .......................112
Заилова Ж.Ж.Формирование экологических представлений у учащихся начальных классов.........117
*Исманалиева Б.М.* Роль руководителя в формировании личностных качеств учащегося...............121
*Касымжан кызы Н.,Ураимов К.М.* Проблемы работы с текстами в учебниках кыргызского языка для начальных классов (на примере кыргызских школ)....................................................................126
*Кенешова Н.* Формирование этнокультурной компетентности учащихся на уроках английского языка через устное народное творчество ..................................................................... 130
*Култаева У.Б.* Инновационные действия К.Сартбаева в усовершенствовании начального

образование.....134

*Курбаналиева Г.Ж.* Способы развития навыков понимания прочитанного у учащихся начальных классах ..... 137

*Мамарасулова Э.Т.* Экологическое воспитание учащихся начальных классов через кыргызские народные традиции ..... 141

*Мамашерип кызы Нуриза.* Психологические пути профилактики суицида среди подростков в Кыргызстане..... 144

*Минбаева К.Б., Шерикбай кызы Г.* Презентация традиций, связанных с воспитанием ребенка в литературных произведениях ..... 148

*Мурзабаев К.К., Акбарали уулу Дастанбек.* Оптимальные пути повышения качества интегрированного обучения предмета математики с естественно-научними предметами.....151

*Мусаева В.И., Байбосова Д.К.* Обучение научно-методического наследия К.Сартбаева в этно-педагогическом направлении.....156

*Найманбаев М.Ж., Насирова А.А.* Основной вид деятельности подростков и развития познавательных процессов ..... 161

*Найманбаев М.Ж., Насирова А.А.* Место, значение подросткового возраста в развитии ребенка и возникновение "кризиса" ..... 164

Омошев Т.Т., Куваков Ж., Сулайманова Д.К. Проблемы обучения неопределенным понятиям .....168

*Паязова А.М., Султанова А.А.* Методы и формы воспитания .....174

*Раимбекова М., Бактыгулова Г.Б., Матеева А., Абдылдаева Ж.* Основные проблемы анализа художественного текста на уроке «Литературное чтение».....180

*Раимкул кызы Айжамал, Карабаева Р.К.* Технология использования дидактических материалов в начальных классах ..... 185

*Рахматуллаева М. Дж., Ахмедов М.М., Орипова Р.И.* Формирование у подростков национальной идеи как основы прогресса общества..... 189

*Рыскулова Г.У.* Профессор Каратай Сартбаев – великий наставник и педагог XX века ..... 193

*Сакиева С.С., Мокуева Н.Ш.* Каратай Сартбаев - ученый, исследующий формирование письменной культуры студентов.....197

*Сакиева С.С. Муратбек кызы Сыргагүл.* Каратай Сартбаев- ученый, исследующий обучение стилистики в начальных классах ..... 201

*Саттарова А.Т., Тагаева Ж.Т., Жумабаева Г.С.* Интеграционные технологии в обучении детским песням ..... 205

*Сияев Т.М.* Тренинг: Средства общения.....216

*Ташбаева Г. С., Сулайманова А.С., Хакимова М.С., Максутова А.* О роли образования в современном Кыргызстане.....220

*Токтомаметов А.Д.* Феномен профессора Каратая Сартбаева.....224

*Турдакунова А.С., Турумбекова А.Т.* Цифровизация в системе высшего профессионального образования.....227

*Умарова Р.Н.* Применение этических принципов в кыргызской этнокультуре.....231

*Чыманов Ж.А.* Выводы профессора Каратая Сартбаева о педагогических наследиях Касыма Тыныстанова.....236

*Шайимкулова М.А., Эркебаев Т.К., Эркебаев Т.А., Бообекова А.А., Капарова Н.А.* Методика формирования экологической культуры учащихся начальных классов во внеурочной деятельности в курсе родиноведения.....239

# КАРАТАЙ САРТБАЕВ – ӨЗ МЕЗГИЛИНИН БИРИНЧИ МУГАЛИМИ



*Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалими, СССР жана Кыргыз ССРинин Эл агартуусунун отличниги, Чынгыз Айтматов атындагы Эл аралык коомдук академиясынын академиги, Ишенаалы Арабаев атындагы медалдын жана сыйлыктын ээси, "Алиппе", "Кыргыз тили" окуу китептеринин автору, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаевдин билим берүү жана илимге синирген эмгеги кыргыз педагогикасында, анын ичинде башталгыч билим берүүгө чон эмгек синирген окумуштуу катары бааланып келе жатат. Окумуштуунун башталгыч класстарда кыргыз тилин октуунун методикасы боюнча жасаган эмгектери, изилдөөлөрү 60 жылга жакын убакытты камтыйт.*

*Каратай Сартбаев – өз мезгилинин биринчи мугалими. Окумуштуунун башталгыч класстарга арналган эмгнктеринин тематикасы ар түрдүү. Атап айтсак, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу, башталгыч класстарда орогррафиялык эрежелерди үйрөтүү, стилистикалык эрежелерди окутуу, окуучунун оозеки жана жазуу маданиятын калыптандыруу, дидактиклык материалдар, аларды окутуу процессинде колдонуунун бөтөнчөлүгү ж.б. проблемага арналган эмгектери жарыяланып, мектеп тажрыйбасында колдонулуп келе жатат. Окумуштуунун бул эмгектеринин топтому тандалган эмгектер деп аталып 10 томдук жыйнакка топтолуп, окумуштуунун өмүрлүк жары, п.и.к., доцент Агүпү Мураталиева, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Р.Акунованын жетекчилиги менен 2014-жылы басылган Жыйнакка окумуштуунун башталгыч класстарга арналган эмгектери топтолгон.*

*Каратай Сартбаев башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасын ар тараптуу изилдеген белгилүү окумуштуу. Окумуштуунун эмгектери мектеп мугалимдери, ЖОЖдун студенттери, магистранттары, аспиaранттары тарабынан окуп-үйрөнүлүп келе жатат.*

*Кафедранын профессордук-окутуулук курамынын демилгеси менен 2022-жылдын 9-декабрында* ***"Сартбаевдик окуулар-2022" алкагында: «Башталгыч билим берүү: теориясы, практикасы жана өнүгүү тенденциялары»*** *деген аталышында эл аралык илимий-практикалык конференция уюштурулуп, конференцияга И.Арабаев атындагы КМУнун, ОшМУнун, ОшМПУнун, Ош КӨУнун, БатМУнун, Казак Республикасынын ЖОЖдорунун окумуштуулары, окутуучулары,магистранттары, аспиранттары, студенттери катышты Конференцияда жалпы 160 доклад окулду. Окумуштууга арналган өзүнчө секция иштеп, анда окумуштуунун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө арналган докладдар окулуп, кызуу талкуу жүрдү. Окумуштуунун үй-бүлөсү тарабынан педагогика багытында окуган 3 студентке стипендия ыйгарылды. Конференциянын резолюциясына окумуштуунун эмгектерин терендеп үйрөтүү боюнча жыл сайын педагогикалык окууларды башталгыч класстын мугалимдерин даярдаган окуу жайларда уюштуруп туруу жагы сунушталды.*

**Сакиева Сайипжамал Салайдиновна - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессору, педагогика илимдеринин доктору, педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы**

**УДК 3;37;373;373.5;82;82.0**

# ТЕОРИЯЛЫК АДАБИЙ ЖОМОКТОРДУ АСПЕКТТЕН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫ

***Абдибалиев Э.А.-Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин окутуучусу***

***Аннотация:*** *Бул макала фольклортаануунун аспектисинен адабий жомок түшүнүгүн талдоого арналат. Жомоктор айтылышы, иштеп чыгылышы боюнча үчкө бөлүнөт: биринчиси – элдик жомоктор (фольклордук чыгармалар); экинчиси – элдик жомоктордун негизинде акын-жазуучулар иштеп чыккан адабий жомоктор; үчүнчүсү – акын-жазуучулар жеке идея таап, өз стилин көрсөтүп, окуяларды жана каармандарды өздөрү таап, индивидуалдуу чыгармачылык менен жазып чыккан жомоктор (автордук жомоктор). Бул макалада жанрга теориялык анализ жүргүзүү үчүн Ю.М.Соколов, Е.В.Померанцев, В.П.Аникин, М.Борбугулов ж.б. фольклористтердин эмгегине таянгандыгыбызды көрсөтүп бердик. Жомокторго, мифтерге XX кылымдын Дж.Джойс, Г.Гессе, Ф.Кафка, Т.Манн, Г.Маркес, У.Фолкнер, М.Булгаков, Ч.Айтматов ж.б. атактуу сүрөткерлери чыгармаларында кайрылып, көркөм-эстетикалык күч катары алардын мүмкүнчүлүгүн азыркы окурмандын жан дүйнөсүн козгоо үчүн пайдаланган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ааламдашуу, жомок, адабий жомок, автор, сөз байлыгы, кеп маданияты, фольклор таануу.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ АСПЕКТ ИСТОРИИ ИЗУЧЕНИЯ ЛИТЕРАТУРНЫХ СКАЗОК

***Абдибалиев Э.А.-преподаватель Ошского государственного педагогического университета***

***Аннотация:*** *Данная статья посвящена анализу концепции литературной сказки с точки зрения фольклористики. По жанру сказки делятся на три группы: первые – народные сказки (фольклорные произведения); вторые – литературные сказки, разработанные авторами-поэтами на основе народных сказок; третьи – сказки (авторские сказки), в которых поэты придумывают индивидуальные идеи, демонстрируют свой стиль, сами находят события и персонажей и сочиняют их индивидуальным творческим способом. Для теоретического анализа жанра сказки мы опирались на труды таких фольклористов, как: М.Соколов, Е.В.Померанцев, В.П.Аникин, М.Борбугулов и др. Известные художники слова XX века Дж.Джойс, Г.Гессе, Ф.Кафка, Т.Манн, Г.Маркес, У.Фолкнер, М.Булгаков, Ч.Айтматов в своих произведениях обращаются к мифам и сказкам и используют их возможности в качестве художественно-эстетических сил, для того, чтобы затронуть душу современного читателя.*

***Ключевые слова***: *глобализация, сказка, литературная сказка, автор, лексика, культура речи, фольклористика.*

# THEORETICAL ASPECT RESEARCH HISTORY OF LITERARY FAIRY-TALES

***Abdibaliev E.A.-Osh State Pedagogical University***

***Abstract:*** *The article deals with analyzing the concept of fairy tales from the aspect of folklore learning. According to their ways of speaking and forming fairy-tales are divided into 3 types: 1. Folklore 2. Literary fairy tales by the writers and poets based on the folk fairy-tales. 3. Fairy-tales by the writers written on bases of their own ideas, styles and imagined characters and cases. To analyze the given genre theoretically we consulted the works of Yu.M.Sokolov, I.V.Pomerantsev, V.P.Anikin, M.Borbugulov. Well-known people of the XX century like J.Joyce, G.Gesse, F.Kafka. T.Mann, G.Marcos, U.Folkner, M.Bulgakov, Ch.Aitmatov used fairy- tales and myths in their works as a literary aesthetic source to impress on the readers.*

***Key words:*** *globalization, a fairy-tale, literary fairy-tale, an author, vocabulary bank, culture of speech, folklore learning*

Жомок – эң байыркы убактан бери эле айрым адамдар тарабынан чыгарылып, ага башка адамдар тарабынан алымча, кошумчалар киргизилип келе жаткан адабий чыгарма. Анын жанрдык белгилери катары адабият таануу сөздүктөрүндө төмөнкүдөй айтылат: «оозеки адабиятта кеңири тараган, ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма. Жомоктор ыр түрүндө да, кара сөз формасында да болот. Жомок деп фольклорчу окумуштуулар ыр түрүндөгү эпикалык баяндарды («Манас», «Эр Табылды», «Эр Төштүк» ж.б.) айтышып, ал эми биз жомок (сказка) деп жүргөндөрдү «жөө жомоктор» деп атоону сунушташкан. Бирок бул термин негедир эл тарабынан кабыл алынбады.

Жомок – кыргыз фольклорунун эң кеңири тараган жанры. Аларды айбанаттар тууралуу, кереметтүү-укмуштуу жана турмуштук жомоктор деп үчкө ажыратып караганыбыз менен бул бөлүштүрүү өтө эле шарттуу, турмуштук жомоктордун ичине дале айбанаттар тууралуу окуялар, баяндар кошулуп кете берет. Айбанаттар тууралуу жомоктордо окуянын катышуучулары ар кандай жаныбарлар болуп, ошол кайманаланган жандыктар барып-келип эле адамдарды ассоциациялап берет, андыктан да мындай жомоктордон тигил же бул кишини аңдап түшүнүүгө болот. Бул жомоктор – адамдар өзүнүн ыйманын көрө турган күзгү. Айбанаттар тууралуу жомоктор элдик тамсилдер менен тамырлаш, алар түпкүлүгү бир эле жанрлар. Мындай чыгармаларда айрым учурда айбандар менен бирге адамдар да катыша берет, бул болсо адам менен табияттын жакындыгынын көрсөткүчү. Байыркы мезгилден тартып, соңку кылымдарга чейин эле кыргыздар аңчылык менен күн көрүп, ар кандай жаныбарлардын кулк-мүнөзүн, кебете-кешпирин жакшы байкашкан, ошол байкоолорунун негизин жомоктордо пайдаланган.

**Айбанаттар тууралуу** жомоктордо туруктуу образдар кездешет, мисалы, түлкү – куу, митайым болсо, карышкыр – ичкич, жегич, каардуу, коён – коркок, сагызган – сүйлөөк, алдамчы ж.б. Ал эми **кереметтүү, укмуштуу окуялар жөнүндө** жомоктордо болбой турган, болууга мүмкүн эмес фантастикалуу сюжеттер, каармандар орун алат. Каармандар жалгыз көздүү дөө, жети баштуу желмогуз кемпир, сүйлөгөн таш, сыйкырчы ж.б. нерселер болот, мында жайыл дасторкондор, уча турган килемдер, дүйнөнү көрсөтүүчү күзгү ж.б. буюмдар каармандарды коштоп жүрөт.

**Турмуштук** жомоктордун окуялары кыйла реалдуудай, турмушта болушу мүмкүндөй сезилет, бирок алар чындыкка негизделбейт, жомоктук сүрөттөө жана образ түзүү жолу тандалат. Эң негизги жомоктун касиети – окуялуулугу, ошол окуянын кызыктуулугу, сюжетинин балдардын кабыл алуусуна, өздөштүрүүсүнө жакындыгы.

Жомоктор – адамзаттын таза кезиндеги тазалык жөнүндө ойлору камтылган чыгармалар. Жомокторду адамдар ушундай болсо деген тилектен улам чыгарган, алардын каармандары кандай кара күчтөр болсо да кыйналып-кысталып жүрүп жеңип чыгат. Андыктан да анын башкы каармандары жетим бала, жетим кыз, жалгыз бала, бир кемпир-чал, акылдуу дыйкан, таз бала ж.б. бей-бечаралар болот, алар кандай гана кыйынчылык болбосун акыры максат-муратына жетип, «жыргап-куунап» жашап калат. Жомоктордун тарбиялык таасири – кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун адам баласы аларды жеңе алат, акыры чындык, актык адамды бакытка бөлөйт деген ойду сиңдире алгандыгында.

Жомоктор өтө кыска 2-3 саптан тартып, бир нече күндөп айтса да түгөнбөгөн көлөмдө эл арасында тарайт. Жомоктор – эл турмушунан сыгылып чыккан окуялардын элдик моралга ылайыкталып чагылдырылышы, анда элдик оптимизм, эл ичинен чыккан жөнөкөй адамдардын турмушу, күрөшү жана акырында жеңишке жетиши баяндалат. Ал эки адамдын башы бириккен жерден тартып, жүздөгөн адамдар жыйналган аудиторияга чейин айтыла берчү универсалдуу жана популярдуу жанр, дал ошонусу менен анын таанытуучулук жана тарбиялоочулук мүмкүнчүлүгү жогору болуп келген» [1, 55-56].

Мына ушул фольклордук жомоктордун сюжетин пайдаланып, айрым авторлор ошол сюжетти өнүктүрүп, же узартып, же кыскартып, жаңы каармандар, окуялар менен толуктап, өзүнүн автордук позициясын кошуп жана индивидуалдуу стилин билдирип жомок жазат. Мындай жомоктор элдик оозеки чыгармачылык (фольклор) менен жазма (профессионал) адабияттын – экөөнүн тең белгилерин алып жүрөт.

XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз профессионалдуу адабияты жаңыдан пайда болуп жаткан кезде жазуу маданиятын эми-эми өздөштүрүп жаткан жаш калемгерлер элдик жомоктордун негизинде чыгармаларды жазган, мисалы, 1923-жылы Ташкент шаарынан чыккан «Чолпон» журналынын март, апрель, май – үч айы бириктирилеп басылган санына САКУнун угуучусу Аалы Токомбаевдин «Курманбек» деген чыгармасы жарыяланган. Бул чыгарма кыргыз элинин «Курманбек» дастанынын кыскартылып, кара сөз формасына келтирилип, жомок стилинде жазылган варианты эле. Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою», «Канаттуулар», «Буудайык» деген чыгармалары, Тоголок Молдонун «Абышка-кемпир көмөчү», К.Маликовдун «Сан-Таш», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмалары элдик жомоктордун негизинде жазылган. Элдик жомоктордун мотиви, стили, образдары алгачкы кыргыз романдарынын бири болгон К.Жантөшовдин «Каныбек» романында кеңири пайдаланылган. «Мифтин азыркы заманга ылайык келип турушу – анын поэтикалуулугу жана анда камтылган маанилердин адилдиги, кишиликтүүлүгү» (Ч.Айтматов [2, 200]) болгону үчүн уламыш, миф, жомок сыяктуу эзелки муундар жараткан чыгармалар ар мезгилде жазуучулар тарабынан ошол жаңы мезгилде ылайык жаңы образдар, жаңы боёктор менен шөкөттөлүп чыга берет. XX кылымда Дж.Джойс, Г.Гессе, Ф.Кафка, Т.Манн, Г.Маркес, У.Фолкнер, М.Булгаков, Ч.Айтматов ж.б. жазуучулар чыгармаларда мифтерге кайрылып, окурмандары үчүн өз заманынын проблемаларын жалпы адазматтык деңгээлде айтып берген. Жогорудагыдай элдик жомокторду, мифтерди, уламыштарды кайра иштеп чыгуу менен жазылган чыгармаларды биз адабий жомоктор дейбиз.

Жомоктордун үчүнчү бир тиби болот, алар элдик жомокторго негизделбей, б.а., алардын сюжеттерин кайталабайт, авторлору даяр сюжеттерсиз жана даяр образдарсыз өзүнүн жеке чыгармачылык өз алдынчалыгы менен жомок жазып чыгат. Мындай автордук жомоктор да кыргыз адабиятында кеңири учурайт. Демек, жомокторду түпкү табияты боюнча үчкө ажыратып кароого болот.

Биринчи – элдик жомоктор (фольклордук чыгармалар).

Экинчи – элдик жомоктордун (фольлордун) негизинде акын-жазуучулар иштеп чыккан жомоктор.

Үчүнчү – автордук жомоктор, б.а., акындар жана жазуучулар даяр сюжеттерди ээрчибей өз алдынча жазган жомоктор.

Бул жерде фольклористтер жана адабиятчылар талашып-тартышып келе жаткан маселе – элдик жомоктор менен адабий жомоктордун жакындыктары жана айырмачылыктары. Элдик жомоктун бир нече аныктамалары бар, аларды карап көрөлү.

| |
|---|
| Ю.М.Соколов: «Элдик жомоктун негизинде сөздүн кеңири маанисинде фантастикалык, авантюристтик оозеки-поэтикалык аңгеме бар» [3, 292]. |

| |
|---|
| Е.В.Померанцева: «Элдик жомок – бул негизинен прозалык, магиялык, авантюралык же күнүмдүк тиричиликтик мүнөзгө ээ көркөм адабияттын эпикалык чыгармасы» [4, 295] |
| В.П.Аникин: «Жомоктун негизги өзгөчөлүгү — көркөм адабияттын поэтикалык фантастиканын жардамы менен турмуш чындыгын ачуу жагдайы» [5, 128] |

| |
|---|
| М.Борбугулов: «көбүнчө кара сөз түрүндөгү көлөмү анча чоң эмес чыгармалар», «жанры жагынан фантастикалуу, авантюралуу же турмуштук болушу мүмкүн», «түрлөрү, мазмуну ар кыл: айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор, сыйкырдуу жөө жомоктор, авантюралуу окуялар жөнүндө баяндаган жөө жомоктор, сатиралык жөө жомоктор» [6, 400]. |

Элдик жомоктор менен адабий жомоктордун негизги айрымачылыктары төмөнкүлөр:

| элдик жомоктор | адабий жомоктор |
|---|---|
| • элдик жомоктордун автору болбойт;<br>• элдик жомоктор жамааттащып чыгарылган коллективдүү чыгармачылык;<br>• элдик жомоктор көп варианттуу. | • адабий жомоктордун автору болот;<br>• адабий жомоктордо жеке автордун чыгармачылыгы көрүнөт;<br>• варианттуулук мүнөздүү эмес;<br>• автордук түп нуска өзгөртүлбөйт. |

Алсак, кыргыз элинде «Толубай сынчы» тууралуу макал жана жомок, уламыш бар. Аны эл оозунан атактуу фольклор жыйноочу Ыбрай Абдракманов жазып алып, УИАнын кол жазмалар фондусуна тапшырган. Демек, бул элдик вариант. Ошол уламыштын негизинде, анын сюжетин пайдаланып А.Осмонов «Толубай сынчы» деген поэма жазган. Ошол поэманы ал эки вариантта иштеген. Биринчи вариантын 1937-жылдын жай айында жазып бүткөндүгүн «15/VI – 1937-ж. Жети-Өгүз» деген жазуулар менен чыгарманын аягына тастыктап көрсөтүп берген. Экинчи жолу чыгармачылык жактан кыйла жетилген кезде кайра ушул сюжетке кайрылып, башка вариантта жазып чыккан, анын аягында «26/XI 1944, Койсары» деген жазуу турат, демек, эки варианттын ортосунда жети жыл аралык бар. Эки вариантта автор «Толубайдай сынчы, Токтогулдай ырчы бол» деген элдик накыл сөздү эпиграф кылып алат. Поэма мындай башталат:

Замана кандай кары, кандай кереӊ,
Закымдап учкан сайын түбү тереӊ…
Ошондой унутулган бир күндөрдө,
Кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен [7, 26].

Биринчи эле саптардан көрүнүп тургандай, автор элдик поэманын идеясына философиялык терендик берип, бийлик менен кедейликтин, байлык менен колунда жоктуктун, чыныгы көзү азиздик менен көрө албастыктын татаал, түбөлүктүү карама-каршылыгын чагылдырат. Элдик чыгармада бийлик өкүлү Жаныбек хан деп тарыхый инсан аталса, А.Осмонов ал тарыхый инсандын атын жалпылап, символикалык маани берип, Азиз хан деп атайт. Толубай сынчы тууралуу элдик аңыз К.Жусубалиевдин «Толубай сынчы» жана Ш.Абдырамановдун «Саяпкер» аңгемелеринин, Ж.Садыковдун куурчак театрлары үчүн «Толубай сынчы» пьесасанынан жазылышына негиз болгон. Ушул эле сюжетти пайдаланып С.Ишенов мультфильм тарткан. Көркөм өнөрдүн тарыхында мындай мисалдар өтө көп. Фольклордук жомок адабий туундунун жаралышына негиз болот, кийинки авторлор жаңы образдарды, жаңы көркөм боёкторду кошуп отурат.

**Адабияттар:**


1. Муратов А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / Муратов А., Шериев Ж., Исаков К. – Б.: «Айат», 2014. – 384 б.
2. Айтматов Ч. Биз дүнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнгөн сөздөр [Текст] / Түз.: С.Тургунбаев. – Ф.: «Кыргызстан», 1988. – 400 б.
3. Соколов Ю.М. Русский фольклор [Текст] / Ю.М.Соколов. – М.: Учпедгиз, 1941. – 450 с.
4. Померанцева Е.В. Русская народная поэзия [Текст] / Под. ред. Богатырева П.Г., 2 изд. – М.: Гослитиздат, 1956 – 324 с.
5. Аникин В.П. Русская народная сказка [Текст] / В.П.Аникин. – М.: 1971. – 420 с.
6. Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст] / М. Борбугулов – Бишкек: Шам, 1996. – 400-б. https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/0/604c82a40044d7fe4ab4ae0b91d3eab40f96a227.pdf
7. Осмонов А. Тандалган чыгармалар. II том [Текст] / Түз.: М.Тентимишов. – Б.: «Салам», 2014. – 596 б.


*  *  *

**УДК 3;37;373;373.5;82;821**

# ОКУТУУ ӨЗБЕК ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДЕ АДАБИЙ ЖОМОКТОРДУ ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

***Абдибалиев Э.А. - Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин окутуучусу***

***Аннотация:*** *Бул макала окутуу өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде адабий жомокторду үйрөтүүнүн максаты жана милдеттери тууралуу сөз болот. Окуучуларынын кыргызча сөз байлыгын өстүрүүдө жомоктордун ролу ачып берилет. Айрым белгилүү адамдардын турмушундагы жомоктордун тарбиялык таасири көрсөтүлөт. Макаланын актуалдуулугу алгачкы жолу жомок жана адабий жомок түшүнүктөрүнүн ааламдашуу доорундагы милдеттери көрсөтүлгөн. Жомокторду окуу менен окуучулардын эне тилиндеги кебин өнүктүрүү, сөздүк корун байытуу, чыгармадагы окуяларды өз сөзү менен эркин баяндап айтып берүү, адабий ой жүгүртүүсүн өстүрүү багытында көптөгөн ишмердүүлүктөрдү аткарууга мүмкүн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ааламдашуу, жомок, адабий жомок, окуу, адабий окуу, адабий билим, окуу ишмердүүлүгү, сөз байлыгы, кеп маданияты*

# ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ПРЕПОДАВАНИЯ ЛИТЕРАТУРНЫХ СКАЗОК В ШКОЛАХ С УЗБЕКСКИМ ЯЗЫКОМ ОБУЧЕНИЯ

***Абдибалиев Э.А. - преподаватель Ошского государственного педагогического университета***

***Аннотация:*** *В данной статье речь пойдет о целях и задачах преподавания литературных сказок в школах с узбекским языком обучения. Раскрывается роль сказок в развитии словарного запаса кыргызского языка у школьников. Указывается воспитательное влияние сказки на жизни некоторых известных людей. Актуальность статьи заключена в том, что впервые была продемонстрирована связь с задачами концепции сказки и литературной сказки в эпоху глобализации. Читая сказки, можно сделать много работ, направленных на развитие речи учащихся на родном языке, пополнение словарного запаса, свободное изложение сказок своими словами, развитие литературного мышления.*

***Ключевые слова:*** *глобализация, сказка, литературная сказка, чтение, литературное чтение, литературные знания, учебная деятельность, словарный запас, культура речи*

# MAIN DIRECTIONS OF TEACHING LITERARY FAIRY TALES IN SCHOOLS WITH THE UZBEK LANGUAGE OF TEACHING

***Abdibaliev E.A.-Osh State Pedagogical University***

***Abstract:*** *The article deals with the purpose, tasks and main directions of teaching literary fairy-tales at schools taught in the Uzbek language. The role of fairy-tales in developing pupils' vocabulary on the Kyrgyz language is revealed in it. The educational effect of fairy-tales in the lives of famous people is also depicted. The actuality of the article is that the functions of fairy-tales and literary fairy-tales are given for the first time. By reading fairy-tales it is possible to develop pupils' speech, to enlarge their vocabulary, to retell the story in their own words, to enlarge their literary thinking*

***Key words:*** *globalization, fairy tale, literary fairy tale, reading, literary reading, literary knowledge, learning activity, vocabulary, culture of speech*

XXI кылымдын башталышы «ааламдашуу», же «дүйнөлөшүү», англис тилинде «глобализация» деген аталыштар менен тарыхка кирди. Муну менен жалпы планетадагы

адамдар, коомдук бирикмелер, саясий жана диний уюмдар, алардын катарында билим берүү мекемелери да интеграцияланып, байыртадан келе жаткан улуттук баалуулуктар, анын ичинде руханий байлыктар болгон жомоктор адамдардын күнүмдүк жашоосунан алыстап, алардын ордуна IT технологиялары (чөнтөк телефон, ноутбук, нетбук, планшет, электрондук кат куржун, скайб, вотсап, телевидение, кино, OK, DVD, MTV, KTV, Internet ж.б.) турмушка активдүү аралашты. Чоң ата-чоң энелери боз үйлөрдө, очок боюнда жомок уккан муундун азыркы неберелери бири-бири менен социалдык тармактар: «Whats app», «Instagram», «Facebook», «Одноклассники», «Tik Tok» аркылуу сүйлөшүп, пикир алышып, ошолордун идеяларын өз бойлоруна сиңдирип калды.

Мындан бир-эки кылым мурдагы кыргыз турмушун карап көргөндө элдин руханий дүйнөсү жомокторго аябай жакын болуп, адамдардын көбү жомок дүйнөсүндө жашаган. Анда телевизор, интернет, радио, телефон сыяктуу маалымат каражаттары жок, негизги байланыш куралы оозеки сөз, анын ичинде манасчылардын, төкмө акындардын, жомокчулардын чыгармачылыгы болгон. Балдар мына ошолордун таасири аркылуу сөз күчүн сезип, сөз аркылуу тарбия-таалим алган. Буга бир топ мисалдарды келтирсек болот: даңазалуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун (1868-1930) таякеси Келдибек манасчы болгон, Саякбай Каралаевдин (1894-1971) Дакиш аттуу чоң энеси балага «Манасты» кара сөз түрүндө айтып, мазмунун түшүндүрүп берген, кытайлык кыргыз манасчысы Жусуп Мамайга (1918-2014) агасы Балбай дастандын көп окуяларын жомок түрүндө айтып түшүндүргөн, Токтогул Сатылгановдун (1864-1933) апасы Бурма баласына өтө жашынан жомокторду айтып берип, анын көкүрөгүн ачууга көмөк берген, Тоголок Молдонун (1860-1942) аталаш агасы Музооке ырчы, жомокчу катары Ак-Талаа, Нарын чөлкөмүнө таанылган киши болгон, Осмонкул Бөлөбалаевдин (1888-1967) апасы Айша казак кызы болуу менен казак, кыргыз жомокторун баласына үйрөткөндүгү маалым.

Чыңгыз Айтматов (1928-2008) бала чагы тууралуу мындай эскерет: «Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү» [1, 15]. Ушинтип айтып келип, чоң энесине күндө бирден жомок айттырып, анан кийин гана уктарын, кээ бир күнү энеси жомогум түгөндү, кошуналардан сурап келейин деп чыгып кетерин эскерет. Анын жашаган балалык кези өзү жомокко жакындыгын кийин минтип баяндап берет: «Ашууга бир күн калганда көч бир жерге чогулуп өргүү алат. Бул түн «шыкама түнү» деп аталат. Биздин кербен да бир күнү ошондой «шыкамага» чогулду. Кичирээк боз үйлөр тигилип, анын айланасында адамдар жылынууга от жагышты. Муз, кар басып жаткан көркөм да, сүрдүү да тоолор учу-кыйырсыз узарып кете берет. Бул учурда адамга бир гана ой келет, эртең ашууну кантип ашып алар экенбиз деген. Үйүр-үйүр мал да ушул гана ойдун жетегинде болгондой, түндү коштоп, тынч жуушап жата берет. Адатта, мындай күндөрү малга бирөөлөр көз салып турбаса, от кууган немелер туш келди жайылып, тарап кетет. Ал эми айлана-чети жалаң аска-тоо менен курчалган чаптуу жерде мал да апкаарып, абайлап, бири-бирин эш тутуп жыла албай туруп калышат. Карыялар болсо, мейли алар байбиче болобу, же аксакал кары болобу, отту тегеректей орун алып, ар түркүн ырларды ырдашат, дуба окушат, жомокторду айтышат.

- Мына, ашууга да келип калдык. Баарыбыз – мал-жан, катын-бала түгөл ушундабыз. Күн нурун көрүү үчүн жайлоого чыгабыз. Ашуудан кийин жашыл шибер, тунук булак бизди күтүп турат. Биз ал жакта жайлагыбыз келет, - дегендей каалоо-тилектерин ортого салат.

Ашуулардын колдоочу жана ээлерине болсо:

- Бизге тоскоол боло көрбөгүлө! Үстүбүзгө жамгыр тытмалап ургулабасын, бороон сокпосун! Жөө туман же асмандан түшкөн булут менен көзүбүздү тосуп салбасын! Биз бул тоолорду, жайлоону жаныбыздан артык көрөбүз! Балдарыбызга бак бере көр! Мал-жан жайлоого сак-саламат, түгөл жетсин! Кайра кайткан жолубузда да бөөдө кырсыктан коруй көр! Бардык кыйынчылыктарды бул жакка таштагыла! Малга көк шиберден ооз тийүү насибин буйру! Биз куштардын үнүн угуп, жайлоодогу боз үйдүн түндүгүнөн күндүн нурун

тиктегибиз келет! Теңирим, сага шүгүр кылабыз, ушул ашуудан аман-эсен өткөрө көр?! - деп жалынып-жалбарышчу. Кандай керемет кептер!» [1, 19-20].

Мына ушундай балалыгы жомоктор дүйнөсүнө туш келген, жомокко аралашып жашаган Чыңгыз Айтматов ошол дүйнөнү көкүрөгүнө сактап дүйнөгө даңкы чыккан роман, повесттерин жазды, алардын сюжеттик-структуралык курамына чыгарманын жалпы идеялык-көркөмдүк салмагында өзгөчө эстетикалык күчү бар Бугу-Эне, Чыпалак бала, Найман-Эне жана Маңкурт уул, Кайып кыз сыяктуу элдик жомокторду кайра иштеп чыгып, жогорку көркөмдүүлүккө жеткирип киргизди. Ал бала чагында жомоктор дүйнөсүндө жашагандыгын адабиятчы В.Левченко менен маектешүүсүндө мындай деп айтат: «Балалык жана өспүрүм кездин таасирлери жазуучунун чыгармачылык турмушу үчүн чынында да маанилүү фактор. Бул – ойлорду, картиналарды, аадмдардын образдарын сен ар дайым сузуп алып турган ыйык башат же кудук сыяктуу. Жаштык жана балалык кез дүйнөнүн сулуулугун таза жана көркөм түрдө кабылдоочу, аны ошол калыбында көңүлгө бекем түйүп калуучу эң дилгир, күнөөсүз жана кристалдай тунук курак» [2, 211]. Андан ары анын өзүнүн Күркүрөө суусунда сүзүп бара жаткан сыяктуу «Ээр ташы» азыр да тургандыгын айткан жери бар. Дал ошол «Ээр таш» жазуучунун «Ак кеме» повестинде эки жомогу бар баланын сүйүктүү жана сыйкырдуу жайына айланган. Дал ушул повесттин жаны, өзөгү да Марал-Эне тууралуу жомоктон турат.

Азыркы ааламдашуу учурунда жомоктор дүйнөсү адамдардан алыстады, кишилер жомокко ишенбей, жомоксуз өтүп калды. Бул цивилизацияга кошулдук деген көпчүлүк элдерге жана улуттарга мүнөздүү көрүнүш. Мындай процесс Кыргызстанда жашаган өзбек элинин турмушуна да аралашты. Өзбектердин ааламдашуу агымынан улам пайда болгон өзгөчөлүктөрүнүн бири – рыноктук мамилелерге өтүүсү, айылдагы өзбек дыйканы, шаардагы өзбек жумушчусу жана интеллигенциясы эми турмуштук муктаждыктан улам базарга чыкты, тынч кесибин ызы-чуулуу соодагерлик менен көбүрөөк алмашты, өзбек үй-бүлөлөрдүн чоң бөлүгү эмгек мигранты катары Казакстанга, Орусияга жана алыскы чет өлкөлөргө кетти, балдарга жомок айтып берүүчү ата-энелердин бир тобунун базардан бошобой калышы, бир тобунун чет өлкөлөргө кетиши ошол балдарды тарбиялоонун бир формасын – жомок формасын жоготту. Бул социалдык жагдайлар балдардын бир кыйла бөлүгүн кароосуз калтырып, шаарларда «көчө балдары» көбөйүп, алар уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрүн, мыйзамсыз жана коррупциялык жол менен байыган адамдарды, рэкетчилик кылып кымбат машинада жүрүп, хан сарайларды салгандарды идеал тутту. Баягы жомоктордогу кыялый хан сарайлар эми реалдуулукка айланды, балдар ушундай чөйрөгө туш келди. Мына ушундай жагдайдан улам келип чыккан социалдык деградацияга социолог-публицист С.О.Байгазиев мындай анализ берди: «Изилдөөлөр бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн кечөөгү ата-бабаларындай өз өлкөсү жөнүндө эмес, көбүнчө өз керт башынын маселелери жөнүндө ойлонуп, турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле тарабына, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын ачыкка чыгарууда. Социологиялык изилдөөлөрдүн далилдеринен мисал келтирели. Маселен, балдар бүгүн моминтип ойлонушат:

«Мен шаардын сыртында дем ала турган үйлүү болууну каалар элем.

Мен үч кабаттуу жеке үйлүү болууну каалар элем.

Мен миллион акчалуу болууну каалайм.

Мен BMW машиналуу болууну каалайм.

Мен төрт кабаттуу үйлүү болууну жана дүйнөдөгү эң бай адам болууну каалайм.

Мен бизнесмен болууну каалайт элем, себеби мен жакшы жашоо, «крутой» болуу жана шаарда, өлкөдө «авторитет» болуу үчүн көп акча табууну каалайт элем».

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, азыркы балдардын арасында маданий-руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүрткөндөр негедир аз. Ырас, бирин-экин окуучу «Мен эски кыргыздын ырларын кайрадан жаратууну каалайм», «Мен президент болуп, өлкөмдү бай өлкө кылгым келет» дешип жооп беришкен. Балдардын

тилеги жакшы, бирок өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «бийлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Балдардын дүйнөсүндөгү мындай тенденция адеп-ыйман, руханият тарбиясынын кызыкчылыгынан караганда, кооптонууну жаратпай койбойт.

Бул жагдайдан улам, кененирээк ой жүгүртүп көрөлүчү. Бүгүнкү дүйнөдө рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында эл, мекен, журт кызыкчылыгы деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн «кабыгынын» ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көр дүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Америкалык илимпоз Кольберг «Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын» тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду» [3, 11-12].

Окумуштуу ушул пикирден кийин «Жаңы Ордо» газетасындагы маалыматка таянып «өлкөдөгү анархизмдин» кесепетин мындай цифралар менен далилдейт: алкоголиктер – 100000, баңгилер – 20000, сойкулар – 30000, ажырашуу жылына – 7000, кароосуз балдар – 50000, адам сатуу жылына – 4000, адеп-ахлак кетип, эртелеп, кээде партада төрөгөн өспүрүм кыздар жылына – 2000, мектеп рэкеттерине козголгон кылмыш иши жылына – 500 ж.б.» [3, 11-12].

Ушундай кризистик абал улам жыл өткөн сайын тереңдеп азыркы өзбек окуучусунун бейнесинде мындай жагымсыз сапаттар пайда болду:

- өтө кичине чагынан акчага, коммерцияга кызыгуу;
- мектепте окууну экинчи даражадагы иш катары саноо;
- ата-энелердин, улуулардын контролунан оолак калуу;
- советтик учурда эмгек алдыңкыларын, баатыр пионерлерди, комсомолдорду идеал тутуу салты болгон, мына ушул салттын жоголушу;
- коммерсанттарды, байларды, «эрежесиз эр оюндарынын» спортчуларын, рэкеттерди, эстрада «жылдыздарын» идеал тутуп, ошолордой болууну эңсөө;
- окуучулардын элдик жана адабий жомокторду укпай же окубай калышы, китеп менен мамилесинин солгундашы же такыр эле үзүлүшү;
- ар кандай диндерге, анын ичинде өтө көп балдардын ислам идеологиясына фанатикалык түрдө берилип кетиши;
- балдардын жалпы эстетикалык табитинин өтө төмөндөшү ж.б.

Мындай абалда калган балдар коомчулугундагы, айрыкча, Ош, Жалал-Абад, Өзгөн шаарларындагы кырдаал кыйла татаалдашты, алардын негативдүү көрүнүштөрү:

- мектеп рэкетчилиги;
- окуучулар менен мугалимдердин ар кандай конфликттеринин көбөйүшү;
- уурулуктун көчөшү;
- топ-топко бөлүнүп массалык мушташтардын тез-тез болуп турушу;
- балдардын жаш чагынан түнкү клубдарга, бий аянттарына барышы;
- сойкулук, ичкиликпоздук, кумарпоздук, нашакорлук сыяктуу терс сапаттардын өспүрүмдөр жана жаштар арасында тез тарап жатышы ж.б.

Баткен шаарындагы Кызыл-Жол орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Махабат Алимова өз мезгили тууралуу мындай деп жазат: «Чыңгыз Айтматов ким?» деген суроого жакында эле бир окуучу ойлонбостон туруп «акын» деп жооп берип салды. Анын жанындагы жакшыраак окуган курдаштары каткырып күлүштү, бирок эмнегедир менин күлкүм келбей эле катуу ыза болдум. Эмне деген жаштардын мууну келе жатат? «Жаштар – биздин келечегибиз» дейбиз. Келечегибиз ушундай түркөй жаштарыбыздын колуна түшө турган болсо анда мамлекет кайсыл жакка баратат?

Биз мектепте окуп жүргөн учурда танапис болору менен китепканага чуркап, кызыктуу китептерди башка окуучулар алып коё электе алып калалы деп шашчубуз. Китепкананын ичинде чоң кезек түзүлүп калчу эле. Анан дагы ким мурда окуп бүтөт, ким китепти көп окуйт деп бири-бирибиз менен жарышып, атаандашып окуур элек. Касымалы Жантөшовдун «Каныбегин» окуп отуруп, ичине кирип кетип, ыйлап атып, жасап аткан тамагым күйүп калганы эсимден такыр кетпейт. Биздин муундун жаштары ушинтип адабий китептерди берилүү менен окуп, чыгармалардагы каармандардын турмушунан сабак алар элек.

Азыркы окуучулар адабий китеп эмес, күнүмдүк сабакты да кыйратып окубай калды. Ар биринин колдорунда бирден телефон. Замандын талабына жараша китепти интернет менен алмаштырып атат дейин десең, интернеттен бир пайдалуу маалыматтарды алып окушсачы? Интернетте пайдаланганы «Мейл Агент», «Одноклассники» сыяктуу такыр пайдасы жок социалдык түйүндөр» [4].

Ушундай «массалык маданият» алып келген өкүнүчтүү абалга азыр эми тоскоол боло турган нерсе – элдик педагогика, улуттук баалуулуктар, көркөм адабият. Мына ушул үч казынанын баарын бириктирген нерсе – жомоктор.

Жомоктор – «элдик педагогиканын казынасы, анан калса көпчүлүк жомоктордун маңызы педагогикалык чыгармага барып такалат, б.а. аларда педагогикалык идеялар камтылат» (Г.Н.Волков) [5, 109]. Мына ошол педагогикалык маданият, таалим-тарбиялык идеялар балдарга жомоктор аркылуу өткөнү эффективдүү болот. Ырас, азыркы балдардын дүйнөсү жомоктордон кыйла алыстап кеткен, алардын көпчүлүгү жомокторду – фантазия, жалган нерсе катары кабыл алат. Бирок ошол эле кезде Ш.Перронун «Золушка», Г.Х.Андерсендин «Кар ханышасы», Д.Родаринин «Чиполлино», А.С.Пушкиндин «Балыкчы жана балык тууралуу жомок», А.Сент-Экзюперинин «Кичинекей ханзаада», Н.Носовдун «Билбесбектин жоруктары» деген жомоктору жыл сайын дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жүз миңдеген нускаларда кайра-кайра басылат, жаш окурмандардын руханий, адептик, эстетикалык жактан туура тарбия алышына көмөктөшөт.

В.А.Сухомлинский «Жомокторду окуу, айтып берүү, аны драмалаштыруу жана угуу – тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү» деп айтып, кызыктуу изилдөө жүргүзөт. Анын изилдөөсү боюнча окуучулардын жомок угуусу төмөнкүчө: 3-класста – 67%, 4-класста – 63%, 5-класста – 46%, 6-класста – 30%, 7-класста – 23%, 8-класста – 18% [6, 28]. Бул цифралар далилдеп тургандай жыл өткөн сайын окуучулардын жомок окууга, угууга кызыкчылыгы төмөндөп, 3-класс менен 8-класстагы айырма 49%ды түзүп калган, демек, 49% окуучулар жомоктор дүйнөсүнөн оолактап кеткен. Советтик учурда Украинанын Павлыш орто мектебинде мектеп директору болуп иштеген В.А.Сухомлинский жүргүзгөн тажрыйбанын жыйынтыгы көрсөткөн маалыматтар азыр дале жакшырып кеткен жок, кайра дагы да төмөндөдү. Ошондуктан орто мектептерде жомок окууну уюштуруу, адабият сабагында жомоктор аркылуу билим жана тарбия берүү милдети – азыркы учурдун чоң милдети.

Өзбек мектептеринде кыргыз жомокторун окуп-үйрөнүү аркылуу окуучулар төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө жетишет:

- жомоктордун, анын ичинде адабий жомоктордун негизги өзгөчөлүктөрүн, жанрдык белгилерин, жалпы эле табиятын өздөштүрөт;
- жомоктордун ыр (поэзия) формасында жана кара сөз (проза) формасында болорун, алардын айырмачылыктарын түшүнөт;
- жомоктордогу элдик бай лексика, стилистика менен таанышып, өздөрүнүн оозеки жана жазуу кебинде аларды колдонууну үйрөнө баштайт;
- дүйнөнү сөз өнөрү аркылуу образдуу кабылдоо ишмердүүлүгүнө ээ болот;
- жомок аркылуу реалдуу жана роматикалуу кыялый дүйнөнү, турмушту таанып билишет, аларды салыштырат;
- жомоктун идеясына, темасына, образдарына, поэтикалык тилине карата өз пикирин билдирүү компетенттүүлүгүнө ээ болот;

- жомок аркылуу өз турмушунда ошол жомоктогу каармандардай болуу сезимин, идеалын калыптайт;
- жомоктордун тексттин угуу, окуу аркылуу эмоционалдык сезимдери, психологиялык кабылдоолору жогорулайт;
- жомокторду окуу жана угуу менен эстетикалык табити жогорулайт;
- жомок менен чындыкты салыштары алуу, ассоциациялоо мүмкүнчүлүгү калыптанат ж.б.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Балалыгым [Текст] / Ч.Айтматов. – Стамбул: Хызыр Рекламджылык ЛТД Шти, 2002. – 138 б.
2. Айтматов Ч. Биз дүнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнгөн сөздөр. [Текст] / Түз.: С.Тургунбаев. – Ф. «Кыргызстан», 1988. – 400 б.
3. Байгазиев С.О. Өлкөбүздөгү бүгүнкү адеп тарбиясы: абалы жана проблемалары [Текст] / С.Байгазиев / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Б.: 2017. – 1-Чыг. 2-бөлүк, Серия: педагогика жана психология. – 11-12-бб.
4. Алимова М. Китеп окубаган жаштарга кантип келечекти ишенебиз? [Текст] /М.Алимова https://www.bbc.com/kyrgyz/learning_english/2014/02/140218_book
5. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков. – М.: ACADEMA, 2000. – 176 с.
6. Сухомлинский, В.А. Тарбия жөнүндө [Текст] ⁄ В.А.Сухомлинский. Түз. С.Соловейчик; котор. Д.Орозалиев. – Ф.: Мектеп, 1985. – 268 б.


* * *

**УДК 371.03**

## БАЛДАРДА СЕРГЕК ЖАШООНУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Абдулахамидова Б.Н. - доцент, п.и.к. ОшМПУ***

***Аннотация:*** *Данная статья посвящается к валеологической проблематике. В статье раскрываются психолого-педагогические основы результатов опытно-экспериментальной работы по формированию здорового образа жизни у детей. Наша опытно-экспериментальная работа была направлена на решение проблем формирования ЗОЖ у учащихся младших классов через образование, обучение и воспитание.*

***Ключевые слова****: валеологическая грамотность, здоровый образ жизни, дети, младшие классы, эксперимент, учителя, формирование, педагогика.*

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ ЗДОРОВОГО ОБРАЗА ЖИЗНИ У ДЕТЕЙ

***Абдулахамидова Б.Н.-доцент, к.п.н. ОшГПУ***

***Аннотация:*** *Бул макала валеологиялык маселелерге арналган. Макалада балдардын сергек жашоо образын калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштердин жыйынтыгынын психологиялык-педагогикалык негиздери ачылган. Биздин эксперименталдык ишибиз башталгыч класстын окуучуларында билим берүү, окутуу жана тарбиялоо аркылуу сергек жашоо образын калыптандыруу маселелерин чечүүгө багытталган.*

***Негизги сөздөр:*** *валеологиялык сабаттуулук, сергек жашоо образы, балдар, кенже класстар, эксперимент, мугалимдер, калыптандыру, педагогика.*

# PEDAGOGICAL BASES FOR FORMING A HEALTHY LIFESTYLE IN CHILDREN

***Abdulahamidova B.N.-Associate Professor, Ph.D.***
***Osh SPU***

***Annotation:*** *This article is devoted to valeological issues. The article reveals the psychological and pedagogical foundations of the results of experimental work on the formation of a healthy lifestyle in children. Our experimental work was aimed at solving the problems of the formation of a healthy lifestyle in primary school students through education, training and upbringing.*

***Key words:*** *valeological literacy, healthy lifestyle, children, junior classes, experiment, teachers, formation, pedagogy.*

Цели воспитания здорового образа жизни младших школьников обусловлены конкретно-историческими условиями нашего общества. Было время, когда отсутствие внешних или врожденных болезней считалось образцом, показателем здоровья населения. А победа над острыми инфекционными заболеваниями преподносилось как достижение уровня здоровья нации. Наша опытно-экспериментальная работа была направлена на решение проблем формирования валеологической грамотности у учащихся младших классов через образование, обучение и воспитание. Мы считаем, что в первую очередь у учащихся младших классов нужно вооружить доступными их возрасту валеологическими знаниями и на этой основе сформировать на уроках и внеурочное время валеологическую грамотность. В условиях школы, по нашему глубокому убеждению, эту функцию должны выполнить учителя начальных классов, администрация школы. В упрощенном и в то же время обобщенном виде можно говорить о том, что содержание уроков в начальных классах по предметам должно быть созвучно критериям здоровья и внутреннему миру ребенка:

- для соматического и физического здоровья – я могу;
- для психического здоровья – я хочу;
- для нравственного здоровья – я должен.

Для нахождения подтверждения этих идей мы провели опытно-экспериментальную работу, по разработанной программе, которая включала: цель, этапы, задачи, ход организации, содержание эксперимента, анализ результатов исследования. Она была реализована в три этапа: **I** – 2016-2018гг., **II** – 2019-2020 гг., **III** – 2021-2022гг.

В ходе исследования предстояло решить следующие задачи:

- определить содержание и структуру опытно-педагогической работы по формированию валеограмматности у учащихся младших классов;
- организовать качественное проведение уроков и воспиательных мероприятий по валеологии, в младших классах с применением интерактивных методов и здоровьесберегающих технологий обучения;
- проверить эффективность разработанной нами программы по формированию валеограмотности у учащихся в младших классах на базе средних школ №9 им. А. Рудаки, №26 им. С. Токтогула, №41 им. Х.Абдуллаева, №16 им. 40 лет Кыргызстана, №14 им. С. Кирова.

Современная наука указывает, что процесс научного исследования по валеологии предполагает разработку определенной программы и методики в проведении опытно-экспериментальной работы. Программа позволяет более четко определить последовательность эксперимента и упорядочить ход проведения исследований. Опытно-экспериментальная работа проводилась поэтапно, на первом этапе проводился зондирующий эксперимент, в ходе которого были использованы: анкеты, данные по самовалеоанализу, опрос учащихся младших классов в общеобразовательных школах г. Ош, Джалалабад и Карасуу. С целью уточнения состояния теории и практики формирования валеологической грамотностиу учащихся младших классов обследованию подвергались около 460 учащихся г.

Ош, Карасу и Джалалабада. На этом же этапе осуществлялось изучение уровня сформированности валеологической грамотности у старшеклассников, качественный анализ диагностических данных. С этой целью использовались следующие методы исследования: наблюдение, анкетирование, анализ оценочных суждений, анализ сочинений, анализ творческих индивидуальных заданий и других материалов.[1,2,4]

На втором этапе осуществлялось формирование основных валеологических понятий, на уроках природоведения, физической культуры и других предметов с применением интерактивных методов и здоровьесберегающих технологий обучения.

Предварительно на педагогическом совете в экспериментальных школах №9, №14, №16, №26 и №41 мы ознакомили педколлектив с результатами констатирующего эксперимента: низкий уровень валеологической грамотности учащихся младших классов, отсутствие у школьников ярко выраженного стремления к ведению здорового образа жизни, недостаточность связей с родителями, недостатки учебно-воспитательных мероприятий классных руководителей с валеологической направленностью. Помимо этого, мы ознакомили учителей с нашей моделью формирования валеологической грамотности у учащихся младших классов в учебном процессе. Определив экспериментальные классы учителям, ведущих в них валеологическое обучение и воспитание были организованны ряд консультаций и предложены рекомендации по использованию валеологических технологий обучения, таких как здоровьесберегающие упражнения, интерактивные методы и педагогика сотрудничества и др. Ведущим методом на данном этапе эксперимента было педагогическое моделирование урока, изучение знаний и мнений учащихся. На этом этапе происходил процесс формирования валеологической грамотности у учащихся младших классов по предложенной нами модели и результаты этой работы должны были подтвердить или опровергнуть нашу гипотезу. Он приходит в естественных условиях функционирования в сш. №9 и №26 г. Ош и был направлен на апробацию и реализацию разработанной нами программ и методических рекомендаций по формированию валеологической грамотности у школьников младших 1-4 классов. [3,5]

На третьем этапе производился сравнительный анализ контрольных характеристик констатирующего и формирующего эксперимента, которые систематизировались и подверглись тщательному осмыслению. Апробировались способы графической интерпретации полученных результатов.

Полученные данные в совокупности определили содержание общего вывода, подтверждающего нашу гипотезу. Результаты этой работы были внедрены в массовую практику валеологического образования школьников младшего класса.

Процесс реализации данной программы в опытно-экспериментальную работу с учащимися 1-4 классов включало: изучение и анализ состояния уровня валеологической грамотности детей, качество проведения уроков валеологии, природоведение, физической культуры, литературы и др. предметов. В основу программы по формированию валеограмотности школьников положены рекомендации «Программа формирования валеологической культуры школьников» (1-4 классы) обеспечивающее решение следующих задач:

- выработку валеогенного мышления у учащихся 1-4 классов;
- повышения уровня валеологических знаний на уроках природоведения, физической культуры и других предметов;
- развитие и сохранение устойчивой мотивации детей к ведению здорового образа жизни.

В нашем экспериментальном исследовании использовались методика линейного эксперимента.

Данная методика была адаптирована в соответствии с целями и задачами нашего эксперимента. Контрольной характеристикой в нашем исследовании является уровень сформированностивалеологической грамотности младших школьников, который включает в себя наличие установки на здоровый образ жизни, сформированностьвалеологических

знаний и знания поучебным предметам классов: природоведение, физическая культура, родная речь, труд, а также его валеологическая подготовленность. По содержанию программа диагностического изучения состояния уровня валеологической грамотности учащихся осуществлялась по следующим направлениям, которые перекликаются с выделенными нами первоначально критериями и показателями:

- результаты самовалеоанализа;
- контрольный срез основных валеологических понятий: тест незаконченных предложений;
- результаты опроса по взаимосвязи валеологии с такими дисциплинами, как природоведение, физическая культура, и др., (составление таблицы);
- практическое применение в реальной жизни здоровьесберегающих технологий учащимися младших классов, соблюдение правил здорового образа жизни. [3,5.]

В ходе констатирующего эксперимента мы выявили следующие тенденции в валеологическом образовании. Учащиеся младших классов имеют определенный уровень знаний в основном из практики, наставлений родителей и по ведению здорового образа жизни и факторах, влияющих на их здоровье. Однако, чтобы определить основные признаки здоровья детей не могут, причинами ухудшения здоровья ошибочно называют внешние факторы, исключая образ жизни и наследственность. Учащиеся младших классов не осознают значение режима дня, питания, гигиены и т.д. для своей здоровьесберегающей жизнедеятельности. Это отражается на уровне их валеологической грамотности, который необходимо учитывать при организации валеологического образования и воспитания в школе. В ходе второго этапа опытно-экспериментальной работы с педагогами начальных классов были проведены семинары и консультации по валеологическому сопровождению процесса обучения, а также предложены им методические рекомендации по организации валеологического сопровождения на уроках и во внеклассной работе. Нами было предложено использовать возможности преподаваемых учителями предметов в формировании потребности здорового образа жизни младших школьников. Сюда отнесли такие консультации, как: «Педагогическая основа валеологии», «Валеологические технологии обучения», «Педагогика сотрудничества – как средство сохранения психического здоровья учеников и учителей», «Активизация познавательной деятельности учеников на уроке». В ходе эксперимента были выявлены интересные для педагогической практики моменты. Так, например, проведение уроков по природоведению с применением здоровьесберегающих технологий и интерактивных методов: Тренинговые уроки «Сохрани свое здоровье», «Мой темперамент», «Хочу быть стройным человеком»; урок – КВН «Организм и возможности человека», урок – конференция «Наследственность, ее влияние на здоровье, развитие и воспитание человека», урок – диспут «Основы физической культуры».

Применение тренинговых уроков и других форм интерактивных методов на уроках 1-4 классах позволило активизировать мыслительную деятельность учеников, вызвать у них интерес к данным предметам. На каждый последующий урок учащиеся младших классов приходили с нескрываемым любопытством, что же будет сегодня? Таким образом, вызвать интерес к проблемам здоровья и рассматривание этих проблем с точки зрения школьных учебных предметов является первым шагом в деятельности педагога по формированию валеологической грамотности у младших школьников. [5]

В ходе опытно-экспериментальной работы была внедрена программа формирования валеологической грамотности младших школьников на уроке валеологии, так как результаты нашего исследования показали что, именно этот урок в сочетании с учебными предметами в большей степени вооружает учеников валеологическими знаниями и навыками ведения здорового образа жизни.У учащихся младших классов валеологическое образование должно сочетаться с формированием первичных навыков соблюдения нравственных норм поведения в семье, среди сверстников, на улице уважительного отношения к родителям, старшим,

младшим и женщинам. Убеждение о важности и социальной значимости человека должны сопровождать его в течение всей жизни. Именно этим мы руководствовались при создании программы «Формирование валеологической культуры учащихся 1-4 классов». Цель программы формировать основные понятия о здоровом образе жизни у детей и школьников младших классов, что способствует раннему формированию валеологической грамотности. В ней предоставлен учебный план, программа дисциплин, а также методические рекомендации по организации и проведению урока валеологии на каждом возрастном этапе.

Содержание программы состоит из 6 модулей:

1. Валеология как наука о здоровье человека;
2. Организм здорового человека;
3. Валеология школьника;
4. Роль режима дня для здоровья;
5. Спорт и здоровье человека;
6. Валеология семьи.

Наша опытно-педагогическая работа убеждает, что для лучшего усвоения материала по валеологии в младших классах необходимо широко использовать «Деловые игры», социологические исследования, тестирование (на психологическое совмещение), тренинговые упражнения, анализ семейных ситуаций, рубрика «Знаете ли вы?». В процессе изучения этого модуля осуществлялось реализация имеющихся валеологических знаний учащихся младших классов. В ходе опытно-экспериментальной работы, мы выделили алгоритм формирования валеологической грамотности у учащихся младших классов. Алгоритм формирования валеологической грамотности у учащихся младших классов, как показывает экспериментальная работа, позволяет уже на этом уровне систематично и целенаправленно организовать валеологическое образование в младших классах. А также осуществлять мониторинг формирования валеологических знаний у младших школьников. Он наглядно указывает на приемы совершенствования педагогического процесса и повышения уровня валеологической грамотности даже у слабых учеников.

Считаем необходимым, отметить, что усвоено учащимися младших классов валеологических знаний, не может протекать успешно только помощью какого-то одного приема. Сочетание разнообразных методов исследования – индивидуальные беседы, наблюдения и анализ уроков, контрольных работ, использование теста незаконченных предложений и других, позволяет охарактеризовать, объективно оценить процесс усвоения валеологических знаний учащимися. Исследование показали, что эффективное решение задач валеологического образования в школах может осуществляться в раннем возрасте, когда происходит становление мировоззрение младшего школьника, формируются личностные качества, потребности, установки, отношения, ориентация на ценности, нормы и принципы ведения здорового образа жизни. Велика роль педагогов, которые должны взять на себя инициативу и ответственность за формирование валеологической грамотности каждого ученика младшего класса. Задать ему «моду» на здоровье и культ здорового образа жизни. От профессионализма учителей и их валеологической компетентности в первую очередь зависит качество, как преподавания, так и здоровья детей. Мы считаем, что центральное и ведущее место при формировании валеологической грамотности принадлежит учебной деятельности, а следовательно и самому процессу обучения. И в этом огромную роль играют учителя.

**Список использованных источников**


1. Ананьев Б.Г. Человек как предмет познания. – Л., Издательство ЛГУ, 1968. С.47-50.
2. Богданов Г.П. Школьникам – здоровый образ жизни. – М.: Физкультура и спорт, 1989. 189с.
3. Вайнер Э.Н. Валеология: Учебник для вузов. 2-е издание, исправлено. – М.: Флинта, 2002. 416с.

4. Зайцев Г.К. Уроки Айболита. Расти здоровыми. – С-Пб.: Союз, 2000. 40с.
5. Ильина Т.А. Педагогика: Курс лекций. – М.: Просвещение, 1984. 495с.

* * *

**УДК: 37.091.31**

## МУГАЛИМДИН КЕБИ ЖАНА АНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕССТЕГИ РОЛУ

***Абдураимова З.С.- п.и.к., ОшМУнун доценти***

***Аннотация:*** *Макалада мугалимдин кеби жана анын педагогикалык процесстеги ролу чагылдырылды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мугалимдин кеби, педагогикалык процесс, мамлекеттик тил, эне тил.*

## РЕЧЬ УЧИТЕЛЯ И ЕЕ РОЛЬ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ПРОЦЕССЕ

***Абдураимова З.С.-к.п.н., доцент ОшГУ***

***Аннотация:*** *В статье описывается история учителя и его роль в педагогическом процессе.*

***Ключевые слова:*** *речь учителя, педагогический процесс, государственный язык, родной язык.*

## THE TEACHER'S SPEECH AND ITS ROLE IN THE PEDAGOGICAL PROCESS

***Abduraimova Z. S. Docent of Osh State University***

***Abstract:*** *The article describes the teacher's story and his role in the pedagogical process.*

***Key words:*** *teacher's speech, pedagogical process, state language, mother tongue.*

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров 2022-жылы 21-ноябрында мугалимдерге кайрылуу жолдогон. Анда “Сиздер келечек ээлерине терең билим жана татыктуу тарбия берип, андан кийин түрдүү кесиптерге үйрөтүп, кыргыз жараны катары калыптанышына, кесипкөй адис болушуна, элин-жерин сүйгөн, ата-энесин урматтаган, улуттук маданияттын, нарк-насилин жана элдик көркөм мурастарын аздектеген адам болушуна түздөн-түз себепкер боло турган ары ардактуу, ары түйшүктүү кесипти тандап алгансыздар...

Кыргызстандын жаркын келечегине даңгыр жол салуу сиздердин колуңуздарда. Элибиздин өнүккөн Кыргызстанды көрүү насиби дагы сиздерден түздөн түз көз каранды” – баса белгилеген. [6.]

Коомдогу өнүгүүнүн ар бир этабында мугалимдин коом турмуштагы орду, ролу жана милдеттери түп тамырынан бери өзгөрүп турган. Мугалимдин коомдогу ээлеген орду жана коомдун ага жасаган мамилеси элдин идеялык, адеп-ахлактык жана руханий денгээлинин көрсөткүчү. Ар бир мугалим өзүнүн инсандык сапаттары менен балдарга үлгү болоорун эч качан эсинен чыгарбоосу керек. Көп жылдар бою мугалим болуп иштеп жүргөн жазуучу Гладков бул жөнүндө : «Мен билимге чаңкаган окуучу болуп жүргөнүмдө мугалим эжекем мага өтө эле бир шумдуктуудай жан көрүнөт эле. Мени өмүр бою санаа тарттырып койду. Мен дүйнөдө кыштактын үч уктаса да түшүнө кирбей турган шумдуктуу коздуктар бар экендигин сездим. Мен бизге чоң шаардан келген бул кызда, бизди апкаарытып, жан дүйнөбүздү козгогон кол жеткис ажайып сулуулук бар экендигине толук ишенип, түнү бою аны эсимен чыгара албай кыйналчу элем. Кээде өзүмдү токтото албай ал жаткан үйдү айланып басып, терезесине үңүлө тиктеп, ал үчүн өлүп кетууге даяр болчумун. Менин андагы жашоомун идеалы — өзүм да мугалимдик чоң бакытка жетип, эжекемдей болуп балдарга сүймөнчүктүү, жакшы жашоо эле» - деп жазган. [1.120]

Демек, жакшы мугалим окуучусунун жүрөгүндө түбөлүк из калтырат, анын жашап, иштөөсүнө демилге берет. Аны окуучусу эч качан унутпайт, ал жөнүндө өз балдарына да айтып берет. Мугалимдин ишинин жоопкерчилиги өтө күчтүү. Мугалим - жаш адамдын руханий дүйнөсүнүн зергери, коомдун ишенимдүү адамы, ага коом эң кымбат, эң баалуу нерсени - балдарды, үмүтүн, өз келечегин ишенип берет. Ошондуктан мугалимдин адеп-ахлагына, билимине, адистик чеберчилигине, кебине өтө жогорку талап коюлат.

Педагогикалык процессте мугалимдин кеби – негизги каражат болуп эсептелет. Ар бир мугалим өзүнүн ишмердүүлүгүндө сылык, таасирдүү, жугумдуу, маанилүү, элестүү, орду менен сүйлөө чеберчилигине ээ болууга тийиш.

Ошондой эле эне тилинде эркин сүйлөгөндө гана улуттун нарк-насилин окуучуларына жугумдуу жеткире алат. "Улуттун улут экендигин, кыргыздын кыргыз экендигин, билгизген негизги көрсөткүч – эне тил. Кыргыз тилибиз -улутубуздун жүрөгү. Кан тамырында жүгүрүп, көөдөндө согуп, турган эне тили - жүрөгү токтосо, улут улут катары жашоосун токтотот. Эне тилин жоготкон, унуткан адам- тирүү өлүк, маңкурт, экономикалык макулук " - деп жазат профессор С.Байгазиев. [2.290]. Ал эми белгилүү акын Б. Сарногоев "Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт"- деп таамай айткан. [10.14]. Ошондой эле Кыргыз эл акыны Э. Ибраев:

"Күчтүүбүз Ата журттун кучагында,
Калкымдын уюткулуу дили менен.
Биз элбиз, биз инсанбыз, биз улутбуз,
Ала-Тоолук кыргыздын тили менен!"- деп жазган. [7.17].

Жогорудагы айтылган пикирлерден, ыр саптарынан мамлекеттик тилди билүү, эне тилибизди сүйүү, урматтоо, ыйык тутуу, аяр мамиле жасоо эгемендүү республикабыздын ар бир атуулунун адептик жүрүм-турумунун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болушу зарыл деген бүтүм чыгарууга болот.

Ошондуктан, өз эне тилибизди өгөйлөбөй, нукура кыргыз тилинде сүйлөөгө жана сүйлөшүүгө аң-сезимдүү мамиле жасоого эбак эле мезгил жеткен... Бирок, чыныгы турмуштагы эне тилибизге жасаган мамилебизге, өзгөчө мугалимдин кебинин педагогикалык процессте окуучуларга тийгизген таасирине маани бербей жаткандыгыбыз өкүнүчтүү кеби жөнүндө сөз кылууда, аны төмөндөгүдөй аспектиде кароого туура келет. Биринчиси, мугалимдин сөз байлыгы б.а. кебинин адабий тилде болушу, укулуктуулугу. Ал эми экинчиси, окуучуга жасаган мамилеси.

Сөзүбүз куру болбосун үчүн күндөлүк турмуштан мисалдарды келтирели:

"Подоконниктеги зонтигинди вешалкага илип кой!", "Срочно доскадагыны көчүргүлө. А, то успейт этбей калабыз!", Дежурный, тряпканы суулап келип, досканы өчүр!" - дейт кыргыз тилден сабак берген эжеке.

Айрым мугалимдерибиздин кебинен сөз арасында кайталанган – так, анан, кийин, жанагы, демек, тиги, минтип, ооба, эметип, ошентип тариздеги сөздөрүн колдонуусу кейиштүү көрүнүш.

Мугалимдин балага жасаган мамилеси, анын мүнөзүнүн, кыял-жоругунун, иш-аракетинин өзгөрүүсүнө түздөн-түз таасир этээрин төмөндөгү кырдаалдардан байкоого болот.

"Мен Антон Семенович менен 1920-жылы 20-декабрда биринчи жолу жолугуштум. Мени түрмөнүн начальнигинин кабинетине алып келишти. Мурда бул кабинетке алып келүүдө катуу түрткүлөп алып келишчү. Мен ага капа болбойт элем, анын иши ушундай деп түшүнчүмүн. Эмнегедир бул жолу мени анча түрткүлөбөй эле алып келишти. Кабинетте чоочун адам бар экен.

Ал акырын мага жакын келип, сылык гана:

- Сенин атын Семен экендиги чынбы? – деп сурады.
- Чын.
- Эң жакшы. Сен экөөбүз бири-бирибизге жат эмес экенбиз. Мени Антон Семенович дешет.

Бул сөздөр ушунчалык сылык, жагымдуу айтылды.
Антон Семенович андан ары улап:
- Сен мени кечирип кой көгүчкөнүм, сени бул жерге мен үчүн чакыртышты. «Көгүчкөнүм» деген сөздү мен чет элдин сөзү катары кабыл алдым. Бул жерде буга чейин жалаң гана «бандит», «ууру» ж.б.у.с. сөздөр менен мага кайрылышчу. Кечирип койчу көгүчкөнүм деген сөздөр менин жүрөгүмдү элжиретип жиберди.
- Тынчыңды алгандыгым үчүн кечирип кой – деди.
- Эч нерсе эмес – дедим.
Антон Семенович:
- Мен өтө кызык иш уюштуруп жатам, ошол ишке сенин да катышууңу каалайт элем – деди.
Мен ушундай жакшы адамдын өтүнүчүнө макул болушум керек – деп ойлодум да
- Макулмун дедим.
Ал:
- Ырахмат, эң жакшы, эгерде буюмдарың болсо, алгын да мени менен жүргүн деди.
Мен башым менен курсагымды көрсөтүп:
- Менин буюмдарым өзүмдүн жанымда, болгону эки бош чемоданым бар дедим.
- Анда жакшы экен. Начальник менен коштош кеттик – деди.
Мен түрмөдөн биротоло кетип жатканыма ишене бербей, бутум менен болбогон кыймылдарды жасап:
- Көрүшкөнчө – дедим.
Антон Семенович:
Чындап эле сенин жогорку чемоданың бош экен. Кайрадан бул жерге келгиң барбы? - деди.
- Жок, жок!
Шашкалактап «жакшы калыңыз!» - деп жибердим.
Ошентип түрмө менен түбөлүккө коштоштум… Түрмөнүн начальнигинин столунун үстүндө менин калың өздүк делом тураар эле. Ал мага: «Фамилияң ким?» - деп корс кыйкырчу. Макаренко деле ошентип кайрылса болмок. Бирок эч кандай кыйкырыксыз эле мени «жакшы бала» болууга «Оңолууга» милдеттендирип койду. (С.Г. Калабиндин эскерүүсүнөн). [8. 415.].
Көрдүңүзбү, кыргыз "Түшүнсүн десең шыбырап айт, уксун десең кыйкырып айт" –деп бекер айтпаптыр. Эми экинчи жагдайга саресеп салып көрөлү. "Ошол 60-жылдары жетимдерге жардам катары кийим-кечени республиканын бардык мектептерине тараткан. Биз чындап жетим экенибизди ошондо билгенбиз… А дегенде тоголок жетимдерге берилет. Тоголок жетимдер барбы? – деп класс жетекчибизге кайрылды.

- Дүйшеев барсыңбы? Келегой, муну сага өкмөт берип жатат, - деди.

Таяк менен башка чапкандай дендароо боло түшүп, эмне кыларымды билбей турдум. Жаным айлангөчөк атып, ичим сапырылып кетти.

Кереги жок! Албайм! Албайм! Мен деген жетим эмесмин! Менин энем бар! – деп, өз үнүмө өзүм буулугуп, ызаама батпай, китеп баштыгымды да албастан класстан атып чыктым. Үйгө кантип жеткенимди билбейм. Эч кимге көрүнбөй, эч кимге угузбай, көмкөрөмдөн жатып алып, буркурап ыйладым. Ошол убакта мектепти, класс жетекчимди, деректир агайды экинчи көрөйүн деген көзүм жок эле. Бардык балдардын көз алдында бүт айылга айыбымды ачып салгансып, өзүмдү дүйнөдөгү эң эле таалайсыз, бактысыз сезип, белгисиз бир жактарга, эч ким тааныбаган, эч ким билбеген, мени эч ким жетим дебеген жактарга кетким келди. Менин бул абалымды ошол учурда бир да тирүү жан түшүндүрүп бере алмак эмес."- деп жазат белгилүү акын Ш.Дүйшеев. [5.54]

Ошондой эле профессор, жазуучу Сулайман Рысбаев *Адамдын бактысы – жакшы мугалимден жакшы насаат угуп, жакшы тарбия алгандыгында* деген макаласында төмөндөгүчө баяндайт: "Адамдын адам экендигинин бир белгиси – анын сүйлөй алгандыгы, оозунда сөзү, башында ою, жүрөгүндө сезими бар экендиги. Ошентсе да, сүйлөп жатканы эле болбосо, бардык адам эле сөз биле бербейт. Сөз билген адам анын ички маани-маңызын, поэтикасын, тышкы музыкасын сезет, туят. Сөз билген адам сүйлөсө – ал ырдап тургансыйт!

Сөз, адамдын ички жигерин аныктап билгизет. Сөз билген, анын баасын, күчүн туйган адам таасын, так сүйлөйт, тандап, таап, акырын айтат. Өз учурунда гана айтат. Ага ошол акырын айткан бир ооз сөзү жетиштүү болот. «Сөз билген адам таап сүйлөйт, билбеген адам каап сүйлөйт» деген ошо.

Бул сапат – адегенде мугалимге тиешелүү болуусу керек. Анткени мугалимдин иши да - сөз, куралы да – сөз. Мугалим диплому менен гана эмес, сөзү менен мугалим. Ал сөз менен илим менен билимдин жолун көрсөтөт, тарбия менен таалимдин мунарасын курат, сөз менен адам деген улуу затты калыптандырат! Мугалим сөз менен адамдын тагдырын курат, ошон үчүн мугалим — адам тагдырынын куруучусу.

Сөз – мугалимдин маданияты, сөз — мугалимдин автопортрети” [9].

Жогорудагы жагдайлардан мугалимдин кебинин салмагы, даамы, жыты, табы (жылуу, суук) баланын назик жүрөгүнө кандай таасир эткендигин айтпасак да, белгилүү.

Балага өзгөчө гумандуу мамиле жасоо керектигин “Тарбиячы өкүмдар же төрө эмес, ат таптаган саяпкер, куш таптаган мүнүшкөр”– деп жазат педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Б.Бекбоев [3.28 ]

Тактап айтканда, балага аяр мамиле жасоо сизге ачууланууга, кыйкырууга, баланы жазалоого жол бербейт. Андай жол менен сиз ийгиликке жетише албайсыз. Болгону баланы коркутасыз, капа кыласыз, өзүңүздү балага жек көрсөтүп аласыз. “Баланын шагын сындыргандан өткөн наадан жок,” – деп айткан этнопедагог Г.П.Волков [4.167].

Профессор Сулайман Рысбаевдин пикирине таянып жыйынтыктай турган болсок: “Кокус коом ооруса, ал оору адегенде мектепке жугат. Аны мугалим гана дарылап айыктырат. Демек, коом мугалимге карап түздөнөт, мугалимдин сөзүнөн оңолот, ооруса айыгат. Демек, коомдун дарыгери — Мугалим! Коомду саясатчылар эмес, мугалимдер сактайт! Ошол үчүн ал адам – МУГ+ ААЛЫМ! [9].

Демек, мугалимдин кебинин тазалыгы, байлыгы, көркөмдүүлүгү, орундуулугу, адеби, эмоционалдуулугу, чечен сөздүүлүгү, тактыгы, түшүнүктүүлүгү, логикалуулугу, ырааттуулугу, таасирдүүлүгү, образдуулугу, кыраатуулугу, поэтикалуулугу, элестүүлүгү, коoздугу, сылыктыгы педагогикалык процессте өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан, сүйлөгөн сөзүбүз, айткан кебибиз күндөлүк баарлашууда кыргыз адабий тилинин талабын сактап, аны туура колдонсок – бул биздин руханий маданиятыбыздын түздөн-түз көрсөткүчү болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Апышев Б., Бабаев Д.,Жоробеков Д.- Бишкек, 2002
2. Байгазиев С. Педагогикалык руханият. – Бишкек, 2007
3. Бекбоев И.Б. Таалим-тарбиянын сегиз ачкычы // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2008. – №2.
4. ВолковГ.П. Созвездия земли. – Чебоксары,1979.
5. Дүйшеев Ш. Агындылар. -Б: ”Учкун” 2013.
6. Ибраев Э. Тандалмалар: Ырлар жана поэмалар. – Б.: 2008.
7. Макаренко А.С. О воспитании. // Сост. и автор вступит. статьи В.С.Хельмендик. – М.: Политиздат, 1990.
8. Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. – Ф., 1996.


* * *

**УДК 342.813**

# «ОКУУ», «ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ ЖАНА ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ЭТАПТАРЫ

***Абдухамидова Б.А. - п.и.к., доцент, И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы М.Рахимова атындагы ПКЖ жана КД институтуту***

***Аннотация**: Макалада адабияттын коомдогу ролу жана орду, окуучунун окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү, окурмандык ой жүгүртүүсүн калыптандыруудагы, сезимин байытуудагы, кебин өстүрүүдөгү, эсте тутумун жогорулатуудагы ж.б. кызматы белгиленет.*

*«Окуу», «окурмандык ишмердүүлүк», окурмандык ишмердүүлүктүн компоненттери, өнүгүү этаптары (текстти окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин) окурмандык маданияттын байланышы тууралуу сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:** сөз өнөрү, адабият, окуу, окуу көндүмдөрү, окуу ишмердүүлүгү, окурмандык ишмердүүлүк, окурмандык маданият, сөз байлыгы, адабий образдар, аң-сезимдүү окуу, көркөм окуу, окуу ылдамдыгы*

# ТЕОРИТЕЧЕСКИЕ КОНЦЕПЦИИ ПОНЯТИЙ “ЧТЕНИЕ”, “ЧИТАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ” И ЭТАПЫ ЧИТАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

***Абдухамидова Б.А. - к.п.н., доцент, ИПК и ПК имени М.Рахимова при КГУ имени И.Арабаева***

***Аннотация:** В статье рассматривается роль и место литературы в обществе, роль литературы в развитии читательских навыков, формировании читательского мышления, обогащении чувств, воспитании настроения, улучшении памяти и т. д.Б. услуги устанавливаются.*

*«Чтение», "читательская деятельность", компоненты читательской деятельности и этапы ее развития (до, во время и после чтения текста) говорят о взаимосвязи читательской культуры.*

***Ключевые слова:** Искусство слова, литература, чтение, навыки чтения, учебная деятельность, читательская деятельность, культура чтения, словарный запас, литературные образы, сознательное чтение, художественное чтение, скорость чтения*

# THEORETICAL CONCEPTS OF THE CONCEPTS “READING”, “READING ACTIVITY” AND STAGES OF READING ACTIVITY

***B.A. Abdukhamidova - candidate of pedagogical sciences, associate professor, IPK and PC named after M. Rakhimov at KSU named after I. Arabaev***

***Abstract:** The article examines the role and place of literature in society, the role of literature in the development of reading skills, the formation of reading thinking, enriching feelings, fostering mood, improving memory, etc.*

*"Reading", "reading activity", the components of reading activity and the stages of its development (before, during and after reading the text) speak about the relationship of reading culture.*

***Keywords:** Word art, literature, reading, reading skills, educational activity, reading activity, reading culture, vocabulary, literary images, conscious reading, artistic reading, reading speed*

Кыргыз эли байыртадан сөз өнөрүн бийик тутуп, «Манас» сыяктуу дүйнөдө теңдешсиз улуу дастандарды, баа жеткис мазмундуу накыл кептерди жаратып, ошого жараша улам кийинки муундарын тарбиялап-өстүрүп келишкен. Бүгүнкү эгемендик кезинде мына ошол элдик сөз

өнөрүн мектеп окуучуларына жеткирүү, алардын рухий дүйнөсүн мыкты адабий образдар менен байытуу, кебин өстүрүү, сүйлөө маданияты менен жазуу сабаттуулугун жаштайынан тарта бекемдөө сыяктуу маанилүү милдеттер күн тартибине коюлууда.

Башталгыч класстарда окуучулардын көркөм чыгармага, сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун түптөөгө арналган бирден-бир окуу предмети «Адабий окуу», ал эми окуучулардын адабий билимин түптөө, окурмандык ишмердүүлүккө багыттоо, эне тилинде кебин өстүрүү, сөздүк корун көбөйтүү менен жазуу-оозеки байланыштуу кеби менен кеп маданиятын өстүрүү, ошону менен бирге, көркөм ойлоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу адабий окуу предметин окутуунун максаты болуп саналат.

Көркөм адабият адамдын коомдогу ролун, орду көрсөтүп берет, ошону үчүн аны «адамтаануу» деп аташат, ал окурмандын ой жүгүртүүсүн калыптандырат, сезимин байытып, эсте тутуусун жогорулат.  Ошону үчүн адабиятты окутуу процессинде, класстан тышкаркы жана өз алдынча окууну уюштурууда, түрдүү иш-чараларды өткөрүүдө окуу иш- аракети, окурмандык ишмердүүлүк калыптанат, улам өркүндөйт.

Деги эле, окуу деген эмне? Окурмандык ишмердүүлүк деген эмне? Мына ушул суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп көрөлү.

**Окуу** – бул жазылган символдордун оозеки (сүйлөшүү) тилге которулушу.

**Окуу** – бул окурмандын өзүндө болгон билимдери, сунушталган тексттеги маалымат же окулган тексттин мазмуну аркылуу динамикалык өз ара байланышты жаратуучу маани-мазмун.

**Окуу** – бул жазма тексттин жаратуучу маани-мазмундук процесси.

**Окуу** – бул жазылган текстти кайсы бир максатка жетүү үчүн түшүнүү жана ой жүгүртүү.

**Окуу** – бул туура ойлонууга үйрөтүү.

**Окуу** – бул сөздүн көркөмдүүлүгүн, образдуулугун түшүнө билүү.

**Окуу** – бул окуучунун сүйлөө, айтуу, угуу, жазуу, окуп-түшүнүү компетенттүүлүктөрүнө ээ болуусу.

**Окуу** – бул окуучуну чыгармачылыкка шыктандыруунун жолу.


**Окуу** – бул текстти ичтен, же үн чыгарып так, туура окуй билүү, андагы мазмунду түшүнө да, талдай да, баалай да билүү.

Окууга жогорку психикалык функциялар катышат жана ал татаал когнитивдик процесс болуп эсептелет. Ал тыбыштарды туура айтып, тамгаларды туура таануу менен байланышкан фонетикалык да, окуган сөзүнүн маанисин чечмелей билген семантикалык да процесс.

**Окуу** – тилди үйрөнүүнүн, башкалар менен карым-катнашка чыгуунун, ойлорду жана маалыматтарды алуунун каражаты. Текст жазган автор жана окурман байланышы дал ушул окуу ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашат.

Демек, алдына койгон максаттарына жетүү үчүн текстти окуу менен адамзат ал ким же эмне жөнүндө экендигин түшүнүүсү керек жана алар тууралуу ой жүгүртүүсү зарыл. Түшүнүп, ой жүгүртө алган адам өз оюн, көз карашын да эркин айта алат, коомдо да өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алат.

Окуу көндүмдөрү аркылуу окуучу окурмандык ишмердүүлүккө ээ боло алат.




*Сүрөт 3.1. Окурманды калыптандыруу процессиндеги этаптар*

Бул сүрөттө чагылдырылгандай автордун (акын-жазуучунун) аракетинен (ишмердүүлүгүнөн) көркөм чыгарма жаратылат. Ошол чыгарма анын китепке киргизилет (окуу китеби, аудиокитеп болушу да мүмкүн). Кийинки процесс ошол китептеги автор жазган же айткан чыгарманы мугалим окуучуларга окуп жана талдап берип түшүндүрөт (интерпретациялайт), ошондон кийин окурман пайда болот. Демек, окурмандын пайда болушу, калыптанышы жогорудагыдай этаптар менен тыгыз байланыштуу, баары бири-бири менен карым-катышта турушу керек.

Айрым теоретиктердин «окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнө берген аныктамаларына көңүл буралы:

**Таблица 1.1. – «Окурмандык ишмердүүлүк» түшүнүгүнүн аныктамасы**

| | |
|---|---|
| К.Д.Ушинский, улуу орус педагогу | «Окурмандык ишмердүүлүк – окурмандын үлгүлүү чыгарманы түшүнүү жана аны сезүү» [7, 296-б.] |
| Н.А.Рубакин, Психолог | «Окурмандык ишмердүүлүк – бул инсандык өзгөчөлүк болуп, ал окурманда китепке болгон кызыгуулардын мотиви менен байланышкан билим, билгичтик, ык-машыгуулардын системасы болуп, ал аркылуу аз күч жана убакыт коромжу кылып, коомдук жана жеке кызыкчылыгы үчүн көп нерсеге жетишип алуу ишмердүүлүгү» [5, 240-б.] |
| Г.Наумчик | «Окурмандык ишмердүүлүк – бул окурмандын китепти билимдин жана маалыматтын булагы катары пайдалана билүү жөндөмдүүлүгү» [5, 240-б.] |
| О.Джежелей, Методист | «Окурмандык ишмердүүлүк – окууну «жан эмгеги» («труд души») деңгээлине жеткирүү каалоосу жана ишке ашыруусу, китепте окуп баштай электе эле ал тууралуу ой жүгүртүүсү, окуп бүткөн соң мазмунун кабыл алуу, окугандары боюнча пикир жаратуусу» [3] |
| С. Дорошенко | «Окурмандык ишмердүүлүк өз ичине окуу техникасын, окуганын уга билүүнү, кабыл алууну жана ошонун негизинде ой жүгүртүүнүн калыптануусун камтыйт» [5, 241-б.] |

Окурмандык ишмердүүлүккө берилген жогорудагы аныктамаларды [4] жыйынтыктап айтканда, төмөнкүдөй пикирге келдик:

- окурмандык ишмердүүлүк – адамдын көркөм чыгарманы окуу, аны түшүнүү, ошол түшүнгөнүнүн негизинде ой жүгүртүү ишмердүүлүгү болуп, ал ошол адамдын аң-сезимин, турмушту кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн жогорулат.
- окурмандык ишмердүүлүк – бул чыгармачылык процесс, ал дароо эле калыптанбайт, тынымсыз аракеттин, анын ичинде башка бирөөлөрдүн жардамына таянган аракеттин

натыйжасы.

- окурмандык ишмердүүлүк – бул баланын көркөм чыгармага кызыгып, аны окуп чыгып, мазмунун түшүнүү, талдап, баа берип, ой жүгүртүп, элестетип, салыштыра билүү иш-аракеттери.

Окуучу өз курагына, кызыгууларына жараша окуу программасына ылайык түзүлгөн окуу китебиндеги, класстан тышкаркы окуу үчүн хрестоматиядагы, өз алдынча окуу үчүн көркөм адабияттардагы тексттерди аң-сезимдүү окуп чыгып, аларды түшүнүп, талдап, баа берип, көркөм сөз каражаттарын түшүнүп, алган билимдерин турмушунда колдоно билүүгө жетишиши зарыл экендиги окурмандык ишмердүүлүктүн башкы талабы болот.




*Сүрөт 1.1. – Окурмандык ишмердүүлүктүн байланыштары*

Бул окурмандык ишмердүүлүктүн биринчи фазасы болсо, экинчи фазасы ориентирлөөчү-изилдөөчү (ориентировочно-исследовательская) этап болуп, окурман автордун ойлорун, идеяларын өздөштүрөт, үчүнчү этапта окулган тексттердеги маалыматтарды өз дили менен өткөрөт, б.а., аткаруучу-текшерүүчү (исполнительно-контрольная) фаза ишке ашат. Мына ушул үч фазасынын биримдиги, этап-этап менен жүрүп отурушу максатка ылайыктуу келет.

Окурмандык ишмердүүлүктүн этаптарын С.Л.Вальтгард төмөндөгүдөй көрсөтөт [4]:

**Таблица 1.2. – Окурмандык ишмердүүлүктүн этаптары**

| **Окурмандык ишмердүүлүктүн компененттери** | **Этаптары** | | |
|---|---|---|---|
| | ***окуганга чейин*** | ***окуу процессинде*** | ***окугандан кийин*** |
| Максаты | чыгарманын тематикасын, мүнөзүн, көлөмүн, бөтөнчөлүгүн болжолдоо | окуунун конкреттүү максатын алдыга коюу менен алдын ала болжолдоо боюнча чыгармага баа берүү. | бардык пайдалуу маалыматтарга ээ болуу үчүн чыгарманынын маанисин түшүнүү. |
| Окурмандык ишмердүүлүктүн каржаттары | сырткы көрсөткүчтөрү менен эле чыгарманынын мазмунун болжолдоо (тексттик жана тексттен тышкаркы маалыматтар: аталышы, майда темалары, кириш сөзү, мазмуну, | -эске түшүрүү;<br>- картыналарды калыбына келтирүү;<br>- анализ;<br>- кайра окуу;<br>- чыгармачылык интерпретация;<br>- көркөм сөздү (речти) кабылдоо);<br>- маанилик окуу | - жалпылоо<br>- баалоо;<br>- көрктүү окуу (выразительное чтение);<br>- чыгармачылык тапшырмалар;<br>- жаңы китептерге кайрылуу;<br>- долбоордук |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | иллюстрациялары). | (таанышуучулук, тандоо менен, үйрөнүүчү). | (проектная) ишмердүүлүк. |

Окуу ишмердүүлүгүнүн калыптангандыруунун этаптары [9, 15-б.]:

1. Кат тааный электе («Алиппеге» чейин) балдар бирөөлөрдүн окуп бергенин гана кабыл алып, өзүнүн окууга кызыгуусун, жогорудагы окуп берип аткан адамга окшоп окуй билишин пайда кылат.
2. Тамга таанып, тамганы тамгага кураштырууну үйрөнөт (а+т; а+к).
3. Сөздү муундап окууну үйрөтөт (А+та, ат+ка та+ка как).
4. Сөздү толук окуйт.
5. Кыска сүйлөмдү окуйт.
6. Окуганын түшүнөт.
7. Окуганын түшүндүрүп берет.
8. Окугандыгынын негизинде оюн айтат.
9. Өзүнө китептерди таап, окуй баштайт ж.б.

Окурмандык ишмердүүлүктүн калыптангандыгынын бир нече чен-өлчөмдөрү (критерийлери) бар экендигин көрөбүз. Алар:

- тамгаларды туура окуу;
- сөздү муунга туура бөлүп окуу;
- сөздү так окуу;
- сөздү туура окуу;
- сүйлөмдү так, туура окуу;
- текстти так, туура окуу;
- көрктүү окуу (выразительно читать);
- окуунун темпи, ылдамдыгы балдардын курагына ылайык келиши;
- окуганын түшүнүп, айтып бере алышы.

Жыйынтыктап айтканда, окурмандык ишмердүүлүктү төрт жактуу мүнөздөөгө болот:

1. Окуунун тууралыгы, тактыгы, б.а., тамгаларды, алардын муун түзүшүн, сөздөрдү, алардын муунга ажырашын билүү, эне тилдин орфоэпиялык эрежелерине ылайык окуганын ичтен так жана туура чыгарып, угузуу же ичтен окуу.
2. Окуунун аң-сезимдүүлүгү, б.а., текстте автор айткан маалыматтарды, фактыларды, цифраларды ошол айткан бойдон түз кабыл алуу, т.а., адекваттуу түшүнүү, башка бирөөнүн оюн ар түрдүү тилдик каражаттар менен туюнткан болсо да туура түшүнүү.
3. Окуунун көрктүүлүгү (выразительность), б.а., автор текстти кандай тон менен, интонациялык фон менен берсе, ошондой түшүнүү, каармандардын оюн, сезимдерин, эмоциясын максималдуу түрдө авторго жакын кабыл алуу.
4. Окуунун ылдамдыгы, текстти тез окуу үчүн тилдик бирдиктерди дароо түшүнүү, башка окурмандардан артта калбай тексттин аягына жетүү.

Л.Н.Толстой жаш чагында адамдын ичинен бирөөлөрдү жазса, башкалары окуйт дегендей оюн айткан. Мына ошол жазгандар аз санда болот да, окугандар көп болот, эгер окурмансыз калса адабият да, жазуучунун чыгармачылыгы да өнүкпөйт. Экөөнүн тыгыз байланышы ишке ашышы керек.

Жалпылап айтканда, адабий окуу сабагын, класстан тышкаркы окуу менен өз алдынча окууну өз максатына жетерлик деңгээлде уюштуруу аркылуу баланын окуу көндүмдөрүн жакшыртууда, окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө, оозеки/жазуу кебин өстүрүүдө практика мугалимден изденүүчүлүк менен иштөөнү жана педагогикалык чеберчиликти талап кылат. Ал эми окуу көндүмү, ой жүгүртүүсү, сынчыл көз карашы, сөз байлыгы өнүкпөгөн бала – окурман катары да өнүкпөгөн бала бойдон калары мугалимдин көңүл борборунда болууга тийиш.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Принт-Экспресс, 2013. (– Б.: Принтэкспресс, 2018-2020, – Б.: Глобал-принт, 2021). –180 б. https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/6/09e4dc830c6ac 1ff3492794187c303295f0a1e11.pdf
2. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 3-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014. (– Б.: Принтэкспресс, 2018-2020, – Б.: Глобал-принт, 2021). – 184 б. https://www.kitep.edu.gov.kg/ru/view/416
3. Джежелей, О.В. Чтение и литература. / О.В. Джежелей // Программно-методические материалы: Чтение. Начальная школа / Сост. Т.В.Игнатьева. - М.: Дрофа, 2000.
4. Квапиш А.В., Синебрюхова В.Л. Формирование опыта читательской деятельности у детей младшего школьного возраста. https://scienceforum.ru/2017/article/2017034160
5. Костромина, С.Н. Как преодолеть трудности а обучении чтению / С.Н.Костромина, Л.Г.Нагаева. – М.: Ось-89, 2006. – 240 с.
6. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Адабий окуу, 1-4-кл. [Текст] / Түз.: Рысбаев С.К. ж.б. ЮСАИД, «Сапаттуу билим» долбоору. – Б.:. – 2015-ж.
7. Программы для средней общеобразовательной школы. 1-2 классы. – К.: Початкова школа, 2002. – 296 с.
8. Рысбаев С. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 4-классы үчүн окуу китеби [Текст] / С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова. – Б.: 2015. – 168 б. https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/9/0f576f7cdd5c9e5166d21cd26c2cbe59757f97c0.pdf
9. Рысбаев С. Дилачар. 1-класс үчүн класстан тышкаркы окуу китеби [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: «Билим куту», 2007. – 15-б.

*        *        *

**УДК 37.013**

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК МАКАЛ ЛАКАПТАРДЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

***Абдывасиева Зырапа.- п.и.к., доцент Ош МПУ***
***Эргешова А.М.- э.и.к., улук окут.ОшМУ***
***Ош шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз фольклорунун бөлүгү болгон макал лакаптар жөнүндөгү ойлор, макал лакаптардын түрлөрү, турмуштагы, тарбия берүүдөгү мааниси көрсөтүлгөн. Макал лакаптар эмгекчилердин таанып билүү, интелектуалдык, өндүрүштүк, табигый адеп ахлактык, көп керектөөлөрүн жана муктаждыктарын канаатандырган тажрыйба жана эмпирикалык билимдердин негизинде келип чыгаары, ага мисалдар келтирилген. Макал лакаптар-кыска ритмикалык жактан чың уюшулуп, осуятчыл маанайда айтылган элдик ооз эки поэтикалык чыгармачылыктын жанры жана макал лакап этнопедагогикалык каражат сыяктуу анын маани мазмунун күчөткөн эсте бат калуучу поэтикалык жанр.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ооз эки чыгармалар, макал лакаптар, адеп ахлак, эмпирика, эпикалык, фольклор.*

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЕ ЗНАЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ ПОСЛОВИЦ

***Абдывасиева Зырапа.- к.п.н., доцент,ОшГПУ***
***Эргешова А.М. - к.э.н., ст. преп.ОшГУ***
***г. Ош, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *В данной статье представлены мысли о пословицах, являющихся частью кыргызского фольклора, о видах пословиц, их значении в жизни, воспитании.*

*Пословицы возникают на основе опыта и эмпирических знаний, удовлетворяющих познавательные, интеллектуальные, производственные, природные потребности и потребности трудящихся, на пословицы приведены примеры. Пословицы - жанр поэтического творчества, в котором короткая ритмически хорошо организованная, заповедная народная молва и пословица как этнопедагогическое средство усиливают ее смысловое содержание.*

***Ключевые слова:*** *устные произведения, пословицы, нрава, эмпирика, эпический, фольклор.*

## EDUCATIONAL MEANINGS OF KYRGYZ FOLK PROVERBS

***Abdyvasieva Zyrapa. - Ph.D., docent, Osh State Pedagogical University***
***Ergeshova A.M. - Ph.D. in Economics, St.Rev. Osh State University, Osh city, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *This article deals with the thoughts about kinds of proverbs which woos the piece of Kyrgys folklore, and the meaning of them in life and upbringing. Proverbs arise on the basis of experience and empirical knowledge that satisfy cognitive, intellectual, industrial, natural needs and the needs of workers, examples are also given for proverbs. Proverbs are a genre of poetic creativity in which a short rhythmically well-organized, reserved folk rumor and a proverb as an ethnopedagogic means enhance its semantic content.*

***Keywords:*** *oral works, proverbs, morals, empirics, epic, folklore.*

Элдик фольклор өзүнүн интелектуалдык, эстетикалык, этикалык баалулугу менен элдердин руханий керектөөлөрүн канаатандырып инсандагы өз улутуна болгон баалуу сыймыктуу сезимин калыпка салат. Ар кандай эл өзүнүн кайталангыс өзүнчө өзгөчөлөнгөн руханий маданиятына ээ. Өзүнүн түпкүлүктүү, кайталангыс төл маданиятынан ажыраган эл келечексиз жана алар өз алдынча улут катары жашоодон ажырап калаары айкын. Кыргыз фольклорунун эпикалык теги болгон кичине көлөмдөгү жанры макал лакаптарга токтололу. Макал лакаптар түз же кыйыр түрүндө айтылып, инсандын акыл эсин, билимин өстүрө турган маалымат берет да, инсандын жакшы инсан болуп калыптануусуна багыт берген, б.а. инсанга таалим тарбия берүүчү мааниси курч кыска көлөмдөгү элдик ооз эки чыгарма [6]. Чындыгында эле фольклористика илиминин көрүнүктүү теоретиги В.Е.Гусев «Эстетика фольклора» деген эмгегинде «макал лакаптар чындыгында эле эпикалык өзгөчөлүккө ээ, жөнөкөй баяндоочулук формага тиешелүү болуп, эл массасынын турмуштук тажрыйбасын социалдык тарыхый обьективдүүлүктү жыйынтыктап же чындыктын обьективдүү көрүнүшүн типтештирет» дейт. Ал эми «макал лакаптар – бул элибиздин турмуш тажрыйбасынын негизинде пайда болгон коом, жаратылыш жана адамдын бири-бирине мамилеси жөнүндөгү көз караштарды чагылдырган эл адабиятынын байыркы түрлөрүнүн бири» [5].

Чындыгында, макал лакаптар эмгекчилердин таанып билүү, интелектуалдык, өндүрүштүк, табигый адеп ахлактык, ж.б. ушулар сыяктуу көп керектөөлөрүн жана муктаждыктарын канаатандырган тажрыйба жана эмпирикалык билимдердин негизинде келип чыгат. Макал лакап ар бир элдин дүйнө тануучулук көз карашынын, тарыхый өсүп өнүгүү жолунан, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша болгон акыл эстин жыйындысы.

Макал лакап дайыма кеңеш берет, акыл үйрөтөт. Адеп ахлактык тарбия берүү, эскертүү, сындоо максатын көздөп, адамдын таанып билүү интелектуалын, өндүрүштүк, эстетикалык жана руханий муктаждыктарын канаатандырат. Макал лакаптарда айтылчу ой түздөн-түз, так, кыска, образдуу, афоризм менен айтылып, кандайдыр бир бүткөн ойду камтып турат. Мисалы, «Тоону ташты сел бузат, адамзатты сөз бузат.»,

«Акыл тозбос тон, билим түгөнбөс кен».

Макал лакаптын масштабы өтө кенен. Адам баласына тиешелүү болгон түрдүү сапаттар, ден соолук, акыл эс, илим, билим, мекен, жаратылыш, жан жаныбарлар, таптык маанидеги, жек жаак, тууганчылык башкача айтканда турмуштук категориялардын бардык аспектилерин камтыйт. Макал лакаптар эзелтеден бери тарбиялоо максатында педагогикалык каражат катары колдонулуп келет. Ал педагогикалык идеяны камтып үйрөтүүчүлүк таасири бар, адамдын мүнөзүнө баа берүү, инсанды калыптандырууда мааниге ээ болуучу оң жана терс мүнөздөргө баа берүүчү, тарбиялоого үндөөчү, адамзат өзүн тарбиялоочу жана кайра тарбиялоочу функцияга ээ болуучу тарбиялык таасирге ээ. Макал лакаптар бүт эл тарабынан жаралып жалпы элдин ой пикирин туюнтат. Аларда элдин турмушка болгон баасы, байкоосу жана турмуштук тажрыйбалары камтылган. Эгер макал лакаптар жеке адам тарабынан түзүлүп, ал көпчүлүктүн оюн туюнта албаса, анда ал элдик боло албай калмак [1].

Макал лакаптар-кыска ритмикалык жактан чың уюшулуп, осуятчыл маанайда айтылган элдик ооз эки поэтикалык чыгармачылыктын жанры [4]. Макал лакап этнопедагогикалык каражат сыяктуу анын маани мазмунун күчөткөн эсте бат калуучу түргө ээ жана ал эсте жакшы сакталат. Макал лакаптын максаты дайыма тарбиялоо болгон, алар эмпирикалык билим жана тажрыйбалар болуп педагогикалык каражат катары каралат жана колдонулат. Макал лакап өзүнүн сериясы жагынан алганда кыска көлөмдө болгону менен алардын ар биринде эпикага мүнөздүү болгон окуялар, сюжеттер, образдар мүнөздүү келип алардын табиятында тажрыйбалар жатат. Кыргыз элиндеги макал лакаптар турмуштук тажрыйбалардан жаралып өзүнчө ой толгоолорду пайда кылат жана *философиялык корутундуну* берет. Жогорку ойлорго карата төмөндөгүдөй макал лакаптарды келтирүүгө болот: «Абийир тапса баласы, атасына бак конот», «Адамдын көркү-адилеттүүлүктө, жигиттин көркү-адептүүлүктө», «Адам кааласа таштан суу, такырдан гүл чыгарат», «Адашкандын айыбы жок-кайтып үйүрүн тапкан соң, ачылгандын айыбы жок-өзү билип жапкан соң», «Кан жакшы болмоюн, калк жакшы болбойт» ж.б. Ар бир сүйлөмдү карабайлы кандайдыр бир турмуштук тажрыйба, андан мани мазмуну күчтүү ой толгоо жыйынтыктардын келип чыкандыгын көрүүгө болот.

Үй бүлө куруп, турмуш жолун баштагандан кийин балалуу болуп, анны чоңойтуу, эрезеге жеткирүү, тарбиялоо адам баласындагы негизги жоопкерчиликтүү милдет. Адамдын жашоосу бала менен тыгыз байланышкан. Бала-бул өмүр, сенин жашооң, уландың жана жашоо уюткуң.

Бардык эле элдердин наристеге жасала турган ырым-жырымы, камкордугу, салт-санаалары, ишенимдеринин көп кырдуулугуэмпирикалык билимдердин жана тажрыйбалардын натыйжалары болоору айкын. «Балалуу үй-күлкүнүн куту, баласыз үй кубанычтын жуту», «Балалуу үйдө сыр жок, оорулуу үйдө ыр жок», «Балалуунун багы бар, баласыздын жүрөгүндө муңу бар», деп баланын үй бүлөдөгү орду, мааниси көрсөтүлөт.

Академик Ч.Айтматов белгилегендей, макал лакаптар кыргыз элинде педагогика илиминин милдетин аткарып келет. Бирок элдин педагогикалык ойлору оозеки чыгармачылыктын бардык түрлөрүндө, бардык жанрларында, макал лакаптарда, жомоктордо, учкул сөздөрдө, табышмактарда, жаылмач, мифтерде, бардык эпостордо кеири чагылдырылып, бекем сакталып, иш жүзүндө колдонулуп келген [3]. Чындыгында эле, макал лакаптарда баланы тарбиялоо жана тарбиянын башталышы канчалык эрте болсо, ошончолук маанилүү деген так ой толгоолор да өтө мазмундуу айтылат. Алсак, «Бала тарбиясы жашынан, аял тарбиясы башынан», «Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр» деп макал лакапатарда жаш муундарга таалим тарбия берүү берилген. Балдарды тарбиялоодо ата эненин тарбиясы чоң мааниге ээ болоору көрсөтүлөт. Ата энелердин сөзү ата бабалардан калган акылмандык катары бааланат. Ага карата төмөндөгү макал лакаптарды мисалга келтирүүгө болот. «Баланын тентек болмогу үйүнөн, эрдин тентек болмогу бийинен», «Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу», «Бала

жакшысы-атанын даңкы, кыз жакшысы-эненин даңкы» «Балаң жакшы болсо өргө чыгарат, балаң жаман болсо, көргө тыгат» ж.б.

Эмгекти сүйүүгө тарбиялоо макал лакаптардагы негизги идея. Эмгектин сарпталыш мүнөзүнө, сапатына ылайык адамдын өмүрү, жашоосу, жүрүш турушу, турмуш тиричилиги, карым катнашы аныкталат. Бардык эле элдерде тарбиялоонун негизги милдети кандайдыр бир жанрда чагылдырылган эмгекке тарбиялоо болуп саналат. Элдердин тарыхый, педагогикалык тажрыйбалары жана эмпирикалык билимдери эмгек-инсандын дене, акыл жана адеп ахлактык жактан өсүүсүнүн эң негизги шарты болоорун көрсөтөт. Кыргыз элинде илгертеден айтып келинген «Адамды акылга бай кылган - эмгек, төрт күлүктү шай кылган эмгек», «Адамдын эмгектен улуу тиреги жок», - деп өтө бай мазмунда айтылгандай эмгек коом жана эл үчүн маанилүү болгон балдарды жана жаштарды эмгекке тарбиялоонун так, ачык ыкмасы жана каражаты экендигин көрүнүп турат.

Эмгекти моралдык фактор катары карап, эмгек адамга руханий жана моралдык канаттанууну алып келет деп, анын психологиялык маанисин көрсөтүүгө болот. Ага «Эмгек-үстү күлкү, күлкү арасы-өмүр», «Эмгексизге ырахат жок», «Эмгекти сүйбөгөн наадан,- эси жок адам», «Эмгекчинин-эмгеги байлык, билимдүүнүн – пикири байлык», «Эмгек эрдикке жеткирет, эрдик элдикке жеткирет» жана башка мисалдарды келтирүүгө болот.

Эмгекке тарбиялоо жөнүндө ойлордун ичинен биринчи орунда эмгектин тарбиялык мааниси турат. Эмгек процессинде адамдык сапат, эмгекти сүйүү, жоопкерчилик, милдеттүүлүк сезими сыяктуу моралдык сапаттар жаралат. Алсак, «Эр эмгегин жер жебейт», «Эмгек эрдин көркү, эр-элдин көркү», «Эмгек адамдык көркү», «Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу» [1] ж.б.мисалдарды алсак болот.

Эл эмгекке тарбиялоо маселелерин чечүү менен бирге балдарда эмгекке болгон сүйүүсүн чыңалткан, алардын аң сезимине эмгектенүүнүн канчалык даражада керектигин жана зарылдыгын жеткирген. Аларда башкалардын эмгегинин эсеби менен өздөрүнүн керектөөлөрүн канаатандыруучу терс кылык жоруктарга каршы көз караштарды пайда кылууга тарбиялайт.

Мислга, «Эгекти сүйбөгөн адам, эси жок наадан», «Акылың көп болуп, ачууң аз болсо, зор болосуң, душманың көп болуп, досуң аз болсо-кор болосуң»,

Эмгекти сүйүүгө тарбиялоо жөнүндө сөз болгондо, эл күч эмгегин гана эмес «Акылдуу бала эмгек, акылсыз бала тентек», «Акыл баштан чыгат, асыл – таштан чыгат», «Акыл – алтын, ой - күлүк», деп акыл эмгегин да алдыңкы орунга коёт.

Эмгекти сүйбөгөндөрдү б.а. эмгектене албагандарды мазактоо аркылуу эмгекке тарбиялоо маселелерин жетишээрлик даражада чечишкен. «Жалкоого шылтоо көп», «Алдамчыга жаза көп», «Жыгылган күрөшкө тойбойт», «Эмгексизге ыракат жок», «Эмгектүүнүн аты калат, эселектин даты калат» ж.б.

Кыргыз эли кылымдар бою сөз кадырын баалап, сөз күчүн билип келген эл болгон. Аларда мактоо сөзүнүн күчү менен инсандын золобосу көтөрүлүп, эл алдында кадыр барка ээ болгон, ал эми курч айтылган сөз менен адам жыгылган. «Акылдуу акылы менен жарат, акмак күчү менен жарат», «Акындын издегени ыр, акмактын издегени чыр», «Баатыр бир өлөт, коркок мин өлөт» жана «Аял жакшысы-ырысы мол, аял жаманы-кайгысы зор».

Макал лакап элдин даанышмандыгынын, орошон акылынын жыйындысы болгондуктан ал таанып билүүчүлүк мааниге ээ. Философиянын негизги элементи болгон макал лакаптар менен адамзатты мазмундуу өмүр сүрүүгө, туура жашоого тарбиялайт [2]. Элдин акылчысы, насаатчысы, нускалуусу, кеңешчиси болгон элдик педагогдор учкул сөздөрдү, акылман ойлорду, макал лакаптардын деңгээлинде колдонуп, өнүктүрүп өркүндөтүп, жаш муундарга таалим табия берүүдө негизги педагогикалык каражат катары акылды, адеп ахлакты, моралды, көркөм өнөрдү айкалыштырып элдик тарбиянын күчүн жана түбөлүктүүлүгүн сактап келген.

**Адабияттар:**


1. «Эл адабияты сериясы» макал лакаптар 10, Бишкек «Шам» 2001.
2. «Эл адабияты сериясы» Балдар фольклору 20, Бишкек «Шам» 2001.
3. Кар. кит. Антология пед.мысли в Киргизской ССР.М.Педагогика, 1988,5-б.
4. Кыргыз Сов. Энциклопедиясы 4-кит. Ф. 1979-ж.123-б.
5. Т.Танаев «Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар» Ош, 1998.
6. А.Акматалиева редак. Кыргыз адабияты «Мезгил ж-а тарых» 2010, Бишкек


* * *

**УДК: 330.832**

# ОКУУЧУЛАРДЫН МАТЕМАТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

***Аванова Жылдыз Авановна - п.и.к., доцент***
***Avanova121053@mail.ru***
***Бечелова Жаркынай Жолдошалиевна - магистрант, jarkynai.bechelova@gmail.com.***
***Б. Осмонов атындагы ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Макалада мектеп окуучуларынын математикалык маданияты түшүнүгүнүн илимий мүнөздөмөлөрү, функциялары жана компоненттеринин негизинде аны өнүктүрүүнүн шарттары аныкталган жана алардын ичинен окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу аркылуу математикалык маданиятты өнүктүрүүнүн жолдору, каражаттары белгиленген.*

***Ачкыч сөздөр:*** *окуучулар, математикалык маданият, мүнөздөмөлөр, көрсөткүчтөр, математикалык сүрөттөлүш, математикалык ой жүгүртүү маданияты, математикалык практика, математикалык маданияттын функциялары, акциологиялык, өнүктүрүүчү, топтоочу, жөнгө салуучу, компоненттер, шарттар, өз алдынча иштер, уюштуруу, типтер, түрлөр, формалар, ыкмалар, каражаттар.*

# НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ РАЗВИТИЯ МАТЕМАТИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ

***Аванова Жылдыз Авановна - кандидат наук, доцент, Avanova121053@mail.ru***
***Бечелова Жаркынай Жолдошалиевна– магистрант, jarkynai.bechelova@gmail.com.***
***ЖАГУ им. Б. Осмонова, г. Джалал-Абад, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *В статье определяются условия ее развития на основе научной характеристики, функций и компонентов понятия математической культуры школьников, среди которых определяются пути и средства развития математической культуры путем организации самостоятельной работы учащихся.*

***Ключевые слова:*** *студенты, математическая культура, характеристики, показатели, математический образ, культура математического мышления, математическая практика, функции математической культуры, аксиологические, развивающие, группирующие, нормативные, компоненты, условия, самостоятельная деятельность, организация, виды, формы, методы, средства.*

SCIENTIFIC AND METHODOLOGICAL CONDITIONS FOR THE DEVELOPMENT OF MATHEMATICAL CULTURE OF STUDENTS

***Avanova Zhyldyz Avanovna - Candidate of Sciences, Associate Professor, Avanova121053@mail.ru***
***Bechelova Zharkynai Zholdoshalievna - Master's student, jarkynai.bechelova@gmail.com.***
***JASU them. B. Osmonova, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic***

***Abstract:*** *The article defines the conditions for its development on the basis of the scientific characteristics, functions and components of the concept of mathematical culture of schoolchildren, among which the ways and means of developing mathematical culture are determined by organizing independent work of students.*

***Keywords:*** *students, mathematical culture, characteristics, indicators, mathematical image, culture of mathematical thinking, mathematical practice, functions of mathematical culture, axiological, developing, grouping, normative, components, conditions, independent activity, organization, types, types, forms, methods , funds.*

Акыркы он жылдыктарда, "билимдүү адам" деген сөз айкашы менен параллелдүү пайда болгон "маданияттуу адам" деген түшүнүк пайда болду. Бул концепция орус маданиятынын мурунку тарыхынан тышкары 20-кылымда П.А. Флоренский, М.М. Бахтин, А.Ф. Лосев, Ю.М. Лотман, В. Библер, С.С. Аверинцев жана башкалар тарабынан ачыктала баштаган. Батыш Европада белгилүү физик Э.Шредингер негиздүү түрдө: «Бардык табият илимдери жалпы адамзат маданияты менен байланышта жана бардык илимий ачылыштарды, атүгүл азыркы кездеги ачылыштарды да унутуу тенденциясы бар. Мына ошондуктан жаш адамдын калыптанышын анын жалпы жана математикалык маданиятынын калыптануу контекстинде кароо зарыл” – деп белгилейт [1].

Окуучунун математикалык маданияты төмөндөгү 3 нерседен көрүнөт [2]: Дүйнөнүн математикалык сүрөттөлүшү. Математикалык ой жүгүртүү маданияты. Математикалык практика.

Дүйнөнү негизги математикалык түшүнүктөр аркылуу сүрөттөө бул: аксиома, өлчөм, сан, чоңдук, теңдик, теңсиздик, барабардык, пропорция, окшоштук, симметрия, функция, дифференциал (туунду), интегралдык, геометриялык фигура, параметр, континуум ж.б. колдонуу. Математикалык ой жүгүртүү маданияты дегенибиз абстракттуу-логикалык, комбинатордук-ыктымалдык, мейкиндик-образдуу, ассоциативдик-пластикалык, белги-символикалык, интуитивдик-визуалдык ой-жүгүртө билүү. Практикалык-прикладдык маданият деп: долбоорлоо-изилдөө, чыгармачыл-эвристикалык, объектти өлчөө, объекттин моделин түзүү, параметрлерди долбоорлоо, компьютердик моделдөө, изилдөө эксперименти, профилдик окутууларды түшүнөбүз.

Жөнөкөй тил менен айтканда математикалык маданияттуулук - бул мисалы, математикалык түшүнүктөрдү туура колдонуу, адамдар менен баарлашуу үчүн математикалык тилди өздөштүрүү, бизди курчап турган дүйнөнү түшүнүү жана сүрөттөө, математикалык түшүнүктөрдүн формалдуу мазмунун прикладдык мисалдар менен ачып бере билүү, чыныгы дүйнөнүн кубулуштарын моделдөөдө математикалык түшүнүктөрдү туура колдонуу, математикалык түшүнүктөрдү коомдо социалдашуу үчүн өздөштүрүү, маселелерди чечүүдө теорияны аң-сезимдүү колдоно билүү, математикалык жоболорду ар кандай математикалык тилдерде кайра түзө билүү ж.б. деп түшүнүү керек. Албетте, математикалык маданияттын жетиштүү децгээлде калыптанышы үчүн математиканын башка илимдер (физика, биология ж. б.) менен байланышта кароо зарыл. Бул окуучуларга ар кандай кырдаалдарды сүрөттөөдө математикалык тилди колдонуу маданиятын жакшыртууга жардам берет.

Жалпы эле маданият түшүнүгүнүн илимий негиздерин карап чыгуу аркылуу анын мааниси көп кырдуу экендигин байкайбыз. Илимде “маданият” түшүнүгүнүн 200дөн ашык аныктамалары бар экендиги белгилүү.

Илимий адабияттарды талдоолор көрсөткөндөй окуучулардын математикалык маданиятын өнүктүрүү маселесинде эң оболу концептуалдык аппарат иштелип чыккан эмес, атап айтканда: жалпысынан математикалык маданияттын жана анын ичинде окуучулардын математикалык маданиятынын бирдиктүү интерпретациясы жок, мектеп окуучусунун математикалык маданиятынын структурасы ачыктала элек; экинчиден, мектеп окуучусунун математикалык маданиятынын өнүгүүсүнүн анын жалпы өнүгүшүндөгү ролу жетишээрлик деңгээлде чагылдырылбаган; үчүнчүдөн, окуучулардын математикалык маданиятынын деңгээлин аныктоочу каражаттар иштелип чыккан эмес. Ошондуктан орто мектепте математика сабагын окутууда окуучулардын математикалык маданиятын өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, каражаттарын аныктоо маселесин изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Мектеп окуучуларында математикалык маданиятты өстүрүүнүн методикалык шарттарын аныктоодо матматикалык маданияттын функцияларын белгилеп алуу зарыл деп эсептейбиз.

[3] адабията төмөнкү функциялар көрсөтүлгөн: аксиологиялык, өнүктүрүүчү, топтоочу жана жөнгө салуучу. Буларга кыскача токтолуп өтөлү,

а) аксиологиялык функциясы окуучуга келип жаткан информацияны сын көз караштa түшүнүүсүнө, бул маалыматты андан ары билим алуу ишмердигинде колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзүү;

б) өнүктүрүүчү функциясы ишмердүүлүктүн жаңы ыкмаларынын пайда болушун, окуучунун инсанды өнүктүрүүдөгү математиканын ролун аңдап түшүнүүсүн камсыздоо;

в) топтоочу функциясы билим, билгичтик жана көндүмдөрдү топтоого, окуучунун бардык акыл – эс потенциалын инсандык өнүгүү үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берүү;

г) жөнгө салуучу функциясы жаңы ыкмаларды өздөштүрүүдөн б.а. адамга «уста» позициясынан «жаратуучу» позициясына өтүүгө мүмкүндүк берет. Мындай өтүүнүн ийгилиги жөнгө салуучу функция менен камсыз кылынат. Аны ишке ашыруу процесстин жүрүшүнө, анын натыйжаларына, ошондой эле колдонулган куралдарды (методдор, ыкмалар, инструменттер) тандоо менен байланышта каралат.

Бул функциялар тыгыз биримдикте ишке ашырылып, бири-бирин толуктап турганын белгилей кетүү керек.

Жогоруда белгиленген математикалык маданият түшүнүгүн жана анын аткарган функцияларын изилдөөнүн негизинде мектеп окуучуларынын математикалык маданиятын өнүктрүүнүн айрым шарттары катары (уюштуруучулук жана технологиялык жактан) төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

а), б) жана в) фунуцияларын натыйжалуу ишке ашырууга ыңгайлуу болгон окутуу формасы – бул “Окутуунун өз алдынча иштерин уюштуруу”, “Жекелештирип окутуу”, “Дифферецирлеп окутуу” , “Билимдерди системалаштырып окутуу” ж.б.;

б) жана г) фунуцияларын натыйжалуу ишке ашырууга ыңгайлуу болгон окутуу формасы – бул “Математиканы ишмердүүлүк мамиледе окутуу”, “Проблемалуу окутуу”, “Профильдик окутуу”, “Интерактивдүү окутуу” ж.б.

Биз төмөндө мектеп окуучуларынын математикалык маданиятын өнүктрүүнүн айрым шарттарынын ичинен “Окутуунун өз алдынча иштерди уюштуруу” формасын жана анын каражаттарын карайбыз. Деги эле окуучулардын өз алдынча иши деген эмне?

Психологдор жана практик мугалимдер окуучулардын окууда өз алдынча иштөөсү болмоюнча, терең үйрөнгөн билимди алуу дээрлик мүмкүн эмес экенин белгилешет. Окуучунун өз алдынча алган билими мугалим түшүндүрүп бергенден алган билимине караганда жакшыраак эсте калат.

Өз алдынча иштөө – окуунун активдүү ыкмасы болуп саналат. Математика сабагында өз алдынча иштөөнүн негизги белгилери болуп мугалимдин тапшырмасынын болушу,

окуучулардын өз алдынчалыгы, мугалимдин жетекчилиги, мугалимдин түздөн-түз катышуусуз тапшырманы аткаруу, окуучулардын активдүүлүгү жана аракети, тапшырманы аткаруу үчүн атайын убакыт болуп саналат, ал дайыма кандайдыр бир көрсөткүчтөр менен аяктайт жана натыйжага окуучу өз алдынча келүүгө аракет жасайт.

Өз алдынча иштөөнүн 4 түрү бар:

• үлгү боюнча;
• чыгармачыл;
• вариативдүү;
• кайра түзүү (реконструктивная).

Үлгү боюнча өз алдынча иштөө – билимдерди алгачкы жолу бекемдөөдө, маселени чечүүнүн планын түзүүдө, формулалар менен иштөөдө ж.б. колдонулат.

Чыгармачылык өз алдынча иш үйрөнүлгөн материалды бекемдөө үчүн,; тапшырмаларды, теңдемелерди, диаграммаларды, графиктерди түзүүдө; жаңы материалды үйрөнүп жатканда колдонулушу мүмкүн. Бул төмөнкүдөй маанилүү милдеттерди чечет: берилген маселени чечүүнүн планын түзө билүү, натыйжаны талдоо, табуу процессине кызыгуу, ийгиликтүү чечим менен байланышкан оң эмоцияларды жаратуу; долбоордук иштерге катышуу ж.б..

Вариативдүү өз алдынча иштерди көйгөйлөрдү ар кандай жолдор менен чечүүнү үйрөнүүдө, туюнтмалардын маанисин табуу, мисал-маселелерди ыңгайлуу жолдор менен чыгаруу, графиктерди өзгөртүп түзүү, түшүнүктөрдүн өз ара байланыштарын табуу жана аларды колдонуу менен маселени чыгаруунун оптималдуу жолдорун табуу максатында уюштурулат.

Реконструкциялоочу өз алдынча иштөөнүн өзгөчөлүгү – тапшырманын өзүндө эле чечимдин принциби сөзсүз түрдө баяндалат жана окуучу тапшырманын шарттарына жараша чечүү жолун табышы керек. Бул иштерди аткарууда окуучулар билимдерди системага келтирүүгө логикалык ой жүгүртүүдөгү өзгөрүүлөрдү байкашат. Алар чечимдин идеяларын конкреттүү иш-аракетке которууну үйрөнүшөт.

Бул типтеги өз алдынча ишти натыйжалуу уюштурууга максатка ылайыктуу түрдө тандалып алынган даярдоочу суроолордун жана тапшырмалардын системасы гана мүмкүндүк берет.

Коюлган максатка жараша окуучулардын математикалык маданиятын өнүктрүүдө “Окутуунун өз алдынча иштерди уюштуруу” формасынын бардык 4 түрү колдонулат.

Өз алдынча иштөөнүн ыкмалары катары төмөнкүлөр колдонулат: окуу китеби менен иштөө, алган билимдерин колдонуу үчүн таблицаларды толтуруу, графиктерди түзүү жана окуу, кроссворддорду түзүү жана чечүү, аныктамаларды, теоремаларды, аксиомаларды жаттоо үчүн маселелер, мисалдар, тесттик тапшырмалар, математикалык диктанттар менен иштөө ж.б. Андан сырткары инновациялык - педагогикалык технологиялар колдонулат. Алар: - оюн аракети; - жамааттык иш ыкмасы; - дискуссиялар, талкуулар, ой жүгүртүүлөр; - ишмердүүлүк мамиледе окутуунун технологиялары; - интерактивдүү окутуу жана компьтердик окутуу ж.б.

Математикалык маданияттын өнүгүшү деп анын жогорку деңгээлге өтүшүн түшүнөбүз. Математикалык маданияттын жогорку деңгээли – бул кээ бир математикалык фактыларды же методдорду билүү гана эмес, математикалык тилди өздөштүрүү гана эмес, биринчи кезекте булардын баарын өз убагында колдоно билүү болуп саналат.

Математикалык маданияттын структурасын изилдөө процессинде анын үч негизги компоненти аныкталды: графикалык, логикалык жана алгоритмдик, ошондой эле буларга компоненттердин элементтери болгон кээ бир көндүмдөрдү да киргизебиз. Математикалык маданияттын деңгээлин жогорулатуу үчүн тандалып алынган көндүмдөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү керек деген божомолдоону сунуштайбыз.

Ар кандай жөндөмдүн калыптанышы иш-аракетте пайда болот. Ал эми математиканы үйрөнүү процессиндеги эң табигый иш – бул математикалык маселелерди чечүү. Демек,

математикалык маданиятты өнүктүрүүнүн каражаты болуп атайын тандалган тапшырмалар эсептелет, аларды чечүү тандалып алынган көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө түзө тургандай берилүүгө тийиш. Ошондуктан бул тапшырмаларды киргизүү эффективдүү жана көп убакытты талап кылбашы үчүн, окутуу процессинде аларды колдонуунун белгилүү бир технологиясын иштеп чыгуу зарыл.

Ушундай максаттагы мисалдарды колдонуу технологиясы түзүүдө биз өз алдынча иштөөнүн түрлөрүн негиз кылып алууну сунуштайбыз. Үлгү боюнча өз алдынча иштөөгө карата тапшырма түзүүгө бир мисал келтирели (1-тапшырма, таблица-1), мында тапшырма математикалык түшүнүктөрдү касиеттери боюнча түрлөргө ажыратууга карата берилди, натыйжада окуучулар билимдерди бекемдөөгө жана логикалык ой-жүгүртүү, маалымат булактары менен иштөө ыкмаларын калыптандырууга мүмкүнчүлүк алышат.

1-тапшырма (Геометрия 7 класс). Таблицада берилген касиеттерге ээ болгон төрт бурчтукту тапкыла жана жоопторду белгилегиле.

| к/н | Түшүнүктүн касиети | ЖООПТОР |
|---|---|---|
| 1. | *Диагоналдары кесилишет жана кесилишкен чекитте тең экиге бөлүнөт* | |
| 2. | *Диагоналдары тик бурч боюнча кесилишет жана бурчтарынын биссектрисасы болуп эсептелет.* | |
| 3. | *Бардык бурчтары барабар болгон ... – бул тик бурчтук деп аталат* | |
| 4 | *Негизиндеги бурчтары барабар болгон төрт бурчтук – бул ... деп аталат* | |

Жооптор: А) квадрат, Б) тик бурчтук, В) ромб, Г) параллелограмм
Д) трапеция, Е) тең капталдуу трапеция

Мындай тапшырмаларды түзүүдө алардын ойлонтуучу, окшоштуктарды жана айрымачылыктарды талдоо, жалпылыкты табууга жана белгилүү бир корутундуга келүүгө шарт түзгөндөй мүнөздө болушун эске алуу зарыл.

Реконструкциялык-кайра түзүү максатындагы өз алдынча ишти уюштуруу аркылуу математикалык маданиятты өнүктүрүүгө карата тапшырма түзүүгө мисал келтиребиз (Алгебра 9 класс, 2-тапшырма, таблица – 2.). Мындай тапшырмалар аркылуу математикалык маданияттын структуралык компоненти катары белгиленген графикалык, логикалык жана алгоритмдик маданиятты өнүктүрүүгө шарт түзүлөт.

Тапшырма - 2. 2-*таблицада берилген шарттарга ылайык таблицаны толтургула жана барабарсыздыктардынын чечимдерин тапкыла:*

2-таблица

| $ax^2+вx+c>0$ Чечимдерин тапкыла | Д | ТАМЫРлар $x_1$ жана $x_2$, (жоопту алдын сызгыла) | ПАРАБОЛА (жооптун алдын сызгыла) | *Барабарсыздыктын чечими кайсы болот?(Жоопторду тандагыла)* |
|---|---|---|---|---|
| **1. $ax^2+вx+c>0$, $a<0$, барбарсыздыгын чыгаргыла** | $ax^2+вx+c=0$, тендемеси үчүн Д>0 | Эки ар башка чыныгы тамырларга ээ болобу? : $x_1$ жана $x_2$, ооба, жок | *$У = ax^2+вx+c$ парабола, ох огу менен канча чекитте кесилишет?* Бир, эки, жок | |
| **2. $ax^2+вx+c>0$, $a>0$, барбарсыздыгын чыгаргыла** | $ax^2+вx+c=0$, тендемеси үчүн Д>0 | Эки ар башка чыныгы тамырларга ээ болобу? : $x_1$ жана $x_2$ | *$У= ax^2+вx+c$ парабола, ох огу менен канча чекитте кесилишет?* | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | ооба, жок | Бир, эки, жок | |
| ***3. $ax^2+вx+c>0$, $a<0$, барбарсыздыгын чыгаргыла*** | *$ax^2+вx+c=0$,* тендемеси үчүн Д < 0 | | | |
| ***4. $ax^2+вx+c>0$, $a>0$, барбарсыздыгын чыгаргыла*** | *$ax^2+вx+c=0$,* тендемеси үчүн Д < 0 | | | |

Жооптор:
А) $(-\infty; x_1)$; Б) $(x_1; x_1)$; В) $(x_1 +\infty)$; Г) $(-\infty; x_1] \cup [x_1 +\infty)$.
Д) $(-\infty; +\infty)$ Е) Ø

**Корутунду**

1. Окуучулардын математикалык маданиятын өнүктүрүүгө байланышкан маселелердин методикалык адабияттарда иштелип чыкпагандыгы окуучулардын математикалык маданиятынын деңгээлин жогорулатуунун каражаты катары тапшырмалардын системасын иштеп чыгуу жана колдонуунун технологиясын түзүү зарылдыгын көрсөтөт.
2. Окуучунун математикалык маданиятынын жогорку деңгээлинин белгилеринин бири анын маселелерди чечүүнүн ар кандай жолдорун өздөштүрүү жана алардын ичинен конкреттүү бир маселе үчүн маанилүүсүн тандап алуу жөндөмдүүлүгү эсептелет.
3. Окуучулардын математикаык маданиятын өстүрүү өз алдынча иштөө процессинде ишке ашырылат жана мында ишмердүүлүктүн максатына жараша математикалык маданияттын айрым элементтерин калыптандырууга багытталган тапшырмалар, тапшырмалар жана мисалдардын системасы, өз алдынча иштин түрү тандалып алынат.

**Адабияттар:**


1. Schrödinger E. Кванттык механика боюнча тандалган эмгектер. М., 1976. С. 261.
2. Клепиков В.Н. Заманбап окуучуда ой жүгүртүү маданиятын калыптандыруу жөнүндө // Мектеп технологиялары. № 4. 2012.
3. Захарова Т. Г. Формирование математической культуры в условиях профессиональной подготовки студентов вуза: автореф. дис.. канд. пед. наук. — Саратов, 2005. — 24 с.
4. Снегурова В. И. Технология использования индивидуализированной системы задач как средство развития математической культуры учащихся (На примере изучения алгебры и начал анализа 10 класса) : Дис. ... канд. пед. наук : 13.00.02 : СПб., 1998 156 с. РГБ ОД, 61:99-13/704-
5. Снегурова В. И. Повышение уровня математической культуры учащихся - цель и средство индивидуализации обучения математике. // Теоретические и методические проблемы подготовки учителя в системе непрерывного образования (математика, информатика). Межвузовский сборник научных трудов, посвященный 200-летию РГПУ им. А.И.Герцена. - Мурманск, 1997.-с. 104-107.


* * *

**УДК 373.3+51**

# МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЛОГИКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ТЕКСТТИК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮ ЖОЛУ МЕНЕН ӨНҮКТҮРҮҮ

***Аданова Дарикан Арапбаевна - окутуучу***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ***
***Абдубекова Жумагүл Анашбековна - улук окутуучу***
***К.Ш.Токтомаматов атындаыгы ЭАУ***
***ЖалалАбад шаары, Кыргызстан***

***Аннотация:*** *Бул макалада башталгыч класста окуган окуучулаpгдын логикалык ой жүгүртүүсүн тексттик маселелерди чечүү канчалык деңгээлде өнүктүрүүсү каралган. Себеби бала мектеп босогосун аттаганда эле ущул маселе менен кезигет, жана ал анын жашоосунда да маанилүү роль ойнойт. Мында маселени чечүү логикалык ой жүгүртүүнүн, көңүл буруунун, эс тутумдун өнүгүшүнө, жана ошондой эле талдоо жана синтездөө, жалпылоо, абстракциялоо жана конкреттештирүүлүрдү, каралып жаткан кубулуштардын ортосундагы байланыштарды ачууга өбөлгө түзөт.*

***Түйүндү сөздөр:*** *анализ, синтез, абтракция, система, логика, теңдеме, кабыл алуу, графика, аналитика, салыштыруу, операция.*

# РАЗВИТИЕ ЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ У МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ, НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ, ПУТЕМ РЕШЕНИЯ ТЕКСТОВЫХ ЗАДАЧ

***Аданова Дарикан Арапбаевна - преподаватель***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова***
***Абдубекова Жумагуль Анашбековна - старший преподаватель МНУ К.Ш.Токтомаматов***
***г. ЖалалАбад, Кыргызстан***

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается, насколько решение текстовых задач развивает логическое мышление учащихся начальных классов. Это связано с тем, что ребенок сталкивается с такими задачами, как только поступает в школу, и она играет важную роль в его жизни. Здесь решение задач способствует развитию логического мышления, внимания, памяти, а также анализа и синтеза, обобщения, абстрагирования и конкретизации, обнаружению связей между рассматриваемыми явлениями.*

***Ключевые слова:*** *анализ, синтез, абстракция, система, логика, уравнение, восприятие, графика, аналитика, сравнение, операция*

# DEVELOPMENT OF LOGICAL THINKING IN PRIMARY SCHOOL PUPILS IN MATHEMATICS LESSONS BY SOLVING TEXT TASKS

***Adanova Darikan Arapbaevna - teacher***
***JASU named after B.Osmonov,***
***Abdubekova Zhumagul Anashbekovna - senior lecturer***
***International University named after K. Sh. Toktomamatov, Jalal-Abad town, Kyrgyzstan***

***Annotation:*** *This article deals with the solution of text tasks develops the logical thinking of primary school pupils. This is due to the fact that the child faces such tasks as soon as he enters school, and it plays an important role in his life. Here, task solving contributes to the development of logical thinking, attention, memory, as well as analysis and synthesis, generalization, abstraction and concretization, and the discovery of relationships between the phenomena under consideration.*

***Key words:*** *analysis, synthesis, abstraction, system, logic, equation, perception, graphics, analytics, comparison, operation.*

Математиканын баштапкы курсу албетте, туура максаттуу тандалган маселелер системасында ачылган, бала мектепте сабактардын алгачкы күндөрүнөн тартып маселе менен жолугушат. Бул системада тексттүү маселелери олуттуу орунду ээлегенин жана азыр ээлеп жатканын ар бир мугалим жакшы билет. Математикалык билим берүүдө маселе чыгаруу маанилүү роль ойнойт. Мектепте окуунун башталышынан аягына чейин математикалык маселе дайыма окуучуга туура математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууга, аны курчап турган турмуштагы мамилелердин ар түрдүү аспектилерин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет жана изилденип жаткан теориялык позицияларды колдонууга мүмкүндүк берет. Мында маселени чыгаруу логикалык ой жүгүртүүнүн, көңүл буруунун, эс тутумдун өнүгүшүнө, талдоо жана синтездөө, жалпылоо, абстракттуу жана конкреттештирүү, каралып жаткан кубулуштардын ортосундагы байланыштарды ачууга өбөлгө түзөт.

Маселелерди чыгара билүү – математикалык өнүгүү деңгээлинин, окуу материалын өздөштүрүүнүн тереңдетилген негизги көрсөткүчтөрүнүн бири. Тексттик тапшырманын өзгөчөлүктөрү аны чечүүдө ой жүгүртүү процессинин жүрүшүн аныктай алат. Математиканы негизинен маселелерди чыгарууну билген окуучулар жакшы көрүшөт. Демек, балдарды маселени чыгарууну үйрөтүү менен, алардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө чоң таасирин тийгизебиз. Алгачкы математикалык билимдер балдар тарабынан алардын түшүнүүсүнө ылайыкташтырылган белгилүү бир системада өздөштүрүлөт, мында айрым жоболор биринин артынан бири логикалык жактан байланышкан, бири-биринен ээрчишет. Математикалык билимди аң-сезимдүү өздөштүрүү менен окуучулар ой жүгүртүүнүн негизги операцияларын аларга жеткиликтүү формада колдонушат: анализ жана синтез, салыштыруу, абстракциялоо жана конкреттештирүү, жалпылоо; окуучулар индуктивдүү жыйынтык чыгарышат, дедуктивдүү ой жүгүртүүлөрдү жүргүзүшөт. Математикалык билимди окуучулардын аң-сезимдүү өздөштүрүүсү окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Психикалык операцияларды өздөштүрүү өз кезегинде окуучулардын жаңы билимдерди ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө жардам берет.

Жогорудагы фактыларга таянып жыйынтык чыгарсак – «Текстүү маселелерди чечүү аркылуу башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү».

Маселелерди чыгарууну математикалык билимди калыптандыруунун каражаты катары гана эмес, окуунун максаттарынын бири катары, башталгыч класстын окуучуларынын логикалык операцияларын өнүктүрүүнүн каражаты катары да кароо керек.

***1.1.Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүктөрү.***

Окуучулардын жакшы өнүгүшүнүн маанилүү көрсөткүчтөрү окуу-тарбия иштеринин бардык түрлөрүндөгү активдүүлүк жана өз алдынчалык болуп саналат. Башталгыч класстын окуучуларынын бул аракети эң маанилүү логикалык операцияларды өздөштүрүүсүз мүмкүн эместиги айдан ачык. Бул операциялардын компоненттеринин бири логикалык ой жүгүртүү.

Башталгыч мектеп жашынын башталышында баланын психикалык өнүгүүсү бир кыйла жогорку деңгээлге жетет. Бардык психикалык процесстер: кабыл алуу, эс тутум, ой жүгүртүү, элестетүү, сүйлөө - өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн. Баланын ар түрдүү иш-аракеттерин камсыз кылуучу ар кандай таанып билүү процесстери бири-биринен обочолонбогон, татаал системаны билдирет. Бул мамиле бала кезинде өзгөрүүсүз кала бербейт: ар кандай мезгилдерде процесстердин бири жалпы психикалык өнүгүү үчүн алдыңкы мааниге ээ болот. Ойлоо процесси канчалык деңгээлде кабылдоого, чагылдырууга же концепцияга негизделгенине жараша ой жүгүртүүнүн үч негизги түрү бар:

1. Предметтик-таасирдүүлүк (көрсөтмөлүү - таасирдүүлүк ).
2. Көрсөтмөлүү-образдуу
3. Абстракттуу (оозеки - логикалык ).

Предметтик-таасирдүү ой жүгүртүү - предмет менен практикалык, түздөн - түз иш-аракеттер менен байланышкан ой жүгүртүү; Көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүү-кабылдоого же

көрсөтүүгө таянган ой жүгүртүү ( кенже курактагы балдар үчүн мүнөздүү ), көрсөтмөлүү образдуу ой жүгүртүү түздөн-түз берилген, көрсөтмөлүү талаада маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет. Ой жүгүртүүнүн андан аркы өнүгүү жолу - оозеки - логикалык ой жүгүртүүгө өтүү-бул кабылдоого жана презентацияга мүнөздүү болгон түздөн-түз көрүнүүдөн ажыраган түшүнүктөр менен ойлонуу.

Ой жүгүртүүнүн бул жаңы түрүнө өтүү ой жүгүртүүнүн мазмунун өзгөртүү менен байланыштуу: эми бул визуалдык негизге ээ болгон жана объектилердин тышкы белгилерин чагылдырган конкреттүү өкүлчүлүктөр эмес, объектилердин жана кубулуштардын эң маанилүү касиеттерин жана алардын ортосундагы мамилелерди чагылдырган түшүнүктөр. Башталгыч мектеп курагындагы ой жүгүртүүнүн бул жаңы мазмунун алгачкы окуу ишинин мазмуну берет. Сөздүк-логикалык, концептуалдык ой жүгүртүү кичине мектеп курагында акырындап калыптанат. Бул курактын башталышында визуалдык-сүрөттүү ой жүгүртүү үстөмдүк кылат, демек, эгер мектепте окугандын алгачкы эки жылында балдар визуалдык үлгүлөр менен көп иштешсе, кийинки класстарда иштин бул түрүнүн көлөмү азаят. Студент окуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүп, илимий билимдердин негиздерин өздөштүргөн сайын, студент акырындык менен илимий түшүнүктөрдүн системасына байланып калат, анын психикалык операциялары конкреттүү практикалык иш-аракеттер менен же визуалдык колдоо менен байланышы азаят. Вербалдык-логикалык ой жүгүртүү окуучуга предметтердин визуалдык белгилерине эмес, ички, маанилүү касиеттерине жана мамилелерине көңүл буруп, маселелерди чечүүгө жана жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Окутуунун жүрүшүндө балдар психикалык иш-аракеттердин ыкмаларын өздөштүрүшөт, «акыл-эсте» аракеттенүү жөндөмүнө ээ болушат жана өздөрүнүн ой жүгүртүү процессин талдай алышат. Баланын логикалык жактан туура ой жүгүртүүсү калыптанат: ой жүгүртүүдө анализ, синтез, салыштыруу, классификация, жалпылоо операцияларын колдонот.

Мектепте окутуунун натыйжасында, тапшырмаларды үзгүлтүксүз аткаруу зарыл болгондо, башталгыс класстын окуучулары өз ойлорун башкара билүүгө, зарыл учурда ойлонууга үйрөнүшөт. Мында жыйынсыз  башкарылган ой жүгүртүүнүн калыптанышына мугалимдин сабакта балдарды ойлонууга түрткү берүүчү тапшырмалары көп жагынан шарт түзөт. Башталгыч мектепте баарлашууда балдардын аң-сезимдүү сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат. Себеби, класста маселелерди чечүүнүн жолдору талкууланат, ар кандай чечүү жолдору каралат, мугалим окуучулардан өз пикиринин тууралыгын негиздөө, айтып берүү, далилдеп берүүсүн дайыма суранат. Башталгыч класстын окуучусу системага дайыма ойлонуу, ар кандай пикирлерди салыштыруу жана тыянак чыгаруу керек болгондо кирет. Ошентип, башталгыч мектеп курагында психикалык өнүгүү жетишээрлик жогорку деңгээлге жетет, психологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, мындай жогорку дээңгээлдеги  ой жүгүртүү чоң өбөлгө түзөт. Демек, башталгыч мектеп курагындагы балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү зарылчылыгы өтө керек.

***1.2. Текстүү маселе түшүнүгү жана анын математиканын баштапкы курсундагы ролу*.**

Математика сабагында тексттик маселелерди чечүү чоң мааниге ээ. Маселени чечүү – ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Белгилүү менен белгисизди ажырата билүү, алардын ортосундагы байланыштарды орнотуу, бул байланыштарды тексттик маселенин конкреттүү тилинен математикалык байланыштардын жана көз карандылыктардын абсолюттук тилине которуу жөндөмүнүн негизинде окуучуларда ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүбүз керек.

Маселелерди чыгарууда студенттер жаңы математикалык билимдерге ээ болушат, практикалык иштерге даярданышат. Тапшырмалар логикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Студенттин инсанын тарбиялоодогу маселелерди чечүү чоң мааниге ээ. Демек, мугалим проблеманы, анын структурасын терең түшүнүп, мындай маселелерди ар кандай жолдор менен чече билиши маанилүү.

Тексттик тапшырма – бул жагдайдын кандайдыр бир компонентине сандык мүнөздөмө берүү, анын компоненттеринин ортосунда кандайдыр бир байланыштын бар же жок экендигин аныктоо же бул байланыштын түрүн аныктоо талабы менен табигый тилде

белгилүү бир жагдайды сүрөттөп берүү. Маселени чечүү- бир аз өзгөчөлөлөнгөн жумуш, тактап айтканда, акыл эмгеги. Ал эми кандайдыр бир ишти өздөштүрүү үчүн алгач кайсы материалдын үстүнөн иштөөгө туура келген материалды, бул иш аткарылуучу куралдарды жакшылап үйрөнүү керек. Ар бир тапшырма – бул шарттардын жана максаттардын биримдиги. Бул компоненттердин бири жок болсо, анда эч кандай маселе жок. Мындай биримдик менен маселенин текстин талдоо үчүн муну эске алуу абдан маанилүү. Бул маселенин шартын талдоо маселенин суроосу менен өз ара байланышта болушу керек дегенди билдирет жана тескерисинче, маселенин маселеси шарт менен багытталган талдоо керек. Аларды ажыратуу мүмкүн эмес, анткени алар бир бүтүн.

Математикалык маселе - бул кээ бир чоңдуктардын маанилери киргизилген жана ал маалыматтарга көз каранды болгон жана алар менен шартта көрсөтүлгөн белгилүү бир байланыштар менен байланышкан чоңдуктардын башка белгисиз маанилерин табууга тийиш болгон байланышкан кыска окуя.

Ар кандай тексттик тапшырма эки бөлүктөн турат: шарттар жана талаптар (суроо). Шарт объекттин маалыматтарын мүнөздөгөн объекттер жана кээ бир чоңдуктар жөнүндө, бул чоңдуктардын белгилүү жана белгисиз маанилери, алардын ортосундагы байланыштар жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Тапшырма талаптары эмнени табуу керектигинин көрсөткүчү. Ал буйрук же суроо сүйлөм менен берилиши мүмкүн («Үч бурчтуктун аянтын тап.» же «Төрт бурчтуктун аянты эмнеге барабар?»)

Текстүү маселелер жана аларды чечүү мектеп окуучуларын тарбиялоодо убакыт жагынан да, баланын психикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири боюнча да абдан маанилүү орунду ээлейт. Текстүү маселенин ролун жана анын окуучуга билим берүү жана тарбиялоодогу ордун түшүнүү менен мугалим маселени тандоого жана аны чечүүнүн ыкмаларын тандоого өтө жоопкерчилик менен жана берилген маселени чечүүдө окуучуга кандай жумуш бериши керектигин так билиши керек.

Текстүү маселелер жана аларды чечүү мектеп окуучуларын тарбиялоодо убакыт жагынан да, баланын психикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири боюнча да абдан маанилүү орунду ээлейт. Текстүү маселенин ролун жана анын окуучуга билим берүү жана тарбиялоодогу ордун түшүнүү менен мугалим маселени тандоого жана аны чечүүнүн ыкмаларын тандоого өтө жоопкерчилик менен жана берилген маселени чечүүдө окуучуга кандай жумуш бериши керектигин так билиши керек.

Математиканын баштапкы курсу максатка ылайык тандалып алынган тапшырмалар системасы боюнча ачылган. Бул системада олуттуу орунду тексттик тапшырмалар ээлейт. Арифметикалык амалдардын маанисин, кыймыл-аракеттин ортосундагы байланышты, ошондой эле аракеттин компоненттеринин жана натыйжаларынын ортосундагы байланышты кароодо, албетте, тиешелүү жөнөкөй тексттик маселелер (бир арифметикалык амал менен чечилүүчү маселелер) колдонулат. Текстүү маселелер да балдарды математикалык мамилелер менен тааныштыруунун эң маанилүү каражаттарынын бири катары кызмат кылат, алар «ушунча көп (аз) болуу», «ушунча эсе көп (аз) болуу» деген сөздөр менен туюнтулган.

Жаңы билимдерди киргизүү жана балдарда бар билимдерди колдонуу үчүн конкреттүү негиз катары тапшырмаларды колдонуу балдардын материалисттик дүйнө таанымынын элементтерин калыптандырууда өтө маанилүү роль ойнойт. Маселелерди чыгарууда окуучу көптөгөн математикалык түшүнүктөрдүн чыныгы жашоодо, адамдардын практикасында тамыры бар экенине ынанат.[17.73]

Маселелерди чечүү аркылуу балдар когнитивдик жана тарбиялык жактан маанилүү болгон фактылар менен таанышат. Башталгыч класстарда чечилген көптөгөн маселелердин мазмуну ушундан турат . Анда балдардын жана улуулардын эмгеги, биздин өлкөбүздүн эл чарбасы, техника, илим, маданият жагынан жетишкендиктери чагылдырылган.

Белгилүү бир методика менен маселелерди чечүү процессинин өзү мектеп окуучуларынын психикалык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет, анткени ал психикалык операцияларды

аткарууну талап кылат: анализ жана синтез, конкреттештирүү жана абстракциялоо, салыштыруу, жалпылоо. Ошентип, кандайдыр бир маселени чечүүдө окуучу талдоо жүргүзөт: суроону шарттан бөлүп, маалыматтарды жана керектүү сандарды бөлүп көрсөтөт;маселени чечүү планын түзүп, ал конкреттештирүүнү колдонуу менен бирге синтезди аткарат (ал маселенин шартын акыл менен тартат), андан кийин абстракция (конкреттүү кырдаалдан алыстап, арифметикалык аракеттерди тандайт); ар кандай түрдөгү маселелерди көп жолу чечүүнүн натыйжасында, окуучу берилгендер менен ушул типтеги маселелерде изделүүчүлөрдүн ортосундагы байланыштар жөнүндөгү билимди жалпылайт, натыйжада бул типтеги маселелерди чечүү ыкмасы жалпыланат.[7.48]

Математиканын баштапкы курсунда маселелер абдан маанилүү функцияны аткарат, алар балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн, анализдөө жана синтездөө, жалпылоо, абстракттуу жана конкреттештирүү, каралып жаткан кубулуштардын ортосундагы байланыштарды ачуу үчүн пайдалуу каражат болуп саналат.[2.98]

Маселени чечүү – ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү көнүгүүлөр. Мындан тышкары, маселелерди чечүү чыдамкайлыкты, туруктуулукту, эркти тарбиялоого өбөлгө түзөт, чечимди табуу процессине болгон кызыгуунун ойгонуусуна өбөлгө түзөт, ийгиликтүү чечимге байланыштуу терең канааттанууну сезүүгө мүмкүндүк берет.[7.112]

Ошентип, математиканын негиздерин өздөштүрүү математиканы үйрөнүү чынжырынын маанилүү звенолорунун бири болгон маселени чечпестен жана талдоосуз элестетүү мүмкүн эмес, иштин бул түрү математиканы окууну активдештирип гана тим болбостон, терең билим алууга жол ачат. Белгилүү бир математикалык маселени чечүүнүн жүрүшүн түшүнүү боюнча иштөө баланын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө түрткү берет.

Проблемаларды чечүүнү өзүнчө максат катары кароого болбойт, алар теориялык позицияларды терең изилдөөнүн каражаты жана ошону менен бирге ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн каражаты, курчап турган чындыкты түшүнүү жолу. Мындан тышкары, маселелерди чечүү балдарда мүнөздүн көптөгөн жакшы сапаттарын тарбиялап, эстетикалык жактан өстүрөөрүн унутпашыбыз керек.

**Корутунду**

Математиканын баштапкы курсу максатка ылайык тандалып алынган маселелер системасы боюнча ачылат, бала мектептеги биринчи күндөн тартып эле маселе менен жолугушат. Бул системада тексттик маселелер бир топ орунду ээлеп келгенин жана азыр учурда да текстүү маселелер негизги орунду ээлеп турганын ар бир мугалим жакшы билет. Математикалык билим берүүдө маселе чыгаруу маанилүү роль ойнойт. Мектепте окуунун башталышынан аягына чейин математикалык маселе дайыма окуучуга туура математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууга, аны курчап турган турмуштагы мамилелердин ар түрдүү аспектилерин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет жана изилденип жаткан теориялык позицияларды колдонууга мүмкүндүк берет. Мында маселени чечүү логикалык ой жүгүртүүнүн, көңүл буруунун, эс тутумдун өнүгүшүнө, талдоо жана синтездөө, жалпылоо, абстракциялоо жана конкреттештирүү, каралып жаткан кубулуштардын ортосундагы байланыштарды ачууга өбөлгө түзөт.

Маселелерди чыгара билүү – математикалык өнүгүү деңгээлинин, окуу материалын өздөштүрүүнүн тереңдигинин негизги көрсөткүчтөрүнүн бири. Маселенин текстинин өзгөчөлүктөрү аны чечүүдө ой жүгүртүү процессинин жүрүшүн аныктай алат.

Демек, балдарды маселени чече билүүнү өздөштүрүү үчүн алардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө чоң таасир тийгизебиз.

Алгачкы математикалык билимдер балдар тарабынан алардын түшүнүүсүнө ылайыкташтырылган белгилүү бир системада өздөштүрүлөт, мында айрым жоболор биринин артынан бири логикалык жактан байланышкан, бири-биринен ээрчишет. Математикалык билимди аң-сезимдүү өздөштүрүү менен окуучулар ой жүгүртүүнүн негизги операцияларын аларга жеткиликтүү формада колдонушат: анализ жана синтез, салыштыруу, абстракциялоо

жана конкреттештирүү, жалпылоо; окуучулар индуктивдүү жыйынтык чыгарышат, дедуктивдүү ой жүгүртүүлөрдү жүргүзүшөтМатематикалык билимди окуучулардын аң-сезимдүү өздөштүрүүсү окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Психикалык операцияларды өздөштүрүү өз кезегинде окуучулардын жаңы билимдерди ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө жардам берет.

Жогорудагы фактылар менин макаламдын темасын аныктады – «Текстүү маселелерди чечүү аркылуу башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү». Маселелерди чыгарууну математикалык билимди калыптандыруунун каражаты катары гана эмес, окутуунун максаттарынын бири катары, башталгыч класстын окуучуларында логикалык операцияларды өнүктүрүүнүн каражаты катары да кароо керек.

**Адабияттар:**

1. Ананьев, Б. Г. Психологическая структура личности и ее становление в процессе индивидуального развития человека / Б. Г. Ананьев // Психология личности : хрестоматия : в 2 т. / ред.-сост. Д. Я. Райгородский. — Самара, 1999. - Т.
2. - с. 7-94. 2. Амонашвили, Ш.А. Здравствуйте, дети! / Ш.А. Амонашвили - М.: Просвещение, 1988. - с. 207.
3. Бантова, М.А. Методика преподавания математики в нач. классах. / М.А. Бантова, Г.В. Бельтюкова - М.: Просвещение, 1984. - с. 234.
4. Белошистая, А.В. Развитие логического мышления младших школьников на основе использования специальной систем занятий: Монография. / А.В. Белошистая, В.В. Левитес - Мурманск: МГПУ, 2009. - 104 с.
5. Блонский, П.П. Педология: кн. для высш. пед. учеб. заведений / П.П. Блонский ; под ред. В.А. Сластенина. - М.: Владос, 2000 г. - с. 287.
6. Боричевская, В.И. Развитие самостоятельности мышления учащихся. / В.И. Боричевская // Начальная школа. - 1992. - № 1 - с. 2-3.
7. Брушлинский, А.В. Психология мышления и проблемное обучение /А.В. Брушлинский. – М.: Просвещение, 1983. -147 с.
8. Волков, Б.С. Психология младшего школьника: уч. пособие / Б.С. Волков. - М.: Академический проект, 2005. - 208 с.
9. Волкова, С.И. Развитие познавательных способностей детей на уроках математики. / С.И. Волкова, Н.К. Столярова // Начальная школа. - № 7-8 - с. 27-32.
10. Выготский, Л.С. Педагогическая психология. / Л.С. Выготский - М., 1991.- 304 с.
11. Выготский, Л.С. Собрание сочинений в 6 т.: Т.2 /Л.С. Выготский. - М.: Педагогика, 1982.
12. Гальперин, П.Я. Методы обучения и умственное развитие ребенка / П.Я. Гальперин. – М.: изд-во МГУ, 2001. -287 с

* * *

**УДК 371:388**

# СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИ- ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУНУН ФАКТОРУ КАТАРЫ

***Акматова Ч.А. - п.и.к. А.Ж.Мырсабеков атындагы ОшМПУ***

***Аннотация:*** *Макалада студенттердин өз алдынча иштеринин маңызы, ролу, орду, пландоо, эсепке алуу жана анын натыйжалуулугун көзөмөлдөө маселелери каралды. Өз алдынча иштерди аткаруунун этаптары жана ыкмалары; анын натыйжалуу болушу үчүн шарттар; өз алдынча иштерин уюштурууда окутуучу эске алуучу дидактикалык талаптар сунушталды. Өз алдынча даярдануу студенттердин активдүү таанып-билүү иш-аракетин өнүктүрүп, ар бир студенттин акыл-эсин, бийик маданиятын, чыгармачыл шыктарын калыптандырып, өз алдынча иштөө ыкмаларына ээ кылып, өз убактысын акылдуулук менен пайдаланууга үйрөтүү менен көп сапаттарга (уюштурууччулук, эрктүүлүк, тартиптүүлүк, демилгелүүлүк) ээ болоору айтылды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *студенттердин өз алдынча иштери, студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, пландаштыруу, башкаруу жана натыйжалуулугун көзөмөлдөө*

# ИНДИВИДУАЛЬНАЯ РАБОТА СТУДЕНТОВ КАК ФАКТОР ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОСТИ ОБУЧЕНИЯ

***Акматова Ч.А.- к.п.н., ОшГПУ имени А.Ж.Мырсабекова***

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены вопросы сущности, роли, места, планирования, учета и контроля эффективности самостоятельной работы студентов. Предложены этапы и методы выполнения самостоятельной работы; условия ее эффективности; дидактические требования, учитываемые преподавателем при организации самостоятельной работы. Было отмечено, что самостоятельная подготовка позволяет студентам развивать активную познавательную деятельность, формировать у каждого студента ум, высокую культуру, творческие способности, приобретать навыки самостоятельной работы, приобретать много качеств (организованность, волю, дисциплину, инициативу), научить грамотно распоряжаться своим временем.*

***Ключевые слова:*** *самостоятельная работа студентов, организация, планирование, управление и контроль эффективности самостоятельной работы студентов*

# DUAL WORK OF STUDENTS AS A FACTOR OF INCREASING THE EFFICIENCY OF LEARNING

***Akmatova Ch.A. - Ph.D., Osh State Pedagogical University named after A.Zh. Myrsabekov***

***Annotation:*** *The article deals with the issues of the essence, role, place, planning, accounting and control of the effectiveness of individual work of students. The stages and methods of individual work are proposed; the conditions of its effectiveness; didactic requirements taken into account by the teacher when organizing individual work. It was noted that individual training allows students to develop active cognitive activity, to form each student's mind, high level of culture, creative abilities, to acquire skills of individual work, to gain many qualities (organization, will, discipline, initiative), to teach how to manage their time competently.*

***Keywords:*** *individual work of students, organization, planning, management and control of the effectiveness of individual work of students*

Ааламдашуу доорунда илим жана техниканын өтө тез өнүгүп, жаны илимий ачылыштар, мурун белгилүү болбогон илимдин, техниканын, экономиканын жаныча

тармактары пайда болуп жаткан мезгилде, ар бир студентти өз алдынча ой-жүгүртүүгө, илимий-техникалык адабияттарды теренирээк өздөштүрүүгө даярдоо керек.

Бул проблеманы чечүү үчүн окутуучу окутуу процессин уюштурууда чыгармачыл, көп кырдуу инсанды калыптандырууга көңүл бурушу керек. Бул жерде окутуунун ишмердүүлүгү максаттуу мүнөзгө ээ болушу керек, анткени жогорку окуу жайдын мугалими студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурат, багыттайт жана ал иштин натыйжалуулугу студенттердин аракеттерине тыгыз байланыштуу экенин эсепке алат, өз алдынча иштерин туура уюштуруу алардын өсүп-өнүгүүсүнө чоң таасир берип жана ар бир студенттин өз алдынчалыгын өстүрүүдө керектүү каражат болуп саналат.

Студенттердин чыгармачыл шыктарын, ан-сезиминин активдүүлүгүн өнүктүрүү, алардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн өстүрүп-өнүктүрүү педагогикалык проблемалардын бири. Анткени, байкоолор көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө көп студенттер өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша окушпайт, себеби кээ бир учурларда окутуу процессинде студенттердин аң-сезимине таасир эткен окутуу формалары кеңири колдонулбайт. Андан тышкары биринчи курстун студенттери окуу процессине көп көңүл бурушпайт. Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, биринчи курстун студенттеринин 40% таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө умтулушпайт, ал эми 50% кесипчилик билимин өнүктүрүүгө көнүлүн бурушпайт. Студенттердин 3% гана өзүнүн астына максат койгондордун санына киришет, алар аң-сезимдүүлүктөрүн өстүрүп, таанып-билүү теориясы менен таанышканы аракеттенишет. [4,192]

Байыркы мезгилден бери белгиленип келген окутуу процессинде катышкан окуучу активдүү болушу керек. Сократ жашаган доордо эле бул проблемага көп көнүл бурулган жана аңгемелешүү методун кеңири колдонууну сунушташкан. Бул проблеманы чечиш үчүн бир нече окумуштуулар өз изилдөөлөрүн арнашкан: А.В. Андреев, А. Адольф, Г.А. Атанов, И.Б. Бекбоев, Т.С. Браже, И. Белых, Э.М. Мамбетакунов. А.К. Маркова, А.М. Мамытов, Ж. Каниметова, О.Е. Лебедев, А.И. Пискунов, А.П. Тряпицына, А.В. Усова, Г.К. Селевко, А.В. Хуторс- кой, М.А. Холодная, Г.И. Щукина, И.С. Якиманская ж.б. Бирок бул проблема азыркы мезгилдин да күн тартибинде орчундуу орун ээлеп тургандыгын белгилеп кетүүгө болот. Жогорку билим берүүнүн жаңы стандартында окуу материалынын маанилүү бөлүгү студенттердин аудиториядан тышкаркы окуусуна бөлүнүп берилген. Өз алдынча иштөө – алган билимин көндүмгө жана жөндөмгө айландыруунун негизги каражаты. Студенттердин өз алдынча иши окуу ишинин курамдык бөлүгү болуп саналат жана алынган билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү бекемдөө жана тереңдетүү, жаңы билимдерди, ченемдик жана методикалык маалыматтарды издөө жана алуу, илимий-изилдөөчүлүк иш жана инвестициялык иш-аракеттерди өнүктүрүү максатын көздөйт. Өз алдынча иштөө аудиториялык ишмердүүлүктүн кандай гана түрү менен болбосун түздөн-түз байланышта болуп, студенттин өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, таанып-билүү жана чыгармачылык активдүүлүгүнүн өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Көрүнүктүү окумуштуу–педагог Е.И. Михайлычев өзүнүн "Самостоятельная работа процесс обучения" аттуу эмгегинде «өздүк иш» терминине түшүнүк берүүгө аракет жасаган. Анын ою боюнча, "окуучунун билиминдеги, билгичтигиндеги жана жөндөмүндөгү маалыматты изилдөөдө, кемчиликтердин алгачкы себебин аныктоо маңызы жатат". [2, 18]

М.Г.Гарунов "өз алдынча иштерди кесиптик билим алууда окуу, өндүрүштүк изилдөө жана өз билимин өркүндөтүүгө зарыл болгон тапшырмаларды аткаруу, кесиптик ишмердүүлүктү өздөштүрүү жана чыгармачылык ык, машыгууларга көнүгүү, кесиптик чеберчиликти өнүктүрүү" деп түшүндүрмө берет. [1,54].

Студенттердин өз алдынча иштери өз алдынча иштөө саатгарында гана эмес, окутуучунун жетекчилиги астында окуу сабактарынын башка түрлөрүндө, анын ичинде практикалык, лабораториялык жана башка сабактарда да жүргүзүлөт. Өз алдынча иштөө студенттердин акыл эмгегинин жогорку маданиятын калыптандырууга, ошондой эле зарыл билимдерди, көндүмдөрдү алууга көмөктөшөт жана окутуунун жогорку натыйжаларына

жетишүүнүн аныктоочу фактору болуп саналат. Мындан тышкары, өз алдынча иштөө студенттерде тартиптүүлүк, уюшкандык, демилгелүүлүк, эрк жана максатка жетүүдөгү туруктуулук сыяктуу сапаттары калыптанат. Өз алдынча иштөө процессинде фактыларды жана кубулуштарды талдоо жөндөмү, ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгы калыптанат, бул чыгармачыл өнүгүүгө жана өзүнүн жеке пикирин, көз карашын өнүктүрүүгө алып келет.

ЖОЖдордун негизги милдеттеринин бири студенттерге белгилүү бир билимди берүү гана эмес, аларды өз алдынча иштөөгө үйрөтүү, башкача айтканда үйрөнүүгө үйрөтүү болуп саналат. Студент жаңы билимди өз алдынча алууга үйрөнүшү керек, анткени келечектеги практикалык ишмердүүлүк процесси ченемдик укуктук базанын, илимдин жана техниканын тынымсыз өнүгүшүн эске алуу менен өз алдынча иштөөгө негизделет. Үйрөнүүгө үйрөтүү — суденттердин окуу китептерин жана окуу куралдарын, кошумча адабияттарды жана мыйзамдык базаны окуп-үйрөнүүсү, илимий ишке кунүмдүк жана пландуу түрдө активдүү катышуусу үчүн бардыгын жасоо дегендик.

Жогорку окуу жайдын окутуучусу окутуу процессин уюштурууда чыгармачыл, көп кырдуу инсанды калыптандырууга, компетенттүү аистерди даярдоого көнүл бурушу керек. Бул жерде окутуунун ишмердүүлүгү максаттуу мүнөзгө ээ болушу керек, анткени жогорку окуу жайдын мугалими студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурат, багыттайт жана ал иштин натыйжалуулугу студенттердин аракеттерине тыгыз байланыштуу экенин эсепке алат. Өз алдынча иштерин туура уюштуруу алардын өсүп-өнүгүүсүнө чоң таасир берип жана ар бир студентин өз алдынчалыгын өстүрүүдө жана окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууда негизги каражат болуп саналат.

Студенттердин өз алдынча иштерин туура уюштуруу бир нече оң таасирлерди берет:

1-ден, студенттер предметти өз алдынча аң-сезимдүү жана бекем өздөштүрөт;

2-ден, өз алдынча билим алуу ыкмаларын билишет;

3-дөн, өз алдынча билимге ээ болуу муктаждыгы өсөт.

Көптөгөн ЖОЖдордо өз алдынча иштөө дагы эле окуу процессинин эң аз көзөмөлдөнгөн чөйрөсү болуп саналат, ошондуктан окуу ишинин бул түрүн пландаштырууну, уюштурууну жана башкарууну жакшыртуу маселеси биринчи планга чыгууда. Өз алдынча иштөөнү пландаштырууда ЖОЖдордун өзгөчөлүгүн жана студенттердин контингентинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек. Ошону менен бирге пландаштыруу боюнча сунуштар окуу пландарын жана программаларын кылдат талдап чыгууга, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштин айрым түрлөрүнө жумшаган иш жүзүндөгү убактысына негизделиши керек. Өз алдынча иштөөнү пландаштыруу бир семестрге, бир айга, ар бир күн үчүн деталдар менен жүргүзүлүүгө тийиш. Мындай пландаштыруу менен студенттер менен кафедралардын ортосунда өз алдынча тапшырмаларды аткарууга кеткен иш жүзүндөгү убакыт тууралуу маалыматтын негизинде кайтарым байланыш берилет. Ар кандай татаалдыктагы материалды үйрөнүүгө кеткен убакытты, анын өздөштүрүүсүнө байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча студенттердин жетишкендиктерин эске алуу менен өзүнчө эсепке алуу зарыл.

Өз алдынча иштөөнү уюштуруу өзүн-өзү окутууну пландаштырууну гана эмес, аны ишке ашыруунун натыйжалуулугун жана комплекстүү башкарууну камсыз кылуудан турат. Өз алдынча иштерди уюштурууда студенттердин аны аткаруусу үчүн зарыл шарттарды түзүү маселелери да чечилет, анын ичинде окуу кабинеттери жана университеттин китепкана ресурстары, укуктук документтер, көрсөтмө куралдар жана лабораториялык жабдуулар менен камсыз кылуу зарыл. Өз алдынча иштерди аткаруунун этаптары жана ыкмалары:

- Сунушталган адабияттарды тандоо;
- Семинардын планынын маселелерин үйрөнүү;
- Окулган темалардын айрым маселелерин белгилөө;
- Лекциялардын текстинин, негизги жана кошумча адабияттардын негизинде схемаларды, таблицаларды түзүү;
- Окулган көрсөткүчтөрдүн эсептөөлөрүн жүргүзүү.

Өз алдынча иштерди уюштуруунун маанилүү аспектилеринин бири контролдук иштерди (тесттерди), өз алдынча аткаруу үчүн тапшырмаларды даярдоо. Аларды даярдоодо педагог төмөнкү критерийлерди жетекчиликке алышы зарыл:

- бардык тапшырмалар бирдей татаалдыкта болушу;
- ар бир тапшырманын көлөмү реалдуу жана студенттин тестке бөлүнгөн убакытка ылайыктуу даярдыгы менен аткарыла турган болушу;
- жетиштүү так жоопторду талап кылган суроолорду кошуу максатка ылайыктуу, мисалы, аныктама берүү, формула жазуу, график тартуу, диаграмма түзүү, ар кандай көрсөткүчтөрдүн сандык маанилерин берүү, ж.б.;
- ар бир тапшырмада окуу адабиятынан өз алдынча үйрөнүлө турган материал боюнча, ошондой эле окулган лекциялык материал боюнча суроолордун болушу.

**Өз алдынча иштер натыйжалуу болушу үчүн бир катар шарттарды аткаруу зарыл:**

- Аудиториялык жана өз алдынча изилдөө иштерининин туура айкалышын камсыз кылуу;
- Студенттин сабакта жана андан тышкаркы иштерин методикалык жактан туура уюштуруу;
- Өз алдынча иштөө процессин чыгармачылык процесске айландыруу үчүн студентти керектүү методикалык материалдар менен камсыз кылуу;
- Өз алдынча иштин жүрүшүнө жана аны сапаттуу аткаргандыгы үчүн студентти сыйлоочу чараларды ишке ашырууга туруктуу көзөмөлдү жүзөгө ашыруу.

Иштин бул чөйрөсүн уюштурууда өзгөчө орунду өз алдынча иштөө процессин жана натыйжаларын эсепке алуу жана көзөмөл ээлейт, алар төмөнкүдөй максаттарды көздөйт: кайтарым байланыштын негизинде окуу процессинин натыйжалуулугу жөнүндө маалымат алуу; өз алдынча окуунун билим берүү максатына жетүү даражасын аныктоо; окутуунун методдорун тууралоо жана өз алдынча иштөөнү уюштуруу; студенттердин натыйжалуу өз алдынча иштөөсүнө түрткү берүү. Өз алдынча иштөөгө түрткү берүүнүн эффективдүү жолу болуп эң активдүү студенттерди жыйынтыктоочу контролдон алардын рейтингин эске алуу менен автоматтык түрдө сынактан бошотуу болуп саналат.

Системалык көзөмөл студенттердин бекем билимди, көндүмдөрдү өз алдынча алуу процессин башкаруунун, алардын өз алдынча иштерин башкарууга баа берүүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Өз алдынча иштин натыйжаларын көзөмөлдөө жана талдоо аны уюштурууну жакшыртуу боюнча объективдүү чечимдерди кабыл алууну камсыздайт, а бул өз алдынча иштин сапатын баалоо үчүн көрсөткүчтөрдү (баллдык система) иштеп чыгууну талап кылат. Өз алдынча иштөөнүн натыйжаларын талдоодо окуу дисциплинанын теориялык жана практикалык бөлүктөрүн үйрөнүү үчүн өз алдынча машыгуу убактысын рационалдуу бөлүштүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Студенттер этап менен өз алдынчалыкка ээ болушат, анткени студенттердин тиешелүү өз алдынча иштөө көндүмдөрүн алуу үчүн сарпталган негизги убакыт биринчи курстарга туура келет. Бул чыгымдар окуу материалын өздөштүрүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатат, ошондуктан студенттерге өз алдынча иштөөнүн алгачкы көндүмдөрүн калыптандыруу методикасына көп көңүл буруу зарыл.

Окуу сабактары башталганга чейин ар бир адистик жана окуу дисциплина боюнча киришүү лекцияларын уюштуруу максатка ылайыктуу, анын негизги максаты студенттерди окуу пландарынын мазмуну, семестрдеги сабактардын графиги, үй тапшырмаларын аткаруу графиктери менен тааныштыруу болуп саналат. Курстук жана квалификациялык иштерди бекитүү башталганга чейин материалды издөө, жалпылоо, аларды долбоорлоо талаптарын сактоо боюнча өз алдынча иштерди уюштуруу боюнча сабактарды өткөрүү маанилүү. Дисциплина боюнча бир-эки лекция окугандан кийин окутуучу конспекттерди чогултуп, текшерип, талдап чыгып, ар бир студентке кафедранын окутуучусу тарабынан алдын ала даярдалып, басмаканадан чыгарылган бул лекциялардын үлгүлүү конспекттеринин үлгүлөрүн берүүгө тийиш.

Өз алдынча иштердин бардык түрлөрүн жүргүзүү тажрыйбасын жалпылоо жана аны жайылтуу максатында өз алдынча иштерди уюштуруу боюнча жаңы методикалык сунуштарды иштеп чыгуу жана студенттерге берүү максатка ылайыктуу. Аларда төмөнкүлөрдү чагылдыруу тийиш: графикте каралган өз алдынча иштердин айрым түрлөрүнүн максаттарын, анын ичинде практикалык жана лабораториялык сабактарда өз алдынча иштөө эрежелерин; уюштуруу жана пландаштырууну эсепке алуунун жана натыйжаларды көзөмөлдөөнүн тартиби боюнча өз алдынча иштөө; эмгектеринде илимий көз караштарды берген маалыматтардын болуусу; окуу китептери жана окуу куралдары, университеттин электрондук китепканасынын ресурстары, окутуучулардын веб-сайттары менен өз алдынча иштөө боюнча конкреттүү сунуштар берилиши керек.

**Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда окутуучу төмөнкү дидактикалык талаптарга көңүл бурушу керек**:

1. Өз алдынча иш максаттуу мүнөзгө ээ болуу керек, бул жерде иштин максатын туура коюу зарыл. Окутуучу тараптан студентке берилген тапшырма жакшы иштелген жана ойлонулган болушу керек. Ошону менен бирге, ал тапшырма студенттердин ишке болгон кызыкчылыгын калыптандырышы жана аны туура, так аткарууга көндүрүшү керек. Бул талап туура аткарылбаса студенттер иштин максатын так түшүнө албай, окутуучуга бир нече жолу кайрылууга мажбур болушат. Мунун негизинде убакыт рационалдуу пайдаланылбайт жана студенттердин өз алдынчалыгынын өсүшүнө шарт түзүлбөйт.
2. Өз алдынча иштөөгө берилген иштерди студенттерди аткарууга мажбур кылуу керек жана ынтызарлык менен аткарууну үндөө зарыл. Өз алдынча берилген иштердин көлөмү жана мазмуну студенттердин мүмкүнчүлүгү менен айкалышып турушу зарыл жана студенттердин өз алдынча ишин кабыл алууда мугалим алардын теориялык жана практикалык жактан даярдыгына көңүл бурушу керек.
3. Өз алдынча иштерди өткөрүүдө студенттердин иштөө ыкмалары калыптанышы зарыл. Бул дидактикалык талап ишке ашыш үчүн мугалим окутуу процессинде студенттер менен көрсөтмө ыкмаларды кеңири колдонуп, так жана туура түшүндүрүлүшү керек.
4. Өз алдынча иштерди өткөрүүдө студенттерге берилген тапшырмалар негизинде түзүлүп, шаблондуу иш аракеттерге алып келбеши зарыл. Ар бир берилген тапшырма студенттердин жана өз алдынча иштөө боюнча таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн калыптандырышы зарыл.
5. Ар бир студенттин мүмкүнчүлүгүн эске алуу. Бул жерде дифференциалдык мамиле жасоо өтө зарыл.
6. Өз алдынча иштер ар бир студенттин кызыкчылыгын калыптандырышы зарыл. Бул жерде өтө маанилүү жаны маселелерди коюу жана мазмундуу тапшырмаларды берүү.
7. Өз алдынча берилген иштерди пландуу жана системалуу түрдө окутуу зарыл. Ушул дидактикалык теманын негизинде студенттер шык машыгуулаларга ээ боло алат.
8. Өз алдынча иштерди уюштурууда мугалим тараптан берилген мазмундуу материал студенттердин өз алдынча иштери менен айкалышып турушу зарыл. [4,187]

Демек, өз алдынча иштерди аткаруу менен студенттердин педагогикалык ой-толгоолору өсүп-өнүгөт, педагогикалык жагдайларды чечүү компетенциялары такшалат, далилдөө жана аргумент берүү мүмкүнчүлүктөрү калыптанат, жаны педагогикалык концепциялар жөнүндө кеңири билимдерге ээ болушат.

Жыйынтыктап айтканда таанып-билүү ишмердүүлүгү боюнча окуу көп денгээлдүү система жана өзүнө теориялык жана методикалык маселелерди камтыйт. Окутуучу менен студенттин биргелешкен иш аракети жемиштүү болуш үчүн Л.С. Выготскийдин айтканын эске алышыбыз керек: «Окутуу процессинде адам баласынын өнүгүүсүнүн жакынкы жана келечектүү зоналары эсепке алынганда гана көп маселе козголуп, натыйжалуу иш пайда болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Гарунов М.Г., Пидкаситый П.И. Самостоятельная работа студентов. - М.: Знание, 1978.

2. Григорян В.Г. Роль преподавателя в организации самостоятельной работы студентов [Текст] / В.Г. Григорян //Высшее образование в России. - 2009. - № 11. - С. 108.
3. Михайлычев Е.И. Рациональная организация самостоятельной работы при обучении математики: автореф. дис…канд. пед. наук. – 1996.- 18 б.
4. А.С.Раимкулова, Г.С.Акиева, Н.А. Асипова, Т.С.Сатыбекова Жогорку мектептин педагогикасы. Бишкек-2017, -208 б.

*   *   *

**УДК:378.14 (575.2)**

# ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВ АТЫНДАГЫ И.АРАБАЕВДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МУРАСТАРЫН ҮЙРӨНҮҮГӨ ЖАНА ЖАЙЫЛТУУГА АРНАЛГАН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ЛАБОРАТОРИЯСЫНЫН ТАРЫХЫ, УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ЖОЛУ

***Акунова Айнура Рысбековна,***
***И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору, п.и.д.***

***Аннотация:*** *Профессор Каратай Сартбаевдин эмгек жолунда, илимий-ишмердүүлүгүндө аталган илимий лабораториянын мааниси зор болгон. Аны өзү негиздеген, маанилүү иш-чараларды уюштуруп турган. Бул макалада лабораторияга К.Сартбаевдин ысымынын берилиши жана анын тарыхы, учурдагы абалы жана келечектеги пландары жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тунгуч агартуучу, тилчи-окумуштуу, педагогикалык мурастар, илимий - изилдөө лабораториясы, окуу-методикалык комплекстер, электрондук окуу каражаттары, окуу-методикалык, илимий изилдөөлөр, болочок адистер, башталгыч класстын мугалими.*

# ИСТОРИЯ, СОВРЕМЕННАЯ ЖИЗНЬ И ПЕРСПЕКТИВНЫЕ ПЛАНЫ РАЗВИТИЯ НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЙ ЛАБОРАТОРИИ ИМЕНИ ПРОФЕССОРА КАРАТАЯ САРТБАЕВА, ПОСВЯЩЕННЫЙ К ИЗУЧЕНИЮ И РАСПРОСТРАНЕНИЮ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ НАСЛЕДИЙ И.АРАБАЕВА

***Акунова Айнура Рысбековна,***
***профессор кафедры технологии кыргызского и русского языков в начальной школе педагогического факультета КГУ им. И. Арабаева, д.п.н.***

***Аннотация:*** *В трудовой, научно-исследовательской деятельности профессора Каратая Сартбаева была особая роль этой научной лаборатории. Он ее основоположник, в ней проводились значимые мероприятия. В этой статьи идет речь о присвоение имени ученого и история её создания, сегодняшняя жизнь и перспективные планы.*

***Ключевые слова:*** *первый просветитель, ученый языковед, педагогические наследия, научно-исследовательская лаборатория, учебно-методические комплексы, электронные средства обучения, учебно-методические, научные разработки, будущие специалсты, учитель начальных классов.*

# HISTORY, MODERN LIFE AND LONG-TERM PLANS FOR THE DEVELOPMENT OF THE RESEARCH LABORATORY NAMED AFTER PROFESSOR KARATAY SARTBAYEV, DEDICATED TO THE STUDY AND DISSEMINATION OF THE PEDAGOGICAL HERITAGE OF I. ARABAEV

***Akunova Ainura Rysbekovna,***

***professor kafedry tekhnologii kyrgyzskogo i russkogo yazykov v nachal'noy shkole pedagogicheskogo fakul'teta KGU im. I. Arabayeva, d.p.n.***

***Annotation:*** *In the labor, research activities of Professor Karatay Sartbaev, this scientific laboratory played a special role. He is its founder, significant events were held in it. This article deals with the assignment of the name of a scientist and the history of its creation, today's life and long-term plans.*

***Keywords:*** *the first educator, linguist scientist, pedagogical heritage, research laboratory, educational and methodological complexes, electronic teaching aids, educational and methodological, scientific developments, future specialists, primary school teacher.*

Адамзат жаралгандан бери кайсы доор, кайсы заман болбосун мугалимдин орду эбегейсиз зор болуп келген. Айрыкча, такай көчмөн турмушта жашап, жашоонун улам жаңы шарттарына көнүүгө туура келген кыргыз элинде бардык иштин мугалими, устаты бар болгон. Ар кезде эле ошол устаттардын ичинен эң ардактуусу – балдарга тамга таанытып, эне тилди үйрөткөн мугалимдер, агартуучулар эсептелип келген. Алар коомдун эң алдыңкы адамдары катары дайыма урмат-сыйга татып, эл арасында кадыр-баркы бийик болгон.

Баарыбызга белгилүү болгондой, билим-илимдин ачкычы – балага тамга таанытуу, сабатын ачуу. Бул ыйык ишти Совет доорунан берки тарыхыбызда Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов, Сатыбалды Нааматов сыяктуу алгачкы агартуучуларыбыз колго алса, 20-кылымдын 60-жылдарынан тарта улуу педагог, методист, элибизге аттын кашкасындай таанымал илимпоз, И.Арабаев атындагы илимий-изилдөө лабораториясынын жана И.Арабаев атындагы сыйлыктын негиздөөчүсү, чейрек кылымдан ашуун колдонулган «Алиппенин», «Кыргыз тилинин», бир жарым миллиондон ашуун тираждагы окуу китептеринин, 400 басма табак окуу-усулдук, илимий-педагогикалык фундаменталдуу эмгектердин автору, Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаев (1930-2014) өз кезегинде интеллегенциянын ири өкүлү, өз кесибин жандай сүйгөн кесипкөй адис, дүйнөлүк жана улуттук асыл баалулуктарды боюна сиңирген мекенчил атуул катары билим берүү майданында опол тоодой эмгек жасады.

Профессор Каратай Сартбаевдин эмгек жолунда, илимий - ишмердүүлүгүндө аталган лабораториянын мааниси зор болгон. И.Арабаевдин калтырган педагогикалык мурастарын топтоо жана жайылтуу максатын көздөп, 1998-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун 3-корпусунда «И.Арабаев атындагы бөлмө» ачылат. Бөлмө,чакан, кичине болгондугуна карабастан, К.Сартбаев анда күнү-түнү иштеп, 2005-жылга чейинки 7 жыл ичинде азыркы лабораториянын фундаментин түптөп, бир топ тарыхый баалуу материалдарды чогулткан. Иш-чараларды уюштуруунун келечек планын түзүп, талбай эмгектенген. Натыйжада тунгуч агартуучулардын, репрессияга кабылган кыргыз интеллегенцияларынын өкүлдөрүнө тиешелүү бай материал топтолгон. 2005-жылы И.Арабаев атындагы илимий-изилдөө лабораториясын ачууну демилгелеп, жасалгалап, ошол жылдын 14-октябрында ачылышын өткөрөт.





Туңгуч агартуучу И.Арабаевге тиешелүү урунттуу даталардын стендин, анын басып өктөн жолун, эмгектеринин көчүрмөлөрүн, кыргыз элинин белгилүү педагог, методист,

окумуштууларынын элесин түбөлүккө калтыруу үчүн портреттерин тарттырып илет. Арабаевдик окууларды байма-бай өткөрүп, студенттер үчүн атайын курстарды окуйт, И.Арабаев атындагы сыйлыкты демилгелеп, уюштурат, тапшырат. Бул иш-чаралар өз кезегинде бул багыттагы республикалык деңгээлдеги новатордук алгачкы кадамдардан эле.






Профессор К.Сартбаев өзүнүн бүткүл өмүрүн педагогикалык, илимий-изилдөөчүлүк ишке арнап, өз кезегинде Кыргызстандын башталгыч билим берүү тармагын, башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы илимин түптөп, өнүктүрүп, кийинки муунга баа жеткис мурас калтырып кетти. Билим берүү жана илим тармагында азыр да анын эмгектери чоң суроо-талап менен колдонулуп жатат. 2012-2019-жылдар аралыгында республиканын дээрлик бардык китепканаларына илимпоз-педагогдун басылып чыккан эмгектери топтоштурулуп, «Алгачкы эмгектер» деген аталыштагы көлөмдүү 10 томдук жыйнагы, «Илим казынасынан» деген 49 басма табак көлөмүндөгү эмгекке гезит-журнал бетине жарыяланган илимий-макалалары чогултулуп, басылып чыгып, таркатылды; «Бактылуу карыя» кыска метраждуу тасмасы, «Биринчи мугалим – профессор Каратай Сартбаев» аттуу бир сааттык даректүү тасмасы тартылып, КТРКнын «Алтын фондуна» киргизилди; КРнын борбордук мамлекеттик архивине эмгектери, видео тасмалары, иш үстүндөгү 114 даана фото-сүрөтү тапшырылды. Заманбап колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзгөн интернет мейкиндигине жайгаштырылган эмгектеринин электрондук варианттары, «Профессор Каратай Сартбаев – чыныгы элдик мугалим» деген лозунг астында уюштурулган эл аралык, республикалык деңгээлдеги илимий-практикалык конференциялар, семинарлар, тегерек отурумдар, кыргыз элинин даңктуу акыны А.Токомбаев айткандай, «Өмүр өтүп кетсе да, эл эмгектен эскерсин» демекчи, өрнөктүү өмүр жолун ар өңүттөн кеңири баяндаган автобиографиялык эмгектердин жаралышы - бул инсандын мурастарынын азыркы учурда, дагы эле элге кызыктуулугун, билим берүү тармагындагы маанисин, эмгектеринин актуалдуулугун айгинелейт. Мунун баары анын илимий-педагогикалык иш-тажырыйбасы, эмгектери, ар кырдуу ишмердүүлүгү унутулбай, улуттук педагогиканын бай мурасы катары кийинки муундардын окуп-үйрөнүүсү, агартуу тармагына өтөгөн ак кызматын эл ичинде түбөлүккө калтыруу максатында жүрүп жаткан демилгелер, иш-чаралар, жаралган эмгектер, бардыгы республикабыздын интеллегенциясынын, илимий чөйрөсүнүн өкүлдөрүнүн, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин окумуштуулар жамаатынын, эмгегин баалаган кесиптештеринин, ишин уланткан шакирттеринин жана жубайы педагогика илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун ардактуу профессору Акүпү Мураталиеванын, кызы Гүлнара Сартбаеванын ж.б.дын талбаган аракети болуп саналат.

Мындан тышкары, Кыргызстанда гана эмес дүйнөлүк билим берүүдө улуттук педагогиканын кыртышына кайрылуу маселеси көтөрүлүп жаткан мезгилде, окумуштуу-педагогдун өрнөктүү өмүрү, илимде калтырган чыйырын Кыргызстандын агартуу-маданий тармагында түбөлүккө калтыруу маселеси – учурдун талабына шайкеш келип, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 11-февралындагы №46 жарлыгынын «Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Кыргызстандын көрүнүктүү ишмерлеринин атын ыйгаруу боюнча» жобосуна ылайык илимпоздун ысымын Бишкек шаарындагы мектептин бирине ыйгаруу маселеси көтөрүлүп жатат. 1998-жылдары өзү түптөгөн И.Арабаев атындагы илимий-изилдөө лабораториясына окуу жайдын Окумуштуулар кеңеши тарабынан 2021-жылдын апрель айында профессор Каратай Сартбаевдин ысымы ыйгарылды жана жыл сайын билим берүү, агартуу тармагында көрсөткөн ири жетишкендиктери, сиңирген барандуу эмгектери үчүн берилүүчү сыйлыктар

уюштурулду. Профессор Каратай Сартбаевдин ысымын түбөлүк калтыруу, агартуу тармагындагы анын педагогикалык мурастарын окуп-үйрөнүү, изилдөө, жайылтуу жана өнүктүрүү иштерин республикалык жана дүйнөлүк деңгээлге алып чыгуу максатында «Профессор Каратай Сартбаев атындагы төш белги», «Профессор Каратай Сартбаев атындагы диплом», «Профессор Каратай Сартбаев атындагы премия», «Профессор Каратай Сартбаев атындагы стипендия» уюштурулмакчы. Мындай иш-чаралар Кыргыз Республикасынын башталгыч билим берүү жана педагогика багытындагы илим-билим чөйрөсүндө маанилүү жеке салым кошкон адамдардын сиңирген эмгегин баалоонун, таануунун, дем берүүнүн бир формасы катары кызмат кылмакчы.

Агартуу майданында ысымы легендага айланып, кылымдан-кылымга эмгектери элине мурас катары кызмат кылган, жазган эмгектерин изилдеп казган сайын, түгөнгүс алтын казынага айлана турган, ушундай асыл адам менен бир кезде чогуу иштеген замандаштары, кесиптештери, шакирттери, окуучулары катары биз ар дайым сыймыктанып келебиз жана жаркын элесин эскерип таазим кылабыз. Профессор Каратай Сартбаевдин баштаган ишин, калтырган чыйырын андан ары өнүктүрүп, жайылтуу, заман талабына ылайык жаңы баскычка көтөрүү – келечек максаттарыбызыдын бири болмокчу.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Сартбаев К. Ишенаалы Арабаевдин “Алиппесине” 90 жыл. Бишкек, 2001.
2. Сартбаев К., Мураталиева А.Ишенаалы Арабаевдин агартуу майданындагы асыл мурастары жана анын ишин уланткан шакирттери.-Бишкек, 2011.-190 б.
3. Профессор Каратай Сартбаев. Биобиблиографиялык көрсөткүч./Түзгөн А.Р.Акунова.-Бишкек, 2013.- 40 б.
4. Каратай Сартбаев. Тандалган эмгектер. 10 томдук./ Түзгөн А.Р.Акунова.- Бишкек, 2014.
5. Улуу педагог Каратай Сартбаевдин илим казынасынан./ Түзүүчүлөр А.Мураталиева, Г.Сартбаева.- Бишкек, 2016.-784 б.

* * *

**УДК 52-17**

# МАТЕМАТИКА САБАКТАРЫНДА БИЛИМДЕРДИ СИСТЕМАЦИЯЛАШТЫРУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Алыбаев Курманбек Сарманович –ф-м.и.д., профессор, alybaevkurmanbek@rambler.ru***
***Акылбекова Жазгүл – магистрант***
***Б. Осмонов атындагы ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Макалада психологиялык-педагогикалык жана илимий-методикалык адабияттарды талдоонун негизинде мектеп окуучуларынын билимдерин системалаштыруунун илимий мүнөздөмөлөрү, функциялары, максаттары жана принциптери, уюштуруу формалары каралган. Математика боюнча билимдерди системага келтирүүнүн өзгөчөлүктөрү, сабактагы негизги иш-аракеттер жана ага карата максаттуу тапшырмаларды түзүү мисалдары сунушталган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *билимдер, билгичтик, көндүмдөр, системалаштыруу, жалпылоо, функциялар, максаттар, окутуу, тарбиялоо, диагностика, прогноздоо, өнүктүрүүчүлүк, багыт берүүчү, принциптер, максаттуулук, объективдүүлүк, ар тараптуулук, үзгүлтүксүздүк жана жекечелүүлүк, уюштуруу формалары, ой-жүгүртүү, иш-аракеттер, математикалык билимдер, өзгөчөлүктөр, ыкмалардын классификациясы, тапшырмаларды түзүү.*

НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ СИСТЕМАТИЗАЦИИ ЗНАНИЙ НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ

***Алыбаев Курманбек Сарманович –д.ф-м.н., профессор,*** [alybaevkurmanbek@rambler.ru](mailto:alybaevkurmanbek@rambler.ru)
***Акылбекова Жазгүл – магистр***
***ЖАГУ им. Б.Осмонова, г. Джалал-Абад, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *На основе анализа психолого-педагогической и научно-методической литературы в статье приводятся научные характеристики функции, цели и принципы, организационные формы систематизации математических знаний и умений школьников. Предлагаются особенности систематизации математических знаний, основные виды деятельности на уроке и примеры составления целевых заданий по математике.*

***Ключевые слова:*** *знания, умения, навыки, систематизация, обобщение, функции, цели, обучение, воспитание, диагностика, прогнозирование, развитие, направленность, принципы, целенаправленность, объективность, разновидность, непрерывность и индивидуальность, организационные формы, мышления, действия, математические знания, особенности, классификация способов, задания.*

SCIENTIFIC AND METHODOLOGICAL BASES OF KNOWLEDGE SYSTEMATIZATION IN MATHEMATICS LESSONS

***Alybaev Kurmanbek Sarmanovich - Doctor of Physical and Mathematical Sciences, Professor***
***alybaevkurmanbek@rambler.ru***
***Akylbekova Zhazgul - Master's student***
***JASU named after B. Osmonov, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic***

***Resume:*** *Based on the analysis of psychological-pedagogical and scientific-methodical literature, the article provides scientific characteristics of the function, goals and principles, organizational forms of systematization of mathematical knowledge and skills of schoolchildren. Features of the systematization of mathematical knowledge, the main activities in the lesson and examples of the preparation of target tasks in mathematics are proposed.*

***Key words:*** *knowledge, skills, systematization, generalization, functions, goals, training, education, diagnostics, forecasting, development, orientation, principles, purposefulness, objectivity, variety, continuity and individuality, organizational forms, thinking, actions, mathematical knowledge , features, classification of methods, tasks.*

Заманбап шарттарда адам үчүн зарыл болгон билимдин көлөмү тездик менен өсүп, маалымат агымдары бизди курчап турган дүйнөнү толтуруп, адам жашоосунун бардык чөйрөсүнө сиңип жататкандыгы белгилүү. Жыл сайын заманбап мектеп окуучулары түшүнүү, кайра иштетүү жана иш жүзүндө колдонууну үйрөнүү керек болгон билимдердин көлөмү көбөйүп баратканы факт. Мындан окуучуларга мынчалык көп маалымат менен күрөшүүгө кантип жардам бере алабыз?, Алар алган билимин кантип түзүш керек? – деген актуалдуу суроолор жаралат. Берилген суроолорго жооптордун бири окуучулардын билимин системалаштыруу жана жалпылоо болуп саналат. «Үзүлбөгөн, ыраатсыз билимге толгон баш, баары бузулган, ээси өзү эч нерсе таба албаган кампага окшош; билимсиз система гана бар башы бардык кутучаларда жазуулар бар, ал эми кутучалар бош турган дүкөнгө окшош” - деп жазган Ушинский. Системалаштырууну ишке ашыруу мектеп окуучуларынын билимдерин жалпылоого, тереңдетүүгө жана бекемдөөгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле ойлонуу, ой жүгүртүү жана керектүү маалыматты өзү табуу жөндөмүнүн өнүгүшүнө салым кошот. Мындан тышкары, окуучулардынн билимин иретке келтирүүгө

туура мамиле кылуу балдардын окууга болгон кызыгуусун, жаңы нерселерди үйрөнүүгө умтулуусун ойготууга жардам берет. Азыркы учурда мектепте алган билим гана эмес, окуучулардын билимди алуу ыкмаларын, ой жүгүртүү ыкмаларын жана окуу иш-аракеттерин өздөштүрүү, таанып-билүү күчтөрүн жана окуучунун чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү маанилүү болуп жатат. Мугалим тарабынан жакшы уюштурулган билимдерди системалаштыруу окуучулардын үйрөнүлгөн материалды өздөштүрүү деңгээлин туура баалоого гана эмес, алардын өздөрүнүн ийгиликтерин жана кемчиликтерин да көрбилүүсүнө да мүмкүндүк берет.

Окуучулардын билимин системалаштыруу маселеси жаңы түшүнүк эмес, бул багытта топтолгон педагогикалык тажрыйба бай жана ар тараптуу. Системалаштыруу – бул жетишилген натыйжалардын пландалган окуу максаттарына туура келүүсү. Билим жана көндүмдөрдү системалаштыруунун негизги максаты окуучулардын жетишкендиктерин жана ийгиликтерин ачуу; мектеп окуучуларын кийинчерээк жигердүү чыгармачылыкка тартуу үчүн шарттар түзүү, билимди, көндүмдөрдү өркүндөтүү, терендетүү жолдорун көрсөтүү болуп саналат.

Билимдерди системалаштыруунун проблемасын изилдеген ар кандай авторлор өз макалаларында анын ар түрдүү: окутуу, тарбиялоо, диагностикалык, прогноздук, өнүктүрүүчү, багыт берүүчү функцияларын бөлүп көрсөтүшөт. Бирок баары, өзгөчө, эң башкысы контролдоочу функция экенине ынанышат. Анткени текшерүү аркылуу мектеп окуучуларынын билим жана көндүмдөрүнүн абалын, алардын психикалык өнүгүү деңгээлин, окуучулардын таанып-билүү ишинин ыкмаларын өздөштүрүү даражасын, сарамжалдуулукка тарбиялоо иштерин жүргүзүүнүн натыйжаларын көрөбүз.

Системалаштыруунун жардамы менен билимди, көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү андан ары өздөштүрүүнүн баштапкы деңгээли аныкталат, аларды өздөштүрүүнүн тереңдиги жана көлөмү изилденет. Пландалган иш жүзүндөгү натыйжалар менен салыштырылат, мугалим колдонгон методдордун, формалардын жана окуу куралдарынын эффективдүүлүгү белгиленет.

Биз тандап алган теманын актуалдуулугун көрсөткөн дагы бир жагдай мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн билим сапатына жогорку окуу жайлары тарабынан коюлган талаптар менен алардын ЖОЖдо окууга даярдыгынын реалдуу деңгээлинин ортосунда олуттуу карама-каршылыктар болуп саналат. Анткени бүтүрүүчү өзүнүн келечектеги кесиби үчүн эң керектүү болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрду иргеп, өздүк компетенцияга айландыруусу үчүн билимдерди системага келтирүүнүн ыкмаларына ээ болуусу зарыл. Андан сырткары программалык документтерде ар дайым белгиленип келген “билим сапатын жогорулатуу”, “окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү” ж.б. у.с. талаптарды иш жузунө ашырууда сабакта математика мугалимдери менен окуучулардын иш-аракеттери кандай формада уюштурулушу керек? –деген суроонун чечилишине билимдерди системага келтирүү боюнча жүргүзүлгөн иш-аракеттердин тийгизген таасирин теориялык жана практикалык жактан изилдөө зарыл деп эсептейбиз.

Изилдөөнүн максаты – жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын билимдерин системалаштыруу боюнча мугалимдин ишинин теориялык жана методикалык негиздерин илимий жактан негиздөө жана андан ары өнүктүрүү жана системалуу мамиленин негизинде алардын математика предмети боюнча билимдерин системалаштыруу методологиясын өркүндөтүү болуп саналат.

Билимдерди системалаштыруу маселелери төмөндөгү психолог жана педагог окумуштуулар тарабынан каралган:

Н.В.Садовский, Э.Г.Юдин, И.Б.Бекбоев, Л.С.Выготский, П.Я.Гальперин, В.В.Давыдов, Е.Н.Кабанова-Меллер, С.Л.Рубинштейн, Ю.А.Самарин, Н.Ф.Талызина, С.И.Архангельский, Ю.К.Бабанский, В.П.Беспалько, М.Л.Данилов, Л.Я.Зорина, Н.В.Кузьмина, И.Я.Лернер, В.П.Симонов, М.Н.Скаткин, А.В.Усова, К.Д.Ушинский ж.б.

Каралган изилдөөлөргө ылайык билимдерди жана билгичтиктерди системалаштыруунун жана жалпылоонун принциптери катары төмөнкүлөр белгиленет: системалаштыруунун максаттуулугу, объективдүүлүгү, комплекстүүлүгү жана жекече болушу белгиленет.

а) Максаттуулугу ар бир форманын максатын так аныктоону билдирет. Максат коюу системалаштыруунун колдонулуучу формаларын, ыкмаларын жана каражаттарын негиздөө боюнча бардык мындан аркы иштерди аныктайт. Системалаштыруунун максаттары төмөнкү суроолорго жооп берүүнү камтыйт [3]: эмнени текшерүү керек, кимден сурамжылоо керек, тандалган форманын жыйынтыгы боюнча кандай тыянак чыгарууга болот, формадан күтүлгөн эффект кандай болот.

Системалаштыруу максаттарын конкреттештирүүдө алар билим берүүнүн ушул баскычында ишке ашырылуучу окуучуларды тарбиялоо, өнүктүрүү жана окутуу максаттарына ылайык келүүсү зарыл.

б) Системалаштыруунун объективдүүлүгү окуучулардын иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрүн бурмалаган жана системалаштыруунун тарбиялык маанисин төмөндөтүүчү субъективдүү жана жаңылыш корутундулардын учурларын алдын алат.

Системалаштыруунун объективдүүлүгү көптөгөн факторлорго көз каранды. Алардын ичинен төмөнкүлөр айырмаланат [5]: окуунун жалпы жана конкреттүү максаттарын так аныктоо, объекттерди бөлүштүрүү жана тандоонун негиздүүлүгү жана системалаштыруунун мазмуну, системалаштыруунун натыйжаларын иштеп чыгуу, талдоо жана баалоо методдорунун болушу, уюштуруу формаларын тандоо.

в) Комплекстүү системалаштыруу - текшерилип жаткан материалдын чоң көлөмүн камтуу. Бул принцип бул курстун негизги идеяларын өздөштүрүү, ошондой эле окуу материалын белгилүү бир мазмун, курстун өзөктүү линиялары боюнча өздөштүрүү, студенттердин жеке жана маанилүү фактыларды, түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теоремаларды, иш-аракеттердин ыкмаларын жана билимдерин өздөштүрүүсүн камтыйт.

г) Системалаштыруунун жекечелиги ар бир окуучунун билимин, билгичтигин жана жөндөмүн эске алуу талап кылат.

Окуучулардын математикалык билим жана билгичтиктерин системалаштыруу окуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Окуучулардын билим берүү ишмердүүлүгүн туура уюшкан системалаштыруу мугалимге алар алган билимди, көндүмдөрдү, көндүмдөрдү баалоого, керектүү жардамды өз убагында көрсөтүүгө жана окуу максаттарына жетишүүгө мүмкүндүк берет. Мунун баары биригип окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, математика сабагында өз алдынча иштөөсүн активдештирүү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Окуучулардын билимин жакшы уюштурулган системалаштыруу мугалимге окуучулардын өздөштүрүлгөн материалдардын өздөштүрүү деңгээлин туура баалоого гана эмес, ошондой эле алардын ийгиликтерин жана кемчиликтерин да көрүүгө мүмкүндүк берет. Системалаштыруу - бул билимди ийгиликтүү өздөштүрүүнүн шарты, демек, ар кандай контролдук тесттен ийгиликтүү өтүүнүн да шарты болуп саналат.

Математикалык билимдерди жана билгичтиктерди системалаштыруу өзгөчө маанилүү функцияларга ээ. Алар төмөнкүлөр [1]:

1. *Көзөмөлдөөчүлүк функциясы.* Контролдоочу функция окуучулардын билиминин жана көндүмдөрүнүн абалын, алардын психикалык өнүгүү деңгээлин аныктоодон, таанып-билүү ишинин ыкмаларын өздөштүрүү даражасын, сарамжалдуу тарбия иштеринин көндүмдөрүн изилдөөдөн турат.
2. *Окутуучу функциясы.* Окуу функциясы билимди жана көндүмдөрдү өркүндөтүү болуп саналат. Жалпылоо процессинде окуучулар окуган материалды кайталап, бекемдейт. Алар мурда үйрөнгөндөрүн кайталап гана тим болбостон, билимди жана көндүмдөрдү жаңы кырдаалда колдонушат. Жалпылоо окуучуларга изилденип жаткан материалдагы негизги нерсени бөлүп көрсөтүүгө, текшерилип жаткан билимди жана көндүмдөрдү ачык жана так кылууга жардам берет.

3. *Диагностикалык функция.* Системалаштыруунун диагноздллчу функциясынын маңызы окуучулардын билимдериндеги жана көндүмдөрүндөгү каталар, кемчиликтер жана боштуктар, каталардын саны жана мүнөзү жөнүндө маалымат алууда турат. Диагностикалык текшерүүлөрдүн натыйжалары окутуунун эң интенсивдүү методикасын тандоого жардам берет, ошондой эле окутуунун ыкмаларынын жана каражаттарынын мазмунун мындан ары өркүндөтүү багытын тактайт.
4. *Болжолдоочу (прогноздоочу) функциясы.* Системалаштыруунун прогностикалык функциясы билим берүү процесси жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн кызмат кылат. Системалаштыруунун натыйжасында окуу процессинин белгилүү бир сегментинин жүрүшүн болжолдоо үчүн негиздер аныкталат. Мисалы, конкреттүү билимдер, көндүмдөр жана көндүмдөр окуу материалынын кийинки бөлүгүн (бөлүм, тема) өздөштүрүү үчүн жетиштүү түрдө калыптанганбы же жокпу ж.б. Прогноздун натыйжалары азыркы тапта ушул типтеги каталарды кетирген же таанып-билүү иш-аракеттеринин ыкмаларынын тутумунда белгилүү бир боштуктары бар окуучунун андан аркы жүрүм-турумунун моделин түзүү үчүн колдонулат. Болжолдоо билим берүү процессин андан ары пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн туура корутундуларды алууга жардам берет.
5. *Өнүктүрүүчүлүк функциясы.* Системалаштыруунун өнүктүрүүчү функциясы окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө алардын таанып-билүү активдүүлүгүн стимулдаштыруу болуп саналат. Студенттердин өнүгүүсүндө системалаштыруу өзгөчө мүмкүнчүлүктөргө ээ. Системалаштыруу процессинде сүйлөө, эс тутум, көңүл буруу, фантазия, эрк, ой жүгүртүү өнүгөт. Системалаштыруу инсандын жөндөмдөрү, ыктары, кызыкчылыктары, муктаждыктары сыяктуу сапаттарынын өнүгүшүнө жана көрүнүшүнө чоң таасирин тийгизет.
6. *Багыттоочулук функциясы.* Системалаштыруунун багыт берүүчү функциясынын маңызы жеке окуучунун жана бүтүндөй топтун окуу максатына жетишүү даражасы – окуу материалынын канчалык деңгээлде өздөштүрүлгөнү жана канчалык терең изилденгендиги жөнүндө маалымат алууда. Системалаштыруу окуучулардын кыйынчылыктарында жана жетишкендиктеринде жетекчилик кылат жана каталардын үстүндө иштөөгө багыт берет.
7. *Тарбиялык функциясы.* Системалаштыруунун тарбиялык функциясы окуучуларды окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилеге, тартипке, тактыкка, чынчылдыкка тарбиялоо болуп саналат. Билимди системалаштыруу окуучуларды тапшырмаларды аткарууда өзүн олуттуу жана үзгүлтүксүз көзөмөлдөөгө түрткү берет. Бул бекем эркти, туруктуулукту, үзгүлтүксүз иштөөнү адат кылуунун шарты.

Тандалган функцияларды практикада ишке ашыруу системалаштыруунун натыйжалуулугун шарттайт, жыйынтыгында окуу процессинин өзү эффективдүү болот.

*Системалаштыруунун мазмуну.* Системалаштыруунун мазмунун белгилөө окуу материалынын бул сегментин изилдөө максаттарынан көз каранды. Максаттарды жана мазмунду сыпаттоодо ар кандай ыкмалар бар, алар окуучулардын билимин жана көндүмдөрүн системалаштыруу үчүн инструменттерди иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат [5]. Төмөнкү ыкмаларды карап көрөлү:

Биринчи ыкма окутуунун натыйжасында окуучулардын билимине жана көндүмдөрүнө мүнөздүү болушу керек болгон сынамаларды аныктоо менен байланышкан. Ал сапаттар: толуктук, терендик, жалпылоо, маалымдуулук.

Экинчи ыкма билимди өздөштүрүү деңгээлин жана иш-аракеттердин тиешелүү түрлөрүн аныктоо жана көрсөтүү менен байланышкан. Материалды өздөштүрүүнүн төмөнкү деңгээлдери бөлүнөт: таануу, жаттоо, кайра чыгаруу.

Билимдерди системалаштыруудагы негизги иш - аракеттер болуп төмөнкүлөр саналат [2]:

1. Билим системасынын структуралык элементтерин аныктоо (өзүнчө темада, бөлүмдө, предмет боюнча бүтүндөй курста).

2. Ар бир элементтин негизги белгилерин аныктоо жана эске алуу.

3. Элементтер ортосундагы байланыштарды аныктоо, изилдөө жана көрсөтүү.

*Системалаштыруунун формалары.* Практикада окутуунун формаларына ылайык системалаштыруунун 3 формасы бар: жеке, топтук жана фронталдык.[4]

*Жеке системалаштыруу.* Жеке көзөмөл менен ар бир студент өзүнүн тапшырмасын алат, ал аны сырттан жардамсыз аткарышы керек. Эгерде сиз жеке окуучулардын жеке билимин, жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн билгиңиз келсе, системалаштыруунун бул формасы ылайыктуу.

*Топтук системалаштыруу.* Билимди мындай системалаштырууну жүргүзүүдө класс убактылуу бир нече топторго (2ден 10 окуучуга чейин) бөлүнөт жана ар бир топко тапшырма берилет. Системалаштыруу максатына жараша топторго бирдей же ар башка тапшырмалар сунушталат [4]

Системалаштыруунун *топтук формасы* төмөнкү учурларда колдонулат:

а) Окуу материалын жалпылоо жана системалаштыруу максатында кайталоодо;

б) Проблемаларды чечүүнүн ыкмаларын жана билгичтиктерди бөлүп көрсөтүүдө;

в) Маселелердин эң рационалдуу чечимдерин аныктоодо же теоремаларды далилдөөдө.

Топтук формада иштөө аркылуу проблемаларды чечүүнүн ыкмаларын бөлүп көрсөтүүгө карата окуучуларга төмөндөгү таблицалык тапшырманы сунуштайбыз (1-

| ***$ax^2$+вх+с>0*** Чечимдерин тапкыла | | | | *Барабарсыздыктын чечими кайсы болот?(Жоопторду карагыла)* |
|---|---|---|---|---|
| ***1. $ax^2$+вх+с >0, а < 0, барбарсыздыгын чыгаргыла*** | *$ax^2$+вх+с=0,* тендемеси учун Д>0 | Эки ар башка чыныгы тамырларга ээ болобу? : $x_1$ жана $x_2$, ооба, жок | *У = $ax^2$+вх+с парабола, ох огу менен канча чекитте кесилишет?* Бир, эки, жок | |
| ***2. $ax^2$+вх+с>0, а >0, барбарсыздыгын чыгаргыла*** | *$ax^2$+вх+с=0,* тендемеси учун Д>0 | Эки ар башка чыныгы тамырларга ээ болобу? : $x_1$ жана $x_2$ ооба, жок | *У= $ax^2$+вх+с парабола, ох огу менен канча чекитте кесилишет?* Бир, эки, жок | |

таблица) (Алгебра, 8-класс. Квадраттык барабарсыздыктарды чыгаруунун алгоритмасы боюнча билимдерди системага келтирүүгө карата тапшырма берилди. Мында барабарсыздык, тендеме жана функция түшүнктөрүнүн байланышы каралат).

Тапшырма -1. *1-таблицада берилген шарттарга ылайык барабарсыздыктардын чечимдерин тапкыла:*

1-таблица

Жооптор:

А) $(-\infty; x_1)$; Б) $(x_1; x_2)$; В) $(x_1; +\infty)$; Г) $(-\infty; x_1] \cup [x_1; +\infty)$.

*Фронталдык системалаштыруу.* Фронталдык башкаруу менен тапшырмалар бүт класска сунушталат. Бул системалаштыруу процессинде окуу материалын кабыл алуунун жана түшүнүүнүн тууралыгы изилденип, окуучулардын билиминдеги алсыздыктар, кемчиликтер, мүчүлүштүктөр, окуучулардын ишиндеги жана жоопторундагы каталар

ачылат. Бул мугалимге аларды жеңүү жана жоюу боюнча чараларды өз убагында аныктоого мүмкүндүк берет.

Математиканы окутуу процессинде өз алдынча системалаштырууну уюштуруунун жолу – жоопту көрсөтүү (алдын ала белгилүү болгон же окуучулардын бири-бирине билдирүүсү). Кээ бир окуучулар үчүн эмгекти көп талап кылган тапшырмаларды аткарууда акыркы жыйынтыкты текшерүү жетиштүү. Башкалар ортодогу жоопторду бериши керек. Бул аларга күчтүү көндүмдөрү калыптана элек учурда да окуу тапшырмаларын өз алдынча аткарууга жардам берет.

Окуучулардын ишинде өз алдынча системалаштырууга түрткү берүүчү билим берүү милдеттеринин арасында белгилүү орунду программаланган системалаштыруу ээлейт. Мындай тапшырмалар окуучулардын өз алдынча окуу иштеринин интенсивдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет, Бул ыкма фронталдык ишти уюштуруу жана алынган жеке натыйжаларды жамааттык талкуулоо үчүн ыңгайлуу.

Математиканы окутууда системалаштыруунун экинчи кеңири колдонулган ыкмасы бул жазуу жүзүндөгү тест иштеринин формасы. Бул ыкманын өзүнүн сапаттык өзгөчөлүктөрү бар: оозеки формага салыштырмалуу көбүрөөк объективдүүлүк, текшерилип жаткан адамдардын керектүү санын камтуу, убакытты үнөмдөө. Жазуу иштери төмөнкү максатта колдонулат: 1.Теориялык материалды жалпылоо; 2. Маселени чечүү үчүн аны колдоно билүү; 3. Түзүлгөн көндүмдөрдү системалаштыруу.

Жазуу иштеринин методологиясында төрт негизги этапка көңүл буруу керек: даярдоо, уюштуруу, өткөрүү, натыйжаларды талдоо.

Окуучулардын математикалык ишмердүүлүгүн системалаштырууга жана өз алдынча системалаштырууга байланыштуу көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча ырааттуу иштөө менен байкаларлык натыйжаларга жетишүүгө болот. Ошол эле учурда мектеп окуучуларынын жалпы математикалык маданияты өсүп, алардын иш-аракеттери, жооптору сапаттуу болуп калыптанат.

**Корутунду**.

1. Азыры талаптарга ылайык математикалык билим берүүнү ишке ашырууда математика мугалимдери сабактарда окуучулардын билимдерин системага келтирүүнүн функцияларын, принциптерин жана уюштуруу формаларын так билүүсу зарыл.

2.Ар бир математика мугалими сабактарда окуучулардын билимдерин системага келтирүүнүн ар турдүү ыкмалары менен окутуунун жаңы технологияларын биргеликте колдонуу аркылуу сабактардын натыйжалуулгуна жетишүүгө шарттарды түзө алышат.

3. Окуучуларда математикалык билимдерди системага келтирүүнүн ыкмаларын калыптандыруу алардын ар кандай текшерүүлөрдөн натыйжалуу өтүүнүн зарыл шарты болуп саналат.

3. Математика мугалимдери билимдерди системага салууга жана окуучулардын ой-жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүгө жардам бергендей максаттуу тапшырмаларды түзө билүү, ар түрдүү схемалар жана таблицалар менен иштөөнү уюштуруу билгичтиктерине ээ болуусу зарыл.

**Адабияттар**


1. Амонашвили Ш. А. Обучение. Оценка. Отметки. – М.: Знание, 2004.
2. Баймуханов Б. Б. Тематический контроль и учет знаний // Математика в школе, 2006. - №5.
3. Бекбоев И.Б. Мектептин стереометрия курсу боюнча маселелерди чыгарууну системалаштыруу. / Үчүнчү бөлүм. Фрунзе. Мектеп, 1982. – 11,6 б.т. А.И.Тимофеев авторлош.
4. Бородa Л.Я. Некоторые формы систематизации знаний на уроке // Математика в школе, 2005. - №4.

5. Вахламова А. П., Рабунский Е. С. О систематической взаимопроверке знаний учащихся на уроках // Математика в школе, 2004. - №1.

*   *   *

**УДК 371.3: 494.3:8.085.4**

# ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВДИН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА АРНАГАН ИЛИМИЙ ЖАНА ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИ

***Байбосова Д.К. – А.Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникумунун окутуучусу***

***Аннотация:*** *Бул макалада И.Арабаевдин жолун жолдогон этнопедагог окумуштуу, профессор К. Сартбаевдин илимий өмүр жолунун экинчи баскычындагы жогорку окуу жайлары үчүн жараткан эмгектери жана ошондой эле, окумуштуунун эмгектери камтылган он томдук тууралуу сөз болмокчу.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *профессор К.Сартбаев, этнопедагог, педагогикалык жогорку окуу жайлары, кыргыз тилин окутуу, окуу куралдары, он томдук*

# НАУЧНО-ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ТРУДЫ ПРОФЕССОРА КАРАТАЯ САРТБАЕВА ДЛЯ ВУЗОВ

***Байбосова Д.К.- преподователь финансово-экономического техникума имени А.Токтоналиева***

***Аннотация:*** *В данной статье этнопедагог, ученый, профессор К. Речь пойдет о десяти томах, содержащих работы Сартбаева, созданные для высших учебных заведений на втором этапе его научной карьеры, а также о работах самого ученого.*

***Ключевые слова:*** *профессор К.Сартбаев, этнопедагог, педагогические вузы, кыргызский язык, учебные пособие, десяти томник*

# NAUCHNO-ETNOPEDAGOGICHESKIYe TRUDY PROFESSORA KARATAYA SARTBAEVA DLYA VUZOV

***Baibosova D.K. - teacher of financial and economic technical school named after A. Toktonaliev Baibosova D.K. - teacher of financial and economic technical school named after A. Toktonaliev***

***Annotatsiya:*** *In this article, ethnopedagogue, scientist, professor K. We will talk about ten volumes containing the works of Sartbaev, created for higher educational institutions at the second stage of his scientific career, as well as the works of the scientist himself. Keywords: Professor K. Sartbaev, ethnopedagogue, pedagogical universities, teaching the Kyrgyz language, textbooks, ten volumes*

***Key words****: Professor K.Sartbaev, ethnopedagogue, pedagogical universities, Kyrgyz language, textbooks, ten volumes*

Кыргыз педагогика илиминин тарыхында тунгуч агартуучулар И.Арабаев [1;2], С.Нааматов [3], К.Тыныстановдордун [5;6;7] эне тилине арналган алгачкы окуу куралдары нукура элдик педагогиканын, этнопедагогиканын негизинде иштелип чыгып, өз доорунда аябагандай зор милдетти аткарып, жалпы массанын сабаттуулугун арттырууда төө көтөргүс жүктү аркалаган. Андан соң, алардын жолун улаган И.Арабаевдин этнопедагогикалык мурастарын сактап, барктап-баалаган окумуштуу бул К.Сартбаев [4;8;9; 10] болуп саналмакчы.

Педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетиндеги кыргыз, орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору Мусаева Венера Инаятовна белгилегендей, "плофессор Каратай Сартбаевдин илимий-методикалык педагогикалык өмүр жолунун экинчи баскычын" окутуу бул – 1988-жылдан 2014-жылга чейинки мурдагы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институту азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика факультетинде иштеп турган мезгили болуп саналмакчы.

Профессор Каратай Сартбаевдин педагогикалык өмүр жолунда 1988-жылы "экинчи баскыч" башталат. Өзүнүн 28 жылдык өмүрүн башталгыч мектептердин проблемаларына арнап келген болсо, эми ошол башталгыч класстарга болочок мугалимдерди даярдаган окуу жайга, атап айтканда, В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна атайын сынактын жыйынтыгында Гуманитардык билимдер кафедрасынын башчысы катары кызматка алынат.

Профессор Каратай Сартбаев бул окуу жайында 26 жыл бою педагогикалык өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин талыкпастан кумурскадай мээнеттенип, нечендеген ондогон башталгыч класстардын болочок мугалимдерин, адистерди даярдап, окутуп-тарбиялайт. Ушул 1988-жылдан 2014-жылдарга чейин К.Сартбаев буга чейинки илимий-методикалык иштерин андан ары илимий-педагогикалык багытка буруп, улантат. Башталгыч билим берүүнүн проблемаларына арналган бир катар эмгектерин жарыкка чыгарып, жайылтат. Алар, мисалы, төмөнкүлөр:

1) Б.Рысбекова., К.Сартбаев Сабатка үйрөтүү. 1-класстын окуучулары үчүн көрсөтмө курал. 1989-жыл;
2) К.Сартбаев., Б.Үмөталиева Кыргыз тилинин көрсөтмө куралы.1990-жыл;
3) Дидактикалык материалдар. 4-класс. 1990-жыл;
4) К.Сартбаев., С.Үсөналиев. Орфографиялык сөздүк. 1990-жыл;
5) К.Сартбаев., К.Кондучалова Жат жазуулар жыйнагы. 1991-жыл
6) Сартбаев К. ж.б. "Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы" дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси // Педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери жана окутуучулары үчүн окуу куралы. 1-бөлүм. 2013-жыл.
7) Сартбаев К. "Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы" дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси // Педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери жана окутуучулары үчүн окуу куралы. 2-бөлүм. 2013-жыл.
8) Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы // Педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери жана магистранттары үчүн окуу китеби. 2013-жыл.

*"Педагогикалык окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун методикасы"* аттуу эмгегин Б.Үмөталиева жана Ж.Жакыповдор менен бирге иштешип, 1980-жылы "Мектеп" басмасынан жарык көргөн. Бул эмгекте атайын орто окуу жайларында кыргыз тили боюнча окуу материалдарынын методикалык жолдору көрсөтүлгөн. Окуу материалдарына карата суроолор жана тапшырмалары түзүлгөн.

Профессор Каратай Сартбаевдин башталгыч класстарда эне тилинен билим берүү боюнча жогорку окуу жайларда адистерди даярдоодо, алардын билимин өркүндөтүүдө, окуу-методикалык комплекстерди даярдоодо, окуу куралдарын иштеп чыгууда, студенттердин педагогикалык практикаларын уюштурууда сиңирген эмгектери жана бул багытта калтырган илимий-педагогикалык мурастары өзүнчө бир системалуу илимий изилдөөлөрдү талап кылаары шексиз.

Илим күнүнө карата 2013-жылдын 5-ноябрында Каратай Сартбаевдин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө арналган "Профессор К.Сартбаев – чыныгы элдик мугалим" аттуу илимий-практикалык конференциясына карата "Профессор К.Сартбаев. Тандалган эмгектер" аттуу жүз жетимиш эки (172) басма табакты түзгөн он томдук эмгек даядалган. Аны педагогика факультетинин кыргыз, орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин доктору А.Акунова түзүп чыккан.

“Бул жыйнакка элибизге таанымал методист-окумуштуу, учурда башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуу илиминин көч башында турган, улуу муундун өкүлү профессор Каратай Сартбаевдин өмүр жолу, педагогдук, окумуштуулук, коомдук ишмердүүлүгү, үй-бүлөсү тууралуу материалдар топтоштурулган. Жыйнак башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунунметодикасынын тарыхын окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө кызыккан студенттерге, мугалимдерге, магистранттарга жана аспиранттарга, изденүүчүлөргө профессор К.Сартбаев тууралуу кеңири маалымат алууга, педагогикалык тажрыйбасын окуп-үйрөнүүгө, жайылтууга, ошону менен бирге эле окуу китептерин жана окуу куралдарын түзүүчүлөргө теориялык жана практикалык жактан жардам бермекчи [10.649].

Төмөндө биз аталган он томдук жыйнактын биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, тогузунчу жана онунчу томунда камтылган материалдардын топтомун келтиребиз:

“*Биринчи томдо* элибизге таанымал методист-окумуштуу, профессор Каратай Сартбаевдин өмүр жолу, педагогдук, окумуштуулук, коомдук ишмердүүлүгү, үй-бүлөсү тууралуу тандалган материалдар топтоштурулган. 2012-2013-жылы педагогика институтунда аткарылган дипломдук изилдөөнүн материалдары, жубайы А.Мураталиеванын, кыздарынын профессор К.Сартбаев тууралуу берген үй-бүлөлүк архивдик материалдар пайдаланылып, фото-сүрөттөр менен коштолгондугу” [10.649];

*Экинчи томдо* “Байчечекей” жана “Алиппе” окуу китептери тууралуу маалыматтар орун алган. “Байчечекей” бул даярдоо класстары үчүн окуу китеби катары Кыргыз ССР агартуу министрлиги тарабынан бекитилип, 1981-жылы 20000 нускада он жарым миң басма табак көлөмүндө “Мектеп” басмасынан басылып чыккандыгы, ошону менен бирге эле, “Алиппе” – алты жаштан окуган 1-класстын окуучулары үчүн окуу китеби катары Кыргыз ССР агартуу министрлиги тарабынан бекитилип, 1987-жылы 28000нускада 10,51 басма табак көлөмүндө “Мектеп” басмасынан 2-басылышы жарык көргөндүгү тууралуу маалыматтар орун алгандыгы;

*Үчүнчү томдо* экинчи томдогу “Алиппе” окуу китеби тууралуу маалыматтар андан ары улантылып, “Алиппе” – алты жаштан окуган 1-класстын окуучулары үчүн окуу китеби катары Кыргыз Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан бекитилип, 1993-жылы 75000нускада 11,17 басма табак көлөмүндө басмадан жарык көргөндүгү жана төмөнкүдөй окуу куралдары:

Б.Рысбекова., К.Сартбаев. Жазуу дептери. 1990-жыл, 5-басылышы;

Б.Рысбекова., К.Сартбаев. Сабат таблицасы. Эне тилинен түзүлгөн көрсөтмө курал. 1988-жыл;

Б.Үмөталиева., К.Сартбаев Таблицалар. 4-класстар үчүн эне тилинен түзүлгөн көрсөтмө курал. 1990-жыл тууралуу айтылган [10.650].

*Төртүнчү томдо* “башталгыч мектептердин 3-класстары үчүн “Кыргыз тили” окуу китеби Кыргыз ССР агартуу министрлиги тарабынан бекитилип, 12 жолу басылган. Акыркы жолу Фрунзе шаарындагы “Мектеп” басмасында 1989-жылы 23000 нускада 12,87 басма табак көлөмүндө басылып чыккан. Башталгыч мектептердин 4-класстары үчүн “Кыргыз тили” окуу китеби Кыргыз ССР Элге билим берүү министрлиги тарабынан бекитилип, 2-жолу басылышы Фрунзе шаарындагы “Мектеп” басмасында 1991-жылы 60000 нускада 12,87 басма табак көлөмүндө басылып чыккандыгы” [10.650-651];

*Бешинчи томдо “*К.Сартбаев., Р.Корголдоева.,Ү.Кармиевдердин сегиз жылдык жана орто мектептердин 4-класстары үчүн “Эне тили” окуу китеби Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги тарабынан бекитилген. Конкурста экинчи сыйлыкка татыктуу болгон. 1966-жылы 29000нускада 11,14 басма табак көлөмүндө Фрунзе шаарындагы “Мектеп” басмасында басылып чыккан. “Октябряттар” аттуу 1-класстын окуучулары үчүн класстан тышкаркы окуу китеби Кыргыз ССР агартуу министрлиги тарабынан бекитилип, 1981-жылы 11000нускада оңдолуп, толукталып экинчи басылышы Фрунзе шаарындагы “Мектеп” басмасынан 8,75 басма табак көлөмүндө басылып чыккандыгы, ошондой эле, 6 жаштан

окуган 2-класстын окуучулары үчүн класстан тышкаркы окуу китеби Фрунзе шаарындагы “Мектеп” басмасында 1987-жылы басылгандыгы [10.651-652];

*Тогузунчу томдо* профессор Каратай Сартбаевдин башталгыч класстардын мугалимдери үчүн 1990-жылдан 2000-жылга чейинки аралыкта жарык көргөн ар кыл темалардагы таалим-тарбиялык максатты көздөгөн окуу басылмалары, “Эл агартуу”, “Мугалимге жардам” журналдарына жарыяланган илимий макалаларынын топтому орун алган. Алар:

- ✓ *Касым Тыныстановдун лингвистикалык, педагогикалык мурастары жөнүндө*. 2001-жылы 36бет көлөмүндө басылып чыккан;
- ✓ *И.Арабаевдин “Алиппесине” 90жыл*. 2001-жылы 200нускада 32бет көлөмүндө жарык көргөн;
- ✓ *Билим, илим жөнүндөгү макалдар, учкул сөздөр*. Окуу куралы. 2001-жылы 28бет көлөмүндө басылган;
- ✓ *Карысы бардын ырысы бар*. Окуу куралы. 2005-жылы “Айат” басмасынан 38бет көлөмүндө басылып чыккан;
- ✓ *Аял заты айтып бүткүс дастан.* Окуу куралы. 2010-жылы “Айат” басмасынан 40бет көлөмүндө басылып чыккан;

*Онунчу томдо* профессор Каратай Сартбаевдин Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде башталгыч билим берүү боюнча иштеп чыккан окуу программалары, 1960-жылдан 1990-жылдарга чейин илимий-практикалык конференцияларда окуган докладдары жана докладдарынын тезистери хронологиялык тартипке ылайыкташтырылып, топтоштурулган. Ошондой эле, республикага таанымал методист-окумуштуу, профессор Каратай Сартбаевдин жогорку окуу жайларда башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоодо кыргыз тилин окутуунун методикасын окутуп-үйрөтүүгө карата түзүп, иштеп чыккан фундаменталдуу окуу китептери, окуу куралдары, окуу программалары, илимий-методикалык эмгектери орун алган.

2016-жылдын декабрь айынын акыркы жумасында И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетиндеги профессор Каратай Сартбаев өзү Ишенаалы Арабаевге арнап негиздеп, түзүп чыккан кабинетте (лабораторияда) илимий-практикалык конференция өткөрүлүп, педагогика илимдеринин доктору И.Арабаев атындагы КМУнун профессору В.И.Мусаева профессор Каратай Сартбаевдин илимий-педагогикалык мурастары тууралуу негизги доклад менен чыгып, сөз сүйлөгөндүгүн, ошондой эле, И.Арабаев атындагы КМУнун жетекчилиги менен бирге эле Султан Раев баштаган өкүлдөр катышып, сөз сүйлөгөндүгүн, ошондой эле, В.И.Мусаева белгилегендей, студенттерге лекция окууда И.Арабаев, С.Нааматов, К.Тыныстановдон кийин эле бир катарда профессор К.Сартбаевдин да ысымы аталып, эмгектери тууралуу маалымат айтыла тургандыгын белгилей кетмекчибиз.

Профессор Каратай Сартбаевдин илимий-методикалык жана илимий-педагогикалык мурастары 300 басма табак “Алиппе” баштаган окуу китептери, окуу программа, окуу куралдары 60тан ашат. 200дөн ашуун илимий макалалары жарык көргөн. 150 басма табак көлөмүндө окуу китептери “Мектеп” басмасынан байма-бай басылып чыгып, 1000 000 1500 нусканы түзүп, орто мектептерде чейрек кылым бою жаш муундарды окутуп-тарбиялап келди. КРнын эл агартуусунун отличниги, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери наамына ээ болгон. Ошондой эле И.Арабаев атындагы КМУнун эмгек жамааты бир добуштан колдоого алып, КРнын Эл мугалими ардактуу наамга көрсөтүлгөн.

Профессор Каратай Сартбаев эл аралык “Чыңгыз Айтматов” клубунун мүчөсү болуу менен бирге эле залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун балдарга арналган адабий чыгармаларын башталгыч класстардын окуу программаларына жана адабий окуу китептерине киргизүүдө, аларды мектепте окутууга жайылтууда зор эмгек сиңирген. Ошону менен катар Чыңгыз Айтматов боюнча студенттерге курстук иштерди жана дипломдук иштерди жаздырууга да өзгөчө маани берген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, техника илимдеринин доктору, профессор Кыргз-түрк “Манас” университетинин инженердик факультетинин деканы Улан Биримкулов профессор Каратай Сартбаевге арналган илимий макаласында К.Сартбаевдин илимий-методикалык жана илимий-педагогикалык эмгектери дүйнөлүк интернет булактарында кеңири орун алгандыгын мисалдар менен далилдеп көрсөткөн.

Педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаевдин жубайы жана кесиптеши Акүпү Мураталиеванын жеке демилгеси, мээнети менен профессор К.Сартбаевдин илимий-чыгармачылык өмүр таржымалын камтыган “Биринчи мугалим” аттуу документалдуу даректүү тасма даярдалып, интернет булактары аркылуу жалпы журтка көрсөтүлгөндүгүн айтмакчыбыз. Албетте, окумуштуу тууралуу терең илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, айтыла турган ойлор дагы алдыда демекчибиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Арабай уулу Э., Сарсекеев Х. Алиффбе йаки төтө окуу. Уфа, 1911. -52б.
2. Арабай уулу Э. Жазуу өрнөктөрү. Оренбург.1912
3. Нааматов С. Эне тилинин методикасынан. Айыл мугалимдери жана педтехникумдар үчүн. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1930, -48б.
4. Сартбаев К. 11жылдык орто мектептердин 2-4-класстарынын окуучуларынын кыргыз тилинен алган билимине, билгичтигине жана машыккандыгына карата баа коюунун нормалары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Ф.: “Мектеп” 1989, -45б.
5. Тыныстанов Касым. Кыргыз тилинин морфологийасы. . –Б.: Бийиктик, 2006. -112б.
6. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз. 2-китеп // Биринчи баскыч мектептер жана өзүнчө окуучу чоңдор үчүн биринчи басылышы. Маскөө, СКПСэлдеринин борбордук басмасы жана -Ф.: Кырмамбас. 1932. -22б.
7. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз // Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. Жаңы тамга менен биринчи басылышы. -Ф.: 1928, 68б.
8. Сартбаев К., Мураталиева А. Ишенаалы Арабаевдин агартуу майданындагы асыл мурастары жана анын ишин уланткан шакирттери. Бишкек, Айат, 2011. -188б.
9. Сартбаев К., Акунова А., Мураталиева А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы // Педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери жана магистранттары үчүн окуу китеби. Бишкек, 2013. – 420б.
10. Акүпү Мураталиев Улуу педагог Каратай Сартбаевдин илим казынасынан Бишкек, “Айат” 2016. -784б.


* * *

**УДК 81-1(82-93). (575.2)**

# АБЗИЙ КЫДЫРОВДУН БАЛДАРГА АРНАЛГАН ЫРЛАРЫНЫН ЖАНРДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Бакирова Г.С.- ОшМПУнун улук окутуучусу***

***Аннотация:*** *Макалада балдар акыны Абзий Кыдыровдун балдарга арналган ырларынын жанрдык жактан ар түрдүүлүгү боюнча сөз болот. Ошону менен бирге балдар ырларын мазмундук, формалык, тематикалык, жанрдык жактан байытуудагы акындын кошкон салымы тууралуу кеп козголот. Анын балдардын ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын, дүйнө таанымын, сөз жана ага байланышкан маселелерди түшүнө билүүсүн, кеп байлыгынын өсүүсүнө түрткү берген сөз оюндары: логогриф, шарада, метаграмма жана башка ушул сыяктуу руханий табылгалары тууралуу кенен баяндалды*

***Ачкыч сөздөр:*** *балдар адабияты, психология, жаш курак, акын, жазуучу, метаграмма, шарада, логогриф, ыр, табышмак, бала, дүйнө тааным, сөз оюндары*

# ЖАНРОВАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ПЕСЕН АБЗИЯ КЫДЫРОВА ДЛЯ ДЕТЕЙ

***Бакирова Г.С.-старший преподователь ОшГПУ***

***Аннотация:*** *В статье рассматривается жанровое разнообразие детских песен детского поэта Абзия Кыдырова. При этом будет обсуждаться вклад поэта в обогащение детских стихов по содержанию, форме, теме, жанру. Подробно описаны его духовные открытия, такие как логограф, шарада, метаграмма и другие подобные игры, которые стимулируют детское мышление, сообразительность, понимание мира, способность понимать слова и связанные с ними вопросы, рост словарного запаса.*

***Ключевые слова:*** *детская литература, психология, возраст, поэт, писатель, метаграмма, событие, логограф, стихотворение, загадка, ребенок, познание мира, словесные игры.*

# GENRE CHARACTERISTICS OF ABZIY KYDYROV'S SONGS FOR CHILDREN

***Bakirova G.S. - senior teacher of the OGPU***

***Annotation****: The article deals with the genre variety of children's songs by children's poet Abziya Kydyrova. At the same time, the poet's contribution to the enrichment of children's poems in terms of content, form, theme, and genre will be discussed. His spiritual discoveries are described in detail, such as logograph, sharada, metagram and other similar games that stimulate children's thinking, intelligence, understanding of the world, ability to understand words and related questions, right vocabulary.*

***Key words:*** *children's literature, psychology, age, poet, writer, metagram, event, logograph, poem, riddle, child, knowledge of the world, word games.*

"Адабият" - арап тилинен алынып, искусствонун сөз өнөрү менен ишке ашуучу, дүйнөнү образдуу чагылдырууга негизделген түрү экендиги баарыбызга маалым. Ал эми анын составдуу бир бөлүгү – балдар адабияты.

Балдар адабияты - жалпы көркөм адабияттын өрүштүү бир бөлүгү катары аны менен методологиялык негизи бир. Жаралуу, жетилүү, өркүндөө таржымалы боюнча да тагдырлаш. Учур талабы, турмуш агымы менен жылоолош болуп, коомдук мамилелерди, табигый кубулуштарды, обьективдүү чындыкты, типтүү көрүнүштөрдү реалдуу чагылта турган көркөм изденүүлөрү жана чыгармачыл башкы багыттары жагынан да эриш-аркак. Жалпы адабиятта чоң кишилердин, балдар адабиятында негизинен балдардын турмушу иликтөөгө алынса да, экөөнүн тең предмети-адам. Ошондуктан экөө тең бүтүндөй коомдук мамилелердин жыйындысын көркөм элестетет.

Ошентсе да, балдар адабиятынын өзүнө гана мүнөздүү бөтөнчүлүктөрү бар. Алар баарыдан мурда окурмандардын жаш өзгөчөлүгүнөн, билим, тарбия берүү талабынан келип чыгат. Демек, балдар адабияты жаш муундарга үзүрлүү тарбия берүү максаты боюнча педагогика менен психологияга да тутумдаш.

Балдар курагына карай бөбөктөр (мектеп жашына чейинкилер), жеткинчектер (мектеп жашындагы кенже балдар), тестиерлер жана өспүрүмдөр (жогорку класстын окуучулары) болуп айырмалангандыктан, көркөм чыгармалар да алардын ар биринин эстетикалык татымына ылайык жаралат.

Мына ушундай өзгөчөлүккө, табитке ээ болгон балдар адабиятынын бараандуу жазуучу Абзий Кыдыровдун балдар адабиятынын жанрдык жактан байытуу, көп түрдүүлүгүн ашырууда эмгеги, бала тилдүү чыгармаларынын жанрдык өзгөчөлүгү тууралуу кеп кылып, акындык балдар адабиятынын тарыхынан алган орду, кошкон салымын аз да болсо иликтөөгө алып, окурмандык баа берүү мезгил талабы деп эсептейбиз.

«Москвада жүргөндө, — дейт А. Кыдыров, — чоң адабиятка аралашып кетип, кайра балдарга келе албай кыйналдым. Бала жөнүндө жана балдар үчүн жазуу өзгөчө көркөм ойлоону талап кылат».

“Акыйкат сөз эмеспи. Чындыгында эле чоңдорго китеп жазууга караганда балдарга арналган чыгарма жазуу алда канча татаал экендиги илимий жактан эбак далилденип, адабияттаанууда, педагогика-психологиялык адабияттарда тынымсыз белгиленип келет. Баланын психологиясын билүү, анын тилинде сүйлөө, көркөм чыгарманын тулку-боюна педагогикалык, этномаданий тамыр берүү түйшүктөрүн көтөрүү оңой эмес. Балдар жөнүндө жазуунун азабы менен ырахатын жакшы түшүнгөн А. Кыдыров чоң адабий даярдыктан кийин биротоло балдар адабиятына баш-оту менен кирип, 1966-жылы «Жаш Ленинчи» журналына ишке кирет.

Өзү иштеп турганда журналдын тиркемеси катары пайда болгон «Балаты» рубрикасынын мазмунун байытууга чоң салым кошот. Балдарга арналган жаңылмач, табышмак, суроолуу ырлардын кичинекейлер тарабынан кызуу кабыл алынышы аталган рубриканын «Байчечекей» журналына өсүп чыгышын шарттайт. «Байчечекей» журналынын убагында эң кызыктуу балдар басылмасынын деңгээлине көтөрүлүшүндө А. Кыдыровдун ролу бар экени талашсыз чындык”,-деп жазат адабиятчы, окумуштуу Үмүт Култаева [3].

Биздин оюбузча, акын жана жазуучу Абзий Кыдыров кыргыз балдар поэзиясында балдарга арналган ырлардын жаңы формасын, тактап айтканда, сөз оюндарын иштеп чыгып, бул жаатта балдар акындарынын көч башы болуп келгендиги талашсыз. Балдар ыры, анын ичинде сөз оюн, сөз куроо, сөздөн сөз табуу, тыбыштардын ордун алмаштырып, өзгөчө тапкычтыкка, ойлоо жөндөмдүүлүгүнө баланын ээ болуусун ырлар аркылуу ишке ашырууга белсенген акындын башкалардан өзгөчө көркөм ойлонгондугун шарттап тургансыйт.

Акындын балдар чыгармаларынын жанрдык жактан байытууга кошкон чыгармалары “Туулган күн”, “Мээрим” жыйнактарынан орун алган. А. Кыдыровдун жаңылмачтары, табышмак ырлары, табышмактары, логогрифтери, шарадалары, сөз оюндары, метаграммалары балдар поэзиясынын жаңы баскычка көтөрүлүүсүн шарттаган, ошону менен бирге баланын ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүү менен образдуу ойлоосун өнүктүрүүдө, балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн ойготууда эң мыкты каражат болуп бере алат.

“А. Кыдыров балдар поэзиясына алып кирген жаңы түшүнүктөрдүн бири — логогрифтер”,-дейт адабиятчы Ү. Култаева.

Логогриф-сөзгө жаңы тамганы же муунду улоо менен же сөздөгү тамга, муундарды кемитүү аркылуу пайда болгон жаңы сөздөр. Бул термин грек тилинен алынып, сөз жана тармак дегенди түшүндүрөт. Табышмактын бир түрү, анда ар кандай тамгалардын айкалышы аркылуу табылган сөздөрдөн жаңы сөздөр пайда болот [11].

Балдар адабиятында, поэзиясында акындардын чыгармаларын балдардын кабыл алуусу, түшүнүүсү, ошол эле учурда биз сөз кылып жаткан сөз оюндарын жеткиликтүү түшүнө билүүсүндө, чечмелей алуусунда баланын да дүйнө таанымы, ылдамдык менен ой жүгүртө алуу жөндөмү, көп кырдуу ойлоно алуу, кенен дүйнө тааным да болуусу зарыл, ошол эле учурда акында да баланын жашын, анын билимин, сөздөрдү кабыл алуу деңгээлин, чөйрөсүн да эске алуу керектигин айта турган болсок, анда Абзий Кыдыров мына ушундай оор, бараандуу жолдо салмактуу эмгектенгендигин айта кетүү керек. Акындын логогрифтери:

Кези келсе түнөрүп,  
Түс маанисин чечемин.  
«Г»ны кошсоң ортого,  
Асманга учуп кетемин **(Кара-карга)**  
Жүгөн катып ооздуктап,  
Аны минип чабасың.  
Баш тамгасын өчүрсөң,  
Көктөн гана табасың **(Тай - ай)**

“Ал эми айыл турмушу менен тааныш болбогон же турмуш-тиричиликтеги жумуштарга аралашпаган бала үчүн төмөнкү логогриф кадимкидей оор келиши мүмкүн.

Үшкүрүп сыртка чыгарам,
Күйүттү катпай ичиме.
«О» ну башка тиркесең,
Ат болуп кетем кишиге
**(Мор жана О = Омор)**

Анын үстүнө «күйүттү катпай ичиме» деген ырдын экинчи сабын да балдардын кабыл алышы кыйын. Ошондуктан логогрифтерге сөз тандай билүү, анын көп жактуу милдеттерин мазмунуна сыйдыруу оңой-олтоң иш эмес. Мындай татаал түйшүктү балдар адабиятынын «баба дыйканы» А. Кыдыров тер төгө көтөрүп, өз эмгегинин жакшынакай түшүмүн алып келатат”,-деп белгилейт окумуштуу, адабиятчы Үмүт Култаева.

Биз да окумуштуунун пикирине кошулабыз, анткени ар кандай эле сөз оюндарында “сөз” деген маселе жатат. Демек, ар кайсы эле бала турмуштук жагдайларда колдонулуучу турмуштук, тактап айтканда, элет жеринде, мал чарбачылыгында, талаа жумуштарында кездешкен карапайым лексиканы биле бербестиги белгилүү. Мындан чыкты, сөз оюндары балага таанып-билүүчүлүк, кебиндеги сөз корун байытуу максатын көздөйт десек жаңылышпайбыз.

Логогрифтерден байкалып тургандай, бул ырлардан балдар сөздөн сөз табуу, сөздөрдөгү тамгаларды алмаштыруу, кошуу менен жаңы сөздөрдү таап, кошумча түрдүү багытта ойлонуп, ойлоо, табуу, жаңы нерсени пайда кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, машыгат. Акын сөз оюндарынын бир нече түрүн балдарга арнап, иштеп чыгуу менен алардын ой жүгүртүүсүнүн ар тараптуу өнүгүүсүнө салым кошот. Анын менен кошо эне тилдин күйөрманы катары келечек муундарга сөз, анын келип чыгуусу же болбосо бир эле тыбыштан, тамгадан анын маанисинин өзгөрүп кетүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги тууралуу жаштайынан билсин деп далалат кылат.

Мына ошондой руханий камкордуктун бир түрү катары А.Кыдыров балдарга арнаган дагы бир табылгасы балдарга табышмакталган сөздү таап, андан кийин ал сөздөгү ар бир тамганы башка тамгага же болбосо окшош муундуу сөздөрдүн тыбышын алмаштыруудан сөздүн мааниси өзгөргөн, жаңы сөз жасаган оюн ыры – метаграммаларды жазган.

Мисалы, А.Кыдыровдун **«Тамга кошсок же кемитсек»** деген метаграммасында мындайча берилет:

**Бул** деген сөзгө **АК**ты кошсом,
Кадимки эле **БУЛАК** болду.
**Б** ордуна **К** ны койсом,
Бир кичине **КУЛАК** болду.
**К** сын алып таштасам
Бир заматта **УЛАК** болду.
**УТ**ту кошсом **БУЛ**га
Пайда болду **БУЛУТ.**
**Б** сын алсам бат эле
Өзгөрдү болуп **УЛУТ.**
…Улай берсең ушинтип
Далай сөздү табасың.
Маанилерин иликтеп,
Көптү билип аласың,-деп жазат А.Кыдыров [1]. Метаграммалар бир тыбыштан же бир тамгадан гана өзгөчөлөнүп турган сөздөр экендиги белгилүү. Метаграммага катылган сөздү табуу үчүн алгач бир тамганы кошуу же кемитүү керек. Метаграммада көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткаруу процессин салыштыра келгенде “чиркейден пил жасаганга” барабар десек аша чапкандык болбос.

Бекеринен акын сөз оюндун атын **«Тамга кошсок же кемитсек»** деп атабагандыгы өзүнөн-өзү белгилүү болду. Жана да “бул” деген сөзгө түстүн атын кошуп, кайра алуудан жаңы сөз келип чыгууда. Ошол эле учурда метаграммага жашырынган сөздөрдү табуу үчүн

автор өзү бала менен бала болуп, аны уламдан-улам кайсы сөзгө эмнени кошуу, алуу керектигин көрсөтмө берип жетелей тургандыгы маалым болуп отурат. Балдар акыны катары А.Кыдыров сөз жана анын келип чыгуусу, өзгөрүүсү, анда катылган сырларды, кенчти жаштайынан үйрөтүүгө үндөйт. Демек, метаграммалар сөздөгү бир же бир нече тыбышты, тамганы өзгөртүү аркылуу менен аткарылуучу тапшырмалар. Табышмактын бул түрү башка түрлөрүнө караганда бир топ жеңил болуп саналат, тактап айтканда, көрсөтүлгөн тамганы же тыбышты алмаштыруу менен калган сөздөрдү табууга болот. Метаграммада бир гана алгачкы же болбосо акыркы тыбыш же тамга гана орун алмашып тим болбостон, каалаган тамга алмашуусу мүмкүн:

**БУЛ**га кошсом **БУЛ**ду,
Болуп чыкты **БУЛБУЛ.**
**Б** ордуна **Д** ны койсоң,
Арыбаган **ДУЛДУЛ**.

Бул ырдан балдар поэтикалык табылгалар менен таанышып, эстетикалык ырахат ала албайт, бирок мында бир нече жагдайда чыгармачылык ишмердүүлүгүн байытат. Ал эми **«Бир тамгадан өзгөртсөк»** деген ырында:

Өзгөрбөй бул сөз ордуна,
Турган эле **СУУ** болуп.
**С** ордуна **Т** койсом,
Желбиреди **ТУУ** болуп.
**Т** ордуна **К** койсом,
Кетти аппак **КУУ** болуп.
**К** орудан **Б** койсом,
Кадимки эле **БУУ** болду.
**Д** койсом **Б** ордуна,
Турушкандар **ДУУ** болду.
Ч койсом да ордуна,
Жер жаңырткан **ЧУУ** болду [1].

Сөздөгү бир тамганы өзгөртүүгө негизделген баш катырмаларды да метаграммалар деп аташат. Көңүл бура турган жагдай же болбосо кызыктуусу метаграммаларда туш келген эле сөздү табуу эмес, зат атоочтун атооч жөндөмөсүндөгү формасын жандыруу же табуу зарылдыгы бар. Алсак, акындын жогоруда мисал келтирилген **«Бир тамгадан өзгөртсөк», «Тамга кошсок же кемитсек»** деген метаграммасындагы чынжырчалуу сөздөрдү айтсак болот: “булак”, “кулак”, “улак”, “булут”, “улут”, “суу”, “туу”, “куу”, **“буу”, “дуу”, “чуу”.** Эгерде метаграммалардагы сөздөрдү мына ушундай тартипте тизмектеп ала турган болсок, демек, метаграммаларды кара сөздөн да тапсак болот деген ойго келүүгө болот: **т**ака-**б**ака-**ж**ака, к**а**лак-к**у**лак, каз**а**н-ка**м**ан жана башка. Сөз оюндары бүгүнкү күндө башталгыч класстардын адабий окуу китебинен орун алып, 2-3-класстарда окутулуп келүүдө. Ыр түрүндөгү метаграммаларга катылган сөздөрдү табууга көрсөтмө берүүдөн мурун кара сөз формасындагы метаграммаларды мугалимдин өз алдынча таап, балдарды машыктырып алуусу тапшырманын окуучулар тарабынан жеңил өздөштүрүлүүсүн камсыздоо менен Абзий Кыдыров сыяктуу сөз оюндарын жазып, акындын жолун улап келе жаткандардын эмгегинин эл арасына, окурмандарга жайылып кетүүсүн шарттайт беле деген ойду айтууга туура келет. Акын:

Бир эле сөздү бир тамга
Өзгөрүлттү канчага?
Иликтеп көптү билүүгө

Түрткү берет ал сага,-деген сыяктуу негизги сөздү бир эле тамганын ордун алмаштыруусу автор айткандай: “иликтеп көптү билүүгө түрткү берери чындык”.

Баланын дүйнө, сөз таанымын калыптоодо сөз үйрөнүүсүнө түрткү берген шарадалары бар. Шарада термини ар бири өз алдынча сөздү түшүндүргөн эки сөздү

бириктирип окуганда негизги табышмакталган сөз алынуучу оюн ыр. А. Кыдыров өзү «Байчечекей» журналында иштеп турган учурунда сөз өнөрүнүн аталган түрү менен да үзүрлүү эмгектенди.

Эң алгачкы муунумда,
Түстөрдүн бир түсү бар.
Экинчимде кууш жайдын
Күүлдөк өзөн сүрү бар
Экөөнү кошсоң атактуу
Жайлоо болом жай-кышы
Малчылар куунап жашашчу
**(Ак-Сай)**

Ички мазмуну, композициясы жагынан логогрифке караганда татаалыраак түзүлгөн шарадалар кенже балдардын эмес, тестиерлердин билимин, ой жүгүртүүсүн сыноочу көркөм сөз өнөрү. Анткени шарадалар көбүнчө сөздүн этимологиясын, жер-суу аттарын, жаратылыш кубулуштарын үйрөнүүгө жардам берүүчү каражат экендиги төмөнкү ырдан көрүнүп турат.

Санасаң сандын биримин,
Төрт, бешиңден иримин.
Алкышын алган жандардын,
Дөөсү мен ири малдардын.
Кошулсак жердин атыбыз,
Бир келип көңүл ачыңыз (Жети-Өгүз) [4]

Метаграммалар аркылуу балдар сөздөрдөгү муундар, уңгулар, тыбыштар, алардын сөз жасоодогу орду, маанилери тууралуу билүүгө кызыгышат жана жаңы сөздөр (дулдул) менен таанышат, сөз байлыгы кеңеет.

Бул оюн ырларынын жалпы өзгөчөлүгү – кыскалыгы, балдардын ой жүгүртүүсү үчүн тапшырмалардын берилиши, мындай ырларда көркөмдүүлүк, поэтикалык каражаттардын ролу башкы орунга чыкпай, табышмактуулук, жашырылган нерсени табуу, сөз оюну, сөз менен иштөө, логикалуулук биринчи орунга чыгат.

Акындын балдарга арнаган чыгармалары жанрдык жактан көп түрдүү экендигин белгилөө менен анын ыр дүйнөсүнө катылган сырларды дагы да тереңден изилдөө келечектин иши.

**Адабияттар:**


1. Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.Ибраимова. Адабий окуу китеби 2-класс. Б.: 2013
2. Ж.Шериев, А.Муратов. Кыргыз адабияты боюнча терминдердин сөздүгү. Б.: 1994
3. Култаева Ү. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы, III том, Б.: 2015
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. Б.: 2012
5. Кыдыров А. Мээрим. Б.: 1981
6. Кыдыров А. Эки дос. Ф.: 1975
7. Кыдыров А. Шоңур. Ф.: 1967
8. Муратов А., Исаков К., «Кыргыз балдар адабияты», Бишкек, 2012
9. Муратов А. Балдарга жаңы китеп. “Ленинчил жаш” газетасы, Ф.: 1977
10. Рысбаев С. Кыргыз балдар адабияты: портреттер жана проблемалар

**Интернет булактары:**

11. https://mel.fm


* * *

**УДК: 372.851(575.2)(043.3)**

# МАТЕМАТИКАНЫ КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУНУ УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

***Бакманова Айгуль Ибраимовна -***
***И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети***
***Ниязбеков Талгарбек Кубатбекович -***
***Кыргызстан эл аралык университети***

***Аннотация:*** *Бул макалада кесиптик багыттын артыкчылыгы, жогорку кесиптик окуу жайдагы мугалимди математикага даярдоонун өзгөчөлүгүү көрсөтүлдү. .Педагогикалык шарттарда мугалимдерге математиканы окутуунун профессионалдык багыттагы моделине өтүү түшүндүрүлөт. Педагог -окумуштуулардын аныктамалары сөз болот. Философиялык мааниде «шарт» түшүнүгү «башка нерсе (шарттуу) көз каранды болгон нерсе; объектилердин комплексинин (нерселердин, алардын абалынын, өз ара аракетинин) маанилүү курамдык бөлүгү, алардын болушунан сөзсүз түрдө берилген кубулуштун бар болушу келип чыгат».*

*Демек, «шарт» терминин белгилүү бир кубулуштун болушун камсыз кылуучу объектилердин жыйындысынын маанилүү курамдык бөлүгү, жагдай катары аныктоого болот. Педагогикалык басылмаларда жана диссертациялык изилдөөлөрдө «педагогикалык шарт» түшүнүгүн аныктоодо ар кандай пикирлер бар. Практикалык деңгээлде жогорку окуу жайларында адистерди даярдоо Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартына (ГОСО) ылайык жүргүзүлөт. Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке киргизүү кесиптик жана социалдык чөйрөдөгү эң татаал маселелерди чечүүгө жөндөмдүү дүйнөлүк деңгээлдеги адистерди даярдоого багытталган жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын түзүүнүн биринчи этабы болуп саналат.*

***Урунттуу сөздөр:*** *педагогикалык шарт, кредиттик билим берүү, ПНОМ (математиканы кесипке багыттап окутууну уюштуруу), окутуунун модели,стандарттык билим берүү программалары.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ ПРОФЕССИОНАЛЬНО-НАПРАВЛЕННОГО ОБУЧЕНИЯ МАТЕМАТИКЕ

***Бакманова Айгүл Ибраимовна -***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева***
***Ниязбеков Талгарбек Кубатбекович -***
***Международный униеврситет кыргызстана***

***Аннотация:*** *В данной статье показано преимущество профессиональной направленности, особенность подготовки учителя высшей профессиональной школы по математике. .Переход к профессионально ориентированной модели обучения математике разъясняется учителям в педагогических условиях. Обсуждаются определения учителей и ученых. В философском смысле понятие «условие» есть «нечто, от чего (условно) зависит нечто другое; важная составная часть комплекса объектов (вещей, их состояния, взаимодействия), из их наличия неизбежно следует существование данного явления. Поэтому термин «состояние» можно определить как важный компонент совокупности объектов, обеспечивающих существование определенного явления, ситуации. Существуют разные мнения по поводу определения понятия «педагогическое состояние» в педагогических публикациях и диссертационных исследованиях. На практическом уровне подготовка специалистов в высших учебных заведениях осуществляется в соответствии с Государственным общеобразовательным стандартом (ГОСО). Внедрение государственного образовательного стандарта является первым этапом создания*

*системы управления качеством высшего образования, направленной на подготовку специалистов мирового уровня, способных решать самые сложные задачи в профессиональной и социальной сфере.*

***Ключевые слова:*** *Педагогические условия, кредитное обучение, ПНОМ (профессионально-направленного обучения математике), модель обучения, типовые образовательные программы.*

PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE ORGANIZATION OF TEACHING MATHEMATICS, FOCUSED ON THE PROFESSION

***Bakmanova Aigul Ibraimovna -***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev***
***Niyazbekov Talgarbek Kubatbekovich -***
***International university of kyrgyzstan***

***Abstract:*** *In this article, the advantage of the professional orientation, the peculiarity of the preparation of the teacher in the higher vocational school for mathematics was shown. .Transition to a professionally oriented model of teaching mathematics is explained to teachers in pedagogical conditions. Definitions of teachers and scientists are discussed. In a philosophical sense, the concept of "condition" is "something on which something else (conditionally) depends; an important constituent part of a complex of objects (things, their state, interaction), from their presence the existence of a given phenomenon nevitably follows. Therefore, the term "condition" can be defined as an important component of a set of objects that ensure the existence of a certain phenomenon, a situation. There are different opinions on the definition of the concept of "pedagogical condition" in pedagogical publications and dissertation studies. At the practical level, training of specialists in higher educational institutions is carried out in accordance with the State General Education Standard (GOSO). The implementation of the state education standard is the first stage of creating a quality management system of higher education aimed at training world-class specialists capable of solving the most complex problems in the professional and social sphere.*

***Key words:*** *Pedagogical conditions, credit education, VOM (professional-oriented teaching of mathematics), model of education, standard educational programs.*

Кесиптик багыт принцибинин артыкчылыктуулугу жогорку кесиптик окуу жайдагы мугалимди математикалык даярдоонун бүткүл педагогикалык системасын өзгөртүүнү билдирет. Кандай педагогикалык шарттарда келечектеги мугалимдерге математиканы окутуунун профессионалдык багыттагы моделине өтүүгө болот? Биз бул суроого теориялык жооп табабыз, аны эмпирикалык түрдө текшеребиз.

Орус тилинин сөздүгүндө С.И.Ожеговдун шарты «бир нерсе көз каранды болгон жагдай» [1] деп түшүндүрүлөт.

Философиялык мааниде «шарт» түшүнүгү «башка нерсе (шарттуу) көз каранды болгон нерсе; объектилердин комплексинин (нерселердин, алардын абалынын, өз ара аракетинин) маанилүү курамдык бөлүгү, алардын болушунан сөзсүз түрдө берилген кубулуштун бар болушу келип чыгат».

Демек, «шарт» терминин белгилүү бир кубулуштун болушун камсыз кылуучу объектилердин жыйындысынын маанилүү курамдык бөлүгү, жагдай катары аныктоого болот. Педагогикалык басылмаларда жана диссертациялык изилдөөлөрдө «педагогикалык шарт» түшүнүгүн аныктоодо ар кандай пикирлер бар. Ошентип, М.В. Семенова [2] педагогикалык шарт окуу процессинин тандалган компоненттерине: мазмунуна, ыкмаларына жана уюштуруу формаларына ылайык белгилүү бир максатка жетүүнүн натыйжасы деп эсептейт.

Т.А. Ильина [3] инсандык жана профессионалдык өсүүгө өбөлгө түзгөн окуу компоненттеринин мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо аркылуу бизди кызыктырган түшүнүктүн

интерпретациясын берет. В.А.Мижерикованын аныктамасы: «Педагогикалык шарт – мугалим менен окуучунун ортосундагы тарбиялык өз ара аракеттенүүнүн шарты, ал мугалим тарабынан максатка жетүү үчүн мазмундун элементтерин, ыкмаларын (техникаларын) максаттуу тандоонун, долбоорлоонун жана колдонуунун натыйжасы болуп саналат. жогорку класстын окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын тарбиялоо».

В.Я Людис [4] аныктагандай, Педагогикалык шарттар- педагогикалык процесстин жалпы принциптерин эске алуу менен педагогикалык ишти уюштурууга коюлган талаптар жана сунуштар.

Вербицкий А.А.: «Билим берүүнүн жаңы моделине өтүүнүн шарттары:

Билим берүү парадигмасын өзгөртүү, тиешелүүлүгүнө жараша окутуунун жаңы баалуулуктарын, максаттарын, мазмунун, формаларын, ыкмаларын жана каражаттарын, мугалимдердин жана окуучулардын ишмердүүлүгүн кайра карап чыгуу жана өнүктүрүү тарыхый узак жана талаштуу процесс.

Тарыхый кыска убакыттын ичинде жаңы билим берүү парадигмасына интенсивдүү өтүү мамлекеттен жана коомдон интеллектуалдык, психологиялык, материалдык чыгымдарды талап кылат.

Ошондой эле билим берүү системасынын табигый консерватизмин, инновацияга каршылыгын эске алуу зарыл. Мындай каршылыктын субъекттери – эскиге окутуунун жакшы ишенимдүү методдору жана каражаттары, окуу-тарбия процессин уюштуруунун кеңири формалары. Теориялык жана методологиялык талдоо билим берүүнүн тигил же бул инновациялык модели (компетенттүүлүк мамилени ишке ашырууда бул жөнүндө сөз болуп жатат) “жарандык укуктарды” жеңип чыгаарын жана бир катар шарттар аткарылганда билим берүү практикасында кеңири колдонулаарын көрсөтүп турат:

1. Коомдо билим берүүнүн жаңы моделине муктаждыгы (кеңири айтканда – билим берүүнүн түрү ) жана аны кабыл алууга даярдыгы;

2. Билим берүү практикасында психологиялык-педагогикалык теорияга таянган жана жалпыланган кеңири инновациялык эмпирикалык тажрыйба топтолгон;

3. Сунушталган билим берүү модели жетишерлик күчтүү психологиялык-педагогикалык теорияга негизделген;

4. Бул теория өндүрүштүк касиетке ээ, антпесе ал олуттуу колдонулуучу мааниге ээ болбойт;

5. Окутуунун жаңы модели мурунку моделдерге таянат, аларды “алып таштаган” сыяктуу, аларды өзүнүн өзгөчө учуру кылып, мыкты салттуу мисалдар менен айкалыштырат;

6. Жаңы модель мурункулар чечкен бардык билим берүү милдеттерин чечет жана андан жогорку деңгээлде, ошондой эле жаңы милдеттердин белгилүү бир комплексин чечет;

7. Окутуунун моделин колдонуунун чеги аныкталган, анткени алардын бири да абсолюттук универсалдуу боло албайт;

8. Окутуунун жаңы түрү окутуунун мазмунун жана аны жайылтуу логикасын чагылдырган өзүнүн окуу китебине (же жок дегенде окуу куралы) ээ;

9. Билим берүүнүн жаңы моделинин теориялык жана илимий-методикалык негиздери массалык мугалимге түшүнүктүү жана конкреттүү педагогикалык технологиялар алар тарабынан оңой өздөштүрүлөт» деп жазат [5].

Бул шарттарды мугалимдердин ПНОМ системасына карата карап көрөлү. Казакстан АПН хабаршысынын 2008 жылгы No 1 санында жарыяланган «Казакстандагы педагогика гылымынын жайы мен дамуы» деген макаласында академик А. Кусаинов мындай деп жазат: «...педагогикалык адистиктер боюнча иштеп жаткан стандарттарды кайра карап чыгып, аларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мезгил жетти. 12 жылдык мектеп үчүн мугалимдерди комплекстүү даярдоого бир дагы педагогикалык жогорку окуу жайлары кирише элек», жана андан ары: «Табигый-математикалык предметтерди окутуу процессинде жаштарды өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун маңызы боюнча изилдөөлөр жок».

2006-2008-жылдарга Мамлекеттик заказ боюнча КР АПКнын илимий-изилдөө жана өнүктүрүү планында, башкалардын арасында төмөнкү багыттар белгиленген:

- үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүүнүн улуттук моделин изилдөө жана өнүктүрүү маселелери;
- компетенттүүлүккө негизделген билим берүү процессинин сапатын баалоо;
- Бул иштин киришүүсүндө мугалимдердин ПНОМунун актуалдуулугу каралат

Жогоруда айтылгандардын бардыгы коомдун мугалимдердин ПНОМ компетенттүүлүк системасына болгон муктаждыгын чагылдырат, бул 1-шарттын аткарылышын билдирет.

Практикалык деңгээлде жогорку окуу жайларында адистерди даярдоо Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартына ылайык жүргүзүлөт. Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке киргизүү кесиптик жана социалдык чөйрөдөгү эң татаал маселелерди чечүүгө жөндөмдүү дүйнөлүк деңгээлдеги адистерди даярдоого багытталган жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын түзүүнүн биринчи этабы болуп саналат.

Азыркы учурда мамлекеттик билим берүү стандарттарын куруунун, шайкеш келтирүүнүн жана жаңылоонун концептуалдык, усулдук жана усулдук негиздери гана иштелип чыкпастан, ошондой эле МБС өзүнүн адекваттуу интерпретациясын дисциплиналар аралык мамиленин контекстинде гана ала тургандыгы ынандырарлык түрдө далилденген анализдин философиялык, педагогикалык, маданий, системалык генетикалык жана башка аспектилерин айкалыштыруу.

2012-2013-жылдары 2013-жылы ишке киргизилген кредиттик билим берүү системасынын талаптарын эске алуу менен экинчи муундагы жогорку педагогикалык билим берүүнүн адистиктери жана багыттары боюнча стандарттар иштелип чыккан. Бул стандарттарды ишке киргизүү жогорку билим берүүнү модернизациялоого ылайык билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентинин дисциплиналарынын мазмунун мазмун менен улантууну эске алуу менен жаңыртууга мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, кредиттик билим берүү системасын киргизүү шартында жаңы стандарттар өлкөнүн ЖОЖдоруна тандоо компонентинин блогунун интеграцияланган жана тиешелүү атайын курстарын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Бул үчүн билим берүүнүн стандартында СЭСтин бардык мазмунунун 60%ы бөлүнгөн. Бул жаңы муундагы стандарттар билим берүү программаларынын ийкемдүүлүгүнүн жана өзгөрмөлүүлүгүнүн жогорку даражасын, ЖОЖдор жана окуу жайдын бөлүмдөрү тарабынан өз алдынча долбоорлоо үчүн ачыктыгын, билим берүү кызматтарынын негизги керектөөчүлөрүнүн керектөөлөрүнө адекваттуу экендигин билдирет.

Билим берүү жана илим министрлигинин 2004-жылдын 7-августундагы № 671 буйругу менен бакалавриат үчүн педагогикалык адистиктердин жаңы стандарттары бекитилген. Мурунку муундагы стандарттарга (2001-ж.) салыштырмалуу экинчи муундун учурдагы стандарттары, албетте, алда канча кемчиликсиз, структурасы жана мазмуну боюнча. Мамлекеттик стандарттын мазмунуна ООД (жалпы билим берүү дисциплиналары), БД (базалык дисциплиналар), ПД (негизги дисциплиналар) циклдеринин предметтери кирет.

Стандарттын кабыл алынган модели билим берүүнүн үзгүлтүксүздүк принцибин ишке ашырууга жана бүткүл билим берүү системасынын алкагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин сактоого көмөктөшөт, бул мугалимдик билим берүүнүн системалык түзүүчү функциясын жогорулатат.

Илимдин, техниканын, маданияттын жетишкендиктерин чагылдырган жаңы курстарды киргизүү менен окутуунун атайын (предмети боюнча) жана психологиялык-педагогикалык компоненттеринин тең салмактуулугун камсыздоо маселеси чечилди; дисциплиналар аралык негизде курулган, багытталган программаларды иштеп чыгуу гуманитардык жана табигый илимдердин кеңири чөйрөлөрүндөгү фундаменталдык билимдер. Математика тармагында бул «Педагогикадагы математикалык методдор» деген атайын курстун киргизилишинен көрүнду.

Акырында 2006-жылдын август айында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандартынын 3.08.252-2006 жаңы редакциясы бекитилген.

ЖОЖдор үчүн Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жаңыланган варианттары, алардын биринчи варианттары киргизилгенден кийин 2-3 жылдан кийин пайда болот, бул бул ченемдик укуктук документтерди өз убагында жана толук оңдоого мүмкүндүк бербейт.

Негизги кемчилик, биздин оюбузча, билим берүүнүн минималдуу мазмунуна жана ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн даярдоо деңгээлине карата талаптардын системасын түзүүгө бирдиктүү теориялык мамиленин жоктугу, бул талаптардын декларативдик мүнөзү, алардын билим берүүнүн диагностикасына жетишээрлик көңүл бурбагандыгы болуп саналат. Жетишкендиктердин эң негизгиси, айрым дисциплиналар үчүн окуу убактысын мазмунду тандоодо жана бөлүштүрүүдө.

КР STES 3.08.002 - 2004 менен STES КР 3.08.252 - 2006 менен салыштырып көрөлү. Бул документтер көп жагынан окшош: курулуштун жалпы түзүмү, ченемдик документтерге жалпы шилтемелер, квалификациялык мүнөздөмөлөр, кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү жана максаттардын таксономиясы, типтүү милдеттери дал келет. Анда, мисалы, математика боюнча билим берүү программаларынын мазмунуна башкача мамиле жасоого эмне себеп болот? Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандартында 3.08.002 - 2004, 050102 ПМНО адистигине 225 саат, ал эми Кыргыз Республикасынын 3.08.252 - 2006 Мамлекеттик билим берүү стандартында 135 саат бөлүнгөн; 050113 Биология жана 050112 Химия адистиктери боюнча, тескерисинче, математика боюнча 90 сааттан 135 саатка чейин көбөйгөн. Ошол эле учурда, эгерде унификация академиялык дисциплинага бөлүнгөн убакытка тийсе, анда мазмунду тандоо толугу менен Мамлекеттик билим берүү стандартынын авторлорунун карамагында. Сыягы, башталгыч класстын мугалимдерине статистикалык маалыматты математикалык иштетүүнүн негиздерин билүү, математиканын жалпы структуралары жөнүндө билүү таптакыр зарыл эмес, анткени бул суроолор КР Мамлекеттик билим берүү стандартында 3.08.252 -2006-жылы алынып салынган.

Педагогика жана психология боюнча математикалык методдор боюнча атайын курстар университеттин тандоосуна калтырылган. Башка педагогикалык адистиктер үчүн математика боюнча билим берүү программаларынын мазмунуна карата да дал ушундай айырмачылыктар бар. Ошентип, математика психологдорго, мугалимдерге тийиш эмес, географтарга 90 саат бөлүнгөн. Белгилеп кете турган нерсе, тектеш педагогикалык эмес адистиктер үчүн окуу программасында математикалык компонент алда канча бай, мисалы, биолог-мугалимдер математиканы 135 саат, 050607 адистиги боюнча биологдор 225 саат окушат. Чындыгында стандарттар билим берүүгө компетенттүү мамиленин негизинде иштелип чыккан, ошондуктан бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүн жогорулатуу аркылуу анын жогорку сапатына жетишүүгө көмөктөшүүгө тийиш. Математиканы окутуунун практикасында, биздин оюбузча, Мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлгөн компетенттүүлүк мамиле бүгүнкү күндө ишке ашырылган жок. Ар түрдүү адистиктер боюнча биринчи муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарында бүтүрүүчү математика курсунда үйрөнүлгөн негизги түшүнүктөрдү жана усулдарды билиши керек деген жобо камтылган; табият таануу жана техникадагы эң жөнөкөй системалардын жана процесстердин математикалык моделдерин билүү; математикалык моделдөө жөнүндө идея бар. Ошентип, математиканын профессионалдык ишмердүүлүктүн маселелерин чечүүнүн маанилүү куралы катары ролу мурунку стандарттар менен аныкталган эмес, ал эми бул математикалык дисциплинаны окутуу процесси бүтүрүүчү бул предмет боюнча белгилүү бир калдык билимге ээ боло тургандай структураланган. Бардык дисциплиналар боюнча, анын ичинде математика боюнча окутуунун сапатын баалоого принципиалдуу башкача мамилени кабыл алган жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттарына өтүү аталган маселени чечкен жок, анын үстүнө аны курчутту.

Кыргыз Республикасынын 3.08.252 - 2006 Мамлекеттик билим берүү стандартын карап көрөлү. Анда 050102 – Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы

адистиги боюнча бакалаврдын негизги компетенцияларына талаптар төмөнкү формада түзүлгөн:

1) идеясы болушу керек:

- ааламдын илимий, философиялык жана диний сүрөттөрү, адам жашоосунун маңызы, максаты жана мааниси жөнүндө; адамдын өнүгүүсүнүн азыркы этабында баарлашуу психологиясы; Базар экономикасы; ар кандай саясий агымдар жана партиялар; жаш адистердин укуктары жана милдеттери;

2) билүү:

коомдук жана гуманитардык илимдер чөйрөсүндөгү негизги окууларды, бул илимдердин методдорун; адамдын адамга, коомго, айлана-чөйрөгө болгон мамилесин жөнгө салуучу этикалык-укуктук нормалар; Кыргыз Республикасынын башка элдеринин маданиятынын тарыхы, ... билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги багыттары жана перспективалары. жалпы кесиптик илимдер; эмгекти коргоонун жана коопсуздуктун негизги жоболору; экологиялык проблемалар; окуучулардын курактык физиологиялык өзгөчөлүктөрү; педагогика илиминин теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору;

3) кыла алат:

- өз ишин илимий негизде уюштуруу, маалыматты чогултуунун, сактоонун жана иштетүүнүн компьютердик ыкмаларын өздөштүрүү; окуучулардын коомдук өнүгүү процесстерине илимий көз карашын калыптандырууга көмөктөшөт ...башталгыч мектепте окутуунун жана тарбиялоонун алдыңкы педагогикалык тажрыйбасын талдоо, жайылтуу; кадрларды даярдоо профили жана ага байланыштуу маселелер боюнча атайын адабияттарда багыттоо;

- өз ишинде кесиптик лексиканы билгичтик менен колдонуу; окуу материалын тандоо жана интеграциялоо; зарыл дидактикалык материалдарды өз алдынча чыгарууга, башталгыч мектептин окуу процессинде окуунун техникалык каражаттарын пайдаланууга;

4) жөндөмгө ээ:

- окуу процессинин долбоорлорун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча;

компетенттүү болуу:

- билим берүүнүн сапатын жогорулатууга салым кошуу менен педагогикалык маселелерди калыптандырууда жана чечүүдө

Негизги дисциплиналар циклинин максаты:

1) педагогика, психология, балдар адабияты, тил теориясы, математика, табият таануунун негиздери, башталгыч мектепте окутуунун теориясы жана заманбап технологиялары боюнча теориялык билимдер менен куралдандыруу;

2) келечектеги мугалимдин кесиптик даярдыгында жана ишмердүүлүгүндө дисциплинанын ордун түшүнүү;

3) инсандын өнүгүүсүнүн психологиялык мыйзамдары, кенже окуучулардын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдер системасын калыптандыруу;

4) башталгыч класстын мугалиминин кесиптик ишмердигинде алган билимдерин колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу;

5) окуучулардын жана коллективдин ишмердүүлүгүн талдоо, педагогикалык таасирдин натыйжаларын баалоо методикасын өздөштүрүү.

6) башталгыч мектептин окуу процессинде окуучулардын иш-аракетин жана алардын "мугалим-окуучу" системасындагы өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу жөндөмүн калыптандыруу.

Бул бүтүрүүчүнүн 1-2-курста алган математикалык даярдыгы бул иштин бардык түрлөрүнө жетиштүү болушу керек дегенди билдирет.

Кесиптик компетенттүүлүккө талаптар:

Бакалавр кеңири фундаменталдык жана практикалык даярдыкты айкалыштырууга, өз адистиги боюнча эркин сүйлөөгө, билимин үзгүлтүксүз толуктап турууга, педагогикалык

ишти уюштуруунун принциптерин практикада жетекчиликке алууга, педагогикалык процессти башкаруунун алдыңкы ыкмаларын өздөштүрүүгө тийиш.

Окуу дисциплиналарынын негизги циклдери боюнча билимге карата талаптар:

Бирдиктүү педагогикалык процесстин фундаменталдык билими менен аныкталган мугалимге коюлган талаптардын негизинде 050102 – Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоо заманбап деңгээлге ылайык келет, эгерде:

- жалпы билим берүү илимдеринин цикли аркылуу болочок мугалимде коомдун социалдык-экономикалык кайра курууларындагы инсандын ролу жөнүндө түшүнүк калыптанат; болочок мугалим ар кандай кубулуштун, анын ичинде инсандын, коллективдин диалектикалык өнүгүүсүнүн маңызын жана аларды калыптандыруудагы ишмердүүлүктүн ролун терең өздөштүрүү; негизги дисциплиналарды окуп-үйрөнүүдө инсандын өнүгүүсүнүн психологиялык мыйзамдары, жаш студенттердин иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдер системасы, окутулган дисциплиндердин негиздери боюнча билимдер, алардын ишмердүүлүгүн талдоо методикасын өздөштүрүү көндүмдөрүнүн системасы; студенттер жана педагогикалык таасирдин натыйжаларын баалоочу коллектив түзүлөт; келечектеги мугалимдин кесиптик даярдыгында жана ишмердүүлүгүндө дисциплинанын ордун түшүнүү; негизги дисциплиналарды окууда болочок мугалим өзүнүн ишмердүүлүгүнүн объектиси, педагогикалык процесс жөнүндө системалык-структуралык түшүнүк алат, анын абалын изилдөө ыкмаларын өздөштүрөт, студенттердин ишмердүүлүгүн жана алардын өз ара аракеттенүүсүн уюштурууну үйрөнөт.

Математиканын баштапкы курсунун негиздери мазмунуна төмөнкү суроолор гана кирет:

Математика боюнча жалпы түшүнүктөр: көптүктөр жана алар боюнча амалдар, математикалык түшүнүктөр, сүйлөмдөр жана дал келүүлөрдүн жана мамилелердин далилдери. Бүтүн терс эмес мамилелер: натуралдык сандар системасынын аксиоматикалык курулушу, терс эмес бүтүн сандын көп-теориялык мааниси жана аларга амалдар, санак системалары, терс эмес бүтүн сандардын бөлүнүүчүлүгү.

Оң рационал сандар жана реалдуу сандар. Теңдемелер. Теңсиздиктер. Функциялар. Сандар жана өлчөөлөр.Көрүнүп тургандай, эгерде стандарттар математикалык даярдыктын баштапкы сандык параметрлерин белгилесе, анда бул адистиктин мугалимдери үчүн бул жөнөкөй. Сапатка келсек, ал бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо аркылуу кыйыр түрдө жөнгө салынат (бул стандарттардын негизги айырмалоочу белгиси), б.а. ал даярдалууга тийиш болгон кесиптик иштин түрлөрүн жана анын кесиптик ишинин милдеттерин көрсөтүү аркылуу. Мындан тышкары, стандарт квалификациялык талаптарды (кесиптик маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон иш-чаралардын тизмеси), ошондой эле мугалимдин кесиптик даярдыгына талаптарды түзөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ожегов С.И. Словарь русского языка. 19-изд. М.: Русский язык, 1987. - с.234.
2. Семенова М.В. Педагогические условия формирования профессиональной компетентности будущих педагогов в вузе. – дисс. … канд. пед. наук. – Караганда, 2005 – 162 с.
3. Ильина Т.А. Структурно-системный подход к организации обучения. – М.: Знание, 1972. – Вып. 3. – 80с
4. Ляудис В.Я. Структура продуктивного учебного воздействия: Психолого-педагогические проблемы взаимодействия учителя и учащихся. / Под. ред. А.А.Бодалева. - М., 1981.
5. Вербицкий А.А. Активное обучение в высшей школе: контекстный подход.- М.:Высш.шк, 1991.- 207 с.

* * *

**УДК 37.091.3**

# МАТЕМАТИКА ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДА БОЛОЧОКТОГУ БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП МУГАЛИМИНИН ИНСТРУМЕНТАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

***Батырова Ырыскан Мийзамовна -***
***окутуучу, Б.Осмонов атындагы***
***ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргызстан,***
***e-mail: yryskan1972@mail.ru***

***Аннотация:*** *Макалада жогорку билим берүү системасында педагогика багыты эң маанилүү жана актуалдуу экендиги, мамлекеттин келечеги мугалимдерден, анын ичинде башталгыч мектеп мугалиминин даярдыгынан көз каранды экендиги каралып жатат. Маалыматтын көрүнүктүүлүгү мультимедиялык технологияларды колдонуу аркылуу камсыз кылынат. Изилдөөнүн алкагында башталгыч мектепте математика предметин окутууда болочоктогу мугалимдердин компьютердик технологиянын колдонуунун компетенцияларын өркүндөтүү маселеси каралат.*
***Ачкыч сөздөр:*** *компетенттүүлүк, категория, маалымат, коммуникация, билим берүү, каражат, ресурстар, технология.*

# СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ ИНСТРУМЕНТАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ В ПРЕПОДАВАНИИ ПРЕДМЕТА МАТЕМАТИКИ

***Батырова Ырыскан Мизамовна -***
***преподаватель, ЖАГУ имени Б. Осмонова***
***г. Джалал-Абад, Кыргызстан,***
***yryskan1972@mail.ru***

***Аннотация:*** *В статье рассматривается, что направление педагогики является наиболее важным и актуальным в системе высшего образования, что от учителей, в том числе учителей начальных классов, зависит будущее государства. Наглядность информации обеспечивается за счет использования мультимедийных технологий. В рамках исследования рассматривается проблема совершенствования компетенций будущих учителей в использовании компьютерных технологий при обучении предмету математика в начальной школе.*
***Ключевые слова:*** *компетентность, категория, информация, общение, образование, средства, ресурсы, технология.*

# IMPROVING THE INSTRUMENTAL COMPETENCE OF THE FUTURE ELEMENTARY SCHOOL TEACHER IN TEACHING THE SUBJECT OF MATHEMATICS

***Batyrova Yryskan Mizamovna - teacher,***
***JASU named after B. Osmonov***
***Jalal-Abad, Kyrgyzstan, yryskan1972@mail.ru***

***Annotation:*** *The article considers that the direction of pedagogy is the most important and relevant in the system of higher education, that the future of the state depends on teachers, including primary school teachers. Visibility of information is ensured by the use of multimedia technologies. As part of the research, the problem of improving the competencies of future teachers in the use of computer technologies when teaching the subject of mathematics in primary school is considered.*
***Key words:*** *competence, category, information, communication, education, means, resources, technology.*

Жогорку билим берүү системасында педагогика багыты эң маанилүү жана актуалдуу болуп саналат. Биринчиден, мамлекеттин келечеги мугалимдерден, анын ичинде биринчи

ирээт башталгыч мектеп мугалиминин кесиптик даярдыгынан көз каранды. Экинчиден, илимдеги акыркы өзгөрүүлөр башталгыч мектеп мугалиминин даярдыгына өзгөчө талаптарды пайда кылат. Ушундан улам, биздин мамлекетибизде жогорку кесиптик билим берүүнүн **550700 Педагогика** багыты боюнча мамлекеттик билим стандартты биринчи жолу 2015 – жылы бекитилген жана 2020 – жылы кайрадан толукталып бекитилди [1] . Мурунку стандартта терминдерди бекитүүдө компетенцияны жана компетенттүүлүктү ар бирин бир эле түшүнүк аркылуу берсе жаңы стандартта компетенттүүлүктү үч категория менен берген. Тактап айтканда, компетенттүүлүк төмөнкү үч аспектиде берилет:

**жалпы илимий компетенттүүлүктөр** - бул кесиптик иштин бардык түрлөрүнө (же көпчүлүгүнө) мүнөздүү мүнөздөмөлөр: үйрөнүү, анализдөө жана синтездөө ж.б.у.с.;

**инструменталдык компетенттүүлүктөр** - таанып билүү жөндөмдөрүн, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана колдонуу жөндөмүн камтыйт; методикалык жөндөмдүүлүктөр, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, билим алуу, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү стратегияларын түзүү; технологиялык көндүмдөр, технологияларды колдонууга байланыштуу көндүмдөр, компьютерде иштөө жана маалыматты башкаруу көндүмдөрү; тилдик көндүмдөр, коммуникативдик компетенциялар;

**социалдык-жеке жана жалпы маданий компетенттүүлүктөр** - сезимдерди жана мамилелерди билдирүү жөндөмү, сынчыл ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындоо жөндөмү, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процесстерине байланыштуу социалдык көндүмдөр, иштөө жөндөмдүүлүгү менен байланышкан жеке жөндөмдөр социалдык жана этикалык милдеттенмелерди алуу;

Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы стандарттында үчүнчү бөлүмүндөгү даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөлөрүндө тактоолор жана толуктоолор киргизилген. Жаңы стандартта педагогикалык процесстин максаттары кеңейтилген редакция берилген, тактап айтканда окутуу жамаатында - "тандап алган ишкердиктин чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеген, эмгек рыногунда социалдык ыкчамдыкка жана туруктуулукка түрткү берүүчү универсалдык жана адистик компетенцияларга ээ болгон, профилдүү кесиптик жогоку билимге (бакалардын деңгээлинде) эгедер, педагогикалык билим берүү алкагында профессионалдык маселелерди чече алган педагогду даярдоо» - деп көрсөтүлсө, тарбиялоо жааматында – «үзгүлтүксүз билим берүү жана өз алдынча билим алуу алкагында студенттердин максатка умтулуусун, уюшкандыктуулугун, эмгекке болгон сүйүүсүн, жоопкерчилигин, жарандык сапаттарын, коммуникативдүүлүгүн, толеранттыгын, жалпы маданиятынын жогорулатышын ж. б. ичине камтыган социалдык-жарандык сапаттарын өнүктүрүү болуп эсептелет» - деген туюнтмада берилген.

Кыргыз Республикасында жаңы маалыматтык технологиялардын теориялык жана практикалык аспектилери боюнча диссертациялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн: Орускулов Т.Р. кыргыз мектептеринде информатика түшүнүктөрүн калыптоонун өзгөчөлүктөрүн аныктаган (1992-ж.), Басина О.Н. мектеп окуучуларына маалыматтык технологияларды окутуу методикасын изилдеген (1995-ж.), Кененбаев А.М. жогорку окуу жайында информатиканы модулдук технологиянын негизинде окутууну караган (2001 -ж.), Нуржанова С.А. жогорку окуу жайларында окуу методикалык комплексин иштеп чыгууну анализдеген (2004-ж.), Карагулов Д. информатика курсун жогорку окуу жайларда окутуунун илимий негиздерин изилдеген (2005-ж.), Панкова Г.Д. маалыматтык технологияны колдонуу менен студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу маселелерин караган (2005-ж.), Рыбина Т.И. маалыматтык технология менен студенттердин окуу иштерин баалоо маселесин аныктаган (2007-ж.), Ажыбаев Д.М. студенттердин таанып билүү ишмердигин маалыматтык технология менен өнүктүрүүнү изилдеген (2008-ж.), Өмүралиев М.Ү. башталгыч мектеп мугалимдеринин маалыматтык технологияны колдонуу жөндөмдүүлөрдү калыптоонун технологияларын изилдеген (2012-ж). Бирок, жаңы мамлекеттик стандарттын негизинде көрсөтүлгөн инструменталдык компетенцияларды калыптоо боюнча атайын диссертациялык изилдөө жокко эссе.

Азыркы мезгилде окуу процесси кадимки класстарда окуучулардын окутуучулардын жардамы менен билимге ээ болуучу класстык-сабак формасында жана аны менен бирге азыркы маалыматтык технология (АМТ) жардамы менен уюштурулат.

Бүгүнкү күндө биздин турмушубуздагы ишмердүүлүктүн баардык түрүнө санариптип технология кирүүдө. Азыр жашообузду компьютер, смартфон, электрондук-коммуникативдик каражаттары жок элестетүүгө мүкүн эмес. Бул каражаттарды окуу процессин уюштурууда колдонуу азыркы билим системасынын чакырыктарынын талаптарынан келип чыгууда. АМТны окуу процессинде натыйжалуу колдонуу жалпы билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн көрсөткүчү болуп саналат. Ал өз учурда төмөнкүлөрдү камтыйт: окуучулардын окуу процессине болгон мотивациясынын жогорулашын; окутуучулардын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуу уюштурулушун; өз алдынча билим алуунун ресурстарынын жеткиликтүү болушун; сабак учурунда убакыттын натыйжалуу бөлүнүшүн; окуу жетишкендиктеринин объективдүү бааланышын; үзгүлтүксүз кайтарым байланышты түзүүнү; аралыктан окутуу уюштурууну.

Ошенптип, окуу процессин төмөнкү схема менен түшүндүрсөк болот.




*Сүрөт 1. Азыркы маалыматтык технология менен окуу процессин жүргүзүү*

Жогоруда келтирилген мисалдардын негизинде төмөндөгүдөй аныктаманы берүүгө болот. *Билим берүүдө азыркы маалымат технологиялар* – бул окуу процессин уюштурууда компьютердик технологияларды, коммуникациялык каражаттарды жана инновациялык методдору натыйжалуу колдонуу болуп саналат.

Билим берүүдө азыркы маалыматтык технология компьютердик технологиясыз элестетүү мүмкүн эмес. Өз учурунда компьютрдик технология компьютерлердин, ноутбуктардын, принтердин, сканерлердин, проекторлордун, интерактивдик доскалардын, смартфондордун жыйындысы болуп саналат.Алардын баары Интерент аркылуу компьютердик тармакта кошулган болот. Баардык эле компьютерге прикладдык программалык продуктыларды, окутууну уюштуруу үчүн ар түрдүү тиркемелерди орнотууга болот. Ар түрдүү тиркемелердин жардамы менен окуу процессинин катышуучулардын байланышы түзүлөт. Алсак, аларга мессенджерлер (WhatsApp, Telegram), социалдык тармактар (Facebook, Instagram, Twitter) жана ошондой окутууну уюштуруу үчүн атайын маалыматтык системалар ( Moodle, Google, Classroom ) кирет.

Окутууну уюштурууда жаңы инновациялык методдор кеңири колдонулууда. *Окуу процессин уюштуруунун инновациялык методдору* компьютердик технологияны колдонуу менен интерактивдик методдордун жалпы жыйындысы болуп саналат. Ошентип, окуу процессинде компьютердик технологияларды колдонуу төмөнкү функцияларды аткарууга багытталган:

- уюштуруу – электрондук жүгүртмө, электрондук пландар жана сабактарды иштеп чыгуу;
- башкаруу – автоматташтырылган маалыматтык система;
- дидактикалык – электрондук- окутуу системасы, видеосабактар, виртуалдуу лабораториялык жумуштар;

- текшерүүчү – электрондук тест түрүндөгү тапшырмалар;
- өнүктүрүүчү – электрондук долбоордук - изилдөөчү жана чыгармачылыкка багытталган тапшырмалар;
- маалыматтык-тарбиялоо – электрондук баарлашуунун этикасы жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү.

Азыркы компьютердик технологиялар окуу процессин уюштурууда активдүү колдонулууда жана кеңири жайылтууда. Электрондук жүгүртмө – ар түрдүү электрондук жабдыктардын жардамы менен көрүүгө боло турган программа, мисалы электрондук табло, компьютерлер, ноутбуктар, планшеттер, смартфондор. Абдан так түзүлгөн электрондук жүгүртмө кайсы бир деңгээлде окутуучулардын жана окуучулардын ишмердүүлүгүн жеңилдетет, аларды колдонуунун ийкемдүүлүгү жана натыйжалуулугу убакыттын сарпталышын азайтат, жумуш ыңгайлуу жана жеткиликтүү болот.

Окутуучулардын жумушун уюштуруу үчүн автоматташтырылган маалымат системасында пландарды иштеп чыгуу жана окуу-методикалык куралдарды түзүү үчүн өзүнчө бөлүмдөр каралган. Автоматташтырылган маалымат системасында (АМС) даярдалган электрондук пландар жана ар бир сабактын иштелмеси окутуучулардын кагаз жүзүндө аткарган абдан көлөмдү жумуштан бошотот, жөн гана абалга жараша корректировка менен тактоолорду киргизүү ишмердүүлүгү калат. Анын үстүнө, электрондук план жана ар бир сабактын иштелмеси көрсөмөлүү жана жеткиликтүү болот.

Окуу процессин уюштуруунун электрондук каражаттары окуучуларга дагы окуу убактысын натыйжалуу бөлүштүрүүгө жана окуу күнүн тагыраак пландоого, ошондой эле өз алдынча окуу процессин уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт. Окуу процессин башкаруу натыйжалуу уюштуруу, планды түзүү жана текшерүү менен тыгыз байланышта турат. Ал эми АМСни колдонуу окуу процессинин башкаруусунун натыйжалуулугун жогорулатат, анткени окуу жүгүртмөсү, педагогдорго карата түзүлгөн методикалык жумуштар, окуучулардын окуу жетишкендиктери өз убагында катталат жана текшерилет. Окуу процессин, окутуучулардын жана окуучулардын ишмердүүлүгү өзүнүн убагында үзгүлтүксүз анализден өтөт жана катталат. АМСны колдонуу менен башкарууда объективдүү чечимдерди кабыл алууда окуу процесси менен байланышкан материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана электрондук маалыматтык каражаттар менен жабдуу маанилүү болуп саналат. Компьютердик технологиянын жардамы менен окуу процессин жүргүзүүдө анын дидактикалык функциялары кеңейет жана окуунун сапатын жогорулатуу боюнча жаңы идеяларды, методдордорду менен технологиялар киргизилет. Окутуучуларда дидактиканын негизги принциптерин - көрсөтмөлүүлүк, жеткиликтүүлүк, системалуулук, илимийлүүлүк, бекемдик, ирээттүүлүк жана теория менен практиканын байланышы принциптерин иш жүзүнө ашырууда жаңы мүмкүнчүлуктөр пайда болот.

Көрсөтмөлүүлук жана жеткиликтүүлүк принциби демонстрациялык медиафайлдарды (үн, сүрөттөлүш, текст, график жана видео) жана интерактивдик доска, ошондой эле процесстердин моделин түзүү мүмкүнчүлүктөрү аркылуу ишке ашат.

Алдын-ала даярдалган видео сабактарды кеңири колдонуу окуу процессинин натыйжалуулугун жана билим сапатын жогорулатат. Видео сабактар окуучулардын окуу материалдарын терең кабыл алууга шарт түзөт. Окуу процессинде видео сабактар окутуучуга дагы, окуучуга дагы кошумча жардамчы боло алат. Видео сабактар интерактивдик методдордун негизинде даярдалып абдан сапаттуу, түшүнүктүү, кызыктуу жана мотивдерди пайда кылгандай даярдалышы абзел. Видео сабактарды каалаган убакытта жана каалаган жерде көрүүгө болот.

Текшерүүгө арналган окуу программалар окутуучуларга окуучулардын билимин объективдүү түрдө аныктоого, билимди текшерүүгө жана алардын билиминин толук эмес жерлерин анализдөө жана аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Ошол эле учурда окуучуларга өз алдынча өздөрүн билимин баалоого жана жетишпей жаткан билимдерин толуктоого мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Электрондук тест тапшырмалары окутуучулар менен

окуучулардын ортосундагы кайтарым байланышты көз ирмемде түзүп берет жана терең билимге ээ болуу үчүн мотивация пайда болот.

Окуу процессинин тарбиялоо функциясы ар түрдүү оюнга, таанууга, изилдөөгө арналган электрондук программаларды колдонуу менен ишке ашат. Компьютердик окутуу оюндары окуучулардын логикасын, ойлонуусун, ар түрдүү абалдардын анализдөөсүн жакшыртат. Таануу жана изилдөө окуу программалары окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтет, интеллектуалдык жөндөмдөрүн жана креативдүү ойлонуусун жогорулатат жана өзүн өзү кармай билүүсүн калыптайт. Окуу процессинде компьютердик технологияны колдонуу учурунда окуучулардын инсандык төмөнкү касиеттери - электрондук пикир алышуунун этикасы жана коммуникативдик жөндөмдөрү калыптанат. Электрондук баарлашуунун этикасы бул электрондук катты түзүүнү корректировкалоо жөндөмү, тармактагы байланыштын этикасы, видео конференцияларды, веб-чаттарды, онлайн пикирлешүүнү уюштуруу жана катышуу көндүмү болуп саналат. Компьютердик технологияларды колдонууда коммуникативдик көндүмдөр окуу процессинин негизги бөлүгүн түзөт. Кат жазуу жана окуу процессинде пикир алышуунун көндүмдөрүн өнүктүрүү аралыкта коммуникативдик көндүмдөрдү иштеп чыгууга жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн алкагында башталгыч мектепте математика предметин окутууда болочоктогу мугалимдердин компьютердик технологиянын колдонуунун компетенцияларын өркүндөтүү маселеси каралды. Алсак, матеметика предметинин башталгыч класстарда окуучулардын үй тапшырмасын баалоо менен окуу процессин жүргүзүү үчүн атайын программа даярдалды. Атайын программада мектеп окуучуларына бериле турган үй тапшырмалары маалыматтык базага киргизилет. Мындан тышкары, үй тапшырмаларынын аткарылышын баалоо компонеттери даярдалат. Натыйжада, тапшырманы аткаргандан кийин ар бир окуучу өзүнүн жеке кабинетинен үй тапшырмасынын аткарылышы боюнча кадимки баалоо шкаласы менен баасын көрө алат. Жыйынтыгында болочоктогу башталгыч мектеп мугалиминин маалымат технологияларын колдонуунун негизинде инструменталдык компетенциялары калыптанды.

**Адабияттар:**


1. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению Педагогическое образование (бакалавр). – Б.: 2013. – 176 с.
2. Смолянинова О. Г. Развитие методической системы формирования информационной и коммуникативной компетентности будущего учителя на основе мультимедиа-технологий : дис. ... д-ра пед. наук : 13.00.02. - СПб., 2002. - 504 с.
3. Хуторской А.В. Технология проектирования ключевых и предметных компетенций // Интернет-журнал «Эйдос». - 2005. - 12 декабря. URL


*  *  *

**УДК 32 (073)**

# ПРОБЛЕМЫ РАЗИТИЯ МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ В РЕСПУБЛИКЕ КАЗАХСТАН В КОНТЕКСТЕ ПОЛИТИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ

***Бейсекова Райхан Тузельбаевна - ст. преподаватель, raihanxx@mail.ru***
***Султанова Улжан Сабирхановна - магистр uljan_1978@mail.ru Центрально-Азиатский Инновационный Университет***
***( г. Шымкент, Республика Казахстан)***

***Аннотация:*** *Статья посвящена анализу условий, необходимых для эффективной национальной политики, направленной на изучение закономерностей и тенденций развития нации и национальных отношений в истории политических процессов Республики Казахстан.*

***Ключевые слова:*** *национальная политика, политическая ценность, независимоть, толератность, межэтническое отношение, государство, историческое сознание, этнополитика, консолидация, этнос, государственный язык.*

PROBLEMS OF THE DEVELOPMENT OF INTER-ETHNIC RELATIONS IN THE REPUBLIC OF KAZAKHSTAN IN THE CONTEXT OF POLITICAL DEVELOPMENT

***Beisekova Raykhan Tuzelbaevna - senior lecturer***
***raihanxx@mail.ru***
***Sultanova Ulzhan Sabirkhanovna - master***
***uljan_1978@mail.ru***
***Central Asian Innovation University (Shymkent, Republic of Kazakhstan)***

***Annotation:*** *The article is devoted to the analysis of the conditions necessary for an effective national policy aimed at studying the patterns and trends in the development of the nation and national relations in the history of political processes in the Republic of Kazakhstan.*

***Keywords:*** *national policy, political value, independence, tolerance, interethnic relations, state, historical consciousness, ethnopolitics, consolidation, ethnos, state language.*

Сегодня в Казахстане выстроена уникальная модель межэтнического и межконфессионального согласия. Елбасы Н.А.Назарбаев пишет: «Национально-государственная идея отличается от обязательной тоталитарной государственной идеологии тем, что она не насаждается сверху, но вырастает из реального развития общества. И эта национально-государственная идея формируется вокруг главной политической ценности - единого, территориально целостного и независимого Казахстана -Родины всех казахстанцев, независимо от национальной принадлежности. Единство, целостность и независимость Казахстана - это ценности, которые не носят конкурентного или конфликтного характера для представителя любой этнической общности. История судит о делах человеческих, как правило, с расстояния. И через несколько десятилетий значение этих простых и ясных принципов будет гораздо более очевидным, нежели сегодня» [1].

Одной из актуальных задач, стоящих перед учеными-обществоведами, является возрождение отечественной истории Республики Казахстан. С обретением Республикой Казахстан государственной независимости возрос и неослабевающий интерес общественности к истории отечества. В настоящий период историческая наука нуждается в объективном и реальном изучении проблем развития межэтнических отношений во всей совокупности аргументов и фактов, приводящих к восприятию многих современных процессов в нашей жизни, без осознания которых невозможно становление и развитие молодого демократического государства, каковым сегодня является Республика Казахстан.

Эволюция национальной историографии со свойственными ей историческими проблемами обусловили поворот в исторической науке и в формировании исторического сознания. 90-е годы XX века, несомненно, войдут в историю как время беспрецедентных, поистине «тектонических» разломов в развитии современных международных систем и глобальных процессов. Нация есть высшая точка развития, является продуктом государственности, в отличие от этносов, которые порождают государство. Для развития этносов и становления нации государство осуществляет определенную политику по отношению к данным объектам, трудность заключается в том, чтобы разграничить два вида проводимой политики, а именно этнополитики и национальной политики. В то же время с первых дней обретения Казахстаном независимости его правительству приходилось деликатно балансировать между националистическими требованиями усиления «казахизации» и защитой прав этнических меньшинств. Поддержание этого баланса всегда было сложной задачей, но оно также стало ключевым двигателем эволюции политики за последние 30 лет. Для эффективного функционирования государственности этнополитика

и национальная политика должны способствовать определению политики как стратегии нахождения путей и средств разрешения, возникающих в человеческом обществе конфликтов и возможности примирения друг с другом конфликтующих сторон всех членов сообщества. Об этом еще говорил С.Л. Франк: «Политика-есть лечение (гигиеническое, терапевтическое, в безвыходных случаях – хирургическое) общества, или его воспитание, создание условий и отношений, наиболее приемлемых для развития его внутренних творческих сил» [2].

История развития межэтнических отношений есть всесторонне обоснованная система мер, осуществляемых государством в сфере национальных отношений, направленная на реализацию национальных интересов и разрешение национальных противоречий. Это составная часть политики государства, политических партий, организаций и объединений, указывающая стратегический курс в этническом (национальном) вопросе, в развитии межэтнических отношений, в культурно-языковом развитии этносов (т.е. всей нации государства) и, как правило, нашедшая закрепление в специальных национальных программах и соответствующих разделах Конституции государства.

Целью национальной политики могут быть национальная консолидация; межэтническая интеграция; сближение наций или национальное обособление; отстаивание этнической «чистоты» защита нации от влияния инонациональных факторов; достижение национального суверенитета и т.д. Основной же целью национальной политики являются обеспечение прав и свобод граждан независимо от их национальной (в данном случае этнической) принадлежности, формирование цивилизованных форм межнационального общения и мирных способов разрешения конфликтных ситуаций, совершенствование механизма научного управления этническими процессами в стране.

Период распада СССР и развития Казахстана как суверенного независимого государства в настоящее время активно изучается казахстанскими учеными. Имеются ряд работ по проблеме становления новой государственности, развития системы разделения властей, чеченцы, курды - владеют государственным языком. Дунгане и корейцы, проживающие в Южно-Казахстанской области, владеют государственным языком. В соответствии с Законом о языках Казахстан постепенно, безболезненно переходит к развитию государственного языка.

Сегодня проводится активная работа по укреплению языка во всех сферах. В Казахстане проживают 140 национальностей демократизации общества, эволюции партийной структуры, институтов демократии, складывания новой государственно-правовой и судебной системы. В литературе ставятся и обсуждаются проблемы казахстанского патриотизма, становления исторического сознания, государственной идентичности, гармонизации национальных отношений в процессе укрепления казахстанского государства [3]. Проблемы в межнациональных отношениях в значительной степени связывались с объективными общественными процессами. Свойственное всему миру противоречие между развитием наций и их сближением (интеграции и этнической дифференциации), между стремлением к самостоятельности и потребностью в углублении интеграционных связей дало о себе знать и в нашей многонациональной республике. Как известно, проблемы межнациональных отношений налагают отпечаток на экономику, политику, общественную структуру, а последние на эти отношения. Одной из серьезных причин обострения национальных проблем явилась тенденция к унитаризму и унификации, отрицанию национальной специфики. В республике постепенно свертывалась работа по реализации национальных интересов в области образования, культуры, языка, запрещались и были преданы забвению многие прогрессивные национальные обычаи и обряды.

В Казахстане нет почвы для этнических конфликтов. Сегодня все лидеры неправительственных организаций и творческая интеллигенция говорят об укреплении государственного языка. Сегодня тюркоязычные народы составляют в Казахстане 65%, это близкие по менталитету, языку и религии узбеки, турки, азербайджанцы и другие. Вместе с

этим нужно отметить, что и другие народы, которые проживают в Казахстане и исповедуют ислам, все мы имеем право выбора религии, но есть вековая культура народа, национальная гордость, менталитет. Процесс дальнейшей консолидации общества будет приобретать все большую значимость. Казахстанский мир -существенное достижение. С первых дней государственной независимости в Казахстане были созданы объективные условия для формирования политического плюрализма, развития демократических свобод.

Единственным носителем суверенитета и источником государственной власти объявляется единый народ Казахстана, состоящий из граждан Республики всех национальностей, объединенных общностью исторической судьбы с казахской нацией. Данное определение единого народа более отвечает реалиям независимой государственности по сравнению с дефиницией народа в Декларации о суверенитете, так как обладает большим интеграционным потенциалом. Признак общности исторической судьбы составляющих народ национальностей приближает его к определению нации по О. Бауэру, т.е. к пониманию нации как этнокультурной общности. Вместе с тем, выделение казахской нации как составной части народа говорит о том, что теоретической основой закона послужила этногенетическая концепция нации в ее марксистско-ленинском варианте; употребление термина «нация» вместо «этнос» призвано подчеркнуть особую ответственность казахов в построении казахстанской государственности.

Повышение интереса казахского этноса к своей истории и культуре, многочисленные требования населения по восстановлению исторических названий, которые были необоснованно изменены в советское время, привели к созданию Ономастической комиссии при Кабинете Министров страны. Позже для координации ономастической и терминологической работы, обеспечения деятельности Ономастической и Терминологической комиссий при Кабинете Министров Республики Казахстан был создан Комитет по языкам [4]. Такое внимание к проблемам языкового строительства свидетельствует об интересе государства к развитию казахского и других национальных языков.Национальная политика Казахстана основывается на нормах и правовых документах, признанных мировым сообществом.

Благодаря воле первого Президента страны Н.А. Назарбаева, страна показывает всему миру эффективную казахстанскую модель межэтнического согласия. Именно демократия является идеальным методом по разрешению межэтнических конфликтов в случае их возникновения мирным путем, потому что только в условиях демократического развития представители меньшинств получают возможность на равных участвовать в политической жизни своего государства. Кроме того, образование соответствующих государственных и общественных организаций способствует формированию тех условий, которые необходимы этническим группам для возрождения их культурно-национальной самобытности.

В условиях переходного периода в Казахстане, понятно, сколь значительна роль государства и в реальной оценке ситуации, и в разработке форм и методов урегулирования межнациональных отношений. Решение задачи установления определенного баланса и поддержания равновесия между отдельными национальными группами, их вовлечения и интеграции в управление делами общества и государства требует применения широкого набора организационно-правовых средств и создания определенного государственно-правового механизма. Предназначение такого механизма может состоять как в осуществлении чисто превентивных задач по предупреждению и предотвращению возникновения напряженности в межнациональных отношениях, так и в том, чтобы урегулировать, разрешать уже возникшие споры и конфликты. [5].

У многих этносов, населяющих Казахстан, в период существования советской системы не было возможности активно участвовать в политической жизни страны. После того, как Казахстан стал суверенным государством, перед руководством республики встала задача создания структуры, представляющей интересы всех этносов страны. Такая структура

должна была бы удовлетворить интересы и запросы этносов, регулировать их развитие путем решения общих политических, культурных и социальных проблем.

Решению именно этих задач призвана содействовать образованная согласно Указа Президента Республики Казахстан от 1 марта 1995 года Ассамблея народов Казахстана. Идея создания Форума, который смог бы взять на себя функции проведения в жизнь идей межнационального согласия и единения была высказана Президентом Казахстана Н.А. Назарбаевым в 1992 году. Он считал, что в составе Ассамблеи «нужно предусмотреть представительство всех этнических групп, известных общественных деятелей, наиболее авторитетных в республике личностей, глав администраций».

В соответствии с Положением об Ассамблее народов Казахстана, "Ассамблея является консультативно-совещательным органом при Президенте Республики Казахстан", а ее решения носят рекомендательный характер.[6]. За год своего существования Ассамблея сыграла стабилизирующую и консилидирующую роль. Она стала одним из инструментов гражданской консолидации представителей различных этносов. Ей была представлена квота для направления в высшие учебные заведения республики представителей национальных меньшинств. Тем не менее анализ процессов в различных сферах казахстанского общества дает основание утверждать, что наметились определенные сдвиги на пути к межэтнической интеграции. Дальнейшее социально-политическое развитие Казахстана как демократического государства, бесспорно зависит не только о степени реализации прав и свобод отдельной личности, но и от создания необходимых условий для самореализации этнических интересов в рамках единого государства [7]. Решающее значение при этом бедут иметь желание каждой личности идентифицировать себя с народом Казахстана.

**Литература:**


1. Токаев. “Внешняя политика Казахстана”. Сб. Статей. Выступление Президента Н. А. Назарбаева на совещании по вопросам внешней политики. Алматы, 15 февраля 1995г., стр. 5-9
2. Казахстан и мировой сообщество”. 1996г. № 3. С. Примбетов. “О союзе трех центрально-азиатских государств”.
3. Султанов К. Выстраивая взаимоотношения с великим соседом, нужно проявлять добрую волю и трезвый расчет. (Казахстанская правда). 1996г. 12 января).
4. “Казахстан и мировое сообщество”. 1994г. № 1. У.Касенов. “Итоги внешнеполитической деятельности РК и ее приоритетные задачи”.Казахстан и мировой сообщество”1996 г.
5. Нурпеисов.Е.К., А.К.Котов. “Государство Казахстан: от ханской власти к президентской республике”. Алматы,1995 г.
6. Назарбаев.Н.А.“Стратегия становления и развития суверенной республики Казахстан”. 1992 г. гл. 3. Стратегия в области внешней политики национальной безопасности.
7. Морозов А., Тастенов А. Особенности формирования государственной идеологии Республики Казахстан // Analytic. – 2006 г. — № 6.


* * *

**УДК 37.018.12**

УЛУУ ОЙЧУЛДАРДЫН АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО ИДЕЯЛАРЫНЫН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ АКТУАЛДУУЛУГУ

***Доминова И.-п.и.к., доцент ОшМПУ***
***Женишбек кызы Айтбу-ОшМПУнун магистранты***

***Аннотация:*** *Бул макалада адептүү инсанды тарбиялоого өбөлгө болуучу улуу ойчулдардын идеяларынан мисалдар келтирилди. чечмеленди. Салыштыруулар менен кыргыз элдик макалдарыдын тарбиялык маанисин белгилеп, улуттук фольклордон конкреттүү*

*мисалдар берилди. Ата-энелерге, мугалимдерге, педагогикалык багытта билим алып жаткан студенттерге сунушталат.*

***Негизги сөздөр**: тарбия, адеп, макал, билим, бала, окуу, окутуу,коом, коомдук уюдар.*

АКТУАЛЬНОСТЬ ИДЕИ ВЕЛИКИХ МЫСЛИТЕЛЕЙ О НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ

***Доминова И. - к.п.н. доцентОшГПУ***
***Женишбек кызы Айтбу - магистрант ОшГПУ***

***Аннотация:** В данной статье приведены конкретные примеры из киргизского фольклора, являющимися предпосылкой в воспитании нравственной личности. Рекомендуется родителям, учителям и студентам, обучающимся по педагогическому направлению.*

***Ключевые слова:** воспитание, образование, ребенок, роль, социум.*

THE RELEVANCE OF THE GREAT THINKERS' IDEAS ABOUT MORAL EDUCATION

***Dominova I. -k.p.s. associate professor***
***Jenishbek kyzy Aitbu - master student of Osh State Pedagogical University***

***Abstract:** It is article is given specific examples of kyrghyz folk, which is ground on moral upbrining of personality. It is recommended to parents, teachers, students and future teachers.*

***Key words:** upbringing, education, child, role, society.*

Бир кездерде жазуу,сызуусу жок эле эл өз балдарын адептүү, ыймандуу жаштарды тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн түзө алган. Элдик педагогиканын зор күчкө ээ экендигин баамдап, академик Г.Н. Волков: элдик педагогика менен илимий (мектеп) педагогикасынын тарыхын миң беттен турган бир китеп катары элестете турган болсок, мектеп педагогикасы жана анын тарыхы жөнүндөгү сөз ал китептен 995 же 996 бетинен башталмак деп баса белгилеген. [1,66] Демек элдик тарбия жөнүндөгү ой пикирлердин актуулдуулугунун мааниси төмөндөбөйт.

Улуу ойчулдардын адептүүлүккө тарбиялоо идеялары бүгүнү күнгө чейин өз маанисин жоготпой келүүдө. Кей Кавустун 44 баптан турган “Кабус-Намеси” чыгыш элдеринин таалим-тарбия жөнүндө баяндалган улуу педагогикалык мурасы экендиги баарыбызга белгилүү. Дүйнөлүк мааниси бар болгондуктан бул чыгарма Батыш жана Чыгыш элдеринин тилине которулган. 1432-жылы түрк, 1786-жылы уйгур, 1811-немис, 1860-өзбек, 1886-француз жана орус тилдерине которулган. [.12]

Өзүнүн социалдык көз караштарын көбүнчө философияга негиздеп, Аль-Фараби, тарбия жөнүндө мааниси өтө күчтүү оригиналдуу көп ойлорду айткан. Тарбиянын негизги максаты, анын ою боюча, адамды жакшылыкка, жакшы жөрөлгөлөргө үйрөтүү аркылуу анын бактысын ачуу деп көрсөтөт. Фараби адамды рухий жактан тарбиялоодогу илимдин маанисин жогору баалайт. Анын ою боюнча билим адамдын жүрүш-турушун кооздойт, дарактан өсүп чыккан бутактар мөмө байлагандай эле билимге умтулган адамдын адеп-ахлагы тазарат деп белгилейт.

Аль-Фараби Аристотельдин идеяларына таянып тарбиянын негизги милдети жан дүйнөсү жыргалга эмес, чындыкка умтулгандай кылып инсандын табиятынын оңолушуна көмөк көрсөтүү экенин көрсөтөт. Ошону менен бирге инсандын адептик сапаты дале көнүгүү менен адаттын натыйжасы болуп эсептелет деген жүйөлүү пикирди айтат. Беруни адамдын жан дүйнөсүнүн табиятын, анын дене менен байланыш мамилесин талдап олтуруп идеялдуулук материалдуулукка баш ийет деген тыянак чыгарып келет.. Ал эми адамдын жан дүйнөсүн, жашоо жолун адеп-ахлак нугуна бурса болот деп ишенимдүүлүк менен баса белгилейт.

Тарбиянын негизги милдети, Берунинин ою боюнча, адамдын адаттарын жана акылын

жаман касиеттерден тазалоо, аны жамандыкка алып баруучу эски ырым-жырым, үрп-адаттан, жалган ишенимден, түрдүү азгыруудан куткаруу деген. Беруни тарбияны өзүн-өзү тарбиялоо менен өтө тыгыз байланышта караган. [6.14]

Орто кылымдын улуу ойчулу Ибн Сина тарбиянын негизги максаты инсанды акыл жана дене жагынан шайкеш өстүрүү андагы токтоо мүнөздү калыптандыруу деп эсептеген. Ал өзүнүн "Эмчилик илиминин мыйзамы" деген белгилүү эмгегинде туура берилген тарбиядан эки пайда табабыз: биринчиси – баланын ыйманы жашынан адептүүлүккө өтсө, жан дүйнөсү оңолуп, а түгүл ал туруктуу адатка айланат, экинчиси – дене үчүн да пайда, анткени адепсиздик түрдүү бузулган табияттын натыйжасы болгон сыяктуу эле, адепсиздик адатка айланса ал табиятты да сөзсүз бузат. Алсак, ачуу келгенде адам эмоцияга алдырат, ачуусу келет, көңүл чөккөндө маанайы бузулат ушул сыяктуу өзгөрүүлөр болот. Азыркы учурда Ибин Синанын айткан идеясы дал келип жатат. Жаштардын журум-турумундагы өзгөрүүлөргө мобилдик телефондордун жапырт колдонулушу, динчил агымдардын туура эмес саясаты, элдин кийинүү маданиятыны өзгөрүшү, бирдиктүү мектеп формасынын эки түргө айланышына таасир этип жатат. Мындай терс өзгөрүүлөрдүн таасиринин себептерин аныктап, күрөшүү ар бир тарбиялык ишти жүргүзүп жаткан жетекчилердин демилгеси керектелип жаткандай көрүнөт.

Омар Хайям ойчул, акын, окумуштуу катары тарбиянын максаты – ыйманы таза, акылы тунук, сезими курч адамды калыптандыруу деп эсептейт. Өркүндөгөн чыныгы инсан гана жан дүйнөсүнүн канааттануусун сезе алат. Андан тышкары инсан адептүү болуп, өз жакындарын сүйүүгө милдеттүү. Тарбия көргөн адам гана бардык адамдарга жакшылык кыла алат . Андай адам акылы күчтүү, ыйманы таза келип, турмуштагы өтө зарыл иштерден башкага нерселерге көңүлүн бурбайт, бийликке умтулбайт деген ойду окумуштуу баса белгилейт. Бул ою да учурдагы заманыбызга дал келүүдө, сабаттуусу да, сабатсызы да элдин жүгүн көтөрүү жеңил иш эмес экенин таназар албай бийликке жетүүгө аракеттенип жатышат. Ибн Сина менен Фараби сыяктуу эле Омар Хаям да адамдагы жаман сапат да, жакшы сапат да тубаса берилбейт, ал түрдүү факторлордун таасири астында калыптанат деген ойго келген. Адамда жакшы адат болбосо, акыл менен аракет жасаса жаман адатынан кутулуп, жакшы адатка ээ боло алат. Адам адептүүлүк касиетке эки жол менен жетишет. Биринчиден, жакшы адат ар бир пендеде атайылап көнүгүү жолу менен калыптанат. Жакшы кылык-жоорук адатка айланса жакшырат, жаман жоорук адатка айланса бузулат. Омор Хайям, муну менен адамдагы адепти, мүнөздү активдүүлүк менен түптөө мүмкүн экендигин баса белгилеген. Тарбия бала кезде башталып, бүт өмүр бою улантылат. Инсан бекерликке берилбей билимге умтулуусу керек, ансыз өз аброюн бийик көтөрө албайт деген тыянак чыгарат. Бул талаптар азыркы учурда деле коюлуп жатат. Кыргызда да макал бар " Жалкоонун ашы татыбайт" "Жалкоонун жаны таттуу" , "Жалкоонун иши арбыбайт" ж.б.

Чыгыш элдердин, жалпы мусулмандардын баарына кеңири таркалган баа жеткис педагогикалык мурас-Кей Кавустун "Кавус-Немеси". Кей Кавустун уулуна үйрөткөн акылынын мазмуну адамдагы эң негизги касиет-акылмандык, чынчылдык жана адамгерчиликтүүлүк. Мындай касиеттер көп адамдарда жок.

Бул чыгарма ар бир пенденин өз өмүрүндө үч адилеттүүлүк эрежени бекем кармоого милдеттендирет;

1.сүйлөгөн сөзүңдү турмушуңда ишке ашыр,
2.чындыкка каршы иш кылба,
3.сабырдуу бол.

Кудурети улук Теңирим жараткандарынын адамды өзгөчө жасаган. Адам денесиндеги, бешөө ички, бешөө сырткы аң-сезим менен жаныбарлардан айрымаланып өзөгөчө жаралган. Ички, жабык бешөө: ойлоо, эске тутуу, кыялдануу, айырмалоо жана речь, ал эми сыркы ачык бешөө: угуу, көрүү, жыт сезүү, даам сезүү жана сыркы дене аркылуу туюуу деп көрсөтөт. Булардын айрымдары кээ бир жаныбарларда болгону менен адамдыкына окшобойт. Ошондуктан адам бүтүн жаныбарларды баш ийдирет, аларды акыл эси менен башкарат.

Ошондуктан адам баласы жан жаныбарлардын падышасы.

Дүнүйөң азайып жакырлансаң акылыңды байыт, анткени акылдын байлыгы дүнүйөдөн кымбат. Акыл менен дүнүйө жыйнаса болот, ал эми дүнүйө менен акыл жыйнай албайсың. Акылың болсо өнөр үйрөн, дейт Кей Кавус. Билим-акылдын жүзү деген кеп бар эмеспи деп кайрылат улуу аалым. Демек, акылдуу, билимдүү адам кандай чөйрөдө болсо да, өз ишин таба билет .

Элден чыккан даанышмандардын таалим-тарбия жөнүндөгү залкар ойлорун биздин күнгө чейин жеткиргендигине акылман акын, таасын педагог бабабыз Жусуп Баласагындын, "Кут алчу билим" (Фрунзе Кыргызстан басма 1988) дастаны эң сонун далил.

Педагог бабабыз Жусуптун "Кутту билим" дастаны каармандарынын бири Адилет-чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүктүн бири Дөөлөт-кут, ырыс кешиктин, бири акыл-парасаттын, дили ак тазалыктын, бири Каниет-сабырдуулук, туруктуулук, мансапка умтулбаган, дүйнөгө алданбастыктын касиетин айгинелеп ачкан, ар тараптан өркүндөгөн инсандын мындай асыл сапаттарынын ар бир инсандык калыптануусу коомдук турмуштун зарылдыгы экендигин баяндаган залкар педагогикалык мурас, окуган адамдын ички сезмин козгоп таасирдүү таалим-тарбия берүүчү шурудай тизилген сөз тизмегинен турган чыгарма. Окурмандарга кайрылып Жусуп; "Жалаң, акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,

Шуру сымал жибек жипке тизилген" деп китептин мазмунунун элдин педагогикалык казынасынан алгандыгын, ал казына түгөнбөс кенч экендигин, ал кенчти элге жеткизүүнүн каражаты жандуу, элестүү, учкул сөз жана аны жеткизүүчүлөр элден чыккан сөз чеберлери экендигин көрсөтүп:

"Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың"
Эске тут, бул китепти жазган адам,
Атактуу, сыпаа, сөзмөр болгон абдан – дейт. [7]

Жусуп бабабыз инсандагы асыл сапаттарды калыптандыруунун эң негизги каражаты бул окуу, билим, илим экендигине элди ынандырып, малга, акчага жардылык эмес, руханий жардылык адамды кемсинтип жан дүйнөсүн жардылантып, адепсиздик, наадандык касиетке ээ кылып, катардан чыгараарын эскертет.

Жусуп инсандыгы асыл касиетти көркөмдүүлүгүн чыгарып, анын ой сезимин ойготуп, жан дүйнөсүн байыткан эң күчтүү курал катары эне тилин эсептеген. Эне тилин терең үйрөнүп кадырлап, байытып элге жугумдуу, жагымдуу ширин сөздү таруудай чубурткан адам элдин урмат сыйына ээ, ал касиеттүү инсан. Кылымдар бою калкыбыз жакшылыктын уюткусу – билим, илим, накыл сөздү даңазалап, куттуу эңсеп келгенине Жусуптун:

"Кары сөзүн айтылган капта сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса.
Кут бир келет – бакпасаң кетип калат,
Бак бир конот, үйлөсөң учуп кетет", - деген саптары ачык күбө боло алат.

Инсандагы аброюнун бийиктиги окугандыкта, билимдүүлүктө экендигин айтат. Акыл ойдун каймагы – оозеки сакталып келген макал-лакаптарда чагылдырган. "Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат".

Элибизге кеңири белгилүү ойчул-насаатчылардын эң алгачкыларынын өкүлү Калыгул Бай уулу. Калыгул бабабыз көзү ачык ойчул, залкар насаатчы-акын, улуу педагог болгон.

Улуу насаатчы педагог бабабыз элдин пейили бузулуп, адеп-ахлактын төмөндөшүнүн тескери таасири жаштардагы кыргыз калкына туура эмес жоруктарды пайда кылып жатканын терең түшүнгөн. Мындай адептик кризистен чыгуунун бирден бир жолу пейилди оңдоп, жакшы ниет менен дилди тазалоо экендигин айтып, элди ыймандуулукка үндөп:

Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка.
Жаман иштен качып өт
Жакшылыкка жетесиң. [7.31]

Калыгул бабабыздын залкар педагогикалык ойлорун, даанышмандык идеяларын, көзү ачык олуялыктарын ырааттуу изилдөө келечектин иши, чыгармачыл окумуштуу педагогдордун ыйык негизги парзы, келечекке ишенимдүү кароонун бирден бир жолу деп баса белгилейт.

Молдо Нияз кыргыз элинин тилин, дилин, үрп-адат, каада-салтын жакшы билип, кыргыз тилин даңазалап, жаштарды билим алууга, эл камын ойлоп, кужүрмөн эмгектенүүгө, адеп сактап, адамгерчиликтүү болууга үндөгөн жана чакырган.

«Караниет көп болот,

Жакын келбе жаныга

Жамандын тиет жалаасы» - деген ыр саптары жаштарга таалим, тарбия берип, аларды сак болууга чакырган [3.39] Элдик педагогикада таасири күчтүү макалдар бар "Жакшыга жанаш, жамандан адаш", "Жакшы кыз жакадагы кундуз, жакшы уул асмандагы жылдыз", " Жакшы жигит эл камы үчүн жүгүрөт, жаман жигит өз камы үчүн жүгүрөт" "жакшы", "жаман" түшүнүктөрү салыштырылат.

Бул идеясын учурдун негизги темасы катары кароого болот. Анткени элдик педагогиканын залкар идеяларын аңдап терең түшүнгөн улуу агартуучу Молдо Кылыч элдин пейилинин бузулушун замананын бузулушу деп эсептеген. Бул балдарга таалим, тарбия берүүдө элдин өткөндөгү бай тажрыйбасына туура мамиле жасоонун натыйжасы экендигин аңдап түшүнгөн.

Бул маселе боюнча кыргыз элинин акындары өз пикирлерин айтышкан. Бул тууралуу адабиятчы окумуштуу Б. Кебекова төмөнкүдөй оюн жазган: "Орхон – Енисей эстеликтериндеги маалыматка караганда байыркы мезгилде кыргыздардын өзүнө тете жазуу – сызуусу болсо да, кандуу кармашуулардын, уруш-талаштардын кесепетинен өйдө-төмөн удургуп, көчүп-конуп, тарыхтын нечен татаал кезеңдерин басып өтүп, бир учурда жазмачылыктан кол үзгөндөй түрү бар" [3, 3б].

Алсак, элдик акындар макал-лакаптын тарбиялык маанисин турмуштук көрүнүштөргө карата кайра иштеп чыгып, санат-насыят формасындагы ырларды жараткан. Мисалы, эл арасында "Ырыс алды ынтымак" деген макал бар.

Андан элдик акындар:

- Ырыс алды ынтымак,
  Ынтымагың жок болсо,
  Алдыңдан таяр алтын так",- деген санат-насыят ырын жараткан. Ошондой эле "Атадан алтоо туулса, ар жалгыздык башта бар" деген макалдан:

- Аскар, аскар, аскар тоо,
  Аягы барып чап болот.
  Атадан алтоо туулса,
  Сыйлашпаса жат болот",- деген терме ырларды чыгарышкан.

Айрыкча; Тоголок Молдо Абдрахманов, Сагымбай Орозбаков, Карим Алиев, Осмоналы Дордоев, Алтай Айдарбеков сыяктуу эл акындары, манасчылары аркылуу, кара сөз формасындагы тамсилдер – ыр формасына өтүп калтырышкан.

Акындар "эл ырчысы" деген наамды гана алып жүрүшпөстөн, ошондой эле "эл акылманы", "эл ойчулу", "эл даанышманы"катары коомдогу алган орду бийик болгон. Мисалы, Тоголок Молдо, Молдо Нияз, Молдо Кылыч сыяктуу жазгыч ырчылар макал-лакап, табышмак, чечендик, нускалуу сөздөрдү эл арасынан жазып алып, жыйноо менен гана токтоп калышпастан, элдик көркөм сөз мурастарын ар тараптуу изилдеп, балдарга тарбия берүүчүлүк касиетин байытуу менен кайра элге окуп берип таратышкан. [4]

Жаш муундардын туюу, кабылдоо сезимине жалпы элдик салтты, адептүүлүктү, боорукерликти байыр алдыруу кудурети, аларды өрнөктүү идеялдарга тарбиялап келгендиги боюнча акындар - нагыз элдик педагогдор. Жөнөкөй эле бир макалдар балдардын тагдырында чоң мааниге ээ болуп, анын кийинки турмуштук жолу үчүн сабак болгон.

С. Рысбаев: адеп-ыйманга, үлгүү журум- турумга тарбиялоо багытындагы макал-ылакаптар; элдик нарк-насилге, намыстуу болууга үндөгөн макал-ылакаптар белгилеген.,

демек, кыргыз макал-ылакаптарынын башкы максаты – инсандын сапаттарын ар тараптуу калыптандыруу экендиги көрүнөт. [5.64 ]

Мисалы, «Аргымакты жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт, адамзаттын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт» деген макалды айтуу менен элдик педагогика жылкы менен адамды салыштырат, жылкы бул жерде адамды ассоциялайт, адептүү адам беймаани көп сүйлөбөйт экен, ал башкаларды көп угуп, акыл көрөңгөсүн байытып, анан гана кезеги келгенде айтчу сөзүн кыска жана нуска айтат экен.

Кыргыз элинин кылымдарга созулган маданий салтында да улуулар кичүүлөргө, аталар балдарга, өнөрпоздор калың элге тарбия берип, алар жүрүш-турушу, адеби, сүйлөгөн сөзү менен үлгү болуп кийинки урпактары үчүн кам көрүп келген. Улутту улут катары сактап келген нерсе ошол аталар тарбиясы болгон да, «Аталар сөзү- акылдын көзү», «Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат», «Аккан арыктан суу агат», «Ата сөзү - ар намыс», «Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт», «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны » ж.б. көптөгөн макал-ылакаптарды чыгарган. [3.69 ] Үй бүлөдө ата үй бүлө башчысы, ата негизги фигура экендиги баса белгиленет.

Улуу окумуштуу ойчул адамдарыбыздын жана эл акындарыбыздын адептүүлүк жөнүндөгү ойлору жана турмушка туура багыт берип айткан баалуу сөздөрү азыркы жаштар үчун жашоонун компасы десек жаңылышбайбыз. Турмушта бул баалуу ойлорду мектепте, ЖОЖдордо, коомчулукта тарбиялоо жана билим берүүчү мекемелерде окутуу-тарбия процессинде колдонууну ишке ашыруу учурдун милдети катары эсептелет.

**Адабияттар.**


1. Б.Апыш “Тарбия назарияты” Ош- 1996-жыл ( 6-15)
2. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы табияты, таралышы жана тарыхы.-Б.: «Турар», 2011.-117-118 б.
3. Койчуманов Ж. Элдик педагогиканын берметтери.-Б.,1996. 68-76б
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук . А. Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. – Б.: Шам, 2004.-215-216 б.
5. Рысбаев С., Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү .-Б.:2021.-112 б.
6. «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий- адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы” Кут билим газетасы.


* * *

**УДК: 378. 02**

# ОКУУ ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИ КЕСИПТИК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУДА КӨП МАДАНИЯТТУУ ТОЛЕРАНТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

***Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна - улук окутуучу***
***Ош, Кыргыз Республикасы***
***ОшМУ, E- mail: dzinagul@mail.ru***

***Кыскача мазмуну:*** *Бул макалада окуучуларды көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоо үчүн болочок мугалимдерди даярдоонун максаты жана маселелери каралган. Толеранттуулук боюнча түшүнүктөр берилип, окумуштуулардын изилдөөлөрү, толеранттуулуктун түшүнүктөрү боюнча берилген. Көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоону жогорку билим берүү стандартында каралган психологиялык жана педагогикалык, жарандык билим берүүчү дисциплиналары, педагогикалык практика, сабактан тышкаркы, кураторлук сааттардагы тарбиялоо иштери аркылуу иш жүзүнө ашырууга болот. Биздин изилдөөдө педагогикалык шарттар катары окуу-тарбия*

*процессинде студенттерди көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоо процессинде көп маданияттуу инсанды калыптандырууда таяныч катары колдонулуучу педагогикалык жана психологиялык өбөлгөлөрдүн бирикмеси, ошондой эле педагогикалык шарттар аныкталды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *маданияттуулук, көп маданияттуулук, толеранттуулук, көп маданияттуу толеранттуулук, билим берүү, тарбиялоо, болочок мугалимдер, педагогикалык шарттар, көп түрдүү маданият, этнос.*

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ВОСПИТАНИЯ СТУДЕНТОВ ПОЛИКУЛЬТУРНОЙ ТОЛЕРАНТНОСТИ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ СТАНОВЛЕНИИ СТУДЕНТОВ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

***Джоошбекова Зинагул Рысбаевна - старший преподаватель ОшГУ, Ош, Кыргызская Республика,*** ***E-mail-dzinagyl@mail.ru***

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются цель и вопросы подготовки будущих учителей к воспитанию у школьников поликультурной толерантности. Представлены понятия толерантности, представлены исследования ученых, понятия толерантности. Воспитание поликультурной толерантности может быть реализовано через психолого-педагогические, гражданско-образовательные дисциплины, педагогическую практику, внеаудиторное, кураторское часовое образование, предусмотренное стандартом высшего образования. В нашем исследовании в качестве педагогических условий определено сочетание педагогических и психологических предпосылок, а также педагогических условий, которые используются в качестве опоры в формировании поликультурной личности в процессе воспитания учащихся поликультурной толерантности в образовательном процессе.*

***Ключевые слова:*** *цивилизация, поликультурность, толерантность, поликультурное толерантность, образование, воспитание, будущие учителя, педагогические условия, многообразная культура, этнос.*

## PEDAGOGIKAL CONDITIONS FOR THE EDICATION OF STUDENTS OF MULTICULTURAL TOLERANCE IN THE PROFESSIONAL FORMATION OF STUDENTS IN THE EDICATIONAL PROCESS

***Djooshbekova Zinagul Rysbaevna -***
***Senior Lecturer, OshSU, Osh, Kyrgyz Republic***
***E- mail: dzinagyl@mail.ru***

***Abstract:*** *This article discusses the purpose and issues of preparing future teachers for the education of multicultural tolerance among schoolchildren. The concepts of tolerance are presented, the research of scientists, the concepts of tolerance are presented. The education of multicultural tolerance can be implemented through psychological and pedagogical, civil and educational disciplines, pedagogical practice, extracurricular, curatorial hour-long education provided for by the standard of higher education. In our study, a combination of pedagogical and psychological prerequisites, as well as pedagogical conditions that are used as a support in the formation of a multicultural personality in the process of educating students of multicultural tolerance in the educational process, is defined as pedagogical conditions.*

***Keywords:*** *civility, multiculturalism, tolerance, multicultural tolerance, education, upbringing, future teachers, pedagogical conditions, diverse culture, ethnicity.*

Өсүп келе жаткан муундарды толеранттуулукка тарбиялоо маселеси окутуу жана тарбиялоо процессиндеги негизги милдеттердин бири болуп эсептелинет. Толеранттуулукка

тарбиялоо багытында изилдөөлөрдү кезиктиргенибиз менен бир жолго коюлбай келе жаткандыгын байкоого болот.

Билим берүү мекемелеринде окуучуларды көп маданияттуу толеранттуу лукка тарбиялоо үчүн ЖОЖдогу болочок мугалимдерди даярдоо зарыл. Көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоону жогорку билим берүү стандартында каралган психологиялык жана педагогикалык, жарандык билим берүүчү дисциплиналары, педагогикалык практика, сабактан тышкаркы, куратордук сааттардагы тарбиялоо иштери аркылуу иш жүзүнө ашырууга болот. Бүгүнкү күндө толеранттуулукту социалдык баалуулук катары жеткиликтүү окуп үйрөнгөн көптөгөн илимий эмгектер бар. Изилдөөлөрдө толеранттуулук коомдук түзүлүштүн биргеликте тынчтыкта жанаша жашоо мүмкүндүгүн билдирген, бири-биринен ар түрдүү белгилери боюнча айрымалаган субъекттердин, топтордун жашоого ыңгайлашуусу, биргелешип жашоосу экендигин белгилешет. Толеранттуулук субъекттин социалдык, адеп-ахлактык ишмердүүлүгүнүн негизи катары каралат, ал жашоодогу коомдун бардык өкүлдөрүнүн ортосундагы мамилени жөнгө салат. Натыйжада толеранттуулукту адамдагы баалуулук катары кароого болот. Н.А. Асташова: “Адамдагы баалуулуктар, социалдык баалуулуктар сыяктуу эле маанилүү таанылган билимдердин катарына кирүү менен идеалдар түрүндө жашайт”, - [4, 12] деп белгилейт.

Бардыгы болуп 2009-жылы Кыргыз Республикасынын калкын жана турак жай фондун каттоонун маалыматтары боюнча өлкөдө 100дөн ашык этностордун өкүлдөрү жашаган. УСКнын маалыматы боюнча, 2012-жылдын акырына карата ар кандай этностук жамааттардын өкүлдөрү калктын 27,8%ын же 1 миллион 545 миң адамды түзгөн. Кыргызстан көп этностуу мамлекет экендиги баарыбызга маалым.

Толеранттуулуктун эл аралык күнү 1996-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан бекитилген. Ошол күндөн баштап 16-ноябрь ар жылы толеранттуулукка арналган эл аралык күндү, толеранттуулук түшүнүгүнүн маанисин ар бир адамга жеткире ала турган окуу мекемелеринде жана коомчулукта түрдүү иш-чараларды өткөрүү менен белгилөөгө чечим чыгарылган.

Мына ушуга карабастан мамлекеттик саясатта этностук курамды эске алуу жетиштүү деңгээлде каралбай келүүдө, этностор аралык мамилелерди башкаруунун так системасы түзүлгөн эмес, жалпы жарандык бирдейликти калыптандыруу негизги орунда катары каралган эмес.

Толеранттуулук (лат. tolerantia - чыдоо) –

1) ар кандай субъекттердин, социалдык топтордун, саясий уюмдардын, мамлекеттердин ой-пикирине, көз караштарына, ишенимдерине, идеалдарына сабырдуулук, чыдамдуулук, кечиримдүүлүк менен мамиле жасоо.

Толеранттуулук өз ара урматташууну, өнөктөштүктү колдойт жана коомдогу саясий күчтөргө карата бийликтин өз расмий позициясын иштеп чыгуусун талап кылат. Толеранттуулук XX кылымдын 2-жарымында пайда болгон жаңы термин болуп саналат. Социалдык-психологиялык планда толеранттуулук социалдык объекттерге, коомдогу ар кандай көрүнүштөргө токтоолдук менен түшүнүп мамиле жасоону билдирет жана иш жүзүндө социалдык мамилелерге карата ишмердүүлүктүн деңгээлин мүнөздөөчү фактор болуп эсептелет. Ошол эле учурда өз ара ашыкча ыкташып кетүү (конформизм) толеранттуулук үчүн келишкис жат көрүнүш. Азыркы заманда толеранттуулук адамдын жүрүм-турумундагы токтоолуктун, сабырдуулуктун үлгүсү катары эсептелет.

Толеранттуулук – көз караштарга, адептерге, башка түрдөгү адаттарга *сабырдуулук* деген маанини түшүндүрөт. Толеранттуулук ар түрдүү элдердин, улуттардын жана диндердин өзгөчөлүктөрүнө карата зарыл болгон сапат болуп саналат. Бул өзүнө ишенгендиктин жана өз позициясынын ишенимдүүлүгүнө болгон аң-сезимдин белгиси, башка көз караштар менен салыштыруудан, руханий атаандаштыктан качпаган, баарына ачык идеологиялык агымдын белгиси [3, 634-642].

Толеранттуулуктун маңызы инсандык комплекстүү билим берүү жана тарбиясы катары философиялык, психологиялык, педагогикалык, социалдык, биологиялык жана медициналык көз караштарды талдоонун негизинде ачылат.

**Таблица 1. Толеранттуулуктун түрдүү маданияттарда түшүндүрүлүшү**

| Толеранттуулук | |
|---|---|
| англис тилинде (*Оксфорд сөздүгүндө*) | адамды же кандайдыр бир нерсени каршылыксыз кабыл алууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү; |
| француз тилинде | башка бирөөнүн эркиндигин, анын ой жүгүртүүсүн, жүрүм-турумун, саясий жана диний көз караштарын урматтоо; |
| кытай тилинде | сабырдуу, башкалар менен мамилелешүүдө берешен болуу; |
| араб тилинде | кечиримдүүлүк, жумшактык, боорукердик, ырайымдуулук, сабырдуулук менен башкаларга мамиле кылуу; |
| перс тилинде | сабырдуулукка, чыдамкайлыкка, жарашууга даяр болуу; |
| орус тилинде | 2 мааниси бар:1) сабырдуулук;<br>2) кечиримдүүлүк; |

Толеранттуулук түшүнүгүнүн маңызын ачып көрсөтүүдө түрдүү маданияттарда (англис, француз, кытай, араб, перс жана орус тилдеринде) түрдүү түшүндүрүлгөн. Орус тилинде окшош маанидеги сабырдуулук жана кечиримдүүлүк эки сөз бар. Орус тилинде «*толеранттуулук*» түшүнүгү салыштырмалуу жакында эле пайда болгон: 1907-жылы Брокгауз менен Эфрондун энциклопедиялык сөздүгүндө «*толеранттуулук*» деген түшүнүк диний көз караштарда сабырдуулук деп түшүндүрүлгөн.

Д.Н. Ушаков тарабынан редакцияланган орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «*толеранттуулук*» - француз тилинен алынып, сабырдуу деп которулат [6, 726].

Толеранттуулук жана сабырдуулук түшүнүгү көбүнчө синоним катары каралат. В.И.Дальдын сөздүгүндө «*сабырдуулук*» деген сөздү касиет же сапат, кандайдыр бир нерсеге же кимдир-бирөөгө кайрымдуулук, ырайым кылуу менен гана чыдай билүү жөндөмү деп чечмеленет [2, 755].

Ушул сыяктуу эле, бул түшүнүк көпчүлүк заманбап сөздүктөр тарабынан чечмеленет. Ошентип, чет элдик сөздөрдүн азыркы сөздүгүндө толеранттуулук "... кимдир-бирөөгө, кандайдыр бир нерсеге сабырдуу болуу" деп аныктама берилет [5, 610]. Чоң энциклопедиялык сөздүктө толеранттуулук «...башка адамдардын пикирине, ишенимине, жүрүм-турумуна сабырдуулук менен мамиле кылуу» деп чечмеленет [1].

Көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоодогу толеранттуулук маданиятына кайрылабыз. *Толеранттуулукту* сабырдуулук деп түшүнсөк болот, ошондой эле теги, маданияты, көз карашы жана адамдык башка сапаттары боюнча айырмаланган кишилерди түшүнүү, сыйлай билүү жөндөмү. Балдарды толеранттуулукка тарбиялоо менен биз өлкөбүздүн жана бүткүл дүйнөнүн алда канча бейпил жана үзүрлүү келечегин камсыз кылабыз.

*2-сүрөт. Толеранттуулук түшүнүктөрү*




Толеранттуулук бир нече түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт. Толеранттуу адам кечиримдүү, боорукер, ырайымдуу, чыдамдуу, сабырдуу, кечиримдүү, адамды кемчиликтери менен кабыл ала билүүчү, кызматташкан инсан болуусу керек. Биз Кыргызстандын жараны болуп, ушул мамлекетибизде жашап жаткандан кийин, Кыргызстаныбызды сүйүшүбүз керек, аны көздүн карегиндей сактап, барктай билишибиз керек. Студенттерде толеранттуулук боюнча түшүнүктөрдү көп маданияттуулукка тарбиялоону калыптандыра алганыбызда гана, келечектеги окуучуларга жугумдуу билим, татыктуу тарбия бере алышат деп эсептейбиз. Студенттер педагогикалык практика учурунда, келечекте окуучулар менен окутуу-тарбиялоо жумуштарын алып барууда. Толеранттуулук, көп маданияттуулукка тарбиялоо, элдик каада-салттар, үрп-адаттарды үйрөнүү ж.б. боюнча көптөгөн иш-чаралар, тренингдер, маданий-массалык иш-чаралар уюштурулуп жатат. Биз төмөндө толеранттуулук боюнча тарбиялык сааттын иштелмесин сунуштайбыз.

**Сабактын темасы: Толеранттуулук – инсандын баалуулугу**

| **Сабактын максаты** | **Сабактын күтүлүүчү натыйжасы** |
|---|---|
| 1. Окуучуларды «толеранттуулук» түшүнүгү менен тааныштыруу; | *Билет*: Окуучуларда «толеранттуулук» жөнүндө түшүнүктөр калыптанат; |
| 2. Окуучулардын толеранттуулук түшүнүгү боюнча ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзүү; | *Жасай алат:* Окуучулар толеранттуулук түшүнүгү боюнча ой жүгүртө алат; |
| 3. Окуучулардын толеранттуу көз караштарын калыптандыруу. | *Көндүмүнө ээ:* Окуучулар башка улуттардын өкүлдөрүнө толеранттуу мамиле жасоого жөндөмдүү. |

*Сабакты өтүүнүн формасы:* Сынчыл ойломдун технологиялары, интерактивдүү усулдарды колдонуу менен өтүлүүчү сабак.

*Сабактын жабдылышы:* Доска, бор, түстүү карандаш, маркерлер, сүрөттөр, видео, ватман, ручка, дептер ж.б.

*Сабактын жүрүшү:*

Мугалим окуучуларды сабактын темасы, милдеттери, максаты менен тааныштырып, аларды үч топко бөлөт.

*Толеранттуулуктун мааниси:*

- Кызматташуу, өнөктөштүк сезими;

- Башка бирөөлөрдүн оюн сыйлоо;
- Адамдык кадыр-баркты сыйлоо;
- Башкалардын укугун сыйлоо;
- Башка бирөөнү кандай болсо ошондой кабыл алуу;
- Өзүңдү башка бирөөлөрдүн ордуна коюу жөндөмдүүлүгү;
- Башкача болуу укугун сыйлоо;
- Көп түрдүүлүктү таануу;
- Башкалардын тең укуктуулугун таануу;
- Башкалардын оюна, жүрүм-турумуна, диний ишенимине сабырдуу болуу;
- Күч колдонуудан, жабыр келтирүүдөн, басмырлоодон баш тартуу.

*Сабактын планы:*

| № | Көнүгүү | Убакыт |
|---|---|---|
| 1. | Активдештирүүчү көнүгүү: «Биздин кайсы жактарыбыз окшош». | 10 мин. |
| 2. | Киришүү бөлүгү | 5 мин |
| 3. | Негизги бөлүк:<br>- Толеранттуулук деген эмне?<br>- Толеранттуулуктун түрлөрү;<br>- Толеранттуу жана толеранттуу эмес жүрүм-турум;<br>- «Биздин чөйрөдөгү толеранттуулук жана толеранттуу эместик» көнүгүүсү. | 25 мин |
| 4. | Жыйынтыктоо бөлүгү. Коштошуу адеби | 5 мин |
| Жалпы: | | 45 мин |

Изилдөөнүн предмети – кыргыз-өзбек каада-салттары аркылуу көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары болгондуктан, педагогикалык шарт түшүнүгүн ачыктап алганыбыз оң. Педагогикалык система белгилүү бир шарттарды эске алганда гана өнүгүп, өз ишмердүүлүгүн жасай алат.

Шарт түшүнүгүнүн белгилерин жана негизги өзгөчөлүктөрүн түрдүү аспектилерде анализдеп көрөбүз. Изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй шарт түшүнүгү төмөнкүдөй аныкталат:

- кандайдыр бир нерсе көз каранды болгон кырдаал;
- ишмердүүлүктө же иш-аракетте кабыл алынган эреже;
- белгилүү бир маселе чечүүчү жагдай болуп эсептелет.

Ал эми педагогикалык шарттар түшүнүгүн окумуштуулар материалдык мейкиндикте натыйжалуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга өбөлгө болгон каражаттардын жыйындысы катары карайт.

*Педагогикалык шарт* түшүнүгүнүн негизги өзгөчөлүгү – ал билим берүү, окутуу тарбиялоо процессин түзгөн максатты, мазмунду жана усулдарды, каражаттарды, формаларды өз ичине камтыйт.

Көптөгөн илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгын жалпылаштыруу менен педагогика илиминин теориясында да, практикасында да педагогикалык шарттардын түрдүү типтери бар. Алар:

1. Педагогикалык уюштуруучу шарттар;
2. Педагогикалык-психологиялык шарттар;
3. Дидактикалык шарттар.

Жогорудагы көрсөтүлгөн педагогикалык шарттардын типтери педагогикалык шарттар түшүнүгүн кеңейтет жана толуктайт. Ошондой эле педагогикалык процессти ыңгайлуу жана натыйжалуу уюштурууга мүмкүндүк берет. Педагогикалык моделдин негизги компоненттеринин бири педагогикалык шарттар. Биздин изилдөөдө педагогикалык шарттар

катары окуу-тарбия процессинде студенттерди көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоо процессинде көп маданияттуу инсанды калыптандырууда таяныч катары колдонулуучу педагогикалык жана психологиялык өбөлгөлөрдүн бирикмесин түшүнөбүз. Бул изилдөө ишинин максатына жетүү үчүн толеранттуу маданияттуулукка тарбиялоонун төмөндөгүдөй бир канча педагогикалык шарттарын аныктадык:

- Окуу-тарбия процессинде студенттерди көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоодо көп маданияттуулукка тарбиялоонун мазмунун кошумча маданий маалыматтар менен байытуу, окутуу максатынын жана милдеттердин коюлушу; Бул педагогикалык шарт окуу процессинин айлана-чөйрө менен өз ара гармонияда болгонунун негизинде ишке ашат, б.а. коомдук жашоонун маданий, географиялык, тарыхый ж.б. жактары окуу процессинде да чагылдырылышы керек;
- Окуу-тарбия процессинде студенттерди көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоодо билимдин мазмунун өркүндөтүү жана окутуу усулдарын оптимизациялоо; Бул педагогикалык шарт окуу материалдарын студенттердин жашына, китептердин мазмунуна, китептеги тексттердин чыныгы аутенттүү болушуна карай тандоо аркылуу ишке ашат.
- Окутуу процессинде улуттук каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу көп маданияттуулукка тарбиялоо маданиятын үйрөтүүнүн заманбап формаларын колдонуунун негизинде уюштуруу. Көп маданияттуу билим берүүнүн моделинин натыйжалуулугунун дагы бир көрсөткүчү – аналитикалык баалоо компоненти. Ал студенттерге көп маданияттуу билим берүүнүн натыйжалуулугун көрсөткөн критерийлер (студенттин көп маданияттуулук, толеранттуулук, маданият жөнүндө билимге ээ болуусу, каада-салттарды жана үрп-адаттарды билүүгө умтулуусу) жана ар кандай деңгээлдер (төмөнкү, орто, жогорку) аркылуу ишке ашат.

Окуу-тарбия процессинде студенттерди көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоонун максатында иштелип чыккан педагогикалык шарттарга таянуу – бул төмөнкү натыйжаларга алып келди:

- студенттердин башка элдердин маданияты, каада-салттары жана үрп-адаттары жөнүндө билимдерге ээ болуусу;
- студенттердин башка улуттардын тилин үйрөнүүгө умтулуусу;
- студенттердин башка улуттун өкүлдөрү менен мамилерлеринин чыңдалуусу, бири-бирин жакындан билүүсү жана достошуусу;
- студенттин башка улуттун, маданияттын өкүлдөрүнө толеранттуу мамиле кылуусу.

Жыйынтыктап айтканда, биздин жашоо-турмушубузда толеранттуулуктун орду чоң, ар бир жаран толеранттуу маданияттуу болушу абзел. Кыргыз-өзбек каада-салттарынын негизинде болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоодо толеранттуу маданияттуулукка ээ болгон мугалимдерди тарбиялоо ар бир педагогдун милдети. Ар бир жаран өз элинин маданиятын толук билгенде гана башка элдин маданиятын кабыл алат, аны өздөштүрөт жана сиңирет. Ошондуктан толеранттуулукка тарбиялоо процесси педагогикалык таасирлерге негизденген эле иш-чара болбостон, баалуулуктар системасында толеранттуулукту калыптандырууга алып келүүчү тарбиялануучу субъекттердин мамилесинин жана биргелешип уюштурулган ишмердүүлүгүнүн процесси катары каралат. Ал адамдар менен алардын улутуна, диний, социалдык тиешелүүлүгүнө, көз карашындагы өзгөчөлүгүнө, дүйнө таанымына, ой-жүгүртүүсүнө, жүрүм-турумуна карабастан, конструктивдүү аракеттешүүнү чагылдырат. Толеранттуулук коомдун жана инсандардын маанилүү баалуулугу катары да каралат.

**Адабияттар:**

1. Большой энциклопедический словарь: в 2 т. [Текст] / гл. ред. А.М. Прохоров. М., 1991. – Т. 2.
2. Даль, В.И. Толковый словарь живого великорусского языка: в 4 т. Репринтноевоспроизведение издания 1903-1909 гг. [Текст] / под ред. профессора И.А.

Бодуэна де Куртенэ. М., 1994. – 755 с.
3. Джоошбекова, З.Р. Влияние поликультурного образования и воспитания вформировании психологических особенностей детей в соответствии с их возрастом [Текст] / З. Р. Джоошбекова, К. А. Эргешова. – Ош: Вестник Ош ГУ, 2021 – №4 (Т.2) – 634-642 сс.
4. Нусупова, Р.С. Жогорку окуу жайларында болочок мугалимдерди окуучулардытолеранттуулукка тарбиялоого даярдоону ишке ашыруунун педагогикалык негиздери [Текст]:Пед.илимд.канд.диссертация –Бишкек: 2020. – 12-б.
5. Современный словарь иностранных слов [Текст] М.: СПб., 1994. – 610 с.
6. Толковый словарь русского языка: в 4 т. В.В. Виноградов, Г.О. Винокур, Б.А. Ларин и др. [Текст] под ред. Д.Н. Ушакова. М., 1994. – 726 с.

* * *

**УДК 37.015.31**

# АКТИВИЗАЦИЯ ВОСПИТАТЕЛЬНО-ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ШКОЛЕ НОВЕЙШИМИ СРЕДСТВАМИ ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИХ МЕТОДИК

***Джумагулова Гульнар Шингисовна-к.пс.н.,доцент,***
***zhumagulova-73@mail.ru***
***Мунашова Жамиля Балқымбековна -к.п.н.,доцент,***
***jamiliamunashova@gmail.ru***
***Центрально-Азиатский Инновационный Университет***
***г. Шымкент, Республика Казахстан***

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются проблемы необходимости поиска и применения педагогами в своей профессиональной деятельности новых, инновационных технологий, особенности внеклассной работы, позволяющие оптимально активизировать процесс формирования гражданской активности обучающихся. Предпринята попытка не только описать педагогические условия, способствующие развитию гражданской активности, а доказать их важность в организации воспитательной работы.*

***Ключевые слова:*** *Внеурочная деятельность, внеклассная воспитательная работа, педагог-лидер, воспитательные технологии, подросток, гуманизация образовательного процесса, формы обучения, педагогическая технология, инновационные педагогические технологий.*

# ACTIVATION OF EDUCATIONAL TECHNOLOGIES AT SCHOOL BY THE LATEST MEANS PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL METHODS

***Dzhumagulova.Gulnar Shingisovna-***
***Ph.D., Associate Professor***
***zhumagulova-73@mail.ru***
***Munashova Zhamilya Balkymbekovna-PhD,***
***Associate Professor jamiliamunashova@gmail.ru***
***Central Asian Innovation University***
***Shymkent, Republic of Kazakhstan***

***Annotation:*** *The article deals with the problems of the need for teachers to search for and use new, innovative technologies in their professional activities, the features of extracurricular work, which allow to optimally activate the process of forming students' civic engagement. An attempt was made not only to describe the pedagogical conditions that contribute to the development of civic engagement, but to prove their importance in the organization of educational work.*

***Keywords:*** *Extracurricular activities, extracurricular educational work, teacher-leader, educational technologies, teenager, humanization of the educational process, forms of education, pedagogical technology, innovative pedagogical technologies.*

Эффективное обучения в современной школе предполагает интеграцию академических и инновационных форм и методов взаимодействия учителя и обучаемых. Такой подход имеет массу преимуществ. Прежде всего, он позволяет повысить конкурентоспособность обучаемых. При такой системе обучения личность имеет возможность улучшить свой вербальный и визуальный имидж, развить харизматический потенциал, научиться вести конструктивные переговоры, овладеть техниками «эвристического оптимизма» (ориентация на успех) и технологиями управления своей репутацией, раскрепоститься и приобрести уверенность в себе, сформировать внутреннюю мотивацию к самосовершенствованию и саморазвитию и др.[1].

В первую очередь в Республике Казахстан совершенствовалась нормативная правовая база, направленная на улучшение условий жизнедеятельности детей с особыми образовательными потребностями (ООП). Приняты законы Республики Казахстан «Об образовании», «О правах ребенка в Республике Казахстан», «О социальной и медико-педагогической коррекционной поддержке детей с ограниченными возможностями» и др. нормативно-правовые акты. Особые образовательные потребности – это понятие, которое должно постепенно вытеснить из массового употребления такие термины, как «аномальное развитие», «нарушения развития», «отклонения в развитии».[3]. Оно не определяет нормальность ребенка, а акцентирует внимание на том, что он не особо отличается от остальных членов общества, но имеет потребности в создании особых условий для его обучения. Это сделает его жизнь более комфортной и максимально приближенной к той, которую ведут обычные люди.

Организация внеурочной деятельности детей, в том числе досуговой, в любой школе всегда была и останется очень важной сферой деятельности учителей. Занятия с детьми помимо уроков, общение с ними в более или менее свободной обстановке имеют существенное, а нередко и решающее значение для их развития и формирования гражданской активности подростков.Отметим, что под деятельностью, осуществляемой школьниками во внеучебное время, обычно подразумевают внеклассную работу, под которой обычно понимают целенаправленно организуемую деятельность воспитанников и воспитателей вне учебного процесса и сориентированную на развитие социальных отношений [4].

В общем виде процесс обучения представляет собой процесс управления, т.е. воздействия на педагогическую систему, организацию знаний. Для успешного его осуществления в педагогической науке разрабатываются модели, способствующие оптимальному управлению в педагогических системах. К ним относятся специальные методы (методики) и технологии обучения. [2].

Понятие «педагогическая технология» шире, чем понятие «методика обучения». Технология отвечает на вопрос, как наилучшим образом достичь целей облучения, управления этим процессом. Технология направлена на последовательное воплощение на практике заранее спланированного процесса обучения. Научно-методические исследования доказали, что от выбранной педагогической технологии и степени ее правильности и приемлемости контингенту учащихся во многом зависит качество обучения.

Современная наука об образовании приблизилась к потребности в создании педагогических технологий, которые обеспечивают самое главное в образовательном процессе это развитие личности каждого учащегося, его активности. Необходимо создавать такие условия обучения, чтобы учащийся стремился получить новые результаты своей работы и в дальнейшем успешно применить их в практической деятельности.

В настоящее время существует множество психолого-педагогических технологий, различающихся по целям, задачам, структуре: методики ускоренного обучения (например, 25-й кадр для изучения иностранных языков; метод быстрого обучения навыкам машинописи), групповое обучение, обучающие игры и др. Многие из них используются не только в образовательном процессе, но и в других сферах.[6]. Так, например, большое распространение получили тренинги на предприятиях- деловые игры для выработки и стимулирования определенных качеств и навыков сотрудников. Отличием педагогических технологий от любых других является то, что они способствуют более эффективному обучению за счет повышения интереса и мотивации к нему у учащихся. Организация эффективного обучения в современной школе предполагает интеграцию академических и инновационных форм и методов взаимодействия учителя и обучаемых. Такой подход имеет массу преимуществ. Прежде всего, он позволяет повысить конкурентоспособность обучаемых. [5].

При такой системе обучения личность имеет возможность улучшить свой вербальный и визуальный имидж, развить харизматический потенциал, научиться вести конструктивные переговоры, овладеть техниками «эвристического оптимизма» (ориентация на успех) и технологиями управления своей репутацией, раскрепоститься и приобрести уверенность в себе, сформировать внутреннюю мотивацию к самосовершенствованию и саморазвитию и т.д.

Основной смысл работы психолога состоит в том, что он должен владеть различными современными технологиями, методами и приемами, уметь их комбинировать и модифицировать. Любая деятельность может быть либо технологией, либо творчеством. Всё начинается с творческой идеи, а технологией заканчивается. Основой любой технологии служит четкое определение конечной цели. В технологии цель рассматривается как центральный компонент.

К внеклассной работе относятся различные воспитательно-образовательные занятия с учениками, которые организуются и проводятся во внеурочное время органами самоуправления школьников при активной помощи и руководстве со стороны педагогического коллектива и других взрослых, участвующих в этом процессе [5].Основываясь на теоретических концепциях И.С. Марьенко [6], Э.М. Моносзона [7], В.О. Кутьева[8],А.В.Енина [9],И.И.Масло[10], и др., мы можем выделить следующие особенности внеклассной работы, позволяющие оптимально активизировать процесс формирования гражданской активности воспитанников: опора на актуальные потребности учащихся, коллектива, различные социальные объединения, общества; посильное участие с различной степенью активности всех учащихся как на уровне индивидуальной, так и групповой или коллективной формы организации внеклассной работы; максимально возможный учет возрастных и индивидуальных особенностей воспитанников, их интересов, склонностей как непременное условие успешности и состоятельности; опора на самоуправление, инициативу, сотрудничество, сотворчество воспитанников и воспитателей; наличие возможностей развития и совершенствования как участников, так и самого процесса и системы внеклассной работы. [6].

В полной мере принцип активности учеников (воспитания в деятельности) реализует такая модель организации воспитательного мероприятия, которую называют технологией организации коллективного творческого дела. Отметим, что данная технология возникла в 60-е гг. в работе ленинградских педагогов во главес И.П. Ивановым, обучавших пионерские и комсомольские активы школ. И.П. Иванов и его коллеги возродили и обновили систему организации воспитывающей деятельности А.С. Макаренко, для которой характерно следующее: взаимодействие разных микроколлективов, сменные и дежурные командиры, система распределения дел на день и более длинные сроки, собрания групп с обсуждением дел, планов, поступков, оформление детской жизни такими деталями, как строй, парадная форма, игра, традиции. [10].

Модель коллективной творческой деятельности работает при определенных условиях, которые, думается, могут быть созданы даже в трудных педагогических обстоятельствах настоящего времени. Необходима нравственная и психологическая атмосфера, которую характеризует вера в возможности детей, вера в положительные ценности, идеалы, в добро и справедливость, в возможность сделать свою жизнь и жизнь окружающих людей лучше. Необходимо наличие педагога-лидера, яркой, авторитетной личности, а у него -помощников, единомышленников, актива. Заметим, что такая организация деятельности делает жизнь не только школьников, но и учителей содержательной, насыщенной,развивающей.

Однако на пути внедрения новых психолого-воспитательных технологий встает множество проблем. Прежде всего, это отсутствие в ряде педагогических коллективов понимания целесообразности использования той или иной технологии, как следствие, непродуманное их использование, либо применение отдельных приемов, форм, носящих разрозненный характер, не связанных между собой и не дающих необходимого эффекта формирования активности и самостоятельной деятельности учащихся, т.к. каждое новое средство рождается во вполне конкретных условиях и ориентировано на решение вполне определенных педагогических задач. [11].

Не случайно, по мнению Н.Д. Хмель, педагогический коллектив строит учебно-воспитательную деятельность технологично, в том случае, если понимает логику и структуру данной деятельности: цель, задачи, содержание, средства, формы, методы и приемы, задания. Отчетливо видит и выстраивает все ее этапы, владеет способами деятельности, необходимыми для организации каждого этапа в отдельности, и в целом, необходимо учитывать, что технология, отражая процессуальную, деятельностную сторону педагогической системы, всегда опирается на определенную психолого-педагогическую концепцию.

Особо можно выделить, психолого-педагогическое сопровождение -это комплексная система мер по созданию всеми субъектами образовательного процесса социально-психологических и педагогический условий для оказания помощи и поддержки ребенка с ООП в решении задач его развития, обучения, воспитания и социализации в инклюзивном образовательном пространстве.

Для успешного психолого-педагогического сопровождения обучающихся необходим комплексный подход, предполагающий согласованную деятельность сопровождающих специалистов разного профиля (логопед, социальный педагог, психолог, дефектолог), а также активное вовлечение родителей в инклюзивное образовательное пространство.Система психолого-педагогического сопровождения в условиях общеобразовательных учреждений выполняет ряд функций [6]. Функция компенсации заключается в создании условий, позволяющих обеспечить развитие ребенка с ООП наряду со здоровыми детьми, но с использованием для этого иных средств и обходных путей с учетом превращения минусов дефекта в плюсы компенсации (Л.С.Выготский). Следующая функция – функция стимуляции, которая направлена на активизацию ребенка в процессе общения в обществе здоровых сверстников. Развивающая функция предполагает создание условий для оптимальной социализации детей с ООП в микросоциуме. Коррекционно-развивающая функция выступает процессом психолого-педагогической поддержки, подразумевая коррекцию травмирующих воздействий на ребенка и нейтрализацию факторов, вызывающих вторичные или психологические последствия дефекта. [9].

Для достижения психолого-воспитательных целей необходимо организовать разнообразные виды деятельности школьников, как в учебное, так и во внеучебное время. Вместе с тем, решение поставленной педагогической задачи требует применения новых психолого-педагогических технологий, которые, безусловно, обладают огромными потенциальными ресурсами для включения школьников в различные виды деятельности в плане решения задачи формирования гражданской активности учащихся-подростков. При этом не стоит забывать, что любая психолого-педагогическая технология, её разработка и

применение требуют высочайшей творческой активности и профессиональных знаний педагога-психолога.

**Литература**


1. Вачков И.В., Гриншпун И.Б., Пряжников Н.С. Введение в профессию “психолог”. – М.: Издательство Московского психолого-социального института; Воронеж: Издательство НПО “МО ДЭК”, 2004. – 464 с.
2. Епишева О.Б. Что такое педагогическая технология // Школьные технологии. 2004. №1. – С. 31-Зырянова Н.М. Коучинг в обучении подростков // Вестник практической психологии образования. – 2004. – №1. – С. 46–49.
3. Государственная программа развития образования Республики Казахстан на 2011–2020 годы, утвержденная Указом Президента Республики Казахстан от 07.12.2010 г. № 1118 / /Казахстанская правда. 2010. № 153–154. — С. 10–12.
4. Ксензова Г.Ю. Психологические основы воспитательной деятельности учителя. М.:Педагогический поиск, 2004. 224 с.
5. Щуркова Н.Е. Социально-педагогические приоритеты современности // Советская педагогика. М., 1991. № 4. С. 44-49.
6. Насибуллина А.Д. Организация психолого-педагогического сопровождения обучающихся с ограниченными возможностями здоровья в условиях инклюзивного образования // Научно-методический электронный журнал «Концепт». 2016.
7. Монoсзон Э.И. Основы педагогических знаний. М.: Педагогика, 1986. С. 111-116.
8. Кутьев В.О. Внеурочная деятельность школьников: Пособие для классных руково-дителей. М.: Просвещение, 1983. С. 61-69.
9. Енин А.В. Внеурочная деятельность: теория и практика. 1–11 классы. М.2015. С. 10-13.
10. Масло И.И. Внеклассная деятельность как средство формирования активной жиз-ненной позиции подростка: автореф. … канд. пед. наук. Рига, 1988. С. 17-19.
11. Насибуллина А.Д. Организация психолого-педагогического сопровождения обучающихся с ограниченными возможностями здоровья в условиях инклюзивного образования // Научно-методический электронный журнал «Концепт». – 2016. – Т. 20. – С. 57–60. – URL: http://e-koncept.ru/2016/56326.htm.


*　　*　　*

**УДК.37.048.2**

## ПЕДАГОГДОРГО КОЮЛУП ЖАТКАН ЗАМАНБАП СУРОО-ТАЛАПТАР ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ МИЛДЕТТЕР

***Жалилова С.Б.- Ош МПУ, окутуучу***

***Аннотация:*** *Макалада билим берүү рыногунда жалпы орто билим берүүчү окуу жайларга жана педагог адистерге суроо-талаптардын өзгөрүүлөрү жана анын себептери иликтөөгө алынат. Жалпы билим берүүчү окуу жайлар жана педагог адистер арасындагы атаандаштык жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу шарттары жөнүндө талкуу болот. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы орто билим берүү рыногундагы субъектердин – ата-энелердин, педагогдордун, мектептердин, гимназия жана лицей мектептеринин жүрүм-туруму талдоого алынат. Тийиштүү тенденциялар талкууланат. Педагогикалык окуу жайлардын алдында турган рыноктогу талаптарга ылайык, орчундуу чечимдер тууралуу кеңири баяндама берилет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жалпы орто билим берүү рыногу, жалпы орто билим берүүчү уюм, атаандаштыкка жөндөмдүү жалпы орто билим берүүчү окуу жай, инновациялык мектептер, атаандаштыкка жөндөмдүү педагог, педагогикалык окуу жай, болочок педагог, бала, ата-эне.*

# СОВРЕМЕННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ К ПЕДАГОГАМ И ЗАДАЧИ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Жалилова С.Б.-Ош МПУ преподаваетель***

***Аннотация:*** *В статье исследуются изменения спроса на средние общеобразовательные школы и специалистов-педагогов на рынке образования и его причины. Будет обсуждаться конкуренция и условия повышения конкурентоспособности между общеобразовательными учреждениями и педагогическими специалистами. То есть анализируется поведение субъектов рынка общего среднего образования на территории Кыргызской Республики – родителей, педагогов, школ, гимназий и лицеев. Обсуждаются соответствующие тенденции. В соответствии с требованиями рынка, с которыми сталкиваются педагогические школы, будет представлен подробный отчет о критических решениях.*

***Ключевые слова:*** *рынок общего среднего образования, общеобразовательная организация, конкурентоспособная общеобразовательная школа, инновационные школы, конкурентоспособный педагог, педагогическая школа, будущий педагог, ребенок, родитель.*

# MODERN REQUIREMENTS FOR TEACHERS AND TASKS OF PEDAGOGICAL EDUCATION

***Zhalilova S.B.-Osh SPU teacher***

***Annotation:*** *The article examines the changes in demand for secondary schools and specialist teachers in the education market and its causes. Competition and conditions for increasing competitiveness between educational institutions and pedagogical specialists will be discussed. That is, the behavior of subjects of the general secondary education market in the territory of the Kyrgyz Republic is analyzed – parents, teachers, schools, gymnasiums and lyceums. The relevant trends are discussed. In accordance with the market requirements faced by pedagogical schools, a detailed report on critical decisions will be presented.*

***Keywords:*** *general secondary education market, general education organization, competitive general education school, innovative schools, competitive teacher, pedagogical school, future teacher, child, parent.*

Жалпы орто билим – бул адамдын келечектеги инсандык жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн пайдубалы. Жалпы орто билими сапаттуу болгон бүтүрүүчүлөр кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү да өздөштүрүүдө артыкчылыктарга ээ экендигин практика далилдеп келет. Тактап, мыйзамдын тили менен айтсак, “**Орто жалпы билим берүү** – коомдо жигердүү социалдык көнүгүүгө жана өз алдынча турмушту тандоого, эмгек ишмердүүлүгүнө, өз алдынча билим алууга жана өзүн өзү жетилтүүгө жөндөмдүү, гармониялуу өнүккөн инсанды тарбиялоого жана окутууга максаттуу багытталган үзгүлтүксүз процесс” [4, 1-берене].

Билим берүү рыногу мамлекеттин катуу көзөмөлүндө болгон мурдагы СССРдин учурунда жалпы орто билим берүүнүн сапаты төмөн болгондугу белгилүү. Учурда, КМШ мамлекеттеринде, анын ичинде Кыргыз Республикасында да билим берүү рыногуна мамлекеттин кийлигишүүсү улам барган сайын азайып бараткандыгын байкоого болот. Бирок жалпы орто билимдин сапаты мурдагы СССРдин тушундагыдан жакшы болуп кетти дегенге али эрте. Анткени, билим берүү базарында табигый-рыноктук мыйзамдардын толук кандуу иштешине мамлекет тарабынан бардык шарттар түзүлүп бериле элек. Бирок аталган жыл сайын жаңы деңгээлге чыгып жаткандыгын айта кетүү чекилик болбойт.

Эмгек рыногунун башка секторлору сыяктуу эле, башталгыч жана жалпы орто билим берүү базары да өнүгүү жолунда. Аталган рыноктун башкы субъектери – бала жана анын ата-энеси (же мыйзамдуу кам көрүүчүлөрү), мугалим, мектеп. Булардын ар биринин рыноктогу жүрүм-турумун, каалоолорун, муктаждыктарын мүнөздөп көрөлү.

Мында бала жана ата-эне – керектөөчү. Ал биогендик, психогендик, социогендик дараметинин негизинде Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мамлекеттик стандартында аныкталган минималдык чектеги компетенцияларды ийгиликтүү өздөштүрүүнүн натыйжасында, биринчиден, ата-эне баласынын адамгерчиликтүү, боорукер, чынчыл, жөнөкөй, чыдамкай, адептүү, толеранттуу, өзүнүн жарандык укуктарын жана милдеттерин билген ж.б. сыяктуу руханиятка байланыштуу сапаттарга ээ болуусун каалайт. Экинчиден, ата-эне, мамлекет, коомчулук баланын эмгек рыногунда соңку мезгилдерде, ааламдашуунун жана маалыматташуунун шарында пайда болгон креативдүүлүк, жамаатта иштей билүү, тил табыша билүү, ойлоп табуучулук, иш-билгилик, чыгармачылык сыяктуу жаңы сапаттарды өздөштүрүүгө мектептен эле мүмкүнчүлүк алуусун каалайт. Баланын аң-сезими ага жетпесе да, жок дегенде ата-энеси, коомчулук, мамлекет ошону көздөйт.

Залкар психолог-окумуштуу, жаңычыл-педагог Ш.А.Амонашвили айткандай, ар бир мамлекет келечек муунун улуттук кызыкчылыктарына, геосаясаттагы ээлеген ордуна жараша калыптандырууну жана өнүктүрүүнү каалайт [3]. Андыктан, Кыргыз Республикасы да жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын алкагында көзөмөлдөйт жана тескейт. Тактап айтканда, мамлекеттик органдар жалпы билим берүүчү окуу жайлардын билим берүү жана тарбиялоо ишмердүүлүгүн текшерет. Идеалда, ата-эне менен мамлекеттин тилеги бир. Кеңири мааниде алганда, ата-эне жалпы билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттын баланын калыптанышына жана өнүгүүсүнө төп келерин көзөмөлдөшү керек.

Мектептик билим берүү системасын реформалоонун максаты – улуттук кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн дүйнөлүк практикадагы эң жакшы практикалык ыкмаларды, методдорду, моделдерди жана формаларды адаптациялап, ыңгайлаштыруу. Аталган реформалык мезгилдин мөөнөтү өтө узарып кетти. Анткени, биз эски системадан чыгалбай, көпкө жүрүп калдык. Профессор А.Б.Абдрашев белгилегендей, Кыргызстандагы мыйзам актыларын рыноктук принциптерге ылайык, аны колдоп тургандай иштеп чыгуу оңой болбой жатат [1].

Мектеп – бул Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү стандартында аныкталган, предметтик стандарттарда такталган жана программаларда чечмеленип, окуу пландарында чегерилген компетенцияларды баланын кабылдоосуна, өздөштүрүүсүнө жана өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүчү шартты (материалдык-техникалык база, компетенттүү педагогикалык жамаат, заманбап илимий-методикалык каражаттар ж.б.) сунуштоочу мекеме. Тактап айтканда, мектеп, ата-эненин, коомчулуктун жана мамлекеттин суроо-талаптарына ылайык келген, ар бир баланын инсан катары ар тараптан өнүгүүсүнө шайкеш келген шарттарды сунуш кылат.

Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү мамлекеттик стандарты баланын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон, минималдык компетенцияларды аныктаган. Ар бир бала биогендик, психогендик жана социогендик көз караштан алганда ар түрдүү мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ошондуктан жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты минималдык гана, төмөнкү денгээлди аныктайт. Жогору жагынан чектелбейт.

Ар ким өз баласынын мүмкүнчүлүктөрүн кайсы бир денгээлде жакшы билет. Андыктан ар бир ата-энеде баласы үчүн мамлекеттик стандарттан жогорку денгээлдеги билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө муктаждыгы пайда болушу мүмкүн. Алсак, спорт, музыка, бий, көркөм өнөр, шахмат, тогуз коргоол, бильярд ж.б. Булар да спортсмен, машыктыруучу, дене тарбия мугалими, артист, обончу, музыкант, бийчи, сүрөтчү, шахматчы, тогуз коргоолчу, бильярдчы сыяктуу кесиптерге багыт берет. Алар ар бир баланын жеке жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүчү ийримдер. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы боюнча бул категориядагы окуу жайларга мындайча аныктама берилген: "**мектеп-гимназия** - башталгыч жалпы жана окуучулардын шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша гуманитардык тармактар боюнча негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү жалпы билим берүү окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы" [4, 1-берене], "**Окуу-тарбиялык комплекс/автордук окуу-тарбиялык комплекс/мектеп-**

**комплекс** - окутуунун, окуучуларды ар тараптуу маданий-эстетикалык жана дене тарбиялык жактан тарбиялоонун жаңычыл/автордук программасын ишке ашыруу үчүн жалпы билим берүүчү мектеп менен башка кызыкдар билим берүүчү уюмдарды жана мекемелерди (мектепке чейинки билим берүү уюмдарын, жогорку окуу жайларын, музыкалык, спорттук жана башка уюмдарды жана мекемелерди) өзүнө бириктирген көп тармактуу окуу жайы” [4, 1-берене]. Андан сырткары, профилдик билим берүүгө да жол берилген. Мисалы, физика-математика предметтерин тереңдетүү менен, алар негиз болгон, техникалык кесиптерге багыт берүү; химия-биологияны тереңдетип окутуу менен, медициналык, агрономиялык жана ветеринардык кесиптерге жолдомо берүү; тил предметтерин тереңдетүү менен, филологиялык, котормочулук, журналистикалык кесиптерге жол көрсөтүү ж.б.у.с. Ал эми бул категориядагы окуу жайлар Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында төмөндөгүдөй аныктама берилген: “**мектеп-лицей** - башталгыч жалпы жана окуучулардын шыгына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша табигый-илимий, физика-математикалык тармактар боюнча негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү жалпы билим берүү окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы” [4, 1-берене].

Жогоруда баяндалган муктаждыктарды канааттандыруу максатында акы төлөнүүчү кызматтарды сунуштоого мамлекеттик денгээлде, мыйзам чегинде жол берилген. Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартында аныкталбаган, бирок ата-энелердин, коомчулуктун жана балдардын каалоосу менен айрым мектептерде акы төлөнүүчү кошумча кызмат көрсөтүүлөр ишке ашырылып келет. Мындай окуу жайлар инновациялык мектептер деп аталышат. Алар катардагы мектептерден айырмаланып, мектеп-гимназия, мектеп-лицей, окуу-тарбия комплекси, автордук мектеп ж.б. деген аталышта мамлекеттик реестрде өзүнчө катталат. Акы төлөнүүчү кошумча кызмат көрсөтүүлөр, албетте, мамлекеттин көзөмөлүндө болуп, лицензиялык жол менен текшерилип турат.

Акыркы мезгилдерде өлкөбүздө мектептердин жетишсиздигине байланыштуу жеке менчик жана мамлекеттер аралык мектептер ачыла баштады. Алар да, инновациялык мектептер сыяктуу эле, билим берүүнүн мамлекеттик стандартынан жогору болгон билимдерди берүүнү көздөшөт. Өзгөчө, чет элдик педагогикалык технологиялары пайдаланылат. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрү кеңири колдонулат. Англис, түрк жана орус тилдерине басым жасалат.

Акыркы жылдарда ата-энелер жеке менчик мектептерден мамлекететтик менчиктеги инновациялык мектептерге балдарын которо башташканы байкалууда. Тактап айтканда, мектеп-гимназияларга, мектеп-лицейлерге жана автордук мектептерге которулган балдардын саны көбөйүүдө. Демек, инновациялык мектептердин кызмат көрсөтүүлөрү жеке менчик мектептерге караганда эффективдүү болуп жатат деген тыянакка келүүгө негиз бар. Бирок, окуучулардын билим денгээлинде чоң айырмачылык байкалбай жаткандыгын жалпы республикалык тестилөөнүн жыйынтыктары көрсөтүүдө. Бул жагдайды атайын изилдөө зарылдыгы бар деген ойдобуз.

Ал эми мектепке чейинки курактагы балдарды тейлөөчү мекеме, уюмдардын арасында өтө чоң айырмачылык жок. Анткени, балдар бакчалары өлкө боюнча жетишсиз. Азыркы кезде аракеттеги уюмдар монополисттик позицияны ээлеп турушат. Булар көбүнесе калк жыш жайгашкан жерлерди ээлешип алышкан. Мисалы, кичи, орто жана борбор шаарларда жеке менчик балдар бакчалары жыш жашкандыгын айтууга болот. Бирок булардын арасында атаандаштык болору жөнүндө сөз айтуу эртелик кылат. Анткени, балдардын которулуулары дээрлик байкалбайт. Которулуулар кенже курактагы баланы өнүктүрүүнүн сапатсыздыгына эмес, башка социалдык шарттарга байланыштуу экендигин көрүүгө болот. Демек, балдар бакчаларынын арасында орчундуу атаандаштык жок десек болот. Ошондуктан мында биз мектепке чейинки мекемелердин билим берүү рыногундагы жүрүм-турумуна баа берүүгө эрте деп эсептейбиз.

Педагог – бул ишмердүүлүгү келечек муундарды окутуу жана тарбиялоо маселелерин чечүүгө арналган, атайын даярдыгы бар адис адам. Ар заманда педагогдордун алдына түрдүү

маселелер коюлуп келген. Мисалы, өткөн кылымдын 90-жылдарына чейин педагог билим берүү менен алек болуп, билимдин булагы катары иш алып барса, азыр ал билимдин булагы боло албай калды, анткени, маалыматтын жаралуу жана эскирүү ылдамдыгы абдан жогору, педагог аны өздөштүрүп, окуучуларга түшүндүргөнчө, ал эскирип, актуалдуулугун жоготуп коюуда. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жалпы орто билим берүү боюнча мамлекеттик стандартын, предметтик стандарттарын жана окуу программаларын иштеп чыгууда маалыматтын тез жаңыланып жана өтө кыска убакыт аралыгында эскирип жаткандыгы эске алынып, аларды иштеп чыгуунун да мезгилин кыскартуу маселеси күн тартибине коюлушу күтүлүүдө.

Андыктан учурдагы мектептерге педагогикалык компетенттүүлүгүн үзгүлтүксүз жаңылап турган, чыгармачыл, ыкчам чечим кабыл алалган, чечкиндүү, баланын өнүгүүсүн көңүлүнүн борборунан чыгарбаган, толеранттуу, креативдүү ой жүгүрткөн, командада иштей билген, коммуникабелдүү, баланы чындап сүйгөн педагог адистер керек болуп жатат. Анткени, баланы креативдүү ой жүгүртүүгө, чыгармачылыкка, коммуникабелдүүлүккө, командада иште билүүгө үйрөтүү үчүн педагог өзү аталган касиеттерге ээ болушу керек. Бул педагогиканын алтын эрежеси.

Бирок бул идеалдык учур. Практикада бул азырынча байкала элек. Мектеп-гимназиялар, мектеп-лицейлер, ошондой эле, жеке менчик мектептер да жалпы орто билим берүүнүн стандартын, предметтик стандарттын талаптарын канааттандыра алган, окуу программасына ылайык билимди гана берүүгө ылайыкталган, традициялык методиканы жакшы өздөштүргөн, аны колдонууда абдан чоң педагогикалык тажрыйбага ээ педагог адистерге приоритет беришет. Мунун негизи – жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын жаңылоо мөөнөтүнүн узактыгында.

Ошондой болсо да, жалпы орто билим берүүчү педагогдордун арасында атаандаштык жаралгандыгы үмүттөндүрөт. Практика көрсөтүп жаткандай, таланттуу педагогдор мектептердин сунуштоолорун карай башташты. Айлык маянасынын өлчөмү башкаларга салыштырмалуу жогору болсо да, ал мектептин педагогикалык ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга көмөкчү шарттарын (материалдык-техникалык база, маалыматтык-коммуникациялык технология, илимий-методикалык каражаттар, финансы, педагогикалык жамааттын курамы, мотивация, квалификацияны жогорулатып турууга мүмкүнчүлүктөр) карай башташкандыгы байкалууда.

Таланттуу педагог, албетте, кымбат турат. Бирок, азырынча булар да класстын өздөштүрүүсүн жогорулатууга эмес, айрым гана окуучулардын билимдерин тереңдетүүгө ылайык гана квалификацияларга ээ экендигин практика көрсөтүүдө. Ал эми бул көрсөткүч мамлекеттер аралык мектептерде жогору болушу ыктымал, анткени, балдар атайын тесттердин жардамында денгээлдери текшерилип алынат. Башкача айтканда, тандалган балдар менен иштөөдө традициялык методика да жемишин берет. Жакынкы келечекте, класста бир да окуучу четте калбай турган методикаларды билген педагог адистерге муктаждык пайда болот деген тенденция бар.

Жөнөкөй мектептерге караганда, инновациялык мектептерде айлык акы жогору экендиги, ал эми инновациялык мектептерге караганда жеке менчик мектептерде андан да жогору экендиги табигый нерсе. Тиешелүү түрдө педагогдор үч топко бөлүнүп калды. Катардагы мамлекеттик мектептердин педагогдору бир аз болсо да ойлоно башташты. Квалификацияны жогорулатып, жакшы айлып төлөгөн мектептерге өтүп кетсе болорун түшүнө баштаган педагогдор көбөйө баштагандыгы да байкалат.

Атаандаштык шартында, жаңы бүтүп барган педагогдор тажрыйбалуу педагогдор менен тең тайлаша алабы? Бул суроо, албетте, педагогикалык окуу жайларды ойлонтуп жатат. Бирок аны кантип чечүүгө болот?

Болочоктогу педагогдорду даярдоонун методикасы, азырынча, жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартындагы талаптарга ылайык иштелип чыккан. Албетте, традициялык мүнөзгө ээ. Окутуунун кредиттик системасына өткөн менен, мазмуну,

методдору, формалары жана каражаттары ага шайкеш келбей жаткандыгын кесиптик окуу жайлардын практикасы көрсөтүүдө.

Азыркы учурда инновациялык, жеке менчик, мамлекеттер аралык мектептердин критерийлерине ылайык педагогдорду даярдоого бет алган педагогикалык окуу жайлар сейрек учурайт. Жокко эсе. Бул олуттуу маселенин бир жагы. Педагогикалык окуу жай жалпы орто билим берүү рыногундагы педагогдорго коюлган суроо-талаптарга жана сунуштоолорго ылайык чечимдерди кабыл алышы керек. Албетте, Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү стандартынын, педагог адистердин даярдоонун мамлекеттик стандартынын негизинде иштөө керек. Ошол эле мезгилде, инновациялык процесстеги жалпы билим берүүчү мектептердин да суроо-талаптарын, педагог кадрлардын атаандаштыкка жөндөмдүү болуу муктаждыгын да эске алуу зарыл. Чындыгында, стандарттарды рыноктогу стандарттуу эмес муктаждыктар менен айкалыштыруу абзел.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүү рыногу түптөлүп, анын субъектери табигый-рыноктук суроо-талап жана сунуштоо мыйзамдарынын негизинде иштөөгө бет алып жатат. Рыноктогу мектептердин, педагог адистердин арасындагы атаандаштык келечек муундун заманбап билим алып, турмушка даярдалышына эң сонун шарт түзөт. Аталган рынокто окуучулардын жалпы орто билим эң жогорку денгээлде алышына көмөкчү болуучу шарттардын бардыгын түзүү керек. Мындай шарттарды түзүүгө педагогикалык окуу жайларга мүмкүнчүлүк берүү керек. Тактап айтканда, педагогикалык окуу жайлардын арасында да атаандаштыкка түрткү берүүчү чечимдерди кабыл алуу зарыл.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдрашев А.Б. Компаративистский анализ образовательной политики Республики Казахстан и Кыргызской Республики. - Бишкек, 2010.
2. Алимбеков А.А. Кыргызстандын билим берүү системасы жана анын проблемалары. – Б.: КТМУ, 2007. – 252 б.
3. Амонашвили Ш.А. Истина школы. – Издательский дом Шалвы Амонашвили, 2006. – 154 с.
4. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы.

* * *

**УДК:3378.091=111**

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИ УЮШТУРУУ МЕТОДИКАСЫ

***Жолдошбаева Ыкыбал Капаровна - п.и.к., доцент***
***Аттокурова Мөөркан Махаматжановна -окутуучу***
***Исраилова Малика Рахманалиевна - окутуучу***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ***

***Аннотация:*** *Биз макалабызда англис тилинин окуу материалынын негизинде болочок кесиптин лингводидактикалык компетенттүүлүгүнүн маңызын окуп үйрөнүү ар бир студенттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жүргүзүлөт жана бөлүүгө болбой турган кылып байланыштырылган болушу керек. Ушундан улам, биз чет тил дисциплинасынын мисалында ар бир студенттин лингводидактикалык компетенцияларынын топтомунун негизинде кесиптик жактан өздөштүрүүсүн эффективдүү окуу процессинде уюштуруу зарыл деп эсептейбиз.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *лингводидактика, зарылчылык, инновация, интерактивдүү, артыкчылык, болочок мугалим, калыптануу, техникалык база.*

# МЕТОДИКА ОРГАНИЗАЦИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ЭКСПЕРИМЕНТА

***Жолдошбаева Ыкыбал Капаровна - к.п.н., доцент***
***Аттокурова Мооркан Махаматжановна-преподаватель***
***Исраилова Малика Рахманалиевна-преподаватель,***
***ЖАГУ им.Б.Османова***

***Аннотация:*** *В нашей статье на основе учебного материала английского языка изучение сущности лингводидактической компетенции будущей профессии осуществляется с учетом возможностей каждого обучающегося и должно быть неразрывно связано. В связи с этим мы считаем необходимым организовать профессиональное развитие каждого студента на основе комплекса лингводидактических компетенций в процессе эффективного обучения на примере дисциплины иностранного языка.*

***Ключевые слова:*** *лингводидактика, необходимость, инновация, интерактив, преимущество, будущий учитель, образование, техническая база.*

METHODOLOGY OF ORGANIZING THE PEDAGOGICAL EXPERIMENT

***Zholdoshbaeva Ykybal Kaparovna-cand.of ped.science, associate prof.***
***Attokurova Moorkan Mahamjanovna-lecturer***
***Israilova Malika Rahmanalievna -lecturer***
***JASU named after B. Osmonov***

***Annotation***.*In our article, based on the educational material of the English language, the study of the essence of the linguistic competence of the future profession is carried out taking into account the capabilities of each student and must be inextricably linked. In this regard, we consider it necessary to organize the professional development of each student on the basis of a complex of linguistic and didactic competencies in the process of effective teaching, for example, the discipline of a foreign language.*

***Key words:*** *linguodidactics, necessity, innovation, interactive, advantage, future teacher, education, technical base.*

Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн англис тилди окутуу процессинде калыптандырууда биз сунуштаган инновациялык жолдор эксперименталдык изилдөөлөрдү уюштуруунун зарылдыгын пайда кылды. Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемалары жана өзгөчөлүктөрү тууралуу биринчи главада кеңири сөз кылынган. Студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгү чет тил курсун окутуунун негизинде толук калыптанбаганы, анын негизинде чет тилди үйрөнүүдө алардын оң мотивациялары калыптанбагандыгы турмуштук практика көрсөтүп олтурат. Мындан тышкары, дагы баса белгилей кетүүчү нерсе, ЖОЖдун окутуучусу, адатта, орточо деңгээлдеги билими бар студентке багыт жасайт. Окуу материалын окуп үйрөнүүнүн мындай орточо темпи жакшы окуган студенттерди зериктирип жиберет. Ал эми начар окуган студент бул орточо темпти дагы ийгиликтүү колдоно албайт, бир сөз менен айтканда, мындай студент окуу материалын сабак учурунда өздөштүрүп жетише албайт. Мындан, ар бир студенттин өздүк темпин кантип уюштурууга болот жана окуу материалын ийгиликтүү өздөштүрүүгө жетишүүгө карата кандай чараларды көрүү керек деген суроо пайда болот.

Студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгү чет тил дисциплинасынын мисалында эффективдүү калыптандыруу үчүн биз мурдагы главаларда болжолдуу иш-чаралардын тизмелерин келтиргенбиз. Бирок биздин илимий иш аракетерибиздин толук стратегиясын аныктоо үчүн, атайын илимий-изилдөө программасынын иш планы түзүлгөн:

**2011-2012-жж.** Педагогика багытындагы окуган студенттердин чет тил дисциплинасын окутууда болочок мугалим катары лингводидактикалык компетентттүүлүгүнүн калыптанышын аныктоо үчүн диагностика жүргүзүү.

Студенттердин лингводидактикалык компетентттүүлүгүн калыптандыруу максатындачет тил дисциплинасынын окуу-тематикалык планынын моделин иштеп чыгуу. Педагогика багытында окуган студенттерге чет тил дисциплинасын окутуу процессинде лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында заманбап билим берүүнүн өнүгүү тенденцияларын үйрөнүү, болочок мугалимдин лингводидактикалык компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүн аныктоо, салтуу эмес интерактивдүү окутуу технологияларын киргизүү. Окутуу процессинде семинардык сабактарды, консультацияларды, мастер-класстарды ж.б. өткөрүү менен бирге студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда мүмкүн болгон жолдорун аныктоо жана аларга карата иш чаралардын программасын иштеп чыгуу.

**2012-2013 жж.**Иштин натыйжалары боюнча педагогика багытында окуган студенттер,мектеп мугалимдери жана окутуучулар менен талкууларды жүргүзүү, тегерек столдорду, анкета, маек ж.б.у.с. иш чараларды өткөрүү. Эксперименттик иштин натыйжалуулугун аныктоо критерийлерин иштеп чыгуу. Иштелип чыккан критерийлердин негизинде диагностикалык иштерди жүргүзүү жана тийиштүү оңдоолорду киргизүү. Изилдөө иштеринин жыйынтыктары боюнча маалыматты даярдоо. Эксперименттин жыйынтыктарын эксперименталдык группаларга киргизүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**2013-2015-жж**.Педагогика багытындагы окуган студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында моделде иштелип чыккан компоненттердин (когнитивдүү компоненти, баалоочулук компоненти, ишмердүүлүк компоненти, маданияттуулук компоненти) критерийлерин сынактан өткөрүү. Студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында (чет тил дисциплинасынын мисалында) сунуштарды иштеп чыгуу, диссертациялык ишти даярдап бүтүрүү. Бул иш чаралардын аткарылышында окутуу процессинин эффективдүүлүгү артабы, башкача айтканда, белгиленген проблемалар канчалык деңгээлде чечиле алат, эгерде чечиле ала турган болсо, аны кантип илимий түрдө аныктоого болот, мына ушул суроолор педагогикалык экспериментти уюштурууну шарттайт.

Биздин изилдөөбүздүн максатына жана коюлган милдеттерге ылайык, педагогикалык эксперименттин милдеттери төмөнкүдөй:

- билим берүүнүн өнүгүү тенденцияларынын үйрөнүүнүн негизинде студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүнө талдоо жүргүзүү жана изилдөөнүн максаттарын жана милдеттерин аныктоо;
- студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн англис тил сабактарында эффективдүү калыптандыруу максатында теория жана практикадагы проблемаларды чектөө жана эмпирикалык материалдарды үйрөнүү жана чогултуу;
- изилдөөнүн предметине жараша компетенттүү жана методикалык мамилени проектирлеп, студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандыруунун теоретикалык моделин түзүү;
- студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана илимий методикалык технологияларды иштеп чыгуу;
- сунушталган педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн текшерүү максатында калыптандыруу экспериментин жүргүзүү жана корутундуларды, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Эксперименталдык программанын негизги максаты жогоруда белгиленген иш чараларды аткаруу. Эксперименталдык программадагы камтылган окуу материалдары

педагогика багытында окуган студенттердин кабыл алуусуна ылайыкташкан, модулдук принципте структуралашкан болууга тийиш. Тиешелүү учурда студенттерге кесиптик педагогикалык түшүнүктөрдүн генезиси берилиши зарыл. Студенттерге түшүнүктү берүүдө реалдуу турмуштан мисалдар менен коштолуусу зарыл. Студенттердин билиминин системалуу түрдө болушуна көбүрөөк көңүл буруу зарыл, андыктан ар бир студенттин билимин текшерүүдө түшүнүктөрдүн иерархиялуу байланышы аныкталууга тийиш. Англис тилдин түшүнүктөрүнүн калыптандырылуусу атайын иштелип чыккан көнүгүүлөр менен коштолуп туруусу зарыл. Биздин бул проблема боюнча көп жылдык изилдөөбүзгө жана окумуштуулардын изилдөөлөрүнө ылайык, студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда жаңы окутуу технологияларды пайдалануу жогорудагы аталган кемчиликтерди жоюуга багытталат жана билим берүүдөгү буга чейинки калыптанып калган традициялык көз карашты кескин өзгөртөт.

Эксперименталдык программаны колдонууда биз чет тил дисциплинасын окутууда көп жылдык тажрыйбалардын жыйындысын ишке ашырдык. Эксперименталдык программанын жыйынтыгы чет тил  дисциплинасынын окуу материалынын негизинде студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгү ийгиликтүү калыптангандыгы жана практикалык маселелерди чечүүдө алардын машыгуусу тез арада бышыктала аларын көрсөттү. Педагогикалык багытта иштелип чыккан окуу куралды, силлабусты, компьютер аркылуу тест программаларды, контролдук иштердин жыйнагын жана башка салттуу эмес окутуу технологияларды колдонуу - окутуунун бир кыйла эффективдүүлүгүн камсыздайт, ага ылайык окутуу процессинин кызыктуулугу жана көрсөтмөлүүлүгү артат. Биз сунуштаган окутуу технологиялардын башкы өзгөчөлүгүнөн деп аларды колдонууда дидактикалык максаттардын ар түрдүүлүгүн эсептөөгө болот. Мында электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта, компьютер таза демонстрациялык, көрсөтмөлүү окуу куралынын ролун аткарып, студенттерге окуп үйрөнүүгө, кайталоого, бышыктоого, окулуп жаткан же окулуп бүткөн кесиптик компетенттүүлүккө байланыштуу педагогикалык билгичтерди жалпылоого мүмкүндүк түзөт. Айрым иш аракеттердин мазмуну педагогикалык мааниде болуп, англис тилинде өздөштүрүүнү талап кылат, ошону менен бирге ар бир студент, практикалык иш аракеттеринин текшерүү иштеринин тууралыгын өз алдынча текшере алат. Бир жагынан биз сунуштаган педагогикалык шарттар студенттин аң-сезимине тез таасир этип, практикада чет тил  дисциплинасынын негизинде өздөштүрө турган кесиптик лингводидактикалык компетенцияларын компьютердик технологиялар менен байланыштырат. Аталган окутуу технологияларды ар бир курстун студенттерине колдонууга сунуштаса өз натыйжасын берет жана өз алдынча да өздөштүрүүсүнө жардам тиери шексиз. Ошол себептүү, биздин оюбузча, педагогикалык адистигиндеги студенттер үчүн айрым окутуу ыкмаларын электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта жана компьютердик технологиянын жардамы менен колдонуу жогоруда аталган көйгөйлөрдү кандайдыр бир деңгээлде чечүүгө мүмкүндүк түзөт.

Тажрыйба көрсөткөндөй, англис тилинин окуу материалынын негизинде болочок кесиптин лингводидактикалык компетенттүүлүгүнүн маңызын окуп үйрөнүү ар бир студенттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жүргүзүлөт жана бөлүүгө болбой турган кылып байланыштырылган болушу керек. Ушундан улам, биз чет тил  дисциплинасынын мисалында ар бир студенттин лингводидактикалык компетенцияларынын топтомунун негизинде кесиптик жактан өздөштүрүүсүн эффективдүү окуу процессинде уюштуруу үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл деп эсептейбиз:

- коюлган максатка ылайык, салтуу эмес окутуу технологиялардын жардамы менен жаңы билимдерди алуу, кайталоо, бышыктоо, өзүн-өзү текшерүү ишмердүүлүктөрү уюштурулушу зарыл;
- чет тил  дисциплинасынынмазмуну педагогикалык багыттагы кесиптердин мазмуну менен дал келиши керек;

- чет тил сабактарда тил гана үйрөнүүчү сабак эмес, англис тил окутуу боюнча сабак гана болбостон, болочок кесиптин компетенттүүлүгүн калыптандыруучу программа да колдонушу керек;
- сабактын башталышынан тартып, жыйынтыкка жетмейинче ар бир студенттин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында өз алдынча иштөөсүнүн, практикалык көнүгүүлөрдүн мазмуну педагогикалык багытында болушуна көңүл бурулушу керек.

Ар бир студенттин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн англис тил сабагынын окуу материалдарынын негизинде калыптандыруу максатында атайын окутуучу программа иштелген жана биз экинчи главада сунушталган этаптар аркылуу колдондук.

Окутуучу программанын *мазмунун түзүү этабында* биз окула турган дисциплинанын мазмунуна талдоо жүргүздүк. Маселен, кээ бир кесиптик жана методикалык маселелер студенттер үчүн оорчулукту алып келет.

Студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн англис тил сабагынын окуу материалдарынын талкуулоонун негизинде «АТАКТУУ ПЕДАГОГДОР», «ОКУТУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК ЭЛЕМЕНТТЕРИ», «ЗАМАНБАП МЕЙКИНДИКТЕГИ ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАР», «КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫЙ - МАДАНИЙ БЕРМЕТТЕРИ» аттуу бөлүмдөрдү камтыган окутуучу программаны иштеп чыгуу чечими кабыл алынды.

Эксперименталдык окутуучу программага жараша биз тараптан студенттер арасында анкеталар, маектер, билим класстерлерди түзүү ж.б.у.с. керектүү иш чаралар жүргүзүлдү. Студенттердин арасынын сурамжылоо анкеталар, маектер, контролдук иштер, диагностикалык семинардар ж.б. иш аракеттер жүргүзүлдү.

Мурунку главаларда белгиленгендей, биздин эксперименталдык окутуучу программабыздын негизги максаты - педагогика багытындагы окуган студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун негизинде болочок мугалим катары кесиптик жактан өсүп өнүктүрүү. Биз колдоно турган эксперименталдык окутуучу программаны педагогикалык багытта окуган студенттерге чет тил дисциплинасын окутууда колдонуу ыңгайлуу жана талапка жооп бере тургандыгына көңүл буруп, талдоо жүргүздүк. Сунушталган эксперименталдык окутуучу программада студенттер үчүн жаңы салттуу эмес окутуу технологияларын колдонуу маселеси кеңири коюлган, окуу материалдарды студенттерге түшүнүктүү болгудай кылып майда кадам принцибин колдонуп бөлүктөргө бөлгөнбүз, салттуу эмес окутууну максаттап, электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта, компьютердик технологиялардын жардамы менен иштөөгө да окуу материалдарын даярдаганбыз. Компьютердеги ар бир кадр педагогикалык багыттагы англис текстти окуу менен гана чектелбестен, окуу материалын бышыктоо үчүн тест - суроолордун туура жообу да атайын даярдалып, номерленген (1,2,3,4,5,6,7,…).

Студент биринчи кадрдагы англис текстти (К-1) көңүл коюп окуп чыгып, андагы калтырылган бош орунга өзүнүн жообун жазат, андан кийин ушул суроонун туура жообун салыштырат. Эгерде студенттин жообу кадрдагы жооп менен дал келсе, анда экинчи кадрдагы маалыматка өтүп, окуу материалын өздөштүрүүнү студент улантат. Эгерде студенттин берген жообу кадрдагы туура жооп менен дал келбесе, анда кайрадан биринчи кадрдагы маалыматтарды окуп үйрөнүп өз алдынча иш аракеттерди жумшайт. Ал эми эксперименталдык окутуучу программанын дагы бир салттуу эмес окутуу процессин чагылдырып кетели: Мисалы, студент биринчи кадрдагы маалыматты кунт коюп окуп чыгып, аягында берилген суроонун жоопторунун ичинен туура деп эсептеген бир жоопту тандайт. Эгерде тандалган жооп туура болсо, анда ошол кадрда алдыга кетүүчү жаңы маалыматты окуп, кийинки кадрга жылат. Эгерде жооп туура эмес тандалган болсо, анда ошол эле түшүндүргөн маалыматты окуп, кайрадан, таанып-билүү компетенцияларын бышыктайт. Андан тышкары туура жооптор баракчасы да даярдалган, ал аркылуу ар бир

студент туура жоопту текшере алат. Эгерде студент туура жообун билсе, ал туура жообун тандап алгандан кийин шыр эле эч токтолбостон кийинки кадрдагы окуу материалын окуп үйрөнүүгө жолдонот. Ал эми туура жообун таба албаса, оңдоп түзөөчү туура жолго салуучу түшүндүрмөсү, көрсөтмөсү бар кадрга жөнөтүлөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Боева, Т. В.Лингводидактические основы профессионального общения при подготовке специалистов (Иностранные языки) [Текст]: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.08 / Т. В. Боева. – Воронеж, 2002. – 166 с.
2. Дубровина, Т. С. К вопросу о профессиональной компетентности будущих учителей иностранных языков [Текст] / Т.С. Дубровина // Молодой ученый. – 2011. – Т. 2, № 4. – С. 86-89.
3. Жолдошбаева, Ы. Англис тилинин практикалык курсу (Студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн) [Текст] / Ы. Жолдошбаева. – Жалал-Абад: ЖАГУ, 2014. – 35 б.
4. Кадыров, Б. Межпредметные связи: инновация и творческое мышление учащихся [Текст] / Б. Кадыров. – Душанбе: ИРФОН, 2004. – 258 с.
5. Раимкулова, А.С. Компетентностный подход в формировании профессиональных компетенций будущего учителя как один из кардинальных путей модернизации современного образования [Текст] / А.С. Раимкулова // Вестн. КазГУ им. Аль–Фараби, 2010. – № 2. – С. 37-43.


*  *  *

**УДК 371.3**

ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ КОЛДОНУУ

***Жусупбек кызы Жыргал - окутуучу ОшМПУ,***

***Аннотация:*** *Бул макалада билим берүү процессинде окутуучуга жардам берген бир нече заманбап аспаптарды, алардын өзгөчөлүктөрүн жана касиеттерин карайбыз. Ошондой эле бул аспаптардын окутуучуга жеңилдик бергенин далилдейбиз.Учурда бар болгон аспаптарды интернеттин жардамы менен касиеттерин карап чыгабыз. Билим берүү процессин макалада каралган аспаптардын жардамы менен дагы сапаттуу, жогорку деңгээлде берүүсүн көрө алабыз. Практикалык жактан окутуучуларга, ошондой эле окуучуларга пайдалуу жыйынтык алабыз. Жасалма интеллект–техникалык изилдөө, ЭЭМдин жардамы менен адамдагы мүмкүнчүлүктү күчөтүү.*

*Бүгүнкү күндө мектептерде жана жогорку окуу жайларда билим берүү заманбап аспаптардын жардамы менен жаңы деңгээлге көтөрүлдү деп айтууга болот. Бир нече жыл мурун кандайдыр бир процессти же көрүнүштү окуучуларга түшүндүрүп берүүдө тактага кол менен жана кагаз бетине же болбосо башка жеткиликтүү каражаттардын жардамы менен ишке ашырылчу. Көптөгөн маалыматты мугалим өзү даярдап келүүсү зарыл болчу эле. Учурда адамдын жасалма интеллекттин өнүктүрүү көйгөйүнө ЭЭМдин эксперт катары аныкталган областтагы башкаруунун тапшырмалары, автомашинанын багыты, порттун иштөөсү, теореманын далилдениши, образдын калыптануусун таанып-билүү жана башкалар саналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *заманбап окуу аспаптары, билим берүү сапаты, окуу жабдыктары, маалымат-компьютердик технологиялар, google glass, raspberry pi, arduino, Media Share Hub, bluetooth технологиялар, зымсыз технологиялар, google cardboard.*

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В ОБРАЗОВАНИ

***Жусупбек кызы Жырифk- ОшМПУ, преподаватель***

***Аннотация:*** *В этой статье мы рассмотрим несколько современных инструментов, которые помогают учителю в процессе обучения, включая их особенности и свойства. Мы также доказываем, что эти инструменты были учительскими или учительскими.Мы рассмотрим свойства инструментов, которые существуют в настоящее время, с помощью интернета. С помощью инструментов, рассмотренных в статье, можно сделать процесс образования более качественным и качественным. С практической точки зрения мы получаем результат, полезный как для преподавателей, так и для учащихся. Искусственный интеллект-это техническое исследование, целью которого является усиление человеческих возможностей с помощью компьютеров.*

*Сегодня можно сказать, что образование в школах и высших учебных заведениях обновилось с помощью современных инструментов. Еще несколько лет назад, когда ученики объясняли процесс или видение, это осуществлялось вручную на доске, либо на бумаге, либо с помощью других доступных средств. Много информации нужно было подготовить самому Учителю. В настоящее время проблемами развития искусственного интеллекта человека являются задачи управления в области, которые определены в качестве экспертов ЭВМ, назначение автомашины, функционирование порта, доказательство теоремы, распознавание формирования образа и другие.*

***Ключ слова:*** *современные инструменты обучения, качество образования, учебное оборудование, информационно-компьютерных технологий, google glass, raspberry pi, arduino, Share Hub Media, технологии bluetooth, технология беспроводной, google cardboard.*

## THE USE OF ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN EDUCATION

***Zhusupbek kyzy Zhyrgal -OSHMPU, Lecturer***

***Abstract:*** *In this article we will look at several modern tools that help the teacher in the learning process, including their features and properties. We also prove that these tools were teachers' or teachers' tools.We will look at the properties of the tools that currently exist using the Internet. With the help of the tools discussed in the article, it is possible to make the education process more qualitative and qualitative. From a practical point of view, we get a result that is useful for both teachers and students. Artificial intelligence is a technical research that aims to enhance human capabilities with the help of computers.*

*Today we can say that education in schools and higher educational institutions has been updated with the help of modern tools. A few years ago, when students explained a process or vision, it was done manually on a blackboard, either on paper, or using other available means. A lot of information had to be prepared by the Teacher himself.*

*Currently, the problems of human artificial intelligence development are management tasks in the field that are defined as computer experts, the purpose of a car, the functioning of a port, the proof of a theorem, recognition of image formation and others.*

***Keywords:*** *modern learning tools, quality of education, educational equipment, information and computer technologies, google glass, raspberry pi, arduino, Share Hub Media, bluetooth technology, wireless technology, google cardboard.*

Азыркы күндө жаңы аспаптар менен бирөөнү таң калтыруу абдан оор. Технологиялар күндөн күнгө өнүгүүдө. Билим берүүдө мугалимдер көптөгөн заманбап аспаптарды колдонуп жатышат. Ошондой эле окуучулар өздөрү технологияларды абдан бат жана оңой өздөштүрүп жатышат. Негизи жаштар бүгүнкү күндө технологиянын негизги керектөөчүсү экендигин окумуштуулар далилдеп чыгышты. Ошондуктан жаштарга кандайдыр бир маалымат берүүдө окутуучулар артта калып жатышат десек жаңылбайбыз. Бүгүнкү күндө окуучулар мобилдик аспаптар менен дайыма жүрүшөт, мурункудай дептер-китептерди алып

жүргөн окуучуларды көрүү сейрек учурларга айланды. Интернет, электрондук китеп, видео сабактар жана видео курстар – мына бүгүнкү окуучулардын окуу куралдары. Мына ушул чындыктын ичинде заманбап окутуучу болуу, заманбап аспаптарды жана технологияларды колдонуп билүү абдан зарыл.

Методология – аспаптарды тандоо

1. Чөнтөк проектор



Азыркы учурда көптөгөн окуу жайларда проектор менен камсыздалган атайын бөлмөлөр жана класстар даярдалган. Бул бөлмөлөрдө проектордун жардамы менен көпчүлүк окуучуларга маалыматты көрсөтүү, учурдагы теманы түшүндүрүүдө жеңилдик берет. Бирок бул бөлмөлөр кымбат аспаптардан турат жана саналуу болгондуктан каалаган убакытта ал жерлерде билим берүү мүмкүнчүлүгү жок. Эгерде билим берүү учурунда проектор керек болсо окутуучу жанына чөнтөк проекторун алып жүрүүсү ыңгайлуу болот.

АКШда Амазон онлайн дүкөнүндө чөнтөк проекторлор 94.99 доллардан баштап жогору бааларда сатылып жатат.

2. Bluetooth keyboard and Virtual wireless keyboard (блютуз клавиатура жана виртуалдык зымсыз клавиатура)



Жогоруда айтылып кеткендей, бүгүнкү окуучулар чөнтөк технологияларды абдан жакшы өздөштүрүшкөн, мугалимдер дагы азыр планшет колдонуп жатышат. Bluetooth keyboard and Virtual wireless keyboard бул клавиатура аспаптары окуучуларга жана окутуучуларга өздөрүнүн чөнтөк планшеттерине жана чөнтөк телефондоруна окуу процессинде маалыматты бат жана оңой киргизүүгө жардам берет.

3. Media Share Hub (МедиаШареХаб)




Заманбап билим берүү процессинде маалымат бул негиз экендиги белгилүү. Маалыматты окуучуларга таратуу, маалыматты окуучуларга жеткирүү бул эң негизги маселе. Бүгүнкү күндө көптөгөн маалымат таратуу ыкмалары албетте бар. Булардын ичинен e-mail аркылуу окуучуларга маалымат таратуу, же болбосо социалдык желе аркылуу таратуу, жана маалымат алмашуу сайттар аркылуу таратуу. Бул методдорду көпчүлүк колдонуп келе жатат, бирок бул методдордун кээ бир көйгөйлөрү бар. Мисалы, эгерде окуу жайда учурда интернет жок болуп калса, же болбосо маалыматты алыскы айылдарда окуучуларга таратуу керек болсо, же болбосо бир нече группага же класска таратуу керек болсо, башкача

айтканда, көп окуучуга таратуу керек болсо, же семинарда маалымат таратуу керек болсо, алардын баарынан e-mail даректерин алуу, ал даректерди клавиатура жардамы менен терүү абдан көп убакытты жана жумушту талап кылат. Мына ушундай учурларда биздин биринчи заманбап аспабыбыз Media Share Hub жардамга келет. Азыр АКШдагы Амазон онлайн дүкөнүндө 39.99 долларга сатып алууга болот.

Бул аспаптын жардамы менен окутуучу сүрөттө көрүнүп жаткандай USB flash, SD Card, External HDD де сакталган маалыматты бул аспаптын жардамы менен таратуу мүмкүнчүлүгүн бере алат. Бул аспап өзү WIFI технологиясынын жардамы менен маалыматты тарата алат. Абдан керектүү жана пайдалуу аспап.


4. Google Cardboard (Гуугл Картбоард – Гуугл картон куту)



Бул аспаптын баасы болгону 350 сом, бирок бул аспаптын жардамы менен көптөгөн процесстерди окуучуларга үч өлчөмдүү технологияны колдонуп, абдан кызыктуу жол менен түшүндүрүү болот.

Үч өлчөмдүк технологияларды бүгүнкү күндө окуу процессинде жаңыдан колдонуп келе жатышат. Мисал катары астрономия билимдерин бул технологиянын жардамы менен түшүндүрүү, менин көз карашымча, адбан ыңгайлуу болот эле. Же болбосо кандайдыр бир кымбат аспаптарды өздөштүрүүдө абдан ыңгайлуу жана арзан жолдордун бири. Албетте, көп учурда бул технология оюндарда колдонулуп келе жатат, бирок ошондой эле ийгилик менен окуу процесстеринде колдонсо болот. Google Cardboard бул кымбат үч өлчөмдүү технологияларда колдонулган атайын көз айнектердин арзан өкүлү.

5. Google glass (Гуугл глэсс – Гуугл көз айнеги)



Бул эксперименталдык көз айнек учурда абдан популярдуу болуп келе жатат. Көз айнектин жардамы менен окуу процессинде мугалимдин түшүндүрүп жаткан лекциясын видео катары сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берет. Же болбосо сүрөт тартып мугалимдин тактага жазган маалыматын бат жана оңой түрдө көчүрүп алуу болот.

Бул көз айнекти чөнтөк телефон менен байланыштырып атайын тиркемелердин жардамы менен көптөгөн элесиңизге келген операцияларды аткаруу мүмкүн. Окуу процессинде колдонуу мүмкүнчүлүгү, менин оюмча, абдан кенен. Бирок аспап абдан кымбат баада сатылып жатат, АКШда орточо баасы 1500 долларды түзөт.

6. Акылдуу такта



Учурда акылдуу такталар (smartboard) көбүнчө жогорку окуу жайларда жана чоң бизнес борборлордо кеңири таралган. Акылдуу тактанын баасы дээрлик 3000-11000 АКШ долларды түзөт, кымбат проектор, ноутбук жана атайын электрондук тактадан турат. Булар, албетте, абдан тунук жана сапаттуу көрүнүштү жана жагымдуу тажрыйба беришет. Экинчи орунду болсо атайын интерактивдүү проекторлор ээлейт. Бул проекторлор колдун манжалары менен же болбосо атайын калем менен жөнөкөй эле дубалга проекциялоо менен иштешет. Мындай интерактивдүү проекторлорду 1500 АКШ долларына сатып алуу мүмкүн. Ал эми катардагы мектептерге 1500 доллар дагы эле абдан чоң каражат, ошондуктан мурункудай эле бор менен такталар колдонулуп келе жатат. Бирок акыркы учурларда арзан жана мобилдүү, акылдуу такта касиеттерин камтыган аспаптар сатылууда.

Бул аспаптар IPEVO IS-01, BoardShare, UBoard жана башка аттар менен сатылышы мүмкүн. Булардын эң маанилүү касиети арзан, мобилдүү, атайын калемден жана аз күчтүү проектордон турат. IPEVO IS-01 149 АКШ долларга Амазон дүкөнүндөн сатып алууга болот. BoardShare – 309 АКШ долларга сатылат, ал эми UBoard 500 фунт стерлинг турат.

7. Arduino (Ардуино)




Бул жогорку адистештирилген сабактарда, робот жана автоматика билимдеринде абдан чоң мүмкүнчүлүктү берген аспаптар көптүгү деп атасак болот. Ардуинонун жардамы менен мурунку күндөрдө абдан жогорку адистердин колунан келген нерселерди мектептин окуучусу жазай ала турган деңгээлге келдик.

Учурда 10 жаштагы балдар көптөгөн проекттерин, роботторун, оюн системаларын, коргоо системаларын чогултушуп жатышат. Менин оюмча, бул технологияны колдонуп, жогорку адистеги окуучуларды окутуп чыгуу дагы бир оңой деңгээлге жетишти десек жаңылбайбыз. Абдан кызыктуу жана келечеги кенен, илимий жактан жаңылыктарды алып келе турган технология деп айта алам. Бишкекте GEEK.KG дүкөнүндө Arduino тетиктерин табууга болот. 875 сомго Arduino Uno сатып алууга болот. Ал эми андан арзан версиялар болсо Arduino Nano – 690 сом, Arduino Pro Mini – 475 сом.


8. Raspberry Pi (Рэсберри Пай)



Кредит картанын өлчөмүндөй болгон толук кандуу компьютер. Бул компьютерлерди окуу процессинде жогорку кесиптештирилген окуу жайларда колдонуу болот. Мисалы, Манас университетинин компьютер бөлүмүндө. Бул компьютердин жардамы менен көптөгөн чөнтөк технологияларды автоматташтыруу, башкаруу, санап-чыгаруу жолдорунда колдонуу болот.

Arduino жана Raspberry pi бул эки башка аспаптар. Биринчиси автоматтарды иштеп чыгарууда колдонулат, жана Ардуино компьютер болуп саналбайт. Ал эми Raspberry pi болсо бул толук кандуу компьютер болуп саналат. Бул аппараттын операциондук системасы болот (Linux), процессору болот, оперативдик эси болот жана көптөгөн кириш порттору болот (usb, audio, network). Бишкекте GEEK.KG дүкөнүндө 3350 сомго Raspberry pi компьютерин жана анын тетиктерин табууга болот

9. Bluetooth speaker (блютуз спикер – блютуз сүйлөгүч)



Окуу процессинде же семинарда аудио маалыматты угузууда бизге кайрадан эле чөнтөк технологиясындан bluetooth speaker жардамга келет.
Бул зымсыз сүйлөгүчтөрдүн жардамы менен мугалим дайыма жанына ала жүргөн жана дайыма аудио маалыматты каалаган учурда окуучуларына угузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Компьютердик тармак системасын иштеп чыгуучулар машинаны адамга окшоп, тапшырманын шартына жараша өз иш-аракеттеринин программасын өз алдынча курууга үйрөтүүгө аракет кылышып. Компьютерди расмий аткаруучудан акылдуу аткаруучуга айландыруу максаты коюлган.

**Жыйынтык:**

Билим берүүдө дайыма алдыңкы технологияларды жана маалыматтарды берүү абдан чоң ролду ойнойт. Бүгүнкү чаптырып бара жаткан дүйнөдө жаш өспүрүмдөргө билим берүү эң маанилүү маселелерден болушу керек. Эгерде билим берүүдө башкалар менен бир ылдамдыкта, бирдей жолдо жүргөн болсок, биз дайыма утушта болобуз. Ошондуктан окутуучулар мүмкүн болушунча өздөрүнөн баштап жана окуучуларына дагы маалыматка, технологияларга ач болуп турушу керек. Билимге ач болуу бүгүнкү күндүн талабы. Билим берүү оңой, кызыктуу болуш үчүн заманбап аспаптарды колдонуу зарыл экендигин макалада көрсөтүлгөн аспаптардын мисалында көрүүгө болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Захарова И.Г. Информационные технологии в обраовании.-М.,2010
2. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии.-М.,2018
3. Современные образовательные технологии.-С-Пб.,2018
4. Современные педагогические технологии.-Челябинск, 2019
5. Чупрасова В.А. Современные технологии в образовании.-М.,2020
6. Информатика 7-9-класс окуу китебинин методикалык колдонмосу.Бишкек,2017

* * *

**УДК 3;37;373;373.3;9;908**

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

***Заилова Жумагүл Жусупбаевна - ОшМПУнун окутуучусу***

***Анотация:*** *Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык түшүнүктөрүн калыртандыруу үчүн жана жаратылышка аяр мамиле жасаган инсанды тарбиялоого багытталган, экологияны сактоого түрткү болгон сунуштар жазылды. Дүйнөдөгү, анын ичинде Кыргызстандагы учурдагы экологиялык көрүнүштөр, көйгөйлөр айтылды. Макаланы мугалимдер, ата- энелер, студенттер пайдаланса болот.*

***Ачкыч сөздөр:*** *экология, башталгыч класстын окуучулары, экологиялык билим берүү, экологиялык тарбия, табият, жаратылыш, экологиялык көйгөй.*

ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРЕДСТАВЛЕНИЙ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

***Заилова Жумагул Жусупбаевна –преподователь ОшГПУ***

***Аннотация:*** *В этой статье были написаны предложения, направленные на то, чтобы встряхнуть экологические представления учащихся начальной школы и воспитать человека, который бережно относится к природе, мотивируя сохранение окружающей среды. Были озвучены текущие экологические явления, проблемы в мире, в том числе в Кыргызстане. Статья может быть использована учителями, родителями, учащимися.*

***Ключевые слова:*** *экология, ученики начальной школы, экологическое образование, экологическое воспитание, природа , экологическая проблема.*

FORMATION OF ECOLOGICAL REPRESENTATIONS IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

***Zailova Zhumagul Zhumabaevna - teacher of the OGPU***

***Annotation:*** *In this article, proposals were written aimed at shaking up the ecological ideas of elementary school students and educating a person who takes care of nature, motivating the preservation of the environment. The current environmental phenomena and problems in the world, including in Kyrgyzstan, were voiced. The article can be used by teachers, parents, students.*

***Keywords:*** *ecology, elementary school students, environmental education, environmental education, nature, environmental problem.*

Убакыт өтүп, кылым алмашкан сайын адамзат экологиялык коркунучка туш болуп жатат, башкача айтканда, планетабыз коркунуч алдында турат. Ошондуктан жаштарда экологиялык маданиятты калыптандыруу абдан маанилүү, бул жаштардын алдында келечектеги дүйнөнүн экологиялык коопсуздугунун негизин түзүү маселеси турат.

***Президентибиз*** Садыр Жапаров «2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук *жылы"* деп жарыялаган. Буга карата иш- чаралар жүргүзүлүп келет. Маселен, "бир адамдан- бир көчөт" деген долбоор сыяктуу иш- чаралар жаратылышка болгон камкордук деп эсептейбиз. Анткени, Кыргызстан- жалпыбыздын үйүбүз! Ал дүйнөдөгү эң бир кооз өлкөлөрдүн катарынан орун алган. Жылдын ар бир мезгилинин учурунда толук камтылгандыктан, жараткандын табиятында быша турган мөмө жемиш, жер-жемиштин баары бышып жетилет. Таза аба, таза суу, кооз жаратышылышы... Дүйнөдөгү көптөгөн элдер биздин жаратылышка суктанып, эс алып кетишет... Анан кантип мекендин жараталышын, экологиясын коргобой коебуз?.. [ «Кут билим», 1,3]

Азыркы кезде мамлекет тарабынан экологиялык маселелерге арналган КРнын төмөндөгүдөй мыйзамдары кабыл алынган: «Кыргыз Республикасынын элинин ден-соолугун коргоо жөнүндө» (1992) [73]; «Айлана чөйрөнү коргоо боюнча» (1999) [75]; «Жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө» (1999) [71]; «Кыргыз Республикасынын калктын радиациялык коопсуздугу жөнүндө» (1999) [15]; «Кыргыз Республикасынын биосфералык территориясы жөнүндө» (1999) [70]; «өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу жөнүндө» (2001) [74]; «Ак илбирстин тукумун сактоо» ж.б. Ал эми 2007-жылы Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун концепциясы жөнүндө президенттин указы чыккан [72]. Бирок ошого карабастан ар кандай экологиялык маселелер күч алууда.

Экологиялык билим берүү жана тарбиялоо азыр маанилүү маселе болуп калды. Экологиялык тарбия адамды тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү болушу керек. Калктын экологиялык билим берүү борборлору катары маданият жайларын, китепканаларды, ботаникалык бактарды, зоопарктарды, өзгөчө корголуучу аймактарды натыйжалуу пайдалануу боюнча комплекстүү иш-чараларды түзүү зарылчылыгы бар. Экологиялык билим берүү негизги билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү экендигин билишибиз керек. Экологиялык билим берүү процесси бардык жарандардын билиминин бардык түрлөрүндө жана деңгээлдеринде, адамдын өмүр бою, мектепте жана андан тышкары жерлерде

жүргүзүлүшү керек. Экологиялык проблемалардын актуалдуулугу, келечек жана азыркы муундардын жашоосу үчүн зарыл болгон жагымдуу шарттарды камсыз кылуу максатында аларды чечүүнүн обьективдүү зарылдыгы мектептин алдына экологиялык билим берүүнүн жана окуучуларды тарбиялоонун жаңы милдеттери болушу керек. Окуучулардын айлана-чөйрөгө болгон жарандык мамилесин күчөтүү билим системасы менен гана эмес, ошондой эле белгилүү бир жөндөмдөрдү, көндүмдөрдү, адептерди калыптандыруу менен да байланыштуу. Бүгүнкү коомдун алдында турган негизги көйгөйлөрдүн бири-экологиялык көйгөйлөр, жаратылышты коргоо жана жаратылыш байлыктарын кылдаттык менен пайдалануу азыркы этапта коом менен жаратылыштын өз ара мамилелериндеги карама-каршылыктар башталгыч мектептин жана педагогиканын алдына бир катар жаңы милдеттерди коет. Алардын чечими азыр мектепте окуп жаткан муунга жаратылышка болгон терс таасирлерди жоюу жана бул мамилени андан ары натыйжалуу чөйрөгө айландыруу үчүн конкреттүү талаптарды бере алат. Ошондуктан биз башталгыч класстан тартып айлана-чөйрөрөнү таза тутуу, жаратылышка аяр мамиле жасоо, өсүмдүктөрдү, жан-жаныбарлары коргоо сыяктуу түшүнүктөрдү окуучулардын кан жанына сиңиришибиз керек.

Адам табияттын бир бөлүгү. Ал табиятсыз жашап күн кечире албайт. Абадан дем алат, азык оокатты, жарыкты, жылуулукту, турак жайды да адам табияттан алат. Ошондуктан адам ага гумандуу мамиле жасап, аны коргоосу ылазым. Адамдын табиятка кылган мамилеси анын идеялык-адептик сапатына жараша болот. Байыртадан эле биздин ата- бабаларыбыз жаратылышты ыйык тутуп, ага гумандуу мамиле жасаган. Эл балдарды кичинесинен эле жан-жаныбарларга ырайымдуу болууга тарбиялаган. Балдардын табиятка болгон этият мамилесин тарбиялоо аларды өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү менен тааныштыруудан башташат. Күчүк, мышык, жөжө, козу улак карап, аларды баккан бала алсыз жандууларга көмөк көрсөткөнүнө жетине албай кубанат. Курт-кумурскалардын кыймыл-аракетин байкоо, көпөлөктү кууп ойноо, чегиртке, коңуздар жөнүндө кам көрүү балдарды кубанычка бөлөйт. Мектеп жана үй-бүлө балдарды айлана-чөйрөгө тааныштырууда табияттын ажайып кооздугун туура кабыл алып түшүнүүсүн камсыз кылууга тийиш. Өсүмдүктөрдүн дарактардын жазда бүрдөшүн, гүлдөшүн, күзүндө өзүнчө чырайына чыгышын, табияттын түрдүү кубулуштарын балдар таңданган сезим менен, кубанычтуу кабыл алуусу ылазым. Табиятты кабыл алуудагы сулуулукка тандануу сезими окуучуларды айлана-чөйрөнү, табиятты коргоого шыктандырат. Андай окуучулар гулзарды, бакчаны, мектептин тажрыйба участогун, ал жерде бак-дарак, түрдүү өсүмдүктөрдү өстүргөнү табият учун да, эл үчүн да пайдалуулугун сезип, ак ниети менен кызмат кылат. Эгин-тегинди, бакчаны, гүл өстүргөн аянтты карап, мал асыраган баланын экологиялык тарбиялануу натыйжасы жемиштүү болуп, билими экологиялык ишенимге тез айланат. Башталгыч класс окуучуларынын шартында табиятты коргоо проблемаларын балдарга көп эле таңуулабастан, алардагы табигый обьектилерге болгон кызыгууну ойготуп, жаныбарларга болгон жагымдуу мамилени тарбиялоо болуп эсептелет. III класс окуучуларына бакты, гулзарды көзөмөлдөтүп, канаттуулар күнүн, жашыл бак күнүн, түшүм майрамын өткөрүү мүмкүн. Алар ата-энелердин жардамы менен табияттын кубулуштарын байкоо күндөлүгүн жүргүзүшөт. [2, 353-354]

Дүйнөдө сейрек кездешкен Баткен районундагы “Айгүл гүлү” жылына бир жолу апрель айында гүлдөп, бир айга чейин гүл мезгили болот. Аны көрүү үчүн республиканын аймагынан, чет өлкөлөрдөн келишет. Бирок табиятка кыянат кылган адамдардын айынан гүл үзүлүп, анын азайып баратканы жанды кейитет. Айгүл гүлүн коргоо үчүн жакын жердеги Кара- Булак айылындагы мектеп мугалимдери, окуучулары гүл гүлдөгөн учурда өз ыктыяры менен мөөнөткө туруп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, кезекке турашат. Албетте, мындай уюштуруу иштери окуучулардын окуучулардын патриоттук сезимин күчөтүп, жаратылышка болгон сүйүүсүн арттырат.

Башталгыч класстын окуу программасынан “Дарак ыйлайбы”текстинде:

Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеп жүрүп, аны үйдүн тушундагы ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнөн макисин алып чыгып, ачакейди кесип алды. Кайыңдын үтүбүнө отуруп, анын кабыгын тазалады.

Ошол кезде колуна тамчы «тып» этип тамды. Марат өйдө жакты карады. Асман ачык эле. Ишин кайра улантты. Көп узабай колуна экинчи ирет тамды. Ошондо ордунан туруп, «Кайдан таамп атты болду экен?» дегендей, өйдө жакты карай баштады. Ана, тамчы эми бетине тамды. Көрсө, алиги бутагы кыйылган жерден сызылып суу чыгып жатыптыр.

Марат буга аң-таң калды. Ал тамчыны үйүнө келгенден кийин да унута албады. Бул жөнүндө атасына да айтты.

А атасы ойлонуп калды.

– Жер бетинде көгөрүп турган өсүмдүктүн баары адамдар сыяктуу эле тирүү,

– деди ал кыйладан кийин.

– Аларды сындырсаң, кыйсаң эти ооруйт, жабыркайт, кыйналат.

Марат атасына таңгала карады:

– Чын элеби?

– Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум?

– деп сөзүн улантты атасы.

– Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайыңдын көз жашы го? Балким, кесилген жеринин ооруганына чыдабай, ыйлап жаткан чыгар… [3, 26] демек, биз башталгыч класстын окуучуларына жаратылыштын үстүнөн болгон жемиштерибизге көп эле манчырканбашыбыз керектигин, анткени ал бир күн “Кожожаш” эпосундагы Кожожаш мерген кайберендерди кырганы үчүн Суречкиден жооп алып, Аблетим аркасында каза болуп, жаратылыш өчүн алганы сыяктуу мисалдар менен окуучуларга экологиялык тарбия беришибиз керек.

“Башталат баары майдадан”-дегендей биз окуучуларга жолдо баратканда колундагы таштандыны көчөгө таштабай, атайын таштанды үчүн урналарга салууну үйрөтүшүбүз керек. Завод, фабрикалардан чыккан саркынды суулар жаратылыштагы сууларды булгайт. Таза суу адам баласынан тартып бүтүндөй жан- жаныбарлар, кыбыр эткен жандын баарына эң керек. Илгери чоң аталарыныбыз “Суу сыйлагана зор болор, суу кордогон – кор болор”, “Таза болсо- суудай бол, баарын жууп кетирген”-деп бекеринен айтышпаптыр. Ошондуктан арыкта агып жаткан суудан баштап, акыр- чикир таштабай, дарыяларыбыз, көлдөрүбүз, айтор бизге жаратылыш тартуулаган байлыктарыбызды сарамжалдуулук менен пайдаланууну үйрөтүшүбүз керек.

Учурда экологиялык тарбия үч тараптуу милдет түрүндө каралышы керек:

1) адамдын жаратылыш менен болгон мамилесин аныктоо;

2) азыркы жана келечек муундар алдында жаратылышты сактоо үчүн жарандык жоопкерчилик сезимин калыптандыруу;

3) жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу маселелерин туура чечүүгө үйрөтүү.

Азыркы мезгилде дүйнөнүн булуң- бурчунда ар кандай жаратылыш кырсыктары: жер көчкү, суу ташкыны, жер титирөө, сел жүрүү, токойлордун өрттөнүүсү болуп жатканын билебиз. Албетте, коркпой кое албайсың...Биз колдон келген милдетибизди аткаруубуз керек. Маселен, токой, талаа жана башка жерлерде өрттүн келип чыгуусуна бөгөгөт коюу башкача айтканда от жакпоо, тамеки тартпоо. Сел жүрүүчү сел араларга үйлөрдү салбоо, жер көчкү, кар көчкү жүрүүчү аймактардан оолак жашоо, агын сууларга чөмүлбөө, коопсуздук эрежелерин сактоо зарыл экендигин окуучуларга түшүндүрүүбүз керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Б.Апыш, Д.Бабаев, Т.Жоробеков “Педагогика” Бишкек-2002
2. Адабий окуу 3-класс
3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Б., 1996.
4. Абдураимова Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей. –Киев: Довира, 1997.


* * *

**УДК 37.091.21**

# ОКУУЧУНУН ИНСАНДЫК САПАТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЛАСС ЖЕТЕКЧИНИН РОЛУ

***Исманалиева Бурулкан Мамажунусовна -***
***окутуучу ЖАМУ, Burul.salta@gmail.com***

***Аннотация:*** *Бул макалада окуучунун инсандык сапатын калыптандырууда класс жетекчинин ролу жөнүндө сөз болот. Анда белгиленгендей класс жетекчинин классты башкарууда жогорку класстын окуучулары менен иштөөсү жана ага карата иштеп чыккан иш пландарынын мазмуну талдоого алынат. Класс жетекчи тарабынан жогорку класстын окуучуларынын турмушка даярдыгын жана туура кесип тандоосун жетекчиликке алган иш жараянынын айрым маселелери каралат.*

*Класс жетекчинин жеке ишмердүүлүгүнө байланыштуу окуучунун психологиялык процессиндеги өнүгүү этаптарын талдоого алып анализ жасоо каралган. Ошондой эле ар бири окуучунун өнүгүү өзгөчөлүгүнө карап таасир этүүнүн жол-жоболору иштелип чыгылган.*

*Класс жетекчинин окуучулар менен иштөө маселесинин уландысы катары жогорку окуу жайларында да уулантуу ою айтылат. Анда айтылгандай атайын адистик эмес багыттарда бул маселенин жолго коюлбай жатканы актуалдуу экендиги белгиленет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *класс жетекчи, классты башкаруу, инсандык сапат, калыптандыруу, ишмердүүлүк, тарбиялоо.*

# РОЛЬ РУКОВОДИТЕЛЯ В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ УЧАЩЕГОСЯ

***Исманалиева Бурулкан Мамажунусовна -***
***преподаватель ЖАГУ, Burul.salta@gmail.com***

***Аннотация:*** *В данной статье говорится о роли классного руководителя в формировании личности школьника. Как отмечается в ней, анализируется работа классного руководителя со старшеклассниками по управлению классом и содержание разработанных в связи с этим планов работы. Некоторые вопросы рабочего процесса, ориентируясь на подготовку старшеклассников к жизни и правильный выбор профессии, рассмотрит классный руководитель.*

*Планируется проанализировать этапы развития психологического процесса учащегося. Также разработаны процедуры воздействия на особенности развития каждого учащегося.*

*В связи с личностной деятельностью классного руководителя. В продолжение вопроса о работе классного руководителя со студентами упоминается и идея отравления в высших учебных заведениях. Отмечается актуальность того, что данный вопрос не решается в специальных неспециализированных областях. В продолжение вопроса о работе классного руководителя со студентами упоминается и идея отравления в высших учебных заведениях. Отмечается актуальность того, что данный вопрос не решается в специальных неспециализированных областях.*

***Ключевые слова:*** *классный руководитель, классное руководство, личность, формирование, деятельность, воспитание.*

# THE ROLE OF THE MANAGER IN THE FORMATION OF PERSONALITY CHARACTERS

***Ismanalieva Burulkan Mamazhunusovna -***
***Lecturer JASU, Burul.salta@gmail.com***

***Annotation:*** *This article talks about the role of the class teacher in shaping the personality of the student. As noted in it, the work of the class teacher with high school students in class*

*management and the content of the work plans developed in connection with this are analyzed. Some issues of the workflow, focusing on preparing high school students for life and the right choice of profession, will be considered by the class teacher.*

*It is planned to analyze the stages of development of the psychological process of the student. Procedures for influencing the developmental characteristics of each student have also been developed.*

*In connection with the personal activities of the class teacher. In continuation of the question about the work of the class teacher with students, the idea of poisoning in higher educational institutions is also mentioned. The relevance of the fact that this issue is not resolved in special non-specialized areas is noted. In continuation of the question about the work of the class teacher with students, the idea of poisoning in higher educational institutions is also mentioned. The relevance of the fact that this issue is not resolved in special non-specialized areas is noted.*

***Key words:*** *class teacher, class management, personality, formation, activity, education.*
*class teacher, class management, personality, formation, activity, education.*

Республикадагы жалпы билим берүүчү мектептердин, мектеп-гимназиялардын реформалоо багытындагы мамлекеттик документтерине ылайык жашап жаткан коомдун ар бир инсаны өзүнүн интеллектуалдык чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн, билим билгичтиктерин сабакта гана эмес, кийинки жашоосунда, турмуштук маселелерди чечүүдө да колдоно билген, жашоо тиричиликке жөндөмдүү окуучуларды калыптандыруу милдети турат. Ал эми бул милдет кайсыл бир деңгээлде класс жетекчинин окуучулардын жан дүйнөсүн үйрөнүү, алардын позитивдүү өнүгүүсүн камсыз кылуу, аң-сезиминдеги, жүрүм-турумундагы оң өзгөрүүлөрдү жаратуу үчүн (үй-бүлө менен, мектеп менен, коомдук институттар менен биргелешип) жасаган ишмердүүлүгүнөн көз каранды.

Баарыбызга белгилүү мектеп – бул жашообуздун жаңы жана маанилүү тепкичи, алгачкы баскычы. Мектепке чейин бала үй-бүлө деп аталган эң кичине тайпанын мүчөсү болсо, андан кийин бала бакча, мектеп деген чоң тайпага кошулат. Мектепте билим берүү, тарбиялоо деген максатты ишке ашыруу жараяны жүргүзүлүп, ар бир мектеп өзүнүн негизги милдеттерин аткарууну аркалап келатат. Бир топ жылды өз ичине камтыган бул жараянда окуучунун билим, билгичтиктерге ээ болуусунан сырткары инсандык сапаттары, дүйнө таанымы, көз караштары, ишеними, өзүң-өзү баалоосу, ж.б.у.с. өзгөчөлүктөрү калыптанат. Ушундан улам *Окуучудагы мындай өнүгүүлөрдө мектеп жамаатынан кимдин таасири, ролу негизги орунда турат*? деген суроо келип чыгат. Албетте бул анын класс жетекчиси.

Демек, окуучуну окууга шыктандыруу, натыйжаларга жетишүүсүнө түрткү берүү, тарбиясынын деңгээлин өстүрүү максатында сөзсүз түрдө класс жетекчи дайындалат. Дайындалган күндөн тартып класс жетекчиликке мүнөздүү көп кырдуу ишмердүүлүгүн пландаштырат, уюштурат, жүргүзөт. Анын ар бир кадамы өз окуучуларын өнүктүрүүгө, өстүрүүгө багытталып, анын инсандыгын калыптандырууну туюнтушу керек. Бул маселеге ылайык класс жетекчинин ишмердүүлүгүндөгү окуучунун инсандык сапаттарын калыптандырууга багытталган айрым бир окумуштуулардын эмгектерине талдоо жүргүзүп көрсөк. Мисалы ушул темада: изилдөө иштерин жүргүзүп келген окумуштуу К. Акматов, А.Муратовдун “Мектептин тарбиялык сабактары” аталышындагы эмгегинде төмөнкү масалелер каралган:

*Негизги багыттары:*

- Класс жамаатынын ишмердүүлүгүн уюштуруу, анын ичинде айрым окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
- Окуучулардын окуудан тышкаркы турмушун уюштуруу;
- Класс окуучусуна тарбиялык иш жүргүзүүдө анын инсандыгын иликтөө, оңдоп түзөө;
- Социалдык жактан коргоо;
- Алардын ата-энелери менен иш алып баруу.

*Кызматтык милдеттерине:*

- Окуучуларынын бири-бирине болгон оң, терс мамилелерин тактоо, өз мезгилинде оңдоо;
- Окуучу үчүн жагымдуу кырдаал түзүү;
- Таланттуу балдардын талантынын өнүгүшүнө жардамдашуу, кызыгууларын арттыруу;
- Класстагы жагымдуу микроклиматты түзүү, инсан аралык мамилени жакшыртуу;
- Класстык саат, класс жыйналыштарын, аңгемелешүүлөрдү оптимисттик духта уюштуруу;
- Окуучуларды кесип тандоодо жардам берүү;
- Үй-бүлөсү проблемалуу балдарды эске алуу;
- Окуучулардын үй-бүлөлөрүндөгү тарбия шартын иликтөө ж.б.у.с. [7-8б]

Класс жетекчи жогорудагы милдеттерди камтыган тарбиялык иш планды түзүү, планда көрсөтүлгөн тарбиялык сааттарды өтүү аркылуу өз окуучуларында өнүгүүгө мүмкүндүк берүүчү психологиялык шарттарды жаратып берет. “Мында окуучунун өзүн-өзү реализациялоосуна, коомдогу мүмкүнчүлүк жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көбөйтүүгө өбөлгө түзөт, балдарга активдүү турмуштук позицияны, жашоону сүйүүнү, өз күчүнө ишенүүнү, мунун натыйжасында турмушта өз ордун табууга көмөктөшкөн болот”, - деп белгиленген орус педагогу Ю.Н.Таран, М.В. Солодкованын “Класс жетекчилик” деген эмгегинде [223 б].

Тарбиялык иш план класс жетекчинин негизги документи болуп саналгандыктан, анын ар бир пункту класс окуучусунун жаш өзгөчөлүгүнө, психологиясына туура келчүдөй түзүлүүгө тийиш. Мына ошондо окуучуга таасир көрсөтүү деңгээли натыйжалуу болот. Аны менен эле чектелип калбай класс жетекчи өзү да оң нравалык касиеттерге ээ, таасир көрсөтүүнүн пайдалуу, эффективдүү усулдарын билген, өз окуучуларына болгон сүйүү сезими жогору, окуучулары менен мамилелешүүнүн сырларынан кабардар, классы менен биргеликте иш-аракетке багыт алууга убактысы, даярдыгы, тажрыйбасы бар мугалим болгону максатка ылайыктуу. Себеби инсандык асыл сапаттар өтө жай, көп кыйынчылык менен, узак убакытта түптөлө турган абдан татаал кубулуш.

Окуучуга өз таасирин көрсөтүүдө кылдаттык талап кылынат. Ошондуктан класс жетекчи ***коммуникациялык маданияттуулуктун эрежелерин*** билүүсү, дайыма эске алуусу, сактоосу керек. Бул маселеде К.Акматов, А.Муратовдун “Мектептин тарбиялык сабактары” деген эмгегинин класс жетекчинин ишмердүүлүгү бөлүмүндө төмөнкүлөргө токтолгон:

- Алгач класс окуучулары, жеке окуучу жөнүндөгү түрдүү пикирлерди иликтеп, педагог, психологдор менен кеңешип, же 1-мугалими менен аңгемелешүү, класстын “ушундай” деп аталган пикирин топтоо, анан тактоо;
- Окуучуну бөтөндөрдүн пикири боюнча эле жыйынтык чыгарып баалоого болбойт;
- Класс жамааты, андагы окуучу менен карым-катнаш түзүүдө жалганчылык болбошу керек;
- Аларга байланыш жасоодо өз пикирин толугу менен таңуулоого болбойт;
- Аткарылышы керек болгон, бирок класс жамааты катышкысы келбеген иш-чараны өткөрүү зарыл болсо, окуучуларды иш-чарага болгон оң реакциясын пайда кылуучу аргументтерди табуу зарылдыгы келип чыгат:
- Окуучунун ийгилигине сөзсүз кубануу, аны жамаат менен талкуулоо [10-11 б];
- Окуучу менен ачык, так сүйлөшүп, ага инсан катары мамиле жасап, жакшы иштерин колдоп, байкалбай калган жагын акырын эскертип, жүрүш-турушун байкоого, туура жолго салууга жардам берүү;
- Ыгы жок насаат айтып, окуучу менен кайым айтышып, өтө эле мактап, же өтө эле жамандап, тажатма сөздөн алыс болуу керек.
- Мүмкүн болушунча оң адаттарга, навыктарга адат алдыруу. Албетте терс адаттар болбой койбойт. Бирок ошонун зыяндуу жактарын ачык айтып, инсан катары калыптанганга,

күнүмдүк иш-аракетке, өнүккөн коомго жат көрүнүш экенин бала түшүнгөндөй деңгээлде таасир калтыруу керек.
- Окуучуга аны менен байланыш жасоого чын жүрөгүндөн берилгендигини, ага ата-энесинен кем эмес камкордук көрсөтүүгө далаалаттанып жатканыны айтып, айтуу менен аны өз жүрүм-турумунда көрсөтө алуусу;
- Ар бир окуучусун адилеттүү баалоосу, сыйлоосу, толеранттуу мамиле жасай алуусу;
- Окуучусунун атын атап кайрылуусу, бул болсо окуучудагы класс жетекчиге болгон жакындыкты пайда кылгандай сезим калтырышы менен баалуу.

Мына ушундай эрежелерди билүү, колдонуудан улам окуучунун жан дүйнөсүнө кирүүгө, ага сырдаш болууга, жөлөк болууга, ата-энеси менен, жоро-жолдоштору менен чечилбеген көйгөйлөрүн биригеликте чечүүгө окуучу өзү класс жетекчисине мүмкүндүк жаратат, башкача айтканда жол ачат.

Окуучу жогорку класска көтөрүлгөн сайын мектептен сырткары жагдайлар активдүүрөк таасир бере баштайт. Буга мисал катары А.Е Качиеванын "Өспүрүм куракты тарбиялоодогу класс жетекчинин ролу" деген эмгегинде белгилеген. Анда окуучунун физиологиялык, психологиялык өнүгүү этабында экендиги, чөйрөсүнүн кеңейиши класс жетекчисинин ролун басаңдатпастан, тескерисинче аны татаалдатышы керек. Бул жерде класс жетекчинин идеялы эң бышык, өз алдынча деген окуучулары да ага адам катары муктаждыгын сезе билүүсүндө турарын аныктаган. [48-51 б]

Бирок бул муктаждык, байланыш ар дайым ийгиликтүү боло бербейт. Анын себептери: окуучунун өзү үчүн чечилбеген маселелерге айланган шартта, же класс жетекчи өзүнүн мугалимдик сапаттарын одоно бузган учурда, окуучу менен мамилелешүүнүн жолдорун туура эмес колдонгон учурда, же болбосо класс жетекчиликти оюн тамашага, ал эми окуучунун жүрүм-турумун шаан-шөкөттүү жүрүшкө айландырууга аракеттенген класс жетекчилер да бар. Ал эми буларда жетекчиликтин натыйжасы ийгиликке алып келбеши анык. Бул жерде таасир берүүдө педагогикалык акылмандыктын көп кырларынын бири окуучуну зарыл учурда сүйлөөгө үйрөтүүдө, анын сөзү чечкиндүү болгудай тарбиялоо. Класс жетекчи сөздү өз ордунда колдонууга, билүүгө милдеттүү, ансыз ал жогорку класс окуучулары менен ойдогудай карым-катнаш түзө албайт. Алардын карым-катнашы диалог болууга тийиш. Мугалимдин сөзүнүн диалогдук мүнөзү - сөз окуучуну демдендирип, делебесин гана козгобостон, карама-каршы деп аталган моторду арекетке келтирет. Ал эми карама каршылыктарды чечүү жогорку класс окуучусунун инсанын жогорку деңгээлге көтөрүп, аны жаңы иликтөөлөргө, таанып билүүгө, иш-аракетке кызыктырат. Анткени жогорку класстагылар жалгыз өзү сүйлөй берген жетекчини тыңдашат, бирок аны угушпайт, уккулары келбейт.

Окуучуга сабак берген предметтик мугалимдер кээде өз мамилеси менен алардын инсандыгын эң эле адилет баалadык деп эсептейт, ошол эле учурда алардын дүйнөдө жашап, дүйнөнүн таасирине кабылаарын, алар дүйнө менен диалогиялык мамиледе болоорун эстен чыгарып коюшат. Мындай абалды болдурбоо үчүн класс жетекчи өзүнүн окуучусуна жасаган мамилесинде окуучусунун инсандыгына граждан катары эң жогорку принципиалдуу чекте мамиле кылуусун, окуучуларымдын, тарбиялануучуларымдын бири да жаман болууга, боло бербесе андан да айласыз жаман болууга тийиш эмес деген ишеними менен айкалыштыруу керек.

Окуучуларына жалпы эле таасир көрсөтүү, тарбиялоо иши класс жетекчинин алдына бир кыйла кыйынчылыктарды коет. Себеби: ошондогу көрүнүштөрдүн кайсыл бири жаштын өсүшү менен жетекчинин кийлигишүүсүз өз ордунда болоорун ажыратуу кыйын. Бул жерде көпчүлүк класс жетекчинин бир тайкы кемчилдиги окуучуларды бардык жагынан өздөрүнө, токтолуп калган чоң кишилерге окшош болуусун каалашат, жана бул ишке ашпай турган, ал эми кай бирде зыяндуу келген максатка жетишүү үчүн эбегейсиз зор күч жумшашат. Класс жетекчи классындагы ар бир окуучунун өзүнө жараша таасир көрсөтүү тарбия жараянын

уюштуруу максатка ылайыктуу. _Демек класс жетекчи өз окуучусу жөнүндө эмне билүү керек?_ деген суроо туулат.

Биринчи кезекте анын ден-соолугу жөнүндө толук билиши шарт. Мына ошондо гана ал окуучусуна ошол курак үчүн залалдуу болгон ашыкча дене, психикалык, эмоциялык жүктөн арылууга жардам бере алат. Андан сырткары өз окуучусунун өткөндөгүсүн, ал кандай жеңиштер жана өксүктөр менен келгенин да билүү зарыл болоор эле. Дагы бир татаал жагы анын өз кадырын билүүсүнүн денгээлин, анын ар түрдүү параметрлер менен өзүнө баа берүүсүн, ал өзү үчүн кайсы проблемаларды башкы, кайсыларын чечилген, кайсылары чечиле элек деп эсептей тургандыгын билүү зарылдыгы келип чыгып олтурат. Ансыз таасир берүү татаал иш. Алардын класс жетекчиси менен карым-катнашынын негизги мааниси алардан тигил же бул маалыматты алууда гана эмес, эң башкысы аларды толкундаткан жана маанилүү ички сыры катары толгонткон нерселерди түшүнүүдө, жетекчиден жардам табуу мүмкүндүгү. Курбалдаштары менен карым-катнаштын маанилүү экендигине карабастан, жадагалса өтө эле жакын досуна караганда, мээримдүү, ишенимдүү мамиледеги ата-энесине караганда, тийиштүү айрым проблемасын класс жетекчиси менен чечүүсү, талкуулоосу жеңил сезилчү, анын алдында айтуу оңоюраак келет. Мына ушундай шарттагы эң маанилүү учур – бул окуучунун өзүн-өзү, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн, инсандык жана жекече сапаттарын аңдап билүүдөгү класс жетекчинин жардамын эсептөөгө болот.

Психологдор адамдарды эки чоң топко бөлүп карашкан, интроветтер жана экстроветтер. Эми тигилер да булар да жардамга муктаж болушат. Класс жетекчи интровет окуучусуна – өзүн-өзү талдоого, өзүн-өзү баалоону түзөтүүдө, көп учурда туш келүүчү туюктардан чыгууга жардам берсе, ал эми экстровет окуучусуна тез-тез өзүн-өзү талдоого, өзүн аңдап билүүгө түрткү берүү зарыл.

Класс окуучуларын мындай вариантта бөлүп карап талдасак болот.:

1. Турмушту пландаштыруу, өзүнүн келечегинде да иш-аракетке багыт алышкандар бар.
2. Турмушту оюндан чыгарып алгандар башкача айтканда өздөрүн көбүнчө фантазияда жана эңсөөлөрдө ишке ашырышкандар да бар.
3. Жашоодогу бардык керектүү нерселерге баш оту менен киргендер бар. Булар ар түрдүү мүнөздөгү жардамга муктаж болушат. Эгерде биринчилерине дүйнөнү көбүрөөк сезимталдуу көрө билүүгө жардам берүү зарыл болсо, экинчилерине тескерисинче дүйнөдөгү өзүнүн нагыз ордун бир кыйла көрө билүү, үчүнчүлөрүнө турмуштук болочогун аныктай билүүгө жана анын бүгүнкү турмушунда жол табууга жардам берүү зарылдыгы келип чыгат. Ушуга байланыштуу жетекчи үчүн «адамдын калыптанышы» категориясы менен окуучусунун инсандык сапатын өзүн аныктоочу таасир берүү ушул учурда гана чыны менен таасирдүү болуп чыгат.

Кээ бир улан-кыздар өздөрүнүн теңтуштарынын алдында, коллективде ордун табууга аракеттенип өз алдынчалыгын, «оригиналдуулугун» көрсөтүшүп, оройлук кылышат. Же чачын өзгөчөлөп тароого, обу жок боенууга, жарашыксыз дайны жок кийинүүгө аракеттенишет. Муну жогорку класс окуучуларында эстетикалык шыкты жана маданий жүрүш турушка тарбияланганда эске алуу керек. Жогорку класстарда да окуучулардын эрежесин аткарууга жетишүү керектигин тез-тез эскертип туруу керек.

Ошондой болсо да бүгүнкү күндө окуучулар үчүн ар тараптуу таасир берүү менен тарбиялап, баарын чечип коюуга болбойт. А бирок алар өзү үчүн өздөрү баарын чече алышпайт. Бул жерде таасир берүүнүн эң кылдат айла амалдарынын бири окуучунун келечегин алар менен биргеликте чечүүгө класс жетекчи өзүнө мүмкүнчүлүк жаратып, алардын өзүн инсан катары баамдап түшүнүүсүндө таасир берүү, жардам берүү. Ар бир уланга же кызга өз чыгармачылык индивидуалдуулугун өнүктүрүүсүнө жардам берүү.

ЖОЖдун педагогикалык адистиктеринде окуган студенттер мектепте ишмердүүлүк процессинде предметтик мугалим болуу менен бирге класс жетекчи болуу укугуна да ээ. Бул мектеп ишиндеги оор милдеттердин бири. Өлкөдө болочоктогу мугалимдерге класс

жетекчилик, аны аркалоонун эреже жоболору, тартиби, салттуу формасы менен тааныштыруу, класс жетекчиликке даярдоо зарылдыгы туулат. Мектепте эле эмес, педагогикалык адистиктерди даярдап жаткан жогорку окуу жайларында да класс жетекчиликке тиешелүү кыргыз тилиндеги окуу адабияттары, методикалык колдонмолор аз. Азыркы мектепте бул милдетти аткарган мугалимдерге психологиялык, методикалык, материалдык жардам керек.

Жыйынтыгында мектеп шартында окуучунун инсандык сапаттарын калыптандыруудагы субьект класс жетекчи экендигине толук ынандык.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акматов К., Муратов А. Мектептин тарбиялык сабактары. 1-11-класстын класс жетекчилери үчүн колдонмо 2019-ж.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. [текст] Бишкек “Бийиктик” 2011
3. Болдырев Н.И. Методика работы классного руководителя М., 1984
4. Джумабаева Г.А., Карагозуева Г.Ж., Воронина И.И., Егиналиева А.С., Шабданова Т.Т., Жалпы билим берүүчү мектептердеги 9-11-класстын класс жетекчилери үчүн колдонмо Б – 2015 ж.
5. Классное руководство: новый взгляд на практику воспитания школьников /Авт-сост. Ю.Н.Таран М.В. Солодкова.-Волгоград.: 2010.-223 с.
6. Качиева, А.Е. О роли классного руководителя в воспитании подрастающего поколения [Текст] /А.Е.Качиева // Вестник БГУ имени К.Карасаева. Бишкек, -2012. - №2 (22). С. 48-51


**Интернет булактары:**


1. Ош шаары, “Креатив” билим берүү комплекси, www/tarbia/kg ,
2. @kitep.kg_books КИТЕП.kg Класс жетекчилер үчүн эң мыкты усулдук колдонмо.
3. http://tarbia.kg Класс жетекчинин кызматтык нускамасы. 2-бет


* * *

**УДК 81-11**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ ОКУУ КИТЕПТЕРИНДЕГИ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИ (кыргыз мектептеринин мисалында)

***Касымжан кызы Н. - Пмаг-1-21 тайпасынын магистранты***
***Ураимов К.М. - п.и.к., доцент***

***Аннотация:*** *Бул макалада башталгыч класстардын кыргыз тили окуу китептериндеги окуу материалдарына жана тексттерге талдоо жүргүзүлгөн, өндүрүшкө сунушталган окуу китептери салыштырылып изилдөөгө алынган. Андагы тексттер терең талданган. Алардын ар бирине теоретикалык жактан иликтөө болгондугун белгилөөгө болот. Окуу программасына ылайык чейректер боюнча тексттердин берилиши, алардын окуу куралында жайгаштырылышы, көлөмү жана мазмуну жагынан окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келиши, психологиялык аспектилердин негизинде каралган. Ошол эле учурда окуучулардын кебин өстүрүүнүн текстке байланыштуу иш-аракеттери үйрөнүлүп чыгылды, сөз өстүрүүгө карата жазуу иштеринин, анын ичинде грамматикалык көнүгүүлөр жана дилбаян үчүн жазуу жумуштарынын чейректер боюнча бөлүштүрүлүшү изилденген. Окуу куралындагы сөз өстүрүүгө карата берилген тексттердин ар бир чейрек боюнча канча сааттан бөлүштүрүлүшү аныкталган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргыз тили окуу китептери, көнүгүүлөр, тексттер, тапшырмалар, суроолор.*

# ПРОБЛЕМЫ РАБОТЫ С ТЕКСТАМИ В УЧЕБНИКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА ДЛЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ (на примере кыргызских школ)

***Касымжан к. Н. - магисрант группы Пмаг-1-21***
***Ураимов К.М. - п.и.к., доцент***

***Аннотация:*** *В данной статье были проанализированы учебные материалы и тексты в учебниках кыргызского языка начальных классов, а также проведено сравнение и изучение предлагаемых к производству учебников. Тексты тщательно проанализированы. Можно отметить, что каждый из них имел теоретическое исследование. В соответствии с учебным планом учитываются обеспеченность текстами по четвертям, их размещение в учебнике, соответствие возрастным особенностям учащихся по объему и содержанию, психологические аспекты. При этом изучалась текстовая деятельность по развитию словарного запаса учащихся, а также изучалось распределение письменных заданий на словообразование, включающих грамматические упражнения и письменные задания для сочинений, по четвертям. Было определено, сколько часов текстов, предусмотренных для развития словарного запаса в учебнике, было распределено в каждой четверти.*

***Ключевые слова:*** *Учебники кыргызского языка, упражнения, тексты, задания, вопросы*

# PROBLEMS OF WORK WITH TEXTS IN TEXTBOOKS OF THE KYRGYZ LANGUAGE FOR PRIMARY SCHOOL (on the example of Kyrgyz schools)

***Kasymzhan k. N.- graduate undergraduate of the group Pmag-1-21***
***Uraimov K.M. - Ph.D., Associate Professor***

***Annotation*** *In this article, educational materials and texts in the textbooks of the Kyrgyz language of elementary grades were analyzed, as well as a comparison and study of textbooks proposed for production. The texts are carefully analyzed. It can be noted that each of them had a theoretical study. In accordance with the curriculum, the availability of texts for quarters, their placement in the textbook, compliance with the age characteristics of students in terms of volume and content, and psychological aspects are taken into account. At the same time, textual activity was studied to develop the vocabulary of students, as well as the distribution of written tasks for word formation, including grammar exercises and written tasks for essays, by quarters was studied. It was determined how many hours of texts provided for the development of vocabulary in the textbook were distributed in each quarter.*

***Keywords:*** *Textbooks of the Kyrgyz language, exercises, texts, assignments, questions*

Кийинки мезгилдерде башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу процесси жолго коюла баштады. Бул анын заманбап технологиялар агылып келип, тез эле окуу жараянына кирип келгендигинен байкалат. Башка предметтер сыяктуу эле эне тилине да талап бүгүн башкача коюла баштаган. Мына ошондой талаптардан улам окуу куралдары да атаандаштык түрдө өндүрүшкө сунушталып отурат. Андай окуу китептеринин өндүрүштө орду кандай? Аны мугалимдер, ата-энелер, окуучулар кандай кабыл алып жатышат? Ушул сыяктуу суроолорго жооп издөөгө аракет кылдык. Ошондой атаандаштык менен чыккан китептердеги материалдардын анын ичинен тексттердин берилишине саресеп салып карап чыгууну туура таптык. Алгач учурда окуу үчүн сунушталган окуу китептерине талдоо жүргүздүк.

Бул китеп башталгыч жана орто мектептердин 2–классынын окуучуларына арналган. Окуу китеби азыркы учурдагы сунушталган программалардын негизинде түзүлүп, окуучулардын билим алуусуна тийиштүү жаңы ыкмалар менен жабдылган. Текст үчүн чыгармалардан үзүндүлөр кенже мектеп жашындагы балдардын ой жүгүртүүсүнө жана дүйнө таанымына жараша тандалган. Китептин мазмуну 4 чейрекке бөлүнүп, ар бир чейректе аткарылуучу иштердин сааттары темалары менен берилген. [2. 5,7].

Китептин биринчи эле бетинде “Менин-айлана чөйрөм” деген теманы байкоого болот. Мында окуучулар өздөрүн курчап турган айлана-чөйрө жөнүндөгү сүрөттү пайдаланышып кыскача ангемелешүү өткөрүшөт. Каникулда кандай эс алдынар? Ким каникулду кайсыл жакта өткөрдү? Мектепке даярдыктар кандай болду? Жайкы эс алууда кандай китептерди окудуңар? деген суроолорду берүү аркылуу мугалим окуучулар менен баарлашат.

Кийинки катарда «Таранчы тиккен алча» деген угуу текстти берилген. Мугалим интерактивдүү усулдарды пайдаланып окуучуларга текстти уктурат. Окуучулар уккан тексти боюнча талкууларды жүргүзүшөт. Угуу кабыл алуу көндүмдөрүнүн ичинен эң пассивдүүлүгүнө карабай, мындай угуу текстинин берилиши абдан маанилүү, анткени ал окуучулардын сүйлөө кебин өнүктүрүүгө жакшы өбөлгө боло алат. Эгерде мугалим окуучулар менен текст үстүндө иштөөдө төмөндөгүдөй принциптерге таянып иш жүргүзсө жакшы натыйжаларга жетише алат:

- Текстти толук окууда, убакыт ашыкча сарпталат. Ошондуктан көлөмүн азайтуу, же бир абзацты эле окуу керек.
- Бардык окуучуларга сөзсүз үч жолудан кем эмес окутуу керек. Биринчиси окуганда шарттуу; экинчиси машыгуу (көнүгүү); үчүнчүсү текшерүү, көзөмөлдөө(контролдоо). же, акыркы окуганын жаздырып ОТКнын жардамында окуучунун өзүнө угузса да натыйжалуу болот.
- Текстти көркөм, басымды туура коюп окуу.
- ОТКга жаздырып, анын негизинде жеке же жалпы түрдө бирге кайталатуу [5. 28].

**1 – сабак.**

1-сабак кайталоо сабагы менен башталат. Тема: 1-класста өтүлгөндөрдү кайталоо. Мында окуучулар менен өз ара аңгемелешүү процесси жүрөт. Окуучулар биринчи класста өтүлгөн темаларды кайталашып, унутуп бараткан материалдарды кайра эстөө мүмкүнчүлүгүн алышат. Бул сабакта сөз өстүрүүгө карата “Тайенемдин майрамы” деген текст берилген. Аны чыгармачылык чынжырча ыкмасын пайдаланып иштөө абдан жакшы натыйжа берет. Анткени андагы кызыктуу сюжет окуучулардын чыгармачылык менен иштөөсүнө түрткү берери талашсыз. Окуу китебинде берилгендей көнүгүүлө төмөнкү тартипте ишке ашырылат:

1- көнүгүү. Окуучулар текстин окуп, сюжети менен таанышып чыгышып, окуя болгон жерди, каармандар жөнүндө айтып беришет. Китепте негизинен женилден татаалга карай деген принцип жетекчиликке алынган.

2- көнүгүү биринчи көнүгүүгө караганда татаалыраак берилген. Биринчи көнүгүүдө жөн эле текстти окуп чыгышса экинчиде текстке карата берилген суроолорго жооп жазышат.

3- көгүгүүдө болсо, текстке байланышкан сүрөттөргө карап сүйлөмдөрдү түзүшөт. Үй тапшырмасына 4 – көнүгүү берилген. Бул көнүгүүдө окуучулардын өзү, бир туугандары, үй-бүлөсү жөнүндө суроо мугалим үчүн кыйын. Анын баарын угуп олтурууга анын убактысы жок. А бул тапшырманын негизинде, окуучулар жөнүндө жалпы маалымат алсак болот.

Тамгалар жана алардын жазылыштары деген тема бар. Бул темада окуучулар тамгалардын жазылыштарын үйрөнүшөт. Кыргыз тили китеби, бир эле кыргыз тилин же сөз байлыгын гана өнүктүрүү үчүн эмес, текст аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр менен да таанышып, үйрөнүүгө болот. Бул тема 25 – сабакта каралган.

***1 – чейректин*** акырында окуучулардын дил баян жазып калуусу күтүлөт. Себеби дилбаян үчүн атайын бир саат бөлүнгөн. Окуучулар өтө көлөмдүү болбосо да, үч, төрт сүйлөмдөн турган чакан дилбаяндарды жазышат. Биринчи чейректин акырында текст менен иштөө деген темага бир саат берилген. Мында окуучулар текст менен иштешет. Женилден татаалга карай деген принцип, темалардын чейректик бөлүнүштөрүндө да каралган.

***2–чейректин*** биринчи күнүндө эле «Кыргыз алфавити” жана “Тамгалардын жазылышы” деген теманы өтүшөт. Бул темада окуучулар ар бир тамганын аталышын үйрөнүшөт. Бул чейректе да окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу тексттер берилген.

Окуучулар тексттер менен таанышышып кенири иш алып барышат. Ар бир окуучу өзүнүн ата – бабасы жөнүндө билүүгө тийиш. Кыргыз элинин тарыхы, кыргыздар же өзүбүздүн ата – бабабыз кайдан жаралган? деген суроо ар бир окуучунун жүрөгүнүн тереңинде катылган болушу шарт. Бул суроого жооп иретинде биз Манас үчилтиги жөнүндө маалымат ала алабыз. Манас жөнүндө бул китепте аз эле текст берилген. Бирок анын ар бир сөзүнүн, ар бир абзацсында өтө чон тарых камтылган. Бул теманы ким кызыгып, түшүнүп окуса гана жан дүйнөсүндөгү суроого жооп ала алат. Бул теманы жаш бөбөктөргө сунуштоо менен автор окуучулардын өзүнүн элинин тарыхына болгон кызыгуусун арттыруу, аны көздүн карегиндей кастарлап, ардактоого, даңазалоого багыттайт. Бир эле кызыгуусун ойготпой, Манасчылык өнөрүнүн андан ары өсүп-өнүгүүсүнө да шарт түзүлөт. Окуучулар бири–биринин өнорүн байкоо мүмкүнчүлүгү каралган. Автор бир эле Манасты беруу менен чектелбеген. Айт – айт десе Чынгызды айт демекчи, элибиздин залкар жазуучусу Чынгыз Айтматов жөнүндө да, көптөгөн маалыматтарды жазып кеткен. Бул тексте окуучулар жазуучунун өмүр жолу, жазуучулук өнөрү, бала чагы жөнүндө да маалыматтарга ээ болушат.

***3 – чейрек.*** Биринчи тема «Заттын атын билдирген сөздөр» деген тема берилген. Бизди курчап турган нерселердин бардыгы зат болот. Заттын атын билдирген сөздөр Ким? Эмне? Кимдер? Эмнелер? деген суроолорго жооп берет деп аныктама берилген. Темага байланштуу көптөгөн тапшырмалар берилген. Мисалы: Текстен заттын атын билдирген сөздөрдү тап, алардын астын сыз, же сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Китептин 48-бетинде Жандырмагы сүрөттө деген текст берилген. Окуучулар текстти өз алдынча окуп чыгып, дептерлерине көчүрүп жазышып, табышмактын жандырмагын табышат. 1 – көнүгүүдө. Текстин жандырмагын таап, жандырмактардын сүрөттөрүн тартышат. 3 – көнүгүүдө окуучулар өз алдынча крассвордду толтурушат. Ар бир текстте, көнүгүүлөрдө тапшырмалар камтылган. Бул темадагы көнүгүүлор өз алдынча аткаруу үчүн берилген. Ошондой эле күн тартиби менен иштейбиз. Ар бир окуучу өзүнүн күн тартиби жөнүндө айтып беришет. Мында мугалим үчүн окуучулары жөнүндө көп нерселерди билип алуу жөндомдүүлүгү түзүлөт. Себеби мугалимдин өзүнүн иши көп. Кайсыл окуучу канчада турат? Кайсыл убакта сабак карайт? Анын сабак кароого убактысы болобу? Ата – энеси менен биргеликте кандай жумуштарды аткарат? Бош убактысында эмне менен алек болот? Кандай ийримдерге катышат? деген сыяктуу толгон токой суроолорго окуучунун күн тартибине көз жүгүртүү аркылуу жооп ала алат. Күн тартиптерин көрүп чыккан соң окуучулары жөнүндө бир топ кеңири маалыматтарга ээ болот жана аларга кандай мамиле жасоо керек экендигин билет. Бардык эле окуучулардын бош убактысы боло бербейт. Аларга кошумча убакыт болуп, үй тапшырмасын мектепте аткарууга шарт түзүп берет.

***4–чейрек***. Бул чейректе «Сүйлөмдүн ээси» деген тема берилген. Мында окуучулар Ээ деген эмне? Ал кандай суроолорго жооп берерин билишет. Тексттен сүйлөмдөрдүн ээсин табышып, астын сыза алышат. «Тамактануу адеби» деген текст берилген. Бул тексттен окуучулар тамактануу алдында жана тамактангандан соң кандай иш-аракеттерди аткаруу зарыл экендиги билип, үйрөнүшөт. Тамактануу учурунда өзүн кантип алып олтуруу жөнүндө, тамакты ким биринчи ооз тиери жөнүндө билишет. [1. 22-34].

1 – чейректе. 4 жат жазуу, 1 дилбаян, 1 текст менен иштөө жумуштары каралган.

2 – чейректе. 3 жат жазуу, 1 текст менен иштөө берилген.

3 – чейректе. 5 жат жазуу, 1 дилбаян, 1 текст менен иштөө жумушу белгиленген.

4 – чейректе. 4 жат жазуу, 1 дилбаян, 1 текст менен иштөө сабактары сунушталган. [3. 5,11].

Жалпысынан окуучулар бир жыл ичинде 16 жат жазуу, 3 дилбаян, 4 текст менен иштөө жумуштарын жүргүзүшөт. Булардын баары жазуу жумуштарына карата берилген тапшырмалар. Окуучулар бул иштерди аткаруу менен жазуу жана оозеки кебин, сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрө алышат.

Жыйынтыктап айтканда башталгыч класстар үчүн басмадан чыгып жаткан кыргыз тили окуулуктары жылдан жылга толукталып, сапаты жагынан жакшыланып бара жатканын байкоого болот. Айрыкча баса белгилеп кете турган нерсе, биз талдоого алган А.

Акунованын 2-класстар үчүн Кыргыз тили окуу китебиндеги интерактивдүү элементтерди жана окутуунун, текст менен иштөөнүн жаңыча технологияларынын камтылгандыгын баса белгилеп кеткибиз келет. Ошентсе да, келечекте андан ары заман талабына жараша изилдөө талаптары турат.

**Адабияттар:**


1. Б.А. Абдухамидова, С.К. Рысбаев Адеп. - Б., “Бийиктик”, 2002-ж.
2. Акунова А., ж.б. Кыргыз тили. 2-класстар үчүн. –Б.: “Бийиктик”, 2012, - 211б.
3. Башталгыч класстардын программасы. –Б.: “Учкун”, 2011, - 121б.
4. Коджаспирова Г. М**.** Педагогика в схемах, таблицах и опорных конспектах [Текст]/Г.М.Коджаспирова −М., 2006.−228 б.
5. Мусаева В.И. Текст менен иштөөнүн технологиялары. –Б.: “Аки-Пресс”, 2011, -187б.


*          *          *

**УДК 37.018.12**

## АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА ЖОМОКТОР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

***Кенешова Нурзат - Ош шаары,***
***№ 17 Ю.Гагарин атындагы мектеп***
***гимназиясынын англис тили мугалими.***

***Аннотация:*** *Бул макалада англи тилди окутуу менен элдик жомокторду пайдаланып, окуучулардын этномаданий компетентүүлүгүн калыптандырууга болооруна ынандык. Англис тилин кайсы куракта үйрөтүү натыйжалуу болот деген суроого изилдөөчүлөр туура жоопторду сунушташкан. Демек башталгыч класста элдик жомокторду пайдалануу жана турмушка байланыштыруунун өзгөчө мааниси бар. Конкретүү мисалдар менен тастыкталды. Мектеп мугалимдерине, педагогикалык багытта билим алып жаткан студенттерге сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *Коммуникативдик компетенция , окуучулар, жомок,жазуу иштери, гармония.*

## ФОРМИРОВАНИЕ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА ЧЕРЕЗ УСТНОЕ НАРОДНОЕ ТВОРЧЕСТВО

***Кенешова Нурзат - г.Ош, учитель английского***
***языка школы-гимназии №17 имени Ю.Гагарина.***

***Аннотация:*** *В данной статье мы убеждаемся в возможности формирования этнокультурной компетентности учащихся путем использования народных сказок при обучении английскому языку. Исследователи предложили правильные ответы на вопрос, в каком возрасте наиболее эффективно обучать английскому языку. Поэтому особое значение имеет использование народных сказок в начальной школе и их связь с жизнью. Подтверждено конкретными примерами. Рекомендуется школьным учителям и студентам, обучающимся по педагогическому направлению.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, образование, ребенок, роль, социум.*

## ESTABLISHING STUDENTS' ETHNOCULTURAL COMPETENCE THROUGH FAIRY TALES IN ENGLISH LANGUAGE TEACHING

***Keneshova Nurzat - Osh, teacher of English language***
***school-gymnasium No. 17 named after Yu. Gagarina.***

***Abstract:*** *In this article, we are convinced that it is possible to form ethnocultural competence of students by using folk tales while teaching English. Researchers have suggested*

*correct answers to the question of what age is the most effective way to teach English. Therefore, the use of fairy tales in elementary school and their connection to life is of particular importance. Confirmed with concrete examples. It is recommended for school teachers and students studying in the pedagogical field.*

***Key words:** upbringing, education, child, role, society.*

Азыркы замандын талабына ылайык англис тилине болгон кызыгуу да, ага болгон суроо-талаптар дагы күн санап жогорулап жатканын баарыбыз билгилүү. Дүйнө өлкөлөрүнүн бир канча илимпоздору, ар түрдүү тармактардагы окумуштуулары, тажрыйбалуу педагогдору, илимий-усулдук жана башка практикалык түрдөгү изилдөө иштерин жүргүзүп келишүүдө.

Башталгыч класстарда англис тилин окутуунун маанисине токтоло турган болсок, ар бир өлкөдө ар түрдүү педагогикалык ойлор айтылып келет, негизинен изденүүлөр менен практикалык иштердин жыйынтыктары илимий адабияттарда болсун, окуу-усулдук багытта болсун ар кандай пикирдеги макалалардан тартып, ири окуу китептерине чейин жазылып басмадан жарык көрүп келе жатат.

Башталгыч класстарда англис тилин окутууну жана анын максатына, милдетине жана мазмунуна карап, талдап алсак болот. Максатына карай талдоо жүргүзүүдө ***англис тилин кайсы жаш курактан тартып үйрөтүүгө болот?***-деген суроодон баштасак болот.Англис тилин окутууда балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карап ар түрдүү ыкмаларды колдонсок болот. Мисалга 3-4 класстын окуучуларына күнүмдүк турмушта колдонулуп келген буюмдардын аттары ошондой эле жомокторду пайдалансак болот.

Бүгүнкү коомдун зарыл муктаждыктарына жооп берүүчү билим берүү процессинин максаттарына жетүү үчүн мугалимдерге жаңы талаптар коюлууда. Ушуга байланыштуу билим берүү стандарттарында жана чет тилин окутуунун усулдарына тиешелүү көптөгөн өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилүүдө.Негизги мааниси балдарга ар тараптан тарбия берүү менен өнүктүрүүнүн компетенттик, чыгармачылык талаптарын шайкеш келтирүүгө багытталган.

Чет тилинин окутуунун максаты – окуучулардын коммуникативдик, баарлашуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат.

**Коммуникативдик компетенция** дегенибиз – чет тилине интегративдүү окутуу, мында окутуунун максаты – тилди алып жүрүүчүлөр (носитель) менен стандарттын чегинде чет элдик карым–катнаш, маданият аралык баарлашууга даяр болуу болуп саналат.

Чет тили мугалимдери окуучуларга англис тилин үйрөтүүдө жомокторго,ырларга жана ошондой эле макалдарды колдонсок болот. Окутуунун мазмунун аныктоодо негизги көңүл окуучулардын ***этномаданий билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө*** коюлуусу керек.

*Англис тилин үйрөнүү жеңилби же оорбу?* деген сурого жооп берүү үчүн, ал тилди үйрөнүүнүн жана үйрөтүүнүн ыкмаларына көңүл буруу зарыл. Себеби, окутуунун ыкмалары абдан көп, ал эми адамдардын каалоосу ар кандай, ар түрдүүчө эмеспи. Ошондуктан жалпыга абдан ыңгайлуу жолдорун издеш зарыл. Ошондо гана алдыга коюлган максатка иш жүзүнө ашат. Англис тилин үйрөнүүдө сөз байлыктарды сөз жатоодон баштоо керек, башкача айтканда күн сайын же ар бир сабакта жаш өзгөчөлүгүнө карай жаңы сөздөрдү өздөштүрүүгө көнүгүү керек.

Англис тилинин грамматикасын үйрөтүүдө жөнөкөйдөн татаалга карап үйрөтүү зарыл. Анткени, грамматика аркылуу туура сүйлөөгө көнүгүүгө болот. С. Рысбаев: адеп-ыйманга, үлгүү журум- турумга тарбиялоо багытындагы макал-ылакаптар; элдик нарк-насилге, намыстуу болууга үндөгөн макал-ылакаптар белгилеген., демек, кыргыз макал-ылакаптарынын башкы максаты – инсандын сапаттарын ар тараптуу калыптандыруу экендиги көрүнөт. [4.64 ]

Англис тилин үйрөтүүдө ырларды, табышмактарды, жаңылмачтарды, макал-лакаптарды ошондой эле жомокторду пайдалануу абдан пайдалуу жана кызыктуу болот. Бул англис тилин үйрөтүүгө кызыктыруунун негизги куралы болуп саналат.

*Англис тилинде* жазуу иштери да (доскада, дептерде, компьтерде) англис тилин үйрөнүүдө эң маанилүү этап катары эсептелет жана ал өздөштүрүлгөн сөздөрдү жана сөз айкаштарын эске сактоого жардам берет. Англис тилинде баарлашуу (сүйлөшүү) аркылуу үйрөнүү абдан пайдалуу жана ыңгайлуу экендигин практикада билип жүрөбүз. Күн сайын сабакта диалогдук кепти пайдалануу менен сүйлөшүүнүн негизин түзүп алуу керек. Мында достордун, үй-бүлө мүчөлөрүнүн жардамы да зор мааниге ээ экендиги талашсыз.

Англис тилин үйрөнүүгө да, үйрөтүүгө да абдан жеңил, ыңгайлуу ыкмаларды тандап алуу абзел. Мында азыркы учурдагы заманбап интерактивдүү усулдарды пайдалануу бүгүнкү окутуу жана тарбиялоо жараянындагы (процессиндеги) эң бир натыйжалуу иш-аракет катары бааланып келет жана практикада анын жемиши күн сайын даана көрүнүп турат. ***А***нлглис тилин үйрөнүүгө эң биринчиден каалоо керек.Мында англис тилин үйрөнүүгө кызыктыруу жолун ким эң жакшы өздөштүргөн болсо, башкача айтканда, чыгармачылык, изденүүчүлүк жана көрсөтмөлүүлүк менен иш алып барган болсо, эң жакшы натыйжаларга жетүүгө болот. А.С.Макаренко “Балдарды коллективде, коллектив аркылуу жана коллектив үчүн тарбиялоо керек” - деген.

Бул идея жомоктун негизги мазмунун берип турат.Кыргыз фольклоруна слыштырсак “Ырыс алды ынтынмак”деген макалдын мазмунун берет.

Англис тилин үйрөнүү бүгүнкү күндө бир жагынан татаал көрүнгөнү менен, экинчи жагынан жеңил, ыңгайлуу жана натыйжалуу жолдору абдан көп. Ошондой эле биз бир канча жолдорун карасак болот.

Мисалы: **“Каз ойлоп тапкан достук ыры”**

Бул жомоктун негизги мазмуну жаныбарлардын ынтымактыгы болуп саналат.Жаныбарлар ынтымактуулук менен каз үйрөткөн ырды ырдап калышат. Бул ырдын негизги мазмуну мындай маанини билдирет:

Ар түрдүүбүз ,ар кылбыз,
Канаттуубуз , түктүүбүз-
Баарыбыз тең көрктүүбүз!
Ар ким ырдайт өз ырын,
Короонун сактап ырысын!

**Friendship song of the goose**

The animals on the farm were cheerfully busy. Everyone had babies in their nests and barns.There were almost the same cries heard everywhere: “DRINK and FOOD!”

Their parents were joined together by common concern.They treated each other kindly.

“What sweets kids!” admired the sheep when she saw with skipping goats.

“ What soft coats your lambs have ,-exclaimed the Goat”.

“Look at my kittens!”purred the Cat,licking her kittens one by one.

“And my puppies are also sweet!”the Dog barked proudly.

The cow was feeding the calf.

She said, “MOO! How lovely he is!”

There was peace and friendship on the farm.

As soon as strangers appeared here ,the Goose starts cacling .The Dog ran out and fought back everyone who prevented them from living in peace and raising their babies.

So the babies grew up on this happy farm.

Now it was difficult to keep them in their homes.

When they met each other ,they started playing tag.Everything was going well.

But trouble started as soon as they learned to talk!

The puppy starts yelping loudly:

“I will teach you dogs languages!” he barked.

"NO!,everyone should learn cats language"-mewed the kittens.
The calf wailed : "MOO! MOO!"
There were so many different noises on the farm !The clucking of fifteen chicks was the loudest.There was commotion on the farm.
What a mess! The kid was butting the lamb .
Chicks were trying ti peck at the puppy.
And the puppy was chasing the kittens .
The calf was wailing:MOO,MOO!
When Goose saw the young ones fighting because of the different noises ,she honked loudly: "H-O-N-K! H O N K!"
The young animals stopped instantly and looked at the Goose.
Goose called the goslings:
"Ga-Ga-Ga",She ordered the goslings to honk.
All the animals watched and listened.
Then the kittens were allowed to mew:
-mew, mew,mew!
Everyone listened.
Then the Goose nodded to the puppy:
Bow-wow!bow-wow !
Then the lamb also sang:
M-a-a-a! M-a-a-a!
The kid too went:-B-l-e-a-t! B-l-e-a-t!!
The chorus was ended by the calf:
-Moo-Moo-Moo,
My mother will give some milk to you!
All the animals looked at the Goose.
She taught the young ones a song:
Why ,if we are different,
Curly,furry and feathery,
We are all beautiful!
We sing our songs ,
We share our food,
And in friendship live on the farm!
All the animals joined in the singing.
The young ones had not noticed that their
Parents were watching the concert .
Everyone stamped their feet on the ground and danced.
A kind cow gave milk to all the young ones.
The parents thanked the wise Goose while the young ones enjoyed feasting on the milk.
The animals on the farm became cheerfully busy again.
Жомоктун тарбиялык мааниси бир короодо жашаган жаныбарлар , алардын балдары жөнүндө сөз болуп жатат.Кыйыр мааниси бир көчөдө жашаган балдардын жошоо турмушу чагылдырылууда. Ынтымактуу жашап бир үй –бүлөдөгүлөр жашоонун гармониясына келгендиги баяндалат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бек Жылдыз, Рахим Карим Бишкек 2011
2. "Ангилис тили" окуу китеби 4-класс
3. А.С.Макаренко "О воститании" 2004-2005
4. Рысбаев С., Кыргыздын улуттук баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү.Б:2021.-112б


* * *

**УДК: 372.210 (575.2)**

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨРКҮНДӨТҮҮДӨ К.САРТБАЕВДИН ИННОВАЦИЯЛЫК АРАКЕТТЕРИ

***Култаева У.Б. - филология илимдеринин доктору, Үмүт Култаеванын “Тил билги” автордук жогорку мектебинин незиздөөчүсү***

***Аннотация:*** *Макалада К.Сартбаевдин XX кылымдын 70-80-жылдарындагы мурунку жалпы союздук масштабда билим берүүнү реформалоо мезгилиндеги педагогика-методикалык жана уюштурууучулук ишмердүүлүгү, башталгыч билим берүүнү өркүндөтүү багытындагы инновациялык аракеттери талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *инновация, эксперимент, тажрыйба алмашуу, билим берүүнү реформалоо, башталгыч билим берүүнү өркүндөтүү, эксперименттик материлдардын анализи, окуу программаларды жана окуу китептерин талдоого алуу.*

# ИННОВАЦИОННЫЕ ДЕЙСТВИЯ К.САРТБАЕВА В УСОВЕРШЕНСТВОВАНИИ НАЧАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЕ

***Култаева У.Б. - филологические науки Кандидат технических наук, Умут Култаева "Знай язык", Координатор авторской средней школы***

***Аннотация:*** *В статье анализируется педагогико-методические, организаторские деятельности и инновационные действия К.Сартбаева в 70-80гг. XX века в усовершенствовании начального образование, во время реформирования образование в всесоюзном масштабе.*

***Ключевые слова:*** *инновация, эксперимент, обмен опытом, реформирование образования, усовершенствование начального образования, анализ экспериментальных материалов, анализ учебных программ и учебников.*

# INNOVATIVE ACTIONS OF K. SARTBAYEV IN IMPROVING PRIMARY EDUCATION

***Kultaeva U.B. - philological sciences Candidate of Technical Sciences, Umut Kultaeva "Know the language" Author's High School Coordinator***

***Annotation:*** *The article analyzes the pedagogical, methodical, organizing activities and innovative actions of K. Sartbayev in the 70-80`s of the 20th century. Actually in improving primary education, during the reforming of educational process at the All-union scope.*

***Key words:*** *innovation, experiment, exchange of experience, education reform, improvement of primary education, analysis of experimental materials, analysis of curricula and textbooks.*

Билим берүүнүн өзү жандуу, практикалык жана прогрессивдүү процесс, анын табияты дайыма жаңылануга муктаж. “Инновация”[1] деген сөздүн сөздү чечмелөөгө туура келсе, аны латын тилинен которгондо “жаңылоо, жаңычылдык, өзгөртүү” дегенди түшүндүрөт. Аталган түшүнүк бир маданияттагы кайсы бир элементти экинчи маданиятка киргизүү максатында изилдөөлөрдө XIX кылымда колдонула баштаганы белгилүү. Ал эми XX кылымдын башында илимге жаңылык катары кирген ***инноватика*** таанып-билүүнүн жаңы тармагы материалдык өндүрүшкө жаңылык киргизүүчү техникага байланыштуу эле.

Педагогикалык инновациялык процесстер Батышта XX кылымдын 50-жылдарында таандык экенине карабастан, биздин билим берүүдө кылым аягына жакын активдүү

[1] Бекетова О. А. Инновация в образовании: понятие и сущность / Теория и практика образования в современном мире: материалы V Междунар. науч. конф. (г. Санкт-Петербург, июль 2014 г.). – Санкт-Петербург.

колдонула баштады. Бирок ага чейин «***инновация***» бизде болгон эмес дегенге болбойт. Анткени педагогикалык процесске келгенде инновация билим берүүнүн максатын, мазмунун, методун, формасын жаңылоо дегендикке жатат. Терминдин өзү колдонулбаганы менен анын мазмуну, маңызы алдыңкы педагогдордо болгон жана боло берет. Ошолордун бири Каратай Сартбаев. Каратай агай башталгыч класска билим берүү тармагына бүт өмүрүн арнап, аны кесип катары гана түшүнгөн жок. Ал билим берүүнүн бул тармагын **тагдырым** деп билди. К.Сартбаев кара жанын карч уруп, “каруусун казык, башын токмок” кылып, болгон билимин, бүт убактысын, жөндөмүн, тажрыйбасын бир гана ишке – башталгыч класска билим берүүгө жумшады. Ал жумуш алмаштырбады, кызматтык бийиктөөгө да умтулган жок. Башкасын айтпаганда да, 1960-жылдан 1988-жылга чейин 28 жыл бою бир орунда – Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунун башталгыч билим берүү боюнча секторунда илимий кызматкер, андан кийин сектор башчысы болуп турушу эле көп нерсени түшүндүрүп турат. Бул чейрек кылымдан ашык убакыт.

1960-1988-жылдары бул киши өмүрүнүн эң кубаттуу жаштык кезин, билиминин толукшуган кудурет-кубатын кыргыз балдарынын билим пайдубалы башталгыч билим берүүнү өркүндөтүү ишине жумшады. Анын педагогикалык чыгармачылыгынын эң жемиштүү жылдары да ушул мезгилге туура келет. Эгер Кыргызстан 1960-1990 – жылдары билим берүүдө чоң секирик жасап, улуттук интеллигенцияны калыптандыруунун бийиктигине жеткен болсо, анда Каратай Сартбаевдин түздөн-түз салымы жана опол тоодой эмгеги бар. Анын эмгеги башталгыч билим берүүнүн өтө маанилүү төмөнкү маселелеринде инновациялык аракеттерди жасаганы белгилүү:

1. К.Сартбаев башталгыч билим берүүнүн мазмуну анын «жаны» эсептелген ***окуу программасы*** **менен** ***окуу китептеринин*** үстүндө чыгармачылык менен иштеди. 1969-70 – окуу жылында 1-класс, 1970-71- окуу жылында 2-класс, 1971-72 – окуу жылында 3-классты жаңы программага өткөрүү ишинин башында турган. Ал бул ишти жөн гана кабинетте олтуруп жасаган жок. Өз ишинин адиси катары педагогикалык процесске түз катышып, мугалимдер менен окуучулардын кенен чөйрөсүндө болду. Чүй боорундагы Сокулук, Кеминдин мектептеринен башталган К.Сартбаевдин иш сапары алыскы Алай, Ат-Башы, Кара-Кулжа, Тянь-Шандын мектептерине чейин Республиканы чарк айлана, тынымсыз эл аралап, мугалимдердин арасында чыныгы чыгармачылык менен иштеген тажрыйбалуу адистерди баалап, алардын демине-дем кошуп, жаңы программанын жетишкендиги менен кемчиликтерин алар менен бирге талкуулап, иштин жыйынтыгын макала формасында жалпылап, “Мугалимдер газетасы”[1] аркылуу бүт аймактын башталгыч класс мугалимдерине жеткирип турду. Программадагы окуучулардын өздөштүрүүсүнө оордук келтирген материалдарды талкуугa коюп, бул проблеманы чечүүгө салым кошту.

2. К.Сартбаевдин дагы инновациялык аракети **эксперименталдык иштерди** уюштуруудан көрүнөт. Ал эксперименталдык иштерди формалдуу жүргүзгөн жок. Эл аралык деңгээлде башталгыч билим берүүнүн кенен мейкиндигине чыгып, Россиянын Суздаль шаарында, Өзбекстандын Ташкен, Чирчик шаарларында өткөрүлгөн эксперименттерге кылдат байкоо салып, бул багыттагы жыйындарга катышып, өз оюн эл аралык деңгээлде ортого салып турду. Эксперименттин жыйынтыгына берилген СССРдин педагогика илимдер Академиясынын баасын эсепке алуу менен Республиканын мектептеринде бул ишти уюштурууга жетекчилик кылган. Эксперменталдык мектептерде иштеген мугалимдер менен тынымсыз байланышта болуп, аларга системалуу түрдө семинар уюштуруп, эксперименттин жыйынтыгын талкуулашы иштин ийгилигин камсыз кылган. Натыйжада педагогика илимдер Академиясынын кызматкерлери Кыргызстанга келип, 1983-жылдын 16-23-октябрында Фрунзе, Сокулук шаарларындагы, Орто-Алыш, Чоң-Арык мектептериндеги эксперименталдык иштерге жогору баасын берген.

[1] Сартбаев К. Жаңы программа – жаңы талап. /Мугалимдер газетасы, 1974. – 2-б.

3. К.Сартбаев башталгыч билим берүүнү өркүндөтүү **сапаттуу окуу китептери** менен тыгыз байланышта экендигин жакшы түшүнгөн. Анын бул багыттагы изденүүлөрү авторлорду туура тандоодон ачык көрүнгөн. Аларды окуу китептеринин автордук курамына кошуп, мектеп менен илим-изилдөөнү талапка ылайык айкалыштыра билди. Башталгыч билим берүүдө мындай билгичтик, ишке болгон дал ушундай мамиле анын инновациялык аракети менен түшүндүрүлөт. Натыйжада К.Сартбаевдин демилгеси менен окуу китептеринин бир нече варианттары түзүлдү. Айталы, сабаттуулуктун негизин калыптандыруучу 2-класстын "Кыргыз тили" окуу китебине илимдин дыйканы Жээнбай Мукамбаев менен чыгаан жаңычыл мугалим Ш.Шүкүралиевдин автор катары тандалышы башталгыч билим берүүнү өркүндөтүүнүн өзүнчө бир табылгасы болгон. Өзү да сабаттуулуктун негизи башталгыч класс экенин илимий жактан негиздеп, илимий[1] эмгек жазып, макалалар жазуу менен гана чектелбестен, ал Кыргызстандын билим берүү тарыхында биринчилерден болуп **«Сабат таблицасын»** иштеп чыккан. Бул багытта «Орфографиялык сөздүктү» иштеген авторлордун бири. Башталгыч класста «Кыргыз тилинин орфографиясын окутуу» боюнча методикалык иштелмени жараткан окумуштуу-педагог;

4. Эгерде жалпы союздук масштабда балдарды **6 жаштан окутуунун новатор-мугалими Шалва Амонашвили болсо, Кыргызстанда К.Сартбаев** болчу. Алты жаштагы балдарды окутуу процессиндеги маселелер боюнча чечүүнү талап кылган проблемаларга педагогикалык коомчулуктун көңүлүн буруп, бул жооптуу иштин башында тургандардын бири да Каратай агай болчу. Бул багытта эксперименталдык иштерге дитин коюп, окуучулардын билин баалоонун критерийлерин иштеп чыккан; башталгыч билим берүүнүн мазмунун тактоого өз салымын кошкон. Окуу китептеринин жаңы муунун түзүүгө активдүү катышып, даярдоо класстары үчүн "Алиппе", 6 жаштан окуган балдар үчүн "Алиппе", 7 жаштан окуган балдар үчүн "Алиппе" окуу китептери К. Сартбаевдин калемине таандык эмгектер. Мезгилдик басма сөздөргө байма-бай макала жазып, баланы 6 жаштан окутуунун эффективдүүлүгүн илимий жактан далилдеп, ага коомчулукту ишендирген. 6 жаштагы балдар үчүн окуу программаларын иштеп чыгып, аны апробациядан өткөргөн; 1986-87-жылдары республика боюнча 21 миң бала мектепке, 8 миң бала бала бакчаларда 6 жашынан окутула баштаган. Алардын программа. Окуу китептери гана эмес, министрлик менен биргелекте мугалимдерди даярдоо милдети да К. Сартбаевдин мойнунда эле. Бул маселе боюнча Белоруссияда, Ала-Атада өткон эл аралык жыйындарга баяндама менен чыгып, Кыргызстандагы башталгыч билим берүү ишинин татыктуу алып чыгып турган.

5. Мектептеги алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу ишинде К.Сартбаевдин эмгеги өзгөчө. Ал өз мезгилинде мыкты иш тажрыйбаларды кум ичинен алтын издегендей издеп, таап, алар боюнча массалык-маалымат каражаттарына тынымсыз маалымат берип турган. Ошол мезгилде Педагогика илим-изилдөө институтундагы башталгыч билим берүү сектору мугалимдердин өзүнчө эле консультативдик борборуна айланганын тарых унутпайт. Натыйжада, өзү да мугалимдер, ата-энелер үчүн башталгыч билим берүүнүн кеңешчисине айланган.

6. К.Сартбаевдин дагы бир жаңычылдыгы башталгыч **билим берүүнүн тарыхын изилдөөдө жеке позициясынын** бекемдиги менен түшүндүрүлөт. Ал улуттук билим берүүнүн башатында турган И.Арабаев, К.Тыныстанов жөнүндө али эч ким сөз кыла элек кезде, алардын атын атоого тыюу салынган кезде тартынбай өз пикирин айткан. Алардын мыкты табылгаларын, кемчиликтерин[2] калыс талдаган. Аларга болгон урматы, берилгендиги өмүрүнүн акырына чейин таза сакталды.

[1] Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу. 1-китеп. Фрунзе "Мектеп" 1983. – 88б.

[2] Сартбаев К. Башталгыч билим берүүгө өзгөчө көңүл бурулсун / Советтик Кыргызстан, 1967, 26-август, 3-б.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924.
2. Бекетова О. А. Инновация в образовании: понятие и сущность / Теория и практика образования в современном мире: материалы V Междунар. науч. конф. (г. Санкт-Петербург, июль 2014 г.). – Санкт-Петербург.
3. Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу. 1-китеп. Фрунзе: Мектеп, 1983. – 88 б.
4. Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу. 2-китеп. Фрунзе: Мектеп, 1985. – 80 б.
5. Сартбаев К., Маразыкова З. Мектеп реформасынын талабына ылайык башталгыч класстарда эне тилинин окуу китептерин пайдаланууга карата методикалык көрсөтмө. Фрунзе: Мектеп, 1991.
6. Сартбаев К. 11 жылдык орто мектептердин 2-4-класстарынын окуучуларынын кыргыз тилинен алган билимине, билгичтигине жана машыккандыгына карата баа коюунун нормалары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Фрунзе: Мектеп, 1989, -45б.
7. Сартбаев К., Н.Ибраева., В.С.Тетенькин Үчүнчү класста окутуу. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Фрунзе “Мектеп”, 1976. -92 б.
8. Сартбаев Каратай, Султан Турусбеков, Эсенгул Бердибаев, Бурул Рысбекова. “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы”. Фрунзе: Мектеп, 1965.
9. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз. 2-китеп // Биринчи баскыч мектептер жана өзүнчө окуучу чоңдор үчүн биринчи басылышы. Маскөө, СКПСэлдеринин борбордук басмасы жана -Ф.: Кырмамбас. 1932. -22 б.
10. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз // Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. Жаңы тамга менен биринчи басылышы. -Ф.: 1928, 68 б.


* * *

**УДК 371.214**

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ОКУП ТҮШҮНҮҮ КӨНДҮМҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

***Курбаналиева Г. Ж.-ОшМПУнун улук окутуучусу***

***Аннотация:*** *Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү негизги базалык көндүмдөрдүн бири болгон окуп түшүнүү көндүмүн өнүктүүрүү маселелери сунушталды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *башталгыч класстын окуучулары, окуу көндүмү , окуп түшүнүү, компетенттүүлүк, стратгегиялар*

## СПОСОБЫ РАЗВИТИЯ НАВЫКОВ ПОНИМАНИЯ ПРОЧИТАННОГО У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

***Курбаналиева Г.Ж.-старший преподователь ОшГПУ***

***Аннотация:*** *В данной статье представлено развитие навыка понимания прочитанного, который является одним из основных базовых навыков в развитии навыков чтения учащихся начальных классов.*

***Ключевые слова:*** *ученики начальных классов, навыка понимания, понимание прочитания, компетентность, стратегии*

## WAYS TO DEVELOP READING COMPREHENSION SKILLS IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

***Kurbanalieva G.Zh. - senior lecturer at OshSPU***

***Annotation:*** *This article presents the development of reading comprehension, which is one of the main basic skills in the development of reading skills in primary school students.*

***Keywords:*** *primary school pupils, understanding, competence, strategies*

Учурда башталгыч класстын мугалиминин алдында окуучулардын негизги базалык көндүмдөрүн өнүктүрүү милдети турат. Мына ушул максатка жетишүүдө окуучуларды окууга үйрөтүү процессс эң маанилүү милдет жана окуган тексттин ойду жана бүткүл тексти негизги оюн таанууга үйрөтүү болуп саналат. Текст менен иштөөнүн баралык көндүмдөрүнө ээ болуу менен окуучулар тескттен маалымат ала алышат жана аларды окуу процессинде колдоно алышат. Текстти түшүнүүнүн үстүндө натыйжалуу иштөөгө үйрөнгөндөн кийин окуучулар башталгыч мектептин программасын ийгиликтүү өзөштүрбөстөн алар өмүр бою керектүү болгон көндүмдөргө да китепти сүйүп окууга карата көндүмдөрүнө ээ болушат. Бул окууга үйрөтүүнүн бардык процессинин жыйынтыктоочу натыйжасы болуп калат.

Окуганын түшүнүү – окуган текстинин маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны интерпретациялоо жана окуган текстине карата өз пикирин/мамилесин калыптандыруу көндүмү. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүүгө зарыл болгон маанилүү көндүм.

Окуганын түшүнүүнүн деңгээлдери:

- сөзмө-сөз түшүнүү;
- ой жүгүртүп, талдап түшунүү;
- сынчыл баа берүү менен түшүнүү.

Окуганын түшүнүүгө үйрөтүүнүн стратегиялары:

- окуганга чейин;
- окуу учурунда;
- окугандан кийин.

***Окуганга чейинки учурда:*** окуучуларга максаттарды жана текстти окуу процессинде эмнени билгиси келгендигин так аныктап алууга жардам берет. Бул стратегия божомолдоо болуп санат, буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирүү максатында колдонулат. Ошондой эле окуучулардын окууга болгон кызыгууларын жана мотивациясын арттырып, өздүк билимдерин, тажрыйбаларын менен тексттен алынган жаңы маалыматтарын ортосундагы байланышты түзөт.

***Окуу учурунда***: Мында окуучуларга тексттин үзүндүлөрүн терең түшүнүүгө жардам берет, бул болсо чыгарманын маанисин толугу менен түшүнүүнү шарттайт. Суроолор текстти өздөрүнүн жеке кабылдоосу, окулуп жаткан чыгарма, автору менен же башка чыгармалар менен байланыштыруу үчүн коюлуусу мүмкүн.

***Окугандан кийинки учурда.*** Окуучулар суроолор менен текстти изилдөөдө жана андан ары маалымат издөөдө же окуп-үйрөнүп жаткан тема (көйгөй) боюнча тажрыйба алууда керектөөлөрдү жаратат. Ал эми окуунун биринчи баскычында (1–2-классы) окуучулардын жабык жана ачык суроолорду түзүү түшүнүктөрү өнүгөт. Ал эми кийинки баскычта (3–4-класстар) окуучулар өз ара ар түрдүү суроолорду бергенди үйрөнүшөт. Суроолорду түзүү жана аларга жооп издөө текстти терең түшүнүүгө таасирин тийгизет, окуучунун чыгарманын маанисин толук түшүнүүсүнө жол ачат. [1,23]

Окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүү көп факторлордон көз каранды.

- Сөздөрдүн маанисин түшүнүүдөн,
- Окуунун тууралыгынан жана ылдамдыгынан,
- Окуучулардын жашоо тажрыйбасынан жана билиминен,
- Окуу убагында эстеп калуу, ойлонуу, элестетүү жөндөмдөрүнөн

Ар бир китеп түрдүү окуунун өзүнчө ыкмасын талап кылат. Мисалы: Иллюстрацияланган китептерде визуалдык образдар чоң мааниге ээ жана окуу учурунда буга абдан көңүл буруу керек.

Башталгыч класстын окуучулары маалымат берүүчү тексттерди окууда карталарды, графиктерди, таблицаларды окууну билиши керек. Ал эми көркөм адабият жанрларын түшүнүү чыгарманы тереңирек түшүнүүгө жардам берет. Окуучу эмне окуп жаткандыгын түшүнүү үчүн окуу максатын аныктоо керек. Биз эмнен үчүн окуп жатабыз? Эмнени үйрөнөбүз? Чыгарманы окугандан кийин окуган текстти жеке тажрыйба жана билим менен байланыштыруу керек. Мындай байланыштыруу мотивацияны жана кызыгууну жогорулатат жана текст менен өз ара иштөө шарттарын түзөт. Окурмандык компетенттүүлүк материалды туура так, көркөм түшүнүү менен аң сезимдүү окуй алууну, окуганы жана укканын түшүнүп, ал материалды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым – катыш жасоо мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабатуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн билдирет.

Мугалимдин чыгарманы тандоого кылдаттык менен көңүл буруусу маанилүү. Адабий окуу китептериндеги тексттерди тандоодо – окуулуктун педагогикалык, психологиялык, адабийлүүлүгү, системалуулугу, тематикалуу аспектилерин кароо башкы планга коюлат. Эн алгач тексттин психологиялык аспектисин кароону баштоо ыңгайлуу. Себеби, текстти тандоодо анын маанисин бала түшүнүүдөгү кабыл алуусун, эстеп калуусун, ойлоосун, көңүл буруусун, элестетүүсүн канааттандыра турган чыгармаларды издөө, аларды окуулукка киргизүү талабы коюлат. Тексттин мазмунун окуганда баланын китеп дүйнөсүнө жетелей турган чыгармаларды тандоо – автордун башкы максаты болуп саналат. Экинчиден, педагогикалык аспектиде кароодо окуулуктун баланын окутуу, окутуу, өнүгүү, тарбиялоо функциясын аткарган, тексттин мазмунун окуу менен бала бул үч функцияны өздөштүрө алгандай шарт талап кылынаары талашсыз. Үчүнчүдөн, тексттин адабийлүүлүгү эске алынат. Төртүнчүдөн, системалуулук жана тематикалык аспектини бирдей кароо зарыл экендигин тажрыйба ырастап келет. Бизге белгилүү, адабий окуу китептери тематикалык принцип менен түзүлөт. Окуу китебинин түзүлүшүндө авторлор бул эки аспекттин бирдей функциясын карайт. Тематикалык принципти аткаруу үчүн системалуулук болуусу шарт. Бөлүмдөрдөгү чыгармалардын сунушталышынын системалуулугун көзөмөлдөө манилүү. Жогоруда адабий окуу окуулугун түзүүдө эске алынуучу аспектилер окуулуктарда практикаланышын кароо макалабыздын башкы мазмуну катары каралат.

2-класстар үчүн түзүлгөн окуулук (автору С.К.Рысбаев, Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, бишкек, 2012) окуу программасында көрсөтүлгөн тематикалар боюнча түзүлгөн. Башталгыч класстын окуу китептери тематикалык принцип боюнча түзүлүшү жагынан айырмаланат. Окуулукка жалпысынан берекелүү алтын күзгө, туулган жерге, менин жан дүйнөм, күлкү - ден соолуктун мүлкү, алтын балалыкка, жыл мезгилдерине, сөз үйрөнүп алалы, ойлонуп көрөлүк, байчечекей гүл ачты, бабалардан калган сөз, тынчтыктын жана эмгектин майрамы, окуу ылдамдыгын текшерүүчү тексттерден турат. Окуулуктун түзүлүшү альтернативдүү окуулуктун мазмунун толуктап турат. Окуулукта мугалим үчүн бир топ жаңылыктар берилгендигин төмөнкү булактары аркылуу классификациялоого болот. [3, 18]

Китептер окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жана аларга кызыктуу болушу керек. Ошондой эле тексттин татаалдыгын окуучунун окуу деңгээлине жараша тандоо маанилүү. Окууну үйрөтүүнүн жаңы компоненттеринин бири бул окучунун окуучулардын окуганын түшүнүү стратагияларын калыптануусу болуп саналат. Түшүнүү стратегиясы бул окучунун текстти жакшырак түшүнүүсү үчүн атайын жасаган иш аракеттери. Тушүнүү стратегиялары окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин колдонулат. Мисалы: окуганга чейинки учурда буга чейин билгендерин эске салуу же сюжетти болжолдоо өткөрүлөт. “Адабий окуу” сабагында окуучулардын окуп түшүнүүсүн калыптандыруунун ийкемдүү, натыйжалуу ыкмасы – божомолдоо. Божомолдоо – бул тексттин мазмунунун негизинде гипотеза түзүү, алдын ала баамдоо, болжолдоо жөндөмдүүлүгү. Ал эми болжолдоону башталгыч класстын мугалими чыгарманын аталышы, жанры, иллюстрациялары, ачкыч сөздөр, сөз айкаштары же сүйлөмдөр боюнча ишке ашырууга

болот. Натыйжада окуучулардын болжолдоолорунун максаты аркылуу алар эмнелерди билет, кандай тажрыйбага ээ экендиги жана алар эмне жөнүндө окуй тургандыгынын жоромолунуну ортосунда байланыш түзүлө баштайт. Болжолдоо окуучулардын текстти жакшы түшүнүүсүнө, окуганын өзүнүн тажрыйбасы менен салыштыруусуна шарт түзөт. Болжолдоолор – окуучулардын өздөрү үчүн окуп жаткан текстти кандай түшүнүп жатышкандыгын байкоого жол ачкан көпүрө даярдайт. [2 ,18]

Окуган тексттин жыйыныктоо же мазмунун элестетип жандандыруу окуу учурунда колдонулат. Окуучу чыгарманы жана аны түшүнгөндүгүн текстти окугандан кийин жана аны иштеп чыккандан кийин бааланат. Текстти түшүнүүнүн негизги стратегиясы суроолорду коюуу бардык үч этапта коюлат окуу стратегиялары башкарылуучу практика ыкмасы менен иштелип чыгат.

Биринчи этапта-мугалим жакшы окурман кайсы бир стратегияны кантип колдонорун айкын көрсөтөт. Стартегияны иллюстрацияларды колдонуп көрсөтүү жана түшундүрүү кийинки практикалык иш үчүн фундамент  болуп эстептелет. Бул учурда окуучулар өздөрү мугалимдин жетекчилиги астында ар кандай тексттер менен стратегияларды колдонуп башташат. Мисалы: мугалим балдарды окутуу үчүн кийинки стратегия катары визуализацияны тандады дейли. Мында мугалим демонстрация үчүн текстти тандайт. Ал текстте көзго көрүнгөн, кулакка угулган сезилген жана жандуу образдар жана ассосациялар болушу керек. Мугалим бул стратегияны көрсөтүү үчүн окуучуларга тандалган тексттен үзунду окуп, өзүнүн ойлорун угуза айтып берет. Мисалы: көз алдында экрандагыдай учкан поезддинэлеси пайда болду ж.б. деп айтса болот. Мындан тыкары мугалим ар кандай окуу стратегияларын максаттуу колдонуу үчүн атайын түзүлгөн графикалык темаларын колдонсо болот.

Экинчи этапта- чогуу аткарылуучу жана башкарылууга мүмкүн болгон ыкма. Бул учурда мугалим окуучуларга окуу үчүн башка үзундүнү берет. Ал эми окуучулар мугалим көрсөткөн стратегияны жуптарда же чкан топтордо колдонуп көрүшөт. Бул стратегияны колдонууда мугалим дайыма колдоо көрсөтүп окуучуларга кайтарым байланышын берет. Балдар окуган тексттин визуализациялоо үчүн графикалык схеманытолтурушу мүмкүн.

Жыйынтыгында  окуучулар жогоруда айтылган стратегияларды башка тексттер менен иштөө учурунда колдонуп башташат. Ошондуктан жакшы тексттер менен китептер окуганын түшүнүү көндүмдөрүн жана стратегияларын окутууда негизги ресурстар болуп саналат. Тыныгуу менен окуу үчүн көркөм адабиятты колдонсо болот. Бул ыкманы колдонуу үчүн мугалим алдын ала даярданат. Тактап айтканда текст тандалат. Аны бөлүктөргө бөлөт, талкуулоо үчүн окуганга чейин, окуу учурунда жана окугандан кийин бериле турган суроолорду даярдайт. Бул суроолордон башка үй тапшырма үчүн суроолорду жана көнүгүүлөрдү ойлоп табуу керек. Сабактын башында окуучулар чыгарма эмне жөнүндө кеп болуп жаткандыгын текттин аталышы боюнча аныкташат. Андан кийин тексттин тыныгуулар менен окуу керек.ар бир бөлүкту окугандан кийин окуучулар сюжеттин мындан ары кандай өнүгөөрү тууралуу жоромолдорду айтышат. Текстти толук окуп бүткөндөн кийин жалпылоо жүргүзүлөт жана окучуларга үй тапшырмасы көпчулук учурларда чыгармачыл тапшырмалар берилет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Келгиле окуйбуз. Окуп түшүнүү. Башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. Бишкек-2018.
2. Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар Б.:2014
3. С.К.Рысбаев, Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, 2-класстар үчүн түзүлгөн окуулук.  Б.: 2012

*        *        *

**УДК 378.174**

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК САЛТТАР АРКЫЛУУ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН КАЛПТАНДЫРУУ

***Мамарасулова Э.Т. - окутуучу, ОшМПУ***

***Аннотация:*** *Бул макалада кенже класс окуучуларынын сабактарын окутууда экологиялык тарбияны калыптандыруу боюнча көз караштар топтолуп берилди. Сабактарды окутуу менен бирге окуучуларга экологиялык аң-сезимди, экологилык тарбияны, маданиятты калыптандыруу, кенже курактан баштап жаратылышка аяр мамиле кылууга, табияттагы тирүү организмдерге гуманисттик көз караашта мамиле кылууга тарбиялоону өз ичине камтыды.*

***Түйүндү сөздөр:*** *экология, экологиялык тарбия, башталгыч класс, окуучулар, билим тарбия берүү, табиятты коргоо, улуттук, технология.*

# ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ЧЕРЕЗ КЫРГЫЗСКИЕ НАРОДНЫЕ ТРАДИЦИИ

***Мамарасулова Эльвира Ташмурзаева - преподаватель, ОшМПУ***

***Аннотация:*** *В данной статье собраны взгляды на формирование экологического образования в преподавании уроков младших школьников. Наряду с проведением уроков оно включало в себя формирование экологического сознания, экологическое воспитание, культуру, воспитание с юных лет чуткого отношения к природе, отношения к живым организмам в природе с гуманистической точки зрения.*

***Ключевые слова:*** *экология, экологическое образование, начальная школа, школьники, образование, охрана природы, народ, технология.*

# ECOLOGICAL EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS THROUGH KYRGYZ FOLK TRADITIONS

***Mamarasulova Elvira Tashmurzaeva -teacher OshMPU***

***Annotation:*** *This article contains views on the formation of environmental education in teaching lessons for younger students. Along with the lessons, it included the formation of environmental consciousness, environmental education, culture, education from a young age of a sensitive attitude to nature, attitudes towards living organisms in nature from a humanistic point of view.*

***Keywords:*** *ecology, environmental education, elementary school, schoolchildren, education, nature conservation, people, technology.*

Өлкөбүздөгү демократиялаштыруу процесстери коомубуздун бардык тармактарында, анын ичинде билим берүү тармагында да жүрүп жатат. Демократиялык коомду куруу менен биз ошол коомдо жашап жаткан окуучуларды окутуп тарбиялоодо ар бир сабагыбызды окутуунун жаңы ыкмалары менен өтүшүбүз зарыл.

Адамзат менен табияттын ортосундагы улам татаалдашып бара жаткан маселелер цивилизациянын негизине коркунуч алып келүү менен көп учурда адамзат жашоосунун мүмкүнчүлүктүрүн алдын ала айтууну татаалдаштырат. Ошондуктан экологиялык коопсуздукка атайын илимдин адистери гана эмес, дүйнө жүзүндөгү жалпы коомчулук абдан чоң көңүл буруп жатышат.

Л.И. Грехова инсандын экологиялык маданияты экологиялык жана жалпы тарбия берүү процессинде калыптанаарын бекемдейт жана ал процесстин эффективдүүлүгү түздөн-түз анын үзгүлтүксүздүгүнө көз каранды экендигин айтат. «Ошондо гана экологиялык

маданияттын иштиктүү өнүгүүсүн, экологиялык билимдин бийиктешин, жаратылыш менен баарлашууда компетенттүүлүктүүн жогорулашын, жаратылышта, айрыкча өзү жашаган аймакта жогорку адептүүлүк жүрүм-турумдун жана жоопкерчиликтүү жарандык мамиленин өнүгүшүн күтсө болот»-дейт [2, 16-б.].

Ж.К. Аблабекованын айтуусу боюнча: «экологиялык аң-сезимсиз коом жашап кете албайт. Ушул аң-сезим илимдин, техниканын жана өндүрүштүн бардык тармактарында орун алып, аны адамзаттын жок болуп кетүүсүнө эмес, тетирисинче, жашап кетишине шарт түзө турган мааниде өзгөртүү керек» [1, 36-б.].

Экологиялык аң-сезим - коомдук жана жекече аң-сезимдин бөлүгү, адамдын жаратылыш менен болгон өз ара аракеттешүүсүндө билимдердин, ынанымдардын жана көндүмдөрдүн жыйындысы. Бул ойдун ыкмасын колдонуу баалуулук жана методологиялык багыттардын өзгөчө жыйындысын иштеп чыгууга, адам жана жаратылыш мамилешүүсүндө тиешелүү көйгөйлөргө башкача кароого, адамдын жаратылыштагы ордун аныктоого, теориялык анализдин бирдиктерин жана жаңы түшүнүк каражаттарын жаратууга мүмкүндүк берет.

Экологиялык тарбияны калыптандырууну окуучулардын жаратылыш жана коомдун (адамдын) өз ара аракеттешүүсүнүн илимий негиздерге ээ болуусу менен байланышкан жалпы билим берүүнүн элементи, бөлүгү катары түшүндүрүүгө болот.

Экологиялык тарбия берүүнү ишке ашырууда төмөнкү жоболор негизинен маанилүү:

- жаратылышка карата жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруу процессинде глобалдык, улуттук жана жергиликтүү ыкмалардын өз ара байланышын;
- чөйрөнү интеллектуалдык жана эмоционалдык жактан кабыл алуу жана аны жакшыртуу боюнча практикалык иш аракеттин бүтүндүгүн эске алуу.

Негизгилерден болуп, экологиялык тарбия берүүнүн предмет аралык, үзгүлтүксүздүк жана ситемалуулук принциптери эсептелинет.

Адамдардын жаратылыш менен болгон өз ара аракеттешүүсүнө арналган чыгармалар башталгыч класстын окуу программасында 3-класстар үчүн Тоголок Молдонун «Бодононун тулкуну алдаганы», Т.Абыкеевдин «Кумурска менен жалкоо», Д.Сулаймановдун «Балапан», Кырчын журналынан «Дарак ыйлаба», Т.Сыдыкбековдун «Мээримдуу канаттуулар» ангемелери, Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повести, ал эми 4-класста К.Жусуповдун «Тулпар кадырын сынчы билет», К.Сабыровдун «Токойдун керемети», К.Жантошевдин «Ысык-Кол жонунду соз», Д.Сулаймановдун «Булбул менен жылан» ангемелери, М.Алыбаевдин «Сот болгон коен» тамсили, «Кожожаш», «Эртоштук» эпостору берилген.

Жогорудагы чыгармаларды окуп үйрөнүү аркылуу окуучулар жаратылышка болгон мамиле жана коомдогу социалдык акыйкаттык сыяктуу маселелердин үстүндө ой толгоолорду жүргүзүп, аларды талдоого алуулары зарыл. Программада да бул чыгармаларды окутууда ушуну эске алуу керектиги белгиленген. Себеби, окуучулардын бул курагы, адептик идеалды издөө, айлана-чөйрөдө өз ордун аныктоо, аларга болгон мамилелешүүнүн стилинин жана ыкмасынын калыптануучу мезгили катары аныкталат.

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодо көп кырдуу таасир көрсөтүүчү, кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ жолдорунун бири – бул окуу процесси. Бир тамчы шүүдүрүмдөн бүт ааламдын элеси көрүнгөндөй 45-минуталык сабак да мектептин окуу-методикалык, тарбиялык, уюштуруучулук иштеринин мүнөзүн түгөл чагылдырып көрсөтөт. Класстык сабактын артыкчылыгы - таанып билүү, өнүктүрүү ошондой эле тарбиялоо сыяктуу милдеттер аркылуу ырааттуу түрдө жүзөгө ашат. Аталган маселелерди ойдогудай чечүү, анын ичинде балдардын табиятка карата жапакеч мамилесин калыптандыруу башталгыч класс мугалиминин кесиптик–инсандык касиеттеринен көбүрөөк байланыштуу. Ал дээрлик бардык сабактарды жеке өзү окуткан экологиялык таалим-тарбия ишин программага ылайык предметтердин өзгөчөлүгүн, балдардын тарбиялангандыгынын реалдуу деңгээлин эске алуу аркылуу жүргүзөт.

Сабактарда "Чабалекей жана жылан" деген өңдүү элдик жомокторду пайдалануу окуучулардын кыргыз фольклоруна жана искусствосуна болгон кызыгуусун арттырып, алардагы жаныбарларга карата болгон эмоциялуу баа берүүчүлүк мамилелеринин калыптануусунда зор мааниге ээ. Натыйжада, окуучуларда жандуу жаратылышка камкордук менен мамиле жасоого, жан-жаныбарларды коргоого болгон ниет пайда болот.

Алар жаратылыш жөнүндөгү таасын айтылган элдик учкул сөздөрдү, табышмактарды, жаңылмачтарды эстерине түшүрүп, бул окуучулардагы айлана-чөйрөгө болгон эмоциялык-эстетикалык кабылдоо жөндөмүн күчөтөт.

Табиятка карата болгон кызыгуу окуучуларды табиятты коргоо боюнча иш-чараларга аралашуусун шарттап, экологиялык билгичтиктерин жана көндүмдөрүн бекемдейт.

«Мекен тануу» курсунда 1-класстан 4-класска чейин ырааттуу орун алган оозеки чыгармалар, айрым макалалар чоң мааниге ээ болот [3].

Мисалы: *«Жаз»* деген теманы өтүүдө төмөнкү элдик айтымдарды колдонуу балдардын түшүнүгүн кеңейтүүгө чоң жардам берет.

Окуучуларга суроо менен кайрылса болот.

*Окуучу*: Кыргыз эли үрөн сепкенде: «Бисмилла рахмон-рахим, ниети кайыр, мунусу-жетим жесирге, мунусу-карыптарга, мунусу-тилемчиге, сурамчыга, бул-саламчыга, бул-курт-кумурскага. Калганы силерге, бизге, мага.  Баба дыйкан жолдошум, бардык иште колдосун», -деп тилек айтчу экен. Айылдагы карыялар эгин сепкенде, дайыма ушул батаны кайталоо зарыл деп айтышат.

*Мугалим*: Эмми айткылачы, кыргыз элинде адамдын жан-жаныбарларга кыянат мамилесин тыйган сөздөр айтылат?

*1-окуучу*: Малды көсөө менен урба, идти тепе, үйүңө жылан кирсе өлтүрбө, сүт, ун же айран чачып чыгар.

*2-окуучу*: - Агын сууга түкүрбө, шыпырындыны таштаба, кир төкпө. Малды тепе, сүттү төкпө. Тузду тебелебе. Нанды тескери койбо.

*Мугалим:* - Эл ичинде «убал» деген сөз бар, анны кандай түшүнөсүңөр? Ал сөздү биринчи жолу  кандай укkансыңар?

*Окуучу:* «Убал» деген сөздү биринчи жолу чоң апамдан уккам. Чымчыктын жана башка жаныбарлардын балдарына тийсе, уясын бузса, бакты сындырса убал болот экен. «Жумуртканы сындырбагыла, балапанды өлтүрбөгүлө, чымчыкты кармап алсаңар, шилекей алышып, дос болуп коё бергиле», деген чоң апам.

*Окуучу:*  -«Убал» деген сөздү айылда көп эле айтышат. Мисалы,  кышында кар калың түшсө, жапайы жаныбарларга, канаттууларга убал болду – деп калышат карыялар. Алар ошондой эле бейкүнөө макулуктарга зыян кылып убалына калбайлык-деп көп айтышат.

*Мугалим:*- Ошентип, биздин бабаларыбыз өздөрүнүн өрнөктүү нускасы аркылуу табият менен таттуу мамиледе жашоонун чоң сабагын калтырыптыр бизге. Адам менен табияттын ажырагыс биримдиги достугу жөнүнүндөгү акыл ойлор элдик чыгармалардын баарында кездешет.

Ошентип, башталгыч класстардагы окуучуларга экологиялык жактан тарбия берүү максатында, элдик педагогиканын тажрыйбаларын жана идеяларын сабактарында пайдаланышат.

Мындан сырткары, окуучуларда өз алдынчалуулук, мээнеткечтик, эмгекти барктоо, б.а. ар кандай жумуштун натыйжалуу болушуна умтулуу, тапшырылган милдеттерди жоопкерчилик менен аткаруу, табият байлыктарын коргоого аракеттенүү өңдүү адамдык мыкты сапаттар пайда болот.

Башталгыч класстарда класстан сырткаркы иш-чараларды уюштурууда элдик педагогиканын табият таануу боюнча кылымдар бою топтолуп, сыналган тажрыйбаларын пайдалануунун балдарга экологиялык жактан тарбия берүү үчүн мааниси зор.

**Адабияттар:**

1. Аблабекова, Ж.К. Башталгыч класстын окуучуларында алгачкы экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун педагогикалык негиздери [Текст] / дис с. канд. пед.наук / Ж.К. Аблабекова. - Б. 2010.
2. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст]: Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери жана орто мектептин мугалимдери үчүн окуу куралы / К. Иманалиев. – Ф.: Мектеп, 1981. – 144 б.
3. Мамбетова З.Д., Кенесариев А.Ж. 1-класс. «Мекен таануу».Б.: 2004.

* * *

**УДК 37.015.37**

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ БАЛДАР АРАСЫНДАГЫ СУИЦИДТИН АЛДЫН АЛУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖОЛДОРУ

***Мамашерип кызы Нуриза-ОшМПУнун окутуучусу***

***Аннотация:*** *Балдардын психологиясынын эрте бузулушун өз убагында дарылоо суицидди алдын алуудагы стратегиянын эң негизги бөлүгү. Бул макалада Кыргызстандагы өспүрүм курактагы балдардын психологиялык бузуулары жана психологиялык көйгөйлөрдүн көбөйүшү ошол эле учурда суицид менен коштолгон тобокелчиликти алдын алуудагы психологиялык педагогикалык кадамдар тууралуу жазылган.*

***Негизги сөздөр:*** *суицид, психолог, психикалык бузулуулар, өспүрүм, нозология, акыл эстүү, өмүр, психиатрия, аффект.*

## ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ПУТИ ПРОФИЛАКТИКИ СУИЦИДА СРЕДИ ПОДРОСТКОВ В КЫРГЫЗСТАНЕ

***Мамашерип кызы Нурипа-преподователь ОшМПУ***

***Аннотация:*** *Своевременное работа психолога ранних психологических расстройств у детей является важнейшей частью стратегии профилактики суицида. В данной статье мы проанализировали психологические расстройства и психологические проблемы у подростков Кыргызстана, а также психолого-педагогические мероприятия по предотвращению суицида, риски связанный с суицидом.*

***Ключевые слова:*** *суицид, психолог, психические расстройства, подросток, нозология, вменяемость, жизнь, психиатрия, аффект.*

## PSYCHOLOGICAL WAYS TO PREVENT SUICIDE AMONG TEENAGERS IN KYRGYZSTAN

***Mamasherip kyzy Nurizadepartment teacher OshMPU***

***Annotation.*** *The timely work of a psychologist of early psychological disorders in children is an essential part of the suicide prevention strategy. In this article, we analyzed psychological disorders and psychological problems in adolescents in Kyrgyzstan, as well as psychological and pedagogical measures to prevent suicide, the risks associated with suicide.*

***Key words:*** *suicide, psychologist, mental disorders, teenager, nosology, sanity, life, psychiatry, affect.*

Өзүнүн өмүрүн кыюу же суицид маселеси адам баласы жаралгандан бери эле бар. Акыл эстүү адамдардын бул жашоодо өз өмүрлөрүн өз каалоолору менен кыюуусу азыр жаңылык деле эмес жана анын себептери өсүп гана отурат. Сөз адамдын өмүрү тууралуу

болуп жаткандан кийин, бул маселе дайыма эң олуттуу боюнча калмакчы. Суицид баардык мамлекеттерде бар болгон жана болуп турат. Мисалы, Шведдердин суициддерди изилдөө борбору 15 жаштан баштап 19 жашка чейинки курактагы өспүрүмдөрдүн өзүнүн өмүрүн кыйгандардын саны Россияда биринчи орунда турарын белгилешкен. Бизде да бул маселе олуттуу. Өзгөчө өтө эле жаш периштедей күнөөсү жок балдардын жана секелек кыздардын өмүрлөрүн өздөрү кыйып жаткандары абдан жүрокту оорутат.

Негизинен өз өмүрүн кыюу бүткүл адамзат тарыхында болуп келген. Бир убакта бул оору азыркы цивилизацияда жөнөкөй белгисиз маданияттын негизинде келип чыккан деп эсептешкен. Бирок, мындай жыйынтык туура эмес. Кээ бир маданияты өнүкпөгөн мамлекеттерде деле суицид көп кездешет.

Дүйнө жүзү боюнча жыл сайын 1100 000 адам өз жанын кыйып каза тапса, дагы 19000 000 адам өз жанын кыюуга аракет жасайт. Мамлекеттер боюнча эң көп суицид катталган өлкө Кытай жана Индия болсо, Кыргызстанда бир жыл ичинде 100дөй өспүрүм курактагы балдар өз жанын кыйып суицидке барышат. Акыркы жыл үч жыл ичинде Кыргызстанда 409 өспүрүм кыздар, ал эми 195 өспүрүм эркек балдар суидцидке барышты же аракет кылышты. Суицологдордун , психологдордун айтымында өспүрүм курактагы балдардын суицитке баруусунун көптөгон себептери бар.[1,3]

Суицид - бул белгилүү бир психикалык көйгөйлордун кесепети гана эмес, ал көптөгөн адамдардын таасирин тийгизген ар кандай глобалдык тобокелдик факторлору менен байланыштуу болгон социалдык стресс.

Суицид проблемасына кызыгуу ар түрдүү тармактардагы адистердин арасында байкалат: дарыгерлер, психологдор, социалдык кызматкерлер, социологдор, педагогдор. Суициддердин себептери, алардын статистикасы, ар кандай социалдык, демографиялык, экономикалык, саясий жана башка факторлордун таасири изилденип жатат.

Психопатологиялык мамиле өзүн - өзү өлтүрүүнү курч же өнөкөт психикалык бузулуулардын көрүнүшү катары карайт. Өзүн-өзү өлтүрүүлөрдү өзүнчө нозологиялык бирдик катары бөлүп көрсөтүү аракеттери жасалды, бирок майнапсыз болгон. Бир аз окшош позиция суициддик жүрүм-турумду чек ара мамлекети катары кароо менен айтылат. А.Е.Личко өспүрүмдөрдүн суициди жөнүндө мындай деп жазат: «Өспүрүмдөрдүн суициддик жүрүм-туруму негизинен психиатриянын чек аралык проблемасы, башкача айтканда, мүнөздүн акцентуациясынын фонунда психопатия жана психотикалык эмес реактивдүү абалдарды изилдөө чөйрөсү». А.Е. Личко белгилегендей, өспүрүмдөрдүн 10% өз жанын кыюуга чыныгы каалоо бар, 90% өспүрүмдүн өзүн-өзү өлтүрүү жүрүм-туруму «жардам сурап кыйкырык» болуп саналат. Мындай аракеттердин 80% үйдө, бул аракеттер күндүзү же кечинде жасалат деген бекеринен эмес.[1,2]

Кайсыл жакта, канча адам, кандай себептерден улам мындай учурларга кезигишип жаткандары тууралуу сөз кылуудан мурун Суицид эмне экендиги тууралуу айтып өтсөм.

Суицид көптөгөн илим изилдөөчүлөр жана психологдордун ой-пикирлерине таянып, алар төмөнкүлөр:

- Тынчсыздануунун бузулушу
- Депрессия
- Биполярдык бузулуу
- Көңүлдүн жетишсиздиги/Гиперактивдүүлүк
- Окуунун бузулушу
- Жүрүм –турумдун бузулушу
- Тамактануунун бузулушу
- Шизофрения
- Суициддик ойлор

Биздин өлкөдөгү катталган суицид туралуу көптөгөн фаткылар бар. Жакынкы арада Ош облустунун мектептерин биринде болгон эки жолку 13-14 жаш курактагы

өспүрөмдөрдүн өлүмүн мисал катары айткым келет. Бул куракттагы балдардын психологиясын баардык ата эне же болбосо баардык мугалим билсе билбесе дагы ар биринин оздөрүнүн тарбиялык аракеттери же болбосо предметтик сабактарын жеткиликтүү окутуу максатында балдардын психологиясын аныктоо, билүү кыйынчылык жарататтыр.

Ошол себептен улам ар бир  мектепте психологдодун болушу керек деген пикирди айткым келет. Себеби психологдор мектептеги окуучулардын психологиялык жактан бузулуудагы  абалын алдын  алуу аракетин көрүшмөк. Мектептерде психолог жетишсиз же штат жок. Мектептерде соц педагогдор бар. Алар окуучулардын социалдык абалын карайт тарбиялайт. Ал эми психологдор окуучулардагы көйгөй же психологиялык  ар кандай кырдаалдагы абалды алдын алат. Орто Азиядагы бардык кошуна өлкөлөрдун мектептеринде, бала бакчаларында окуу жайларында психологдор бар.  Кыргызстанда жетишсиз же көпчүлүк мектептерде жокко эсе. Мисалы Ош облустундагы мектептерде  жок десек болот.

Психикалык бузулуулар же психологиялык көйгөйлөр маанайдын, ой жүгүртүүнүн жана жүрүм турумдун өзгөрүшү же алардын кандайдыр бир белгилуу же белгисиз таасирлердин, себептердин айкалышы менен мүнөздөлөт. Суицид катталаган учурдагы белгилүү шарттар адамдын ыңгайсыздыгын же жашоонун сапатынын төмөндөшүн жана физиалык, акыл эс жана социалдык жактан туура иштөө жөндөмүн пайда кылышы мүмкун. Психикалык бузулуулардын жана көз карандылыктын жарымынан көбү 13-14 жаштан башталат. Бир нече себептерден улам психологиялык жактан жабыркаган өспүрүмдөрдүн санын эсептоо кыйын. Өспүрүм жана бала кезинде пайда болушу мумкун болгон  психикалык, эмоционалдык жана жүрүм – турум бузулуулар ар бири адамдын жалпы ден – соолугуна, өмүрүнө чоң тасирин тийгизиши мүмкүн. Өспүрүм курак – бул куракта бала коомдо өзүнүн ордун издейт, чоңдодун коомдук турмушуна аралашкысы келет. Балдар дүйнөсүнөн чыгып, чоңдор менен толук кандуу аралаша албайт. Бул эки социалдык топтун ортосунда өзгөчө бир өспүрүмдүк субкультураны түзөт. Өспүрүмдөр менен мамиле куруууда койгон талаптар аргументтүү болуу керек. Мааниси жок талаптардын жөн эле таңуулай бербеш керек. Ал өспүрүм бала бет келген кыйынчылыкка туруштук бере албай, чийеленишкен түйүндүн жандандандыруунун оңой жолу өз жанын кыйуу деп ойлойт. Андай иштердин дээрлик 90 пайызы көйгөйлөрүн чече алышпай калганда барышкан. Айрымдары акыркы демин тарта баштаганда гана туура эмес кылып жаткандыгын, жашагысы келип жаткандыгын түшүнөт.

Көпчүлүккө суицидге кабылган өспүрүмдөрдүн жүрүм – туруму, акыл –эси жайында эместей туюлат. Аларды психикалык жактан жабыркаган балдарга дагы алмаштырып алгандар бар. Суициддер өздөрүн “псих” катары көргөзүшү мүмкүн. Бирок, алардын башкаларга коркунуч деле алып келбейт. Эреже боюнча өз жанын кыюуга аракет кылган өспүрүмдөр психикалык жактан оорулуу деп эсептелинбейт. Алар өздөрүнө гана коркунуч алып келишет.

Биздин өлкөдөгү тактап айтканда Кыргызстандагы өспүрүмдөрдүн өз өмүрүн кыйуусунун бир нече себептери бар мисалы:

Мигранттуулук, ата эне менен баланын алыстыгы, жаңы шарттарга көнө албоо, үйдөгү коргоонун жоктугу, окуу убагында өз деңгээлинин түшүп калышы, жатаканадагы шарттын жоктугу, ар кандай ушактардын таркашы, өз алдынча боло албашы, мугалим же тентуштары тарабынан басмырланышы, ийгиликсиз сүйүү сезимдери, эрте үйлөнүү, айыкпас ооруга чалдыгуусу, баңгизат колдонуусу, депрессияга чалдыгышы жакырчылык, үй-бүлөсү, тең туштары менен болгон начар мамиле, зордук зомбулук, айыкпас оорулар, мазактоолор себеп.Ошондой эле көпчүлүк учурда гомосексуал жаш өспүрүмдөрдүн  көбөйүшү  өз өмүрлөрүн кыйышат жана башка.

Белгилүү болгондой көпчүлүк учурда ата –энеси, үй бүлөсү менен тил табыша албаганда да бул көрүнүш көп байкалат.

Ата-энелердин басымдуу бөлүгү, мугалимдер “суицид” деген терминди колдонуудан качышат. Себеби, өсүп келе жаткан жаткан муунду өзун өзү өлтүрүүгө болгон козутууну пайда кылат деп ойлошот. Ал эми психолог адистеринин айтымында, өспүрүмдөр менен суицид тууралуу сүйлөшүүдө  аларды андай ишке баргызбайт. Бул тууралуу ата –эне, ата –

эне бир туугандарыбыз менен сүйлөшө албайбыз. Ал эми кимдир бирөө ушундай ишке барып калгандыгын угуп калсак анда “Эмне үчүн ал ушундай ишке барды ?” деген суроону өзүлөрүнө узатышат. Бул суроонун жообу божомол түрүндө болсо дагы бар деп ойлойлук, бирок сиздер бул суроого жоопту бир түрдү ала албайсыз. Билбейсиз ал эмне үчүн бул жашоодон кеткиси келгендигин. Эмне себептен жашоодон чарчагандыгын билүү кыйыныраак.[4]

Өзүн-өзү өлтүрүү азыркы орус реалдуулугунун каалабаган социалдык көрүнүшү. Биздин маданиятыбызда өзүн-өзү өлтүрүүнү баатырдык же күнөөдөн арылтуу курмандыгы катары баалоо салт эмес. Өз жанын кыюуну үмүтсүздүк, үмүтсүздүк же оорудан улам келип чыккан иш катары кароо адат. Ал эми суицидге барган адамдар үчүн – ар кандай тармактагы адистердин, эң башкысы психологдордун жардамына өтө муктаж адамдар катары. Өзүн-өзү өлтүрүү феноменин көп кылымдык түшүнүү, суициддик жүрүм-туруму бар адамдар менен иштөөнүн түрдүү психологиялык мамилелеринин жана практикалык методдорунун пайда болушуна алып келди. Психологиялык ыкмаларга антропологиялык мамиле, психологиялык мамиленин өзү келип чыгышы психоанализден, психопатологиялык мамиледен жана социалдык-психологиялык мамиледен турат. Психологиялык түшүндүрмөлөр дайыма социологиялык жана маданий түшүндүрмөлөр менен толукталат.[5]

Албетте, өзүн-өзү өлтүрүү, ар кандай иш-аракеттер сыяктуу эле, себеби бар. Бир гана алар өзүн - өзү өлтүрүүнүн тегерегиндеги адамдарга дайыма эле түшүнүктүү боло бербейт. Өзүн - өзү өлтүрүүнүн негизги себептерин жазадан коркуу, психикалык оору, үйдөгү жана жумуштагы кыйынчылыктар, кумарлар жана аффекттер, каржылык жоготуулар жана жакырчылык, жашоого тойуу, соматикалык оорулар деп атаса болот. Суициддердин тандаган өлүм ыкмасы көптөгөн факторлорго көз каранды: маданий, характерологиялык, кырдаалдык. Бирок дүйнөдө өзүн-өзү өлтүрүүнүн эң популярдуу ыкмасы - асынып алуу.

Суициддик жүрүм-турумдун өнүгүшүнө көптөгөн факторлор таасир этет жана көбүнчө алардын кайсынысы чечүүчү болуп чыкканы белгисиз. Суицидогендик факторлорго төмөнкүлөр кирет: психологиялык, экологиялык, экономикалык, социалдык, маданий.[4,5]

Өз жанын кыюуга аракет кылган адамдарда өзүн өзү өлтүрүүгө умтулган өзгөчөлүктөр бар, алар тиешелүү кырдаалдарда өзүн көрсөтөт. Ошондуктан, ар кандай адистиктеги психологдор кризистин өнүгүшүн алгачкы этапта аныктоого жана жекече же топ менен зарыл болгон психотерапевттик же консультациялык жардамды көрсөтүүгө мүмкүндүк берген диагностикалык методдордун түрдүү пакеттерин жана батарейкаларын иштеп чыгышат. Суициддик жүрүм-турумдун ыктымалдуулугунун жогорулашы менен байланышкан диагностикалык маанилүү көрсөткүчтөр тынчсыздануу, наааразычылык, агрессия жана катаалдык болуп саналат.

Эгерде суициддик жүрүм-турум коркунучу жогору болсо, анда индивидуалдык психологиялык консультация же психотерапия көрсөтүлөт, анын эң маанилүү натыйжасы кардар үчүн анын жалгыз эмес, угуп жатканын түшүнүү жана сезүү болуп саналат.

Психолог ишке ашпай калган суициддер менен мүмкүн болушунча сейрек иштеши үчүн, биринчи кезекте, баарлашууну, өз ара түшүнүшүүнү, жаңы мамилелерди өнүктүрүүгө багытталган атайын реабилитациялык жана реадаптациялоо программаларына ылайык, "суициддик жүрүм-турумду өнүктүрүү коркунучу бар топтор" менен профилактикалык иштерди жүргүзүү зарыл. Психологдордун санынын көбөйүшү жана кардарлар менен иштөө технологияларынын өнүгүшү менен суициддик жүрүм-турум коркунучунун көйгөйлөрү чечиле баштайт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Амбрумова А.Г., Тихоненко В.А. Диагностика суицидального поведения. – М., 1980.
2. Безносов С.П. Профессиональная деформация личности. М. 2004.
3. Фрейд З. О психоанализе. Психология бессознательного. – СПб, 2007;
4. Хартман Х. Эго-психология и проблемы адаптации личности. М. 2002.

5. Шнайдер Л.Б. Профессиональная идентичность: теория, эксперимент, тренинг. Учеб. Пособие.2005.

* * *

**УДК 372.893**

АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДА БАЛАНЫ ТАРБИЯЛООГО БАЙЛАНЫШКАН САЛТТАРДЫН БЕРИЛИШИ

***Минбаева К.Б.-п.и.к., ОшМПУнун доценти***
***Шерикбай кызы Г.-ОшМПУнун магистранты***

***Аннотация:*** *Макалада бала тарбиялоого байланышкан элдик салттын кыргыз адабиятындагы айрым чыгармаларда берилиши, анын мааниси, ролу жөнүндө маселе каралат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *тарбия, каада-салт, элдик педагогика, макал-лакап, этнопедагогика, адабий чыгармалар*

ПРЕЗЕНТАЦИЯ ТРАДИЦИЙ, СВЯЗАННЫХ С ВОСПИТАНИЕМ РЕБЕНКА В ЛИТЕРАТУРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ

***Минбаева К.Б.-к.п.н., доцентОшГПУ***
***Шерикбай кызы Г.-магистрант ОшГПУ***

***Аннотация:*** *В статье рассматривается вопрос представления фольклорной традиции, связанной с воспитанием детей, в некоторых произведениях кыргызской литературы, ее значение и роль.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, обычаи, народная педагогика, пословицы, этнопедагогика, литературные произведения.*

PRESENTATION OF TRADITIONS RELATED TO THE UPBRINGING OF A CHILD IN LITERARY WORKS

***Minbayeva K.B. - candidate of pedagogical sciences, associate professor of OshSPU***
***Sherikbay kyzy G.-master student of OshSPU***

***Annotation:*** *In the article, the question of the presentation of folklore tradition, connected with the upbringing of children, in some works of Kyrgyz literature, its importance and role is considered.*

***Key words:*** *upbringing, customs, folk pedagogy, proverbs, ethnopedagogy, literary works.*

Адамзаттын тарыхынын кайсы гана мезгили болбосун бала тарбиялоо маселеси эң башкы маселе болуп келгени талашсыз. Ар бир эл, инсан, өз баласын жакшы адам кылып тарбиялагысы келет. Байыртан ата-бабабыз ар бир сөзүн балага ар тараптуу тарбия берүүгө багыттаган. Канча кылымдар бою жашаган каныбызга сиңип, каада-салтыбызга чөгөрүлгөн алтын сындуу тарбиялык жагдайлар көзгө көрүнбөгөн, көңүлгө сезилбегендей көнүмүш адатка айланып калган.

Элдик педагогиканын табылгалары, өзгөчө көлөмү жагынан зор, көркөмдүүлүгү көкөлөгөн ондогон дастандар менен чакан, бирок мазмуну терең макал-лакап, табышмактарда, санат-насыяттарда ырааттуу, ар тараптуу чагылдырылып, өркүндөп-өсүп, калыптанган.

Ал эми байыркы бабалардын турмуш практикасынан жаралган каада-салттар, урп-адаттар нечен муундардын элегинен өтүп, улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланган.

Ошентип, тарбиялоого байланышкан түшүнүктөр педагогикалык билимдин алгачкы түйүндөрдү илим дегендин өзүнчө өмүр сүрүшүнөн кабар жок мезгилде эле пайда болгон. Эгерде илимий педагогикалык акыл-ой түздөн-түз педагогодорго арналса, ал эми элдик педагогика бөбөктөрдөн баштап өбөктөгөн карыларга чейин баарына тиешелүү, баарына түшүнүктүү билим,өрнөктүү тажрыйба. Анын мазмуну жалпы журттун максат-мүдөөлөрүнө төп жана ортоктош. Ошондуктан элдик педагогика эчен кылым бою бүтүн улуттун оюна айбат, боюна кайрат берип, анын рухун асылдандырып, белгилүү өлчөмдө улуттук идеологиянын милдетин да өтөп келген.

Элибиз элдик салттардын жакшы үлгүлөрүн үйрөтүп балдарын тарбиялаган. Адамдык жакшы сапаттарды, касиеттерди, өнөкөттөрдү бекемдеп ак пейил, чынчыл, күйүмдүү, сыйчыл, баамчыл, туруктуу, бир сөздүү, оор басырыктуу болууга үйрөтүшкөн. Элибиз бала тарбиялоого жоопкерчилик менен карап, олуттуу караган түптүү эл экендиги элдик накыл кептерден байкалып турат. «Эгер бир жылдык пайданы көздөп, түшүм алгың келсе - эгин эк, эгер он жылдык пайданы көргүң келсе - дарак тик, а эгер жүз жылдык пайда көргүң келсе - бала тарбияла»,- деп айтылат. Кылымдан кылымга, доордон доорго кыргыз эли тарбиялоонун мыкты үлгүлөрүн жаратып, сактап, аны улам кийинки муундарга калтырып, таалим-тарбия берип келген [1].

Уюткулуу тарбия көрөңгөсүнөн таасир, таалим алып, өз элинин мыкты адамы болуп, ата салтын, эне адебин, үлгүсүн улантып келген элибиз азыркы учурга жаңы кылымга келди. М: Улууга кичүүнүн саламдашуусу, ызаат, урмат көрсөтүүсүнөн баштап жашообуздун ар бир көз ирмеминде жашаган, наристе баладан карыяга чейинки жаш курактагы адамдын өзүнө тиешелүү адат болгон салты бар. Бул салттар биздин муунга ата-бабадан мурас болуп калган байлыгыбыз. Ал эми адабий чыгармаларыбыздын бардыгында баланы тарбиялоого байланышкан салттар жашайт. Макал-лакаптардан баштап улуу «Манас» эпосуна чейин элибиздин каада-салтты чагылдырылат. «Карынын кебин капка сакта,» «Кары келсе ашка, жаш келсе ишке,» «Карысы бардын ырысы бар,» «Карыя билгенин айтат, жаш көргөнүн айтат» деген макалдар карынын сөзүн угуп, сыйлоого жаштарды тарбияласа, кары өзүнүн насилин сактоого багытталат.

«Байлыгың күнүмдүк, билим түбөлүк,» «Өнөр түгөнбөс азык, жоголбос байлык,» «Жердин жарыгы-күн, элдин жарыгы-билим,» «Күчүңө ишенбе, акылыңа ишен», «Билимдүү билсе да сурайт, билимсиз билбесе да сурабайт» деген сыяктуу макалдар өнөргө, билимге тарбиялайт. Башкача айтканда, элдик педагогикалык табылгалар көркөм чыгармалардын бардык жанрларында көлөмү чакан, бирок мазмунун терең макал-ылакаптарда, санат-насыят ырларында ар тараптуу тарбия берүүгө багытталып, калыптанган.

Кыргыздын муундан-муунга өткөн салттары, урп-адаттары нечен кылымдардан бери жашоонун элегинен өтүп, өрнөктүү эрежесине айланган. Эл акындары ар бир сөзүндө бул эрежени сактаган.

М:Жеңижок акын,
“Сөз кадырын биле албайт”
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт,
Башына акыл жукпаган” [2] - деп кепке кулак салуу, акыл табуу адатына тарбияласа,
Токтогул “Санат” ырында
“Көпкөн жигит көп сүйлөйт”,
Чечен жигит эп сүйлөйт,
«Азамат болсоң, боз балдар,
Ачык айтып, ак сүйлө,
Орундуу кепти талашып,
Онтобой сөздү бат сүйлө»,- дейт.

Сүйлөө маданияты элибизде жогору бааланып келгенин бир топ чыгармалардан көрөбүз. Ал эми элдик педагогиканы элдик оозеки чыгармачылыктан, эл тарыхынан, каада-

салттарынан, ырым-жырым, үрп-адаттардан ажыратып кароого мүмкүн эмес. Элдик салттардын жакшы үлгүлөрүнө тарбиялап, адамдык жакшы сапаттарды, адаттарды калыптандырып, ак пейил, эмгекчил, чынчыл, баамчыл, туруктуу, элин, жерин сүйүп, кадырлаган, оор басырыктуу болууга тарбиялагандыгы көркөм чыгармаларда сакталып келди. Адам турмушундагы ар бир жакшы көрүнүштөргө ынгайлуу салттарды, ырым-жырымдарды калк өнүктүрөт. Ар бир бала өз ата салтын улап, аны байытуу, руху таза, айкөлдүк, боорукерлик, күйүмдүүлүк, патриоттук сыяктуу жакшы сапаттарды өзүнө калыптандырууга милдеттүү. Кыргыз элинин көп кылымдарды баскан салттарынын көбү балалуу болуу, бала тарбиялоо, багып өстүрүү, адам катарына кошуу маселесине байланышкан.

М.: Бала жаңы төрөлгөндө сүйүнчүлөө салтынан баштап көптөгөн салттар балага арналган.

М: «Манас» эпосунда Акбалтанын Жакыпка сүйүнчүлөшү, сүйүнчү алышы сыяктуу салттар чыгармаларда көп кездешет. Балага ат коюу, жентек той, тушоо тою ж.б. салттар да көркөм адабиятта негизги орунду ээлейт.Атайын карын май бузуп, баланы оозандыруу, элге ооз тийгизүү салты, куттук айтуу жөрөлгөсүн да белгилей кетсек болот. Ат коюу жөрөлгөсү «Манас» эпосунан да, ж.б. көп чыгармаларда берилген.

Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романында ушул салтка байланышкан бир үзүндүнү алсак: Исхак менен календер кыз төрөлгөн үйгө туш келишет.

-Кана эми, айланайындар, атын бирдеме деп коелу - деди төрөткөн зайып.

-Ыя, аты Адаш болсунбу? Эптеп эл ичинде адашып эсен жүрсүн...

Календер баш чайкады:

-Баланын атын тилек менен, үмүт менен коюу лазим. Ойго келгендей кое беришке болбойт. Жакшы коюш керек баланын атын. Көп ичинде эптеп эле күн көрүп, адашып эле жүрбөсүн. Көп ичинен өз жолун таап жүрсүн, өз ордун, өз сыйын таап отурсун, бактылуу болсун. Мен ушундай тилек кылдым, кызым. Чүрпөңдүн аты Бакбүбү болсун!

-Оозуңарга май, атаке, айтканыңыз келсин,-деди жаңы көздүн ээси.

Календер жаңы көздүн бетин ачып, жылмайып, көңүл менен тиктеп:

-Бакбүбү! Э, Бакбүбү! Бакбүбү!...-деп үч жолу азан чакырып, атын койду [5].

Демек, ата-эне баланын атын коюу үчүн башкалар менен кеңешип, жөрөлгөсү менен койгон. Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинде берилген «Бугу эне» жомогу жөн эле киргизилген эмес. Бул жомокто кыргыздын өткөн жоокерчилик замандагы турмушу, жаратылышка көз каршы, мамилеси, тарбиялык салты жатат. Момун ата-бабанын салтын сактоого, аны балага же өз урпагына берүүгө далалат кылат.

Кыргыздын байыркы карт тарыхынан баштап эле жаратылыш менен эриш-аркак жашоо, мекенди коргоо идеясы жашап келген. «Кожожаш» эпосу - ошол эзелтеден табиятка жакын элибиздин аны сактоо, кыянаттык кылбоого болгон көз карашын, бузулбас мыйзамын сактап келген эпос.Эпостогу Кожожашка болгон табияттын ортосундагы мамиле кыргыз эпосторунун дээрлик бардыгында теӊ жолугат. Табиятка таттуу мамиледе болуу тарбиясы жөө жомоктордо да сакталган. «Алтын куш» жомогундагы башкы каарман өз максатына карышкырдын жардамы менен жетет. Карышкыр табияттын өкүлү, ага жакшы мамиле жасагандыгы, ата-энеси үчүн кыйын жолго аттанышы менен каарманыбыз тарбиянын жакшы үлгүсү катары көрсөтүлгөн. Тарбиялоодогу ар түрдүү этнопедагогикалык булактар элдин тарыхында, салт-санаасында, үрп-адаттарында, нуска сөздөрүндө камтылган.Андыктан аларды кастарлап күтө билүү, ыйык таберик катары сактоо милдетибиз болуп, улуттук адеп - салтыбыздын, ар-намысыбыздын башаты катары пайдалануубуз керек.

Акын Ж. Садыковдун «Бата жөнүндө ой» деген ырында айтылган бата тууралуу берилген ой элибиздин жөнөкөй, бирок улуу тарбиялык мааниси бар салттары көңүлгө уюп, жүрөккө жылуу сезим калтырат.

Айрымдарга жакпас,мүмкүн,жакпаса,
А мен үчүн ыйык нерсе ак бата.
Кылымдарды келе жатат карытып,

Неге болбойт жакшы салтты сактаса?
Байкап көрсөн ак сакалдуу адамды,
Суу куйганда алкап сенин балаңды:
-Өмүрлүү бол, таалайлуу бол садага,
-Эл уулу бол! - деген кандай жакшы кеп!
Өмүр тилеп, таалай тилеп, бак тилеп,
-Эл уулу бол! - деген кандай жакшы кеп!
Мунун баары алалдыкка чакыруу,
Адамдарга тилеп жаткан ак тилек.

Ырас, элибиздин салттарынын тарбиялык жагы жөнүндө узун сабак сөз кылса болот. Салт тээ байыркы заманда келаткан элдик пейил, ал жүрүп олтуруп мүнөзгө, жашоо образга айлаган өз ара катнашуунун, дидар көрүшүүнүн, ыймандык парасаттын сактоочусу болуп келүүдө.Бирок алардын баары жөнүндө бир иштин ичинде кеңири айтууга мүмкүн эмес, ал келечектин иши болуп калууга тийиш.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А.Алимбеков. «Кыргыз этнопедагогикасы». - Б., 1996
2. Жеңижок. "Ырлар". Ф.: 1982
3. «Манас» 1-китеп (Орозбаков). - Ф., 1978
4. Т.И. Искандаров, В.И. Асханов. «Здроровый образ жизни: восточные традиции и современность». -Т., 1989
5. Т.Касымбеков. «Сынган кылыч». - Ф., 1971.
6. М.Тентимишов. «Атың жакшы Ысыккөл». - Б., 1992
7. Т.Сыдыкбеков. «Табылга».-Б., 1991
8. Ч. Айтматов. II томдук. - Ф., 1982.


* * *

**УДК 372.851**

# МАТЕМАТИКА ПРЕДМЕТИН ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ПРЕДМЕТТЕРИ МЕНЕН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ОПТИМАЛДУУ ЖОЛДОРУ

***Мурзабаев Көчкөнбай Кудайбердиевич - п.и.к., ОшМУнун доценти***
***Акбарали уулу Дастанбек - ОшМУнун окутуучусу***

***Аннотация:*** *Интеграциялап окутуу чеберчилик менен сабак өтүүгө мугалимдердин даярдыгын талап кылып, ар тараптуу, кызыктуу материалдарды издөөгө, техниканы колдонуу менен сабак өтүүгө аларды мажбур кылат. Айрыкча тектеш предметтерди интеграциялоо жакшы натыйжасын берип, келечек муундарды туура тарбиялоого түрткү берет. Интеграциялап окутуунун актуалдуулугу чыныгы дүйнөнү мектеп предметтери аркылуу толук таанып-билүүгө карата аракеттенүүдө турат. Азыркы учурда чыныгы дүйнө тууралуу билимди бөлүктөп окутуу аркылуу эмес, интеграциялап окутуу аркылуу алуу маселеси өз актуалдуулугун көрсөтүүдө. Предметтерди интеграциялап окутууда окуучуларда ар түрдүү предметтик областтардан алынган маалыматтарды колдонуу менен терең жана ар тараптуу билимдерди алуу мүмкүнчүлүгү жаралат. Мындай окутуунун натыйжасында окуучунун билими толук болуп, чыныгы дүйнө тууралуу түшүнүгү бир бүтүндүүлүккө айланат.*

***Негизги сөздөр:*** *Предметтерди интеграциялоо, интеграциялап окутуунун методикасы, интеграциялап окутуу, билим берүүнүн мазмуну, интеграцияланган сабак, интеграциялык процесстер, предмет аралык интеграция.*

# ОПТИМАЛЬНЫЕ ПУТИ ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ ПРЕДМЕТА МАТЕМАТИКИ С ЕСТЕСТВЕННО-НАУЧНИМИ ПРЕДМЕТАМИ

***Мурзабаев Кочконбай Кудайбердиевич - к.п.н., доцент ОшГУ***
***Акбарали уулу Дастанбек - преподователь ОшГУ***

***Аннотация:*** *Интегрированное обучение требует подготовки учителя для проведения занятий на высоком уровне, поиска универсального и интересного материала, использования современной техники в обучении. Особенно продуктивна интеграция однородных предметов, которая дает стимул образованию молодого поколения. Актуальность интегрированного обучения состоит в более полном познании реальной действительности с помощью школьных предметов. В настоящее время приобретает особую актуальность получение знаний о реальной действительности не путем раздельного обучения, а с помощью интегрированного обучения. На интегрированном уроке учащиеся имеют возможность получения глубоких и разносторонних знаний, используя информацию из различных предметных областей. В этом случае знания ученика становится полными, а понятия о реальной действительности являются целостными.*

***Ключевые слова****: Интеграция предметов, методика интегрированного обучения, интеграционное обучение, содержание образования, интеграционный урок, интеграционные процессы, межпредметная интеграция.*

# OPTIMAL WAYS TO IMPROVE THE QUALITY OF INTEGRATED TEACHING OF MATHEMATICS WITH THE SUBJECT OF NATURAL SCIENCES

***Murzabaev Kochkonbai Kudaiberdievich - candidate of pedagogical sciences, associate professor,***
***Akbarali uulu Dastanbek - teacher OshSU***

***Abstract:*** *Integrated education requires teacher training for conducting high-level classes, searching for universal and interesting material, and using modern technology in teaching. Particularly productive is the integration of homogeneous objects, which provides an incentive for the formation of the younger generation. The relevance of integrated learning lies in a more complete knowledge of reality with the help of school subjects. At the present time, acquiring knowledge about the real reality is acquiring special relevance not through separate training, but through integrated training. In an integrated lesson, students are able to obtain deep and versatile knowledge using information from a variety of subject areas. In this case, the student's knowledge becomes complete, and the concepts of reality are integral.*

***Key words****: The Integration of subjects, the method of integrated education, integration education, educational content, integration lesson, integration processes, interdisciplinary integration.*

Интеграциялап окутуу көлөмү боюнча чоң маалыматтарды кыска мөөнөттүн ичинде жеткирүүгө, окуучулардын алдына проблемаларды коюуга, аларды чечүүнүн жолдорун көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, алар окуучулардын абстрактуу ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Интеграциялап окутуу образдуу ой жүгүртүүлөрү өнүккөн окуучулардын билим алуусунун натыйжалуулугун жогорулатат, окууга болгон кызыгууларын күчөтөт, иштөө жөндөмдүүлүктөрүн арттырат, ошондой эле тандалып алынган темалар боюнча керектүү аныктамаларды, терминдерди байланыштырып айта билүүсүн өнүктүрөт. Интеграциялап окутуу-билим берүүнү өркүндөтүп өстүрүүгө оң таасирин тийгизүү максатында көпчүлүк илимдердин жетишкендиктерин бириктирүү. Мында математика предмети менен традициялуу байланышкан табигый илимдер предметтеринин негизин

пайдалануу. Мына ушул илимдердин жаңы жетишкендиктери бир идеяга топтоштурулганда гана, алар интеграциялап окутуунун жаңы технологиясын иштеп чыгууга негиз боло алат [5].

Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуунун негизинде окуучулар бул дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ деген концепция жатат. Илимий изилдөөлөрдүн негизинде алынган илимий маалыматтар дүйнөнүн объективдүү сүрөттөлүшүн түзүп турат. Ошондуктан, математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуу процесси дүйнөнүн объективдүү, илимий сүрөттөлүшүнүн негиздерин бериши зарыл. Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутууну ийгиликтүү ишке ашыруу максатында мугалимдер интеграцияланып өтүлүүчү ар бир сабакты уюштурууда ар бир окуучуга аныкталган илимдердин негиздерине ээ болуп жаткандыгына анын өздүк ишенимин пайда кылуу зарыл [13]. Математика предметин интеграциялап окутууда ылайыктуу тандалып алынган темалар окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө шарт түзөт. Алынган жыйынтык окуучунун мүмкүнчүлүгүнө болгон ыраазылыгын пайда кылат, предметке болгон кызыгуусун ойготот. Албетте, интеграциялап окутууда темаларды туура тандап алуу, окуучулардын өсүш деңгээлине жараша мугалим тарабынан системалуу жүргүзүлүшү максатка ылайык келет [1]. Тандалып алынган темалар боюнча интеграциялап окутууга карата түзүлгөн тапшырмалар окуучулардын математика жана табигый илимдерине жана алардын айрым бөлүктөрүнө болгон кызыгууларын арттырууда зор роль ойнойт. Негизинен бул тапшырмалар издөөчүлүк мүнөздө болушу мүмкүн. Тапшырмалар негизинен өтүлгөн материалдарга байланыштуу түзүлөт. Ал эми кай бир учурларда анын аткарылышы окуучулардан программадан сырткары билимдерди талап кылат. Мындай тапшырмалар окуучулардын ой жүгүртүүсүн активдештирип, ойлоп табуучулук жөндөмдүүлүгүн арттырат. Кээ бир учурларда окуучулар өздөрүнүн теориялык билимдеринин начар деңгээлде экендигин сезишет, билимге өз алдынча ээ болуу ыкмаларын издей башташат [2].

Математика предметин интеграциялап окутууда практикалык методдун ролу талашсыз, айрыкча турмуштук маселелерди чыгаруунун ыкмаларын калыптандырууда, теорияны практика менен байланышын чыңдоодо. Бирок практикалык методдор интеграциялап окутуунун милдеттеринин бүткүл чөйрөсүн чече албайт, анткени ал методдор теориялык билимдерди системалуу жана терең өздөштүрүүнү, логикалык сөздүн жана абстрактуу ой жүгүртүүнүн өнүгүшүн камсыз кыла албайт [3].

Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуу процессинин концепциясы, азыркы кездеги концепция болуп туруп, ага чейин жашап келген башка мамилелерди толугу менен четке кагып таштабайт, тескерисинче аларга таянат, мурунку жылдарда педагогикалык илимде жана практикада иштелип чыгарылгандардын жакшы, натыйжалуу жактарынын бардыгын өзүнө камтыйт [7]. Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуу өзүнүн маңызы боюнча диалектикалуу, ошентип бардык сабактарда универсалдуу, натыйжалуу боло албаса да, интеграциялап окутуу окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн ырааттуулук жана максатка багытталгандык менен активдештирүүнү болжолдойт, бул процесстин негизинде окуучулар жаңы билимдерди активдүү өздөштүрүшөт. Интеграциялап окутуу көбүнчө чыгармачылык ыкмаларды, окуу-таанып- билүү жана ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн колдонулат, билимдерди бир кыйла ойлонуштуруп жана өз алдыларынча өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт, окууга чыгармачылык менен мамиле кылууга, активдүүлүгү, аң-сезимдүүлүгү сыяктуу окуучулардын мүнөздөрүн өнүктүрөт [8].

Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутууда жаңы ойлорду, маалыматтарды байкоого, аны талдоого, ага карата өз оюн айтууга, ошол эле маселе боюнча башка предметтердеги маалыматтарды салыштырууга негизги көңүл бурулууга тийиш. Бир эле маселе боюнча бир нече предметтерден алынган ойлорду салыштыруу, жалпылоо жана системалаштыруу интеграциялап окутуунун негизин түзөт. Математика предметин интеграциялап окутууда, ар бир мугалим жөн гана жаңы материалды

түшүндүрбөстөн, ал материалды мүмкүн болушунча бардык окуучулар терең өз алдынча ойлонуу менен кабыл алгандай педагогикалык кырдаалды түзүшү керек [6].

Математика предметин интеграциялап окутууну ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн төмөнкү иш аракеттерди колдонуу зарыл:

- ар бир өтүлүп жаткан жаңы материалдын маанисин жана баалуулугун баса көрсөтүү;
- ар бир сабактын алдында жана жүрүшүндө мүмкүн болушунча ар бир окуучуну сураганга жетишүү;
- ар бир өтүлүп жаткан жаңы материалды түшүндүрүүнүн алдында анын кайсы предметтер менен байланышын, айкалышын көрсөтүү;
- математика предметин интеграциялап окутуу процессинде ар бир окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү катышкандай педагогикалык абалды түзүү;
- теориялык алган билимдерин практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн пайда кылуу [4].

Орто мектептерде өтүлүүчү ар бир предмет өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша белгилүү бир система менен, бекитилген ыраттуулукта өтүлүшү зарыл. Ошол сыяктуу эле математика предметин интеграциялап окутууда дагы окуучулар аныкталган удаалаштыкта жана белгилүү бир системада ишмердүүлүктү жүргүзүшү зарыл [9]. Демек, математика предметиндеги өтүлүп жаткан материал менен табигый илимдер предметтеринин жардамында түшүндүрүлгөн материалдардын ортосунда абдан жакшы интеграциялануу орун алыш керек. Математика предметин интеграциялап окутууда окуучулар билимди сөзсүз түрдө абдан терең ойлонуу менен кабыл алуулары керек жана ал узакка чейин эсте калышы керек. Ошондуктан кээ бир учурларда мугалим берилип жаткан билимдин бышыктыгына көңүл буруугa тийиш. Өтүлүп жаткан материалды окуучу жөн гана механикалык жаттап алуусуна эмес, ал материалды терең өздөштүрүүсүнө жана турмушта колдоно билүүсүн уюштуруу керек [14].

Математика предметин интеграциялап окутууда ар бир окуу материалы ар бир класстын мүмкүнчүлүгүнө жараша, ар бир окуучунун кабыл алуу деңгээлине ылайык берилиши зарыл. Тактап айтканда, интеграциялануучу окуу материалы көлөмү боюнча, сапаты боюнча окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө ылайык болушу керек. Эгерде ал көлөмү жагынан аз, сапаты жагынан жеңил болуп калса, анда окуу материалы окуучулардын активдүүлүгүн, аң сезимдүүлүктөрүн пайда кылбайт. Тескерисинче эгерде окуу материалы көлөмдүү жана оор болуп калса, анда аны кабыл алуу мүмкүн болбой калат. Окуу материалы жеңилден оорго, белгилүүдөн белгисизге жана жөнөкөйдөн татаалга багытталышы зарыл [4].

Интеграциялап окутуу процесси чындыкты түшүндүрүү эмес, аны кантип табууга багытталышы зарыл. Предметтерди интеграциялап окутууда, ар бир окуу предметине тиешелүү илимий, чыныгы текшерилген маалыматтарды туура жана так берүү керек. Ошондуктан интеграциялап окутуу процессинде илимий изилдөө методдоруна жакын жана шайкеш келген методдорду колдонуу керек [12].

Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окуткан учурда окуучулар ар бир предметтен берилген суроолорго жооп издөө менен өздөрүнүн алган билимдерин реродукциялап гана тим болушпастан, өз алдынча изденүүгө дуушар болушат. Анын натыйжасында алар таанып-билүүнүн улам жаңы баскычтарына көтөрүлүшөт. Билим алууга чыгармачылык менен мамиле жасашып, өтүлүп жаткан материалды жөн гана кабыл алышпастан ал жөнүндө өз ойлорун айтууга, анын дагы жаңы жактарын, көмүскөдө калган маалыматтарды билүүгө умтулушат [10]. Окуучулардын билимдери жана практикалык ишмердүүлүктөрү эң жогорку деңгээлде болушу үчүн математика предметин интеграциялап окутуу зор мааниге ээ. Бул окутуунун эң өркүндөтүлгөн түрү же окуучунун өз алдынча билимге ээ болуусунун эң жогорку деңгээли болуп эсептелет. Тандалып алынган темаларды окутуу методдорунун мазмуну жана формасы мындан ары да өркүндөтүлүүгө тийиш. Математика предметин интеграциялап окутууда окуучу өзүнүн мурдагы ээ болгон билимдерине таянып жогорку деңгээлдеги ойлонууну талап кылган аракеттерди аткарат. Негизинен интеграциялап окутуу окуучуларды өз

алдынча окуп-үйрөнүүгө көндүрүү багытында өнүгүшү керек [11]. Мында негизги максат - ар бир окуучунун таанып-билүү өз алдынчалыгын, сын көз караште активдүү ойлонуусун, чыгармачылык ишмерүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат. Кийинки учурларда көпчүлүк мугалимдердин көңүлдөрү интеграциялап окутууга бурулууда. Бул аракеттер бекеринен эмес. Анткени интеграцияланган сабактардын өтүлүшү окуучуларды ар кандай фактылардын суммасы менен гана куралдандырбастан, алардын аң сезиминин, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүнүн максималдуу өнүгүшүн камсыз кылат. Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуу учурунда окуучунун ишмердүүлүгү ар дайым чыгармачылык мүнөзгө ээ болушу керек.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Бабанский, Ю.К. Активность и самостоятельность учащихся в обучении. Избранные педагогические труды. – М.: Педагогика, 1989. – 560 с.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2015. – 384 б.
3. Федорова В.Н. Межпредметные связи: На материале естественно-научных дисциплин средней школы / В.Н. Федорова, Д.М. Кирюшкин. – М.: Педагогика, 1972. – 122 с.
4. Мамбетакунов Э. Физиканы окутуу теориясы жана практикасы −Б.: КНУ им Ж.Баласагына, 2004. −490 б.
5. Мурзабаев К.К. Математиканы окутууда интеграцияланган сабактын артыкчылыктары. Материалы IV-ой Международной научно-практической конференции “Актуальные проблемы теории и практики подготовки педагогических кадров” / К.К. Мурзабаев. – Бишкек, 2019. – С. 151-155.
6. Мурзабаев К.К., Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуунун зарылдыгы /К.К. Мурзабаев// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2022. – №5. – С. 140-144
7. Калдыбаев С.К. Обновление содержания школьного образования в Кыргызской Республике / С.К. Калдыбаев, З.А.Кадырова // Международный журнал экспериментального образования. – М., 2016. – №12-2. – С. 171-175.
8. Мурзабаев К.К., Калдыбаев С.К. Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуунун айрым жолдору. Alatoo Academic Studies. – Бишкек, –№ 2. – С. 36-43.
9. Калдыбаев С.К. Научить молодежь думать, размышлять и анализировать в изучении математики / С.К. Калдыбаев, М.Э. Садиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2017. – №5. – С. 28-30
10. Берулава М.Н. Интеграция содержания образования / М.Н. Берулава. – М.: Совершенство, 1998. – 220 с.
11. Федосеев П.Н. Философия и интеграция знаний / П.Н. Федосеев // Вопросы философии. – М., 1978. – №7. – С. 16-30.
12. Максимова Н.В. Межпредметные связи и формирование познавательного интереса / Н.В.Максимова. – Ленинград, 1976. – 205 с.
13. Мурзабаев К.К., Математика предметин табигый илимдер предмети менен интеграциялап окутуунун сапатын жогорулатуунун жолдору /К.К. Мурзабаев, Э.Ж. Ажиматова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2022. – №8. – С. 198-202
14. Браже Т.Г. Интеграция предметов в современной школе / Т.Г. Браже // Литература в школе. – М., 1996. – №5. – С. 150-154.


* * *

**УДК 371.3: 494.3:8.085.4**

# ОКУМУШТУУ К. САРТБАЕВДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК МУРАСТАРЫН ОКУТУУ

***Мусаева В.И. - И.Арабаев атындагы КМУнун профессору, п.и.д.***
***Байбосова Д.К. - А.Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникумунун окутуучусу***

***Аннотация:*** *Бул макалада этнопедагог окумущтуу К.Сартбаевдин жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу-нормативдик документтерден баштап окуу программа, окуу китептерин, окуу-методикалык комплектилеринин этнопедагогикалык негиздери тууралуу, тактап айтканда, профессор Каратай Сартбаевдин илимий-методикалык мурастарынын биринчи этабын окутуу тууралуу сунуш-пикирлер орун алды.*

***Түйүндүү түшүнүктөр****: башталгыч мектеп, кыргыз тили, алиппе, К. Сартбаев, окуу программа, окуу китеби, илимий-методикалык ишмердүүлүгү, этнопедагогикалык негизин окутуу.*

# ОБУЧЕНИЕ НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКОГО НАСЛЕДИЯ К. САРТБАЕВА В ЭТНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОМ НАПРАВЛЕНИИ

***Мусаева В.И.- д.п.н., профессор КГПУ им. И.Арабаева***
***Байбосова Д.К.-преподователь финансово-экономического колледжа им.А.Токтоналиева***

***Аннотация:*** *В данной статье идет речь об обучении этнопедагогические основы первого этапа научно-методические наследие Каратае Сартбаеве, который научно-методически обосновал методику обучения в общеобразовательных школ, а также который является автором учебно-нормативных документов, учебных программ и учебников начальной школы.*

***Ключевые слова****: начальная школа, кыргызский язык, букварь, К. Сартбаев, учебная программа, учебник, научно-методическая деятельность, обучение этнопедагогические основы*

# UCHENYY K. PREPODAVANIYE NAUCHNO-METODICHESKOGO NASLEDIYA SARTBAEVA V ETNO-PEDAGOGICHESKOM NAPRAVLENII

***Musayeva V.I. - Doctor of Pedagogy, Professor of KSPU named after A.I. I. Arabaeva***
***Baibosova D.K.-teacher of financial and economic college named after A. Toktonalieva***

***Annotation:*** *This article tells about the scientist Karatan Sartbaev, who scientific-methodically substantiated the method of teaching primary classes in the Kyrgyz Republic, and who is also the author of educational and normative documents, curricula and primary school textbooks*

***Key words****: elementary school, Kyrgyz language, alphabet, K. Sartbaev, autobiography, curriculum, textbook, scientific and methodical activity, etnopedagogika*

Даанышман этнопедагог, чыгаан окумуштуу профессор Каратай Сартбаев кыргыз алиппесинин негиздөөчүсү, алгачкы ирет этнопедагогикалык багытта окуу куралдарын иштеп чыккан И.Арабаевдин илимий-методикалык мурастарын улантуучу, сактоочу, жайылтуучу катары биздин эсибизде сакталып калды. Анткени, К.Сартбаев И.Арабаев атындагы КМУга Арабаевдын ысымын ыйгарууда, И.Арабаев атындагы сыйлыкты негиздөөдө демилгечи катары кызмат өтөө менен бирге эле И.Арабаев атындагы КМУнун

педагогика факультетинин базасында өзүнүн жеке демилгеси жана жеке каражаты менен И.Арабаевдин музейин түзүп, калтырган.

Ошону менен бирге эле, эл аралык “Ч.Айтматов” клубунун мүчөсү болуу менен бирге эле залкар жазуучу Ч.Айтматовдун балдарга арналган адабий чыгармаларын башталгыч класстардын окуу программаларына жана адабий окуу китептерине киргизүүдө, аларды мектепте окутууга жайылтууда зор эмгек сиңирген. Ошону менен катар Ч.Айтматов боюнча студенттерге курстук иштерди жана дипломдук иштерди жаздырууга да өзгөчө маани берген. Бул макалада окумуштуунун “эмгек жолунун биринчи баскычы болгон анын 1960-1988-жылдарда Кыргыз илим-изилдөө институтундагы илимий-методикалык мурастарын окутуу” (Мусаева В.И.) тууралуу сөз кылмакчыбыз.

“Дегинкиси кыргыз тили жөнүндө 20-кылымда басылып чыккан китептер туурасында сөз болгондо улуу агартуучубуз Эшенаалы Арабай уулунун [2,3,4] ысымын атабай кетүүгө [5] болбос...” “Кыргыз тили боюнча термин иштеп чыгуу, атоо маселелерин жөнгө салуу, түшүнүктөрдү чечмелөө жагы Касым Тыныстановго [25,26,27] таандык болсо латын арибинде алгачкы алиппелерди жазып, жалпы сабатсыздыкты жоюуда Сатыбалды Нааматов [7,8,9,10,11,12,13,14,15] зор эмгек жумшагандыгын тарых тастыктап отурат. Мына ушул биздин алгачкы агартуучуларыбыздын “тил боюнча жазылган алгачкы эмгектери практикалык мүнөздө окууну, жазууну үйрөтүү же сабатсыздыкты жоюу максатында жазылса” [6.5] кийинки “Кыргыз мектептеринин башталгыч класстарында “Кыргыз тилин окутуу методикасынын” (1965-1978) эки жолу кайталанып мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутулушу бул - көп жылдар бою эмгектенген кыргыз тили илиминин кандидаттары С.Турусбеков, Б.Рысбекова, К.Сартбаев тарабынан жазылгандыгын” [24.8] педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Осмонкулов белгилеген.

Профессор Каратай Сартбаев 1960-жылдан 1988-жылга чейин 28 жылдык бүткүл өмүрүн, эмгегин жана мээнетин башталгыч класстарда эне тилинен билим берүүгө арнап, алгач, күндүзгү аспирантурадан окуу, илимий ишти коргоодон баштап, андан соң илимий кызматкер, кийин башталгыч класстар боюнча сектор башчысы катары бир нече жылдар бою үзүрлүү эмгектенүү менен өзүнүн аркасында илимий-методикалык бай мурастарды калтырган. Ошол мезгилдерде Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтундагы Каратай Сартбаев башында турган башталгыч мектептер боюнча сектор Кыргыз ССРиндеги билим берүү системасындагы эки чоң тармактын окуу-тарбия маселелеринин тегерегинде илимий-изилдөө иштерин алып барып турган. Алар: 1) Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги окуу-тарбия иштери; 2) Жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарында окуу-тарбия иштери. Бул жерде окуу-тарбия иштери деп жалпысынан карап жатканыбыз менен чечмелей келгенде ошол мезгилдерде Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтундагы аталган сектордо жогоруда аталган системалуу багыттар боюнча төмөндөгүдөй илимий-методикалык изилдөө иштери аткарылып турган. Алар:

Мектепке чейинки билим берүү мекемелери жана жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстары үчүн ар бир предметтин окуу пландары, окуу программалары, окуу китептери жана окуу-методикалык комплектилер түзүлгөн.

Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтундагы башталгыч класстар секторун жетектеп, бир нече жылдар бою эмгектенип, кесиптештери жана шакирттери менен бирге мектепке чейинки мекемелерде жана башталгыч мектептерде билим берүү, окуу-тарбия маселелери боюнча жогоруда аталып кеткен бир катар олуттуу жана алгылыктуу илимий-методикалык эмгектерди жаратышкан.

Педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы КМУнун профессору В.И.Мусаеванын эскерүүсүнөн: “Профессор Каратай Сартбаев менен 1982-1988-жылдары Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунда (азыркы Кыргыз билим берүү акадаемиясында) кесиптеш катары бирге иштешип калдык. Профессор К.Сартбаев ал мезгилде башталгыч класстардын сектор башчысы кызматын аткарчу. Ар дайым жаш окумуштууларга акыл-насаатын айтып тураар эле. Бир жолу «Башталгыч класстарда кыргыз

тилинин орфографиясын окутуу» (Фрунзе, «Мектеп» 1983, 88бет) аттуу мугалимдер үчүн колдонмосун өзүнүн кол тамгасын коюп, 1984-жылдын 13-январы деп жазып, белекке тапшырып, «бул китептин уландысы дагы чыгат» деп айтканы эсимде. «Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу» аттуу 2-китеп кийин 1985-жылы «Мектеп басмасынан жарык көрдү. Профессор Каратай Сартбаевдин аталган эмгектери [17,18] менин жеке китепканамда сакталуу».

Профессор К.Сартбаев башталгыч класстарда эне тилинен билим берүүдө окуу-нормативдик документтерди иштеп чыгууга жетекчилик кылган жана өзү да түздөн-түз автор катары аларды иштеп чыккан. Мисалга алсак, башталгыч класстар үчүн окуу программасын, “Алиппе” жана “Кыргыз тили” окуу китептерин, окуу-методикалык колдонмолорду [17,18,19,20,21,22,23,24] ж.б. жараткан.

Профессор Каратай Сартбаевдин акыркы мезгилге чейин колдонулуп келген “Алиппе” окуу китеби Кыргызстандын орто мектептеринде окутулуп, жаш муундардын сабатын ачууда жемиштүү пайдаланылып,окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүүдө зор кызмат аткарып келди. “Алиппе” окуу китебинин структуралык түзүлүшү, окуучуларга жеткиликтүүлүгү тууралуу азыркыга чейин мугалимдер тарабынан жылуу ой-пикирлер айтылып, колдоого алынып келет. Кыргыздын мыкты-мыкты эр-азаматтары, мурунку муундун өкүлдөрү “Каратай агайдын Алиппесинен тамга таанып, арипетрди үйрөнгөнбүз” дешип, ар дайым кайра-кайра баса белгилешип, сыймыктанышат. Ал “Алиппе” окуу китеби менен кыргыздын бир катар мууну окуп жана тарбияланып чыгышкандыгын тарых тастыктап турат. Ошону менен катар эле 3-класстар үчүн “Кыргыз тили, 4-класстар үчүн “Кыргыз тили” окуу китептери жана 4-класс үчүн “Эне тили” окуу китептери дагы бир далай жылдары бою орто мектептерде окутуу процессинде туруктуу окуу китептери катары жигердүү пайдаланылып, өз учурунда жогорку баага татыктуу болгондугу айкын. Жана башка да окуу куралдары калайык-калкка кызмат кылып, агартуу ишин алга жылдырган десек болот.

Каратай Сартбаев жалпы сабаттуулукка үйрөтүүнүн башаты жана негизи бул – башталгыч класстардан бащталаарын биринчи жолу илимий жактан негиздеп, Кыргызстандын билим берүү тарыхында алгачкылардан болуп, “сабат таблицасын” түзүп чыгып, практикага сунуштаган. “Сабат таблицасынын” логикалык уландысы катары башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуунун методикасын иштеп чыгып, бул жаатта мугалимдер үчүн методикалык колдонмолорду [17,18] жана орффографиялык сөздүктөрдү даярдап, практик мугалимдерге сунуштаган. “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы” аттуу фундаменталдуу эмгекти Султан Турусбеков, Эсенгул Бердибаев, Бурул Рысбековалар [24] менен биргелешип жазып, аталган эмгек 1965-жылы “Мектеп” басмасынан жарык көрүп, жер-жерлерге жайылтылып, окутуу процессине киргизилген.

Башталгыч класстарда билим берүү ишин системалуу жүргүзүү менен учурдун талабына жооп бере турган окутуунун жаңы ыкмаларын – “интерактивдүү окутуудагы сынчыл ойломдун элементтерин”, “стандарттуу эмес окутууну" сунуштаган башталгыч мектептерде кыргыз тилин окутууда көмөкчү окуу куралы катары дидактикалык материалдарды, таблицаларды түзүүдө тынбай эмгектенген. Учурдун талабына ылайык жаңы программа менен түзүлгөн окуу китептерине жаңычыл ыкмалар менен биринчи ирет К.Сартбаев тарабынан төмөнкүдөй кошумча окуу куралдары иштелип чыккан. Алар:

1) “Кыргыз тилинин дидактикалык материалдары” 3-4-класстар үчүн;
2) “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда дидактикалык оюндарды колдонуунун жолдору”

**Профессор К. Сартбаевдин илимий-методикалык мурастарын окутуу (1960-1988-жж.)**




К.Сартбаев окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду жазууда окумуштуулар менен республикадагы алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдер менен биргелешип, кызматташуу менен иштешкен. Мисалга алсак, Б.Үмөталиева, Ж.Мукамбаев, З.Бектенов, Ж.Сыдыгалиев, Турдумамбетова, Койгелдиева, Б.Малдыбаев, Ш.Шүкүралиев, Т.Өмүралиев, Ж.Жакыпов, У.Урустемовдор менен кеңешип, кызматташып иштешкен. Анын натыйжасында бир катар илимий эмгектер, окуу-методикалык колдонмолор жана окуу куралдары пайда болгон.

Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунда сектор башчысы катары иштеп турган учурдагы илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндө бир беткей гана кыргыз тилин окутуу маселесин карабастан, башталгыч класстарда окутулуп жаткан математика, орус тили, мекен таануу, ыр, сүрөт искусствосу боюнча да изилдөөлөргө илимий жетекчилик милдетти аткаруу менен аталган предметтерди окутууну жакшыртуу боюнча да белгилүү деңгээлде өзүнүн салымын кошкондугун белгилей кетмекчибиз.

Профессор Каратай Сартбаев балдарга алты жаштан баштап билим берүү боюнча маселенин чордонунда болуп, бир четинен анын демилгечиси катары да аталган маселеге коомчулуктун көңүлүн буруп, атайын иликтөөлөрдү жүргүзүп, баланы алты жаштан окутуунун натыйжалуулугун илимий түрдө тастыктаган. Алты жаштагылар үчүн атайын окуу программасын түзүп, педагогикалык эксперименттен өткөрүп апробациялоо менен бирге эле алты жаштан баштап билим берүүнүн актуалдуулугун жана жемиштүүлүгүн өз учурунда билим берүү тармагындагы коомчулукка далилдеп көрсөтө алган.

Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунда башталгыч класстар боюнча “Окумуштуулардын көчмө жыйындарын” жетектеп, аймактардагы мугалимдерге жер-жеринен жакындан методикалык кеңеш берип, алардын тажрыйбаларын жыйноо, жалпылаштыруу, массалык маалымат каражаттары аркылуу жайылтуу иштерин системалаштырган. Алдыңкы тажрыйбалуу практик мугалимдердин иш тажрыйбаларын жыйнап, аларды республикалык педагогикалык окууларга, мугалимдердин слетторуна, илимий-практикалык конференцияларга катыштырып, илимий докладдарды жаздыртып, илимий жыйнактарга, жергиликтүү басма сөз беттерине жарыялоого сунуштап турган. Жер-жерлердеги алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу максатында алар тууралуу газета, журналдарда макалаларды жарыялоону, радио, телевидениелерде уктурууларды жана көрсөтүүлөрдү ар дайым уюштуруп турууга демилгелүүлүк менен катышкан. Каратай Сартбаев тарабынан аткарылган бул иштер, албетте, практик мугалимдердин өз ишине кызыгып, ага жоопкерчиликтүү мамиле жасоосуна түрткү болуп, аларды ишке шыктандырган деп айта алабыз. Натыйжада, ал мугалимдердин бир катары “Билим берүүнүн отличниги” жана “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер” наамдарына ээ болууга жетише алууларына өбөлгөлөр түзүлгөн. Профессор Каратай Сартбаевдин илимий-методикалык мурастарына сересеп салып, көз жүгүртө келсек, анын дагы бир артыкчылыгын жана өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтүү менен студент жаштарга окутуп-үйрөтө алабыз. “Ал кандай артыкчылык?” деген

суроо туулушу мүмкүн. Ошол Советтер Союзу мезгилинде эле профессор К.Сартбаев окутуп-тарбиялоо, таалим-тарбия маселесин удаа, бир катарда карап, алып жүргөндүгү менен өзгөчөлөнүп турат.

Мисалга алсак, улуу маданий мурасыбыз “Манас” эпосун, андагы башталгыч мектепке ылайык тарбиялык маанидеги тексттерди, балдардын жаш курагынан баштап, окутуп-үйрөтүүнүн зарылдыгын далай жолу кайра-кайра педагогикалык коомчулукка айтып, деп келген болучу. Бул жагдайда илимий-практикалык конференцияларда, педагогикалык окууларда докладдар менен чыгып сөз сүйлөп, “Манас” үчилтигинен окуучулардын жаш курагына ылайыктуу үзүндү-эпизоддорду окуу китептерине киргизүү маселесин коюп келген эле. Профессор К.Сартбаев башка авторлордон кескин айырмаланып, биринчилерден болуп, башталгыч класстардын окуу китептерине акын-жазуучулардын көркөм адабий чыгармаларын киргизүү идеясын алып чыккан. Мисалга алсак, Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов, Жеңижок, Ч.Айтматов, Аалы Токомбаев, А.Осмонов, Муса Жангазиев, Жоомарт Бөкөнбаев сыяктуу ж.б. акын-жазуучулардын чыгармаларынан үзүндүлөрдү окуу китептерине киргизип, окуучуларга окутуу аркылуу окуучулардын көркөм адабиятка болгон табитин өстүрүү, дүйнө таанымын кеңейтүү, сөз байлыгын жыйноо, алдыңкы жүрүм-турумга тарбиялоо, Ата Мекенин сүйүүгө, эмгектене билүүгө, аны баалоого, табияттын кооздугун сезип-туюу менен аны коргоого, сактоого окутуп-тарбиялоо максатын алдыга койгон.

К. Сартбаев, ошондой эле, таанымал педагог окумуштуулардын илимий эмгектерин изилдөөчү жана аларды орус тилинен кыргыз тилине которгон котормочу катары да эмгектери бар экендигин айтып кетмекчибиз.

К.Сартбаевдин башталгыч класстарда эне тилинен билим берүү боюнча окуу-нормативдик документтерди, окуу-методикалык комплектилерди жазууда басып чыгарууда жана мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтууда сиңирген эмгектери жана калтырган этнопедагогикалык багыттагы илимий-педагогикалык мурастары тууралуу атайын системалуу илимий изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгы турат.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Акүпү Мураталиев Улуу педагог Каратай Сартбаевдин илим казынасынан Бишкек, “Айат” 2016. -784б.
2. Арабай уулу Э., Сарсекеев Х. Алиффбе йаки төтө окуу. Уфа, 1911. -52б.
3. Арабай уулу Э. Жазуу өрнөктөрү. Оренбург.1912
4. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
5. Байгазиев С.О. Ала-Тоодогу агартуу тарыхынын ак тактары // Мугалимдер жана студенттер үчүн. Б.: Аль Салам, 2012. -64б.тт
6. Ибрагимов С. Кыргыз тилинин синтаксиси. Б.: И.Арабаев атындагы КМПУнун басмасы, 2001. -184б.ваг
7. Нааматов С. Чала сабаттуулар үчүн окуу китеби. -М. -Ф.: СССР элдеринин борбордук башкы басмасы жана Кыргызмамбас, 1930. -157 б. (текст латын тамгасында).
8. Нааматов С. Окуу китеби: (2-жылдык). -Ф.: Кыргызмамбас, 1930. -124б. (текст латын тамгасында).
9. Нааматов С. Сабатсыздык жоюлсун: чоңдор үчүн алиппе. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1929 64б.
10. Нааматов С. Тилибиздин методикасы. – Фрунзе, 1932
11. Нааматов С. Анык политехникалашкан мектептер үчүн күрөшүү. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1932
12. Нааматов С, Арабаев Э, Турусбеков С. Биздин мектеп. Балдар үчүн алиппе. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1930, -112б.
13. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.

14. Нааматов С. Эне тилинин методикасынан. Айыл мугалимдери жана педтехникумдар үчүн. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1930, -48б.
15. Нааматов С. Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин методикалык көрсөткүчү. – Фрунзе, 1953
16. Осмонкулов Аскар. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикасынын тарыхынан // Биринчи китеп. Бишкек, Турар, 2010. -468б.
17. Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу. 1-китеп. Фрунзе "Мектеп" 1983. – 88б.
18. Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу. 2-китеп. Фрунзе "Мектеп" 1985. – 80б.
19. Сартбаев К. Кыргыз башталгыч класстарында сөз түркүмдөрүн окутуунун методикасы. Фрунзе, "Мектеп" , 1966
20. Сартбаев К., Рысбекова Б Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Фрунзе, "Мектеп", 1967
21. Сартбаев К., Маразыкова З. Мектеп реформасынын талабына ылайык башталгыч класстарда эне тилинин окуу китептерин пайдаланууга карата методикалык көрсөтмө. Фрунзе, Мектеп, 1991
22. Сартбаев К. 11жылдык орто мектептердин 2-4-класстарынын окуучуларынын кыргыз тилинен алган билимине, билгичтигине жана машыккандыгына карата баа коюунун нормалары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Фрунзе "Мектеп" 1989, -45б.
23. Сартбаев К., Н.Ибраева., В.С.Тетенькин Үчүнчү класста окутуу. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Фрунзе "Мектеп", 1976. -92б.
24. Сартбаев Каратай, Султан Турусбеков, Эсенгул Бердибаев, Бурул Рысбекова Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы Фрунзе "Мектеп" 1965.
25. Тыныстанов Касым. Кыргыз тилинин морфологийасы. 3-басылышы.–Б.: Бийиктик, 2006. -112б.
26. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз. 2-китеп // Биринчи баскыч мектептер жана өзүнчө окуучу чоңдор үчүн биринчи басылышы. Маскөө, СКПСэлдеринин борбордук басмасы жана -Ф.: Кырмамбас. 1932. -22б.
27. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз // Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. Жаңы тамга менен биринчи басылышы. -Ф.: 1928, 68б.

* * *

**УДК: 159.9.011**

## ӨСПҮРҮМДӨРДҮН НЕГИЗГИ ИШ-АРАКЕТИ ЖАНА ТААНУУ ПРОЦЕССТЕРИНИН ӨНҮГҮШҮ

***Найманбаев М.Ж. - п.и.к., доцент,***
***Насирова А.А. - магистрант ЖАМУ***

***Аннотация**: Макалада өспүрүмдөрдүн негизги иш-аракети алардын бардык сферасынын өнүгүшүндө өзгөчө роль ойногондугу, жаңы түзүлүүлөрдүн келип чыгышына таасир тийгизгендиги белгиленет. Ошондой эле өспүрүмдөрдүн таануу процесстеринин өнүгүшү чагылдырылган. Андан сырткары алардын өспүрүм баланын мамилесине, жүрүм-турумуна, дүйнө таанымына жана башкаларга болгон таасири көрсөтүлөт.*

***Түйүндүү сөздөр:** өспүрүм, өткөөл курак, идеал, жаңы түзүлүш, өзүн чоң адамдай сезүү, таануу процесстери, өнүгүү.*

## ОСНОВНОЙ ВИД ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПОДРОСТКОВ И РАЗВИТИЯ ПОЗНАВАТЕЛЬНЫХ ПРОЦЕССОВ

***Найманбаев М.Ж. - к.п.н., доцент,***
***Насирова А.А. - магистрант ЖАГУ***

***Аннотация***: *В статье отмечается основной вид деятельности подростков, их особенная роль играет во всех сферах развития и влияние на появление новообразований. Также отражается развитие познавательных процессов подростков. Кроме того, показывается их влияние на отношение подростка, на поведение, на познание мира.*

***Ключевые слова***: *подросток, переходной возраст, идеал, новообразование, ощущать себя как взрослого человека, познавательные процессы, развитие.*

THE MAIN ACTIVITY OF ADOLESCENTS AND THE DEVELOPMENT OF COGNITIVE PROCESSES

***Naimanbaev M.Zh.- Ph.D., associate professor,***
***Nasirova A.A.-undergraduate, JASU***

***Annotation***: *The article points the main actions of adolescents, their special role plays in all areas of development and their influence on the emergence of growth. The development of cognitive processes in adolescents is also reflected. In addition, there is shown their influence on adolescents' attitudes, behavior, knowledge of the world, and influence on others.*

***Key words***: *adolescent, transitional age, ideal, new growth, feel like an adult, cognitive processes, development.*

Коомдук тажрыйба баланын психикасынын өнүгүүсүнүн булагы катары кызмат кылат жана андан бала чоң адамдардын жардамы аркылуу жүрүм-турум маданиятын өздөштүрүп, баарлашуусу улам өсүп, белгилүү бир тажрыйбага ээ болот. Ушул сыяктуу өспүрүм курак анатомиялык-физиологиялык, психикалык өнүгүүсү кескин өзгөчөлөнгөн, социалдык абалынын өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн инсандык сапаттарды калыптандыруунун мезгили болуп эсептелинет.

«Өспүрүм» дегенди латын тилинен кыргызчага которгондо «өсүү», «жетилүү», «өз алдынча болуу», «бой тарткан мезгил» деген маанини түшүндүрөт. Өспүрүм курагы окумуштуу психолог Д.Б. Эльконининдин куракты мезгилдерге бөлүүсү боюнча 11-12 жаштан 15-16 жашка чейинки мезгилди камтыйт. Психологиялык адабияттарда бул курак өткөөл, татаал, бурулуш критикалык мезгил деп берилген. Буларда бир мезгилден экинчи бир мезгилге өтүшү менен байланышкан өспүрүмдөрдөгү болуп жаткан өнүгүү процессинин татаалдыгы жана маанилүүлүгү чагылдырылган. Бул куракта дене, акыл, адептик, социалдык жактан спецификалык айырмаланган өнүгүү келип чыгат. Өспүрүм мезгилинде сапаттык жаңы түзүлүүлөр пайда болот, организмдин, өзүн-өзү таануунун чоң адамдар менен карым-катышынын өнүгүшүнүн натыйжасында чоң адамдык жүрүм-турумдун элементтери келип чыгат. Өспүрүм курагында психолог Д.Б.Эльконин белгилегендей карым-катнаш, баарлашуу жетектөөчү иш-аракет катары эсептелет. Бул куракта балдар арасында баарлашуу өнүгөт жана ал көз караштардын калыптанышына, дүйнө таанымдын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Өспүрүм баланын абалы өзгөрөт, мамилелердин системасы татаалдашып, социалдык активдүүлүгү жогорулайт. Бул куракптагы балада ата-эне, мугалим, жолдоштору менен түзүлгөн татаал мамилелердин системасы - алардагы өз алдынчалыктарды, керектөөлөрдү канааттандырууга умтулууну пайда кылат. Алар чоң адамдардын иш-аракетине аралашууга, алардай болууга умтулат. Мындай өзгөчөлүк курак психологиясында «жаңы түзүлүш» деп белгиленет. Бул куракта алардын мамилелеринде, окуу иш-аракетинде, инсандык сапаттарынын өнүгүшүндө ж.б. жаңы түзүлүүлөр келип чыгат. Өспүрүмдүн өзүн чоң кишидей сезүүсү социалдык, интеллектуалдык иш-аракетинен, кызыгуусунан байкалат жана аларда өзүн чоң киши катары сезүүсү капысынан пайда болбойт. Анын дене түзүлүшүнүн өзгөрүшү, күчүнүн өсүшү, билиминин байышы, жалпы кругозорунун жогорулашы өзүн чоң кишидей сезүүнүн өзгөчөлүгүн мүнөздөйт.

Өспүрүм чоң адамдардын жүрүм-турумуна, карым-катышына жана мүнөзүнө кызыгып, өзүн алар менен салыштыруунун негизинде өзүндө «Мен» деген түшүнүктү иштеп

чыгып, турмушта өз ордун аныктоого умтулат. Ал жашоодо башка адамдарга окшош боломун деп өзүнүн идеалын издейт. Өспүрүмдөр идеал катары кабыл алган адамдардагы эрктүүлүк, мээримдүүлүк, адамгерчилик сыяктуу инсандык сапаттарды өздөштүрүүгө аракеттенишет. Окмуштуу психолог Д.И.Фельдштейн 11-12 жаштагы өспүрүм ата-энесин, жолдошун, мугалимди идеал катары кабыл алса, 14-15 жаштагы өспүрүм чоң адамдардагы жүрүм-турумдун жыйынтыкталган үлгүсүн идеал катары кабыл алат деген ойду белгилеген.

Өспүрүм баарлашуу, карым-катыш аркылуу өзүн-өзү жакшы таанып биле баштайт жана таанып билүүдө анын жоро-жолдошторунун, жакын адамдарынын ролу өзгөчө болуп эсептелет. Себеби, булар өспүрүм бала үчүн күзгү катары кызмат кылуу менен анын ички дүйнөсүнүн өзгөрүшүнө, жүрүм-турумдарынын оң жолго коюлушуна, жаңы мамилелердин пайда болушуна чоң таасирин тийгизет.

Баарлашуунун негизинде баланын кругозору өсүп, өзүнө жогорку талап коюу, өзүнүн сырткы кебетесине сересеп салуу, маани берүү, жүрүм-турумун оңдоо аракеттери келип чыгат жана өзүн–өзү өркүндөтүүгө болгон керектөө пайда болот. Демек, негизги иш-аракет өспүрүмдүн бардык сферасына, жүрүм-турумуна, окуусуна, билим, тарбиясына, мамилесине, дүйнө таанымына ж.б. өз таасирин тийгизип, өзгөрүүлөргө алып келет.

Өспүрүмдүн чоң адамдык турмушка карай умтулуусунун башкы багыты мазмундук кызыгуулардын өнүгүшү жана келечекке карата пландардын пайда болушу менен байланышкан. Ал өспүрүм баланын тигил же бул нерселерди чындап билүүгө жана үйрөнүүгө умтулуусунан келип чыгат жана бул балдардын таануу иш-аракетинин өнүгүшүн стимулдаштырат. Өспүрүм курагында сөз-логикалык эс активдүү өнүгө баштайт. Ал эми ойлоонун абстрактуу-логикалык түрү бул куракта жакшы өнүгөт. Бул абстрактуу түшүнүктөрдү оңой өздөштүрүүгө жардам берет жана ар түрдүү окуу материалдарын эске сактоого кеңири жол ачат. Кенже мектеп жашында маалыматтарды сөзмө-сөз жаттоого умтулушса, өспүрүм курагында окуу материалынын мазмунуна терең маани берип, анын ички, негизги мазмунун түшүнүүгө аракеттенишет. Ошондой эле окуу материалдарын эске сактаганда зат менен заттын, кубулуш менен кубулуштардын ортосундагы татаал ассоциациялык байланыштарды эске алуу менен материалды өздөштүрөт.

Өспүрүмдөр окуу материалдарын эске сактоо, эске түшүрүү үчүн салыштыруу, классификациялоо жана системалоо жолдорун көп колдонушат.

Окумуштуу психолог А.Н.Леонтьев өспүрүмдөрдүн эс жана ойлоо процесстерин изилдеп төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: курактын өсүшү менен эске тутуунун продуктивдүүлүгү жогорулайт жана өспүрүм курагында эс менен башка психикалык функциялардын ортосундагы чечүүчү жылыш болот. Бул курактагы балдардын эсин изилдөөнүн натыйжасы өспүрүмдөр үчүн эске түшүрүү (элестөө)-бул ой жүгүртүү дегенди билдиргенин көрсөтөт. Өспүрүмдөр окуу материалдарын эске сактоо, эске түшүрүү үчүн салыштыруу, классификациялоо жана системалоо жолдорун көп колдонушат. Өспүрүм курагында балдарда тигил же бул материалды эске сактоо үчүн ой-жүгүртүү , эске сактоо каражаттарына ээ болуу ыктары бир канча эсе жогору өнүгөт. Бул мезгилде балдардын ойлоо иш-аракеттеринде абстрактуулук жөндөмдүүлүктөрү өнүгүп барат. Өспүрүм курагынын алгачкы мезгилинде образдуу ойлоо басымдуу болсо, улам барган сайын логикалык ойлоо жогорулайт. Ошондуктан татаал, абстрактуу түшүнүктөрдү да өздөштүрүүгө, түшүнүүгө мүмкүнчүлүктөрү жете баштайт.

Өспүрүмдөр кенже мектеп жашындагы окуучуларга караганда сокур ишеничтен алыстап, окуу иштерин, мугалимге, коомдогу болуп жаткан окуяларга, өзгөрүштөргө сын көз менен карап ой жүгүртүшөт жана мугалимдин айткан пикирлерине, окуу материалынын мазмунуна ой жүгүртүшүп, өзүлөрүнүн мамилелерин билдиришип, өздөрүн бир топ эркин кармашат. Өспүрүм курагы чыгармачылык ойлоонун өнүгүшү үчүн да ыңгайлуу мезгил болуп саналат жана бул ойлоонун түрү жакшы өнүгөт. Ошондуктан негизинен ушул курактан баштап аңгеме, ыр жазуу, искусствого, чыгармачылык иштерге кызыгуу күчөйт, өсөт. Чыгармачылык иштерди өркүндөтүү өспүрүмдөрдүн жалпы таануу

активдүүлүктөрүнүн өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу. Чыгармачылык ойлоону өнүктүрүүдө мугалимдин окуучуларга берген кеңеши, түзгөн шарты, сабактын методикалык жактан туура уюштурулушу башкы орунга ээ болот жана окуучулардын өз алдынча ой жүгүртө билишине ар түрдүү проблемалык суроолордун коюлушу да чоң жардам берет.

Өспүрүмдөр тигил же бул тапшырмаларды чечүүдө божомолдоолорду (гипотеза) формировкалашы мүмкүн, изилдеши жана салыштырышы мүмкүн жана алардын ой жүгүртүүсү кеңири жалпылоого умтулуу менен мүнөздөлөт.

Бул куракта алардын көңүл буруусу да жогорулайт жана карама-каршы мүнөзгө да ээ болот. Себеби, бир жагынан алганда аларда эрктүү көңүл буруу жогорулайт, экинчи жагынан өспүрүмдөрдүн импульсивдүүлүгү, өтө активдүүлүгү, тигил же бул окуяларга, маалыматтарга тез таасирленүүсү, алагды болууга, көңүл буруунун туруктуу эместигине алып келет. Мындай абал мугалимдин сабакты уюштура билишине, анын иш стилине, педагогикалык жөндөмдүүлүгүнө жана башка касиеттерине жараша болот.Ошондой эле бул куракта көңүл буруунун касиеттери: көңүл буруунун алмашуусу, бөлүнүшү , топтолушу, көлөмү , концентрациясы калыптанат. Бир эле убакытта бир канча обьектке көңүл буруп, маалымат алганга мүмкүнчүлүгү жете баштайт.

Бул куракта жалпы интеллектуалдык өнүгүү менен бирге элестетүү процесси (воображения) да өнүгөт. Элестетүүнүн чыгармачылык ойлоо менен жакындашы чыгармачылыкка импульс берет. Өспүрүмдөрдүн элестетүүсү чоң адамдардын элестөөсүнө караганда азыраак продуктивдүү, бирок, ал баланын фантазиясына бай жана алар фантазия процессинен өзүнчө канааттануу алышат. Бул балдар оюндарына окшош.

Окумуштуу психолог Л.С. Выготский баланын оюну өспүрүмдүн фантазиясына өсүп жетет деп эсептеген. Өспүрүм өзүнүн фантазиясынын натыйжасында өзүнүн кызыгууларын, эмоциясын жакшы сезет жана алгачкы жолу келечектеги турмуштук жолун элестеп кыялдана баштайт. Демек, өспүрүм курагында пайда болгон психологиялык өзгөчөлүктөр “жаңы түзүлүштүн пайда болушу”, “таануу процесстеринин өзгөчөлүгү”, баланын жетилүү курагындагы инсандык калыптануунун татаал мезгилин мүнөздөйт.

Ошентип, өспүрүмдөрдүн таануу процесстеринин өнүгүшү да активдүү жүрүү менен бирге алардын дүйнө таануусунда көз караштарынын калыптанышында жүрүм-турумунун, мамилесинин өнүгүшүндө, активдүү турмуштук позицияда болушунда ж.б. эң чоң маанилүү ролду ойнойт.

**Адабияттар:**


1. Мухина В.С. Возрастная психология.-М.,2005
2. Абрамова Г.С. Возрастная психология.-М.,2005
3. Кулагина И.Ю. Возрастная психология. – М.,1998
4. Миңбаев К.М. Курак жана педагогикалык психология. – Ош,1995
5. Хрипкова А.Г., Колесов Д.В. Мальчик, подросток, юноша. –М.,1982


* * *

**УДК:159.9.010**

## БАЛАНЫН ӨНҮГҮШҮНДӨ ӨСПҮРҮМ КУРАКТЫН ОРДУ, МААНИСИ ЖАНА “КРИЗИСТИН” КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

***Найманбаев М.Ж. - п.и.к., доцент,***
***Насирова А.А. - магистрант, ЖАМУ***

***Аннотация**: Макалада баланын өнүгүшүндө өспүрүм курагынын орду, мааниси көрсөтүлүп, бул мезгилде “кризистин” келип чыгуу себептери чагылдырылган. Ошондой эле өспүрүм курагынын башталышы менен баладагы жүрүм-турумдун өзгөрүшү, адамдарга, коомго карата мамиленин калыптанышы айтылып “кризиске” алып келген жагдайлар*

*сүрөттөлөт жана аны чечүү маселелери боюнча окумуштуулардын изилдөөлөрү көрсөтүлөт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Өспүрүм курагы, өнүгүү, таанып билүү, жүрүм-турум, кризис, мамиле, тарбия, баарлашуу.*

## МЕСТО, ЗНАЧЕНИЕ ПОДРОСТКОВОГО ВОЗРАСТА В РАЗВИТИИ РЕБЕНКА И ВОЗНИКНОВЕНИЕ "КРИЗИСА"

***Найманбаев М.Ж.-к.п.н., доцент,***
***Насирова А.А.-магистрант, ЖАГУ***

***Аннотация:*** *В статье показано место и значение подросткового возраста в развитии ребёнка, отражены причины возникновения "кризиса". Также с наступлением подросткового возраста описываются изменения в поведении ребенка, формирование отношения к людям и обществу, ситуации, приводящие к "кризису", и представлены исследования ученых по вопросам его решения.*

***Ключевые слова:*** *Подростковый возраст, развитие, познание, поведение, кризис, отношение, воспитание, общение.*

## PLACE, MEANING AND ORIGIN OF THE "CRISIS" IN THE DEVELOPMENT OF THE CHILD

***Naimanbaev M.Zh.- Ph.D., associate professor,***
***Nasirova A.A.-undergraduate, JASU***

***Annotation:*** *The article shows the place and importance of adolescence in a child's development, reflecting the causes of the "crisis". Alco, with the onset of adolescence, the child's behaviour, the formation of attitudes towards people and society, situations leading to the "crisis" are described, and research by scholars on how to deal with it is presented.*

***Key words****: adolescence, development, cognition, behaviour, crisis, attitude, upbringing, communication.*

Педагогикалык байкоолордун психологиялык изилдөөлөрдүн негизинде өспүрүм курак 12 жаштан 15 жашка чейинки мезгилди камтыйт. Ошондой эле Москвада өткөн илимий симпозиумда өспүрүмдөргө 12 жаштан 15 жашка чейинки кыздарды, ал эми эркек балдарды 13 жаштан 16 жашка чейин кийирүүнү чечишкен. Кыздардын өспүрүмдүк жашы 1 жыл мурун башталып, 1 жыл мурун аяктары аныкталган. Бул кыздардын балдарга салыштырмалуу табигый негизде эртерээк жетилерин көрсөтөт. Кыргыз элинде да жогоруда аталган куракты өспүрүм, балагат курагы деп аташат.

Башка куракка салыштырмалуу өспүрүм курагында организмдин өтө тез өсүүсү байкалат, организмде көп өзгөрүүлөр болот. Бул табигый көрүнүш катары эсептелет. Өспүрүм курагына "өткөөл", "бурулуш", "татаал", "критикалык" деген аталыштар мүнөздүү. Буларда бир курактык мезгилден экинчи бир курактык мезгилге өтүү менен байланышкан өнүгүү процесстеринин татаалдыгы жана маанилүүлүгү чагылдырылган. Өспүрүм куракта дене, акыл, адептик, социалдык жактан спецификалык айырмаланган өнүгүү жүрөт. Бардык багыттар боюнча сапаттык жаңы түзүлүүлөр келип чыгат, организмдин, өзүн-өзү таануунун, чоң адамдар менен мамилешүүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында чоң адамдык жүрүш-туруштун элементтери пайда болот.

Өспүрүмдөрдүн личностунун өнүгүшүнүн башкы фактору - анын өзүнүн белгилүү бир баалуулуктарды өздөштүрүүдөгү социалдык активдүүлүгү эсептелет. Бирок жаңы нерселердин калыптануу процесси көптөгөн шарттарга байланыштуу жана ошондуктан бардык сфера боюнча өнүгүү тең салмактуу эмес. Бул өспүрүмдөрдө "балалык" жана "чоң адамдык" касиеттердин бирдей жашаарын көргөзөт. Башкача айтканда өспүрүмдөрдө жарым балалык, жарым чоң адамдык сезим жашайт.

Өспүрүм проблемасы татаал, турмушка түрдүү кыйынчылыктарды жаратуучу курак экендигин көрсөтүү максатында окумуштуу А.П.Краковский төмөндөгү фактыны келтирет. Кенже мектеп жашынан өспүрүм курагына өткөндө, жаш өспүрүм балада 6 эсе өжөрлөнүү, башка бирөөлөрдүн эркине каршы аракеттенүүсү 7 эсеге, жөнү жок эрдик көрсөтүүгө аракеттенүүсү 9 эсеге, өз билгениндей иш жасоого аракеттенүүсү 5 эсеге, өзүн мугалимдерге карама-каршы коюусу 10 эсеге, ыксыз негизделбеген кылык-жоруктары 42 эсеге көбөйгөнү такай байкоодо аныкталган. Бул куракта бирөөлөрдү сындоо, кежирденүү, тез таарынуу, өз эркинчелик, өзүн коомчулукка карама-каршы коюусун үй-бүлөдөгү, мектеп жамаатынын тарбия иштеринин деңгээли аркылуу түшүндүрүүгө болот.

Өспүрүм курагынын башталышы менен балада өзүнүн ички дүйнөсүнө болгон кызыгуу келип чыгат, андан кийин өзүн-өзү таанууусунун акырындык менен татаалданышы жана тереңдеши пайда болот. Өзүн таанып билүүдө ага жоро-жолдошторунун жана анын жакын адамдарынын таасири өзгөчө. Себеби булар өспүрүм үчүн күзгү катары кызмат кылуу менен баланын ички дүйнөсүнүн өнүгүшүнө, жүрүм-турумдарынын оң жолго коюлушуна, жаңы мамилелердин пайда болушуна чоң таасирин тийгизет.

Бул куракта анатомиялык-физиологиялык көп өзгөрүүлөр жүрөт жана ал балдардын иш-аракетинин, жүрүм-турумунун, белгилүү бир деңгээлде өзгөртүүгө алып келет. Дал ушул убакта балага аяр мамиле керек. Эгерде ата-эне, мугалимдер тарабынан терс мамиле болсо, бала басынып, чүнчүп, а тургай мектепке баргысы келбей да калышы мүмкүн. Мисалы бүгүнкү күндө өспүрүмдөр арасындагы депрессия 2-5%ти түзөт.

Депрессиянын бирден бир белгилери болуп: кайгыруу, көңүл буруу, көңүл чөгүү, өзүн-өзү алсыз сезүү болуу эсептелет. Өспүрүмдөр арасындагы депрессия толкундануу, жүрүш-турушунун, кылык-жоругунун бузулушу, окуусунун начарланышынан байкалат.

Өспүрүм курагы – бул абдан татаал жана көп изилденген курак болуп эсептелет. Бул мезгилде адептүүлүктүн негизи, социалдык установка, адамдарга, коомго жана өзүнө болгон мамиленин негизи калыптанат.

Өспүрүм курагында бир топ терс көрүнүштөрдүн башка курактагыларга салыштырмалуу өтө көп болгондугун статистикалык маалыматтар көрсөтөт. Эмне себептен өспүрүм курагында «кризистик» абал пайда болот? Буга эмне таасирин тийгизет?-деген суроого жооп берүү максатына окумуштуу психологдор бир топ изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Өспүрүмдөрдүн организминин чукул маанилүү өзгөрүшү көп убакыт бою биологиялык таасир жөнүндөгү ар түрдүү теориялардын келип чыгышына алып келген. Мындай ойлор XX кылымдын 30-жылдарына чейин үстөмдүк кылган. Биологиялык универсализмдин негиздөөчүлөрү болуп С.Холл жана З.Фрейд эсептелишкен. Алар бул куракта кризистин болушу жана өспүрүмдөрдүн спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн комплекси боло бере турган кубулуш жана биологиялык факторго байланыштуу универсалдуу деп эсептешкен. Өткөн кылымдын 20-30-жылдарынан баштап биогенетикалык универсализмге карама-каршы багыт пайда болуп, өнүккөн өлкөлөрдө конкретүү изилдөөлөр жүргүзүлүп, аларда өспүрүмдөрдүн личностунун кээ бир жактары анын социалдык таандыгына (принадлежность) байланыштуулугу көрсөтүлгөн. Мындай изилдөөлөрдү көрүнүктүү педагог А.С.Макаренкодон көрсөк болот. Анын тартиби начар, бейбаш, мүнөзү татаал өспүрүмдөрдү тарбиялоо практикасы чоң мааниге ээ. Аз убакыт ичинде аларды ал оң жолго салууга жетишкен. Ошондой эле окумуштуу Т.Кулен өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүндөгү биологиялык фактордун негизги орунду ээлешин толук жокко чыгарып, өспүрүмдөрдүн “кризистик” абалдары биологиялык категорияга кирбестен, социалдык-этикалык категорияга кирерин белгилейт. Т.Кулен өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумун биринчи чоң кишилердин таасиринен ажыроо, өз алдынчалыкка ээ болуу аракети, экинчи кесип тандоо, өзүнүн келечектеги өмүр жолу жөнүндө терең ой жүгүртүү, үчүнчү социалдык-этикалык нормага ээ болуу аракеттери жетектейт дейт.

Өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүн биогенетикалык универсализм теориясы менен түшүндүрүүгө катуу сокку урган америкалык антропологдор (этнографтар) кирет.

Америкалык окумуштуу этнограф М.Мид маданият деңгээли төмөн болгон Тынч океандын Самоа аралындагы жашаган өспүрүмдөрдү изилдеген. М.Мид аралда жашаган үй-бүлөлөрдүн жашоо-шартын, тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн, өспүрүмдөрдүн чоң адамдар менен болгон мамилелерин үйрөнүү менен төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: аралда жашаган өспүрүм балдар, кыздар өспүрүм курагынан чоң адамдык куракка өтүүсү гармониялык, чыр-чатаксыз (конфликтсиз) экендигин көрсөткөн. Самоа аралындагы өспүрүмдөрдө "кризис" байкалбастан эле, кандайдыр бир терс көрүнүштөр болбостон  чоң адамдык куракка  жеңил өткөн. Себеби алар дайыма чоң адамдардын көзөмөлүндө болуп, бир алачыкта жашашкан жана дайыма жол көрсөтүп тыгыз карым-катышта болушкан. Өспүрүмдөрдүн бардык иш-аракети чоң адамдардын (ата-энелеринин) көз алдында болгон. Алардын коомчулугу да өспүрүм балдарга көңүл буруп, тыгыз байланышта болгон. Ошондуктан чоң бир конфликтер, терс жүрүм-турум байкалган эмес.

Окумуштуу антрополог Р.Бенедикт балалыктан чоң адамдык куракка өтүүнүн 2 тибин бөлүп көрсөткөн:

1-үзгүлтүксүз;

2-үзгүлтүктүү;

Эгер балага жана чоң адамга  коомдо коюлган негизги талап менен норма окшош, бир түрдүү, үзгүлтүксүз болсо, бала чоң адамдык куракка жеңил өтүп, коомчулукту өзүнө бура турган чыр-чатактар аз байкалат. Эгерде тескерисинче болсо, чоң адам менен балага коюлган талаптарда олуттуу дал келбөөчүлүк болсо, башкача айтканда үзгүлтүктүү болсо анда өспүрүмдөрдө чоң адамдардан алыстоо аракети пайда болот.

Совет мезгилиндеги орус окумуштуу психологдору биологиялык теорияга, Т.Кулендин бир жактуу ой жүгүртүүсүнө сын көз менен карап жана этнографтардын ойлорун жактоо менен өспүрүм жашындагы оң, терс касиеттердин көрүнүшү жана өтүү мезгили бала жашаган конкреттүү социалдык шартка, чоң адамдардын тарбиясына, чөйрөгө жараша болот деген жыйынтыкка келишкен.

Кыргыз элинде да өспүрүм, балагат курагындагы балдар, кыздарга чоң көңүл бурулуп, аларга турмуштук тажрыйбаларды үйрөтүшкөн жана жогорку талаптарды коюшкан. Мисалы, кыргыз элинде кыз 13 жашка келгенде "Чач өрүү" салты өткөрүлгөн, жалпы эле айыл ичи кызга турмуштук тажрыйбаларды үйрөтүп, ага сын көз менен карай башташкан. Ушундан улам "Кызга кырк үйдөн тыюу", "Кыздуу үйдө кыл жатпайт" деген макалдар келип чыккан. "Чач өрүү" салтынын өткөрүлүшү-бул кыздын бойго жеткенинин белгиси катары мүнөздөлүү менен аны келечектеги турмушка, энелик милдетке даярдоо катары көрсөтүлгөн. Ушундан баштап кыздар сайма сайганды, кийим тиккенди, тамак даярдоону ж.б. турмушка керектүү нерселерди үйрөнүшкөн. Ал эми балдар да өспүрүм курагынан баштап эр жигитке тиешелүү ык, машыгууларды, мал багууну ж.б.үйрөнүшүү менен дайыма чоң адамдардын көзөмөлүндө болуп, тигил же бул маселелерди чечүүдө чоң адамдар аларга жардам берип келишкен.Ошондуктан кандайдыр бир коомчулукту өзүнө бура турган чоң терс көрүнүштөр болгон эмес.

Ушул кезде ата-эненин балага болгон мамилеси өтө кыраакы болуп, балага кеңешин берип туруулары зарыл. Ата-энеси баланын чоңоюп калганын байкабастан мурдагыдай  эле "муну минтпе", "тигини тигинтпе" деп көзөмөлдөшөт. Мындай мамиле балага жакпайт, балада агрессивдүүлүк пайда болушу мүмкүн. Бул кезде өспүрүм бала чоң адамдар менен бирдей, тең укуктуу коомдун мүчөсү катары өзүн көргөзүүгө аракеттенет.

Ар бир бала эмоционалдык таасирдүү баарлашууга муктаж. Ошондуктан баланын эмне жөнүндө ойлонуп жатканын сурап, анын оюн, сезимин кубаттап, эркелетип коюу эң жакшы эффект берет.

Чоң адамдар менен өсүпүрүмдөрдүн ортосундагы конфликтердин негизги себептери катары төмөндөгүлөрдү көрсөтсөк да болот: баланын өз ата-энесинен эрте ажыроосу же өз энеси менен болгон терс эмоционалдык таасир, эмоционалдык сүйүү моделсиз жашоо кечирүүсү, ата-энесинин балага болгон өтө катуу мамилеси, же кош көңүл, супсак мамиле,

баланын ой-пикири менен эсептешпегендиги, талап, контролдун жоктугу ж.б. Ушундай жагдайларга байланыштуу өспүрүмдөрдөгү терс көрүнүштөр, “кризистик” абалдар үй-бүлөдөгү, коомдогу карама-каршылыктардын чагылышы деп айтууга толук негиз бар.

Ошентип, өспүрүм менен чоң адамдардын ортосундагы “кризис” бала жашаган чөйрөгө жана анын мазмунуна жараша болот.

**Адабияттар:**


1. Мухина В.С. Возрастная психология. –М.,2005
2. Миңбаев К. Курак жана педагогикалык психология.-Ош,1995
3. Немов Р.С. Психология. Част II.-М.,2005


* * *

**УДК 514.1**

## АНЫКТООСУЗ КАБЫЛ АЛЫНГАН ТҮШҮНҮКТӨРДҮ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР


***Омошев Төлөгөн Теңирович - п.и.к., профессор***
***К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ***
***Куваков Жеңишбек - доцент***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ***
***Сулайманова Диларам Капарбаевна - э.и.к., доцент, К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ***



***Аннотация:*** *Макалада окуучулардын окуу процессинде таанышкан аныкмасыз кабыл алган түшүнүнүктөрүн кеңейтүү маселесин чечүү жолдору каралган. Окуучулар чекиттин, түз сызыктын, тегиздиктин, мейкиндикдин колдонуу объектилерине ой жүгүртүү менен математика курсунда белгиленишине (тамгалар менен) басым жасалып, алардын бири-бири менен байланышы символдор аркылуу ишке ашырылат. Бул аныктоосуз кабыл алынган түшүнүктөрдү окуй алуусуна жана сабаттуу жаза билүүсүнө маани берилет.*

*Окуучулардын түз сыктагы, тегиздиктеги жана мейкиндиктеги абалдарды туура элестей алышына багыт берилип, алардын эске тутуусун калыптануусуна басым жасалат. Өзгөчө чексиз (∞) түшүнүгүнө көптөгөн практикалык иштерди жасоо, көрүү, элестөө пландалып, түз сызык, тегиздик, мейкиндик элестелөрүнө даярдык көрүү этабы каралган.Окуучулар ар кандай геометриялык фигуралардын элементтерин эсептөөдө, чийме менен эсептөө дал келгендей чийүү маданиятын өстүрүүгө да көңүл бөлүнөт. Аныктоосуз кабыл алынган түшүнүктөрдүн өз ара жана бири-бири менен болгон арифметикалык амалдардан жүгүзүлүшү фиништик этапка багытталат. Жасалган иш аракеттер максатка жетүүгө өбөлгө болуп, алардын абстактуу ой жүгүртүүсү калыптануу менен кетирген каталары, жаңылыштыктары жоюлуп терең билимиге ээ болорун практика тастыктады.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *чекит, түз сызык, тегиздик, мейкиндик, чектүү-чексиздик, ойлонуу, ой жүгүртүү, элестөө, окшоштуруу, символдор, абал, аныксыздык, абстактуу, ченем-ченемсиз, чийүү, масштаб.*


## ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ НЕОПРЕДЕЛЕННЫМ ПОНЯТИЯМ


***Омошев Төлөгөн Теңирович - п.и.к., профессор***
***К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ***
***Куваков Жеңишбек - доцент***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ***
***Сулайманова Диларам Капарбаевна - э.и.к., доцент,***
***К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ***

***Аннотация:*** *В статье приведены пути решения проблемы расширения неопределенных понятий учащихся, с которыми они столкнулись в процессе обучения. Акцент делается на обозначении (буквами) мышления учащихся об объектах употребления точки, прямой линии, плоскости, пространства и соединении их друг с другом посредством символов. Важно уметь грамотно читать и писать, не определяя общепринятых понятий.*

*Учащихся ориентируют на умение правильно представлять положения на прямых, плоскостях и в пространстве, акцент делается на формирование их памяти. Специально для понятия бесконечности (∞) планируется проделать большую практическую работу, увидеть, представить, а также предусмотрен этап подготовки к прямолинейному, плоскостному и пространственному изображениям. Вычисление понятий, полученных без определения из арифметических действий друг с другом и друг с другом, направлено на завершающий этап.*

*Практика подтвердила, что предпринятые действия будут способствовать достижению цели, а формируя у них абстрактное мышление, их ошибки и промахи будут устранены и они приобретут глубокие знания.*

***Ключевые слова:*** *точка, прямая, плоскость, пространство, конечно-бесконечность, мышление, мышление, воображение, симуляция, символы, состояние, неопределенность, абстрактное, безразмерное, рисунок, масштаб.*

# PROBLEMS OF TEACHING UNCERTAIN CONCEPTS

***Omoshev Tologon Tenirovich -professor***
***MNU named after K.Sh.Toktomamatov***
***Kuvakov Zhenishbek - associate professor***
***JASU named after B. Osmonov***
***Sulaimanova Dilaram Kaparbaevna - candidate of economics, associate professor***
***MNU named after K.Sh. Toktomamatov***

***Annotation:*** *The article presents ways to solve the problem of expanding the students' vague concepts that they encountered in the learning process. The emphasis is on the designation (in letters) of students' thinking about the objects of use of the point, straight line, plane, space and connecting them to each other through symbols. It is important to be able to read and write correctly, without defining generally accepted concepts.*

*Students are oriented to the ability to correctly represent positions on straight lines, planes and in space, the emphasis is on the formation of their memory. Especially for the concept of infinity (∞), it is planned to do a lot of practical work, see, imagine, and also provides for the stage of preparation for rectilinear, planar and spatial images. The calculation of concepts obtained without definition from arithmetic operations with each other and with each other is directed to the final stage.*

*Practice has confirmed that the actions taken will contribute to the achievement of the goal, and by forming abstract thinking in them, their mistakes and blunders will be eliminated and they will acquire deep knowledge.*

***Key words:*** *point, line, plane, space, finite-infinity, thinking, thinking, imagination, simulation, symbols, state, uncertainty, abstract, dimensionless, drawing, scale.*

Геометрия курсунда аныктоосуз кабыл алынган түшүнүктөр: чекит, түз сызык, тегиздик, мейкиндик, аралык. Аныктоосуз түшүнүктөр арасындагы катыштарды б.а. алар менен болгон арифметикалык амалдарды кароону алдыбызга максат кылып койдук. Окуу китебинде берилген маалыматтар жөнүндө айта кетели. Түз сызыкта чекиттерди, кесиндилерди көрө алабыз. Ошондой эле түз сызыкта кесиндилерди кошууну, кемитүүнү, кесиндини санга көбөйтүүнү жана бөлүүнү б.а. кесиндини созууну жана кысууну, кесиндини кесиндиге бөлүүнү жумуштарын аткара алабыз. Демек түз сызыкка чекиттер, кесиндилер

камтылган болот. Аталган түшүнүктөр түз сызыктын ичинде камтылган болот. Түз сызык – чексиз чекиттердин жана чексиз кесиндилердин удаалаш сызыктуу жайгашуу абалы. Түз сызыктын ар бир чекитине (R) чыныгы сандардын көптүгүнүн ар бир саны туура келет. Бул адегенде координаталык түз сызык, андан соң сан түз сызыгында (- ∞; ∞) сандар каралат. Чыныгы сандардын көптүгү чексиз мындан түз сызыкта чексиз чекиттер бар экендигин айтабыз. Тегиздикте: чексиз чекиттер, чексиз кесиндилер, чексиз сынык сызыктар, чексиз түз сызыктар, чексиз көп бурчтуктарды (үч, төрт, беш . . . , көп бурчуктар) кароого болот. Алар узундукка, периметрге, бурчка, аянтка ээ болушат. Аянт түшүнүгүн тегиздикте чийүү менен гана түшүндүрө алабыз. Мында тик бурчтуу декарт координата системасы менен байланыштырабыз. Мейкиндикте: тегиздикте каралган түшүнүктөр б.а. чексиз чекиттер, чексиз кесиндилер, чексиз сынык сызыктар, чексиз түз сызыктар, чексиз көп бурчтуктарды (үч, төрт, беш . . . , көп бурчуктар) жана ошондой эле көп грандыктарды жана айлануу телолорун сызып кароого болот. Алар узундукка, периметрге, бурчка, аянтка жана көлөмгө ээ болушат. Окуу программасында каралган фигуралардын, көп грандыктардын жана айлануу телолоруна тиешелүү маселерди чечүү менен түрдүү эсептөөлөргө байланышкан жумуштарды (теориялык, практикалык, лабораториялык) жүргүзө алабыз. Ошондой эле үч ченемдүү жан көп ченемдүү тик бурчтуу декарт координаталар системасын колдонуу менен программалык жана программадан сырткаркы иштерди координаттык метод менен ишке ашыра алабыз. Көз карашты кеңейтүү максатында полярдык (уюлдук), цилиндирдик, сферикалык координаталарды мейкиндикте кароо менен түрдүү түзүүлөрдү жана өзгөртүп түзүүлөрдү окуучуларга, студенттерге көрсөтө алабыз.

Мейкиндик 2-тартиптеги ийрилерди, 2-тартиптеги беттерди көрсөтмө катары түшүндүрүүдө зор объект катары мааниге ээ. Мына ушулардын баары мейкиндикте гана практикаланат. Мындан жогорудагы аталыштагы геометриялык фигуралардын көптүгү мейкиндиктин ичинде демонстрцияланат.

Астраномия сабагындагы Күн системасы, Саманчынын жолу галактикасы сыяктуу системалар, галлактикалар андагы сансыз жылдыздар биз карап жаткан чексиз ченемдүү мейкиндикте орун алышкан жана өз огунун айланасында айланышканы да бар, айланбагандары да бар. Күн планетасынын, Кара тешиктин айланасында айланган галактикаларды биз карап жаткан чексиз мейкиндикти ичинде гана карап, салыштырмалуу изилдейбиз. Чексиз чекиттер, түз жана ийри сызыктар, тегиздиктер бардыгы чексиз мейкиндиктин ичинде б.а. чексиз мейкиндикке камтылган. Айтылгандар үч ченемдүү тик бурчтуу декарт системасы аркылуу ишке ашырылат жана координаттык метод колдонулат.

Чекит геометрияда белгилөө катары кабыл алынган абстрактуу далилдөөсүз кабыл алынган түшүнүк, белги. Чекит өзгөчө башталышы, ортосу, арасында жана аягында деген маанилерди белги катары түшүндүрүүдө колдонулат. Географиялык дүйнөлүк картада, атластарда шаар, кыштактарды белгилөөдө колдонулат. Алгебрадагы чексиз кичине чоңдук деген түшүнүккө чекитти мисал келтирүүгө болот. Жазуу маданиятында жай сүйлөмдүн аягына чекит коюп жүрөбүз. Чөлдөгү кумдарды, океандагы суу тамчылырын, асмандагы жылдыздарды саноонун өзү эле чексиз түшүнүгүнө алып келет. Чекит геометрияда алгачкы аныктамасыз кабыл алынган түшүнүктөрдүн бири. Мына ушул чекит түшүнүгүнө байланышкан бир нече күтүлбөгөн ыңгайсыз (беймаза) суроолорго жооп берүүгө аракет жасап көрөлү. Түшүндүрүүдө аналогия усулун колдонобуз.

1.Чекиттер менен болгон амалдардын аткарылышы

а)Чекитке чекитти кошсок, суммасы эмне болот?

Чекиттерди латындын чоң тамгалары менен белгилөө керектигин эске алып, төмөндөгүдөй белгилөөлөрдү жүргүзүү менен иш алып баралы. Чекитке чекитти кошууга: болот; болбойт; эки чекит; көп чекит; чексиз чекит деген пикирлер болсун дейли.

Чекит геометрияда берилген түшүнүк боюнча узундукка, аянтка, көлөмгө ээ болбогон белги. Учтуу карандаштын учун ак кагаздын бетине коюлган белги же циркульдун жылгыз

шыйрагынын кагаз бетиндеги орду ж.у.с. деп окуучуларга айтып келебиз. Мына ушу сыяктуу маалыматтардын натыйжасында:

A+B=C. Эки чекиттин суммасы чекит болот. Коюлган белгинин үстүнө же жанына дагы эле белги коюлса, ошол белги болуп калат.

б)Чекиттен чекитти кемитсекчи?

A-B=0. Айырма нөл болот, анткени коюлган белгини алып койсок, ал жерде эч нерсе жок болот. Нөл бул жок нерсени белгилөөчү сандык көрсөткүч.

в)Чекитти чекитке көбөйтсөкчү? Маанисиз, сандык чоңдугу боюнча:


A·B=0. Муну 0·0=0 менен байланыштырып түшүндүрөбүз.

г)Чекитти чекитке бөлсөкчү?

A:B = маанисиз, анткени нөлдү нөлгө бөлүүгө болбойт, аныксыз. Аналогиянын негизинде көп чекиттердин суммасы, айырмасы, көбөйтүндүсү, тийиндиси дале жогорудагы айтылыштарга таянып маанисиз деген натыйжага келебиз.

2.Чекит менен кесиндинин арасындагы амалдар

Кесинди – түз сызыктын эки чекит менен чектелген бөлүгү. 1-чийме. Кесиндинин башталышы да аягы да чекит коюлат. 1 - чийме аркылуу кесиндини $[AB]$ деп латындын чоң тамгасы менен да белгилейбиз. Түз сызыкта каралган кесиндилер чектүү узундукка ээ. Кесиндинин четки чекиттери жок болуп калса, анда $]AB[$ ачык интервалы болуп калат. 2-чийме. Эгерде A чекити жок B чекити бар болсо, анда $]AB]$ сол жагы ачык болгон интервал. 3-чийме. Эгерде A чекити бар B чекити жок болсо, анда $[AB[$ оң жагынан ачык интервал болот. 4-чийме.




Чекит узундукка, аянтка, көлөмго ээ эместигин жана кесинди узундукка гана ээ экендигин эске алуу менен чекит менен кесиндинин арсындагы арифметикалык амалдардын аткарылышына көңүл буралы.

A+$[BC]$=$[BC]$. Чекитти кесиндиге кошсок ал кесиндинин башына же аягына кошулат да кесинди боюнча калат. A∪ $[BC]$=$[BC]$, A∈ $[BC]$

$[BC]$ – C = $]BC]$. Кесиндинин башкы же аяккы чекитинин бирин алып койсок дале кесинди боюнча кала берет. A∩ $[BC]$=A, A∈ $[BC]$.

A·$[BC]$=$[BC]$ же $[BC]$·A – маанисиз.

A : $[BC]$ – маанисиз , натыйжасы 0:a=0 сыяктуу чексиз кичине чоңдук.

$[BC]$ : A = ∞, аныксыздык б.а. a:0=∞ сыяктуу мүмкүн эмес.

3.Чекит менен түз сызыктардын арасындагы арифметикалык амалдар

Окуу программасында каралгандай чексиз чекиттерден түз сызык түзүлөт. Түз сызыктарды латындын кичине a, b, c, d, f, g, h, j, k, m, n . . . тамгалары менен белгилейбиз.

A+a=a. **a** түз сызыгы чексиз чекиттердин көптүгү эмеспи.

A∪a=a. A∈a.

A-a = маанисиз. 0 – a = - a, түз сызык терс эмес экенин эске алабыз.

a-A= a. ∞ - 0 = ∞ сыяктуу. Түз сызыктын бир чекити жок болсо, түз сызык боюнча кала берет. A∩a=a. A∈a.

A·a=a·A маанисиз, 0·∞ = 0 сыяктуу чексиз кичине чоңдук.

A : a = мааниге ээ эмес, 5 : ∞ = 0 сыяктуу.

a : A = ∞, түз сызык чексиз чекиттердин көптүгү б.а. a = A · ∞ сыяктуу.

4.Чекит менен тегиздиктин арсындагы амалдардын натыйжалары

Тегиздик чексиз чекиттердин көптүгүнө ээ болгон геометриядагы аныктоосуз кабыл алынган түшүнүк. Тегиздикте бир жана эки ченемдүү фигуралар каралат. Каралган көп

бурчтуктар аянтка ээ болушат. Тегиздик чексиз аянтка ээ. Тегиздиктерди гректин кичине тамгалары $\alpha, \beta, \gamma, \delta, \varepsilon, , \vartheta, \mu, \rho, \sigma, \tau$ . . . менен белгилейбиз.

A+$\alpha$=$\alpha$+A=$\alpha$. Чекитти тегиздикке кошсок тегиздик болот. A∪ $\alpha$=$\alpha$, A ∈ $\alpha$

$\alpha$-A=$\alpha$ → $\alpha$ ны тапсак $\alpha$+A=$\alpha$ келип чыгат же ∞ - 0 = ∞. A∩ $\alpha$=$\alpha$

A – $\alpha$ = маанисиз, 0 - ∞ = - ∞ сыяктуу, тегиздик терс эмес.

A · $\alpha$ = $\alpha$ · A - маанисиз.

A : $\alpha$ = маанисиз.

$\alpha$ : A= ∞ түз сызыктардагы аткарылган амалдар сыяктуу чексиз чоң чоңдук.

5.Чекит менен мейкиндик арасындагы аткарылган арифметикалык амалдар

Мейкиндикте - бардык геометриялык фигураларды кароого мүмкүн болгон чексиз ченемдүү (мектеп курсунда үч ченемдүү учуру каралат) аныктоосуз кабыл алынган татаал түшүнүктөрдүн бири. Мейкиндикти бүткүл чексиз аалам менен байланыштырып түшүндүрө алабыз. Мейкиндиктерди гректин чоң тамгалары менен белгилейбиз. A чекит, W – мейкиндик.

A+W=W жана W+A= W сумма мейкиндик болот. A∪W=W, A∈W.

A – W = маанисиз.

W - A= W – мейкиндик. A∩W=A, A∈W.

A · W= W·A – маанисиз.

A : W= маанисиз.

W: A = ∞ сыяктуу.

6.Кесинди менен түз сызыктын арасындагы арифметикалык амалдар

Чексиз чекиттердин сызыктуу жайланышы (тегиздикте, мейкиндикте) – түз сызык деп түшүндүрмө беребиз. Түз сызык – чексиз кесиндилердин суммасы. Кесинди түз сызыктын кандайдыр бир бөлүгү. Чексиз кесиндилердин жыйындысы. Мында узундук деген түшүнүк каралат. Кесинди чектүү узундукка ээ – бул аралык. Эки чекиттин арасындагы узундук аралык болуп саналат. Кесиндини латындын эки чоң тамгасы менен, түз сызыкты латындын бир кичине тамгасы менен белгилейбиз.

$[AB]$ + a = a + $[AB]$ = a – түз сызык болот.

$[AB]$ - a = - a, терс түз сызык - деген түшүнүк жашабайт.

a-$[AB]$ = a – түз сызык: $[AB]$+$[AB]$+$[AB]$ = ...+ $[AB]$ = a

$[AB]$·a = a·$[AB]$ = мааниге ээ эмес.

$[AB]$:a =0. Оң санды чексизге бөлсө чексиз кичине чоңдук б.а. нөл.

a: $[AB]$ = ∞.

Анткени $[AB]$·∞ = a - бул деген түз сызык - чексиз кесиндилерден куралган, уланган деген мааниде.

7.Кесинди менен тегиздиктин арасындагы амалдар

Кесинди тегиздикте жатат б.а. кесинди тегиздикке камтылган көптүк болот. Кесинди чектүү узундук, тегиздиктин чексиз экендигин эске алуу менен ой жүгүртөбүз. Тегиздикте чексиз кесиндилер бар.

$[AB]$ + $\alpha$ = $\alpha$ + $[AB]$ = $\alpha$.

Суммасы тегиздик.

$[AB]$ - $\alpha$ = - $\alpha$ – маанисиз, анткени терс тегиздик деген жашабайт.

$\alpha$ - $[AB]$= $\alpha$. Айырмасы тегиздик.

$[AB]$ · $\alpha$ = $\alpha$ · $[AB]$ = мааниге ээ эмес.

$[AB]$ : $\alpha$ = мааниге ээ эмес.

$\alpha$ : $[AB]$ = ∞ → $\alpha$ = ∞ · $[AB]$.

8.Кесинди менен мейкиндиктин арасындагы катыштар

Кесинди - мейкиндикке камтылган көптүк болот. $[AB] \subset$ W.

$[AB]$ + W = W + $[AB]$ = W, $[AB]$ ∪ W = W.

$[AB]$ - W = - W маанисиз, анткени мейкиндик терс эмес.

W - $[AB]$ = W.   W ∩ $[AB]$ = $[AB]$.
$[AB]$ · W = W · $[AB]$ = маанисиз б.а. мааниге ээ эмес.
$[AB]$ : W = мааниге ээ эмес.
W : $[AB]$ = мааниге ээ эмес.
9.Түз сызык менен түз сызыктын арасындагы амалдар
a+b=b+a – суммасы түз сызык болот.
a-b=0.
b-a=0.
a·b = b·a = мааниге ээ эмес.
a : b =1 → a = b · 1.
b : a =1 → b = a ·1 - бул чектүү кесиндилер үчүн туура болот
10.Түз сызык менен тегиздик арасындагы катыштар
Түз сызык - тегиздикке камтылган көптүк б.а.
a ⊂ $\alpha$,   a ∈ $\alpha$
a + $\alpha$ = $\alpha$ + a = $\alpha$.
a - $\alpha$ = - $\alpha$  маанисиз, терс тегиздик деген түшүнүк жок.
$\alpha$ - a = $\alpha$.
a · $\alpha$ = $\alpha$ · a =  мааниге ээ эмес.
a : $\alpha$ = мүмкүн эмес.
$\alpha$ : a = мааниге ээ эмес.
10.Түз сызык менен мейкиндик арасындагы катыштар
Түз сызык - мейкиндикке камтылган көптүк.     $\alpha \in$ W.
$\alpha$ + W = W + $\alpha$ = W.  $\alpha$ ∪ W = W.
$\alpha$ - W = - W маанисиз, мейкиндик терс эмес.
W - $\alpha$ = W.  $\alpha$ ∩ W = W.
$\alpha$ · W = W · $\alpha$ = мааниге ээ эмес.
$\alpha$ : W = мүмкүн эмес.
W : $\alpha$ = мүмкүн эмес.
11.Тегиздик менен тегиздиктин арасындагы жүргүзүлгөн амалдар
$\alpha + \beta = \beta + \alpha$ = тегиздик.
$\alpha$ - $\beta$ = 0.
$\beta$ - $\alpha$ = 0.
$\alpha \cdot \beta = \beta \cdot \alpha$ = мааниге ээ эмес.
$\alpha : \beta = 1 \to \alpha = \beta \cdot 1$.
$\beta : \alpha = 1 \to \beta = \alpha \cdot 1$.
12.Тегиздик менен мейкиндик арсындагы катыштар
Тегиздик - мейкиндикке камтылган көптүк.
$\alpha$ ∈ W.  $\alpha$ ∪ W = W.  W ∩ $\alpha$ = $\alpha$
$\alpha$ + W = W + $\alpha$ = W.
$\alpha$ - W = - W мейкиндик терс болбойт.
W - $\alpha$ = W.
$\alpha$ · W = W · $\alpha$ = мааниге  ээ эмес.
$\alpha$ : W = мааниге ээ эмес.
W : $\alpha$ = мааниге ээ эмес.
13.Мейкиндиктер арасындагы аткарылган амалдар
Мейкиндиктерди: W, G, Ω тамгалары менен белгилейли.
W + G = G + W = Ω - мейкиндик.
W - G = 0,  G - W = 0.
W · G = G · W = маанисиз.

W : G = G : W = аныксыздык.

Мында биз окуучуларга логикалык ой жүгүртүү аркылуу салыштыруу, аналогия методдору, көптүк түшүнүктөрү менен айкалыштыруу аркылуу жеткирүүгө аракеттендик. Ошондой эле формализмге каршы аракеттерди жасап, жоюга аракет жасадак. Чексиздик түшүнүктөрүн: Аалам, баш-аягы жок, санаа, ой, ж.б. түшүнүктөрү менен байланыштыра алдык.

Биз мында аныктоосуз кабыл алынган түшүнүктөр арасындагы байланыш, айкалыш, салыштыруу менен окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү аркылуу мектеп программасында жана окуу китептериндеги каралбай калган материалдарды толуктоо менен көмүскөдө жаткан көптөгөн суроолорго жооп издеп таптык, бул математика мугалдерине илимий-теориялык жактан да методикалык да жардам көрсөткөн болобуз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. И.Б.Бекбоев, А.А.Бөрүбаев, А.Айылчиев Геометрия. Орто мектептин 7-8-класстары үчүн окуу китеби Бишкек “Билим” 2006.
2. И.Б.Бекбоев, А.Абдиев, А.Айылчиев, С.Салыков Геометрия. 7-9-класстарда окутуу Бишкек “Педагогика” 2003.
3. Аванова Ж.А., Алыбаев К.С., Пахирдинов М.А. Планиметрия курсун интерактивдүү окутуу Бишкек – 2012.


* * *

## ТАРБИЯЛООНУН МЕТОДДОРУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ


***Паязова Айсулуу Манаповна -***
***К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети***
***Султанова Айжамал Абылкасымовна -***
***К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети***
***Жалал-Абад ш., Кыргыз Республикасы***



***Аннотация:*** *Бул макалада тарбия жана тарбиялоонун методдору жана формалары, алардын мааниси, маңызы жана милдеттери берилген. Негизинен өнүгүп келе жаткан адамга коомдун таасир бериши - тарбия болуп эсептелет. Тарбиянын максатына тарбиялануучунун айрым жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, өөрчүтүп, гармониялык бүтүндүккө жеткирүү, коомго жана өзүнө керек болгон үй-бүлөөнүн, мамлекеттин, улуттун, рухий баалуулуктарын өздөштүрүү кирет. Ар түрдүү чоң социалдык группалардын тарбия идеалы бири-бирине карама-каршы болушу мүмкүн. Билим берүү менен тарбия берүү бири-бирине эриш-аркак. Мектеп менен ата-эненин авторитетин жоготуудан кийин тарбиялануучу өзүн-өзү тарбиялоого өтөт (ага таасир кылган көптөгөн психикалык, эмоциялык, социалдык, профессионалдык мамилелердин негизинде).*



***Түйүндүү сөздөр****: Тарбиялоонун методдору жана формалары, мектептеги тарбия көйгөйлөрү, адеп-ахлактык тарбия, эмгек тарбиясы, акыл-эс тарбиялоо.*


## МЕТОДЫ И ФОРМЫ ВОСПИТАНИЯ


***Паязова Айсулуу Манаповна -***
***Международный университет имени К.Ш. Токтомаматова***
***г.Жалал-Абад Кыргызская Республика.***
***Султанова Айжамал Абылкасымовна -***
***Международный университет имени К.Ш.Токтомаматова***

***Аннотация:*** *В этой статье представлены методы и формы воспитания и воспитания, их значение, сущность и задачи. В основном влияние общества на развивающегося человека - это воспитание. Цели воспитания включают развитие отдельных способностей воспитанника, достижение гармоничной целостности, усвоение необходимых обществу и самому себе духовных ценностей семьи, государства, нации. Идеалы воспитания различных больших социальных групп могут противоречить друг другу. Образование и воспитание идут рука об руку. После потери авторитета школы и родителей воспитатель переходит к самодисциплине (на основе многих психических, эмоциональных, социальных, профессиональных отношений, которые повлияли на него).*

***Ключевые слова****: Методы и формы воспитания, проблемы воспитания в школе, нравственное воспитание, трудовое воспитание, психическое воспитание.*

METHODS AND FORMS OF EDUCATION

***Paiazova Aisuluu Manapovna***
***International University named of the after K.Sh.Toktomamatov***
***Sultanova Aijamal Abylkasimovna - International University of the named after K.Sh.Toktomamatov***

***Annotation.*** *This article presents methods and forms of education and upbringing, their meaning, essence and tasks. Basically, the influence of society on a developing person is education. The goals of education include the development of individual abilities of the pupil, the achievement of harmonious integrity, the assimilation of the spiritual values of the family, the state, and the nation necessary for society and oneself. The ideals of education of various large social groups may contradict each other. Education and upbringing go hand in hand. After losing the authority of the school and parents, the educator moves to self-discipline (based on many mental, emotional, social, professional relationships that have affected him).*

***Key words:*** *Methods and forms of education, problems of education at school, moral education, labor education, mental education.*

**1.Билим берүүнүн методдору жана формалары**

Тарбиялоо методдору – бул тарбиячылардын (мугалимдин) окуучулардын аң-сезимине, алардын эркине жана сезимине, аларда белгилүү бир ишенимдерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн тийгизген таасири. Билим берүү методдорунун классификациясы бар, бирок бул абдан шарттуу. Мунун себеби, методдордун көбү өзүнчө колдонулбайт, бирок окуучуларга комплекстүү деп аталган таасир бир эле учурда бир нече методдордун жардамы менен колдонулат. Билим берүүнүн негизги ыкмаларын бөлүп көрөлү.

Ишенимдин калыптанышына көмөктөшүүчү ыкмалар. Алар окуучуга жаңы маалыматты жеткирүү, бир нерсени түшүндүрүү же анын аң-сезимине өзгөчө таасир берүү керек болгон учурда колдонулат. Бул ыкмалар тобунда башкы ролду оозеки ынандыруу ыкмалары ойнойт. Бул ыкмаларды практикада колдонуу билим берүүнүн өзгөчө формаларынын пайда болушуна алып келет.

Тарбиялык темадагы фронталдык баарлашуу (этикалык сүйлөшүү). Бул сүйлөшүүлөрдү көбүнчө класстын мугалими жүргүзөт. Этикалык баарлашуунун максаттары жана темалары окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана тарбия деңгээлине ылайык аныкталат. Этикалык баарлашуунун бир түрү – бул окуучуну жасаган ишинин туура эместигине ынандыруу үчүн тарбиялык иштер.

Укук бузуунун маңызы башка окшош укук бузууларга окшоштуктун жана салыштыруунун негизинде ачылат, анын бааланышы окуучулардын арасында шек жаратпайт.

Жеке окуучулар менен жекече баарлашуу. Бул тарбиялоонун эң татаал формасы. Мындай сүйлөшүүнүн негизги шарты – окуучу менен мугалимдин ортосунда психологиялык тосмонун жоктугу. Мына ушундай учурда гана жеке сүйлөшүү окуу процессине оң таасирин тийгизет.

Эң курч көйгөйлүү маселелер менен талаш-тартыштарды жана талкууларды өткөрүү. Билим берүүнүн бул формасы окуучунун өзүнүн активдүү катышуусун болжолдойт: конкреттүү маселелер боюнча докладдарды даярдоо, талкууга катышуу, өз көз карашын билдирүү.

Туура жүрүм-турумдун көндүмдөрүн жана адаттарын өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү методдор. Бул методдордун өзүнүн тарбиялоо формалары бар:

- тарбиялык көнүгүүлөрдү өткөрүү. Көнүгүү (тарбиялоодо) – бул мугалим тарабынан окуучу туура жүрүм-турум жөндөмүн көрсөтө турган кырдаалды түзүү.

Мисалы, окуучулар мугалим менен учурашканда, алар дайыма ордунан турушат, бул саламдашуунун тааныш, милдеттүү стандарты. Ошентип, окуучулар мугалимди урматтоону үйрөнүшөт;

-тапшырма. Ошентип, иш жүзүндө, сиз окуучунун оозеки ынандыруунун жүрүшүндө үйрөнүшү керек болгон моралдык жана этикалык принциптерди текшере аласыз;

-которуу – бул окуучуларды жаман адаттардан ажыратууга жана аларды кандайдыр бир башка иш түрүнө которууга багытталган тарбиялоонун бир түрү.

Окуучулардын активдүүлүгүн стимулдаштыруу ыкмалары. Бул методдордун алкагында окуучулар менен иштөөнүн негизги формаларын тизмектеп көрөлү:

-дем берүү. Алар сарамжалдуу пайдалануу менен гана тарбиялык мааниге ээ. Көбүрөөк колдоонун түрлөрү – мактоо, китеп менен сыйлоо, "диплом", мактоо грамотасы, медаль ж.б.

-жаза. Натыйжалуу болушу үчүн жазаны адилеттүү деп кабыл алып, соттоо керек.

**2.Мектептеги тарбиялоонун көйгөйлөрү.**

Кадимки билим берүү ишинин деңгээлинде мугалим өзүн-өзү камсыздайт, анткени ал илимий эмес, салттуу, кесиптик тажрыйбаны жетекчиликке алат. Бул учурда өзүн-өзү камсыздоо шек саноолордун, сынчылдыктын жана окуу материалын кайра ойлонуунун зарылдыгынын жоктугун билдирет. Бул мугалимди "жабык билим берүү" болгон иш-чараларга алып барат – тарбиялоо ишинин даяр үлгүлөрү жана алар менен тартиптүү аракеттер.

"Жабык билим берүүнүн" өзгөчөлүктөрү:

-мугалимден эч кандай илимий уюмду талап кылбайт (окуянын сценарийин алып, аны ишке ашыруу үчүн жооптуу адамдарды дайындоо жетиштүү;

-аң-сезимдин мазмунуна айланган маалыматтын маанисин окуучунун түшүнүүсүнүн баалуулугу эске алынбайт;

-окуучу үчүн мугалимдин эмгегинин баасы төмөндөйт, ал автоматтык түрдө сапаттарды, жүрүм-турум эрежелерин үйрөтүүгө же аларды ишке ашыруу үчүн окутууга багытталган билим берүүчү маалыматтын берүүчүсү болуп калат.

Билим берүүнүн салттуу ыкмаларын колдонуунун негизги белгилери:

-насаат;

-уят кылуу;

-ишендирүү;

-коркутуулар;

-жаза.

Жабык билим берүүнүн негизги белгилери:

-сызыктуу (линейность);

-акырына чыгуу;

-объективдүүлүк;

-обочолонуу; (түнт)

-сүрөттөмөнүн эң толуктугу;
-абсолюттук тактык;
-туруктуулук;
-маданият жөнүндө берилген билимдердин негиздеринин универсалдуулугу;
-билимди колдонуунун натыйжаларынын алдын ала айтуучулугу.

Заманбап педагогиканын маанилүү көйгөйлөрү жана милдеттери:

-мугалимдин "ачык тарбиялоо" маанисин түшүнүүсү. Анын ачык-айкындуулугу жеткиликтүүлүк, маалыматтын дайыма өсүп жаткан көлөмүнө жетүү катары түшүнүлөт. Ачыктык феномени алда канча кеңири, ал жаңы коомдук түшүнүктөрдүн, атап айтканда, “ачык коомдун” пайда болушу менен байланыштуу. Мындай коом али түзүлө элек, бирок анын моделдери XXI кылымда адамзаттын жашап кетиши жана ийгиликтүү жашоосу үчүн гуманисттик идеалга эң жакын шарттардын ролун аткарат;

-гуманисттик идеалга ылайык келген билим берүүнүн иштеп жаткан моделин түзүү.

"Ачык билим берүүнүн" негизги багыттары:

-"ачык тарбиялоо" процесси – ар тараптуу жана гармониялуу жетилген инсанды калыптандыруунун заманбап шарттарында максаты бар максаттуу процесс;

-билим берүүдөгү максат окуучуга жакын жана түшүнүктүү максатка айланышы үчүн ишке ашырылышы керек;

-адам өсүп-өнүккөн сайын тарбиялык милдеттерди татаалдаштыруу жана тереңдетүү зарыл;

-тарбиялоо процесси көп факторлуу болууга тийиш (жеке тарбиячыларды, бүтүндөй мектепти жана бүтүндөй коомду, анын бардык билим берүү мекемелерин тарбиялоого активдүү катышуу менен);

-тарбиялоо процесси татаал болушу керек, анткени адамдын инсандыгы бүтүндөй калыптанат жана андагы айрым сапаттардын жана сапаттардын өнүгүүсү кезектешип эмес, дароо комплексте болот;

-үйрөнүлгөн ченемдерди кабыл алуу, өнүктүрүү жана жеке менчикке айландыруу баскычын мүнөздөгөн жаңы көз караштардын калыптанышы.

**3.Адеп-ахлактык тарбия**

Адамдын адеп-ахлактык калыптануусунун эң жогорку деңгээли – инсандын багыты, ал эң мүнөздүү сапаттарды, иш -аракеттердин ыкмаларын жана жүрүм-турум формаларын чагылдырат.

Жүрүм-турум дайыма төмөнкүлөргө негизделиши керек:

- эмне туура, эмне жаман экенин билүү, башкача айтканда, адам моралдык нормалар жөнүндө белгилүү бир ойлорго жана түшүнүктөргө ээ болушу керек;

- бул нормаларга белгилүү бир эмоционалдуу түстүү баа берүү, башкача айтканда, аларды сактоо зарылдыгы, адеп -ахлактык аң-сезим бардык адамдык аракеттерди жана иштерди жөнгө салуучу катары иштелип чыгышы керек.

Моралдык идеал – эң жакшы моралдык сапаттар камтылган адамдын жеке идеясы – моралдык аң-сезимдин эң маанилүү компоненти.

Адеп-ахлак жөнүндөгү билим көбүнчө стихиялуу түрдө – башкалардын ортосундагы чыныгы мамилелерди кабыл алуудагы курчап турган реалдуулуктан алынат.

Моралдык баалоо белгилүү бир иш-аракет ыкмасын тандоого карата мамиленин калыптанышынын негизин түзөт. Моралдык нормаларды түшүнүү жана өздөштүрүү – окуучуда белгилүү сапаттарды калыптандыруу боюнча иштин башталышы. Баланын адеп-ахлагынын өнүгүшүнө активдүү көмөктөшөт:

- патриотизмге тарбиялоо;
- гуманизмге тарбиялоо;
- жаратылышты урматтоого тарбиялоо.

Патриотизмге тарбиялоо. Патриотизм – өз мекенине болгон сүйүү – бул адамдын идеологиялык жана саясий аң-сезиминин көрүнүшү катары каралууга тийиш болгон

алдыңкы моралдык сапат. Бул адамдардын өз өлкөсүнө болгон мамилесинин социалдык жана моралдык принциби.

Патриоттук тарбиялоонун бир нече багыттары бар:

- өз жерине, адамдын туулуп өскөн жерине болгон сүйүүнү тарбиялоо, студенттерге өлкөнүн коомдук системасынын маңызы жөнүндө билимдерди өздөштүрүүгө, өлкөдө болуп жаткан окуялардын себептерин түшүнүүгө, аны билүүгө мүмкүнчүлүк берүү. саясий жана мамлекеттик институттар, мыйзамдар;
- мамлекеттик символдорду түшүндүрүү жана колдонуу: герб, желек, гимн;
- жаратылышка карата сүйүү жана сарамжалдуулукка тарбиялоо;
- адабият тарыхын жана туулган жердин географиясын изилдөө;
- улуттук маданиятка, тарыхта калыптанган улуттук каада -салттарга кызыгууну өнүктүрүү.

Гуманизмге тарбиялоо.

Адамгерчилик бул:

-башкаларга багытталган моралдык сапат, башкача айтканда, анын башка адамдар менен түздөн-түз мамилесинде ишке ашкан адамдын өзгөчө дүйнө таанымын мүнөздөйт;

-дүйнөнү кабыл алуу, тагыраагы – башка бирөөнү кабыл алуу, анын ичинде коомдун дагы бир тең укуктуу мүчөсү катары урматтоо, достук жана боорукердик, анын муктаждыктарына көңүл буруу жана жардам берүүгө даярдык;

-сабырдуулук жана берешендик, башка адамдын алсыздыгын же кыйынчылыктарын түшүнүү жөндөмүн билдирет, кокус кылмыштарды кечирет.

Жаратылышты урматтоого тарбиялоо. Адамдын жаратылышка болгон мамилеси дагы коомдук мамилелердин талаасы. Жаратылыш – бул биздин жашообуз, билим булагыбыз, иштөө аймагы, эс алуу жайы. Адамдын жаратылышка болгон туура мамилесин тарбиялоо – кам көрүү жаратылышты сактоо, анын байлыктарын кылдат колдонуу, окуучуларды жаш кезинен жаратылыш байлыктарына аяр мамиле кылууга үйрөтүү.

**4.Эмгек тарбиясы**

Эмгекти уюштуруу анын иреттеп, аны тартипке салуу деп түшүнүлөт. Балдар эмгегин уюштурууда балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн, индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн жана алардын өнүгүү закончонемдерин, анын ичинде эстетикалык жана физикалык жагын эске алуу керек.

Мугалимдин милдети - үлгү болуу, окуучуларынын күчтүү жана алсыз жактарын изилдөө, иш-чараларды уюштуруу ж.б. Эмгек аркылуу тарбиялоодо мугалимдин иш-аракетинин психологиялык аспекти жеке үлгү менен таасир кылуудан, чөйрөнүн адамга тийгизген таасирин башкаруудан, ошондой эле анын эмгек ишмердүүлүгүн башкаруудан турат. Мугалим иштин мазмунун жана формаларын педагогикалык максаттар менен координациялайт, эмгек ишмердүүлүгүн окуучулардан белгилүү бир сапаттарды көрсөтүүнү талап кылгандай кылып багыттайт, тарбиялык таасирлердин эффективдүүлүгүн баалайт. Педагогдун ролу да окуучуга өзүнүн теңтуштары менен авторитетин жогорулатууга жардам берүү. Эмгек тарбиясында көптөгөн окуучулар жалпы билим берүүчү предметтерге караганда олуттуу жыйынтыктарга жетишет. Бул жагынан алганда, бала таанымал болууга муктаж. Эгерде ал өзүнүн авторитетин жогорулатууну көздөсө, анда анын активдүүлүгү башка иштерде жогорулайт. Ал эми мугалимдин негизги милдеттеринин бири – бул ишмердүүлүктү калыптандыруу жана багыттоо. Жаш муунду эмгекке тарбиялоонун көптөгөн маселелерин чечүү негизинен балдар эмгегинин функцияларын, максаттарын жана психологиялык мазмунун туура түшүнүүдөн көз каранды. Окуучунун эмгеги өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ. Биринчиден, окуучулардын эмгеги чоңдордун эмгегинен уюштурулган максаты менен айырмаланат. Балдар эмгеги негизинен билим берүү максатында уюштурулат. Коомдогу эмгек, эреже катары, жамааттык мүнөзгө ээ, ошондуктан, ар бир катышуучу өз ара аракеттене билүүсү талап кылынат. Демек, мектеп окуучулары коомдук өндүрүшкө тартылышы керек. Баланы эмгекке даярдоо – анын иштөөгө психологиялык даярдыгын калыптандыруу. Эмгекке психологиялык даярдык – бул өндүрүштүк эмгектин

бардык түрүн ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн жетиштүү болгон инсандык өнүгүү деңгээлин билдирет.

Мектеп окуучусунун ишке психологиялык даярдыгынын калыптанышы төмөнкүдөй иш-чараларда болот:

-оюн;

-окутуу;

-тиричилик жана өндүрүмдүү эмгек;

-техникалык чыгармачылык.

Иштин бул түрү билим берүү ишмердүүлүгүнө же чоңдордун эмгек ишмердүүлүгүнө окшош болбогондуктан, шарттуу түрдө билим берүү жана эмгек ишмердүүлүгү катары айырмаланат.

Эмгек тарбиясынын негизги багыттары бар:

-политехникалык билим – бардык тармактардын илимий негиздерин жана принциптерин өздөштүрүү;

-өндүрүмдүү эмгек – окуучуларды мындай иш -чараларга тартуу, анын натыйжасы белгилүү бир продукт болот;

- коомдук пайдалуу эмгек – коомдук маанидеги иш;

-өзүн-өзү тейлөө – класста, мектепте, мектептин айланасында ж.б. тазалыкты сактоо;

-үй жумуштарынын мүнөзүндө (үйдөгү тазалыкты жана тартипти сактоо). Анын максаты – окуучуга үй-бүлө мүчөлөрүнө, кошуналарына жардам берүү зарылдыгын көрсөтүү.

-кесиптик иш – атайын кесиптик билим алуу жана бул адистик боюнча иштөө.

**5. Акыл-эс тарбиясы**

Акыл-эсти тарбиялоо – окуучулардын акыл-эс күчүн жана ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн тарбиячылардын максаттуу ишмердүүлүгүн билдирет. Акыл-эс өнүгүү – бул мүмкүн болгон жашоо таасиринин жыйындысынын натыйжасында пайда болгон акыл-эс күчтүн жана ой жүгүртүүнүн өнүгүү процесси деп түшүнүүгө болот. Акыл-эс тарбиялоо жана өнүктүрүүнүн аныктамасы "ой жүгүртүү" жана "акыл-эс күчү" түшүнүктөрүн камтыйт.

Ой жүгүртүү – бул объективдүү чындыктын объектилерин жана кубулуштарын ортомчулук жана жалпылаштырылган адамдын таануусу, алардын маанилүү байланыштарында жана мамилелеринде жана мээ ишинин жемиши. Ой жүгүртүүнүн түрлөрү бар:

-логикалык;

-абстракттуу;

-жалпыланган;

-теориялык;

-техникалык;

-репродуктивдүү;

-чыгармачыл.

Логикалык ой жүгүртүү төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

-билимди логикалык иштетүү ыкмаларын өздөштүрүү, башкача айтканда, жаңы билим менен мурда изилденген материалдын ортосунда жалпыланган байланыштарды орнотуу, аларды белгилүү бир тартиптүү системага келтирүү;

-түшүнүктөрдү аныктоо жөндөмдүүлүгү;

-ой жүгүртүү, далилдөө, төгүндөө (опровержение), тыянак чыгаруу, божомол (гипотеза, прогноз) айтуу ыкмаларын өздөштүрүү.

Абстракттуу ой жүгүртүү – бул адамдын анча маанилүү эмес, экинчи даражадагы белгилерден алаксытуусу, жалпы жана негизги нерсени белгилөө жана ушунун негизинде абстрактуу түшүнүктөрдү түзүү жөндөмү.

Жалпыланган ой жүгүртүү кубулуштардын белгилүү бир тобуна тиешелүү болгон жалпы принциптерди же аракет ыкмаларын таба билүү менен мүнөздөлөт.

Теориялык ой жүгүртүү төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

-жалпылоонун жогорку деңгээли боюнча билимди өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү;

-билимдин айрым тармактарын өнүктүрүүнүн илимий негиздери жана принциптери жөнүндө түшүнүк.

Техникалык ой жүгүртүү илимий негиздерди жана өндүрүш процесстеринин жалпы принциптерин, адамдардын психологиялык даярдыгын түшүнүүнү камтыйт. Репродуктивдүү ой жүгүртүү белгилүү типтеги көйгөйлөрдү чечүү же тааныш шарттарда аракеттерди аткаруу үчүн алынган билимди актуалдаштыруу менен байланышкан.

Чыгармачыл ой жүгүртүү – бул адамдын буга чейин белгисиз болгон билимге таянуу менен, ошондой эле аларды чечүү үчүн зарыл болгон жаңы маалыматтарды, ыкмаларды жана каражаттарды тартуу менен ишке ашкан жаңы, мурда белгисиз милдеттерди чечүү үчүн адамдын өз алдынча чечими.

Акыл-эс күчтөр – бул адамдын акылын өнүктүрүүнүн белгилүү бир даражасы катары түшүнүлөт, ал адамды билим топтоого, негизги психикалык операцияларды аткарууга жана белгилүү интеллектуалдык көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жөндөмдүү кылат.

Акыл-эс тарбиялоо милдеттери:

-акыл-эс ишмердүүлүктүн шарты катары билим фондун топтоо;

-негизги ой жүгүртүү операцияларды өздөштүрүү;

-интеллектуалдык ишмердүүлүктү мүнөздөгөн интеллектуалдык көндүмдөрдү калыптандыруу;

-диалектикалык-материалисттик дүйнө таанымды калыптандыруу.

Билим фондун жогорку деңгээлде өздөштүрүүгө жетишүүдө маанилүү ролду ойнойт:

-адамдын жеке максаттуулугу;

-анын алдына койгон максаттары, аны таанып-билүү ишмердүүлүгүнө түрткөн мотивдер;

-жалпы билим берүү көндүмдөрү;

-узак мөөнөттүү интеллектуалдык ишмердүүлүктү өнүктүрүү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Атайын педагогика / Ред. Назарова Н.М. – М.: Академия, 2000.
2. Атайын мектепке чейинки педагогика / Ред. Е. А. Стребелева. – М.: Академия, 2001.
3. Атайын психологиянын негиздери / Ред. L. V. Кузнецова. – М.: Академия, 2002.
4. Тарбиянын теориясы жана методикасы: студенттер үчүн окуу китеби. ред.Н.М. Борытко. – Волгоград: ВГИПК РО басмасы, 2006. -98 б.
5. Жаш мугалимге жардам/ ред. Жороева А.А. – Ош, 2015
6. Ак калпак кыргыздын рух дөөлөтү: Этика жана этнопедагогика / ред.Советбек Байгазиев, Бишкек, 2015

* * *

**УДК.372.(07).**

# “АДАБИЙ ОКУУ” САБАГЫНДА КӨРКӨМ ТЕКСТ ҮСТҮНДӨ ИШТӨӨДӨГҮ НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕР

***Раимбекова Марянькан - п.и.к, проф.м.а.,***
***Бактыгулова Гулжан Бактыгуловна - аспирант***
***Матеева Ажар - магистрант,***
***Абдылдаева Жыргал - магистрант,***
***И. Арабаев атындагы КМУ***

***Аннотация:*** *Бул макалада башталгыч класстардын окуу сабагында текст талдоону үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдору , аны сабакта колдонуунун ар түрдүү ыкмалары жөнүндөгү маселелер каралат. Окуу сабагы негизинен текст окуу ,анын мазмунун айтуу,*

*суроолорду туура коюу жана ага жооп берүү көндүмдөрүн калыптандырууга багытталат. Башталгыч класстардын " Адабий окуу" китептеринде ар түрдүү мазмундагы макалалар, дидактикалык чыгармалар, балдар акын- жазуучуларынын чыгармаларынан үзүндүлөр, кызыктуу жана пайдалуу маалыматтар берилет. Ошондой мазмундагы тексттерди окутуудагы алдын ала божомолдор, окуучулардын билимине таянуу,чыгарманы өз калоосуна ылайык улантуу, чыгарма жаратуу ж.б. ыкмаларды сабакта колдонуунун жолдору берилди. Андан сырткары текстти сөзмө- сөз айтуу, ырларды жатка айтуу, башталгыч мектептин окуучулары үчүн өз алдынча окуучу китептердин түрлөру да берилди.*

***Түйүндүү сөздөр**: окуу, текст, тексттин талдоо, схема, идея, сүйлөм түзүү, байланыштуулугу, бүтүндүгү, абзац, божомолдор, стратегия, сынчыл окуу, жанрлар, автор, проблема, түшүнгөнүн айтуу, чыгарма жаратуу.*

## ОСНОВНЫЕ ПРОБЛЕМЫ АНАЛИЗА ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА НА УРОКЕ «ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ»

***Раимбекова Марянькан - к.п.н., и.о.проф.,***
***Бактыгулова Гулжан Бактыгуловна - аспирантка***
***Матеева А. - магистрантка,***
***Абдылдаева Ж. - магистрантка,***
***КГУ им. И.Арабаева***

***Аннотация:** В данной статье рассматриваются вопросы эффективных способов обучения анализу текста в начальных классах и различные способы их использования на уроке. Урок в основном направлен на формирование навыков чтения текста, рассказа его содержания, правильной постановки вопросов и ответов на них. Учебники «Литературного чтения» начальных классов содержат тексты различного содержания: дидактические произведения, отрывки из произведений детских поэтов и писателей, интересную и полезную информацию. Предпосылки в преподавании текстов одного содержания, опора на знания учащихся, продолжение работы по собственному желанию, создание произведения и др. В статье даны способы использования различных методов на уроке. Кроме того, были предусмотрены и виды самоучителей для учащихся начальных классов для чтения текста, чтения стихотворений наизусть.*

***Ключевые слова:** чтение, текст, анализ текста, схема, идея, построение предложения, связь, целостность, абзац, допущение, стратегия, критическое чтение, жанры, автор, проблема, понимание, создание произведения*

## MAIN PROBLEMS OF LITERARY TEXT ANALYSIS IN THE LESSON "LITERARY READING"

***Raimbekova Maryankan - Ph.D., Prof. M.A.,***
***Baktygulova Gulzhan Baktygulovna - post-graduate student***
***Mateeva A. - undergraduate,***
***Abdyldaeva J. - undergraduate,***
***KSU them. Arabaev, Bishkek***

***Annotation:** This article desoribes how to teach how to analyze text in a reading lesson in elementary school about effective methods, various ways of it is application in the guestions will be considered. The reading lesson consists mainly of reading the text pronouncing it is contents, questions. Etc. it is almed at developing the skils of correct formulation and response to it initial articles of various contents in classroom "literary readings", didactic works , excerpts from the works of childrens poets- writors ,interesting and useful information is provided. Of texts of such content, forecasts in teaching, based on the knowledge of students, reffect the continuation, creation*

*of a work, etc. in occordance with the SAT using methods in the class options have been provided in addition, pronouncing the text verbatim memorizing verses by heart, types of books for seif-reading for elementary school students also given.*
***Key words:** reading text, text analysis scheme, idea, sentence creation, coherence, integrity, paragraph, assumptions, strategy, critical reading, genres, author, the problem is to say what he understands, create a work.*

«Адабий окуу» сабагындагы негизги маселелердин бири текст менен иштөө, бул сабакта окуучулар ар түрдүү жанрдагы чыгармалар менен иштешет, аларды биз, жалпысынан текст деп айтабыз. Текст жөнүндө белгилүү методист Т.А. Ладыженская: «Текст-это несколько предложений, связанных по смыслу и грамматически»,-деп белгилейт. Мында тексттин эки негизги белгиси жөнүндө айтылууда: 1) бир нече сүйлөмдөрдүн түрлөрүнөн болушу; 2) ал сүйлөмдөрдүн маани жана грамматикалык жактан байланыштуулугу. Бул белгилер текст үчүн орчундуу белгилерден эмес, текст үчүн эң негизгилерден болуп анын байланыштуулугу жана бүтүндүгү. Ошентип, текст-маанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышкан, бир бүтүндүктү түзгөн бөлүктөрү бар кептик чыгарма.

Азыркы учурда текстти талдоодо кеңири пайдаланылган модель таанып- билүү психологиясы жана текст окуу схемасы. Ушул теория боюнча окурмандардын текстке ой жүгүртүүсү ар түрдүүчө болот ,башкача айтканда, ар бир окурман текстти өз алдынча кабыл алат жана ой жүгүртөт. Ал текстти, тексттеги көз менен көрүлгөн символдорго гана ( беттеги сөздөр жана форматы, ар кандай сүрөттөр, графиктер ж.б.) негиздеп гана ой жүгүртпөстөн, көрүнбөгөн маалыматтарга да негизделет: окурмандын аны курчап турган айлана-чөйрөсү жөнүндөгү билимине, анын текстти окуу тажрыйбасына жана өзгөчө адабияттын ар кандай түрлөрүн кандайча окуу керектиги жөнүндөгү билимине. Азыркы учурда текстти талдоодо төмөндөгү эрежени эске алуу керектиги сунушталууда, ал боюнча:

- окуучулардын тажрыйбасы + алдын ала божомолдоолор = түшүнүү.

Текстти окууда окуучулардын тема боюнча болгон билимине таянуу менен божомолдор жүрөт жана ошолорго негизделет, мында текстти окуганга чейин эле окуучу, же окурмандар бул кандай текст экендигин божомолдошот. Текст окуу процессинде анын мазмунун чечмелеп бергенге караганда, божомолдоо кыйла маанилүү. Чындыгында ,эгер биз ар бир тамганы жана ар бир сөздү окууга тийиш болсок, биз тамгаларды жана сөздөрдү алардан сүйлөм түзүү үчүн эстеп калаарыбыз таптакыр мүмкүн эмес. Ал эми биздин чектелген кыска мөөнөттүү эс тутумубуздун учурунда абзацтарды окуу таптакыр эле мүмкүн болбойт. Ошондуктан, окуучулар ар бир сөздү карап жана ал эмнени билдирерин ойлонуунун ордуна бул текст эмне жөнүндө экендигин которууну божомолдошот. Андан кийи,н биз тексттен өзүбүздүн божомолубузду же тескерисинче аларды таанууга аракеттенебиз.

Текстте кыйла структуралаштырылган, теманын идеясын камтыган сүйлөмдөрү бар, ошондой эле тексттин мазмунун божомолдоого мүмкүндүк берүүчү конкреттүү мүнөздөмөнү камтыган маалыматты табуу оңой. Кыйла азыраак структуралаштырылган тексттер бул текст эмне жөнүндө экендигин божомолдошу үчүн окурманга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет. Алар текстти чыгармачылык менен ойлонушу үчүн окурманга шарт түзөт.Мында биз окуучулардын сынчыл ойломун өстүрүүгө аракеттерди жасоого тийишпиз, ал болсо сынчыл окуу стратегиясы көндүмүн калыптандыруу аркулуу ишке ашат.

Сынчыл окуу страрегиясы- текстти окуу процессинде сынчыл окуунун стратегиясына төмөнкү айкалыштарды да колдонуу натыйжага алып келет. Алар: 1) болгон билимдерди активдештирүү иши. Мында, окуучулар тексттин темасы боюнча кандай маалыматтарга ээ экендигин билүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонууга мүмкүндүк берет.

Божомолдоо- текст бизди эмнеге алып келери жөнүндө божомолдорду түзүү теманы түшүнүүнүн маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Тексттин мазмуну жөнүндө туура эмес божомолдоо жасоодон коркпоо керек. Туура эмес божомолдоолор туура божомолдоо сыяктуу эле ойлонуп окуунун бир бөлүгү болуп эсептелет.Текстти окуунун жүрүшүндө сиз өз

божомолуңузду ырастайсыз, же аларды өзгөртөсүз.Текст боюнча алдын ала иштөө биз аны окуй баштаганга чейин эле тема жөнүндө көбүрөөк маалымат чогултуу дегенди билидирет. Менин текстти окуумдун максаты эмне? Эгер бизден кандайдыр бир үзүндүнү жалпылоону суранышса, бизге тезистерге жана негизги темаларга көңүл буруу зарыл болот. Тексттин үзүндүсүнө жооп берүүнү бизден өтүнүштүбү? Эгерде өтүнүшсө, анда тема жөнүндө мурдатан эле билерибизди жана ушул корутундуга кандайча келгенибизди эстөөгө тийишпиз.

Чыгарма жөнүндө үзүндүнүн аталышы мага эмнени айтып бере алат? Биз текстти окуй баштоодон мурда анын аталышын карайбыз. Аталышы бизге текст жөнүндө кандай идеяларды бериши мүмкүн? Ал автордон маани- маңызын түшүндүрүшү же үзүндүнүн негизги оюн бөлүп көрсөтүшү мүмкүн. Адатта, жакшы жазуучулар алардын чыгармаларынын, иштеринин аталышы бир көргөндө эле чыгарманын маңызы жөнүндө түшүнүк алуу үчүн окурманга жардам беришине аракеттенишет**. Чыгарманы ким жазган?** Эгер биз автор жөнүндө мурда уксак, анда анын кадыр- баркы же биз окуп жаткан проблеманын, маселенин маңызы жөнүндө эмнелерди ойлойбуз? Автор бизге белгилүү болгон жакшы чыгармаларды жазганбы? Биздин алдыбызда жаткан үзүндү автордун жалпы эмгегине кандайча жазылат? Биз аны жазууга эмне мажбурлаганын билебизби? Биз, текстти биринчи жолу окуганда, тексттин негизги идеясын табуу үчүн окуйбуз. Бул үчүн андагы кириш сөзгө, абзацтарга, бөлүмдөрдүн аталыштарына көңүл бурабыз. Текстти экинчи жолу окуу ойлонуу менен жай жүрөт. Жазуу үчүн дептер , карандаш алып алуу керек, анткени керектүү жерлерин жазуу бул маанилүү стратегия. Окууга үйрөтүүдө сөз байлыгынын мааниси чоң, анткени, окуучулардын оозеки сүйлөшүүсү окууга үйрөтүүнүн эң маанилүү компоненти болуп эсептелет. Башталгыч класс мугалимдери окуучулардын оозеки сүйлөшүү лексикасын байытууга- тилдик көнүгүүлөрдү бат- бат жүргүзүп туруу менен жетише алат, мисалы: тексттерди үн чыгарып окуу, окуучулар менен текстти талдоо, достору менен диалог түзүү, ар түрдүү мазмундагы дебат, презентацияларды өткөрүү. Мугалимдин оозеки тилди өнүктүрүүгө басым жасоосу тилди байытууда жетиштүү эмес. Окуучулар окууга киришүүгө чейин эле максималдуу сөздүк запаска ээ болот жана ошол сөздөр окуучулардын окуу процессинде байма- бай кездешип турат, бирок анын маанилерин окуучулар толук биле беришпейт, ошондуктан, сөздүк менен иштөө, ырларды жатка айтуу, айтып берүүдө тексттеги үзүндүлөрдү пайдалануу, көп жолу кайталанган лексиканын сөздүгүн түзүү сыяктуу ыкмаларды колдонуу зарылдыгы келип чыгат.

Сөздүк - окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүү компоненттеринин бири болуп эсептелет,анткени текстти түшүнүү үчүн балдар белгилүү өлчөмдөгү сөз байлыгына ээ болушу керек. Мугалим окуучулардын жаңы сөздөрдүн маанисин гана билүүгө аракет кылышын көздөбөстөн, окуучулардын өздөрүнүн жаңы сөздөрдүн маанисин табуу көндүмүн өстүрүүгө жардам берүүсү керек, ал үчүн сөздүк дептер түзүү, сөздөрдүн маанилерин сөздүктөрдөн табуу, аны чечмелөө сыяктуу ишмердиктерди ишке ашыруу зарыл. Айрым илимий изилдөөлөрдө жаңы сөздөрдү окуучулардын эсине сактап, лексиконуна кошууда ошол сөздү 10-15 жолу көзү менен көрүшү керек деп эсептешет.

Текстти окуу жана түшүнүү үстүндө иштөөгө үйрөнгөндөн кийин, окуучулар башталгыч мектептин программасын гана ийгиликтүү өздөштүрбөстөн, алар бүткүл өмүрүнө керектүү болгон көндүмдөргө ээ болушат. Текстти окуп- түшүнүү көндүмүн өнүктүрүүнү биринчи кезекте китеп деген эмне, ал кандай жанрлардан болору, тексттен маалыматты кантип алуу, аны талдоо жана түшүнүү керектиги менен тааныштыруу керек. Окуучуларга китептер төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөрүн билдирүү керек: - түзүлүшү жана формасы боюнча: сүрөт – китептер, энциклопедиялар,панорамалык китептер,бир чыгармалуу китеп, бир нече чыгармалуу китептердин сериясы ж.б.; маалымат берүү тибине жараша- кагаз китептер, аудио китептер, он-лайн китептер, -жанрлар боюнча**:** жомоктор фантастика, аңгемелер, энциклопедиялар, көркөм искусство. Учурда балдар адабияты мазмуну жана формасы боюнча ар түрдүү. Китептин ар бир түрү окууда ар башка мамилени талап кылат. Мисалы, иллюстрацияланган китептерде негизги көңүлдүн борборунда визуалдык образдар болушу керек. Маалыматтык тексттерди окутууда дүйнөнүн картасы,графиктер, таблицаларды пайдалана билүү жана түшүнүү талап кылынат.

Окуганын түшүнүү- окуган тексттинин маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны интерпретациялоо жана окуган текстине карата өз пикирин , мамилесин калыптандыруу көндүмү. Бул башталгыч мектептен тартып окуучуларды үйрөтүү зарыл болгон маанилүү көндүм болуп саналат.

Окуганын түшүнүү деңгээлдеринин түрдүү классификациялары бар. Алар: сөзмө- сөз түшүнүү, ой жүгүртүп талдап түшүнүү, сынчыл баа берүү менен түшүнүү.

Сөзмө-сөз түшүнүү - бул түшүнүүнүн биринчи деңгээли болуп саналат да текстти кайталоо же түзүү жөндөмдүүлүгү, негизги маалыматты бөлүп алуу, башкы каармандарды, идеяны, окуянын ордун, мезгилин, хронологиясын,сюжетин, аракеттерин аныктоо;

ой- жүгүртүп талдап түшүнүү- текстти түшүнүүнүн экинчи деңгээли деп саналат да, мында автор тарабынан берилген ойду таба билүү, алардын ортосундагы байланыштарды түшүнүү, интерпретациялоо жана талдоо, белгилүү болгон жана жаңы маалыматты салыштыруу көндүмдөрү ишке ашырылат ;

сынчыл баа берүү менен түшүнүү- бул окуп түшүнүүнүн үчүнчү жолу – мында тексттеги ойго карата өзүнүн мамилеси, оюн калыптандыруу жана айта билүү көндүмү. Ошону менен бирге,өзүнүн окуп түшүнгөнүн баалоо.

Окуганын түшүнүү көптөгөн жагдайларга байланыштуу болот:

- туура окуй алуудан (эгер окуучу сөздү туура эмес окуса, анда ал бүтүндөй сүйлөмдүн маанисин түшүнбөй калат) ;
- сөздүн маанисинин түшүнүүсүнөн;
- окуунун түрлөрүн өздөштүрүүсүнөн (окуучу тамгалап же муундап окуса тексттин маанисин түшүнбөй калышы мүмкүн );
- окуучунун турмуштук тажрыйбасынан жана билиминен;
- окуучунун эс тутумунан, ой- жүгүртө жана элестете билүүсүнөн.

Текст менен иштөөнү автор менен тааныштыруудан баштоо керек жана автордун өмүр жолунун кызыктуу, урунттуу учурларын сүрөттөп айтып берүү, чыгармалары боюнча маалымат берүү, балдарга тааныш китептеринен маалымат берүү, көрсөтмөлүүлүктү пайдалануу менен ишти алып баруу максатка ылайыктуу болоор эле.

Окуучулардын тажрыйбаларына таянуу-окуучулардын жеке тажрыйбасы менен чыгармада чагылдырылган тажрыйбанын байланышын ачып көрсөтүү.

Божомолдоо-текстте кандай маалымат же окуя баяндаларын божомолдоп айтууну түшүндүрөт. Окуу учурунда же окугандан кийин окуучулар өз божомолдорун тактап, кайра карап же текшерип алышса болот. Болжолдоо окуучунун буга чейинки билимдерин текстти окуу учурунда алган жаңы билимдери менен байланыштырат.

4. Түшүнгөнүн айтып берүү-бул окуган же уккан текстти сөзмө- сөз же жалпы мазмунун түшүнгөнүн аныктоого мүмкүнчүлүк берген оозеки кайра жаратуу же түзүү. Кайра айтып берүүнүн төрт түрү бар: толук, тандоо менен, кыскача жана чыгармачылык менен.

5. Жалпылоо-тексттен алынган маалыматтарды бириктирүү үчүн анын негизги маанисин, окуясын же бөлүгүн (каарманын, ордун, мезгилин) өз сөзү менен кыскача билдирүү. Ой жүгүртүү ыкмасынын негизинде окуянын өнүгүшү, каармандардын сапаттары жана жалпы касиеттери аныкталат.

6. Байланыш түзүү- тексттеги же башка окулган чыгармаларындагы байланышты табуу. Байланыштарды аныктоо окуучунун болгон тажрыйбаларына канчалык жакын экендигин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет, анын билимин байытат,баалуу, пайдалуу болгон же тескерисинче ойго салган негизги маалыматтарды берет.

7. Окуган тексти талдоо- бул окуганын терең түшүнүү максатында ой жүгүртүп, анын идеясын, стилин түшүнүү, көйгөйлөрдү чечүү же тексттеги фактыларды жана маалыматтарда салыштыруу. Башталгыч мектепте талдоо үч багытта болот: сюжеттик- образдык,проблемалык, стилистикалык, салыштыруу.

8. Окуганын түшүнгөнүн баалоо- бул тексттин мазмунуна же формасына карата рефлекция жана ага коюлган баа, текстте берилген идеяларга, каармандарга карата өз оюн

билдирүү жана окуганынын негизинде буга чейинки билимдери менен тажрыйбаларын кайра түшүнүү. Ушуларды сабакта колдонуу менен окуучулардын текст талдоо, суроолорду түзө билүү, чыгарма жаратуу, өз алдынча китеп окуу көдүмдөрүн өнүктүрө алабыз.

**Адабияттар:**


1. Башталгыч класстардын программалары.-Бишкек, 2018
2. Давлетов С . Байланыштуу речь.- Бишкек: Мектеп, 1999.
4. Байкова Л.А., Гребенкина Л.К. Педагогическое мастерство и педагогические технологии. - М. : Пед. Об-во России, 2001.
5. Ладыженская Т.А. Развитие речи.- М.: Дрофа , 1997
6. Педагогические технологии. - М. : Пед. об-во России, 2001.


* * *

**УДК: 37.026**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ДИДАКТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫ КОЛДОНУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

***Раимкул кызы Айжамал - ассистент-окутуучу***
***Карабаева Роза Курваналиевна - магистрант***

***Аннотация:*** *бул эмгекте дидактикалык оюндар жана алардын мааниси ачып берилген. Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында дидиатикалык оюндарды колдонуунун инновациялык технологиялары жана анын ар түрдүү шарттары каралган. Автор окутуп-үйрөтүүнүн методологиялык негизине токтолуп, анын илимий чөйрөдөгү өзгөчөлүгүнө токтолот. Көркөм окуунун мааниси жана анын сөз өстүрүүдөгү орду дидактикалык оюндар аркылуу ишке ашары белгиленген. Окуунун түрлөрү жана дидактикалык оюндар жөнүндө баяндалат. Сабакта окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн дидактикалык оюндардын түрлөрү сунуш кылынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адабий окуу сабагы, дидактикалык оюндар, башталгыч класстар.*

# ТЕХНОЛОГИЯ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ДИДАКТИЧЕСКИХ МАТЕРИАЛОВ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

***Раимкул кызы Айжамал ассистент-преподаватель***
***Карабаева Роза Курваналиевна - магистрант***

*Аннотация в работе раскрыты дидактические игры и их значение. Рассмотрены инновационные технологии использования дидиатических игр и их различные условия на уроке литературы начальных классов. Автор акцентирует внимание на методологической основе обучения и его особенностях в научной сфере. Отмечается, что значение художественного чтения и его место в словообразовании реализуется через дидактические игры. Описаны виды обучающих и дидактических игр. На уроке предлагаются виды дидактических игр для активизации познавательной деятельности учащихся.*

***Ключевые слова*** *литературные уроки, дидактические игры, начальные классы.*

# TECHNOLOGY OF USING DIDACTIC MATERIALS IN PRIMARY CLASSES

***Raimkul kyzy Aijamal - is an assistant teacher***
***Karabayeva Roza Kurvanalievna - is a graduate student***

***Abstract:*** *didactic games and their meaning are revealed in this work. Innovative technologies of using didiatic games and its various conditions are considered in the literary lesson of primary classes. The author focuses on the methodological basis of teaching and its special features in the scientific field. It is noted that the importance of artistic reading and its place in*

*word development is realized through didactic games. Types of learning and didactic games are described. Types of didactic games are offered in the lesson to activate students' cognitive activity.*

***Key words** literary lessons, didactic games, primary classes.*

**Дидактикалык оюндар** – бул мектеп жашына чейинки жана мектептин кенже окуучуларына таалим-тарбия берүүгө багытталган ийкемдүү оюндар. Бул оюндар окуучулардын сенсордук сезимдүүлүгүн (көлөмгө, өң-түскө, буюмдардын жайланышына болгон), байкагычтыгын, көңүл буруусун, аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө, айлана-чөйрөгө болгон элестетүүсүн өстүрөт.

Бул оюндардын адеп-ахлактык тарбиялоодогу мааниси дагы зор, анткени алар окуучуларда чыдамкайлыктын, өз алдынча иш алып баруу ишмердүүлүгүнүн, коллективизм сезиминин өсүүсүнө таасир берүү менен, өзүлөрүн жүрүм-турум нормаларына ылайык алып жүрүү адаттарын калыптандырат. Оюндарда атайын жасалган оюнчуктар колдонулат (лото, сүрөттөр, кубиктер). Мындан тышкары, сөз менен ойнолгон оюндар да болот (мисалы, табышмактар, үндөрдү тууроо, тил жатыктырууч «тыюу салынган сөздөр» оюндары жана башкалар). Оюнда жогорку аталган нерселерден башка да турмушта колдонулган ар кандай буюмдарды жана жаратылыш материалдарын (топчу, таш жана башкалар) колдонууга болот. Дидактика ошондой өзгөчө бала бакчада окутуунун эң бир маанилүү каражаты болуп эсептелет. Алар балдардын ар кандай курактагы топторуна карата түзүлгөн программа менен өтүлөт. (мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педогогикасы энцикопедиялык окуу курал.

Башталгыч класстардын окуутулардын ойлоосун сөзүн акыл ээсин өстрүүдө дитатикалык оюундардын сөз түрүндөгү оюундарын мааниси зор. Анткени,

оюналарды баамчылдыка тарбиялоо менен бирге, сөзүн ойлоосун, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрөт. Айлана чөйрөдөгү жаратылыштагы, коомдогу окуяларды, кубулуштарды, заттарды биринен бири ажырата билүүгө, айырмалоого жана салыштыра алууга үйрөтөт.

Окуу процесинде өздөштүрүүгө кыйын болгон тилдик материалдарды оюнду пайдалануу аркылуу женил эле үйрөнүүгө жол ачылат. Оюун түрүндөгү материлдарды мугалим канчалчк кылдаттык менен колдонсо, окуучуларда он эмоциялар пайда болуп, моралдык жана эстетикалык рахат алышат. Оюн окуучулардын кеңири ой жүгүртө билүүгө эстеп калууга, чыгармачылык жөндөмүн өстүрө билүүгө, байкагычтыгын, баамчылдыгын, артырууга, кыраакылыка, тапкычтыка, эпчилдике, ийкемдүүлүккө тарбиялайт.

Оюндун кээ бир түрлөрү:

Анаграмма - бир сөздү тескери окуу менен сөз пайда болот.

Траферат табышмак - көбүнчө ыр түрүндө берилет.Сөздүн арасында катышат. Аткарган кызматы, окшоштугу боюнча сөздүн толук берген маанисин таап чыгат.

Акро-ырлар - табышмактуу ырлар, мында ырдын ар бир сабынын башкысын тамгасын, жогортодон төмөн катары менен кошуп окууганга өзүнчө сөз келип чыгат.

Логогриф - ал табышмакташ үчүн тандалып алынган сөздүн бир-эки тамгасын кемитип же өзгөртүү аркылуу түзүлөт.

Шарада - мында да табышмакталаган сөздун ар бир бөлугү өзунчө маани берет да, экөөнү кошуп окуганда эң негизги мааниси чыгат.

Метограмма - жашырылган сөздүн бир тамгасын алмаштыруу аркылуу табууга болот.

Сүрөттүү ырлар - дидактикалык оюндун бир түрү. Ырдын мазмунуна ылайык берилген сүрөттүн атын атап кошуу керек. Кээде кара сөз түрүндө берилет.

Жаңылмачтар - сөз оюну кеңири колдонулат. Тилди жатыктыруу сөздөгү тыбыштарды ачык-так, туура айта билүүгө үйрөтөт. Жаңылмачта берилген айрым сөздөр бири-бирине окшош куюлушуп турат. Аны жаңылбай, шар, так айтканда жаңылып калса, окуучулардын күлкүсүн келтирет, жагымдуу маанай тартуулайт. Бул оюнда сөздү так, ачык, уккулуктуу айта билүү.

Табышмактар - ыр же кара сөз түрүндө берилет. Түзүлүшү кыска, ачык-так болот. Табышмактарда заттын атын, белгиси, айырмаланып берилет. Анын жандырмагын табууда ошол табышмактагысын аталган, салыштырылган белгигн өзгөчө көңүл буруу керек. Табышмактын жандырмагын табуу үчүн бала абдан ойлонот, акыл-эсин өстүрөт.

Макалдар - көбүнчө маанисин туура чечүү керектиги эске алынат. Көбунчө кайманга түрүндө экинчи бир мааниде айтылат. (Касымова А. Интерактивдүү оюндар жана ыкмалар).

Бала өзүнүн туура өсүшү үчүн керек нерселерге жасаган иш аракети аркылуу үйрөнгөндүктөн, ар бир бала жөндөм деңгээлине жана кызыкчылыктарына карабастан оюнга катышуусу зарыл. Мугалимдин милдетине оюндун шартын жана эрежелерин чыгармачылык менен балдарга ылайыкташтырылып, мүмкүн айрым балдардын алына жараша жана аларга кызыктуу болуш үчүн өзгөчө шарттарды коюу кирет.

Оюндун жүрүшүндөгү балдардын өз ара аракети алардын көпчүлүгү үчүн туура өсүп-өнүгүүнүн негизги шарты болушу мүмкүн. Бирок балдардын өз ара аракети алар чындап эле тыгыз кызматташа алганда гана оң тыянак берет. Ар түрдүү суроо -талапка жана мүмкүнчүлүккө ээ балдардын өз ара аракети баарына бирдей кайда алып келет. Тагыраак айтканда, канааттандыраарлык деңгээлде туура өнүгүп келе жаткан бала өзүнө мүмкүнчүлүгү, жөндөмү, тили, мүнөзү жана башка жагынан окшобогон балдар менен тил табышып, аларды түшүнүп, чыдамдуулук менен мамиле кылууга үйрөнөт.

Ошондуктан оюнга ден соолугу жагынан кем балдарды дагы толук катыштыруу керек. Кээ бир мындай балдар абдан кыймыл-аракеттүү оюндарды ойной албайт, ошондуктан алардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келген оюндарды дагы өткөрүү керек жана оюндун шартын аларга ылайыкташтырып, аз кыймыл жасап же отуруп ойногудай кылып өзгөртүү керек. Мисалы, көзү начар көргөн балдар үчүн топ менен ойноодо топтун ичине кичинекей коңгуроо же шыңгырак салып койсо болот. Ошондо алар топтун кайда жана кантип жылып жатканын биле алышат. Кулагы жакшы укпаган балдар бар топто музыканын коштоосундагы оюнду кол чабуулар менен толуктаса болот. Ал эми тиги же бул тилди жакшы түшүнө элек балдарды оюнга кошуш үчүн даяр сүрөттөрдү, сүрөт тартууну, ымдоо, жаңсоо жолдорун жана башка киргизсе болот. Балдар экинчи же чет тилин тез үйрөнүшү үчүн жаңы сөздөрдү алардын биринчи тилине которуп бербөө керек.

Дидактикалык оюндарда мугалимдин аткарган милдети балдар бир нерсеге үйрөнүп, ар биринин окулуп жаткан нерсеге жеке мамилеси калыптанышы үчүн белгилүү бир чөйрө болушу керек. Ал чөйрөдө бала өзүн эркин сезип, тапшырманы аткарып жатканда же оюндун жүрүшүндө бир нерсени өзү жасап көрүүгө, өз алдынча жооп издеп жана табууга мүмкүнчүлүгү болушуу керек. Мындай өз алдынча изденүү көп убакытты талап кылганы менен, мугалимге алган билимди бекемдөөгө атайы убакытты белгилөөнүн зарылдыгы болбойт. Мындай ыкма менен иштөө окуучуга тапшырманы өз көз карашына ылайык кароого жана мугалимдин же башка балдардын колдоосуна жеке ээ болуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Ал эми салттуу ыкма менен иштеген класстарда мугалим билимдин жалгыз булагы жана анын милдети балдарга мүмкүн болушунча тезирээк билгенин айтып бере коюу болуп эсептелет. Ал эми интерактивдүү ыкма менен иштеген класста болсо мугалим балдардын иш-аракетинин уюштуруучусу гана боло да, балдар болсо билимди ар кайсы булактардан (мисалы, башка балдардан, өзүлөрү сүйлөшкөн башка кишилерден, окугандарынан, жеке байкоолорунан ж.б.) ала алышат.

Дидактикалык оюнду өткөрүүнүн алтын эрежелери:

1. Оюн - бул окуп-үйрөнүүнүн, таанып-билүүнүн олуттуу түрү;
2. Оюнда ызы-чуу эмес, үндөр болот;
3. Балдардын баары үзгүлтүксүз иш-аракетте болушу керек.Оюндан чыгып калган балдарга атайы тапшырмаларды ойлоп табыңыз-алар оюндун жүрүшүндө алып баруучу боло алышат ж.б.Өзгөчө таланттары бар балдарды дагы дайыма оюнга катыштырыңыз. Алар үчүн атайы ылайыкташтырылган оюндун эрежелерин ойлоп табууга болот;

4. Сиз өзүңүз оюнга катышсаңыз, оюндун бардык талаптарына толук баш иесиз. Башкалардан бөлүнүп же алып баруучуга жана башкаларга “жардамдаша” албайсыз;

5. Сиз оюнга четтен көз салып турсаңыз болот. Оюн сиздин катышууңузсуз уланбай калаганда гана кийлигишиңиз. Оюндун жүрүшүндө кыйынчылык пайда боло калса, өтө тез чара көрө койбоңуз. Себеби маселени чечиш үчүн балдарга убакыт талап кылынат;

6. Балдарга даяр чечимди же жолду сунуш кылардан мурда, алардын өздөрү табышына түрткү берип көрүңүз;

7. Эч качан балдар айтканды кайталабаңыз. Алардын акырын же түшүнүксүз айтып койгон нерсесин кайра катуу жана так айтуусун, калган балдардан көңүл буруп угуусун талап кылыңыз;

8. Балдарга оюнду өзүлөрү уюштурууга жана ойноого убакыт бериңиз. Бардык кетирилген каталарды оңдөй берүү зарыл эмес-бул оюнга кызыгууну төмөндөтөт, демек окуп-үйрөнүүнүн жемиштүү жолун жоготуп алуу коркунучун пайда кылат.

9. Көбүрөөк ойноо керек. Супсак көнүгүүлөрдүн ордуна оюндардын түрлөрүн пайдалансаңыз, убакытыңызды жана кучүңүздү үнөмдөйбүз. Кызыктуу, жагымдуу оюндун жүрүшүндө балдар кызыгуу менен окуп-үйрөнүшөт, сиз дагы алардан көп нерсени үйрөнө аласыз.

Мисалы: Жан баштык

Максаты: Бул оюн аркылуу белгилүү темалар боюнча жаңы сөздөр менен түшүнүктөрдү же экинчи (чет) тилинде сөздөрдү кайталап бекемдөө ыңгайлуу. Ошондой эле бул оюн аркылуу өз эс тутумун өстүрүп, сөз байлыгын кеңейтсе болот.

Катышуучулардын жашы: 6 жаштан жогору

Катышуучулардын саны: 7-12

Өткөрүү орду: бөлмөдө

Оюндун узактыгы: 15 мүнөттөн ашык эмес

Оюндун сүрөттөлүшү: Алып баруучу:”Мен жан баштыгыма буюмдарымды чогултуп, ага жемпиримди салдым” .........деп сөздү баштайт.Кийинки оюнчу болсо анын сөзүн кайталап, жан баштыкка даы башка нерсени “салат”. Мисалы: “Мен жан баштыгыма буюмдарымды чогултуп, ага жемпирим менен кол чырагымды салдым” дейт. Ар бир кийинки катышууга ага чейинкилердин сөзүн кайталап, өзү жаңы сөз кошот.

Сунуштар: Эгер оюнчуларга бирин-бири угуу кыйын болсо, алар ирет менен эмес, алып баруучунун атаганы боюнча сөзгө бир нече жолу катыштырса болот.

Сабаттулукка үйрөтүүдөгү дидактикалык оюндар. Балдарды сабаттуулукка үйрөтүүнүн табигый логикасына ылайык (үн-тамга, окуу-жазуу) бардык дидактикалык оюндар төрт топко бөлүнөт: фонетикалык, графикалык, грамматикалык жана оозеки кепти өнүктүрүүчү оюндар. Сабаттуулукка окутуу мезгилиндеги оюндарды өткөрүүнүн окуу тапшырмалары фонетикалык угууну түзүү болот:

-үндүн ордун аныктоо (Үн кайда жашынган)

-белгилүү бир позициядагы (биринчи-экинчи муун) берилген муундагы сөздү ойлор табуу.

| | |
|---|---|
| Ту | -мак |
| Ту | -рак |
| Са | -бак |
| Та | -бак |

“Жандуу тамгалар” оюну: Балдарга тамгалар берилет, үндүү жана үнсүз тыбыштардан муун кайда болушу үчүн алар түгөйүн табышы керек.

Муундун башталышынан биринчи, экинчи жана акыркы тыбыштарды бөлүү менен сүрөттөр боюнча муундарды табат.

**Адабияттар:**

1. Абдухамидова Б.А. 3-класста адабият сабагын окутуучу мугалимдер үчүнусулдук колдонмо [Текст] / Б.А. Абдухамидова, К.Ибраимова, С.К.Рысбаев. — Б.: 2012. — 136 б.
2. Абрамович Г.Л. Адабият таанууга киришүү. - М .: 1976 .
3. Адабий терминдердин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Түзгөндөр: ШериевЮ., Муратов А. – Ф .: 1987. – 120 б.
4. Адабият боюнча окуу программасы. - Ф .: Кыргызмамбас, 1947. - 14 б.
5. Азаров , Ю.П. Тарбиялоо өнөрү [Текст] / Ю.П.Азаров . – М.: 1985. – 448 б.
6. Эйзерман А.С. Бүгүн адабият сабактары [Текст] А.С. Эйзерман . - М., 1974 - 188 б.
7. Айымжан. Тарбиялык иштерди уюштуруу системасы // Жаңы маданиятжолунда. - 1928. - № 2. - С. 18-20.
8. Айылдык башталгыч мектептин программасы. – Ф.: 1932. – б.
9. Айылдык башталгыч мектептин окуу планы: 1-4-группалар үчүн [Текст]. Ф.: 1932. 40 б.
10. Акматов Б. Болонья процесси жана жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын сабаттуулук менен окутуунун теориясы жана практикасы: Окуу куралы [Текст] / Б.Акматов. - Б .: "Тез басып", 2016. - 584 б.
11. Акматов Б. Жогорку окуу жайларында компетенттүүлүктүн негизинде кыргыз адабиятын окутуунун технологиясы [Текст] / Б.Акматов. - Б: "Тез басып", 2016.-456 б.

* * *

**УДК 37.06**

## ФОРМИРОВАНИЕ У ПОДРОСТКОВ НАЦИОНАЛЬНОЙ ИДЕИ КАК ОСНОВЫ ПРОГРЕССА ОБШЕСТВА

***Рахматуллаева М. - Дж. к.п.н., доцент ОшГПУ***
***Ахмедов М.М. - к.п.н., доцен.***
***Орипова Р.И. - к.п.н., доцент.***
***УзНИИПНим.Т.Н.Кары-Ниязова, отдел педагогики***

***Аннотация**: В данной статье рассмотрены вопросы формирования понятия национальная идея у подростков процессе деятельности музыкальных кружков. Национальная идея Кыргызыстана и Узбекистана основывается на общечеловеческих ценностях и принципах демократии, вбирает в себя веками формировавшуюся высокую духовность народа.*

***Ключевые слова**: национальная идея, идеологии, духовность народа, музыкальных кружков,музыкальная культура.*

## FORMATION AT ADOLESCENTS OF A NATIONAL IDEA AS THE BASIS OF SPIRITUALITY AND PROGRESS OF SOCIETY

***Djalaldinovna Manzura Rakhmatullaeva,***
***Candidate of Sciences associate professor, OGPU Osh state Pedagogical University***
***M.M.Akhmedov Candidate of Scienses associate professor,R.I.Oripova Candidate of Scienses associate professor,Uz.NIIPNim.T.N.Kari-Niyazova, otdel pedagogiki.***

***Annotation**: This article is dedicated to the problems of formation of the concept of national idea in teenagers in the process of music tutorials. National idea of Kyrgyzstan Uzbekistan is based on human values and principles of democracy and includes great spirituality of the nation developed during ages.*

***Keywords:*** *national idea, ideology, independence, musical tutorials, teenagers, spirituality, national idea, pupils, secondary schools*.

На современном этапе возрождения национальной культуры Кыргызстана и Узбекистана задача развития молодого поколения является социальным заказом общества и возможно самым трудным и самым нужным делом в общечеловеческом смысле.
Актуальной становится проблема приобщения школьников к истинным ценностям самобытного национального искусства, воспитания способности критически воспринимать окружающую культурную среду во всем её многообразии, выделять подлинные общечеловеческие и национальные ценности. Процесс национально-культурного возрождения побуждает у подростков интерес к культуре, истории и народному творчеству.

*В целом, комплексное и эффективное воздействие на формирование понятия национальная идея у подростков возможно при синтезе всех жанров народного творчества:* фольклор, художественная творческая *деятельность народа; создаваемые людьми и бытующие в народных массах поэзия, музыка, театр, танец, изобразительное и декоративно-прикладное искусство. Все это дает основание говорить о необходимости приобщения подрастающего поколения не только к истокам культуры своего народа, учить выражать свое этнически значимое «Я» на родном языке, но и, прежде всего, - через свое национальное идти к восприятию и осознанному пониманию общечеловеческих ценностей.*

Именно в подростковом возрасте формируются базовые знания, осмысливаются основные понятия, в том числе и понятие национальная идея. Жан Жак Руссо назвал подростковый возраст, между двенадцатью и пятнадцатью годами, *«самым драгоценным периодом в жизни».*

Значит, в этом возрасте происходит наиболее интенсивное обучение, позволяющее понять окружающие явления и события.

Формирование духовности, культуры восприятия, интереса к национальному искусству у подростков *во многом зависит от учителя*, являющегося руководителем музыкального кружка.

*Формирование у подростков понятия национальная идея в процессе деятельности музыкального кружка предполагает* избирательность, внимание к тем видам и жанрам музыкального искусства, в результате восприятия которых ученик получает эстетическое наслаждение, тем самым, способствуя активизации творческой деятельности школьника.

*Национальная идея и идеология Кыргызстана в том числе Узбекистана основывается* на общечеловеческих ценностях, принципах демократии, вбирает в себя веками формировавшуюся высокую духовность народа, его традиции, обычаи, обряды, ритуалы, бессмертное наследие великих предков, выражает идеи добра, справедливости, свободы, независимости, служит процветанию республики, обеспечению мира в стране, повышению благосостояния народа, мобилизует всех членов общества на достижение целей национальной идеи.

При этом независимо от национальности, языка и религиозной принадлежности *национальная идея призвана* воспитывать у подростков чувство национальной гордости и достоинства, любви к земле, верность Родине, почтения к старшим по возрасту, уважения к младшим, преданности идеям демократии, просветительским путём формирует в сознании подростков идеи прогресса, свободы и национальной независимости.

*Понятие национальная идея является фундаментом идеологии независимости* и включает в себя политический, нравственный и философский аспекты, должно сплачивать людей, быть маяком, указывающим нации путь к прогрессу, служит сохранению и укреплению независимости страны, территориальной целостности, неприкосновенности границ, обеспечению мира в стране, защите республики от различных угроз, утверждению гражданского и межнационального согласия, атмосферы стабильности, достижению

благополучия каждого подростка, господству в отечестве принципа справедливости и демократии.

*Национальная идея должна обеспечить* динамику государственного развития, повысить тонус жизни общества, служить общему благу, совместным интересам, быть критерием политики демократии и свободы.

***Национальная идея решает следующие задачи:*** формирует независимое мировоззрение и свободное мышление подростков, общественное сознание, воспитывает творчески мыслящую личность, создаёт атмосферу нравственности, способствует росту самосознания, самодостаточности, самореализации, национальной гордости, достоинства, преданности, патриотизма, бережного отношения к нашим священным ценностям, развивает у подростков достоинство, скромность, доброту, великодушие. Следует отметить, что наиболее эффективным методом формирования национальной идеи у подростков являются занятия в музыкальных кружках. В процессе деятельности музыкальных кружков при формировании понятия национальная идея надо учитывать, что существует три единство: *духовность* - *идеология* - *национальная идея.*

При этом духовность - это совокупность всех нравственных и моральных ценностей, моральное и нравственное состояние, ведущее нацию к прогрессу.

Национальная идея в качестве политической основы общества опирается на духовность. Значит, в сути национальной идеи лежит именно духовность.

Научный анализ пройденного пути независимости, познания законов и движущих сил общественного развития современного Кыргызстана и Узбекистана всецело оправдывает цели и задачи созданной концепции национальной идеи.

*В национальной идее определяющим является* совпадение субъективных интересов граждан, независимо от их национальной принадлежности и вероисповедания, с объективными потребностями кыргызского и узбекского общества. *Национальная идея приобрела* статус государственной политики и, как фактор сплочения всего общества вокруг главной цели - независимости и национального процветания.

Созданная концепция идеологии независимости должна давать научные и практически верные ответы на кардинальные, судьбоносные проблемы эпохи национального возрождения, консолидируя все общество для обеспечения процесса обновления новыми творческими, прогрессивными идеями, которые служат духовным фундаментом общества.

Национальную идею следует отнести к числу тех необходимых признаков, наличие которых делает возможным возникновение и существование государства, а именно, об идеологии как неотъемлемом признаке любого государства, в том числе правового, без которого невозможно гражданское общество. Таким ориентиром государства является именно национальная идея. Это национальная идея суверенитета, народовластия, концепция прав человека, доктрина гуманного демократического правового социального государства, теория разделения властей, принцип политического и идеологического плюрализма, защита частной собственности и т.д. Государственная национальная идея в современных условиях становится специфической формой взаимодействия, взаимосвязи идеологии и политики. Поэтому можно сказать, что национальная идея, как интегрирующий фактор, порождает политику, выступает ее предпосылкой и условием возникновения и существования. В основе государственной политики лежит определенная система ценностей, предопределяющая логику происходящего и предпринимаемого. В данное время в основе единой системы ценностей роль интегрирующего начала стала играть принадлежность национальной идеи именно к государству, как объединяющей всех проживающих здесь политико-территориальной, геополитической общности. Основанная на идее " Кыргызстан - наш общий дом", "Узбекистан - наш общий дом" эта общность стала основанием стабильности, согласия и мира. Важной задачей современных педагогов является умение вырабатывать и реализовывать комплексы мер и механизмов формирования в сознании подростков национальной идеи, особенно в процессе деятельности музыкальной кружковой работы.

*Критериями уровней сформированности понятия национальная идея у подростков к музыкальной культуре являются:* направленность личности на общение с музыкальным искусством во всем его многообразии; планирование общения с музыкальным искусством, эмоциональные проявления познавательной потребности, самостоятельность и творческий характер деятельности по удовлетворению музыкальных интересов подростков.

В музыкальном кружке репертуар произведений кыргызских и узбекских композиторов *изучается по трем направлениям:* вариативная исполнительская интерпретация с учетом специфики восприятия подростков; словесная интерпретация, обусловленная исполнительским замыслом и организацией самостоятельно поисковой деятельности школьников по осознанию эмоционально-образного содержания музыки; изучение возможностей включения учащихся в продуктивную музыкальную деятельность на материале изучаемого репертуара: двигательная импровизация, свободное дирижирование, инсценировка, сочинение сопровождений, литературное и художественное творчество по мотивам музыкальных произведений.

Теоретическое исследование данной проблемы дало возможность представить формирование понятия национальная идея как сложную динамическую модель, выражающую диалектику ценностного и деятельностного аспектов исследованного феномена. На основе анализа научной литературы по формированию понятия национальная идея и практического опыта работы в процессе деятельности музыкальных кружков был *определен следующий механизм воспитания духовности и культуры,* знания и представления мотивы чувства и отношения навыки и привычки поступки и поведение личностное качество. *Основными его компонентами*, как показывает конкретно-структурный анализ данной категории, является волевая, эмоциональная и познавательная сферы. Обладая свойством взаимопроникаемости и взаимодействия, указанные структуры компонентов объективно оказываются управляемыми. Процесс формирования понятия национальная идея у подростков в процессе деятельности музыкального кружка представляется на теоретическом уровне целостной системой.

- Формирование понятия национальная идея у подростков *имеет следующую специфику,* развивается под воздействием различных. социальных факторов, функционирующих в классе, а также обусловлено потребностно-мотивационной сферой личности каждого подростка.

Определены критерии формирования понятия национальная идея у подростков к музыкальной культуре: направленность личности на
общение с музыкальным искусством во всем его многообразии;
планирование общения с музыкальным искусством с учётом
общечеловеческих ценностей и национальных традиций; эмоциональные проявления познавательной потребности; самостоятельность и творческий характер деятельности по удовлетворению музыкальных интересов.

Предложенная нами *система педагогического руководства* при формировании понятия национальная идея в процессе деятельности подростков в музыкальном кружке основана на поэтапном включении школьников в познавательную, поисковую, творческую деятельность в процессе получения знаний о стилистических особенностях музыкальной культуры, восприятия, анализа, исполнения и оценки произведений музыкального творчества, участия в научно-исследовательской деятельности по вопросам национальной культуры. *Мы выделяем следующие этапы формирования понятия национальная идея у подростков к музыкальной культуре:* усвоение теоретических знаний на концептуальном уровне; овладение методами анализа произведений музыкального искусства в форме ролевой и деловой игры; освоение умениями интерпретации произведений кыргызских и узбекских композиторов; поиск новых теоретических подходов и оригинальных практических решений по вопросам музыкальной культуры.

Для того, чтобы познакомиться в музыкальном кружке с понятием национальная идея в полной мере: изучается весь музыкальный спектр народного творчества: песни календарно-земледельческого цикла, семейно-обрядовые песни, любовная лирика и т.д., познаётся и изучается не только глубина поэтического текста и содержание традиций, обычаев, обрядов, ритуалов, но и постигается глубина философии человеческой жизни.

Формирование понятия национальная идея в процессе деятельности музыкального кружка — это важное направление современного воспитания*, т.к. национальная идеология - это форма самосознания; процесс самопознания и развития национально-культурной самобытности.*

Возвращение к духовным истокам, формирование понятия национальная идея у подростков к музыкальной культуре для решения вопросов в сфере культуры и духовности — это составная часть проблемы воспитания нравственности и духовности. Таким образом, музыкальный материал, который включает в себя богатейший воспитательный потенциал, содействует формированию духовности и культуры подрастающего поколения.

В нынешних условиях, когда созданы условия и возможности для самостоятельного осмысления школьниками социальных процессов и свободного изложения своих взглядов, подростки выполняют общественно-значимые функции, осваивают, творчески осмысливают своё призвание, сознательно участвуют в общественной жизни класса, школы и др. Ведь подросток обогащает свой потенциал за счёт социального опыта, накопленных обществом знаний в науке, производстве, искусстве и т.д. На основе усвоения знаний о явлениях и закономерностях окружающей действительности, осмысления социальных процессов, усвоения духовно-нравственных ценностей и социального поведения, каждый ученик формирует и реализует свой духовно-интеллектуальный потенциал, сознательно участвует в общественно-политической жизни, активно влияет на социальные процессы, ответственен за судьбу страны.

**Литература:**


1. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы . Mersin: 2020. -4 бас.-225бет.
2. Виноградов В.С. Кыргызская народная музика.- Фрунзе : Кыргызгосиздат , 1958.
3. Зачинатель кыргызского музыкознания : Виноградов В.С.//Воропаева В.А. Российские подвижники в истории культуры Кыргызстана . – Бишкек: Изд- во КРСУ, 2005.
4. Каримов И.А. Модернизация страны и построение сильного гражданского общества // Учитель Узбекистана. - Ташкент. - 2010. - № 5 (2088). - 29 января.
5. Формирование идеи национальной независимости в сознании молодёжи: Научно-методическая разработка. - Ташкент: Изд-во «Академия», 2003.295 с.


*     *     *

**УДК 37.013**

## ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВ - XX КЫЛЫМДЫН УЛУУ НАСААТЧЫСЫ, УЛУУ ПЕДАГОГУ

***Рыскулова Гульзат Уметкуловна- п.и.к., доцент,***
***Б. Осмонов атындагы ЖАМУ***

***Аннотация:*** *Кыргыз педагогикасынын пайдубалынын түптөлүүсүнө чоң салым кошкон, улуу педагог К.Сартбаевдин илимий эмгектерине, педагогдук ишмердүүлүгүнө, баланы тарбиялоодогу тажрыйбаларына, окутууга болгон көз караштарына саресеп салынат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *педагог, тарбиялоо, билим берүү, адеп-ахлактык тарбия, үй-бүлө тарбиясы, иш тажрыйбалар, сабаттуулук.*

## ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВ – ВЕЛИКИЙ НАСТАВНИК И ПЕДАГОГ XX ВЕКА

***Рыскулова Гульзат Уметкуловна- к.п. наук.,***
***доцент, ЖАМУ имени Б. Осмонова***

***Аннотация:*** *Обобщены научные труды, педагогическая деятельность, опыт воспитание великого педагога К.Сартбаева, внесшего большой вклад в становление кыргызской педагогики.*

***Ключевые слова:*** *педагог, воспитание, образование, нравственное воспитание, семейное воспитание, трудовой стаж, грамотность.*

PROFESSOR KARATAY SARTBAEV – A GREAT MENTOR AND TEACHER OF THE 20TH CENTURY

***Ryskulova Gulzat Umetkulovna-***
***candidate of pedagogical sciences,***
***Associate Professor, B. Osmonov named after JASU***

***Annotation:*** *Scientific works, pedagogical activity, experience of education of the great teacher K. Sartbaev, who made a great contribution to the development of Kyrgyz pedagogy, are summarized.*

***Key words:*** *teacher, upbringing, education, moral education, family education, work experience, literacy.*

XX кылымдын улуу кыргыз педагогу К.Сартбаев 1930-жылы 7-ноябрда Чүй областынын Панфилов районунун “Орто-Арык” кыштагында жарык дүйнөгө келген. К.Сартбаев алгачкы эмгек жолун 1951-1955-жылдары Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы мугалимдер институтунан баштаган. Болочок улуу педагогдун келечектеги ийгиликтеринин жаралуусу мына ушул А.С.Пушкин атындагы мугалимдер институтунан башталып, кыргыз педагогикасынын пайдубалын түптөөгө болгон чыгармачылык илимий-методикалык аракеттери, идеялары жарылып, ошол кездеги окумуштуулар чөйрөсүнө ушул жерден тааныла баштайт. 1958-жылы Элге Билим берүү министерствосунун демилгеси менен жаш адисти борборго жумушка чакырышат. Мына ушундан баштап, болочок улуу педагогдун илимдеги жолу ачылып, биротоло кыргыз педагогикасынын тарыхы үчүн табылгыс идеяларды жаратуусуна чоң мүмкүнчүлүктөргө жол ачылган. 1965-жылы “Башталгыч класттарда сөз түркүмдөрүн окутууга байланыштуу окуучулардын сөзүн өстүрүү” деген темада диссертациялык ишин ийгиликтүү коргогон. Мына ушундан баштап К.Сартбаев билим берүү, тарбиялоо процессинин илимий жана практикалык тажрыйбаларынын айкалышынан түзүлгөн изилдөөлөрү тынымсыз жүргүзүлүп, биринчи жолу “Кыргыз тилинин дидактикалык материалдары. 3-4-класс үчүн”, “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда дидактикалык оюндарды колдонуунун жолдору” деген окуу куралдарын иштеп чыккан. Анын 200гө жакын макалалары жарыкка чыгып, республикабыздын мугалимдерине жана жалпы педагогикалык коомчулукка кеңири белгилүү болуп, колмо-кол талашып окушкан. К.Сартбаев көп жылдар бою башталгыч класстарда эне тилин окутуу маселесинин үстүндө талбай эмгектенүүсүнүн, жеке педагогикалык байкоолорду жүргүзүүнүн, алдыңкы мугалимдердин түрдүү иш тажрыйбаларын үйрөнүүнүн, байкоонун артында жана чет элдик улуу педагогдордун, жергиликтүү педагог, методисттердин эмгектери менен таанышуунун натыйжасында жаралган жеке көз караштарын илимий эмгектеринде чагылдырып келди. Алсак, “Сөз өстүрүү”, “Башталгыч класстарда сөз түркүмдөрүн окутуунун методикасы”, “Окуучулардын орфографиялык сабаттуулугун арттыруу”, “Башталгыч класстарда класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн методикасы”, “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы көрсөтмөлүүлүк”, “Окуучулардын стилистикалык каталары жана аларды түзөтүүнүн алдыңкы тажрыйбалары”, “Көрсөтмө куралдар, техникалык каражаттар” аталыштагы ондогон монографияларды, медотикалык окуу куралдарын билим берүү чөйрөсүнө

тартуулады. Ошондой эле илим изилдөө иштерин жүргүзүү менен катарлаш болочок шакирттерди өстүрүп тарбиялоо аракетин эриш-аркак алып барып, коомдук иштерге да активдүү катышып, республикалык мугалимдер үчүн арналган "Эл агартуу" журналында жана жаш өспүрүмдөргө арналган "Байчечекей" журналдарынын редколлегиялык мүчөсү катары эмгектенип,коомго өз салымын кошуп келген. К.Сартбаев кыргыз элинин билим берүү агартуучулук чөйрөсүндө эле таанымал болбостон, СССРдин Педагогикалык Илимдер Академиясынын алдындагы башталгыч класстар боюнча проблемалык советинин мүчөсү да болуп иштеген. Ошол учурларда К.Сартбаевдин жазган эмгектери КМШнын жана Батыш Европанын көрүнүктүү мамлекеттеринин интернет сайттарынан 19 эмгеги да орун алганын өмүрлүк жубайы профессор А.Мураталиева сыймыктануу менен эскерет [Мураталиева А. Улуу педагог Каратай Сартбаевдин илим казынасынан. Бишкек. -2016. 14-бет].

К.Сартбаев - дүйнөдөгү алдыңкы мугалимдердин бири болуп саналып, 20-кылымдагы кыргыз педагогикалык ойдуңунун келечекке карата кыймылын аныктоого өз салымын кошуп, окутуу ыкмаларына өзгөчө көңүл буруп, өз тажрыйбаларындагы байкоолорун замандаштарына жана кийинки мугалимдерге арнап өз эмгектеринде берип келди. Мисалга алсак:"Балдарды адептүүлүккө тарбиялоо", "Эне тили окуучуларды патриоттуулукка, достукка тарбиялайт", "Уяда эмнени көрсө учканда ошону алат", "Жакшы болсоң жатык бол", "Адептүүлүк-адам көркү", "Кыргыз поэзиясы тынчтык жөнүндө", "Эне тили – зор тарбиячы", "Балдардын шыгын жана жөндөмдүүлүгүн өстүрүү", "Таанып билүүнүн активдештирүүсү", "Мүнөз жана эрк жөнүндө".

Профессор К.Сартбаев баланын өсүп калыптануусунда тарбиянын эбегейсиз зор ролуна ишенип, билим берүүнүн аркасында «ар бир баладан келечектин мыкты адамы жаралат» аларга карата чебер педагогикалык мамиленин аркасында бардык балдар жөндөмдүү жана билимдүү боло ала тургандыгын аныктаган. Ошондой эле жаш өспүрүмдөрдү адеп-ахлактык жактан калыптандырууда мектеп менен үй-бүлөнүн, ата-эне менен мугалимдин биргелешип иш жүргүзүшү чоң мааниге ээ экенине токтолуп: "Үй-бүлө - баланын адамдар менен катнаш жасашынын алгачкы мектеби болсо, ата-эне бул биринчи тарбиячы,"- деп болочок баланын калыптануусундагы ата-эненин ордунун маанисин, жана мектептеги педагогикалык жамаат менен тыгыз мамиледе болуусун өз тажрыйбасында далилдеген [Балдарды үй-бүлөдө адептүүлүккө тарбиялоо\\Мугалимдер газетасы,1982, 6-сентябрь]. Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоого арналган дагы бир макаласында коомдо толук кандуу билимге бөлөнгөн, адеп-тарбиясы мыкты баланын өсүшүндө ата-эненин ордун дагы белгилейт: "Ата-эне өзүнүн балдары менен канчалык көп аралашып, алар менен пикир алышса "Эмне үчүн?" деген толгон токой суроолоруна көңүл коюу менен кылдат жооп бере билсе, ошончолук ойдогудай тарбия, таалим берүүгө, балдардын сүйүктүү ата-энелеринен болууга мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Чынында эле жарык дүйнөгө көз ачып төрөлгөн наристе калпычы, өжөр, көк кежир болуп төрөлбөстүгү маалым. Алар адам баласынын жүрүш-турушундагы жакшы жана жаман адаттарга үй-бүлө тарбиясынан жана өзүнөн улуулардан үйрөнөт. Жаш өспүрүмдөр көптөгөн кылык-жоруктарга бала күндөн, жаш чактан адат алышат. Ошондуктан балдарды туура тарбиялоо зор мааниге ээ" – деген пикирин жалпы коомчулукка билдирип, жалпы ата-энелерди балдарды тарбиялоодо мектеп мугалими менен бирге активдүү болууга үндөйт [Мураталиева А. Улуу педагог Каратай Сартбаевдин илим казынасынан. Бишкек. -2016. 545-бет].

Профессор К.Сартбаевдин тарбиялоо процессиндеги үй-бүлөнүн тактап айтканда, ата-эненин ордунун чоң мааниси бар экенине басым жасоосу орус элинин улуу педагогу А.С.Макаренконун "Жакшы үй-бүлөдө жазалоо эч качан болбойт, бул болсо үй-бүлө тарбиясындагы эң туура жол,"-деген көз карашы менен үндөштүктү жаратып, өнүгүп келе жаткан баланын билиминин күчтүү болуусуна жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнө шарт түзө билүү жөнүндөгү ишенимдүү болгон прогрессивдүү көз караштарын окумуштуунун артында калган эмгектери тастыктайт.

К.Сартбаев өзүнүн илимий иш тажрыйбасынан алган дагы бир макаласында жогорку окуу жайында окуп жаткан педагогикалык багыттагы студенттердин толук кандуу билим алуусунда өз алдынча иштөөгө көңүл буруу жакшы натыйжа берерине да токтолгон. “Өз алдынча иштөөнүн негизги мааниси – белгилүү билимдердин суммасын өздөштүрүү, студенттердин теориялык жана практикалык жактан алган билимдерин кеңейтүү, өркүндөтүү. Өз алдынча иштөө жумушу кеңири мааниде алганда студенттердин аналитикалык жөндөмдүүлүгүн, башкача айтканда, чыгармачылык менен ойлоно билүүгө, тилдик фактыларды бири-бирине салыштырууга өз алдынча белгилүү чечимге келип, жекече тыянактарды жасоого үйрөтөт,”-деп студенттердин өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн арттырууга, кызыгуусун күчөтүүгө карата көз карашын сунуш кылат [Студенттер өз алдынча иштесин. Мугалимдер газетасы. 1991-жылы, 4-октябрь, 6-бет].

Билим берүүнү жана билим алууну эч качан жана эч жерде токтотууга болбойт. Аны элестетүү да мүмкүн эмес, анткени адам баласы жаралгандан эмгектенүүнүн, изденүүнүн аркасында өнүгүп жашап келе жатат. К.Сартбаев мына ушул багытта эмгек менен билим алууну айкалыштырып, башталгыч класстын балдарын келечекке даярдоодо, айрыкча окуучуларга тарбия-таалим берүү проблемаларына көңүл буруп көптөгөн макалаларын жарыялаган. Алар: “Балдарды үй-бүлөдө адептүүлүккө тарбиялоо”, “Тарбия иши көп кырдуу”, “Эне тил сабактарын окутууда окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо”, “Эмгекке үйрөтүү сабактарында окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо”, “Уяда эмне көрсө, учканда ошону алат”, “Адептүүлүк адам көркү”, “Бала кезден башталат”, “Тарбия таасири” ж.б өңдүү көптөгөн макалалары бар. К.Сартбаев улуу педагог-окумуштуулар, жазуучу-акындар жөнүндө да өз пикирлерин басма сөз беттерине жарыялап, алардын чыгармачылыктары тууралуу өз оюн республикалык денгээлдеги илимий конференцияларда билдирип келген. Ошондой эле К.Сартбаев өз чыгармачылык жолунда котормочулук менен да алектенген. Ал орус жана чет элдик педагог окумуштуулардын эмгектерин кыргыз тилине которуп жарыялап турган. Ушуга улай эле улуу педагог К.Д.Ушинскийдин илимий эмгектеринен сырткары балдарга арналган чакан аңгемелерин да которуп, кыргыз коомчулугуна тартуулаган. Келечек жаштарга, студенттерге арнап, стилистикалык жана орфографиялык каталарды түзөтүү, аларды оңдоонун жолдору жөнүндө да эмгектери бар. Ошентип окумуштуу өлчөнүп берилген аз өмүрүндө башталгыч класстын окуучуларына жана жогорку окуу жайынын студенттерине, мектеп мугалимдерине арнап педагогикалык окуу китептерин жарыялаган. Ал:”Жаш өспүрүмдөргө чын билим жана жугумдуу тарбия берген балдардын тунук сүйүүсүнө бөлөнгөн, ар бир иши үлгү, өрнөк болгон, айткан сөзү закон катары жүзөгө ашкан мээримдүү-жылдыздуу, авторитеттүү миңдеген педагогдорду четтен эле кезиктирүүгө болот. Ошондой эле жаш өспүрүмдөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ боло албаган ойдогудай билим жана тарбия бербеген айрым мугалимдер да жок эмес, бар.

-Эмне үчүн айрым мугалимдерди окуучулар сүйбөйт?-деген закондуу суроо туулбай койбойт. Алардын себептерине буларды кошууга болот: Мугалим окуучуларга обьективдүү баа коё албаса, сабакта бир да жолу жылмайып койбосо, жакшы жүз менен окуучуларды кубаттаганды билбесе, балдарды туура түшүнбөсө, үстү-башы, кийим-кечеси, жүрүш-турушу окуучуларды кызыктырбастан, жийиркеничке алып келсе, сабактын бүтүшүнө шашылса, сабак өтүп жатып саатын улам-улам карай берсе ж.б.,”-деп мугалимдин кандай сапаттарга ээ болуусун белгилейт [Тарбия иши көп кырдуу\\Ленинчил жаш, 12-июнь, 1964.3-бет].

К.Сартбаев өрнөктүү өмүрүндө, өз иш тажрыйбасында ар дайым гуманизмдин принциптерине таянып, баланын жөндөмдүүлүгүн эң жогорку баалуулук катары таанууга негизделген оригиналдуу педагогикалык эмгектерди жарыялады жана бүт өмүрүн тарбиялоо жана билим берүү процессине арнады.

Кыргыз педагогикасынын тарыхында көрүнүктүү из калтырган атактуу педагог, усулчу, изилдөөчү К.Сартбаевдин өз колунан билим-тарбия алып, жаш кыргыз педагогикасынын бай дубалын түптөөгө, өлкөнүн билим саясатын жүргүзүүдө чоң салым кошкон шакирттери бүгүнкү күндө көптөп саналат. К.Сартбаевдин өз колунан окуп,

тарбиялык-кеңештерин түз угуу насип кылбаса да, анын жазып калтырган эмгектери аркылуу тарбияланып, билим жаатында балдарды тарбиялоо процессинде талыкпай эмгектенип жаткан мугалимдер миңдеп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Балдарды үй-бүлөдө адептүүлүккө тарбиялоо\\Мугалимдер газетасы,1982, 6-сентябрь
2. Мураталиева А. Улуу педагог Каратай Сартбаевдин илим казынасынан. Бишкек. -2016.
3. Студенттер өз алдынча иштесин. Мугалимдер газетасы. 1991-жылы, 4-октябрь, 6-бет
4. Тарбия иши көп кырдуу\\Ленинчил жаш, 12-июнь, 1964, 3-бет


*  *  *

**УДК 331.361.2**

## КАРАТАЙ САРТБАЕВ – ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ИЗИЛДЕГЕН ОКУМУШТУУ

***Сакиева С.С.- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессору, педагогика илимдеринин доктору***
***Мокуева Н.Ш.- окутуучу***

***Аннотация**: Макаланын мазмуну белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаевдин башталгыч класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүгө арналган эмгеги талдоого алынган. Окумуштуунун окуучунун жазуу ишмердүүлүгүнөарналган эмгеги, андагы сунушталган теориялык жана практикалык жумуштар макалада кенен талданган. Башталгыч класстарда мазмундама, дио бачн жүргүзүү боюнча окумуштуунун эмгегинде алгачкы жолу сунушталып, аларды жүргузүүнүн методикасы тажрыйбада колдонулуп, башталгыч класстын мугалимдери тарабынан колдонулуп келе жатат. Методикалык колдонмо башталгыч класстын мугалимдери, магистранттар, студенттер үчүн абдан керек жана маанилүү.*

***Түйүндүү сөздөр:** Жазуу жумуштары, окуучунун кол жазма сулуулугу, жазуу маданияты, дилбаян, баяндама, окуу программасы.*

## КАРАТАЙ САРТБАЕВ - УЧЕНЫЙ, ИССЛЕДУЮЩИЙ ФОРМИРОВАНИЕ ПИСЬМЕННОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ

***Сакиева С.С. – профессор ЖАГУ им.Б.Осмонова, доктор педагогических наук***
***Мокуева Н.Ш.-преподователь***

***Аннотация:** В статье анализируется работа известного ученого, кандидата педагогических наук, профессора Каратая Сартбаева, посвященная ведению письменной работы в начальных классах. В статье подробно анализируются работы ученого, посвященные писательской деятельности учеников, предлагаемые теоретические и практические работы.Было предложено впервые в работе ученого проводить содержательный отчет и реферат в начальных классах, а методика их проведения была использована на практике учителями начальных классов. Методическое пособие очень нужно и важно для учителей начальных классов, аспирантов, студентов.*

***Ключевые слова:** Письменная работа, каллиграфия ученика, культура письма, сочинение, изложение, учебная программа.*

## KARATAI SARTBAYEV - SCIENTIST STUDYING THE FORMATION OF STUDENT WRITTEN CULTURE

***Sakieva S, S. - Professor of JASU named after B. Osmonov, Doctor of Pedagogical Sciences***
***Mokeeva N.N.-teacher***

***Annotation:*** *The article analyzes the work of a famous scientist, candidate of pedagogical sciences, professor Karatay Sartbaev, devoted to the conduct of written work in primary school. The article analyzes in detail the works of the scientist devoted to the writing activity of pupils, the proposed theoretical and practical work. It was proposed for the first time in the work of the scientist to conduct a meaningful report and abstract in the primary grades, and the methodology for their implementation was used in practice by primary school teachers. The methodological manual is very necessary and important for primary school teachers, graduate students, and students.*

***Keywords:*** *Written work, student calligraphy, writing culture, composition, presentation, curriculum.*

Башталгыч класста оозеки жана формадагы жазуу жумуштарына өзгөчө маани берилет. Окуучунун кол жазма сулуулугу таза жазуу сабагынан сырткары, дилбаян жана мазмундама жазуу менен да толукталып, калыптанат. Башталгыч класстардын окуучуларынын арасында дилбаян жана баяндама жаздырууга үйрөтүү машыктыруу аркылуу алардын логикалык жагынан ойлоого, грамматикалык жагынан туура жазууга калыптандыруу башкы маселе. Окуучу өз оюн оозеки да, жазуу жүзүндө да ачык, так, системалуу түшүнүшөт. Ар бир сөздү өз орду менен колдонууга, так бере алуу талабы коюлат (9-б). Башталгыч класста дилбаян, баяндама жазуу жумуштары аркылуу жүргүзүлөт. Өзүнчө окуу программасында (2018) саат каралат. 1-2-класста негизинен сүрөттүү баяндама, мазмундама жазууга өзгөчө маани берилет.

Кыргыз башталгыч класстарында ушул проблемага арналган эмгектер 1940-жылдан бери карай басылган. Н.Макешовдун, А.Каримовдун, Э.Бердибаевдин, К.Сартбаевдин, Б.Рысбекованын, С.Рысбаевдин эмгектери сунушталды, “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы (1965, 1978) эмгектеринде басылган. Ушул проблемага арналып К.Сартбаевдин “Башталгыч мектептердин 1-4-класстарынын окуучуларына изложение жана сочинениеге жазууга үйрөтүү” (6) деген эмгеги басылган. Биздин макаланын мазмуну ушул эмгек жөнүндө сөз болмокчу. Жалпысынан профессор Каратай Сартбаевдин эмгектеринин басымдуу көпчүлүгү окуучунун кол жазма сулуулугу, же жазма маданиятына басым жасалган.

Дилбаян жана баяндаманы окуучуларга жазууга үйрөтүүнүн бир топ окшоштуктары болсо да аларды айырмалап, өзүнчө мүнөздөп окутуу өзүнчө атайын өзгөчөлүктөрү бар. Жазуу жумушунун бул эки түрүнүн тен окуучунун туура ойлоосун жана жазуу кебин өстүрүүчү көнүгүүлөрдү системалуу жүргүзүү иши талап кылынат (6,10-б).

Эмгекте дилбаян, баяндама жазуунун окшоштуктары, айырмачылыктары салыштырылып, аларды жүргүзүүнүн методикасы теориялык жана практикалык жактан иштелип, мектеп тажрыйбасына сунушталган.

Дилбаян менен мазмундама жазууда окуучунун орфографиялык, орфроэпиялык, пунктуациялык сабаттуулугун өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасалган. Ар бир сүйлөмдүн угулушу, айтылышы, жазылышы эске алынат. Өзгөчө стилистикалык эрежелер, каталар менен иштөөгө басым жасалат. Эмгек 1-2-класстагы жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн формалары, аларды жүргүзүүнүн методикасы, практикалык сунуштары кошо берилген.

1-класста өткөрүлүүчү дилбаян жана баяндама жумуштарын жүргүзүү үчүн анын төмөнкү жолдору сунушталган.

1.Жазуу жумуштарынын алгачкы формасы оозеки форма боюнча жүргүзүү каралган. “Алиппе” бүткөндөн кийин, окуучулар муундап-сөздөп, муундап шар окууга жетишет. Ушул мезгилден баштап, коллективдүү түрдө окуган ангеменин, же тексти боюнча оозеки да, жазуу жүзүндө да мазмундама жазуунун алгачкы этабы башталат. Демек, текст окулат, түшүнүксүз сөздөр окуучуларга түшүндүрүлөт, мугалимдин берген суроолоруна жооп беришет, биринин жообун экинчиси толуктайт. Мына ошентип, баяндаманын оозеки формасы башталат. Бул процесс женилден оорго карай принциби менен жүргүзүлөт. Алиппе

мезгилинде тик сызык боюнча бөлүнүп жазылган сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окуу менен жаны сөздөр жөнүндө түшүнүгү артып, сөз байлыгы өсөт. Окуучулар өз алдынча сүйлөм түзүүгө үйрөнүшөт. Мугалим берген суроолоруна так, толук жооп берүүгө үйрөнүшөт.

2.Окуучулар сүйлөм түзүү үчүн сүрөттөрдү колдонуу менен үйрөтүү жолдору каралган. Сүрөттө көрсөтүлгөн окуяга карата суроолор берилет, ага окуучулар жооп беришет. Адегенде окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүү максатында кичине-кичине байланыштуу сөз айтылган сүйлөмдөргө ылайыктуу суроо берилет. Мисалы;

– Бул эмне?
– Тиги эмне?
– Бала эмне кылды?
– Ким жүгүрдү? деген суроолорго төмөнкү сүйлөм түзүлөт.

Бул бала.Тигил топ. Бала топ ойноду.Абыл жүгүрдү деген сүйлөмдөр түзүлөт.

3.Алиппе мезгилинен кийин айрым-айрым байланыштуу тексттер ондоп, андагы берилген суроолорго жооптор жазылат. Окуучуларга оорураак келген сөздөр түшүндүрүлүп, жазылышы атайын көрсөтүлөт. Мисалы; “Гулянын бөбөгү. Гүлүянын Белек деген бөбөгү бар. Белек быйыл төрткө чыкты. Белек жомокту жакшы көрөт. Гуля Белекке жомок айтып берет” деген 18 сөздөн турган байланыштуу текстти окуучулар окушат, маанисин түшүндүрүшөт.Оозеки суроолор түзүлөт.

–Гулянын ким деген бөбөгү бар?
–Ал канча жашка чыкты?
–Белек эмнени жакшы көрөт?
–Ага Гуля эмнени айтып берди? Оозеки суроо-жооптордон кийин жазуу формасы ишке ашат.

4 Окуу китебинен сырткары окуучулардын турмушуна байланыштуу кызыктуу окуялардан алып да баяндама жаздырууга жол берилет.

5.1-класстын окуучуларына баяндама жаздырууга көнүктүрүүнүн бирден-бир жолу сүрөттөр аркылуу да жүргүзүлөт.Окуучулар жөнөкөй тексттен сүйлөмдөргө суроолорду түзүп, бир нече жолу окуп, жазылышын, эсине тута билүүгө караганда, сүрөт боюнча баяндама жазуу женилирээк болот.

6.1-класста жазылуучу дилбаяндын темасы, аны уюштуруу жумуштары талданган. Бул боюнча “Токойдо”. “Түлкү менен турна”, “Ак козум”, “Кышкы оюн”, “Жаз”,”Экскурсия” деген темалардын иштелмелери талкууланган.

2-класста өткөрүлүүчү баяндама жана дилбаяндын уюштурулушу жөнүндө маалыматтар 1-класста алган билимдерин толуктоого өзгөчө маани берилет.

1.2-класста баяндама жана дилбаян жазуу сүрөт аркылуу жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарына байкоо жүргүзүүнүн негизинде адегенде оозеки түшүнүктөрүн кенейт, андан кийин жазуу иши башталат. “Улууну сыйлоо”, “Гульмира гүл берди” деген тексттеги баяндама талдоого алынган.

2.Дилбаянды жаздырууда бир нече жолдору каралган, т.а. ангемелөө, айланадагы табияттын кубулуштарын көз алдыга келтирүү жаратылыш календары боюнча ангемелер ж.б. Окуучуларды оозеки дилбаянга үйрөткөн сон коллективдүү түрдө түзгөн пландын негизинде дилбаян түрүндо өткөрүүгө болот. Жазуу жүзүндөгү дилбаян окучулар үчүн женил, жеткиликтүү болуу үчүн адегенде сүрөттөр менен жүргүзүлөт.

3.Ар бир сунушталган окуу материалынын планы, аны өткөрүүнүн методикасы берилген.

Дилбаяндын темасы: Карыны сыйлоо (Иллюстрациялуу сүрөт менен иштөө).

Планы:

1.Жол жүрүү.
2.Жардамдашуу.
3.Алкыш.
4.Коштошуу.

Окуучулар ар бир сүрөткө коюлгандан кийин, айрым-айрым сүрөткө карап, алардын мазмунун айтып беришет. Жогорудагы төрт, түрдүү сүрөт, айрым-айрым талкууланып бүткөндөн кийин, оозеки планды эске сактоо менен ар бир ат коюлган темаларга ылайыктуу кылып дилбаян жазууга өтүшөт.

**Мазмундама**

Эн алгач жаза турган мазмундаманын оозеки мааниси түшүндүрүлөт. Ар бир сүйлөмдүн чеги ажыратылат. Орфографиялык талдоолор жүргүзүп, сөздөргө түшүнүк берилет. Андан кийин 1-класстагы мазмундама сыяктуу суроолор түзүлөт. Анын жооптору коллективдүү түрдө жазылат. Ал сүйлөмдөр текшерилгенден кийин окуучулар көчүрүп жазышат.

**Улууну сыйлоо**

Мазмундамага сунушталган суроолор жана жооптор.

–Бир топ бала кайдан келе жатат?

–Бир топ бала мектептен келе жаткан эле.

–Алар кимди көрүп кайрылып калышты?

–Алар кудуктан суу алганы турган эжени көрүшүп, кайрылып калышат.

–Кадыр энеге кандай жардам көрсөттү??

–Кадыр эмнеге кудуктан суу алып берди.

–Чакадагы сууну көтөрүүгө кимдер жардамдашты?

–Жолдош жана Анар эненин чакасындагы сууну үйүнө котөрүп барып берди.

–Эне балдарга эмне үчүн деди?

–Эне балдардын колунан кармады. Беттеринен өптү. Анан ыраазы болуп, алкыш айтты.

Демек, түзүлгөн суроолордун негизинде баяндаманын мазмунун жазуу сунушталган. Ушул типтеги, тематикадагы дилбаян, баяндамаларды жазуунун тематикасы, методикасы иштелген.

Эмгектин мазмунун башталгыч класстарда жазуу жумуштарын жүргүзгөндүгү менен баалуу. Демек, эмгектеги окумуштуунун ойлоруна таянуу менен сунуштары үйрөнүлүп келет.

1.2-класстын жазуу иши биринчи класстагыга караганда көлөмдүү, мазмундуу, системалуу боло баштайт.

2.1-2-класста үйрөтүүчү мүнөздөгү өткөрүлүүчү мүнөздөгү мазмундама да, дилбаян да окуучунун жазуу кебин өстүрүп, сөз байлыгын арттырып, адабий тилдин нормасы менен таза сүйлөөгө багыт берет.

3.1-2-класстарда дилбаян, мазмундама оозеки түрүндө да, жазуу жүзүндө да өткөрүлөт. Оозеки түрүндө өткөрүлүүчү дилбаян жана мазмундама жазуу жүзүндөгү жумуштарга өбөлгө түзөт. Мазмундама да, дилбаян да сүрөт аркылуу жаздырууга болот. Сүрөт аркылуу жүргүзүлгөн дилбаян үчүн текст берилбейт. Атайын оозеки ангемелер жүргүзүлөт.

4.Мазмундама да, дилбаян да 1-2-класстарда үйрөтүү максатында жүргүзүлгөндүктөн анын планы коллективдүү түрдө түзүлүп, түшүнүксүз сөздөрдүн мааниси ачылат.

5.Мазмундама менен дилбаян жазуу ишине 1-2-класстын окуучуларын үйрөтүү жана аны системалуу жүргүзүү окуучунун оозеки жазуу кебин өстүрүү менен туруктуу, чон билим алууга көмөк көрсөтөт (6,41-б).

Демек, окуучунун сөз байлыгы өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү чындыкты, кубулушту жана окуяларды үйрөнүп билүүнүн негизинде уламдан-улам кенейип, байып олтурат.

6.Окуучу күндөлүк жашоо турмушунда өзүнүн кебиндеги сөздөр менен активдүү мамиле кылат.

Жалпысынан алганда, профессор Каратай Сартбаев тарабынан түзүлгөн окуучунун кол жазма сулуулугун, жазуу маданиятын калыптандырууга арналган алгачкы эмгек катары бааланып келе жатат. Окумуштуу тарабынан алгачкы жолу дилбаян, мазмундама жаздыруунун класстар боюнча бөлүштүрүү, аларды уюштуруунун, жүргүзүүнүн теорялык жана практикалык жолдору, формалары, методдору сунушталган. Башталгыч класстарда

кыргыз тилин окутуунун методикасында бул эмгек алгачкы саамалык катарында бааланып келе жатат.

**Адабияттар:**


1. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы.2-китеп.–Бишкек, 200.–9-83 б.б.
2. Ашырбаев Т.Азыркы кыргыз тилинин стилистикасы. –Бишкек, 2001.–3-14 б.б.
3. Маразыков Т.Текстти уюштуруунун маселелери.–Бишкек, 2004.–3-126 б.б
4. Маразыков Т. Текстти таануунун теориясы. –Бишкек, 2014.–3-31 б.б
5. Башталгыч класстардын программалары.–Бишкек,2018
6. Сартбаев К. Тандалган эмгектер. 7-том.–Бишкек, 2013.–6-57 б.б.


* * *

**УДК 373.29**

## КАРАТАЙ САРТБАЕВ – БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА СТИЛИСТИКАНЫ ҮЙРӨТҮҮНҮ ИЗИЛДЕГЕН ОКУМУШТУУ

***Сакиева С.С.- Б.Осмонов атындагы ЖАМУ нун профессору, педагогика илимдеринин доктору***
***Муратбек кызы Сыргагүл -магистрант***

***Аннотация:*** *Макаланын мазмуну башталгыч класстарда стилистикалык эрежелерди үйрөтүүгө карата сунушталган белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор К.Сартбаевдин методикалык колдонмосу жөнүндө сөз болот. Методикалык колдонмонун мазмунун ачууда окумуштуу башталгыч класстарда стилистиканы үйрөтүүдөгү кыргыз тилин окутуунун методдорун, формаларын талдоого алган. Эмгекте башталгыч класстарда стилистикалык эрежелерди үйрөтүүнүн теориялык жана практикалык маселелери каралган. Ошондой эле стилистиканы пайдалануунун формалары, методдору кенен талдоого алынган. Макалада каралган маселелер учурдагы башталгыч билим берүү системасында окутулуп, колдонулуп келе жаткандыгы менен баалуу.*

***Түйүндүү сөздөр.*** *Стилистикалык каталар, окуучунун оозеки жана жазуу кеби, лексикалык-стилистикалык, грамматикалык-стилистикалык каталар.*

## КАРАТАЙ САРТБАЕВ- УЧЕНЫЙ, ИССЛЕДУЮЩИЙ ОБУЧЕНИЕ СТИЛИСТИКИ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

***Сакиева С,С. - профессор ЖАМУ им.Б.Осмонова, доктор педагогических наук***
***Муратбек кызы Сыргагүл -магистрант***

***Аннотация:*** *Статья содержит рекомендации известного ученого, кандидата педагогических наук, профессора К.Сартбаева по обучению стилистических правил в начальных классах. В начале методического руководства ученый дал анализ методам и формам обучения стилистики кыргызского языка в начальных классах. Особенность рассматриваемых вопросо в статье является то,что в настоящее время, широко применяются в системе начального образования.*

***Ключевые слова:*** *Стилистические ошибки,устная и письменная речь учащихся,грамматическо – стилистические ошибки.*

## KARATAY SARTBAEV IS A SCIENTIST WHO STUDIES THE TEACHING OF STYLISTICS IN PRIMARY SCHOOL

***Sakieva S, S. - Professor of JASU named after B. Osmonov, Doctor of Pedagogical Science***
***Muratbek kyzy Syrgagul - undergraduate***

***Annotation:*** *The article contains recommendations of a well-known scientist, candidate of pedagogical sciences, Professor K. Sartbaev on teaching stylistic rules in elementary grades. At the beginning of the methodological guide, the scientist gave an analysis of the methods and forms of teaching the Kyrgyz language stylistics in elementary grades. Currently, they are widely used in primary education.*

***Keywords.*** *Stylistic errors, oral and written speech of students, grammatical - stylistic errors.*

Кыргыз тилинин стилистикасы кеп маданияты менен тыгыз байланышта каралат. Кыргыз тили түрк тилдеринин жана Борбордук Азияда жашаган элдердин тилдеринин ичинен эн байыркы болуп саналат. Кыргыз тилинин структуралык стилистикасы бай мүмкүнчүлүктөргө ээ. Структуралык стилистикалык бөлүктөрү тилдик денгээлдер менен дал келет. Кыргыз тилинин структуралык, фонетикалык, сөз жасоо, лексикалык, морфологиялык жана стилистикалык стилдерден турат. Булардын ар бири илимий парадигмаларга жана тилдик каражаттарга ээ (2,8).

Стилистикалык эрежелер мектеп практикасында окутулат жана үйрөтүлөт. Кыргыз стилистикасынын теориялык маселесин окуп-үйрөнүүгө карата филология илимдеринин доктору, профессор Т.Ашырбаевдин “Кыргыз тилинин стилистикасы” (Бишкек, 2000, 2001) аталыштагы эмгегинин 1-2-китебинде каралып, стилистиканын курамы сунушталган. Окумуштуу тарабынан сунушталган фонетикалык, сөз жасоо, лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик стилдер курамы боюнча башталгыч класстын окуучуларынын окуучуларынын жаш курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша үйрөтүлөт.

Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда стилистиканы үйрөтүүгө карата өзүнчө саат бөлүнбөгөнү менен анын алгаякы түшүнүктөрү кыргыз тили илиминин бөлүмдөрүнө кошулуп үйрөтүлөт. Бул проблеманы үйрөтүүгө карата педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаевдин “Башталгыч класстын окуучуларынын стилистикалык каталары жана аны түзөтүүнүн жолдору” (Фрунзе, 1965) аттуу эмгегинде каралып, стилистиканы үйрөтүүнүң теориялык жана практикалык маселелерин сунуштаган.

Башталгыч класстын окуучуларынын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүдө кептик жактан каталарды жиберүүнүн төмөндөгүдөй түрлөрү учурабай койбойт. Аларда сөздөрдү сүйлөмдүн (адабий тилдин нормасы) менен эмес жергиликтүү диалектикалык өзгөчөлүк менен сүйлөө, айрым сөздөрдүн айтылышында жана жазылышында кемчилдиктерди жиберүү жана адабий тилдин нормасын сактабагандан жиберген кемчилдиктер, орфографиялык эрежелерди туура сактабагандыктан, пунктуациялык каталардан, сөздөрдү туура колдоно албагандыктан кетирген каталарды кошууга болот.

Стилистикалык каталар көбүнчө окуучулардын кебинен жана жазган баяндама жана дил баяндарынан, ангемелеринен жиберилет Мында окуучулар сүйлөмдү туура түзүүдөн, сөздөрдү өз орду менен колдонуудан, сөз тизмектеринин байланышынан, сүйлөм тизмегинде бул же тигил сөздү ашыкча орунсуз кайталап колдонуудан бир топ кемчилдиктерди жиберип коюшат. Мугалимдин милдети окуучулардын жазуу жумуштарын текшергенде андагы орфографиялык жана пунктуациялык каталарды гана ондоп, түзөтүү менен чектелбестен окуучулардын стилистикалык каталарына да тиешелүү көнүл буруп, аны четтетүүдө турат (6,7). Окумуштуунун башталгыч класстын окуучуларынын өздүк жана жазуу кептеринен жиберилүүчү стилистикалык каталарды окутулуучу материалдарга карата төмөндөгүдөй үч топко бөлүүгө болот деген оюна кошулууга болот (7,10).

1.Орфографиялык-морфологиялык эрежелердин бузулушуна байланыштуу жиберилген стилистикалык каталар.

2.Лексикалык-морфологиялык эрежелердин бузулушуна байланыщтуу жиберилген стилистикалык каталар.

3.Стилистикалык эрежелердин бузулушуна байланыштуу жиберилген стилистикалык каталар.

Демек, бул бөлүштүрүүлөр башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасында колдонулуп келүүдө. Бул бөлүштүрүүлөр алгачкы жолу ушул эмгекте көрсөтүлүп, классификацияланган. Башталгыч класстардын окуу программасындагы окуу материалдары ушул бөлүштүүрүүлөрдүн негизинде түзүлгөн (6).

Эмгектин түзүлүшү жогорудагы сунушталган бөлүштүрүүлөрдүн конкреттүү, абстрактуу, теориялык жана практикалык багыттары кошо берилген. Алар төмөндөгүчө берилген.

1.Фонетикалык эрежелерди үйрөтүүдө келтирилүүчү стилистикалык каталар. Демек, мындагы стилистикалык каталарга сөздө айрым тамгаларды айырбаштап же түшүнүп, же ашыкча кошуп жазган каталар эсептелет. Мисалы;

Мейман-мыйман
Экөө-өкөө
Аркылуу-аркулуу
Жылуу-жулуу ж.б.

Бул сөздөрдүн айтылышы менен жазылышында б-в, в-ф, к-г, ж-ш тамгаларын айкалыштырып айтуудан жана жазуудан кеткендиги баса белгиленген. Ал эми катар үнсүз тыбыштар сөз башында, сөз ортосунда, сөз аягында келгенде алардын ортосуна белгилүү бир үндүүнү кошуп жазып орфографиялык-стилистикалык каталарды жиберишет.

Мисалы: Илбирс-Илбирис
Турна-Туруна
Кырк-Кырык

Бул көрсөтүлгөн орфографиялык-стилистикалык кемчилдиктерди четтетүүдө сөздөрдүн айтылышына жана угулушуна, жазылыш өзгөчөлүгүнө машыгуучу көнүгүүлөрдү жүргүзүү сунушталган. Автордун оюна кошулуу менен окуучулар сөздөгү тыбыштарды фонетикалык жактан канчалык туура уга алса, так кабыл алса, ошончолук орфографиялык, стилистикалык жактан ката жиберишпейт деген сунушун колдоого болот (6,11).

2.Лексикалык-морфологиялык жактан жиберилүүчү стилистикалык каталар. Синтаксистик жагынан алганда башталгыч класстын окуучуларына жай, суролуу, илептүү сүйлөмдөр, сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү, жөнөкөй жана татаал сүйлөм, төл жана бөтөн сөз окутулат. Бул материалдарда кетирилүүчү стилистикалык каталар төмөнкү этаптарга бөлүштүрүлгөн (6,12).

1.Сүйлөмдөрдүн ээрчишүүсүнөн жиберилген каталар. Таэке, жакшы иштеп жатасынарбы? Анын окуусун жакшы окутат дегендерди көрсөтүүгө болот.

2.Айрым окуучулардын кеби жарды сөз байлыгын жетишсиз болгондуктан, бир эле түрдүү конструкциядан сүйлөмдөрдү көп кайталап түзүүгө мажбур болушат. Сүйлөмдү жазат, ат атооч сөздөрдү, же этиш сөздөрү көп кайталанат.

3.Сүйлөмдө бир маанилеш эки сөздү катар колдонушат. Мисалы: Асан ал келди. Апа, мен Сизге кат жаздым эле, ошол катты алдынызбы?

4. Сүйлөмдү толук бүтүүгө айтпастан күмөндүүлүктү сүйлөмдөр да кездешет. Мисалы, Бала отургузду. Гүлнар жазды.

5.Көпчүлүк окуучулар сүйлөмдү туура түзгөнү менен сын атооч жана этиш сөздөрдү түзүү менен да чектелишет. Мисалы: Жамгыр жаады. Жаз келди. Айша алма жеди" деген сүйлөмдөр туура, бирок мааниси жагынан тайкы ой-пикирди билдирип турат. Демек, бул сүйлөм стилистикалык каталарын ондоо жумуштары жүргүзүлөт. Бул сүйлөмдөр : "Жаан куюп жаады. Жаан себелеп жаады. Айша таттуу алма жеди" деп окутулат, үйрөтүлөт.

6.Төл жана бөтөн сөздүн сүйлөмдөрдү айтканда бир топ сүйлөмдө татаал сөздө сүйлөмдүн баяндоочун колдонуулар бар.

7.Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибин түзүүдөн кеткен стилистикалык каталар. Сүйлөмдүн баяндоочу айрым учурларда татаал сөздөрдөн турса, анын ортосуна башка сүйлөм мүчөнүн аралаштырып айтуулар жана жазуулар да жолукпай койбойт. Мисалы: Күн жааганда көп болот экен сөөлжан (Күн жааганда сөөлжан көп болот экен).

8.Сүйлөмдүн айрым мүчөлөрүн түшүрүп, өксүк формада колдонуу. Мисалы: Абдыш келди (Кайдан?). Абдыш тоодон келди.

9.Жөнөкөй жана таттаал сүйлөмдөн дилбаян, баяндамалар жазууда кетирилген стилистикалык каталар.

10. Окуучулар сүйлөмдө стилистикалык каталарды жибербөө, алардан толук жооп алуу үчүн суроолорду туура, так кое билүүгө өзгөчө көнүл буруш керек. Мында мугалимдин суроосу башкы ролду ойнойт.

11.Окуучулардын стилистикалык жактан жиберген кемчилдиктери орфографиялык жана пунктуациялык каталар да кездешет. Ошондуктан стилистикалык кемчилдиктерди ондоого жана түзөтүүгө өзгөчө маани берилүүгө тийиш.

12.Окуучулардын кебинде көп кайталап колдонулган сөздөр да кездешет. Аларга боло турган болсо, андан кийин, андан сон, эң күчтүү, эн сонун, эн бийик деген сыяктуу кайталоолор кездешет.

Жогорудагы стилистикалык каталардын курамы кыргыз тилин окутуунун методикасында толукталып, изилденип туруучу процесс. Мындан стилистикалык каталарды мугалим ар бир сабакта жүргүзүлүүчү оозеки жана жазуу жумуштарында анализдейт, алардын кемчилдиктерин жоюунун шарттары сунушталат. Стилистикалык каталар менен иштөө ар бир сабакта эске алынат, практикалык жумуштар жүргүзүлөт.

Башталгыч класстардагы стилистикалык каталар кепте орду менен колдонбогондуктан жана грамматикалык жактан сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышынан кетирилгендиктен аларды негизинен эки чон топко бөлүүгө болот.

1.Лексикалык-стилистикалык каталар.

2.Грамматикалык-стилистикалык каталар.

Грамматикалык-стилистикалык каталар. Окуучулардын лексикалык-стилистикалык каталарына сөздөрдү сүйлөмдөрдө кепте туура колдоно албоочулуктары кирет. Аларды сөздү сүйлөм тизмегинде туура эмес колдонуулары тиешелүү синоним сөздөрдү пайдалана албоочулук, кепте омоним, антоним сөздөрдү пайдалана билбөөлөр жана бир эле сөздү бир нече сүйлөмдө курулай кайталоолор, ашыкча кооздоп сүйлөөлөр сыяктуулар кирет.

2.Грамматикалык-стилистикалык кемчилдиктерге сүйлөм тизмесинде сөздөрдүн байланышынан жиберилген кээ бир мүчүлүштүктөр. Мындан башка да сүйлөмдөгү сөздөрдүн тартибин бузуу, зат атооч, ат атооч сөздөрдү бир эле сүйлөмдө курулай кайталоо, айрым сүйлөм мүчөлөрүн түшүнүп коюу каталарын алууга болот.

Эмгектеги стилистикалык каталар, алардын жалпы классификациясынын мүнөзү, алар менен иштөөдө кетирилген стилдик каталардын жолдору сунушталган.

Эмгектеги стилистикалык каталарды жоюуга карата иштелген көрсөтмөлөр башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу сунушталган методикалык колдонмо. Колдонмодогу ар бир сунушталган методикалык колдонмолор баалуу болуп эсептелери талашсыз.

**Жалпы корутунду**

1.Эмгекте башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуудагы стилдик каталар, алардын классификациясы алгачкы жолу сунушталган.

2.Башталгыч класста колдонуучу стилистикалык эрежелер жана стилистикалык каталардын мааниси аныкталып, такталып практикага сунушталган.

3.Башталгыч мектептеги орфографиялык-стилистикалык каталар, аларды жоюунун үстүндө иштөөнүн практикалык маселелери сунушталган.

4.Орфографиялык-стилистикалык каталарды жоюуда техникалык каражаттарды пайдалануунун жолдору иштелген.

5.Дилбаян, баяндама жазууда кетирилген стилистикалык каталардын системасы боюнча окуучулардын жазуу жумуштары талданып, стилистиканын басымдуу көпчүлүгү жазуу жумуштарынан көбүрөөк кеткендиги каралып, анын практикалык сунуштары аныкталган.

6.Эмгекте кыргыз балдарынын стилистикалык каталарынын оозеки жана жазуу формасы иштелген. Стилистикалык эреже, стилистикалык каталардын түшүнүктөрү аныкталып, алардын оозеки, жазуу формалары алгачкы жолу сунушталган.

7.Башталгыч класстардын окуу программасында стилистикалык эрежелерди үйрөтүүгө өзүнчө саат каралбаганы менен бул эрежелер сабактын бардык этабында колдонулат, үйрөтүлөт. Окумуштуунун сөзү менен айтканда “стилистикалык каталар көбүнчө окуучулардын оозеки кебинен жазган дилбаяндары менен баяндамаларынан жиберилет” (6,7).

8.Стилистикалык эрежелер менен иштөө ар бир сабакта колдонулат. Ошондуктан стилистикалык эрежелерди башталгыч класстын окуучуларына үйрөтүүнүн теориялык жана практикалык аспектилеринин методикалык системасын иштеп чыгуу замандын талабы.

**Адабияттар:**


1. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы.2-китеп.–Бишкек, 200.–9-83 б.б.
2. Ашырбаев Т.Азыркы кыргыз тилинин стилистикасы. –Бишкек, 2001.–3-14 б.б.
3. Маразыков Т.Текстти уюштуруунун маселелери.–Бишкек, 2004.–3-126 б.б
4. Маразыков Т. Текстти таануунун теориясы. –Бишкек, 2014.–3-31 б.б
5. Башталгыч класстардын программалары.–Бишкек,2018
6. Сартбаев К. Тандалган эмгектер. 7-том.–Бишкек, 2013.–6-57 б.б


* * *

**УДК 371.3:784.67**

## БАЛДАР ЫРЛАРЫН ОКУТУУДАГЫ ИНТЕГРАЦИЯЛОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

***Саттарова А.Т. - п.и.д., доцент ОшТУ,***
***Тагаева Ж.Т. - окутуучу,***
***Жумабаева Г.С.- окутуучу***

***Аннотация:*** *Макалада предметтик ички жана предметтер аралык сырткы байланыштарды ишке ашыруу принцибин көрсөтүп, балдар ырларын окутууда предметтик ички байланышты жана мекен таануу, кыргыз тили предметтери менен интеграциялап окутуунун технологиялары сунушталды. Кыргыз жеринин табияты сүрөттөлгөн ырларды окутууда живопись, фото искусствосу жана музыка менен байланыштыруунун заманбап технологиялары жөнүндө айтылат. Мындай интеграциялоо окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттырып, дүйнөнү бүкүлү (целостное) кабылдоого жардам берет, алардын эмоционалдык сезимдерин өстүрүп, эстетикалык табитин жогорулатат. «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» ырларын 6-класста музыка жана адабият предметтеринин мугалимдеринин катышуусунда интеграцияланып окутуунун тартиби, жүрүшү баяндалат. Андан ары интеграцияланган блокту анализдөөнүн схемасы, балдар ырларын окутууну интеграциялоо үчүн предметтер жана материалдар (4-класстын мисалында) таблица түрүндө көрсөтүлөт.* ***Түйүндүү сөздөр:*** *Предмет, байланыш, интеграциялоо, окутуунун мазмуну,окутуунун формалары, метод, жыйынтык, ыкмалар, материалдар, анализдөө, толук,бүтүн, мазмундуу байланыш, поэзияны кабылдоо*

## ИНТЕГРАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ В ОБУЧЕНИИ ДЕТСКИМ ПЕСНЯМ

***Саттарова А.Т. - д.п.н., доцент ОшТУ,***
***Тагаева Ж.Т. - препод. Жумабаева Г.С.- препод***

***Аннотация:*** *В статье показан принцип реализации внутри предметных и меж предметных внешних связей, а также предложены технологии обучения детской песни путем интеграции внутренней связи с предметами краеведения и кыргызским языком. В преподавании детских песен, описывающих природу кыргызской земли, упоминаются современные технологии, связывающие с живописью, фотоискусством и музыкой. Такая*

*интеграция повышает мыслительные способности учащихся, помогает им воспринимать мир в целом, развивает эмоциональные переживания, повышает эстетический вкус. Описан порядок и ход интегрированного обучения песням «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдан» в 6 классе с участием учителей музыки и литературы. Далее схема анализа интегрированного блока, темы и материалы для интеграции обучения детской песни (на примере 4 класса) представлены в табличной форме.*

***Ключевые слова:*** *Предмет, общение, интеграция, содержание обучения, формы обучения, метод, результат, методы, материалы, анализ, полное, целое, осмысленное общение, восприятие поэзии.*

INTEGRATION TECHNOLOGIES IN TEACHING CHILDREN'S SONGS

***Sattarova A.T. - doctor of pedagogical sciences, associate professor of OshTU,***
***Tagaeva Zh.T. - teacher Zhumabayeva G.S. - teacher***

***Annotation:*** *The article shows the principle of implementation of internal and intersubject external relations, and also proposes technologies for teaching children's songs by integrating internal communication with local history subjects and the Kyrgyz language. In teaching children's songs that describe the nature of the Kyrgyz land, modern technologies are mentioned that connect with painting, photography and music. Such integration increases the mental abilities of students, helps them perceive the world as a whole, develops emotional experiences, and enhances aesthetic taste. The order and course of the integrated teaching of the songs "Op Maida", "Bekbekey", "Shyryldan" in the 6th grade with the participation of teachers of music and literature is described. Further, the analysis scheme of the integrated block, topics and materials for the integration of teaching children's songs (on the example of grade 4) are presented in tabular form.*

***Key words:*** *Subject, communication, integration, content of education, forms of education, method, result, methods, materials, analysis, complete, whole, meaningful communication, perception of poetry.*

Предметтер аралык байланыш, же предметтерди интеграциялоо – «бул окуу предметтеринин арасындагы объективдүү максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк. Мындай өз ара байланыштарды окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун жана ыкмаларын аныктоодо эске алуу зарыл» [Бекбоев, 1, 95]. Адабий окуу менен эң жакын интеграциялануучу предметтер: эне тили (кыргыз тили) – адеп – мекен таануу – көркөм өнөр. Билим берүүдө предметтерди интеграциялоо боюнча Т.К.Александрова, И.Ю.Алексашина, В.С.Безрукова, М.И.Берулава, И.Д.Зверев, В.Н.Максимова, Н.К.Чапаев ж.б. окумуштуулар изилдөө жүргүзгөн. «Интеграция» (латынча integratio, орусча полный, целый, кыргызча – толук, бүтүн, толтура) – «бири-бири менен толукталган, бүтүндөлгөн, толтурулган жыйынтыктарды жаратуу жана ага алып келген процесс. Окутууда болсо ал бир билимдин мазмунун түшүндүрүүдө: темада, курста, бөлүмдө ар түрдүү окуу предметтеринин элементтерин пайдалануу же алардын таанып билүү мыйзамдарын колдонуу. Ушундай ишмердүүлүктү ишке ашырган мугалим окуучулардын интегративдик таанып билүү тибин калыптайт, ал эми мындай таанып билүүгө ээ болгон окуучулардын билими терең, ар тараптуу, ой жүгүртүүсү кенен, турмуштук түшүнүгү бай болуп гана калбастан, рынокко жөндөмдүү адис катары жетилет. Андай окуучулардын билими ырааттуу, ойлоо жөндөмдүүлүгү динамикалуу, интеллектуалдык деңгээли алда канча жогору, чыгармачылык жөндөмү күчтүү келет. Демек биз, биздин учур, келечек талап кылган кадрларды даярдоого ушул предметтерди интеграциялап окуткан мектептердин бүтүрүүчүлөрү, мугалимдердин шакирттери көбүрөөк жарап берет» [Тешебаев, 2, 4].

И.Бекбоев предметтер аралык байланыштын үч тибин аныктайт: *объективдүү байланыш* (үйрөнүлүүчү материалдын көлөмү, окшош билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруунун көлөмү боюнча); *мазмундуу байланыш* (байланыштырылуучу окуу предметтери үчүн жалпы болгон предметтер аралык материалдын мүнөзү боюнча);

*убактылуу байланыш* (предметтер аралык материалды пайдалануунун убактысы боюнча) [Бекбоев, 3, 94]. Ошол эле кезде окумуштуу предметтер аралык байланышты өткөрүүдө мугалим билүүгө тийиш болгон нерселерди да айтып өтөт, алар:

1. Берилген темага байланышкан материал кайсы окуу китепте экендиги.
2. Берилген материал бул предметке байланышкан башка предметтерде (тутумдаш предметтерде) качан окула тургандыгын (бул материал өтүлө электеби, өтүлүп жаткан учурдабы, же өтүлгөндөн кийинби; ошого жараша байланыш да үч түрдүү: мурунтадан, кошо жүрүүчү, кийинки болушу мүмкүн).
3. Тутумдаш предметтеги материалдын мазмуну кандай (фактыларды, закондорду, мисалдарды, цифраларды ж.б. билүү керек).
4. Өзүңдүн сабагыңа жакын предметтеги керектүү материалды пайдаланууда методикалык кандай ыкманы колдонуу керек? [Бекбоев, 4, 94]

Балдар ырларын окутууда музыка сабагы менен интеграциялоо өзгөчө мааниге ээ. Музыка менен поэзия адамдын ички сезимдерин козгоп, бири-бирин толуктап, окуучулардын эстетикалык табитин тарбиялоодо чоң роль ойнойт. Мына ушул музыкага кыргыз элинин айтуучулук өнөрү аябай терең сиңдирилген. «Манас» эпосу ар кандай музыкалык ыргактардын, үндөрдүн гармониясынан турат, аны айтып жаткан учурда кыргыздын добулбас, керней, сурнай, чоор, чопо чоор, комуз, кыяк ж.б. музыкалык аспаптары коштоп берет. Мугалим 4-класста «Алмамбет», «Чубак», «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши» («Манас» эпосунан балдарга ылайыкталган үзүндүлөр) деген ырларды окутууда С.Каралаев айтып жаткан учурун, «Кожожаш мерген» («Кожожаш» эпосунан үзүндү) дастанын айтып жатканда А.Үсөнбаевдин аткаруусундагы чыгарманын бир бөлүмүн коюп берип, аларды адабий текст менен байланыштыруу зарыл. Музыка менен балдардын поэзияны кабылдоо ишмердүүлүгү тереңдейт, адабий каармандын ички дүйнөсүнө дагы сүңгүп кирет, чыгарманын идеясын туура түшүнөт, ырды эмоционалдуу кабылдоосу ойгонот, сезими өсүп, рухий дүйнөсү козголот. Кыргыз жеринин табияты сүрөттөлгөн 1-класстын «Алиппе» китебиндеги Жеңижоктун «Суу» (13-бет), Ж.Бөкөнбаевдин «Кыргыздын Ала-Тоосу» (71-бет), 2-класстагы Ж.Исабаеванын «Соң-Көл жайлоосунда», 4-класста «Кыргыздын Ала-Тоосу» (Ж.Бөкөнбаев), «Бишкегим» (Э.Ибраев), «Сары-Челек» (А.Исаев) ж.б. ырларды окутууда живопись, фото искусствосу жана музыка менен байланыштырууга болот. Акындар кыргыз жеринин сулуулугун, ар кандай жаратылыш кубулуштарын, табияттын көркүн сөз менен айтып берсе, аны сүрөтчүлөр боёктордун, музыканттар үндүн жардамы менен ачып берет. Бул теманы окутууда «Кыргыз жери» (сөзү Т.Байзаков, обону А.Жайнаков, аткаруучу С.Садыкова), «Апам жапкан нанды сагындым» (К.Турапов) ж.б. музыкалык чыгармалар, Н.Абдырахмановдун «Соң-Көл» деген күүсү пайдалынылып жүрөт.

Балдар ырларын окутууда эстетикалык циклдеги бир нече предметтердин жана көркөм өнөрдүн материалдары пайдаланылат, алар:

- чыгарманын негизинде тартылган фотолор;
- ырдын обондуу тексттерин музыкалык коштоо (эгер болсо);
- комуз күүлөрү;
- кыяк күүлөрү;
- фильмдерден, клиптерден үзүндүлөр;
- слайддар;
- ырдын негизинде тартылган живопистик чыгармалар;
- скульптуралар ж.б.

Буларды колдонууда да айрым талаптарды эске алуу керек:

- колдонулуучу материал сабакта өтүлүүчү балдар ырына ылайык келиши;
- колдонулуучу чыгарманын ырдын түп нускасына жакындыгы;
- колдонулуучу материалдын балдар ырын өздөштүрүүгө кошо алуучу салымы;

- колдонулуучу материалдын искусство чыгармасы катары эстетикалык баалуулугу;
- колдонулуучу материалдын балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүгүнө ылайыктуулугу;
- колдонулуучу материалдын руханий, эстетикалык, ыймандык таалим-тарбия бериши ж.б.

М.Тешебаев өз тажрыйбасын мындай баяндайт: «...адабияттык окуу сабактарында кыргыздардын эмгек ырлары: «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» өтүлөт. Булар – эл турмушунун бир көрүнүшү. Сөзү кыргыз адабияты сабагынын предмети болсо, обону музыка сабагынын предмети. Музыкада ырдын сөзүн пайдаланбай сабак өтүүгө мүмкүн болбогон сыяктуу эле адабиятта бул темаларды талдоодо музыканы пайдаланбай сабак өтүү мүмкүн эмес.

Бул багытта «Шырылдаң» деген ыр 6-класста музыка жана адабият предметтеринин мугалимдеринин катышуусунда интеграцияланып төмөнкүдөй тартипте өтүлдү.

*Кыргыз адабияты мугалими:* «Элдик оозеки поэзиянын эң алгачкыларынын бири – эмгек ырлары. Ал лирикалык ырлардын түрмөгүнө кирет. «Адам эмгеги менен даңктуу», «Азамат көркү – эмгекте» ж.б. ушул тариздүү таамай, таасын макалдар элибизде төгүн жерден айтылбаса керек, ошондуктан эмгек гана адамды адам кылат.

Эмгек ырлары эмгектин жүрүшүнө жараша жана уюштурулушун жеңилдетүү максатында келип чыккан. Анда адамдардын эмгекке карата мамилелери айкын жана образдуу чагылдырылган. Эмгек ырлары кыргыз элинин турмуш-тиричилигинин мүнөзүнө жана өзгөчөлүгүнө байланыштуу жаралган. Тагыраак айтканда, эмгек ырлары эмгектин түрлөрүнө жана бөтөнчөлүгүнө жараша пайда болгон. Мисалга алсак, мал чарбачылыкка, дыйканчылыкка жана кол өнөрчүлүккө карата ырдалгандыгын байкоого болот.

Ырдын ритми тигил же бул эмгектин ыргагына шайкеш келет. Ошол себептүү эмгек ырларынын ыргактары негизинен кыска, уйкаштыктары даана, айкын жана сүрөттөөлөрү таасын, таамайлыгы менен өзгөчөлөнөт. «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң», «Тон чык» ж.б. эмгек ырлары өзүлөрүнө тиешелүү болгон элдик обондор менен аткарылат…

…«Шырылдаң» ырында жылкычылардын оор турмушу баяндалган. Жылкычылар ырды ырдап, элден азык-түлүк да жыйнап алышкан» [Сманбаев А., 5, 5-6].

*Музыка мугалими:* «Кыргыз композиторлору да элдик ырлар менен күүлөрдү сүйүшөт. Алар бүгүнкү профессионалдык музыкабызда элдик чыгармачылыкты кенен пайдаланышты. Малдыбаев, Власов менен Ференин «Алтын кыз», «Ажал ордуна» музыкалуу драмалары дээрлик элдик ырлар менен күүлөрдүн обондорунан жазылган. Кыргыздын элдик – «Бекбекей», «Шырылдаң», «Селкинчек» аттуу жана башка ырларын композиторлор операларга көп пайдаланышты. Алардын ичинен композиторлор А.Аманбаев, С.Германов «Айдар менен Айша» операсында «Бекбекей», «Шырылдаңды» өтө устаттык менен пайдаланышкан» [Абдраев М.6, 43].

Окуу китептеринде башка предметтер менен интеграциялоочу суроо-тапшырмалар.

*Кыргыз адабияты окуу китебинде:*

1. «Бекбекей», «Шырылдаң», «Оп майда» ырларынан үзүндүлөрдү жаттап, өз обону менен аткарып берүүгө аракеттенгиле.
2. «Бекбекей», «Шырылдаң» ырлары азыр элдик ансамблдерде, эстрадада кандай аткарылып жүргөнүн уктуңар беле? Эгер уксаңар өз көз караштарыңарды, ой-пикирлерди ортого салып, ой бөлүшкүлө» [Сманбаев А., 7, 10].

*Музыка окуу китебинде:*

1. «Жылкычылардын бул ырынын обону менен сөзүн ылдамдата төкмөлөп аткаргыла.
2. Ырдын мазмунунда эмне айтылат?
3. Обон кайсы тональностто, кандай ладда жазылган?
4. «Шырылдаң» аттуу ыр кыргыздын элдик ырларынын кайсы түрүнө кирет?
5. Ырдын обонунда жана сөзүндө топтолушуп ырдоонун элементтери барбы? Болсо аны аныктагыла. «Шырылдаң биздин шыйкыбыз, түндө келет уйкубуз» деген саптар көптүк түрдө ырдалганбы же жокпу? Аны кандайча түшүнөбүз?» [Абдраев М., 8, 44]

Окуу китептеринен көрүнүп тургандай, эки предмет бир эле чыгарманы түшүндүрүүдө бири-биринин объекттерине сөзсүз таянат.

Текст менен таанышуу учурунда окуучулар кызык көрүнүш менен туш келет. «Шырылдаңдын» тексттин бир окуучу кыргыз адабиятынан, экинчиси музыка китебинен көркөм окуп берет.

*Кыргыз адабиятында:*

Ала даакы шырылдаң
Кула даакы шырылдаң.
Салтанаттуу шырылдаң,
Султан аттуу шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз,
Бүгүн калды.
Шып шырылдаң уйкубуз шыр экен,
Жылкычынын ыры экен.
Карылардын наркы экен,
Жигиттердин айты экен.
Жылкычынын мурунтан,
Айтып жүргөн салты экен.
Конок тоого бүткөндө,
Кошо чыккан шырылдаң.
Таруу ташка бүткөндө,
Талаша чыккан шырылдаң.
Жылкычы менен коюндаш,
Жанаша чыккан шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз,
Түндө келет уйкубуз.
Аман болсо жылкыбыз,
Эртең канар уйкубуз [bizdin, 9].

*Музыкада:*

Шыпшырылдаң шыр экен эй,
Жылкычынын ыры экен эй,
Карылардын наркы экен эй,
Жигиттердин айты экен эй,
Айыл уулап түндөрдө эй,
Айта жүрчү салт экен эй.

Конок тоого бүткөндө эй,
Кошо чыккан шырылдаң эй.
Таруу ташка бүткөндө эй,
Талаша чыккан шырылдаң эй.
Жылкычы менен коюндаш эй,
Жанаша чыккан шырылдаң эй.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз эй,
Түндө келет уйкубуз эй.
Аман болсо жылкыбыз эй ,
Эртең канар уйкубуз эй.
Шырылдаң айтып жүргөндө эй,
Конок менен тарууну эй,
Жеп кетпесин жылкыбыз эй.

Кайырмасы:
Ана султан шырылдаң,

Мына султан шырылдаӊ.

Шып-шырылдаӊ шыр экен,

Жылкычынын ыры экен эй, эй [bizdin, 9].

Тексттердеги өзгөчөлүктөр эмнеге байланыштуу экендигин анализдөө – ар бир предметтин спецификасын туура түшүнүүгө жол ачат. Кыргыз адабияты предметинин негизги изилдөө объектиси – көркөм текст болсо, музыканыкы – обон. Дал ошол обондуулук үчүн, обон ыргагына дал келүү үчүн обончулар тексттерди анча-мынча өзгөртүп алууга жол берилет. Бул жерде, биринчиден, ошол нерсе сакталса, экинчиден, элдик оозеки чыгармалардын ар кандай варианттары жазылып алынган, бул жерде ошол ар кайсыл булактардан алынган тексттер болушу мүмкүн деген түшүнүк пайда болот» [Тешебаев, 10, 69-72].

Предметтерди интеграциялоо боюнча Ростов-на-Дону шаарынан методист Елена Юрьевна Сухаревская мугалимдердин сабагындагы интеграцияланган блокторду анализдөөнүн методикасын иштеп чыккан жана анын таблицасын сунуштаган [Сухаревская, 11].

**Таблица 1 – Интеграцияланган блокту анализдөөнүн схемасы**

| | | |
|---|---|---|
| Блок | | |
| Мугалим | | |
| Класс | | |
| Мөөнөтү | | |
| Блоктун темасы | | |
| **Максаттуу (целевой) блок** | | **Мугалимдин сабакка даярдыгынын баасы** |
| Блоктун темасынын интегративдүү мүнөзүн түшүнөбү? | | |
| Блоктун максатынын интегративдүү мүнөзүн түшүнөбү? | | |
| Интеграцияланган сабакта кандай педагогикалык милдеттер чечилди? | Билимди ырааттуулукка салуу боюнча | |
| | Ар түрдүү тармактардагы маалыматтарды жалпылоо жана классификациялоо боюнча | |
| | Жалпы билим берүүчү жана атайын багыттагы билимдердин байланышын таба алуусу боюнча | |
| **Мазмундук (содержательный) блок** | | **Мазмундук блоктун баасы** |
| Интеграциянын объектиси | Жалпы түшүнүктөр | |
| | Жалпы идеялар | |
| | Ар түрдүү предметтердин идеялары | |
| | Аракет кылуунун жалпыланган каражаттары | |
| Интеграциянын мазмуну жана компоненттери | Предмет ичинде | |
| | Предметтер аралык | |
| | Предметтен тышкары | |
| Мазмунду интеграциялоонун деӊгээли кандай? | Төмөн – окутуу процессин модернизациялоо бир гана анын мазмунуна байланыштыруу менен чектелүү | |

| | | |
|---|---|---|
| | Орто – окутуу процесстеринин компоненттерине (методдору жана формалары) комплекстүү мамиле | |
| | Жогору – максаттуу түрдө баарын синтездей алуу | |
| Интеграциянын масштабы канчалык? | Блок канча жана кандай дисциплиналарды камтыйт | |
| | Блок анын ичинен кандай темаларды жана бөлүм-дөрдү ала алган | |
| Интеграцияланган мазмунду уюштуруунун формалары | Предметтик-образдык | |
| | Түшүнүктүк | |
| | Көз караштык | |
| | Ишмердүүлүктүк | |
| | Концептуалдык | |
| **Окуучулардын ишмердүүлүктөрү аң сезимдүү түрдө дал келишеби?** | | |
| Блоктун тандалган мазмуну оптималдуу тандалган деп айтууга болобу? | Ушул тема үчүн | |
| | Класстын даярдыгы | |
| | Мугалимдин мүмкүнчүлүгү | |
| Блоктун тандалган окутуу методдору, стимулдаштырылышы жана контролу оптималдуу тандалган деп айтууга ылайыкпы? | Суроолордо | |
| | Жаңы материалды өтүүдө | |
| | Бышыктоодо | |
| | Өтүлгөндөрдү жыйынтыктоодо | |
| **Процессуалдык блок** | | **Мугалимдин жана окуучулардын ишмердүүлүктөрүн баалоо** |
| Окулуп жаткан материалдарды интеграциялоонун мазмунуна кошуунун кандай ыкмалары жана жолдору болду? | Проблемалык кырдаалдардын түзүлүшү | |
| | Проблемалык суроолордун, комплекстүү тапшырмалардын коюлушу | |
| | Эвристикалык ангемелешүүлөрдүн уюштурулушу | |
| Кандай каражаттар жана жолдор менен мугалим буларды ишке ашыра алат... | *Мотивациялык-эрктик багытта:*<br>кызыкчылыктарды кеңейтүүдө;<br>дүйнөлүк маданий нарктарга ориентация жасоодо;<br>билимдин ырааттуулугуна жана максаттуулугуна умтулууда<br>*Интеллектуалдык багытта:*<br>билимдерди системалаштырууда;<br>себептик-натыйжалык байланышты туура табууда;<br>алынган билимдерди жана билгичтиктерди анализ жана синтез кыла алгандыгында; | |

| | | |
|---|---|---|
| | жалпылоого жетишкендигинде;<br>кабылдоосун өнүктүргөндүгүндө (мисалы, музыканы тартууда (нарисовать музыку) | |
| | *Предметтик-практикалык багытта:*<br>комплекстүү тапшырмалар менен проблемаларды чечүүгө ык, машыгууларынын болушу;<br>болгон билимин жана көндүмдөрүн башка бир күтүлбөгөн кырдаалдарда колдонушу;<br>ишмердүүлүктүн жалпыланган ыкмаларын өздөштүрүүсү ж.б. | |
| **Үй тапшырмасынын көлөмү, татаалдыгы туура аныкталганбы, инструктаж туура берилгенби?** | | |
| **Блоктун жыйынтык баасы** | | |

Ушул чен-өлчөмдөр предмет аралык байланышты ишке ашыруу принцибинин негизин түзүшү керектигин аныктадык.

Айрым балдар ырларын окутууну интеграциялоо, же синхрондоштуруу үчүн төмөнкүдөй темаларды жана материалдарды предметтер менен байланыштыруунун болжолдуу тизмесин сунуш кылабыз.

**Таблица 2 – Балдар ырларын окутууну интеграциялоо үчүн предметтер жана материалдар (4-класстын мисалында).**

| | Адабий окуу | Тил | Мекен таануу | Башка предметтер |
|---|---|---|---|---|
| 4-класс | Ж.Бөкөнбаев «Кыргыздын Ала-Тоосу», | Салыштыруу, метафора, эпитет, идиома, фразеология | Кыргыз тоолору, Ала-Тоо | Адеп: Адеп башаты – тил |
| | Э.Ибраев «Бишкегим» | салыштыруу, метафора, эпитет | Кыргыз Республика сынын борбору | Тарых: Бишкек шаарынын тарыхы |
| | А.Кадыров «Герб» | Зат атооч | Мамлекеттик символдор | Тарых: Гербдин кабыл алынышы |
| | Б.Чотурова «Кыргыз туусу» | Сын атооч | Мамлекеттик символдор | Тарых: Туунун кабыл алынышы |
| | Г.Казыбай кызы «Дасторкон» | Этиш | | Адеп: меймандостук,ыс ырапкорчулук. |
| | Н.Алымбеков «Атажуртка айтарым» | Этиш | Ата журт, Мекен | Адеп: Ырыс алды – ынтымак |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | А.Исаев «Сары-Челек» | Сөз түркүмдөрү, салыштыруу, эпитет | Кыргызстан-дынкөлдөрү | Адеп: Жаратылышка камкор мамиле |
| | Т.Үмөталиев «Кыргыз тили» | Тил байлыктары | Кыргыз Республикасы | Тарых: Кыргыз маданиятынын тарыхы. Адеп: Тилге мамиле |
| | М.Жангазиев «Кумурускалар коому» | Троп жана анын түрлөрү | Кыргызстан-дын курт-кумурскалары | Адеп: Жаныбарларга мамиле |
| | Б.Асаналиев «Саякат». «Чымын». «Арстан менен күрөшкөндө» | Эпитет, салыштыруу | Кыргызстан-дын жаныбарлары | Адеп: Жаныбарларга мамиле, боорукердик |
| | М.Алыбаев «Сот болгон коён!» тамсил-ыры | Аллегория, диалог | | Адеп: Чынчылдык, адилеттүүлүк |
| | Т.Үмөталиев «Эң эле керек үч нерсе» | Метафора | | Адеп: Ак эмгек, тазалык, тартип |
| | «Алмамбет», «Чубак» («Манас» эпосунан үзүндүлөр) | Көркөм сөз каражаттары | Мекен | Адеп: баатырдык Тарых: Байыркы эпикалык доор |
| | Б.Сарногоев«Ойногун спорт оюнун» | Этиш | Спорт | Адеп: Ден-соолукту чыңдоо Дене тарбия: Спорт оюндары |
| | «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши» («Манас» эпосунан үзүндүлөр) | Этиштин чактары | Мекен таануу: өлкөбүздүн жан-жаныбарлары | Адеп: Жаратылышка сарамжал мамиле кылуу Тарых: Байыркы кыргыздардын тиричилиги |
| | «Кожожаш мерген» («Кожожаш» эпосунан үзүндү) | Тил каражаттары, тарыхый сөздөр | Кыргыз тоолору, жаныбарлар, «Кызыл китеп» | Адеп: Жаратылышка сарамжал мамиле кылуу |
| | «Эр Төштүктүн ак жолборс менен достошкону», «Эр Төштүктүн кумурска менен достошкону» («Эр Төштүк» эпосунан үзүндүлөр) | Эскирген сөздөр (архаизмдер) | Жер жана анынтүзүлүшү | Адеп: Жан-жаныбарларга мамиле |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | «Асан кайгы бабабыз жана анын насааты» | Этиш. Суроолуу сүйлөм. | Кыргыз Республика-сынын жаныбарла-ры | Адеп: Жан-жаныбарларга мамиле, гумандуулук |
| | Тоголок Молдо «Телибай тентек» | Салыштыруу, Эпитет | | Адеп: Адамдагы жакшы жана жаман сапаттар |
| | Б.Сарногоев «Эне жүрөгү» | Салыштыруу, Эпитет | | Адеп: Адамдагы жакшы жана жаман сапаттар Энеге мамиле |
| | Э.Ибраев «Эрдик» | Көркөм сөз каражаттары | Мекен | Адеп: баатырдык |

Мындай материалдарды жана темаларды, предметтерди интеграциялоо боюнча ушундай болжолдуу бөлүштүрүүбүз башка класстар үчүн да пайдаланылат жана мугалимдер тарабынан байытылат.

Жыйынтыктап айтканда, «Алиппе» жана «Адабий окуу» китептеринде балдар ырларын сунуштоодо төмөнкүдөй жалпы дидактикалык принциптер сакталган деп айтууга негиз бар: жөнөкөйдөн – татаалга; уланмалуулук; аң-сезимдүүлүк; табигыйлык; илимийлүүлүк; жеткиликтүүлүк; көрсөтмөлүүлүк; теория менен практиканын байланышы; ырааттуулук; билимдин чындыгы; билимдин бышыктыгы; окутуу процессинде топтук жана жекелик мамилеге ылайыктуулук; гумандуулук.

Адабий окуу курстарында балдар ырларын окутуу түздөн-түз тарбиялык функцияларды ишке ашыруу менен байланышат, андыктан ал тарбиялык иштер, биринчиден, илимий педагогикалык, экинчиден, элдик педагогикалык принциптер менен байланышат. Ал принциптер тууралуу С.Рысбаев мындай моделди иштеп чыккан [Рысбаев, 12, 85].



| | |
|---|---|
| Тарбияга комплекстүү мамиле жасоо | Элдик салттарды сактоо, бузбоо жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды эске алуу |

**Сүрөт 4.1–Балдар ырлары аркылуу тарбиялоонун илимий педагогикалык жана элдик педагогикалык принциптери.**

Жогорудагы окумуштуу белгилеген тарбиялоо принциптеринин эки түрү тең азыркы мектепте балдар ырларын окутуу процессинде ишке ашырылат жана алар бири-бири менен бекем карым-катышта, тыгыз байланышта болот.

Балдар ырларын окутууда предметтерди интеграциялоо менен биз жетишкен натыйжалар катары төмөнкүлөр аныкталды:

- мектеп окуучулары дүйнөнү, турмушту, предметти (нерсени), көрүнүштү толук, бүкүлү (целостное) кабыл алууну үйрөнөт;
- аз убакыт коротуп, көп нерсени билип алууга жетишет;
- бир эле убакта башка предметтин материалдарын да өздөштүрөт;
- окуучулардын маалыматтарды анализдөө жана синтездөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт;
- мугалимдердин чеберчилиги өсөт;
- мугалимдер башка предметчи мугалимдердин тажрыйбасын да үйрөнөт, тажрыйба алмашат;
- сабактарда жаңы технологиялар колдонулуп, балдарды өзүнө тартат;
- окуучунун ишмердүүлүгү көп тармактуу бааланат (адабият жана музыка; адабият жана сүрөт; адабият жана живопись ж.б.);
- балдардын эстетикалык табити ар тараптуу калыптанат;
- окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгү жогорулайт;
- окуучулардын коммуникативдик аракеттери активдешет;
- балада дүйнөнүн илимий толукталган картинасы калыптанат ж.б.

**Колдонулган адабияттар:**

1. .Бекбоев, И.Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И.Б.Бекбоев, А.Алимбеков. – Б.: «Бийиктик», 2011. – 192 б.
2. Тешебаев, М. Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери (5-7-класстар) [Текст]: пед. илим. канд. ...дисс. автореф. 13.00.02. / М.Тешебаев. – Б., 2010. – 4- б.
3. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Б.: Педагогика века, 2004. – 94- б.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Б.: Педагогика века, 2004. – 94-б.
5. Сманбаев А. Кыргыз адабияты. Орто мектептин 6-классы үчүн хрестоматия окуу-китеби. 3-бас. [Текст] / А.Сманбаев, Н.Ишекеев. – 2003. – 5-6-б.
6. Абдраев М.Музыка. 5-6-класстар үчүн окуу китеби. 9-бас.[Текст] / М.Абдраев Б.Алагушов. – Ф.: «Мектеп», 1986. -43-б.
7. Абдраев М.Музыка. 5-6-класстар үчүн окуу китеби. 9-бас.[Текст] / М.Абдраев Б.Алагушов. – Ф.: «Мектеп», 1986. -10-б
8. Абдраев М.Музыка. 5-6-класстар үчүн окуу китеби. 9-бас.[Текст] / М.Абдраев Б.Алагушов. – Ф.: «Мектеп», 1986. -44-б
9. http://bizdin.kg/книга/читать-онлайн/кыргыз-поэзиясы-кылымдардын-кыйырында-кыргыз-эл-ырлары-1-том/1-Tom-Kyrgyz-poeziiasy-kylymdardyn-kyiyrynda-Kyrgyz-el-yrlary

10. Тешебаев, М. Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери (5-7-класстар) [Текст]: пед. илим. канд. ...дисс. автореф. 13.00.02. / М.Тешебаев. – Б., 2010. – 69-72-б.
11. Сухаревская, Е.Ю. Технология интегрированного урока [Текст] / Е.Ю.Сухаревская. – М.: Учитель, 2003
12. Рысбаев, С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы.– 1-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 85- б.

* * *

**УДК: 37.013.77:005.963.1**

## ТРЕНИНГ: БААРЛАШУУ КАРАЖАРТТАРЫ

***Сияев Т.М. - С.Нааматов атындагы НМУ,***
***siyaev@mail.ru***

***Аннотация:*** *Эмгекте тренингдин негизги мүнөздөмөлөрү белгиленген. Педагогикалык процесстин натыйжалуу жүрүшү педагогдун коммуникативдик компетентенттүүлүгүнө байланыштуу болот. Өз учурунда, коммуникативдик процесстин сапаты баарлашуунун каражаттарын жогорку деңгээлде колдонуу менен мүнөздөлүнөт. Эмгекте вербалдык эмес каражаттарды чеберчилик менен колдонууну калыптоо үчүн тренинг даярдалган. Тренинг учурундагы аткарылуучу көнүгүүлөр даярдалган. Тренинг аягында ар бир катышуучунун коммуникативдик жөндөмдүүлуктөрү атайын тест менен аныкталат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *тренинг, коммуникация, баарлашуу, баарлашуунун каражаты, баарлашуунун вербальдык каржаты, вербальдык эмес баарлашуунун каражаты, интонация, мимика, жест, дене түзүлүшү, басуу.*

## ТРЕНИНГ: СРЕДСТВА ОБЩЕНИЯ

***Сияев Т.М. - НГУ им. С. Нааматова,***
***siyaev@mail.ru***

***Аннотация:*** *В данной рабате изложены основные характеристики тренинга. Как известно, что результативность педагогического процесса зависит от коммуникативной компетентности педагога. При этом качества коммуникативного процесса характеризуется высоким уровнем использования средств общения. В работе разработан тренинг по умелому использованию невербальных средств общения. Были подготовлены специальные упражнения, которые выполняться во время тренинга. Кроме этого, с помощью специального теста определены коммуникативные способности каждого участника тренинга.*

***Ключевые слова:*** *тренинг, коммуникация, общение, средства общения, вербальные средства общения, невербальные средства общения, интонация, мимика, жест, поза тела, походха.*

## TRAINING MEANS OF COMMUNICATION

***Siyaev T.M. - NSU them. S. Naamatova,***
***siyaev@mail.ru***

***Abstract:*** *This article is devoted to the main characteristics of labor training. The effective course of the pedagogical process depends on the communicative competence of the teacher. At the same time, the quality of the communicative process is characterized by the high level of use of means of communication. A training was prepared for skillful use of non-verbal means at work.*

*Exercises to be performed during training have been prepared. At the end of the training, the communicative abilities of each participant will be determined by a special test.*

***Key words**: training, communication, talking, means of communication, verbal means, non-verbal means, intonation, facial expressions, gestures, body movements.*

Тренинг категориясы “train” - англис тилинен которгондо “окутуу”, “көнүктүрүү” деген маанини берет. Азыркы мезгилде “тренинг” категориясы бир канчалаган аспектиде колдонулат. Адатта, тренингди инсандын же аныкталган топтун психологиялык мүнөздөмөлөрүн кыска убакыт ичинде натыйжалуу өзгөртүүгө багытталган көп функционалдуу метод катары карашат. Тренингди практикалык психологиялык ишмердүүлүктүн өзгөчө бир формасы катары дагы каралат. Россия Федерациясынын белгилүү психологдордун бири И. Вачков тренингди өз алдында койгон максаты жана багыты боюнча төрт түргө бөлгөн[1]. Кыргыз Республикасында профессор Т. Сияев “Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү” тренингди иштеп чыгып, педагогдордун, студенттердин арасында жолугушууларды өткөрүүдө. Баса көрсөтүүчү факт, тренингдер жана видео-лекциялар YouTube видеохостинде жайгаштырган: youtube.com/channel/UCrTZy0ENic8ESJGT_8IgCvQ.

Тренинг учурунда ар бир катышуучу төмөнкү ишмердүүлүктү жүргүзүүсү зарыл болуп саналат:

• өзүн-өзү изилдөө, бул учурда тренингдин катышуучулары рефлексияны жүргүзүү жөндөмдөрүн өркүндөтөт;

• баалуулук маңыздык анализдөө, ар бир катышты, байланышты жана ошондой эле башкаларга өзүн салыштыруу менен өзүнө-өзү баа берүү орун алат;

• аныкталган педагогикалык абалдарда баалуулук мамилесинин негизинде өзүнүн аракеттеринин динамикасынын моделин түзүү жана келечектеги аракеттеринин прогнозун түзүү аткарылат;

• конкреттүү турмуштук жана кесиптик жагдайларды чыгармачылык менен моделин түзүү, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен ачууга аракет жасоо, кесиптик өздүк өнүгүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу орун алат.

Ар бир тренинг милдеттерине, максаттарына жана формаларына карабастан аныкталган төмөнкү этаптарды басып өтөт:

1. Уюштуруу этабы (саламдашуу эрежеси, чыгармачыл чөйрөнү түзүү көнүгүүлөр жана башкалар);

2. Негизги этабы (топту жана жеке катышуучуну ишмердүүлүккө тартуу, таратылган тестти толтуруу, көнүгүүлөрдү, оюндарды аткаруу жана башкалар);

3. Жыйынтыктарды чыгаруу (эмоционалдык таасирлерди белгилөө, берилген жоопторду талдоо, аныкталган критерийлерди таабуу);

4. Үй тапшырмасын берүү (өзүн түшүнүү боюнча рефлексивдик тапшырмалар);

5. Коштошуу аземи.

Ал эми айрым бир тренинг өткөзүү боюнча сунуштарда төмөнкү эрежелер жана принциптер көрсөтүлөт:

• процедуранын өз убагында башталышы жана бүтүшү (убакыттын сакталышы); • маалыматтардын сакталышы;
• активдүүлүк жана жигердүүлүк;
• “жок”, “билбейм” деп айтууга мүмкүнчүлүк түзүү;
• калп айтпоо жана жалган сүйлөбөө;
• жардамга келүү;
• барына атынан кайрылуу;
• башынан аягына чейин иштөө;
• өздүк өз пикирге ээ болуу;
• өзүнүн атынан ошол мезгилдеги талкуу боюнча пикир билдирүү.

Коммуникативдик процесс адамдын эң негизги ишмердүүлүгүнүн бири, себеби баарлашуунун негизинде гана инсан социум менен алака түзөт. Башкача айтканда, коммуникативдик процесс адамдардын ортосундагы байланышты түзүү үчүн орун алган татаал жана көп багыттуу процесс болуп саналат. Коммуникативдик процесс өзүнө үч ишмердүүлүктү камтыйт:

1. Коммуникация, тактап айтканда маалыматтарды берүү жана алмашуу;
2. Интеракция, башкача айтканда аракеттердин бири – бирине айланышы;
3. Социалдык перцепция, чечмелеп айтканда, өнөктөштү жана өнөктөштөрдү кабыл алуу жана түшүнүү [2].

Негизинен алганда инсан баарлашуу менен гана социалдык тажрыйбага ээ боло алат. Канчалык деңгээлде баарлашуунун натыйжалуу жүргүзүлсө, ошончолук деңгээлде ийгиликтер камсыздалат. Адатта коммуникативдик процесси төмөнкү логикалык чынжырча менен түшүндүрүшөт: “**Ким сүйлөп жатат”? – “эмнени”? – “кимге”?– “кандайча”?- “эмне үчүн”? – “кандай натыйжа менен”?.** Ошондуктан, коммуникациянын багыты жогоруда тизмектен маселелердин айланасында болот. Баарлашуунун каражаты бул адамдардын ортосундагы коммуникациялык байланышты түзүп турган система болуп саналат. Жалпысынан алганда баарлашуу каражаты баарлашуу учурунда маалыматты белгилүү бир коддорго айландыруу, аны берүү, иштетүү жана тиешелүү түрдө чечмелөө ыкмалары катары кабыл алынат. Жалпысынан баарлашуу каражаты эки чоң топко бөлүнөт:

1. Вербалдык баарлашуу каражаты.
2. Вербалдык эмес баарлашуу каражаты.

Вербаль бул байыркы грек тилиндеги **“verbum”** кыргыз тилинде сөз деген маанини берет. Демек, вербалдык каражат бул – сөздүн өзү болуп саналат. Сөз (кеп) – же ооз эки берилиши мүмкүн, же болбосо кагазга түшүлүп жазуу түрүндө берилиши мүмкүн.

Ал эми, вербалдык эмес каражат бул – сөзгө тиешеси жок өзгөчө белгилерди камтыган система болуп саналат. Вербалдык эмес каражат сөз менен берилип жаткан маалыматты коштойт, ал маалыматтын адресатка максаттуу жетишине шарт түзөт. Вербалдык эмес каражат абдан көп бөлүктөрдөн турат. Эң жогорку деңгээлде аларды жалпылоо менен эки системага бириктирсек болот: а) интонация; б) дене кыймылы. Демек, шарттуу түрдө баарлашуу процессинин каражаттары катары үч чоң системаны карасак болот: 1.Сөз (кеп); 2.Интонация; 3.Дене кыймылы.

Изилдөөнүн алкагында “Баарлашуунун каражаттары” атталыштагы тренинг даярдалды. Алгач коммуникативдик процесс боюнча илимий монографиялардын, диссертациялык изилдөөлөрдүн анализи берилет. Алдын-ала белгиленген максаттын негизинде түзүлгөн топко төмөнкү көнүгүүлөр сунушталат.

**Биринчи көнүгүү**. “Менин байлыгым” деп аталат. Катышуучуларга берилген тамгалар менен башталган сөздөрдү тизмектеп чыгуу сунушталат. Бул көнүгүүнү аткаруу биринчи тамгадан башталат дагы, ал тамга боюнча сөз табылбай калгандан кийин гана экинчи тамгага өтүү болот, анан убакыт калса, үчүнчү тамгага дагы жазуу мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мисалы: 1.М;
2.Ө; 3.Т.

Жыйынтыкты чыгару. Эгерде, үч минутанын ичинде жалпысынан үч тамга боюнча 35тен жогору сөздү таба алса, анда сөз байлыгы жакшы деңгээлде болот. Эгерде берилген убакыт ичинде болгону 15 сөз таба алса, анда сөз байлыгы төмөнкү деңгээлде деген бүтүм чыгарылат.

**Экинчи көнүгүү.** “Тексти түзүү”. Ар бир катышуучуга төмөнкү сөздөрдөн турган үч вариант сунушталат.

1. Арык, килем, кара.
2. Сүрөт, уйкучу, түш.
3. Таш, кой, жамгыр.

Ар бир вариантты өзүнчө кароо менен үч сөздү пайдаланып тест түзүлөт. Сөздөрдүн ордун которууга болот, мүчөлөрдү уласа болот, ошондой эле байлантма сөздөрдү колдонууга болот. Жыйынтык чыгарууда түзүлгөн сүйлөмдөрдүн саны жана оригиналдуу варианттар эске алынат. Эгерде, беш минутанын ичинде ар бир варианттан үч-төрт сүйлөм гана түзө алса, анда тил боюнча кайрадан атайын курстарды өтүү зарылчылыгы белгиленет.

**Үчүнчү көнүгүү.** Байланышты түзүү. Төмөндө берилген бири-бирине байланбаган жуп сөздөрдүн негизинде чака эссе түзүү сунушталат.

I. дөңгөч- ылдамдык;
II. кайырмак- жүзүм;
III. марс- түш.

Тренингдин экинчи бөлүгү интонация арналат. Баарлашуу процессинде сөздүн аныкталган үн менен коштолушу маалыматтын тез кабыл алышын жана эс тутумда көпкө чейин эсте калышына өбөлгө болот. Демек, интонация баарлашуу абдан чон ролду аткарат. Интонация төмөнкү сапаттар мүнөздөлүнөт:

- Кептин ыргагы;
- Басым;
- Тыным;
- Темп (ылдамдыгы)
- Тембр.

Адатта, интонацияны өзгөртүү менен маалыматты таптакыр башка багытта берүү орун алат. Өз учурунда, интонацияны берүү үчүн тыныш белгилери колдонунат. Демек, тыныш белгилери сүйлөмдү окуганда интонация берүүгө шарт түзүшөт.

**Төртүнчү көнүгүү**. “Ата-Журт”. Бул көнүгүүнү аткаруу үчүн кыргыз элинин атактуу акыны Алыкул Осмоновдун 1948 – жылдын 24- октябрында жазылган “Ата-Журт” ыры колдонулат. Тактап айтканда, ырдын үчүнчү куплети берилет.

Биринчи сап: Жазда башка жел тийбесин абайла.
Экинчи сап: Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Үчүнчү сап: Бүт дартынды өз монума алайын.
Төртүнчү сап: Сен ооруба мен ооруюн Ата Журт.

Ар бир катышуучуга бул куплеттин тыныш белгилерин коюп чыгуу сунушталат. Жыйынтыгында, “Ата-Журт” ырыны үчүнчү куплети менен салыштырылат.

Тренингдин үчүнчү бөлүгү вербалдык эмес каражаттын дагы бир түрү – дене кыймылына арналган. Белгилүү болгондой, дене кыймылы мимикадан, жаңсоодон, дененин жалпы кыймылынан жана басуунун мүнөзүнөн турат.

Мимика бул беттеги булчундардын адамдын ички сезимине жараша өзгөрүп турушу катары каралат. Демек, адамдык адамдын эмоционалдык толгонуусу сөзсүз түрдө мимимикада чагылат.

**Бешинчи көнүгүү**. Мимика. Көнүгүү үч этаптан турат. Биринчи этапта ар бир катышуучуга алдын-ала даярдалган жети “беттин” элеси берилет. Белгилүү убакыттын ичинде жети мимиканы тарытып чыгуу сунушталат. Экинчи этабында сүрөтчү тарабынан тартылган жети мимиканын үлгүлөрү берилет. Ар бир катышуучу мимиканын аталышын аныктоо зарыл. үчүнчү этапта сүрөтчү тарткан мимикаларды аталыштары берилет. Жыйынтыктоодо мимкаларды ким көбүрөөк туура тарттканы жана берилген сүрөттөр боюнча мимиканын аталышын туура таабуунун сандык көрсөткүчтөрү салыштырылат.

**Алтынчы көнүгүү.** Жаңсоо. Ар бир катышуучуга төмөнкү жаңсоолор көрсөтүлөт: а) алаканды бири-бирине тийгизип, алды-артка жылдыруу; б) алакан менен оозду жаап калуу;
в) кежигени кол менен сыйпалап калуу.

**Адабияттар:**

1. Вачков И. В. Основы технологии группового тренинг. – М.: Издательство “Ось-89”., 1999.
2. Основы теории коммуникации : учебник и практикум для вузов / под редакцией Т. Д. Венедиктовой, Д. Б. Гудкова. — Москва : Издательство Юрайт, 2022. — 193 с.
3. Сияев Т.М. Ийгилик булагы... алгачкы кадамдар. –Бишкек: Из – Басмаканасы., 2022.

* * *

**УДК 342.813**

## АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН РОЛУ ЖӨНҮНДӨ

***Ташбаева Г. С.- ОшТУнун доценти***
***Сулайманова А.С.- окутуучу***
***Хакимова М.С.-ОшТУнун окутуучусу***
***Максутова А. Т.-ОшТУнун окутуучусу***

***Аннотация**: Бул макалада билим берүү, дүйнөлүк өнүгүүдөгү билим берүүнүн тенденциялары, заманбап коомдогу ролу тууралуу маселелер каралат. Экономика, социология жана маданият билим берүүнүн функциялары катарында изилденет.*

***Негизги сөздөр:** билим берүү, коом, инсан, экономиканын сапаты, адамдык капитал, маданий мурас, гумандаштыруу.*

## О РОЛИ ОБРАЗОВАНИЯ В СОВРЕМЕННОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

***Ташбаева Г.С.-доцент ОштТУ***
***Сулайманова А.С.- преподователь***
***Хакимова М.С.-преподователь ОшТУ***
***Максутова А.Т.-преподователь ОшТУ***

***Аннотация:** В данной статье рассматриваются проблемы образования, тенденции развития образования в мире, его роль в современном обществе. Экономика, социология и культура изучаются как функции образования.*

***Ключевые слова:** образование, общество, индивид, качество экономики, человеческий капитал, культурное наследие, гуманизация.*

## THE ROLE OF EDUCATION IN MODERN KYRGYZSTAN

***Tashbayeva G.S. - Associate Professor of OshtTU***
***Sulaymanova A.S.-teacher***
***Khakimova M.S.-teacher of OshTU***
***Maksutova A.T.-teacher of OshTU***

***Annotation:** This article describes the problems of education, trends in the development of education in the world, its role in modern society. Economics, sociology and culture are studied as functions of education.*

***Key words**: education, society, individual, quality of economy, human capital, cultural heritage, humanization.*

В современном мире значение образования как важнейшего фактора формирования нового качества экономики и общества увеличивается вместе с *ростом влияния человеческого капитала. Развитие системы образования на тех или иных этапах всегда было предметом интереса исследователей, поскольку образование является одной из значимых социальных подсистем общества. С образованием человеческая цивилизация всегда связывала свои надежды на будущее. Поэтому не случайно, что сегодня, несмотря на*

*сложности повседневности, Кыргызстан связывает свои помыслы на улучшение содержания и качества жизни с образованием.*

*В настоящее время система образования Кыргызской Республики переживает исторически важные этапы радикальных перемен, обусловленных глубокими политическими, социальными и экономическими преобразованиями, несмотря пересмотра устоявшихся традиций, норм и правил, период новых проблем и новых решений.* Основной задачей на данном этапе является поиск путей развития такой образовательной системы, которая наилучшим образом соответствует формирующемуся гражданскому обществу, новому качеству национальной самобытности в условиях глобального мира. Ведь не только Кыргызстан, а весь мир в последние десятилетия кардинально меняется, меняя свое отношение к образованию. Образование рассматривается как главный, ведущий фактор социального и экономического прогресса. Причина такого внимания заключается в том, что наиважнейшей ценностью и основным капиталом современного общества становится человек. В XXI веке человечество вынуждено будет решать новые глобальные проблемы. Это осознание исчерпаемости мировых природных ресурсов, энергетический кризис, экологические проблемы, проблемы обеспечения человечества необходимыми ресурсами (продовольствием, промышленным сырьем, энергией и т. д.), проблемы здоровья человека, проблема бедности людей, переоценка направлений развития промышленности, коренное улучшение социальных условий жизни людей, расширение физических границ среды обитания человека, обеспечение мира для всех народов, регулирование стремительного роста населения в развивающихся странах и т. д. Правдоподобной гипотезой является то, что образование XXI века является ключом к решению этих глобальных проблем современного мира. Образование – это один из оптимальных и интенсивных способов вхождения человека в мир науки и культуры. Именно в процессе образования человек осваивает культурные ценности. Содержание образования черпается и непрерывно пополняется из культурного наследия различных стран и народов, из разных отраслей постоянно развивающейся науки, а также из жизни и практики человека. Мир сегодня объединяет усилия в сфере образования, стремясь воспитать гражданина мира и всей планеты. Интенсивно развивается мировое образовательное пространство. Поэтому в мировом сообществе высказываются требования формирования глобальной стратегии образования человека (независимо от места и страны его проживания, типа и уровня получения образования). Образование – это процесс передачи накопленных поколениями знаний и культурных ценностей. Среди социальных институтов современного общества образование играет одну из важнейших ролей.

Образование – один из способов становления личности путем получения людьми знаний, приобретения умений и навыков развития умственно-познавательных и творческих способностей через систему таких социальных институтов, как семья, школа, средства массовой информации.

Цель образования – приобщение индивида к достижениям человеческой цивилизации, ретрансляция и сохранение ее культурного достояния.

Основной путь получения образования – обучение и самообразование, т. е. если знания, умения и навыки приобретаются человеком самостоятельно, без помощи других обучающих лиц.

Функции образования:

1. Экономическая – формирование социально-профессиональной структуры общества, где люди способны осваивать научные и технические новшества и эффективно использовать их в профессиональной деятельности.
2. Социальная – социализация личности, воспроизводство социальной структуры общества. Образование – важнейший канал социальной мобильности.
3. Культурная – использование раннее накопленной культуры в целях воспитания индивида, развития его творческих способностей.

Мировое образовательное пространство объединяет национальные образовательные системы разного типа и уровня, значительно различающиеся по философским и культурным традициям, уровню целей и задач, своему качественному состоянию. (Рис. 1)



*Рис. 1. Мировое образовательное пространство*

В мировой системе образования выделяют определенные глобальные тенденции:

1. Демократизация системы образования – во многих странах ликвидирована неграмотность, массовое распространение получили среднее и высшее образование. Образование стало доступным для широких слоев населения, хотя различия в качестве и типах учебных заведений сохраняются.
2. Рост продолжительности образования – современное общество нуждается в высококвалифицированных специалистах, что удлиняет сроки обучения.
3. Непрерывность образования – в условиях научно-технической революции работник должен быть способным к быстрым переключениям на новые или смежные виды работ, на новые технологии.
4. Гуманизация образования – внимание школы, педагогов к личности учащегося, его интересам, запросам, индивидуальным особенностям.
5. Гуманитаризация образования – повышение роли общественных дисциплин в образовательном процессе.
6. Интернационализация процесса образования – создание единой системы образования для разных стран, интеграция образовательных систем.
7. Компьютеризация процесса образования – использование новых современных технологий обучения, телекоммуникационных сетей глобального масштаба

К настоящему времени в Кыргызстане сложилась следующая образовательная модель: общеобразовательная школа – полная средняя школа, гимназия и лицей-колледж – институт, университет и академия – аспирантура – докторантура.

Традиционно образование играет очень существенную роль в процессах социального структурирования общества, так как является одним из основных каналов социальной мобильности и, таким образом, выполняет функцию социального контроля. Основной целью этого контроля является распределение людей в соответствии с их талантами и способностями для успешного выполнения своих социальных функций. Поэтому образование наряду с другими социальными институтами, такими как семья, церковь, политические, профессиональные организации и другие, является одновременно и каналом вертикальной циркуляции, способствующим движению вверх или вниз по социальной лестнице, и своеобразным "ситом", "просеивающим" индивидуумов и определяющим их место в обществе.

Начатые реформы еще не завершены, и они будут продолжаться. Они несут на себе отпечаток национальных, региональных и общемировых изменений. Это создает почву для продолжения научных исследований процессов развития системы образования Кыргызской Республики в настоящий период.

Исходя из вышеизложенного можно сделать следующие выводы:

- Огромную роль в развитии образования, особенно высшей школы, сыграли процессы интернационализации. Они открыли Кыргызстану возможности для международного образования и создают условия для жизнеспособного рынка. В то же время они ведут к

обострению конкуренции, появлению угрозы со стороны новых провайдеров образовательных услуг

- Государственная политика в области образования строилась на внедрении и развитии демократических принципов жизнеустройства образовательной системы. Формирование государственной политики в сфере образования в переходный период подразделяется на три этапа: стартовый, антикризисный и стратегический.
- Интеграции национальной системы образования в мировое образовательное пространство способствуют процессы реструктуризации учреждений образования. В органах управления образованием и традиционных высших учебных заведениях создаются новые структурные подразделения (департаменты, секторы, институты, центры), введены различные уровни образования (учебные программы, ведущие к получению дипломов бакалавра и магистра), а также различные формы дальнейшего образования. Меняется сама технология организации процесса обучения, он все больше ориентируются на личность обучающегося. К примеру, введение кредитной технологии позволяет изменять направления подготовки, прекращать обучение и возобновлять его в удобное для студента время, переходить на другие факультеты и пр.
- Мы признаем, что образование является движущей силой равенства, сокращения бедности, расширения прав и возможностей, мирных и инклюзивных обществ и экономического роста Кыргызстана. Образование чрезвычайно важно для детей, не посещающих школу из-за независящих от них обстоятельств — бедности, ограниченных возможностей здоровья, задержки в развитии, миграции, ранних браков, насилия.

Образованный человек – это не только знающий и умеющий специалист в основных сферах жизнедеятельности, с высоким уровнем развитых способностей, но и тот, у кого сформировано мировоззрение и нравственные принципы, а понятия и чувства получили благородное и возвышенное направление. Иными словами, образованность предполагает и воспитанность человека.

**Список литературы**


1. Закон Кыргызской ССР "О государственном языке Киргизской ССР" от 23 сентября 1989 г.// Нормат. акты КР. -2000. -№11. -С.3-6.
2. Закон Кыргызской Республики "Об образовании". 30 апр. 2003 г. // Кут билим. 2003. - 6 июня. - С. 3-6, Эркин Тоо. - 13 мая. - С. 25-29.
3. О принятии Закона Кыргызской Республики "Об образовании": Постановление ЗС ЖК Кырг. Респ. 17 февр. 2003 г. // Ведомости ЖК КР. 2003. - №3 - С. 171.
4. Закон Кыргызской Республики "Об образовании": В ред. Закона КР от 29 нояб. 1997 г. // Нормат. акты К Р. 2000. - №4.
5. Актуальные проблемы воспитания и образования: Сб. науч. ст. Самара, 2001. -200 с. Вып. 4.-2004..
6. Актуальные проблемы образования в регионе: Межвуз. сб. науч. тр. Тамбов, 2004. Актуальные проблемы образования и науки: Сб. науч.-метод. тр. Б., 1997. - Вып. №5.
7. Бин-Бэд Б.Н. Мудрость воспитания: книга для родителей. М.: Педагогика, 1987. 284е.,ил.
8. Боголюбов Л.Н., Лазебникова А.Ю., Кинкулькин А.Т. Обществознание,11класс.М., 2008.
9. В. Я. Хуторской. Обществознание. Термины и понятия. – М., 2006.
10. Кравченко А.И. «Обществознание», – М., «Русское слово», 2011.
11. Обществознание: 10-11 кл.: Школьный словарь-справочник/ В.В. Барабанов, И.П. Насонова. – М., ООО «Издательство АСТ»: ООО «Издательство Астрель»: ООО «Транзиткнига», 2004.
12. Интернет-ресурсы


*    *    *

**УДК: 370.12 (575.2)**

# ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВДИН ФЕНОМЕНИ

***Токтомаметов А.Д. - п.и.к.***
***КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору***

***Аннотация:*** *Макалада професстор Каратай Сартбаевдин адистик дарамети, кесипкөйлүк чеберчилиги, адамгерчилиги жана устаттыгы, жетекчилик көрөңгөсү тууралуу сөз болот. Ошондой эле профессордун ар билим берүүдөгү тараптуу багыттагы эмгектери, алардын билим берүүнү өнүктүрүүдөгү ролу талкууга коюлат. Профессор Каратай Сартбаев мезгилдин күрөө тамырын сезе билип, өз мезгилинде билим берүүгө татыктуу салым кошкон илимий кызматкер, жетекчи жана насаатчы катары сүрөттөлөт.*

***Түйүндүү сөздөр****: мектепке чейинки билим берүү, башталгыч билим берүү, илимий-усулдук адабият, окуу китеп, окуу-тарбия процесси, методика, мугалим.*

# ФЕНОМЕН ПРОФЕССОРА КАРАТАЯ САРТБАЕВА

***Токтомаметов А.Д., к.п.н***
***Директор Республиканского института повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве образования и науки КР***

***Аннотация****: В статье речь идет о профессиональном потенциале и мастерстве, человеческих качествах и наставничестве и об умениях в качестве руководителя професстора Каратая Сартбаева. А также выносятся на обсуждение труды профессора по разным направлениям и их роль в развитии системы образования. Профессор Каратай Сартбаев описывается в качестве научного работника, руководителя и наставника как глубоко понимающий вызовы и требования времени, вносиший свои посильные вклады в развитие образования.*

***Ключевые слова****: дошкольное образование, начальное образование, научно-методическая литература, учебник, учебно-воспитательный процесс, методика, учитель.*

# THE PHENOMENON OF PROFESSOR KARATAY SARTBAEV

***Toktometod A.D. k.p.s.***
***Director Republican Institute for Professional development and Retraining of pedagogical workers Under the Ministry of Education and Science of the Kyrgyz Republic***

***Abstract:*** *The article deals with professional potential and skill, human qualities and mentoring and skills as a leader, Professor Karatay Sartbaev. And also the article discusses the works of the professor in different areas and their role in the development of the education system. Professor Karatay Sartbaev is described as a researcher, leader and mentor as deeply understanding the challenges and requirements of the time, who made his feasible contributions to the development of education.*

***Keywords****: preschool education, primary education, scientific and methodological literature, textbook, educational process, methodology, teacher.*

“Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин” (А.Токомбаев) дегендей, ар мезгилдин өзүнүн башкалардан эмгеги, мээнеткечтиги, акыл-ой даражасы, иш билгилиги,

адамдарга кылган мамилеси менен айырмаланып турган чыгаан инсандары болот эмеспи. Ошондой инсандардын бири профессор Каратай Сартбаев эле. 1987-жылдын күзүндө конкурстун негизинде Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунун Мектепке чейинки тарбиялоо жана башталгыч билим берүү секторуна кенже илимий кызматкер болуп келип, сектордун башчысы Каратай Сартбаевич менен жакындан иштеше баштадым.

Убакыт өткөн сайын Каратай Сартбаевичтин көп тараптуу ишмердиги мен үчүн улам тереңдеп ачыла берди.

**Профессор Каратай Сартбаевдин адистик дарамети**

Каратай Сартбаевичтин адистик көрөңгөсү тууралуу ток этерин айтсам, 2013-жылы Агайдын эмгектеринин 10 томдук жыйнагы жарык көрдү [2]. Ушул жыйнак Агайдын «ийне менен кудук казган», көөнөрбөс эмгеги тууралуу толук айтып турат десем жаңылышпайм. Ага Каратай Сартбаевичтин илимий-усулдук эмгектери, макалалары, «Байчечекей», «Алиппе», класстан тышкаркы окуу китептеринен баштап, башталгыч класстардагы кыргыз тил окуу китептери, окуу программалары, жазуу дептерлери, кыргыз тил боюнча таблицалары, илимий жыйнактарга жарыяланган макалалары, замандаштарынын, окумуштуу-илимпоздордун Агайдын чыгармачылык эмгеги тууралуу жазган эмгектери ж.б. кирди. Жыйнактын жалпы көлөмү 150 басма табактан ашат, бул эмне деген эмгек! Аны барактап чыгуу үчүн эле канча убакыт кетет. Бул жыйнак менен кеңири таанышкан адам Каратай Сартбаевичтин билим берүү жаатында кандай эмгектерди жаратканы тууралуу толук маалымат алып, аларга баа бере алат.

Каратай Сартбаевичтин дагы бир өзгөчөлүгү нукура элдик көөнөрбөс мурастарга, баалуулуктарга, таланттарга кайрылганында деп айтсак болот. Алсак, «Кыргыз тилин окутууда «Манас» эпосунан пайдалануунун кээ бир маселелери жөнүндө» (1995, 47 б.), «Ишеналы Арабаев – кыргыз элинин тунгуч агартуучу-окумуштуусу» (2003, 42 б.), «Ишеналы Арабаевдин Алиппесине 90 жыл» (2001, 52 б.), Касым Тыныстановдун лингвистикалык, педагогикалык мурастары жөнүндө» (2001, 35 б.), «Билим, илим жөнүндө макалдар, учкул сөздөр» (2001, 80 б.), «К.Д.Ушинский – орус элинин улуу педагогу» (1995, 35 б.) эмгектери «улуу адамдарды улуулар гана баалай алат» деген сөздү дагы бир жолу тастыктап тургандай. Терең адамдар гана башкаларга жакшылык тилеп, улуу инсандарды дагы да бийик көтөргүсү, даңазалагысы келет эмеспи.

Дагы бир баса белгилей турган жагдай – Каратай Сартбаевичтин эмгеги, жогоруда белгилеп кеткендей, окуу-тарбия процессинин ар тарабын камтыгандыгында. Алсак, балдардын сөзүн өстүрүү боюнча «Кыргыз мектептеринин башталгыч класстарында морфологиялык материалдарды окутууда окуучулардын сөзүн өстүрүү» аттуу изилдөө иши (1965), Алиппе, кыргыз тил, эне тил, класстан тышкаркы окуу китептери, усулдук колдонмолору, окуу программалары, белгиленип кеткендей, улуу адамдардын чыгармачылыгына кайрылган эмгектери, дидактикалык материалдары, педагогиканын ар тарабын камтыган илимий макалалары ж.б. Алардын ичинен айрымдарын баса белгилеп кетүү туура болор. Алсак, «Башталгыч класстарда кыргыз тилинин орфографиясын окутуу», 1-2-китеп (1985, 80 б.), «Башталгыч класстарда эне тилин окутуу» (1982, 123 б.), «Даярдоо класстарында өткөрүлүүчү класстан тышкаркы окуу жана сабатка үйрөтүү» (1982, 156 б.), «Педагогикалык окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун методикасы» (1980, 151 б.), «Башталгыч класстарда окуучулардын стилистикалык каталары жана аны түзөтүүнүн жолдору» (1972, 70 б.), «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуудагы көрсөтмөлүүлүк» (1971, 64 б.), «Класстан тышкаркы окууну өткөрүү» (1969, 92 б.), «Башталгыч класстарда сөз түркүмдөрүн окутуунун методикасы» (1966, 94 б.), «Окуучулардын сөзүн өстүрүү» (1966, 43 б.), «Диктанттар жыйнагы» (1974, 73 б.) ж.б.

Профессор Каратай Сартбаев кыргыз тилин окутууга болобу, педагогика илимине болобу, ар дайым кеңири диапазондо карап, илимий иште айрым бир чакан темалар, тар багыт менен чектелбеди. Агайдын басмадан чыгарган эмгектеринин тизмеси буга далил болуп турат.

Ал эми авторлоштукта жазылган эмгектерине кайрылсак, «Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы» (2013, 420 б.), «Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы» дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси» (2013, 160 б.), «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы» (1965, 425 б.), «Дидактикалык материалдар», 4-класс (1990, 105 б.), «Кыргыз тилинин дидактикалык материалдары», 3-класс (1973, 80 б.), «Орфографиялык сөздүк» (1990, 79 б.) ж.б.

**Каратай Сартбаевичтин адамгерчилиги жана устаттыгы**

Мектепке чейинки тарбиялоо жана башталгыч билим берүү секторуна келген күндөн баштап кайсы эмгектерди окуш керектигине, эмнеге өзгөчө көңүл бурууга үйрөтүп, мезгил-мезгили менен Агай машинасына салып алып, мектептерге алып барып, сабактарга катыштырып, сабактарга кандай талдоо жасоону практика жүзүндө көрсөттү. Муну мен Агайдын адамдык бийик сапаты, кадр даярдоого болгон кесипкөйлүк мамилеси деп түшүнөм.

Ошондуктан менин даярдаган эмгектеримде, жасаган иштеримде, деги эле турмушта кандайдыр бир ийгиликке жетишкен болсом, алардын баарында Каратай Сарбаевичтин салымы зор деп айткым келет.

Агайдын мага окшогон шакирттери, Агай жардам берген адамдар арбын.

**Каратай Сартбаевичтин жетекчилик көрөңгөсү**

Агайдын жетекчилик ишмердиги тууралуу айтардан мурун бир маселеге көңүлүңүздөрдү бургум келет. Айрым адамдар мектепке чейинки тарбиялоо жана башталгыч билим берүү оңой, жеңил деп ойлошот. Бирок, тескерисинче башталгыч мектеп, мектепке чейинки уюм менен иштөө бир жагынан оор, татаал, экинчи жагынан, абдан пайдалуу да, сыймыктуу да деп айтар элем.

Пайдалуу жана сыймыктуу жагын алсак:

1) Чыныгы методиканы билгиси, өздөштүргүсү келген адам башталгыч класс же бала бакча менен байланышуусу зарыл. Муну мен өз тажрыйбамдан жакшы билип калдым;
2) Бул курактагы балдардын дили таза, аруу кези. Алар үчүн иштөө абдан кызыктуу;
3) Бардык билимдин, өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүнүн, ой жүгүртүүнүн, аң сезимдин, турмушка болгон көз караштын пайдубалы ушул куракта калыптанат.

Ал эми оордугу эмнеде?

1) Башка мугалимдер бир гана предметти алып кетсе, башталгыч мектепте бардык предметтер менен иштөөгө туура келет;
2) Эгерде сенин мамилең, методикаң жакпаса, бала бакчага, мектепке келбей коюшу же сабактын өзүндө эле ыйлап башташы мүмкүн. Бала жекече, өзгөчө мамилени талап кылат;
3) Бул куракта өсүү ай менен, күн менен, саат менен эсептелет. Ошондуктан бул курактагы балдар үчүн материал даярдоонун өзүнүн өзгөчөлүктөрү, оорчулугу бар.

Бүгүнкү күндө эң мыкты билим берүү системасына жетишкен Түштүк Кореяда башталгыч класстардын мугалими болуш үчүн жалпы республикалык тест алууда алдыңкы 5 пайызга киргендер гана документтерин тапшыра алышат. Ал эми Финляндияда алдыңкы 10 %га, Сингапур менен Гонконгдо алдыңкы 30 %га киргендер мугалим боло алышат [1,3,5].

Каратай Сартбаевич республикадагы мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн башында көп жылдар иштөө менен, Агай ушул көйгөй маселелерди учурунда комплекстүү түрдө жогорку деңгээлде чечип турду. Айтайын дегеним, Каратай Сартбаевич башталгыч мектептеги кыргыз тил маселеси менен гана чектелген жок. Башталгыч мектептеги, мектепке чейинки мекемелердеги бардык маселелердин чечилишинин башында болду жана ага жетекчилик кылды.

Учурунда 6 жаштан окутууга өтүү боюнча зор кампаниянын башында туруп, анын республикада ийгиликтүү ишке ашышына зор салымын кошту.

Мен ушундай адам менен менен кызматташып, бул Адам менин Агайым болуп калганына абдан сыймыктанам!

Каратай Сартбаевич, Кыргыз Эл Мугалими сыйлыгына толук татыктуу! Эмгек эч качан жерде калбайт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Барбер Майкл, Муршед Мона. Как добиться стабильно высокого качества обучения в школах: уроки анализа лучших систем школьного образования мира. Маалымат булагы: http://www.twirpx.com/file/1015363, алынды: 05.04.2021.
2. Каратай Сартбаев. Тандалган эмгектер. 10 томдук. – Б., “Айат”, 2013, 150 б.т..
3. Паси Сальберг. «Фин керемети 2.0: Фин мектебиндеги ийгиликтүү реформалардан дүйнө эмнени үйрөнө алат?», -Б., «Китепстан», 2019, 272 б.
4. Токтомаметов А.Д. «Башталгыч билим берүүнүн учурдагы абалы жана болочок мугалим», И.Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы, атайын чыгарылыш, 2015, 222-225-б.\
5. Эң Пак Ти. Сингапур билим берүү системасы. Парадокстордун күчү. –Б., “Bugupress”, 2020, 254 б.


*   *   *

**УДК: 372.851(575.2)(043.3)**

ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА САНАРИПТЕШТИРҮҮ

***Турдакунова Анархан Сейдилдаевна -***
***д.м.а,п.и.к.,***
***Турумбекова Айдай Татаровна***
***аспирант, И.Арабаев атындагы КМУнун***
***Гуманитардык колледжи.,***
***Кыргызстан, Бишкек ш.,***

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы No2 чечими менен бекитилип, “Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын” негизинде “Санариптик Кыргызстан 2019-2023” концепциясы демилгеленген. Концепция өлкөнү санариптештирүү процессинин структурасын, башкаруу системасын жана санариптештирүү процессинин негиздери аныкталаары айтылган. COVID-19 өзгөчө кырдаалына байланыштуу өлкөдө өзгөчө кырдаал режими кирип, 8-апрелинен тартып баардык окуу жайлар онлайн билим берүү системасына же аралыктан окутуу формасына өтүшкөн. Республиканын интернет маалымат каражаттары жума сайын жарыяланып, көрсөтүлүп жаткан видеосабактардын графиги түзүлүп, КТРК «Баластан», ЭлТР «Билим Илим», «5 канал», «Пирамида», «Санат» каналдарында түз эфирде берилди.*

***Урунттуу сөздөр:*** *IT билим берүү системасы, санариптик билим, COVID-19, аралыктан окутууу формасы, WhatsApp, ZOOM, Google, SMEV "Түндүк" электрондук аккредитациясы, онлайн режимде окутуу.*

ЦИФРОВИЗАЦИЯ В СИСТЕМЕ ВЫСШЕГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Турдакунова Анархан Сейдилдаевна -***
***к.п.н.,и.о.доц,***
***Турумбекова Айдай Татаровна аспирант,***
***Гуманитарный Колледж КГУ им.И.Арабаева,***
***Кыргызстан, г.Бишкек***

***Аннотация:*** *В данной статье концепция «Цифровой Кыргызстан 2019-2023» инициирована на основании «Национальной стратегии устойчивого развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы», утвержденной решением №2 Совета Безопасности*

*Кыргызской Республики. Республики от 14 декабря 2018 года. Было сказано, что концепция определит структуру процесса цифровизации страны, систему управления и основы процесса цифровизации. В связи с чрезвычайной ситуацией COVID-19 в стране введено чрезвычайное положение, и с 8 апреля все учебные заведения перешли на систему онлайн-образования или дистанционную форму обучения. Интернет-СМИ республики еженедельно публиковали расписание видеоуроков и формировали расписание видеоуроков, которые транслировались в прямом эфире на КТРК «Баластан», ЭЛТР «Билим Илим», «5 канал», «Пирамида», «Санат». "*

***Ключевые слова:*** *система ИТ-образования, цифровое образование, COVID-19, дистанционная форма обучения, WhatsApp, ZOOM, Google, электронная аккредитация СМЭВ «Северная», онлайн-обучение*

DIGITALIZATION IN THE SYSTEM OF HIGHER PROFESSIONAL EDUCATION

***Turdakunova Anarhan Seidildaevna -***
***Ph.D., Acting Associate Professor, ",***
***Turumbekova Aidai Tatarovna***
***Postgraduate student,***
***College of Humanities KSU named after I. Arabaev,***
***Kyrgyzstan, Bishkek***

***Abstract:*** *In this article, the concept of "Digital Kyrgyzstan 2019-2023" was initiated on the basis of the "National Strategy for Sustainable Development of the Kyrgyz Republic for 2018-2040", approved by Decision No. 2 of the Security Council of the Kyrgyz Republic. Republic of December 14, 2018. It was said that the concept will determine the structure of the country's digitalization process, the management system and the foundations of the digitalization process.*
*Due to the COVID-19 emergency, a state of emergency has been introduced in the country, and since April 8, all educational institutions have switched to an online education system or distance learning. The Internet media of the republic weekly published the schedule of video lessons and formed the schedule of video lessons, which were broadcast live on KTRK "Balastan", ELTR "Bilim Ilim", "Channel 5", "Pyramid", "Sanat".*

***Key words:*** *IT education system, digital education, COVID-19, distance learning, WhatsApp, ZOOM, Google, electronic accreditation of SMEV Severnaya, online learning*

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы №2 чечими менен бекитилип, “Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын” негизинде “Санариптик Кыргызстан 2019-2023” концепциясы демилгеленген. Концепция өлкөнү санариптештирүү процессинин структурасын, башкаруу системасын жана санариптештирүү процессинин негиздерин аныктайт[1].

Билим берүү системасынын милдеттери:

- Жалпы билим берүү системасына санариптик билим берүүнү киргизүү;
- IT-билим берүүнү өнүктүрүү жана жогорку квалификациялуу IT адистерин даярдоо;
- Калктын бардык катмарына, анын ичинде калктын аялуу катмарына санариптик көндүмдөрдү калыптандыруу;
- Мамлекеттик тилде улуттук санариптик контентти өнүктүрүү.

COVID-19 өзгөчө кырдаалына байланыштуу окуу системасында төмөндөгүдөй иш аракеттер жазалды:

- 2020-жылдын 22-мартынан баштап өлкөдө өзгөчө кырдаал режими киргизилди;
- 2020-жылдын 24-мартынан тартып айрым аймактарга өзгөчө абал киргизилди;
- Билим берүү системасынын кризиске каршы планы иштелип чыгарылды;

- Аралыктан окутуу форматына даярдануу үчүн билим берүү системасы узартылган каникул режимине которулду.

Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде аралыктан окутуу 2020-жылдын 8-апрелинен тарта киргизилди[8].

Программалык камсыздоону кошкондо 1400 видеосабак тартылган жаңдоо тилинде которулду;

Республиканын интернет маалымат каражаттары жума сайын жарыяланып, көрсөтүлүп жаткан видеосабактардын графиги түзүлүп, КТРК «Баластан», ЭлТР «Билим Илим», «5 канал», «Пирамида», «Санат» каналдарында түз эфирде берилди.

Республикалык квалификацияны жогорулатуу институту уюштурулган веб-сайтта http://ripk.kg мугалимдердин профессионалдык деңгээлин аралыктан жогорулатуу сайты түзүлдү. Ошондой эле сайтта аралыктан окутууда кайтарым үчүн нускамалар жана WhatsApp, ZOOM, Google менен иштөө класстары аркылуу билим берүүнү үзгүлтүккө уюштуруу да камтылган. Ар бир райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүндө, студенттерге психологиялык жардам көрсөтүү үчүн «ишеним телефондору» жана мугалимдерди методикалык жактан камсыз кылынды. Мобилдик опреаторлор менен иштөө проблемалары чечилген. Аралыктан окутуу формасында баштапкы кесиптик билим берүү агенттигинин порталында (distant.kesip.kg) видеосабактарды жана презентация сабактарын жайгаштырган. Мектептер жана университеттер мугалимдер окуткан дисциплиналар мазмун боюнча (ОМК, лекциялардын тексттери, СӨИ боюнча тапшырмалар) бардык курстар үчүн, ошондой эле модулдук суроолор, контролдук суроолор жайгаштырылган.

Онлайн режиминде окутууга өтүү (вебинарлар сериясы) "EdTech – бул жаңы билим берүү"жаңы иновациалык технологилар менен бирдикте иштеди[4].

Учурда математика мугалими маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча компетенттүү болушу керек. Жалпы колдонуучу деңгээлиндеги заманбап мугалим: тексттик редактор менен иштөө; таблицалар менен иштөө; электрондук почтаны жана браузерди колдонуу; мультимедиялык жабдуулар. Көпчүлүк мугалимдер үчүн бул бир топ жогорку деңгээлде. Улгайган мугалимге караганда жаш мугалимге МКТ колдонуу, үйрөнүү оңой.

МКТ мугалимге электрондук окутууну ишке ашыруу, ошондой эле аралыктан технологияларды киргизүү үчүн зарыл.Аралыктан окутуунун аркасында студенттин өз алдынча иштөө үлүшү көбөйөт, маалыматты издөө, талдоо, жалпылоо жөндөмдөрү өнүгөт.

Көптөн бери математика мугалимдери жаш муундарды мүмкүн болушунча кызыктыруу үчүн эң алдыңкы технологияларды колдонууну үйрөнүп келишет. Компьютерлер пайда болгонго чейин математика мугалимдери абакус ж.б. колдонушкан. Заманбап технологиялар мугалимдин когнитивдик активдүүлүгүн активдештирүүгө мүмкүндүк берет [5]. Башталгыч, негизги жана толук жалпы билим берүүнүн, ошондой эле жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарында математиканы үйрөнүүдө маалыматтык технологияларды колдонууга өзгөчө көңүл бурулат. Заманбап технологиялар математиканы окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатат, математиканы окутуунун жаңы деңгээлине өтүүдө көп мүмкүнчүлүк бар.

XXI-кылымда аралыктан окутуу табигый нерсе катары кабылданууда. Дээрлик бардык билим берүү мекемелери МКТны колдонушат. Ошондой эле, көптөгөн студенттер бул форманы активдүү карап чыгышат. Аралыктан окутуу тез арада билим берүү чөйрөсүндө чоң популярдуулукка ээ болду.

Аралыктан билим берүүнүн артыкчылыктары:

1. Эркиндик жана ийкемдүүлүк;
2. Жеткиликтүүлүк;
3. Мобилдүүлүк;
4. Өндүрүш жөндөмдүүлүгү;

Аралыктан окутуунун кемчиликтери:

1. Мугалим менен окуучунун ортосундагы жеке байланыштын аздыгы;

2. Көзөмөлдүн жоктугу;

3. Интернетке туруктуу жетүү;

Аралыктан билим берүүнү изилдөө менен окуучу студент академиялык билим берүүнүн көптөгөн оң «терс таасирлери» менен чектелет. Мисалы, жазып алуу процесси жазуу ылдамдыгын үйрөтөт, механикалык эс тутумду өнүктүрөт, баардык маалымат агымынан эң маанилүү бөлүктөрүн бөлүп алууга үйрөтөт. Бул көндүмдөрдүн баары азыркы учурда абдан пайдалуу, бирок аралыктан окутуу аларды камсыз кыла албайт[3].

Менимче, аралыктан окуу абдан ыңгайлуу жана пайдалуу нерсе. Кандай десек да, кандайдыр бир себептерден улам салттуу билим окуучунун колунан келбей калса, ушундай жол менен базалык билим алуу керек. Бирок келечекте аралыктан окууга артыкчылык берүү толук мүмкүн. Алар кошумча билим берүү же квалификациясын жогорулатуу жаатында абдан эффективдүү, анткени стажер кесиптин негиздерин алган жана күндүзгү окуудан көп нерсени билет. Ошого байланыштуу көптөгөн маалыматтык технологиялар аркылуу окутуу көрсөтүлгөн. Заманбап жаңы билим берүү технологиялары, маалымдуулукту жогорулатуу жөнүндө өлкөнүн ири IT компанияларында бүтүрүүчүлөрдү, IT жөнүндө маалымат университеттин программалары жана кыска курска маалымат берилди[7].

Приоритеттүү биринчи маалымат базасы иштелип чыккан:

- Дипломдор берүү;
- Сертификаттарды жана аттестаттарды берүү;
- Лицензияларды берүү.

2020-жылы бардык университеттер милдеттүү түрдө электрондук өз ара аракеттенүү "Түндүк" системасына туташуу жана кошулуу камсыздалды.

Санариптик Кыргызстан 2019-2023 жылдардагы аткарыла турган концепция боюнча электрондук лицензиялоо жүргүзүү ишке ашырылышы керек.

•Автоматташтыруу процесс ишке ашырууда билим берүүдө арыздарды берүү лицензияларды алуу;

• Интеграция менен SMEV "Түндүк" электрондук аккредитациялоону жүргүзүү;

• Онлайн режиминде аккредитациялоо процессин ачык өтүү шарттарын түзүлдү;

• Билим берүү системасында жардам берүү максатында окутуунун шарттарын жакшыртуу жана жогорку ийгиликтерге жетишүү;

Окуу процессин автоматташтыруу багытында республиканын жогорку окуу жайларында, ар кандай автоматташтыруу системалары үйрөтүүнү студенттердин окуу процессине киргизүү;

• Университеттерге сынактарды, тестерди кабыл алуу жана бардык керектүү документтерди, маалыматтарды, автоматташтырылган процесстерине өткөрүү;

- Бирдиктүү терезе долбоору;
- Чыгарууну автоматташтыруу шилтемелер;
- Бирдиктүү база;
- Жарандар үчүн ыңгайлуулукту түзүү;
- Минимизация коррупциялык тобокелдиктер.

Кыргыз Республикасы ЖОЖдорго онлайн кабыл алуу киргизилди. Электрондук форматта талапкерлерди Кыргыз республикасынын университетине кабыл алуу боюнча катышуу үчүн сынак, арыздар берүү мүмкүнчүлүгү камсыз кылынды.

Талондорду чогултуу, эсепке алуу жана сактоо ОРТ сертификаты, ошондой эле автоматташтырылган бөлүштүрүү жана талапкерлерди кабыл алууга сунушталган тизмелерди түзүү, каттоо ишке ашырылды.

Акысыз накталай эмес төлөм үчүн "Мамлекеттик төлөм " кабыл алынды.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн маалымат алмашуу катышуучуларынын ортосунда мамлекеттик система жөнүндө электрондук төлөмдөр жеке адамдар тарабынан жана юридикалык жактар төлөмдөрдү электрондук түрдө ишке ашыруу[2].

Кыргыз Республикасынын 16 пилоттук ЖОЖдору маалымат системасында ишке киргизилди. Билим берүүнү башкаруу (ИСУО)маалымат системасы ишке киргизилди.

Улуттук база билим берүү чөйрөсүндө пландаштыруу жана анализдөө талдоо, ЖОЖдордо, билим берүү мекемелеринде жана мектептерде берилген бардык маалымдама барактарын автоматташтырууга өткөрүү каралган. "Ачык Билим берүү » порталында билим чөйрөсүндө бардык багыттарында билим алмашуу жана тажрыйба алмашуу үчүн окуунун платформасын ишке ашырууну камсыздоо.

Санариптик контентти түзүү боюнча ишти жөнөкөйлөштүрүү жана билим берүүнү заманбап талаптарга ылайыкташтырууну тактоо.Студенттер үчүн рейтинг жана окуу мүмкүнчүлүгү менен республиканын мыкты окутуу тажрыйбасына ачык мүмкүнчүлүк берүүнү уюштуруу. окутуучулар жана курстар боюнча мыкты университеттердин рейтингин аныктоо маселелерин ишке ашырууну камсыздоо кабыл алынган.

**Список литературы:**


1. Kaktus.media.
2. Калужский М.Л. Маркетинговые сети в электронной коммерции: институциональный подход / М.Л. Калужский. – М.; Берлин: Директ-Медиа, 2014. – 402 с.
3. Гозман Л.Я., Шестопал Е.Б. Дистанттык окутуу XXI кылымдын босогосунда. Ростов-на-Дону: «Ой», 1999. – 368 б.
4. Интернет: www.dist--edu.ru; www.hse.ru www.ui.usm.ru.
5. Шахмаев Н.М. Сырттан окутуунун техникалык каражаттары. М.- «Билим», 2000. –276 б.
6. Гозман Л.Я., Шестопал Е.Б. Дистанционное обучение на пороге XXI века. Ростов - на - Дону: «Мысль», 1999. - 368 с.
7. Интернет: www.dist--edu.ru; www.hse.ru; www.ui.usm.ru.
8. Шахмаев Н.М. Технические средства дистанционного обучения. М.«Знание», 2000. 276 с
9. Бекарева Ю.О. Математиканы окутууда алыскы окуу технологияларын колдонуу // Студент: электрон. илимий журнал 2021. № 6(134). URL: https://sibac.info/journal/student/134/203728.
10. Интернет: www.dist--edu.ru; www.hse.ru; www.ui.usm.ru.


* * *

**УДК 37.018.12**

# КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЯТЫНДА АДЕПТИК ПРИНЦИПТЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ

***Умарова Р.Н.-п.и.к., ОшМПУнун доценти***

***Аннотация**: Бул макалада кыз балдарды гендердик социалдаштыруу процессиндеги улутттук баалуулуктар талдоого алынган жана анын кыргыз этномаданиятындагы ролу аныкталган.*

***Түйүндүү сөздөр:** гендер, социалдаштыруу, этнос, этномаданият, этникалык система, каада-салт, адептүүлүк, ар-намыс кодекси, эне-культу.*

# ПРИМЕНЕНИЕ ЭТИЧЕСКИХ ПРИНЦИПОВ В КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОКУЛЬТУРЕ

***Умарова Р.Н.- к.п.н., доцент ОшГПУ***

***Анотация:** В данном статье проанализировано национальные ценности в гендерном социализации девочек и определены их роль в кыргызском этнокультуре.*

***Ключевые слова**: Гендер, социализация, этнос, этнокультура, этническая система, традиция, нравственность, кодекс чести, культ материнства.*

# APPLICATION OF ETHICAL PRINCIPLES IN THE KYRGYZ ETHNOCULTURE

***Umarova R.N.-p.i.k., OshMPUun associate professor***

***Abstract:*** *This article analyzes the national values in the gender socialization of girls and identifies their role in the Kyrgyz ethnic culture.*

***Keywords:*** *gender, socialization, ethnos, ethnic culture, ethnic system, tradition, morality, code of honor, the cult of motherhood.*

Ар бир индивид тигил же бул этноско таандык. Этникалык таандык болуу адам табиятынын, алда канча терең, аң-сезим менен психологияга карата тышкы болуп эсептелген кайсыл бир жагын чагылдырып турат, мунун жогорку нерв ишмердүүлүгүнүн формасы деп түшүнөбүз. Этникалуулук коомдук жана саясий институттарга бекемделген тарыхый терендикке жана “уюшумдуулукка” ээ. Этникалык система – бул ар дайым бүтүн, мааниге ээ болгон система. Этникалык бирдейлүүлүк өз негизинде конкреттүү маданияттын “этникалык” же “локалдуу” деп белгиленип, белгилүү бир мейкиндик-убакыттык континуумда (анын масштабына жана бөлүнүп көрсөтүлгөн белгилерине карабастан) каралып жүргөн система катары түшүнүлүүчү жалпылыгына ээ [6].

Тарыхый эс-тутум аркылуу социалдаштырууга өзгөчө көңүл бурулат. “Тарыхый эс-тутумсуз – каада-салт жок, каада-салтсыз – маданият жок, маданиятсыз – рухий дөөлөт жок, рухий дөөлөтсүз – инсан жок, инсансыз – эл жок” [3,82-б]. Мына ушуга байланыштуу төмөндөгү маселелер улам актуалдуу болуп баратат.

1. Адептик мураска кандай мамиле жасоо керек;
2. Рухий маданият казынасынан эмнелерди алуу керек;
3. Илгерки жана жакынкы тарыхый өтмүш жараткан баалуулуктарды кантип пайдалануу керек.

Тарыхый менен логикалуунун, салттуу менен жаңы нерсенин биримдигин жана карама-каршылыгын эсепке алуучу жол гана анын обьективдүү сүрөттөлүшүн бере алат жана өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчтөрүн ачып бере алат. Жалпы адамзаттык моралдын айрым адам тарабынан мыкты даражада өздөштүрүлүшү ал өткөн доорлордун мыкты көркөм жетишкендиктеринен өз акыл сезиминин калыптануу булагын көрүү жөндөмдүүлүгү канчалык экендиги менен, коомдун пайда болуусунун тарыхый этаптарын обьективдүү түшүнүүгө, өткөндүн көп түрдүү коомдук процесстеринен өнүгүүсү азыркы коомдун адептик маданиятынын калыптануусуна өбөлгө түзгөн нерселерди аныктап, бөлүп алууга канчалык жөндөмдүү экендиги менен аныкталат. Мында, тарыхый этаптардын өнүгүүсүн айрым бир индивид четтен көз салып туруусу жөнүндө эмес, аларды аңдап-сезүүсү, инсандык факторду мурдагы муундардын рухий жетишкендиктери аркылуу кайра түзүүсү жана байытуусу жөнүндө сөз болуп жаткандыгын баса белгилөө зарыл. Адептик маданияттын өзөктүү белгилери мурастоонун социалдык коду катары чыга келет. Өткөндүн адептик баалуулуктарын максималдуу өздөштүрүү адептүүлүктүн педагогикалык маселелерин теориялык жактан иштеп чыгууну алга жылдыруучу зарыл шарт болуп саналат.

Маданият өзүнө белги-символикалуу системалардын тарыхый конкреттүү жыйындысын, бытиенин жана дүйнөнү кабылдоо, ойлоо, түйшөлүү жана аракеттенүү ыкмалары түрүндөгү, ошондой эле каада-салттар, билим, баалуулуктар, баалоо жолдору жана критерийлери, максаттар жана маанилер түрүндөгү өздөштүрүү ыкмаларын жана тажрыйбасын камтып турат. Саналып өткөндөрдүн баарысы рухий ишмердүүлүк тажрыйбасын этникалык жана инсандык менталитетте сактап жана кайра жандантып турат.

Коомдук жүрүм-турум нормалары туруктуу социалдык-экономикалык мамилелер жыйындысы менен бирге акыры келип, бүтүндөй алганда коомдун мүчөлөрүнүн айрым кылык-жоруктарын жана жүрүм-турумун жөнгө салат, өсүп келе жаткан инсанда белгилүү бир турмуштук тажрыйбаны, ошондой эле ички мүдөөлөрүн жана жүрүм-турум

автоматизмин иштеп чыгып, анын өнүгүүсүн долбоорлойт жана багыттайт. Улантуучулук, өзгөргүчтүк жана инерттүүлүк сыяктуу дал ушул өзгөчөлүктөргө байланыштуу социалдаштыруудагы негизги баалуулуктарды өзгөрүп кеткен социалдык-саясий, социалдык-экономикалык шарттарды эсепке алуу менен бир муундан экинчи муунга өткөрүп берүүгө мүмкүн болот. Каада-салттар жана улантуучулук маданияттын туруктуулугун камсыз кылат. Этностун салттуу аң-сезими реалдуулукка карама-каршы келип, анда ылайыкташтыруучулук зор касиеттерге ээ болгон альтернативдүү каада-салттары да жок болсо, этнос абсолюттуу түрдө, этникалык маданиятын кыйратып алуудан качып, жаңы маданий када-салтты жаратат. Мында этностун өзүнөн-өзү кайра түзүмдөлүшү болуп өтөт. Кайра түзүмдөлүү механизминин мобилдүүлүгү этностун “жандуулугун, чыдамкайлыгын” камсыздайт [4, 36-б]. Этнос иденттүүлүктү сактап калуу үчүн Трансфердин ылайыктуу вариантын табуусу керек, өзүнүн этникалык константаларынын айланасында дүйнөнүн жаңы сүрөттөлүшүн жаратып топтоштурат, мындай сүрөттөлүш анын өтмүшүндө болгон эмес жана аны менен кадимки салттуу улантуучулук сызыктары аркылуу эмес, этностук борбордук маданий темасынын өзгөрбөстүгү аркылуу байланышкан. Этнос дүйнөсүн өзүнүн борбордук маданий темасын ага проекциялап түшүрүү мүмкүнчүлүгү болгондой кылып өзгөртө албагандыктан, ал өзүнүн ички уюштуруучулук принциптерин алмаштырат да, дүйнөнүн бириктирүү этикалык сүрөттөлүшүнүн зарыл болгон теңдемин орнотот, бул теңдем ошол маданият үчүн жаңы институтцияларды иш жүзүндө калыптануусуна айланат.

Маданияттын бир бөлүгү жүрүм-турумдук нормалардан жана стандарттардан турат. Анын башка бөлүгү идеологиялык ой жүгүртүүлөрдөн жана жүрүм-турумдун айрым формаларын акыл-эс менен түшүндүрүүдөн турат. Жүрүм-турум моделдери социалдашуу процессине муундан-муунга берилет жана алар адам жамааттарын курчап турган чөйрөгө ылайыкташтыруучу механизм болуп саналат. Г. Хофстеде ойлом, туюм жана жүрүм-турум моделдерин “менталдык программалар”  же “акылдын программалык камсыздалышы” деп атайт. Ар бир адам өзүндө менталдык программанын маданияттын түрдүү деңгээлдерине төп келүүчү бир нече катмарларын алып жүрөт. Г. Хофстеде маданияттын төмөндөгү деңгээлдерин бөлүп көрсөтөт: а) улуттук деңгээл б) этикалык, диний деңгээл лингвистикалык жалпылык деңгээли в) тигил же бул жыныска таандыктык деңгээл, г) муундардын, ата-бабалардын, ата-энелердин, балдардын деңгээли, д) социалдык деңгээл, е) эмгек жамаатындагы социалдашууга дал келүүчү корпоративдик деңгээл [8].

Ар бир этностун маданияты бөтөнчө. Ар бир дүйнөлүк маданиятка өз алдынча кайталангыс салым кошот. Бардык маданияттар теңдеш жана тең маанилүү, ар бири жалпы адамзаттык маданиятты байытат жана этностун сакталуусун камсыз кылат. О. Шпенглер ар бир маданияттын уникалдуулугун тастыктаган [7]. Н. Я. Данилевский маданияттын деэтнизациялоонун натыйжаларынан сактанууну айткан. Жалгыз бир маданий-тарыхый типтин бүткүл дүйнөлүк үстөмдүгү адамзаттын ар түрдүүлүктүн элементтеринен ажыратмак. Мунун өзү “элдин адептик өзүнчөлүгүн” жоготууга  алып келмек [5, 56-б.].

Кыргыздарда турмуштагы маанилүү билгичтиктер менен көндүмдөр, ден-соолугун чыңдоо, эмгекти сүйүү, адептүүлүк жана тарбиялоо тууралуу өздөрүнүн өзгөчө түшүнүктөрү болгон. “Адам бол!” – деген кыска, бирок нуска талап турмуштук маңызын жаңыдан түшүнө баштаган балага коюлган. Эл дайыма тарбиялоонун максатын инсанды өркүндөтүү катары түшүнгөн. “Адам”, “адамкерчилик” деген сөздөрдү кыргыздар морал менен жүрүм-турум этикасынын коомдогу жана күнүмдүк турмуш-тиричиликтеги белгилүү бир кодекси катары түшүнүшкөн жана азыр дагы ошондой. Бул кодекстин мааниси кимдир бирөө үчүн артыкчылык болгон эмес, аны ар бир кыргыз түшүнүүсү керек эле. Себеби бул эрежелерди билбегенге кыргыз социумунда жашоо мүмкүн эмес эле. Кыргыздардын ар намыс, адамдын адам катары милдети, ата-эне, эл, айыл алдындагы милдеттери жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн түпкү маңызы мына ушундай. Анын үстүнө кыргыздарда “адам” деген сөз гумандуулук, “тартиптүүлүк”, “адамкерчиликтүү” деген адептүүлүк түшүнүктөрүн атоочу сөздөрдүн

курамына кирет. Адамда адамкерчиликке тарбиялоо – кыргыз элинин салттуу тарбия системасынын маңызы.

Кырыз этномаданиятында “намыс”, “уят” сыяктуу адептик принциптерди жеке аң-сезимдин өзөгүн түзүүчү, өзүнө моралдын нормаларын билүүнү, көз караштарды жана сезимдерди камтыган жеке ынанымдарга айландырууну адептик тарбиянын максаты деп эсептеген. “Намыс”, “уят” түшүнүктөрү адамдын эрктик сапаттарын камтып турат, мунсуз анын ынанымдары жүрүм-турум фактысына айлана албайт. “Намыс” деген сөз тарбиялуулук, жөнөкөйлүк, сылыктык, урматчыл сыяктуу түшүнүктөр менен теңдеш биригет: “Намыс өлүмдөн күчтүү”, “Жигитти намыс өлтүрөт, коёнду камыш өлтүрөт”.

Кыргыздар улууларды урматтоо деген көөнө салты менен сыймыктанат, бул карыялардын акылмандыгына,турмуштук бай тажрыйбасына, тарбиялык үлгүсүнө жана рухий мураска болгон мамилесин билдирет. Жашы чоңдорго жасалган урмат эң жогорку адептик сапат катары бааланат. Буга балдарды жаштайынан тарбиялашат. Улууга дайыма төрдөн орун беришет. Улуу адамды жолуктурганда ал такыр бейтааныш адам болсо да, кичүүсү биринчи салам берет, керек болсо жардам берип кызмат көрсөтөт. Эгерде көчөдө аксакал жөө бараткан болсо, үйдүн ээси бир азга ишин калтыра коюп, аны керектүү жерге жеткирип коюуга милдеттүү. Узак сапарда бараткан адамды үй ээси үйүнө чакырып, кымыз же чай ичирип андан ары узатып коёт. Адатта мындай иш балдарга тапшырылат. Ал эми балдар муну менен сыймыктанат, ал үчүн кызыктуу, ал бирөөгө жакшылык кылгысы келет. Бул жакшынакай каада - салт бүгүн да айыл элинде айрыкча тоодогу айылдарда күчүн жогото элек. Балдар өз ата-энесинин атынан айтуудан ийменишет. Жашы улууларга урматтоо менен мамиле жасоо анын узак жашагандыгын, көптү көргөндүгүн, көптү билээрин таанууну туюндурат. Улууларды урматтаган жаштар өз элинин өтмүшү менен сыймыктанбоого акысы жок.

Кыргыздардын маданиятында ата-эне өзгөчө орунда турган, бул өзүнчө культка айланган деп айтууга болот. Ата-энени урматтоо адептик баалуулуктардын шкаласында базалык болуп эсептелген, ушунун негизинде адептик нормалар менен тарбиянын бүтүндөй пирамидасы тургузулган. Аларга сый-урматсыз мамиле кылуу аморалдуулукка тете болуп, катуу сынга алынган.

Эл чыгармачылыгында эненин образы, ак пейили жана балдарына берилгендиги даңазалуу ырдалган. Эне культу – анын тарбиялык ролун гана эмес, тарбиялык процесстин иштиктүүлүгүнүн негизги шартын таануу, ошондой эле энеге болгон сүйүүсүз жана сый – урматсыз адептүүлүк жактан татыктуу адамды тарбиялоо мүмкүн эместиги жөнүндөгү түшүнүктүн күбөсү болуп саналат. Өз баласынын жан дүйнөсүндөгү ар бир кыймылды эне гана түшүнүп, ага татыктуу жооп берет. Дал ошол энеге болгон сүйүүнүн жаралышында баланын инсан катары калыптануусу башталат.

Кыргыздарга мекенге, өз элине болгон сый-урмат маанилүү моралдык талап болуп эсептелинет. Бул идеологиянын маңызы болуп, ар дайым туулган жерине болгон сүйүү ата-бабасынын арбактарын сыйлоо болуп эсептелинет. Жаңыдан гана төрөлгөн адам педагогиканын обьектиси болуп калган, педагогиканын негизги принциптери жана аныктоолору төмөндөгүлөр болгон.

- Үйдүн болочок түркүгү – атаны, үйдүн болочок куту – энени тарбиялоо;
- Эл, жердин коргоочусун тарбиялоо;
- Үй-бүлөлүк мындайча алганда мамлекеттик каада-салттарга тарбиялоо;

Адамдын моралдык турпатына коюлуучу талаптар ыктыярдуу түрдө коомдук пикирдин күчү менен колдоо таап келген. Айылда ар бир адамдын турмушу алаканга салгандай көрүнөө. Ар бир үй-бүлө тууралуу белгилүү сөздөр айтылып, “өзүнчө оозеки тарыхы” жазылып, муундан-муунга берилип келет. Кээде төмөнкүдөй сөздөргө күбө болосуң: “Ал татыктуу үй-бүлөдөн чыккан, ага ишенсе болот” деген. Көпчүлүк учурда улуулар үй-бүлөнүн намысын сактоо менен өзү жөнүндө гана эмес балдарынын келечеги жөнүндө ойлонот. Сөзгө калган, тагдырына так салып алган инсанга жамаат тарабынан

ишеним артылбайт, айланадагыларга жек көрүнөт. Моралдык жактан катуу сынга калат. Ар-намыс алдоого, таш боорлукка, ырайымсыздыкка, сөзгө турбоого, кыйынчылык башка түшкөндө жардамга келбей коюуга жол бербейт. Ал адамды эрдикке түртөт. Жамааттык ар-намысты сезе билүү баланы жаңы баскычка көтөрүп, ал өз жүрүм-турумун жамааттын ар-намыстык кызыкчылыктары менен айкалыштыра баштайт. Ошентип, ар-намыс сезими баланын моралдык өнүгүүсүндө чоң мааниге ээ болот, ошондуктан ар-намыс сезимин тарбиялоо жөнүндө кам көрүү элдик педагогикадагы башкы нерселердин бири. Эл оозунда жаман сөзгө калуу катуу уят эсептелет: “Жакшыдан бак калат, жамандан так калат” (кыргыз эл макалы). Ошентип кыргыз кыздарынын акылгөйлүгү, ак пейилдүүлүгү, сыймыктуулугу, жөнөкөйлүгү, сабырдуулугу жогору бааланган. Бул тууралуу кыргыз эл ырларында ырдалат. Кыргыздарга никеге чейин балалуу болуу өтө сейрек учураган жат көрүнүш. Кокус ушундай болсо ал кызды гана эмес, бүтүндөй урууну уятка калтырат. Бул тууралуу ушак-айың башка айылдарга чейин жетип үрөй учурган көрүнүш катары элдин эсинде калат.

Педагогикалык-психологиялык адабияттарды талдоо жана этномаданий дөөлөттөрдүн негизинде кыз балдарды гендердик социалдаштыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперимент окуу-тарбия процессинде кыз балдардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, окуу материалдары катары кыргыз этномаданий дөөлөттөрүндөгү педагогикалык каражаттарындагы идеяларды системалуу пайдалануу, педагогикалык жаңы технологияларды колдонуу кыз балдарды гендердик социалдаштыруунун натыйжалуулугун арттыраарын көрсөттү. Кыз балдарды гендердик социалдаштырууда салт-усулдар: түшүндүрүү, айтып берүү, аңгемелешүү ж.б макалдар менен иштөө жана педагогикалык жаңы технологиялар: талкуу, кичи топтордо иштөө, жуптарда иштөө, класстер түзүү жана оюн технологиялары ж.б. эриш-аркак пайдалануу өзүнүн оң натыйжасын берээри эксперименттик иштерде аныкталды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар кыз балдарды гендердик социалдаштырууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл экендигин айкындады:

- Окуу-тарбия процессинде окуучуларга этномаданий жүрүм-турум жөнүндө маалыматтарды көбүрөөк берүүгө басым жасоо;
- Окуучулардын толлеранттуу жүрүм-турум боюнча түшүнүктөрүн такай кеңейтип жана терендетип баруу, толлеранттуу жүрүм-турум жасоого оң мотивацияны калыптандыруу;
- Элдик педагогикадагы этномаданий идеяларга негизденип (жомокторду, маалдарды ж.б. пайдаланып) атайын тарбиялык иштерди жүргүзүү.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1999.
2. Васильцова З.П. Мудрые заповеди народной педагогики. - М., 1984.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика. Чебоксары, 1974.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика. М., Академия, 1999.
5. Данилевский Н. Я. Россия и Европа. – М. ИЦ: “Древнее и современное” 2002.
6. Мукасов Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. – Б: Илим, 2004.
7. Шпенглер О. Закат западного мира. – М: “Альфа-книга”, 2014.


* * *

**УДК: 378.126 (575.2)**

# ПРОФЕССОР КАРАТАЙ САРТБАЕВДИН КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК МУРАСТАРЫ БОЮНЧА ОЙ-ТЫЯНАКТАРЫ

***Чыманов Ж.А. - Кыргыз улуттук университинин филологиялык билим берүү кафедрасынын профессору, п.и.д.***

***Аннотация:*** *Макалада профессор Каратай Сартбаевдин жарык көргөн эмгектери менен жакындан таанышуу жана изилдөөнүн негизинде “Касым Тыныстановдун лингвистикалык жана педагогикалык мурастары” аттуу эмгегинин алган ордун, маанисин ачып берүү аракети болду.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тил илими, адабий кыргыз тили, педагогикалык мурастар, окуу китептер, окуу куралдары, лингвистикалык талдоо, тажырыйба, тыянактар.*

# ВЫВОДЫ ПРОФЕССОРА КАРАТАЯ САРТБАЕВА О ПЕДАГОГИЧЕСКИХ НАСЛЕДИЯХ КАСЫМА ТЫНЫСТАНОВА

***Чыманов Ж.А. - д.п.н.***
***профессор кафедры филологического образования,***
***КГНУ им. Ж. Баласагына***

***Аннотация:*** *В статье были опубликованы выводы и заключения, после изучения опубликованных трудов Каратая Сартбаева, о лингвистических и педагогических наследиях Касыма Тыныстанова и попытка раскрыть важности и значения этих трудов.*

***Ключевые слова:*** *языкознание, литературный кыргызский язык, педагогические наследия, учебники, учебные пособии, лингвистический анализ, опыт, выводы.*

# OPINIONS OF PROFESSOR KARATAYA SARTBAEVA ON PEDAGOGICAL HERITAGE OF KASYM TYNYSTANOV

***Chymanov Zh.A. -***
***Professor of the Department of Philological Education,***
***KGNU them. J. Balasagyn, Ph.D.***

***Annotation:*** *The article published conclusions and conclusions, after studying the published works of Karatay Sartbaev, about the linguistic and pedagogical heritage of Kasym Tynystanov and an attempt to reveal the importance and significance of these works.*

***Keywords:*** *linguistics, literary Kyrgyz language, pedagogical heritage, textbooks, teaching aids, linguistic analysis, experience, conclusions.*

Профессор Каратай Сартбаев – бул илим, анын эмгектери Кыргыз Республикасындагы башталгыч билим берүүнүн соңку 70 жылдык тарыхы менен ажырагыс биримдикте каралып, тандалып, бааланып келет. Каратай агай 1951-жылы 21 жашында Кыргыз педагогикалык институтун бүтүргөндөн тартып, өмүрүнүн акырына чейин башталгыч билим берүүнүн теориялык жана практикалык бардык маселелерин чечүүгө, турмушка ашырууга активдүү катышып, үлгүлүү жана өтөгөлүү өмүр сүрдү. Анын калеминен жаралган башталгыч класстардын эне тили, кыргыз тили окуу китептери бир нече жолу басылып, ондогон жылдар бою жаш окуучулардын сабатын ачууга, эне тилин окуп-үйрөнүүгө ак кызматын кылды. Эгерде окуу китептеринин жалпы нускасы бир миллиондон канча ашканын эсепке алсак, анда Каратай агай үч-төрт миллион кыргыз балдарынын эне тилинен билим алуусуна өзгөчө кызмат кылгандыгы айкындалат. Мындай маданий-тарыхый мааниге ээ болгон эмгектерди жаратуу бардыгынын колунан келе бербейт.

Каратай Сартбаевдин педагогдук-окумуштуулук көп кырдуу жана натыйжалуу өмүр жолунда окуу программалары менен окуу китептерин иштеп чыгуу менен чектелбестен,

башталгыч мектептерде билим берүүнүн тарыхына, анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн калтырып кеткен педагогикалык мурастарына да кайрылып, алар боюнча омоктуу ойлорун, алгылыктуу жана конкреттүү сунуштарын да берип кетти. Мына ушундай улуу инсандар жөнүндө жазылган чакан, бирок салмактуу эмгектеринин бири катары 2001-жылы жазылган "Касым Тыныстановдун педагогикалык мурастары жөнүндө" (Бишкек,2001) деп атаган эмгегин көрсөтүүгө болот. Биздин бекем ишенимибизде, бул эмгек өзүнүн чакан экендигине карабастан Касым Тыныстановдун лингивистикалык жана педагогикалык мурастары жөнүндө кыска, бирок нуска, так жана жеткиликтүү баа берген, кызыл профессордун мурастарын изилдөөнүн маанисин жана келечектүү багыттарын айкын ачык берген. Касым Тыныстанов таануу илимине негиз салган эмгек катары бааланууга тийиш.

Албетте, Касым Тыныстановдун өмүр жолу, коомдук-маданий, окумуштуулук ишмердүүлүгү, көркөм чыгармачылыгын, ж.б.лар жөнүндө китептер жарык көрдү. Тилчилик окумуштуулук ишмердүүлүгүнө арналган эки кандидаттык диссертацияда (А.Абдыкалыкова, М.Кошуева) окуу китептеринин дидактикалык негиздери боюнча талданган.

Педагогика боюнча бир диссертация (Б.Сыдыкбаева) корголду, көлөмдүү роман жарык көрдү (С.Стамалиев), акын катары кыргыз адабиятын окутуунун окуу программасына IX-X класстарга киргизилип, окутулуп жатат. Булар Касым Тыныстанов боюнча жарык көргөн эмгектердин толук тизмеси эмес, мындай аракеттер уланып келет.

Касым Тыныстановдун жарык көргөн эмгектери боюнча, жарык көргөн китептердин ичинен Каратай Сартбаевдин аталган эмгегинин алган ордун, маанисин ачып берүүгө аракет кылабыз. Каратай Сартбаев Касым Тыныстановдун өмүр жолуна, эмгектерине кыскача токтолуу менен: " Касым Тыныстан уулунун көп кырдуу эмгегинин бир гана бөлүгү болгон башталгыч класстар үчүн түзүлгөн окуу китептери жөнүндө сөз козгоо өзүнчө бир проблемалуу маселелердин бири болуп саналат",- деп бөлүп көрсөтөт.

Экинчиден, К.Сартбаев К.Тыныстановдун окуу китептеринин дидактикалык-методикалык жабдылышына көнүл буруп, берилген суроо-тапшырмалардын маани-манызын ачып берген. "Мында сунуш кылынган тапшырмалар, же суроолор окуучулардын ойлоосун, байкоосун, ой жүгүртүүсүн, кыраакылыгын, тапкычтыгын өстүрүү аркылуу сөзүн өстүрүүгө айрыкча көнүл бургандыгы байкалат"- деп жазат автор. Факты катары " Тил сабагы" (1937) окуу китебиндеги "Отоо чөптөр, жем чөптөр, уу чөптөр" деген темалар берилип, андан көп колдонуучу сөздөр катары ондогон сөздөр белгиленип, кайсы чөп кайсы топко кире тургандыгын бөлүп көрсөтүү тапшырмасынын берилгендигин көрсөтөт.

Кыргыз тилин окутууда мындай тапшырмалардын өткөн кылымдын 30-жылдарында эле окуу китептеринде берилипи чындыгында, чоң табылга болгон. Мында азыркы методика илиминде сырттан келген, "проблемалык окутуу", "сынчыл ойлом", "мээге чабуул" сыяктуу окутуу технологияларынын негизги элементтери ошол кезде эле кыргыз тилин окутуунун кыртышында пайда болгондугун канааттануу менен белгилөөгө болот.

Үчүнчүдөн, К.Сартбаев К.Тыныстановдун 1928-жылы жарык көргөн "Эне тилибиз" окуу китебине талдоо жүргүзүүдө анын өзгөчөлүктөрүн төмөндөгүлөрдөн көрөт: "Окуу китебиндеги бир өзгөчөлүк куранды мүчөлөрдүн айрымдарына карата көркөм адабий чыгармалардан, эпостордон, элдик чыгармалардан жана акындардын чыгармаларынан тандалып алынган материалдардын орундуу, так жана таамай берилишинде. Ошондой эле элдик макалдардан, жорго сөздөрдөн да иргелип алынгандыгында". Мындай ой-тыянакка аталган окуу китебинен алынган факты материалдар менен тастыкталган.

Көркөм чыгармалардын, көркөм эпостордун тидди окутуудагы орду мааниси жана кызматы азыркы учурда терең иликтенип, окуткан азыркы күндөгү текстти окутуудагы уникалдуу жана натыйжалуу каражатына айланганын эске алсак, К.Тыныстановдун мурасын баалай билген К.Сартбаевдин көрөгөчтүгү айкындалат.

Төртүнчү, К.Сартбаев К.Тыныстановдун окуу китептеринин тажрыйбасында алардын берилген маалыматтар окуучунун күндөлүк турмушундагы керектөөлөрү, социалдык-саясий абал менен байланышкандыгын канаттануу менен белгилейт. Кыргыз тилин окутуудагы

мындай милдеттер Касым Тыныстановдон кийин атайын “унутулуп” , сөзсүз 5-10 жылда тилди окутуунун таанып-билүүчүлүк милдети катары кайрадан колдонула баштады.

Профессор Каратай Сартбаевдин Касым Тыныстановдун лингвистикалык жана педагогикалык мурастары боюнча изилдөө жумуштары азыркы учурда сырттан , бизге методикалык жаңы жаңылыктар катары кабыл алынган, “инновация”, “интерактивдүү методдор” , “компетенттүүлүк”, “инсанга багыттап окутуу” сыяктуу термин түшүнүктөрү, же алардын айрым элементтери өткөн кылымдын 30-жылдары жазылган кыргыз тили окуу китептеринде болгондугу менен өзгөчөлөнүп турат жана баалуу.

Кызыл профессордун көп кырдуу эмгегинин бир гана бөлүгү болгон окуу китептерин изилдөө эмне үчүн проблемалуу маселелерден болуп саналат? Жооптуу автордун эмгегине таянуу менен издейли. Биринчиден, Каратай Сартбаев Касым Тыныстановдун кыргыз тили окуу китептерин талдоо менен мындай айтылганын билдирет. Айрым автордун кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө ылайык терминдерди, аныктамаларды, эрежелерди иштеп чыгышы, алардын көпчүлүгү бүгүнкү күндө кыргыз тилин жаш өспүрүмдөргө үйрөтүүдө окуу программалары менен окуу китептерин, методикалык адабияттарды түзүүдө жана кыргыз тилин жаш өспүрүмдөргө окутуп-үйрөтүүдө колдонуп келе жатышы баа жеткис баалуу мурастардан болуп санала тургандугу талашсыз” (14-бет). Мындан улам Касым Тыныстанов кыргыз лингвистикалык терминдерин түзүүгө, эне тилин башталгыч класстарда маанилүү теориялык жана практикалык маселелерин чечүүгө гана салым кошпостон, алар азыркы күндө да окутуу-үйрөтүү иштерине кадимкидей кызмат кылгандыгы менен да “баа жеткис баалуу мурас” экендиги тастыкталат. Бул пикир Касым Тыныстановдун ар бир китебин талдоодо, бир аз алымча-кошумча менен кайра-кайра кайталанат. Ал кайталоолор ашыкча эмес. Тескерисинче, кайсы мааниге, кайсы проблемага өзгөчө маани берүү керектигин көрсөтүп турат. Илимдин кандидаты А. Абдыкалыкова Касым Тыныстановдун окуу китептериндеги тил илимине байланыштуу маселелерин иликтөө менен тунгуч профессор лингвистикалык 250дон ашык термин-атоолордун кыргызчаланышын көрсөткөн. Алардын 70%төн 90%кө чейинкиси азыркы күндө да кыргыз тил илиминде колдонулуп жаткандыгын аныктаган. Айталы, Касым Тыныстанов фонетика боюнча 37 термин киргизсе, 34ү морфология боюнча. 115 терминдин ичинен 76 термин азыркы күндө колдонулат.

Каратай Сартбаев Касым Тыныстановдун окуу китептеринин методикалык-дидактикалык жабдылышын, алардын барк-баасын, мынчалык так аныктап калышына эмнелер себеп болду деген суроо туулат. Биздин оюбузча, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1. Каратай Сартбаев башталгыч билим берүүнүн бардык маселелери менен, абалы менен толук тааныш болуп, анын келечектүү өнүгүшүнүн багыттарын даана көрө билген.

2.Башталгыч билим берүүнүн тарыхын анын негиз салуучуларынын эмгектери менен тааныш болгондуктан, И.Арабаевдин, К.Д.Ушинскийдин ж.б.лардын педагогикалык мурастары жөнүндө атайын эмгектерди, бир нече макалаларды жазган.

3.Ал Касым Тыныстановдун окуу китептериндеги алгылыктуу, бүгүнкү күндө да пайдаланууга боло турган педагогикалык табылгаларын көрө билген.

Жыйынтыктап айтканда, Каратай Сартбаев Касым Тыныстановдун кыргыз тили окуу китептерин изилдөөнү “өзүнчө проблемалуу маселелерден” деп атайын белгилеши кызыл профессордун мурастарына көңүл буруп, терең жана ар тараптуу иликтөөнүн зарылдыгын көрсөтүп, эң негизгиси, алардагы тажрыйба-табылгалар башталгыч билим берүүнүн азыркы учурунда актуалдуулукка ээ экендигин көрсөтүүгө болгон окумуштуу педагогдун үмүт-тилеги болгон деп эсептейбиз. Эмки кеп профессор Каратай Сартбаевдин баалуу педагогикалык мурастарын, осуяттарын, азыркы муун кандай түшүнүп, кандай пайдаланат, мына ушунда.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Сартбаев К. Касым Тыныстановдун лингвистикалык, педагогикалык мурастары жөнүндө. -Бишкек, 2001.-35 б.

2. Тыныстанов Касым. Кыргыз тилинин морфологийасы. 3-басылышы. –Б.: Бийиктик, 2006. -112 б.
3. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз. 2-китеп // Биринчи баскыч мектептер жана өзүнчө окуучу чоңдор үчүн биринчи басылышы. Маскөө, СКПС элдеринин борбордук басмасы жана -Ф.: Кырмамбас. 1932. -22 б.
4. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз // Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. Жаңы тамга менен биринчи басылышы. -Ф., 1928, 68 б.

* * *

**УДК 502.504:37.03**

## МЕКЕН ТААНУУ КУРСУНАН САБАКТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕР БОЮНЧА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТТУУЛУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖОЛДОРУ

***Шайимкулова М.А. - б.и.к., доцент***
***Эркебаев Т. К. - б.и.к., доцент***
***Эркебаев Т.А. - б.и.к., доценттин м.а.***
***Бообекова А.А. - улук окутуучу***
***Капарова Н.А. - окутуучу***
***ОшМУ, E-mail: terkebaev@list.ru***

***Аннотация:*** *Макалада мекен таануу предметинен сабактан тышкаркы иштер боюнча башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык маданияттуулугун калыптандыруу жолдору каралды. Мекен таануу курсу боюнча сабактан тышкаркы иштер баланын жаратылыштык билимдерин практикалаштырууда, илим изилдөөдө ишмердүүлүгүн калыптандырууда зор мааниге ээ. Сабактан тышкаркы иштердин ар түрдүүлүгү окуучуларга адамдын жаратылыш менен болгон байланышын, экологиялык көйгөйлөрдү, эң жөнөкөй жаратылышты коргоо жолдорун билүүгө шарт түзөт.*

***Ачкыч сөздөр:*** *сабактан тышкаркы иш, экологиялык маданият, экологиялык кырдаал, шаардагы экологиялык кырдаал, коомдогу экологиялык кырдаал, экологиялык маданияттын калыптанышы, инсандын маданияты, окуучулардын моралдык жана нравалык касиеттери.*

## МЕТОДИКА ФОРМИРОВАНИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ВО ВНЕУРОЧНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В КУРСЕ РОДИНОВЕДЕНИЯ

***Шайимкулова М.А. - к.б.н., доцент***
***Эркебаев Т. К. - к.б.н., доцент***
***Эркебаев Ташболот Абдивалиевич - к.б.н.***
***Бообекова А. А. - ст. преподаватель***
***Капарова Н. А. -преподаватель***
***ОшГУ, E-mail: terkebaev@list.ru***

***Аннотация:*** *В этой статье было расмотрено пути формирования экологической культуры учеников младших классов внеурочной работе в курсе Родиноведение. Внеурочная деятельность в курсе народоведения имеет большое значение в отработке знаний ребенка о природе, в формировании научно-исследовательской деятельности. Различные виды внеурочной деятельности позволяют учащимся узнать о взаимоотношениях человека и природы, условиях окружающей среды, способах охраны природы.*

***Ключевые слова:*** *внеурочная работа, экологическая культура, экологическая ситуация, экологическая культура общества, развитие экологической культуры, культура человека, морально-нравственные качества младших школьников.*

# METHODOLOGY FOR FORMING ECOLOGICAL CULTURE OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN COURSE ACTIVITIES IN THE COURSE OF NATIONAL STUDIES

***Shaiimkulova M.A. -Candidate of biological sciences, docent***
***Erkebaev T. K.-Candidate of biological sciences, docent***
***Erkebaev T. A. - Candidate of biological sciences***
***Boobekova A. A. - lecturer,***
***Kaparova N. A. - lecturer,***
***OshSU, E-mail: terkebaev@list.ru***

***Abstract:*** *In the article, ways of forming environmental culture of elementary school students in extracurricular activities from the subject of national studies were considered. Extracurricular activities in the course of ethnology are of great importance in developing a child's knowledge of nature, in the formation of research activities. Various types of extracurricular activities allow students to learn about the relationship between man and nature, environmental conditions, and ways to protect nature.*

***Key words:*** *extracurricular work, ecological culture, ecological situation, ecological culture of society, development of ecological culture, human culture, moral qualities of junior schoolchildren.*

Жер планетасынын булганышы, ресурстардын сарамжалсыз иштетилиши жана башка ушул сыяктуу көйгөйлөр калктын экологиялык билимсиздиги, маданиятсыздыгынын кесепети болуп саналат. Адам баласынын жаратылышка болгон мамилеси, анын экологиялык маданиятына, аң-сезимине, интелектуалдык билимине жана тарбиясына жараша болот. Коом жаратылышты багынтууга болгон аракеттердин ордуна жаратылышка аяр мамиле жасоо аракеттерине өтүүсү керек. Бул максатты ишке ашырууда билим берүү мекемелеринин ролу чоң. Айрыкча личносту калыптандырууда мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү өзгөчө мааниге ээ. Башталгыч классын бүтүргөн окуучуда жаратылышка аяр мамиле жасоо, экологиялык билимдин өзөгү калыптанып калуусу зарыл. В. А. Сухомлинский «Биз мектебибиздин айланасы жашыл, кооз болушуна аракет кылабыз – бул аракет кылуучулар балдар» деп жазган.

Башталгыч класста экологиялык билимдердин башаты калыптанат. Кыргызстандын эколог-окумуштуулары М.Б. Дженбаев, К.С. Касиев, Б. Кулназаров, А. Мурсалиев, А.О. Осмонов, Б.А. Токторалиев, А.Т. Токтосунов, М.Ж. Чоров ж.б. жаратылышты коргоо, адам коому менен курчап турган чөйрөнүн табигый абалынын сактоо актуалдуу проблема экендигин белгилешүүдө. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргыз Республикасында иштеген Эл аралык уюмдар тарабынан (Бириккен улуттар уюму, ЮНЕСКО) жаратылышты коргоо боюнча мыйзамдар кабыл алынып, концепциялар иштелип чыгып, экологиялык билим берүү жана маданиятты калыптандыруу эң орчундуу проблема экендиги көрсөтүлгөн.

Башталгыч класстагы балдардын курагында билим алуу процесси, сезимдер, кызыгуу аркылуу активдүү ишке ашат. Жаратылыш менен мамилешүүдө балдарда эмоционалдык сезимдер өнүгүп, личностук сезимдер өрчүй алат. Курчап турган дүйнөгө симпатия пайда болот. Бала жашыл чөпкө, канаттуулардын сайрашына, көпөлөк, ийнеликтер, өсүмдүктөрдүн гүлдөрүнүн кооздугун, жытын баалап көңүлү көтөрүлөт. Жаратылыш кубулуштарын таанып билүүгө,түшүнүүгө аракет жасайт.

Ошол эле учурда жаратылышка керектөөчү катары ырайымсыз мамиле (канаттуулардын, курт–кумурскалардын уяларын бузуп, аларды тутуп жок кылышат) жасагандары да болот. Балдар жаратылышка болгон мындай мамилени жаман ой менен эмес, өзүнүн ишинин акыбетин билбегендиктен, билиминин жоктугунан жасашат.

Балдардын жаратылышка болгон суктануусун калыптандыруу өтө маанилүү. Айлана чөйрөдөгү ар бир тиричиликке (өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын) маани берип, эгерде

терс көрүнүштөр болсо, кабатырлануу сезимин тарбиялоо зарыл. Ар бир окуучу үчүн жаратылыш тирүү лабаратория болушу керек, ал жерде андагы жашоочуларга байкоо жүргүзүү, сарамжал иштетүүгө жана жаратылыш байлыктарын коргоого үйрөнүшөт.

Жаратылышты коргоого, байлыктарын сактоого, анын компоненттерин бири-бири менен байланыштырып окуп үйрөнүү үчүн маанилүү жай бул баланын жашаган жери, мекени болуп саналат. Жашаган жеринде айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш чаралар өткөрүлүп, билимдер системалаштырылса эффективдүү болооруна шек жок.

Башталгыч класстарда экологиялык билимдерди калыптандырууда төмөнкүдөй милдеттер талап кылынат:
- окутуу – жаратылыштын экосистемалык уюштуруулуу закон ченемдүүлүктөрүн, тиричилик чек араларын жандуу жана жансыз чөйрөлөрдүн өз ара карым катнаштарын айлана чөйрөнүн адам баласынын ден-соолугуна тийгизген таасирин окутуп уйрөтүү;
- тарбиялоо - айлана чөйрөнүн абалын жакшыртуу сергек жашоо мүнөзүнө үйрөтүү;
-интелектуалдык жактан өнүктүрүү – экологиялык кырдаалды анализдөөгө, айлана чөйрөнүн эстетикалык абалына, экологиялык көйгөйдү чечүү жолдору, жаратылышты практикалык ишмердүүлүк менен коргоо жолдоруна жетишүү.

Азыркы мектептердин негизги милдеттеринин бири болуп, окуучуларды экологиялык билимдүүлүгүн жогорулатуу менен жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу иштетүүгө, жаратылышка гумандуу мамиле жасоого, жалпылап айтканда окуучулардын экологиялык маданияттулугун тарбиялоо саналат.

Мекен таануу курсунда кенже класстын окуучуларына экологиялык билим берүү менен экологиялык маданияттуулугун калыптандырууда сабактан тышкаркы иштердин мазмунун, формаларын, методдорун иштеп чыгуу зарыл. Мекен таануу курсундагы сабактан тышкаркы иштер кенже мектеп жашындагы окуучуларын экологиялык жактан тарбиялуулугун калыптандырууда өзгөчө каражат катары колдонсок максатка жетүү үзүрлүү болот. Макалабыздын максаты башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык маданияттуулугун сабактан тышкаркы иштерде калыптандыруу болуп саналат. Сабактан тышкаркы иштерди эффективдүү уюштурууда төмөнкү иш аракеттерди колдонушубуз керек:

- окуучуларды практикалык жана изилдөө иштерин жүргүзүүгө шарт түзүү;
- экологиялык мазмундагы оюн жана чыгармачылык формадагы иштерди уюштуруу;
- окуучулар менен экологиялык акцияларды уюштуруу.

Балдардын экологиялык маданияттуулугун калыптандырууда экологиялык мазмундагы сабактын уландысы сабактан тышкаркы иште аткарылышы керек. Жакшы уюштурулган, максаттуу сабактан тышкаркы сабактын материялын мыкты өздөштүрүүгө, жаратылышты коргоо аң сезимин өнүктүрүүгө жана билимдерди конкреттештирүүгө жардам берет. Сабактын тышкаркы ишти аткарууда реалдуу жашоого айлана чөйрөнүн абалы, аны баалоо жыйынтык чыгаруу, абалды жакшыртуу учун өзүнүн оюн, билдирүүгө, айлана-чөйрөгө мамилесин өзгөртүүгө үйрөнүү процесси жүрсө, ал эң жогорку эффект деп эсептелет. Класстан тышкаркы тарбиялык иштер сабактан тышкаркы убакта педогог тарабынан ар түрдүү ишмердүүлүктөрүнүн баланын личностук социалдаштырууга багытталышы керек.

Мекен таануу курсу боюнча сабактан тышкаркы иштер баланын жаратылыштык билимдерин практикалаштырууда, илим изилдөөдө ишмердүүлүгүн калыптандырууда зор мааниге ээ. Сабактан тышкаркы иштердин ар түрдүүлүгү окуучуларга адамдын жаратылыш менен болгон байланышын, экологиялык көйгөйлөрдү, эң жөнөкөй жаратылышты коргоо жолдорун билүүгө шарт түзөт.

Сабактан тышкаркы иштин эффективдүүлүгү сабактын материалынын мазмуну менен дал келүүсүнө байланыштуу болот. Таанып билүүчүлүк жолунда экология курсунун мазмуну каралып, сабакта алынган билимдер сабактан тышкаркы иштерде тереңдетилет. Мындай тереңдетүү айлана-чөйрөдө байкоо, адабияттык булактардан, видеофильмдерди көрүү ж.б. жолдор менен жүрүшү мүмкүн.

Сабактан тышкаркы иштерде окуучулар өздөрүнүн региону жөнүндө, экосистемасы, экологиялык көйгөйлөрү жөнүндө маалыматтарды алышат.
Экологиялык билим берүүнү баалуулук жолунда табигый илимий билимдердин экологиялык, социалдык аспектилери менен байланыштары каралат. Жаратылыш байлыктарын кенен түшүнүү менен айлана чөйрөнү коргоо көйгөйлөрүн чечүү аракеттери жүргүзүлөт. Албетте сабакта алынган базалык жана жаратылышты коргоо боюнча билимдер окуучунун курчап турган чөйрөдө өзүн алып жүрүшүнө таасир этет. Мындай билимдерди сабакта гана жүргүзүүгө абдан кыйын жана мүмкүн эмес. Класстан тышкаркы иштердин башка формаларында деле экологиялык билимдерди, айлана-чөйрөнү коргоо боюнча билимдерди берип кетсе болот. Ушундай жол менен ишмердүүлүк багыты башталат. Мисалы окуучуларды «Кышкы жаратылыш» аттуу сабактан тышкаркы ишти аткаруу учурунда канаттуулардын жашоо тиричилигине байкоо жүргүзүлөт. Аларга кышкысын жем табуу кыйын болгондуктан, аларга жем салгыч жасап, жем таштоо иштери менен алектентсе болот. Башка сабактардан деле мисалы окуу, көркөм өнөр курстарынан сабактан тышкаркы иштердин материалын экологиялык маданияттуулукту калыптандырууга багыттоого болот.

Координацияланган сабактан тышкаркы ишти уюштуруу процессинде мугалим төмөндөгүдөй милдеттерди аткарышы зарыл:
- окуучуларга жетиштүү билим берүү (экологиялык закон ченемдүүлүктөр, кубулуштар ж.б).
- Балдарды коллективде иштөөгө үйрөтүү. Сабактан тышкаркы ишти балдардын өз алдынча аткаруу үчүн тапшырмаларды даярдайт. Аны балдар биргеликте аткарышат. Педагогикалык жактан туура уюштурулган сабактан тышкаркы иш балдардын ортосунда достук мамилени, бири-бирине көңүл бурууну үйрөтөт. Иштин системалуулугу жана иреттүүлүгү сабактан тышкаркы иштин эффективдуулүгүн жогорулатат.

Сабактан тышкаркы иште балдар ыктыярдуу аракеттери менен жөнөкөй сабактагы иш аракеттеринен айырмаланышат. Сабактан тышкаркы иште балдар өздөрү кызыккан жумушту аткарыштары мүмкүн. Бул аларга өздөрүнө болгон ишенимди жогорулатууда өтө манилүү. Сабакта программалык материалды окуп жатканда окуучулар жаратылышта өзүн кандай алып жүрүштү, жаныбарлар жана өсүмдөктөргө аяр мамиле жасоону кенири талкуулашат. Баланын күнүмдүк жашоосунда кезиккен кырдаалдар ар түрдүү шарттарды коет. Мындай кырдаалдарда окуучу кандай аракет жасоосу керек экендигин мугалим көрсөтүшү керек. Мисалы, мектептин участкасындагы тазалоо иштеринде курт-кумурскаларга, өсүмдүктөргө зыян келуусун азайтуу, канаттуунун уясын бузуп жаткан балдарга кандай мамиле кылуу керек ж.б.у.с. Азыркы кездеги башталгыч мектептердеги окуучулардын экологиялык маданияттуулугун сабакта жана сабактан тышкаркы иштерде калыптандырууну кандай жолдор, технологиялар аркылуу калыптандыруу керектиги чоң суроону туудурат. Башталгыч класстын окуучуларын экологиялык маданияттуулугун калыптандырууда сабактан тышкаркы иштин формасын класстын өзгөчөлүгүнө, балдардын өнүгүү деңгээлине, кызыгуусуна жана жергиликтүү шарттарга жараша тандап алуу керек.

Башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык маданияттуулугун калыптандыруу сабактан тышкаркы иштердин типтери менен түрлөрү байланышканда гана ишке ашырылат. Мындай ар түрдүүлүк окуучуларга билимдердин тереңдешине, адам менен жаратылыштын ортосундагы байланыштарды ачып көрсөтүүгө жардам берет.

Мекен таану курсунда сабактан тышкаркы иштер ар түрдүү жүргүзүлүшү мүмкүн:
-жекече иштөө;
-группалык иштөө;
-массалык иш чаралар.

Жекече иш - бул балага конкреттүү бир тапшырманын берилиши. Мында балага ар түрдүү тапшырмалар берилиши мүмкүн. Мисалы, бөлмө өсүмдүгүнө кам көрүү, жандуу бурчтагы жаныбарларга кам көрүү, кандайдыр бир кубулушка байкоо жүргүзүү, жаратылыш жөнүндөгү чыгарма тууралуу аңгемелешүү, үйдө жөнөкөй тажрыйбаларды жүргүзүү ж.б.у.с.

Сабактан тышкаркы иштин жеке түрүнө жаратылыштагы сезондук өзгөрүүлөрдү байкоо да керек. Сезондук алмашууларда жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдөгү өзгөрүүлөр, алардын тиричилиги көндөлүккө жазылып барат. Мында балада изилдөө иштерине калыптануу жүрүү менен аткарылган ишти анализдөөгө, жыйынтыктоого үйрөнүү процесси жүрөт.

Сабактан тышкаркы иштин группалык түрүнө төмөндөгүлөрдү киргизүүгө болот:

- Эпизоддук иштерди аткаруу. Мында балдар топторго бөлүнүп алышып кандайдыр бир иш чараны, жаратылышка байкоо жүргүзүүнү аткарышат.
- Кружокто иштөө. Экологиялык маданияттуулукту балдарда калыптандырууда кружоктор өтө чоң таасир этет. Конкреттүү темадагы кружоктор балада кызыгууну жаратат. Мисалы, «Жаш эколог», «Бөлмө гүлдөрүнө кам көрүүчүлөр», «Жаш изилдөөчү» ж.б.

Сабактан тышкаркы иштин массалык түрүндө бардык башталгыч класстын окуучулары катышып, кандайдыр бир иш чараны өткөрүү үчүн даярданышат. Мисалы, экологиялык кече, конференция, майрамдар, олимпиада, викторина, тематикалык жумалык, экскурция, конкурс, марафон, ролдук оюндар ж.б.

Мекен таануу курсу боюнча экологиялык маданияттуулукту калыптандырууга багытталган кружоктордун практикалык мааниси аябай жогору. Анткени көздөгөн максаты, кызыгуусу бир болгон 15-20 баладан турган топ иш алып барышат.

Кружоктук иштер ар түрдүү формадагы жана методдогу жумуштарды аткарууга мүмкүндүк берет.

Сабактан тышкаркы иштердин төмөндөгүдөй формаларда аткарса болот:

- Жаратылыштын жандуу жана жансыз компоненттерине группалык байкоо жүргүзүү;
- жаратылышка экологиялык, крaй таануу музейлерине барууну уюштуруу;
- балдар үчүн арналган, жаратылыштык илимий популярдуу адабияттарды коллективдүү окуу;
- жандуу бурч уюштуруу жана аларга кам көрүү, байкоо;
- жаратылышты коргоо, өсүмдүк жаныбарлардын ортосундагы байланыш, адамдын тиричилигинде алардын мааниси жөнүндө аңгемелешүү;
- экологиялык майрамдарды, кечелерди уюштуруу;
- жашаган жеринин жаратылышы жөнүндө бурч, дубал гезиттерин түзүү.

Азыркы кезде педагогикалык изденүүдө экологиялык билим берүүнүн оюн формасына да чоң көңүл бөлүнүүдө. Курчап турган дүйнө менен таанышуу оюндарынын мазмуну ар түрдүү болушу мүмкүн. Оюндарда балдардын кызыкчылыгы даана байкалып, өтө кызыгууну жаратат. Педагогдор мындан пайдаланып, экологиялык маданиятты, билимди калыптандырууда оюн каражаттарын кеңири пайдаланса болот. Сабактан тышкаркы иштерде оюн формасын колдонуу менен окуучулардын максатка умтулуучулугун, чыгармачылыгын өнүктүрө алабыз.

Акыркы он жылдыктын ичинде долбоорлоо методу бардык педогогдордун көңүлүн өзүнө буруп келүүдө. Окуу долбоору – бул кандайдыр бир маселенин үстүндө реалдуу практикалык натыйжага жетүү үчүн шарттардын үстүндө чыгармачылык менен иш алып баруу б.с. Мында катышуучу алган билимин, көндүмдөрүн өз алдынча изденүү менен ишке салып, иштин жыйынтыгына жетет.

«Мекен таануу» курсу окутууда жогоруда кетирген сабактан тышкаркы иштердин формаларын комплекстик түрдө колдонуу менен окуучулардын жаратылышты таанып билүүгө андагы булгануулардын себептерин жалпы же экологиялык көйгөйлөрдү изилдөөгө кызыктырат. Эң башкысы жашаган жеринин жаратылышын коргоодо практикалык иш жүргүзүүгө шарт түзөт.

Акыркы учурда мугалимдерде сабактан тышкаркы иштерде инновациялык методдор кеңири колдонулуп келе жатат. Бул методдорду экологиялык маданияттулукту калыптандырууда колдосок жакшы натыйжа берээрине күмөн жок.

**Адабияттар**

1. Аблабекова Ж. К. Башталгыч класстарда балдардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун кээ бир ыкмалары. ОшМУнун жарчысы, 2014.100-б.
2. Алексеев С.В., Симонова Л. В. Идея целостности в системе экологического образования младших школьников. Начальная школа, 1999, №1.
3. Байышова, Г.Ж. Мектептердин башталгыч класстарынын сабактан тышкаркы иштеринде элдик салттар аркылуу экологиялык тарбиялоонун илимий негиздери [Текст]: пед. илим. канд. ... дис. / Г.Ж. Байышова. – Бишкек, 2010. – 167 б.
4. Барковская О.М. Содержание, цель и задачи программы начального экологического воспитания. Начальная школа. - 1994, №2.
5. С.П. Баранова, Л. И. Бурова Авторская программа «Окружающий мир» (начальные классы).- Череповец, 1995
6. Ботбаева, М.М. Экологияны окутуунун методикасы [Текст]: мугалимдер үчүн методикалык окуу куралы / М.М. Ботбаева. – Бишкек, 2001 – 80 б.
7. Блинова И.Н. Формирование понятия о взаимосвязях между человеком и природой у учащихся 3 класса. Л.,1977.